КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫ

# БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУ

**29-том**

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин**
жалпы редакциясы астында

Түзгөн:
**Гүлбара Орозова**

БИШКЕК
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2017

УДК 82/821-93
ББК 82,3(2)
Б 20

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

Редкеңеш:

*Акматалиев А.А.*
*Байгазиев С.*
*Жайнакова А.Ж.*
*Маразыков Т.*
*Мусаев С.Ж.*
*Садыков Т.*
*Токтоналиев К.Т.*
*Эркебаев А.Э.*

Б20 **Балдар фольклору:** 29-том. /*Түз. Г. Орозова.* – Б.: «Принт-Экспресс», 2017.– 596 б. («Эл адабияты» сериясы)

ISBN 978-9967-12-684-8

Кыргыз эли муундан муунга айтылып келе жаткана бешик ырынан баштап жомок, табышмак, макал-лакап сыяктуу көөнөрбөс көркөм поэтика аркылуу балдарга таалим-тарбия берип, илим-билимин, дүйнө таануусун өстүргөн.

Жыйнакка элдик оозеки чыгармачылыктын башаты болгон бешик ыры, балдар ырлары, жомоктор, табышмактар, макал-лакаптар, жаңылмачтар, калптар, балдар оюндары киргизилди.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**Б 4803000000-17**

**УДК 82/821-93**
**ББК 82,3(2)**

ISBN 978-9967-12-684-8

© КРУИА, 2017
© «Принт-Экспресс», 2017

# АЛДЕЙ, АЛДЕЙ АК БӨПӨМ (БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУ)

Кыргыз элинин жаралуу, өнүгүү тарыхы канчалык терең болсо, анын элдик оозеки чыгармачылыгы, маданияты да ошон,0чолук көөнө экендиги маалым. Кыргыз оозеки чыгармачылыгында балдар фольклорунун алган орду, генетикалык өсүп-өнүгүү жолу, жанрдык өзгөчөлүгү бар.

Көптөгөн изилдөөлөрдө[1] балдар фольклорунун бардык жанрлары, түрлөрү изилдөө объектисине алынып, элдик оозеки чыгармачылыктагы орду, салмагы, тарбиялык мааниси белгиленип жүрөт. Кыргыз балдар фольклорунун ар түрдүү проблемалары боюнча М.Түлөгабылов (Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы.Ф., 1991) М.Сулайманов (Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы.Ош.1992) А.Саттарова «Кыргыз балдар фольклору: жанрдык түзүлүшү жана

---

[1] Ушинский К. Д. «Избранные педагогические произведения» – Баку, 1953.

• Горький М. О детской литературе. М. Детская литература, 1968.

• Богданова М. Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1292, 247, 780, 1808. (Мындан кийин Инв. № деп жазылат).

• Суразаков С. С. Алтай фольклор-Горно-Алтайск: Алт. Кн. Изд-во. 1975.

• Захид Халил. «Детская литература Азербайджана, М. 1987.

• Мирзоев А. С. Проблемы Азербайджанской детской фольклор. Баку. 1988 ж. б.

көркөмдүк өзгөчөлүгү» (кандидаттык диссертация. 2001-ж.) Г.Орозовалар «Кыргыз балдар фольклорунун жанрдык составы жана поэтикасы» (Б.2003) изилдөө жүргүзүшкөн. Балдар фольклору үйдө, бала бакчада, мектепте этнопедагогикалык, этнопсихологиялык тарбия берүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп кызмат кылат. Балдар фольклорунун табигый өсүү генезиси аркылуу балдардын көркөм ой жүгүртүүсүнүн өсүшүн байкоого, аңдоого болот. Мында сунуш кылынган чыгармалар адам, анын жашоо тиричилиги, жаратылыш, коом, эмгек, кулкмүнөз жөнүндөгү түшүнүктөрүн өстүрүп, тарбиянын бардык элементтерин үйрөтөт.

Ааламда кайсы гана эл болбосун төрөлгөн ымыркайга кубанбай, ага дүйнөдөгү бардык жакшы нерселерди арнабай, жакшы тилек, каалоолорун айтпай койбойт. Жаңыдан жаралган нерсе үчүн кубануу жаратылыштын диалектикасы. Кыргыз эли да илгертен эле бала төрөлүп, анын андан ары өсүп жетилип, тукум улашына чоң маани берген. Ымыркай жаңыдан дүйнөгө келгенде азан чакырып ат коюу аземин өткөрүп, бала көрүшөт. Баланы бешикке саларда

Өмүрүң узун болсун,
Ден-соолугуң чың болсун!
Өрүшүң толгон малдуу бол,
Кампаң толгон дандуу бол.
Короо толо малдуу бол,
Үйүң толо балалуу бол.
Жайытың толгон мал болсун,
Үйүң толгон уул, кыз болсун,–

деп бата беришет.

**Бешик ырларынын** алгачкы формалары сакталып, ошону менен катар улам мезгилге жараша өзгөрүлүп, улам жаңыланган түрлөрү да эл арасында айтылып жүрөт.

Кыргыздарда бешикке салуу салты чоң майрам катары өткөрүлөт. Балага карата бешик ырын ырдап терметишет:

Алдей, алдей, ак бөбөк,
Ак бешикке жат бөбөк.
Кунан койду сой бөбөк,
Куйругуна той бөбөк.
Алдей, алдей бөбөгүм.

Алдей бөпөм, ыйлаба,
Менин жаным кыйнаба.
Атаң тойго кетиптир
Ак кисе[2] толгон эт келет.
Энең тойго кетиптир
Эмчеги толгон сүт келет.

Ыйлаба балам, ыйлаба
Ата-энеңди кыйнаба.
Эл жайлоодон түшө элек,
Алдей, алдей, бөбөгүм.[3]

Бешик ырлары баланын жаш өзгөчөлүгүнө карата түзүлгөн балдар фольклорунун алгачкы формасы болуп эсептелет. Бул жөнөкөй гана түзүлгөн ырларда эненин балага болгон мээрими, сүйүүсү, ой-тилеги камтылып, музыкалуу ыргак менен сөздөрү гармониялуу айкалышып баланын угуусун көнүктүрүп, бейпилдикке бөлөп, мемиретип уктоого шарт түзөт.

Бешик ырлары баланын музыкага болгон белгилүү ченемдеги кабыл алуусун ойготуп, көркөм табитин өстүрөт. Бешик ырларындагы ар бир куплет же эки сап ырдан кийин «алдей, алдей, алдей бөбөгүм»

---

[2] Кисе – Иран сөзү: кап, мешок, баштык. Курга, кемерге боосунан бекитилген булгары баштыкча.

[3] КИУА, Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 180 (Мындан кийин Инв. № деп жазылат). .

деп кайталанган ритмикалык саптар анын поэтикалык таасирин, эмоциялык маанайын күчөтөт.

Фольклордогу бул жанр бала төрөлгөндө эле аны менен бирге жашап, дүйнө таануусундагы эң алгачкы көркөм азык болот. Мына ошондуктан фольклор менен катар классикалык акындар жана азыркы балдар акындары да бешик ырларынын стилинде өздөрүнүн көптөгөн ырларын жаратып, балдарда бийик нравалык сапаттардын болуусуна өз салымын кошуп келе жатышат.

Адамдын мүнөзүн эң жакшы билген психолог, тарбия берүүчү педагог бул – эл. Ал баланын таанып билүүсүн андан ары өнүктүрүү үчүн жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга карай окуусун улантып, байытып жүрүп олтурат. Ошентип бешик ырларынан кийин балдар эркелетүү ырлары, оюн менен коштолгон ырлар, акый ырлары, жаңылмачтар, табышмактар, макал-лакаптар, жомоктор сыяктуу фольклордун башка жанрлары менен тааныша баштайт.

**Эркелетүү ырлары** бала кичине чоңоюп, сөздүн маанисин түшүнө баштаган мезгилден баштап колдонулат. Мында баланын колу бутуна кыймыл (көнүгүү) жасатып, көңүлүн көтөрүп, «Сал, сал билек» ырын ырдашат. Колу буттун манжаларын кыймылдатып:

Баш бармак
Бадал тырмак.
Ортон оймок
Оюу чөбөк.
Кичине бөбөк.

Баш бармак – башта,
Сөөмөй – көрсөт.
Ортон – мерген
Аты жок – чечен
Чыпалак – бөбөк.

Баш бармак сен малга бар,
Бадал тырмак отун ал.
Ортон оймок от жак,
Оюу чөбөк казан ас.
Кичине бөбөк тамак же[4].

сыяктуу оюн ырларын ырдап, манжаларды ачып-жумуп көнүгүү жасап же ар бирине кызмат тапшырып, чоңдор менен кичинекейлер бирге аткарып, балдарды эркелетип көңүлдүү оюндарды ойлоп табышат. Бала чүчкүргөндө «ак чүч, айран ич, кырга чык, кымыз ич» деп айтышат. Ошондой эле «Буудай куур, арпа куур» деген оюн бар. Баланын колун жазып, алакандын ортосуна сөөмөй менен тегеретип:

Буудай куур,
Арпа куур.
Таза эле,
Талканы элге.[5]

деп, андан ары ийинге карай улам бир жерди басып, «мында мышык, мында чычкан, чычканга арпа буудайды уурдатпа, «кытыгы, кытыгы» деп баланын колтугун кытыгылап күлдүрөт. Баланын буту чыгып, алгач кадам шилтегенде тушоо кесүү аземин өткөрөт.

Тай, тай, тай балам,
Жыгылбастан тур балам.
Тай, тай балам
Таятаңа бар балам.
Тору атын мин балам,
Тай, тай, тай балам,
Чоң атаңа бар балам
Аргымагын мин балам.
Чочубастан бек туруп,
Чуркап кеткин тай балам[6].

---

[4] Изилдөөчүнүн өзү жыйнаган материалдарынан.
[5] Изилдөөчүнүн өзү жыйнаган материалдарынан.
[6] Изилдөөчүнүн өзү жыйнаган материалдарынан.

Мындан ары да айлана-чөйрөнү аңдап, таанып, көптү билүүгө аракет жасай баштайт. Ырларды өзү жатка үйрөнүп, өзүнүн түшүнгөнүн чечмелеп, жеке чыгармачылык фантазиясы өнүгө баштайт. Сүт тиш түшкөндө:

Сүт тишимди ал,
Азуу тишиң бер.
Жаман тишим сен ал,
Жакшы тишиң мага бер, –

деп нанга ороп итке салып берет. Иттин тишиндей бек, катуу тиш чыксын деген түшүнүктө улуулардын айтуусу менен аткарат.

Балдардын чымчыкей (дразнилки) ырлары адатта балдардын терс жоруктарына же башка бир кемчиликтерине байланыштуу келип чыгат. Маселен уурулук кылса

Ууру, Ууру, Ууру,
Уйдун богун жууру.

Таарынчак балдарга карата

Таарынчак, таарынчак,
Тайдын жүгүн артынчаак.
Ыйлаак балага карата

Ыйлаак, ыйлаак,
Иттин жонун тырмаак.

деген сыяктуу ыр формалары кезигет. Мындай жагдайлар баладан чечендикти, сөз тапкычтыкты талап кылат. Кээде чымчыкейлер ыр түрүндө эмес, бир эле сүйлөм менен да берилет. Мисалы «Чөйчөгүн жууп турат», «Баштыгын сыгып турат». Балдар ырларынын бул чымчыкей түрү эл арасында аз сакталган.

Бала жаратылыштын кубулуштарына көңүл буруп, ой жүгүртөт. Уккандарын жаттап алып аткарат. Айлана-чөйрөнү кабылдоого, баамдоого өз алдынча катыша баштайт.

Өткүн, өткүн өтүп кет,
Кара тоого көчүп кет.
Душман үйүн талкала,
Биздин үйдү калкала.

Жаан нөшөрлөп жааганда жаандын суусу чачты өстүрөт деп кыздар чачын жазып, жаандын алдына туруп:

Жаан, жаан жаай бер,
Менин чачым суулай бер – дешет.

Суур жазында ийинден чыкканда:

Суур жеңе салам айт,
Салам айтсаң туруп айт.

Легенда боюнча суур байдын келини болгон экен. Ошол легендага ишенип, балдар чуркурап ырдаганда үнгө карай көңүл буруп, суур эки колун бооруна алып тура калат. Балдар «мына салам айтты» деп кубанып калышат.

Фольклордук чыгармалар (кайсы гана жанр болбосун) бири-бири менен тыгыз байланышта болот. Бир жанрдагы мотив, сюжет экинчи бир жанрда башкача формада жана максатта берилет. Маселен, манжалар жөнүндөгү балдар ырынын мифтик түрү[7] түрк элдеринде (алтай, тува, казак, казан татарлары, кыргыз) кезигет.

«Үркөр, үркөр топ жылдыз» деген ырдын түпкү тарыхы байыркы түрк монгол урууларына кеңири тараган («үркөр», «жетиген») мифтик чыгармага барып такалат. Бул мифтик чыгарма эл арасында түрдүү вариантта айтылып, балдар чыгармасына, ырына айланып кеткендей көрүнөт. Ырдын ар түрдүү көлөмдө айтылган варианттары бар.

---

[7] Г. Н. Потанин. Очерки Северо-Западной Монголии. Вып. IV 1881 г. Караңыз: Б. Кебекова Кыргыз-казак фольклордук байланышы. Ф. 1982. 34-бет.

Үркөр, үркөр топ жылдыз,
Үркүп кайда барасың?
– Тоо желимге барамын.
– Тоо желимде эмнең бар?

– Аштык айдар уулум бар.
Жибек созор кызым бар.
Аштык алып нан кылам,
Жибек алып тон кылам,
Аштык алып уулумдан
Азык түлүк камдаймын.

Ашка кардым тойгон соң
Анан айды жандаймын.
Жибек алып кызымдан
Кийим кечек камдаймын.
Анан айды жандаймын.[8]

Андан ары бала өз алдынча ой жүгүртүүгө ыр тизмектерин, уйкаштыктарды табууга аракет кылат. Чыгармачылык фантазиясы, эске тутуусу өсө баштайт. Өз ара жарышып сөз таап, ыр формасындагы куплеттерди түзүүгө жетишет. Ыр аркылуу мелдешке б. а. акыйнек айтышат. **Акыйнек** айтышуу баладан уйкаштырып сөз тапкычтыкты, күлкүлүү, тамашалуу жагдайды орду менен баяндап, ыр аркылуу бере билүүнү, бир топ чыгармачылык түйшүктү талап кылат.

Балдар ырларынын акыйнек түрү өзүнүн мааниси боюнча кордоо ырларынын түрүнө кирет. Бара-бара бул түр өзүнүн алгачкы кордоо маанисин жоготуп, сатира, юмор тамашалуу түргө өтүп, балдардын фольклоруна айланат. Акый ыр түрүндө болуп көбүнчө кыз балдардын ортосундагы айтышуу формасына өтүп калган.  Мисалы:

[8] Ошондо 37-бет; Караңыз: Кол жазмалар фонду. Инв. № 1808, 39-бет, Инв. № 180 а 5-6.

Менин энем сурасаң,
Сыр аякка бал куйган.
Сенин энең сурасам,
Ит аякка кан куйган.
Менин атам сурасаң
Арчалыга жайлаган.
Сенин атаң сурасам
Арпа ташып куураган.

Чериктердин кыздары,
Чепкен бычкан турбайбы?
Челек-челек жарманы
Кептеп ичет турбайбы.

Ашкабакты коон деп,
Союп жеген аркалык
Аттын богун алма деп
Алып жеген аркалык.

Алайга барсаң кой соёт,
Колуңда жилик томпоёт.
Өзгөнгө барсаң гүрүч жейт,
Колуңдун учу чүрүшөт.

Жайылган деген айылдын балдары менен Бостон деген уруунун балдары:

Жайылгандык жалайык,
Жарты нанга ылайык.
Жапкан наны бит экен,
Жайылгандык ит экен.

Бостон, бостон, бостон чал,
Бостон чалга кийиз сал.
Кийиз салбай талпак сал,
Тайгылып өлсүн бостон чал.

Бүгүнкү күндө акыйнектер балдар арасында алгачкы курч, орой, кордоп айтылган формасынан

тамашалуу формага өтүп, сылыгыраак маанайда айтылып жүрөт.

Ак көйнөгүм бар дейсиң,
Эмнеге аны кийбейсиң?
Бешинчи класста окуп,
Таблицаны билбейсиң.

Аркы бетте тегирмен
Берки бетте тегирмен
Ушул турган Эмирлан
Ашкабакты кемирген.

Сени болсо көп кыздар,
Уйкучу кыз деп жүрөт.
Уй сааганда үргүлөп
Сүтүн төгөт деп күлөт.

Сени болсо айылда
Кой келгенде короого
Чачын жууйт деп жүрөт.
Үй оокатка кош көңүл
Жалкоо кыз экен деп көп күлөт.

Акыйнек ырлары биринчиден балдардын чыгармачылык мүмкүнчүлүгүнүн горизонтун кеңейтет, экинчиден бала жаман, жакшы жоруктарды салыштырып, өзүн-өзү туура жолго салат. Ошондой эле юморду, тамашаны түшүнүүсүн өстүрөт.

Мындан тышкары канаттуулар («Каркыра», «Турумтай», «Каак, каак каргалар»), үй айбанаттары («Торпогум», «Тайлак», «Кой»), аалам («Үркөр, үркөр топ жылдыз») ж. б. темадагы балдар ырлары бар. Ал эми коомдун өнүгүшүнө, адам баласынын жашоо шартындагы прогресске карата балдар ырларынын башка жаңы тематикалары пайда болуп, түрдүү коомдук, социалдык, саясий өзгөрүштөргө, тарыхый окуяларга карата жаралган ырлар арбын кезигет.

Мисалга Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги ырларды алсак болот. Бул ырлар кат формасында согуштагы атасына, агасына, жалпы согушка кеткен агаларга, жоокерлерге, же согуш майданынан баласына, кызына, инисине, карындашына багышталып кат формасында жазылган үндөө, чакырык стилиндеги ырлар. Мындай патриоттук сезимге сугарылган балдар ырлары согуш темасындагы ырлардын катарын байытып турат. Согуштан кийин мектеп, бактылуу балалык, келечекке болгон таттуу ой тилек жөнүндөгү ырлар балдар арасында айтыла баштайт. Бирок булар фольклорго эмес, жазма адабияттын нормасына жакын.

Жогоруда балдар ырларынын жанрдык өзгөчөлүгүнө көңүл буруп, анын түрлөрүн, тематикасын талдап, өз алдынча жанр катары эволюциялык өсүшүн көрдүк. Балдардын салттык ырлары айлана чөйрөгө, жаратылыш кубулуштарына, өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсүнө, ал гана эмес коомдогу тарыхый окуяларга аралашып өз алдынча байкоого, ой жүгүртүүгө түрткү берет. Алар бара-бара баланын эстетикалык суроо талабын канаттандыруучу поэтикалык каражат болуп калат.

Балдар фольклорунун дагы бир жанры **жаңылмачтар.** Жаңылмачтар баланы эрте жашында так жана туура сүйлөөгө үйрөтүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп саналат. Анын жардамы менен бала так сүйлөөгө, сезимталдыкка, өз алдынча ойлоого, тез реакция кылууга үйрөнөт. Ошондой эле баланын поэзияга болгон шыгын арттырат. Эске тутуусун бекемдейт. Ой жүгүртүүсүн, акыл-эсин, көркөм табитин өстүрөт.

Жаңылмачтар бири-бирине жакын, кээде окшош сөздөрдөн туруп, тез-тез кайталап айтканда, сөздөр сырткы формасы окшош б. а. уйкаш сөздөр менен эрксизден алмаштырылып айтылып кетет.

Ал аралда да марал,
Бул аралда да марал.
От экен маралга да арал,
Оттосун аралга да марал.

Бир түп тыт,
Бир түп түрп.
Түрп тытты түртөт,
Тыт түрптү түртөт.

Айтууга татаал сөздөрдөн, фразалардан, тыбыштардан курулуп, тез айткан учурда сөз так айтылбай, башка тамгалар алмашып, тил сынчудай чайналып айтылат.

Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томоголойт,
Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томогологондо,
Биз бүркүтүбүздү томого менен томоголобой,
Ким бүркүтүн томого менен томоголойт.

Санак (считалка) ырларынын бир түрү[9] болуп эсептелген жаңылмачтар бардык элдердин фольклорунда кезигет. Жаңылмачтар менен санак ырлары мааниси жана формасы жагынан өз ара тыгыз байланышта. Ошондуктан кыргыз балдар фольклорунда санак ырлары өз алдынча бөлүнбөй, жаңылмачтар менен синтезделип калган.

Бир ак чымчык,
Эки ак чымчык.
Үч ак чымчык,
Төрт ак чымчык…

Беш кашка кой
Бешөө беш башка кой.

[9] Мирзаев Али Сары оглы. «Проблемы Азербайджанской детской поэзии» Автореферат на соиск. Уч. ст. доктора фил. наук. Баку. 1992.

Кырк кыл куйрук,
Кырк кызыл куйрук
Кырк кызыл куйрук ичинде
Ылгый кызыл кыл куйрук.

Кээде текст диалог, суроо салуу формасында айтылып, табышмак, жооп аралашып берилет. Бүткөн бир ойду, жаңылмачтын пайда болуусун түшүндүрүп тургансыйт.

Сен эмне мага олураясың?
Олураярыңа олурай!

Бул кайсы арал?
Каргалы арал.
Камыш башын кайрып
Карга уялар.

Ошондой эле жансыз нерселер жандуу болуп, табышмак сыяктанып айтылган жаңылмачтар кезигет.

Чамгаракта чарт элек,
Чартылдашкан эки элек.
Босогодо эки элек,
Болтулдашкан эки элек.

Мына ушундай ыр түрүндө курулган кыскача чыгармаларды тез, туура айтуу менен балдар арасында мелдеш болот. Бул жагдай өзүнчө бир тамашалуу, күлкүлүү оюнга айланат.

Балдар акындары фольклордун бай казынасынан пайдаланып, элдик акыл эстин жыйындысын негиз кылып көптөгөн жаңылмачтарды жаратышкан. Бул жанр мектеп программасында кеңири пайдаланылып, окутулуп жүрөт.

Түрк элдеринин фольклорунда анын ичинде кыргыз фольклорунда жаңылмач жанры бай эмес. Бул элдерде бардык эле дидактикалык жанрлар сыяктуу жаңылмачтардын да окшош варианттары кезигет. Мисалга элдик оозеки чыгармачылыгы өтө жакын казактарды айтпаганда да, каракалпак, алтай, өзбек,

азербайжан элдерин алсак болот. Маселен, «Кыл куйрук» деген жаңылмач азербайжандарда[10] да айтылат.

**Табышмак** – элдик оозеки чыгармачылыгынын эң байыркы жана өтө кеңири тараган, жаратылыш кубулуштарын, заттар менен түшүнүктөрдү каймана мааниде сыпаттап, жандырмаксыз айтылган кыска поэтикалык чыгарма.[11]

Табышмактар өзүнүн тарыхый өнүгүү доору, турмушту жана кубулушту камтуу, көркөмдүк тарбиялык мааниси жагынан кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларынын ичинен эң байыркы жана көп варианттуу жанр болуп эсептелет. Алар фольклордун жомок, айтыш, макал-ылакап, комуз күүлөрү сыяктуу жанрлары менен сиңишип тыгыз байланышта экени маалым.

Табышмактар коомдук түзүлүштүн өсүп-өнүгүшүнө, мезгилдин талабына, адамдардын аң сезиминин өсүшүнө жараша өсүп-өнүгүп, татаалдап жүрүп отурат. Адам жашоосунда байкалган кубулуштар, окуялар, жаратылыш, андагы өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү, турмуш тиричиликке керектүү нерселер жөнүндөгү байкоолорунун кыскача жыйынтыгы. Демек, табышмактар адамдын аң-сезими аркалуу текшерилген реалдуу дүйнө. Табышмактар аркылуу философиялык ой жүгүртүп, анын жандырмагы аркылуу көп нерседен кабардар болобуз. Табышмакты айтуудагы, жаратуудагы максат – адамдын ойлоосун, сезгичтигин, тапкычтыгын, билимин өстүрүү.

Табышмак жанрынын тематикасы өтө бай. Маселен мурда турмуш тиричиликте күнүгө жолуга турган боз үй, анын эмеректери, мал, жаныбарлар тамак аш туурасындагы чөйрөсү тарыраак жөнөкөй табышмактар болсо, бара-бара илим-техниканын

[10] Эльчин Т. «Слова, песни, сказки, колыбельные». Баку. 1969, стр.18 г.

[11] К.Ибраимов, Табышмактар. Ф. 1985 г.

өсүп-өнүгүшүнө жараша машина-техника, аалам, космос, тууралсындагы жаңы түшүнүктөр, жаңы буюмдар жөнүндө табышмактар пайда болуп, анын жанр катары дайыма жаңыланып тематикасы кеңейип өсүп отурганын көрөбүз.

Кыргыз эл табышмактарын классификациялоодо, жарыялоодо фольклористтер түрдүү методологияны[12] колдонуп келишкен. Көбүнчө тематикалык принцип кээде алфавит тартиби менен ошондой эле табышмактардын окшоштуруу предметине карай классификацияланган учурлары да кезигет.

Табышмактардын кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын ичинен алган орду, дүйнө таануучулук ролу, тарбиялык мааниси зор. Табышмактардын фольклордук жанр катары калыптануусу анын өсүү тарыхына, таралышына, баяндама сөздөрдүн тактыгы, жандырмактагы предметти туура көрсөтүшү менен тыгыз байланышта болот.

Бул жанрдын чыгышына өбөлгө түзгөн негизги нерсе – тергөө сөздөрү, тактап айтканда нерсенин аталышынын ордуна табышмактуу б. а. шарттуу түрдө колдонулган, купуя маанидеги сөздөр. Мындай законченемдүүлүктөр жөнүндө белгилүү фольклористтер Г. Л. Пермяков, В. П. Аникин, И. М. Колесницкая, В. В. Виноградов, Д. К. Зеленин, И. 0. Капицалар өздөрүнүн изилдөөлөрүндө айтышкан.

Табышмактар кыргыз тилинин лексикасын, сөздүк составын окуп үйрөнүүдө балдардын көркөм фантазиясын өстүрүүдө алардын жашоосунда күн сайын кездешип туруучу буюм-теримдерди, жан-жаныбарлардын, жаратылыштын түрдүү кубулуштарын

---

[12] Кыргыз эл табышмактары, жаңылмачтары, калптары. Түз: Ж. Мукамбаев, Ж. Таштемиров, Фрунзе, Мектеп. 1971;

Табышмактар. Түз: К. Ибраимов, Фрунзе, Илим, 1985;

Т. Абдракунов. Кыргыз эл табышмактары. Автореферат канд. дисс. Фрунзе, 1973;

таанып билүүдөгү аң сезимин, ойлоосун өстүрүүчү дидактикалык материал[132] болот.

Кыргыз үй-бүлөсү илгертен бери эле кыштын узун кечтерин от боюнда жомок, табышмак жаңылмач айтышып өткөргөн. Айрыкча балдар, кыздар курбу-курдаштары менен чогулуп алып табышмак айтышуусу көңүл ачуунун өзүнчө бир түрү болгон.

Балдар үчүн жөнөкөй табышмакталып жаткан нерсенин образын түрдүү ыкмадан, метафорадан же аталуучу предметтин сырткы көрүнүшүн, ички касиетин, аткаруучу жумушун, эмнеге колдонула турганын сыпаттаган баяндамалардан, кыскача сөз түрмөгүнөн курулат.

Токумдай жерге күн тийбейт.

(мүрзөнүн оозу)

Суусу ичилет, коюусу калат.

(чай, чама)

Көбүнчө уйкаш, ритмикалык ыр түрмөктөрүнөн түзүлөт.

Асты таш, үстү таш,
Орто жеринде бышкан аш.

(жаңгак)

Минсең – канат,
Чапсаң -шамал.
Аны сыйлабаган,
Кишилер жаман.

(ат)

Фольклордун башка түрлөрү сыяктуу эле кыргыздын **улуттук оюндары** да көптөгөн кылымдардан бери эл арасында жашап, ойноонун алгачкы шартын, эрежесин, мүнөзүн сактап, ошол эле учурда (убакыт өткөн сайын) түрдүү өзгөрүүлөргө жаңыланууларга дуушар болуп келе жатат.

[13] Т. Абдракунов. «Кыргыз табышмактарын классификациясы», Ала-Тоо. 1972, № 8. 158-160-6. 3 Фонду. Инв. 260

Улуттук оюндар ар бир элдин тарыхый өнүгүшүнө, жашоо шартына, улуттук өзгөчөлүгүнө салт санаасына жараша түрдүүчө мүнөздө болот. «Элдик оюндар элдик тарбиянын ажырагыс бөлүгү».[14] [15] Оюндар адамзаттын көп кылымдык маданиятын сактап келе жаткан маданий-этнографиялык мурас, элдик тарых. Оюндарга элдин өткөндөгү жашоосунун калың катмарына сиңген салттык, традициялык элементтер, улуттук атрибуттар колдонулуп, ар бир оюн бүткөн бир ойду, максатты түшүндүрөт. Балага акыл жана дене тарбиясын берет. Ар бир оюндун ойной турган мезгили, орду, көздөгөн максаты, ойноо эрежеси жыйынтыгы болот.

Кыргыздын улуттук оюндарын шартту түрдө «Салт оюндары», «Ат оюндары», «Кыймыл оюндары», «Спорт оюндары» деп бөлүштүрүүгө болот. Мындай классификациялоо улуттук оюндардын бардык түрлөрүн мүнөзү, формасы боюнча системага салып, мектеп программасына киргизүүгө ыңгайлуу. Бул жерде айта кетчү нерсе ат оюндары же ат менен ойнолуучу оюндар шартка жараша мектептерде ойнолбой жүрөт. Атайын адистештирилген (Конно-спортивная школа) мектептерде жана улуттук оюндар ойнолгон мелдештерде, майрамдарда ойнолуп жүргөнү маалым.

Кыргыз эли жоокер жана көчмөн эл болгондуктан элдин табиятына жараша улуттук оюндары («Ат чабыш», «Балбан күрөш», «Кыз куумай», «Эр оодарыш», «Жөөчабыш», «Тогуз коргоол», «Ордо атышуу», «Кыз оюну», «Уюм тууду», «Жоолук таштамай», «Чикит», «Ак терек, көк терек» ж. б.) бар. Ыр менен коштолгон балдар оюндары өзгөчө кызыктуу. Мисалы «Чикит» оюнунда

---

[14] С.Токторбаев. Өспүрүмдөр оюндары. Б.1991-ж.
[15]

Ак бай, ток бай,
Уяттары жок бай.
Катуу жорго кашка тай
Кадик болгон башка тай
Катуу чапса, чарчаба,
Жеткирбегин башкага
Үстүндөгү жаш бала
Чабандессиң башкача
Жеткирбегин башкага.
Чабалекей чам чуу-у-у-ум.

деп оюнга өзгөчө шаң, салтанаттуулук берип турат. Ошондой эле «Ак терек – көк терек» балдар оюнунда ырдалчу ырдын бир топ варианттары жолугат:

– Ак терек, көк терек
Бизден сизге ким керек.
– Кетирекей Керимбек
Келсин бизге тезирээк.
– Ак терек, көк терек,
Бизден сизге ким керек.
– Санитарка жетишпейт,
Салый бизге эң керек.

Бирок, оюндун эрежеси өзгөрүлбөй, алгачкы формасында эле ойнолот.

Элдин көркөм фантазиясына чек жок. Эл жараткан улуттук оюндардын ар бирине өзүнчө токтолуп, тарыхын, генезисин, типологиясын изилдеп чыкса өзүнчө бир көркөм дүйнөнү, адамзат тарыхын, философиялык ойду ичине камтыйт. Кыргыз оюндары өзүнчө изилдөөнү талап кылган искусствонун бир чоң тармагы болуп эсептелет.

**Калп** – кара сөз жана ыр түрүндө айтылат. Калп айтылып жаткан предметти фантастикалык түрдө сүрөттөп, окуяны болуп көрбөгөндөй баяндайт. Калп – күлкүлүү, көңүл ачуучу жанр. Кыргыз фольклорунда анын алгачкы үлгүлөрү жазылып алынган.

Ал эми жанр катары аны профессионал адабияттагы фантастика жанры улап кеткен сыяктуу.

Калптын мазмуну анын жыйынтыгына карама каршы. Башкача айтканда калпты айтуу же угуу менен бала анын туура эместигин түшүнөт. Калпычылыктын, алабармандыктын, мактанчаактыктын зыяндуу экенин ажырата билүүгө үйрөнөт. Калптын ар түрдүү формалары бар.

**1) Туула электе көргөндөрү.**

Өз атам туула электе чоң атамдын жылкысын кайтардым. Тууй элек бээни саап, тигиле элек сабага куюп, ичпей мас болдум. Чыга элек талдын чырпыгын укурук кылып, эшиле элек жиптен боо тактым. Чыга элек табылганын түбүндө тууй элек коен жатыптыр. Жасай элек таяк менен урдум эле казыла элек ийинге кирип кетти.

Мында көрүнүп тургандай бардыгы жок, али боло элек нерселер жөнүндө баяндалып, күлкүлүү, апыртмалуу аңгеме түзүлгөн.

2) Бир үч арык туруптур: экөө кургак, бирөө суусу жок. Үч арыкта үч балык бар экен, экөө өлүк, бирөөнүн жаны жок. Анда үч киши туруптур: экөө жылаңач, бирөөнүн кийими жок. Ал жылаңачтын этегине жаны жок балыкты салып берип келе жатсам, үч там туруптур; экөөнүн төбөсү жок, бирөө тешик. Ал үч тамга кирсем, үч казан туруптур: экөөнүн түбү тешик, бирөөнүн түбү жок. Түбү жок казанга жаны жок балыкты салып, от жакпай бышырып, жебей тойдум.

Ал эми экинчи калпта «Экөө кургак, бирөө суусу жок», «Экөө өлүк, бирөөнүн жаны жок», «экөө жылаңач, бирөөнүн кийими жок», «экөөнүн төбөсү жок, бирөө тешик», «экөөнүн түбү тешик бирөөнүн түбү жок» сыяктуу синонимдер ыктуу колдонулуп сүйлөмдөр түзүлгөн. Мындай ыкма баланын фантазиясын, ой жүгүртүүсүн өстүрөт. Тилдик лексикасын байытат.

Суроо иретинде айтылып, табышмак – ребус түрүндө түзүлгөн калптар да жолугат. Маселен «Кайсынысы чоң?» деген калптын жандырмагын табуу бала үчүн бир топ түйшүктөнүүнү талап кылат. Калптар көбүнчө биринчи жактын баяндоосу менен берилет.

Калп айтып кары-жашка бирдей жактым.
Кайтарып кумурсканы койдой бактым...
Көпөлөктүн сүтү менен бет жууганмын,
Айт-арапа күнү болгонунда,
Чегирткенин тору айгырын минип алып,
Чекчириле кыз кууганмын.

Калптагы окуялар гиперболалык баяндоо аркылуу фантастиканын апогейине жеткирилет.

**Макал** – кыска, ритмикалык жактан чың уюшулуп, осуятчыл маанайда айтылган элдик оозеки поэтикалык чыгармачылыктын жанры[161].

Оозеки чыгармачылыктын бай жанры болгон макал-лакаптардын генезисине, пайда болуу тарыхына көз чаптырсак, ал ар бир элдин дүйнө таануучулук көз карашынан, тарыхый өсүп-өнүгүү жолунан ошондой эле албетте, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша пайда болгон акыл-эстин жыйындысы экени көрүнөт.

Фольклордун башка түрүн айтууда көбүнчө атайын угуучу аудитория керек болот. Ал эми макал-лакаптар адамдар ортосундагы диалогдордо кандай гана шарт, кандай гана кырдаал болбосун, кайсы темада сүйлөбөсүн өз орду менен колдонула берет. Макал-лакаптар сүйлөмдүн контекстине багынычтуу айтылат. Кээде айтыла турган ойдун ордун макал өзү эле аткарып калат.

Сүйлөп жаткан киши макал-лакапты колдонуу менен сөзүнүн маанилик деңгээлин көтөрүп, оюн терең, таасын берет. Ошондой эле айтып жаткан ойдун чындыгы макал аркылуу бекемделет.

---

[16] Кыргыз Совет энциклопедиясы, 4-китеп. Ф. 1979. 123-бет.

Макал-лакаптар элдик оозеки чыгармаларда (жомок, поэма, дастан, эпостордо) өтө кеңири колдонулат. Макал-лакаптар оозеки речте, фольклордук чыгармаларда гана колдонулбастан, жазма адабиятта да кеңири пайдаланылат. Макал-лакаптар орду менен колдонулган адабий чыгармалардын баркы байымдуу, көркөм деңгээли жогору болот. Эч бир илим атайын методологиялык принципке таянбай, классификацияланбай, системага салынбай туруп илимий жактан изилденбейт. Макал-лакаптар башка элдердин бардыгында кеңири өнүккөн жанр болгондуктан илимий жактан изилденип[17] такталган көөнө илим деп айтууга болот. Ал эми кыргыз макал-лакаптары боюнча жыйнактардын баш сөздөрүндө[18] мезгилдүү басма сөз беттериндеги макалаларда[19], мектеп программасындагы окуу китептеринде жазылып, изилденип, иликтенип жүрөт.

Көпчүлүк изилдөөлөрдө макалдарды мааниси жана формасы боюнча эки чоң группага бөлүп жүрүшөт.

---

[17] Р. И. Даль, Пословицы русского народа, М., 1957.; • Г. Л. Пермяков, от поговорки до сказки, М., 1970.;

• Г. Л. Пермяков. Пословицы и поговорки народов Востока, М„ 1979.;

• Коновалов, Киргизские пословицы и поговорки. Рукопись 1948., Фонд, «Литература», Инв. № 798.

[18] Б. Керимжанова, Кыргыздын макалдары менен ылакаптары, Ф. 1948, 1955, 1965.

• Ш. Усупбеков, Кыргыз макал, ылакаптары. Ф., 1982, 1986.

• Киргизско-русские пословицы, поговорки, изречения. Сост. и. пер. С. Шамбаев. Предисловие С. Закирова, Ф. 1979.

[19] В. Асаналиев, «06 элементах свободомыслия в киргизских пословицах и поговорках» Известия АН КР. Серия общественных наук, 1961., т. 3. вып. 3. Стр. 15–24

• М. Мамыров. Сөздүн көркү макалда. Ала-Тоо, 1988, № 6.

• С. Закиров. Макалдардын жана лакаптардын тарбиялык мааниси. Мугалимдер газетасы., 1960, 10-июнь.

• С. Закиров. Макал-лакаптарды классификациялоонун мааниси. Труды ин-та языка и лит-ры АН К. Вып. 9. 1957, 67– 76-бет.

• К. Рысалиев, Макал жана лакаптардын ритмикалык түзүлүшүнө карата. Ала-Тоо, 1959, № 7, 120-128-6.

1. Макалда айтыла турган акыл, осуят сөз угуучунун өзүнө, башкача айтканда биринчи жакка түздөн түз айтылат.

Кирсиз жүрсөң оорусуз болосуң.

Бекерчиден безе кач.

Кеңешти акылдуудан сура.

Өзүң билбесең, билгенден ук.

Көзүң ооруса колуңду тый.

Ичиң ооруса тамагыңды тый.

2. Макалда айтыла турган акыл, осуят, нускоочу сөз үчүнчү жак тууурасында же жаксыз айтылат.

Адеби жок жигит жүгөнү жок атка окшойт.
Элге кылган жакшылык жерде калбайт.

Суу атасы – булак,
Сөз атасы – кулак.

Баатыр кол баштайт, чечен сөз баштайт.

Мазмуну боюнча макалдар турмуштун түрдүү жактарын байкоо, жалпылоо иретинде айтылат.

Эл четине жоо келсе,
жан аяган жигитпи.

Ажал алаңдаганды алат,
Оору салаңдаганды алат.

Тозокту көргөн от менен ойнойт.

Сөздүн семантикалык мааниси бузулбай, өзгөрүлбөй түз айтылат.

Кыздын баары жакшы,
жаман аял кайдан чыгат.

Бузулуп калган ашка, ачка болсоң да караба.

Макалдар бир көрүнүштү баяндап келип, тыянак чыгарат же шартты айтып, андан келип чыгуучу жыйынтыкты берет.

Сокурдан сакчы койсоң,
Элиңди чаптырасың.

Жаман атка жал бүтсө,
Жанына торсук байлатпайт.

Макал менен лакаптын чегин ажыратуу кыйын. Ошондуктан жыйнактарды түзүүдө чаташууларга жол берилип жүрөт. Экөөнүн сырткы формасы боюнча айырмачылык жоктой. Макал да лакап да дайыма кеңеш берет, акыл эске үйрөтөт. Нравалык тарбия берүү, эскертүү, сындоо максатын көздөйт. Макалда айтылчу ой, нускоочу акыл түздөн түз, так кыска, образдуу, афоризм менен айтылат. Бүткөн бир ойду камтып турат.

Ийне көзүнөн сынат,
Адам сөзүнөн сынат.

Эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат.

**Лакап** – идиомага жакын, айтылган дидактикалык акылы, үйрөтүүчүлүк мүнөзү кыйыр, каймана айтылат. Айтылчу ойдун чечмеленишин талап кылат.

Мурун чыккан кулактан, кийин чыккан мүйүз озуптур.

Айдаганы беш эчки, ышкырыгы таш жарат.

Бай союуга козу таппай, жардынын жалгыз улагын сураптыр[201].

Макал-лакаптардын масштабы өтө кенен. Адам баласына тиешелүү болгон түрдүү сапаттар, акыл-эс, ден-соолук, илим, билим, мекен жаратылыш, жан-жаныбар, дегеле турмуштук категориялардын бардык аспектилери камтылган.

---

[20] Биздин адабият. 5-класс. Ф. 1989. 44-б.

Түрдүү тарыхый доорлордо коомдук, саясий өзгөрүштөргө карата жаңы тематикадагы макал-лакаптар эл тарабынан жаралып келе жатат. «Сөздүн көркү – макалда» дегендей кыргыз эли кылымдар бою сөз күчүн баалап, сөз кадырын билген эл болгон. Алар таамай айткан курч сөзгө жыгылып, же мактоо сөздүн таасири менен золобосу көтөрүлүп, эл алдында кадыр баркка жеткен. Ошондуктан эл «жакшы сөз жарым ырыс», «малга жарды кылса да, сөзгө жарды кылбасын» же «тил – кылычтан өткүр», – деп улуу тилдин, курч сөздүн баркын түшүнгөн.

Макалдар элдин орошон акылынын, даанышмандыктын жыйындысы болгондуктан анын таанып билүүчүлүк ролу чоң. Философиянын негизги элементтеринин бири болгон макал-лакаптар аркылуу адамзатты туура жашоого, мазмундуу өмүр сүрүүгө тарбиялап келишкен.

Элдик оозеки чыгармалардын башка жанрлары сыяктуу эле **жомоктордун** бардык түрлөрү тең калктын каада-салтын, салт-санаасын поэтикалык көркөм кыялын, фантазиясын ар түрдүү окуялардын түрмөгүндө чагылдырган кыргыз оозеки прозасындагы негизги бир жанры. Анда элибиздин түрдүү доордогу ой-пикири, турмуш абалы, түшүнүгү, дүйнөгө карата көз караштары көркөм ой жүгүртүү аркылуу чагылдырылып сүрөттөлөт.

Демек, кыргыздын жөө жомоктору башка бардык элдердин жомоктору сыяктуу эле миңдеген жылдар бою айтылып элдин арасына терең сиңген көркөм чыгармалардан.

Белгилүү фольклор жыйноочу Каюм Мифтаков «Кыргыз имласы» деген кол жазмасында «...жөө жомоктун мааниси көбүрөөк ырсыз кара сөз менен сүйлөгөндүктөн жөө жомок делинген...» деп аныктама берген. Бул кол жазма эмгектеги жомоктор жөнүндөгү аныктама негизинен туура экендигин

башка илимпоздор[21] да өздөрүнүн изилдөөлөрүндө белгилеген.

Демек, эпикалык чыгармага караганда көлөм жагынан кыска мазмуну жөнөкөй жана негизинен калыптанган формада өнүккөн кара сөз түрүндөгү (кээде ыр аралашкан же ыр түрүндөгү жомокто да кездешет) турмуштук, мал-жан, жан-жаныбарлар жөнүндөгү же кереметтүү, сыйкырлуу) окуялар туурасындагы баяндоолорду жомоктор дейбиз.

Кыргыз эли элдик жомокторду жаштарга тарбия берүүдөгү, турмушту үйрөнүүдөгү маанисине карай өтө жогору баалап келген. Алар аркылуу жакшы сапаттар, жакшы мүнөздөр менен таанышышып, угуучуну патриоттуулукка, гумандуулукка, түрдүү кыйынчылыктарды жеңүүгө багытташкан. Жакшы менен жамандын, терс менен оңдун чегин ажырата билүүгө үйрөткөн.

Кыргыз жомокторунда адамдардан тартып бардык айбанаттар, жан-жаныбарлар атүгүл жансыз, буюм-терим, тоо, таштар каарман боло беришет. Жан-жаныбарлар адамча сүйлөйт, акыл кошот, алдайт, алданат. Ак же карасанатай иштерди жасоосуна карата угармандардын (окурмандардын) антипатия же симпатиясын жаратышат да оң же терс каармандын касиетине эгедер болушат.

Жомоктордогу каармандардын мүнөздөмөлөрү, алардын жорук-жосундары, кулк-мүнөздөрү дароо эле, алардын жомокто адеп аталган учурунан тартып эле ачык айтылат. Атүгүл жомоктордун аттарында (темаларында) же андагы каармандарга алгачкы мүнөздөмө, туруктуу эпитет катары берилет: «Акылдуу кыз», «Жеке таз менен жети таз», «Аккөңүл менен Каракөңүл», «Өнөр үйрөнгөн бала», «Сүйлөбөс кыз»,

[21] С. Мусаев, Ж. Таштемиров Кыргыз адабияты орто мектептин 8-классы үчүн окуу китеби. Ф. 1972; З. Бектенов, Т. Байжиев Кыргыз адабияты. Ф. 1948.

«Акылдуу улак», «Алымкыл – түшчү», «Амалдуу кедей», «Айлакер бала» ж. б. Булардан тышкары элге кеңири тараган жомок-аңыздардан «Толубай сынчы», «Жээренче чечен», «Акыл Карачач», «Алдар көсөө» сыяктуу каармандардын ылакап аттары алар тууралуу жомоктордун аттарына айланган жана муундан муунга жетип, кылымдан-кылым карытып, угуучулардын аң-сезимине ошондой бир бүткөн образ (калыптанган туруктуу образ) катары биротоло синтездешип, сиңип калган.

Жомокторду бул жомок балдардыкы, бул жомок чоңдор үчүн деп бөлүүгө болбойт. Жомоктордун генезисине көз чаптырсак, бул жанр көбүнчө аялдар тарабынан балдар үчүн жаратылган чыгарма экенин далилдөөгө болот. Бала жарык дүйнөгө келип, бой жетип, өз алдынча жашоого жеткенге чейинки убакта ал эне менен өтө жакын болот. Баланын жандүйнөсүндө кандай өзгөрүштөр болуп жатканын эне биринчи сезип, туят. Турмуштун бардык жол-жобосун эне үйрөтөт. Ата аны толуктап, сырттан көзөмөлдөйт.

Демек, балдар фольклорунун бардык жанры анын ичинде жомок тарбиялоонун көркөм каражаты. Алардын (жанрлар) бардыгы бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, бири экинчисинин толуктап турат. Көркөм сөз аркылуу эл өзүнүн көп кылымдык жашоо тажрыйбасын кийинки муунга жеткирет.

Кыргыз фольклорунун тутамында ар түрдүү мүнөздөгү түрдүү формадагы көркөм жомоктор бар. Бул жанр дүйнө элдеринин бай тажрыйбасына таянып негизинен

**1. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктор.**
**2. Кереметтүү жомоктор.**
**3. Турмуштук жомоктор.**
**4. Анекдоттук, сатиралык жомоктор. –**

деп бөлүнүп жүрөт. Бирок мында бардык окумуштуулар бир бүтүмгө келген деп түшүнүүгө болбойт. Жомокторду классификациялоо боюнча XIX кылымда И. И. Снегирев, П. А. Бессалов, С. Ф. Миллер, Г. И. Успенский, Б. Ф. Миллер, П. В. Владимиров сыяктуу жыйноочу, жазуучу, окумуштуулар жана XX кылымда Ю. М. Соколов, В. И. Чечеров, Э. В. Панеранцева, В. Я. Пропп, А. А. Кайев, М. А. Валинова, Реми Дор өңдүү окумуштуулар жомоктордун мазмундук жана формалык, тематикалык же идеялык критерийлерин көңүлгө алып өздөрүнүн түрдүү концепцияларын жазып чыккан.

Кыргыз эл жомокторун классификациялоодо фольклорчу-окумуштуулар К.Мифтаков баштаган М. Богданова, К. Рахматуллиндердин жасаган эмгектери чоң. Башка оозеки чыгармалардай эле кыргыз жомоктору да XIX кылымдын аяк ченинен баштап, негизинен XX кылымдын 20-жылдарынан тартып чогултулуп жарыялана баштайт. XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз жергесинин түндүгүндөгү археологиялык эстеликтерди, этнографиясы менен маданиятын изилдөө иши башталып, ар түрдүү курамдагы экспедициялар келип иш жүргүзөт. Ушул саамалыкта Ф. В. Поярков Суусамыр, Жумгал, Нарын, Чүй өрөөндөрүндө болуп, кыргыз элинин каада-салтын, ырым-жырым, этнография, улама, легендалары менен таанышат, түрдүү фольклордук материалдарды жыйнайт. Жыйналган материалдарын иргеп 1889-жылы өзүнчө жыйнак чыгарат[22]. Бул кыргыз жөө жомоктору боюнча жарыяланган биринчи жыйнак болуп эсептелет. Мындан кийин И. В. Андреев (псевдоними Алибий) казак, кыргыз жергесин аралап, фольклордун бар-

[22] Ф. В. Поярков Кара-киргизские легенды, сказки и верования. Пишпек. 1889.

дык түрүн жыйнап, мүмкүн болушунча жарыялап[23] турган. И. В. Андреев кыргыз-казак тилдерин бирдей жакшы өздөштүргөн, билимдүү киши болгон.

1920-жылдардан кийин жаңы коомдук түзүлүштүн кыргыз улутуна тийгизген таасири аркасында эл өзүнүн руханий дүйнөсүн байытууга, илим-билим алууга жетишти. Ошондой эле көптөгөн прогресстер менен бирге эл оозеки чыгармаларын жыйноого, жарыялоого ыңгайлуу шарттар түзүлө баштайт.

Ошентип биз сөз кылып жаткан жөө жомокторду жыйноо ишинде 1922-жылдардан баштап К. Мифтаков, Ы. Абдрахманов, С. Сооронбаевдер жер кыдырып Нарын өрөөнүндө жашоочу жомокчулар Осмонаалы Дордоев, Байсабыр Кожошев, Койлу Тукелеев, Алтай Айдарбеков, Талас өрөөнүндөгү жомокчулар Ыйманбек Шаменов, Чаки Каптагаев, Өмүраалы Маанаевдерден көптөгөн жөө жомокторду жазып алышат. Андан кийин да Кыргызстандын башка баардык райондорун кыдырып жомоктор жыйналат. Согушка чейин жыйналган жомоктордун саны арбын, бирок сапаты өтө жогору деп айтууга болбойт. Буга биринчиден фольклорду жыйноонун методикасынын, методологиялык жол жобосунун жоктугу, экинчиден, элдин билим деңгээлинин төмөндүгү, жыйноочулардын чамасы аздыгы, үчүнчүдөн улам бир жазмага (араб, латын, орус алфавити) өтө бергендигибиз тескери таасирин тийгизип, жаңыдан башталган иштин деңгээлин

---

[23] И. В. Андреев «Молдожаш», Туркестанские ведомости. 1913. № 51

• Алибий «Алангасар и алп», Туркестанские ведомости 1903 № 51 . И. В. Андреев Из нашей глуши. «Мергенчи Жаңыбай» Туркестанские ведомости. 1913. Х» 51

• Алибий По верховьям Таласа. Туркестанские ведомости. 1904. № 98, 99, 101.

• И. В. Андреев По горным хребтам за чумой. Туркестанские ведомости. 1913. № 23, 24.

төмөндөткөн. Мына ушундай түйшүктүү эмгектин натыйжасы катары 1939-жылы Л. Кошоеванын редакторлугу менен Ы.Абдырахманов түзгөн «Балдар жомоктору»[24] деген алгачкы жыйнакты сыймык менен атоого болот. Андан кийин Л. Кошоеванын даярдоосу менен газета, журналдарга[25] бир нече жомоктор басылып чыгат. 1944-жылы Н. А. Мучник кыргыз жомокторун 1-жолу орус тилине которуп жарыялайт. 1956-жылы Дм. Брудныйдын которуусунда орус тилинде экинчи чоң жыйнак чыгат. Дм. Брудный бир топ сын пикирлерди, мүчүлүштөрдү эске алып, бул жыйнакты оңдоп, 1962-жылы кайра бастырып чыгарат.

Жомокторду чыгаруу иши улантылып Д. Сулайманов менен К. Эшмамбетовдун түзүүсүндө 1957-жылы чыгат. Ушул жыйнак кайра оңдолуп 1960–1972-жылдары кайрадан басылып чыгат. М. Богданова түзгөн «Киргизские народные сказки» 1972-жылы Москвадан («Детская литература») басылып чыккан.

Башка жыйнактардан айырмаланып, тексттер илимий көз караштa такталып, жомоктордун сапаттуусу тандалып, илимий түшүнүктөрдүн, тиркемелердин коштоосу менен биринчи жолу Кыргыз ИА ТАИнин илимий кызматкерлери Б. Кебекова менен А. Токомбаева тарабынан 1975-жылы «Кыргыз эл жомоктору» жарык көрөт. Мындан кийин 1985-жылы «Кыргыз эл жомоктору» (түзгөн А. Токомбаева) деген дагы бир жыйнак чыгат. Мына ушинтип кол жазмалар фондусунда сакталган жомоктор тынымсыз жарыяланып турганын көрдүк.

Ал эми кыргыз элинин жөө жомокторун изилдөө жайы жөнүндө сөз кылсак, алар айрым жыйнактар-

---

[24] Балдар жомоктору. Ф. 1939.
[25] «Ленинчил жаш» 1956, 5-август.

дын баш сөзүндөгү жалпы пикирлер, очерк мүнөзүндөгү изилдөөлөр,[26] окуу китептериндеги жомок туурасындагы бөлүмдөр сыяктуу айрым изилдөөлөр бар. Ал эми кыргыз жомоктору жөнүндө ар тараптуу жалпы илимий монографиялык изилдөө зарылдыгы турат.

Жыйнакка Апендинин жоруктарынан айрым жомоктор киргизилди.

Ар түрдүү коомдук өзгөрүүлөрдүн негизинде бийлик ээлери, бай-манаптар, молдо, кожолор, ач көздөр менен болгон карама-каршылыктардын натыйжасында элдик массанын аң сезими ойгонуп, өзүнүн эркиндиги, теңдиги үчүн, чындык үчүн күрөш адамзаттын дүйнө таануусунун түрдүү жактарын ачат. Мына ошол турмуштук, адеп-ахлактык, салттык көрүнүштөр биздин күнгө предметтик-образдык түрдө көркөм сүрөттөлүп, элдик акылдын

[26] П. Д. Дементьев, Киргизские легенды о нтицах. В кн. Охрана природы. М. 1949; • С. Даронян, «Родник народной мудрости. Советская Киргизия». 1957, 30-июль; • Кивицский «Сокровище народное» Советская Киргизия», 1962, 15 мая; • «Сказки киргизского народа» Комсомолец Киргизии, 1963, 3 февраля; • К. Кыдыралиев, «Народная сказка – источник познания». Мугалимдер газетасы. 1973, 19 декабря; • Д. Брудный «Киргизская сказка и дети» Детская литература. 1981, № 11. Стр. 26–27; • Б. И. Левутис «Ступени осмысления действительности в киргизских народных сказках». В. кн. «Сознание и понимание». Ф. 1982, стр. 102–112; • Ш. Тавлинцев «Все ли киргизское? Все ли народное? «Литературный Киргизстан, 1957, № 3 стр. 115–117; • К. Касымов «Сыйкырдуу жөө жомоктор» Кыргызстан маданияты. 1981, 1-октябрь. «Сыйкырдуу жана кереметтүү жөө жомоктордун көркөмдүк өзгөчөлүктөрү». Ала-Тоо, 1981, г 5. 154–160 б: «Элдик жөө жомоктордун классификациясы» Мугалимдер газетасы, 1981, 21-октябрь; • Кыдыралиев «Элдик педагогиканын таасири» Эл агартуу, 1974. г 4. 62-64-б.; • С. Жигитов «Жомоктордун сыры» Жаш Ленинчи. 1968, г 3, 36-37-б., • А. Үсөнбаев «Турмуштун жөө жомокторун үйрөнүү» Ф. 1976, , № 3 стр. 115–117.

жыйындысы – поэтикалык сатиралык аңыз аңгеме түрүндө жетти. Мында өзгөчө бир каармандын тегерегиндеги окуялар кызыктуу өнүккөн. Мисалы, кыргыз, казак элдериндеги Апенди, Алдар көсөө, өзбек, тажик, казак элдериндеги Кожо Насредин[27], армян элинде Пыл Пуги[28], въетнам элинде Нгуен Куинь сыяктуу чукугандай сөз тапкан, чындык үчүн күрөшүп, дайыма жапа тарткан тараптын мүдөөсүн колдогон элдик куудулдардын образы аркылуу турмуш чындыгы берилген.

Жыйынтыктап айтканда, фольклордун дээрлик бардык жанры балдардын табиятына жакын келет. Балдар фольклорунун окуяларынын байлыгы, кызыктуу, көркөм, жөнөкөй тили, түзүлүш манерасынын өз алдынчалыгы, идеялык жана маанилик жыштыгы, фантазия менен романтиканын айкалышы, мажбурлабаган тарбиялык мүнөзү, баланын эстетикалык суроо талабына туура келген сапаты менен ар түрдүү жаштагы балдардын көркөм табитин, рухий дүйнөсүн байытып турат. Жогорку нравалык сапаттарга тарбиялайт.

Жыйнакка киргизилген материалдарды балдар фольклорунун динамикалык өсүү тартиби менен жайгаштыруу максаты көздөлдү. Балдар фольклорунун алгачкы баскычы болгон балдар ырлары шарттуу түрдө төмөнкүдөй түрлөргө бөлүндү.

**I. Балдар ырлары.**

1. Бешик ыры.
2. Оюн ырлары: жаш өзгөчөлүгүнө аткарылышына жана маанисине карата экиге бөлүнөт.

---

[27] «Похождения Коджа-Насредина». Ташкент, 1965 г.

[28] «Армянский фольклор». Составитель Г. О. Карапетян. М. 1967; Забавные и назидательные истории армянского народа. Составитель Г. О. Карапетян. М. 1975 г

1) а) Майда жаштагы бөбөктөргө арналган оюн ырлар (Сал-сал билек, Тай-тай балам, Манжалардын оюну ж. б. у. с.)

б) Балдардын жаман жоруктарын жоюу максатында айтылуучу чымчыкейлер.

в) Айлана-чөйрөнү кабыл алуу, баамдоого карата айтылуучу ырлар.

2) Тестиер балдардын оюн ырлары.

а) Акыйнек айтышуу.

б) Мал-жанга, жаратылыш кубулуштарына арнап чыгарылган балдар ырлары.

в) Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги балдар ырлары.

**II. Жаңылмачтар.**
**III. Табышмактар.**
**IV. Балдар оюндары.**
**V. Калптар.**
**VI. Макал-лакаптар.**
**VII. Жомоктор.**
**VIII. Апендинин жоруктары**

Мында фольклордук чыгармалардын генетикасына, аткарган кызматына карап, ошондой эле башка жанрлардын бири-бири менен болгон синхрондук жана диахрондук байланыштарын эске алып, (балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыктап) бардык жанрлардан чыгармалар киргизилди.

***Гүлбара ОРОЗОВА,***
***филология илимдеринин***
***кандидаты, доцент***

# БАЛДАР ЫРЛАРЫ

## I. БАЛДАР ЫРЛАРЫ

### БЕШИК ЫРЫ
*(1-вариант)*

Алдей алдей ак бөбөк,
Ак бешикке жат бөбөк,
Кунан койду сой бөбөк,
Куйругуна той бөбөк.

Алдей алдей бөбөгүм,
Алдей бөпөм ыйлаба,
Менин жаным кыйнаба,
Атаң тойго кетиптир,
Аккисе толгон эт келет.

Алдей, алдей бөбөгүм,
Энең тойго кетиптир,
Эмчеги толгон сүт келет,
Алдей бөбөк ыйлаба,
Эжекеңди кыйнаба.

Алдей, алдей бөбөгүм,
Кырма табак кырдырба,
Кыруусу менен куйдурба,
Куру кыйнап эжеңди,
Кокуйлатып кыйнаба.

Алдей, алдей бөбөгүм,
Жапкан нандын ортосу,
Жүрөгүмдүн толтосу,
Алдей, алдей бөбөгүм,
Садагасы кетейин,
Сарысына жетейин,
Ат тээп ийгенсип,
Томолонуп кетейин.

## АЙЛАНАЙЫН АЙ САРЫМ

Алдей, алдей бөбөгүм,
Айланайын ай сарым,
Туурдуктан сапсарым,
Түлкү ичиктин сүлөөсү,
Сулуу кыздын күйөөсү.

Алдей, алдей бөбөгүм,
Кандын кызы кайнысы,
Бектин кызы жеңеси,
Туруп салам бергенде,
Сарымдын шылдыр теңгеси.

Алдей, алдай бөбөгүм,
Ыйлаба, балам ыйлаба,
Ата-энеңди кыйнаба,
Эл жайлоодон түшө элек,
Арпа буудай быша элек.

Алдей, алдей бөбөгүм,
Куштун жүнү калпагың,
Эл сүйбөсө сүйбөсүн,
Өзүм сүйгөн аппагым,
Ыйлаба, балам ыйлаба
Апакеңди кыйнаба,
Алдей, алдей бөбөгүм.

## БЕШИК ЫРЫ

*(2-вариант)*

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм,
Аста балам, ыйлаба,
Апаңдын жанын кыйнаба!
Эстүү балам, ыйлаба!
Энеңдин жанын кыйнаба!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Элин багып, сыйлаган,
Эл менен бирге жыргаган,
Эмгекчи болгун бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Калкын багып, сыйлаган,
Калк менен бирге жыргаган,
Камкор болгун бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Корооң толгон койлуу бол,
Өрүшүң толгон малдуу бол,
Кампаң толгон дандуу бол!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Өнөрүң менен өргө чап,
Эмгегиң менен элге жак!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!

Колунан көөрү төгүлгөн,
Өнөрү көзгө көрүнгөн,
Өнөрпоз болгун бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Курулушту куп билген,
Куруу ишин төп билген,
Уста болгун бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Илимдин кенин издеген,
Илимди тапса сиз деген,
Илими жаккан элине,
Илимпоз болгун бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Ырдын кенин ыргаган,
Ырдаса эли жыргаган,
Ырчы болгун бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Сыртынан сындап адамды,
Келечегин кең билген,
Бардык жагын тең билген,
Сынчы болгун бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Адамга тийип пайдасы,
Тамырдан билген ооруну,
Табып болгун бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Уккулуктуу үнү бар,
Булбулдун ширин тили бар,
Чечен болгун бөбөгүм!

## УУЛ БАЛАНЫ ТЕРМЕТКЕНДЕ

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Бабаң айкөл Манастай,
Баатыр болгун, эр болгун,
Кабылан болгун, шер болгун!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Бабаң баатыр Манаска
Акыл насаат кеп айткан,
Бабаң Бакай, Кошойдой,
Акылы тереӊ көл болгун,
Түгөнбөс казына, кен болгун!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Акылы тереӊ деӊиздей,
Кеменгер болгун, кеӊ болгун,
Бардык элге теӊ болгун,
Эрдиги элде сакталган,
Эне сүтүн актаган,
Элин сүйгөн эр болгун!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Арбашкан жоо туш келсе,
Жоого каршы аттанган,
Ансайын күчөп ташыган,

Аркырап аккан дайрадай,
Агыны катуу сел болгун,
Ата журт сүйгөн эр болгун!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Ата салтын уланткан,
Ардактап элин кубанткан,
Семетей, Сейтек бабаңдай,
Кызыл жалын чок болгун,
Атылып турган ок болгун!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Куштар менен сүйлөшкөн,
Кушту таптап үйрөткөн,
Мүнүшкөр болгун бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Жылкы менен сүйлөшкөн,
Жылкыны таптап үйрөткөн,
Саяпкер болгун бөбөгүм!

## КЫЗ БАЛАНЫ ТЕРМЕТКЕНДЕ

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Каныкей сенин түп энең,
Айчүрөк сенин чоң энең!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Айкөл баатыр Манаска,
Атайлап арнап ак олпок,
Ок өтпөс тиккен Каныкей!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Каныкейдей уз болгун,
Калкың сүйгөн кыз болгун!
Энең сенин уз болгон,
Элин сүйгөн кыз болгун!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Акылы мол айлакер,
Алган жары кеменгер,
Аялдан чыккан уз болгон,
Айчүрөктөй кыз болгун!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Эрендер менен аттанган
Элин жоодон сактаган
Элинде даңкы сакталган,
Караан Манас кымбаты,
Карача кандын кыз Сайкал,
Кыз Сайкалдай баатыр бол!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Кыраандар менен аттанган,
Кыргыздап ураан чакырган,
Кылымга даңкы сакталган,
Касташкан жоосун бас кылган,
Жаңыл мырза эжеңдей,
Жалпы элин сүйгөн баатыр бол!

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Ак эмгек менен жашагын,
Алыска кетсин атагың!

## БЕШИК ЫРЫ

Алдей, алдей ак бөбөк эй
Ак бешикке жат бөбөк эй
Энең келет жумуштан эй
Уйку даамын тат бөбөк ай

Өлай, өлай бөбөк жан эй
Ыйлабачы ай садага ай
Алдей, алдей бөбөк жан эй
Ыйлабачы ай садагаң ай

Өлай, өлай, өлай ай
Өлай бала өлай ай
Өйдө тартса өбөгүм эй
Ылдый бассам жөлөгүм эй

Айланайын бөбөгүм эй
Өлай, өлай бөбөгүм эй
Ыйлабачы садага эй
Бактылуу күндө төрөлдүң эй

Өлай, өлай ак бешик эй
Тегеренип кетейин эй У
Улуу күндүн улугу эй
Кечириңдин шыргыйы эй

Кимдин уулу болду экен.
Апасынын алдында
Атасынын жонунда
Конуп турган кыргыйым эй
Өлай, өлай, өлай эй.

## САЛ БИЛЕК

Алдей, алдей ак бөбөк,
Ак боз жорго мал белек,
Алдей-алдей ак бөбөк,
Айран, кымыз ич бөбөк!

Сал-сал билек, сал билек,
Сары майга мал билек?
Коён эки кош билек,

Кошуп алган ак бөбөк,
Ак бешикке жат бөбөк,
Кунан койду сой бөбөк,
Куйругуна той бөбөк!

## БЫЙТЫ-БЫЙТЫ

Бай-бай, башы баланын
Көп карап таң каламын.
Көздөй кара чачың ай,
Көркүн ачкан кашың ай!
Кашыңанда көзүчү,
Канттай аппак тиштери.
Мына, мына, мына бу,
Каруусунда күчтөрү.
Соз колуңду созо бер,
Алаканың тосо бер.
Буудай куур, буудай куур,
Ысып кетсе чыдап тур!..

## ТАЙ БАЛАМ

Пай-пай балам, тай балам,
Талпына кой, баса кой,
Шилте дагы бир кадам,

Бир кадам дагы аша кой,
Тай-тай балам, тай балам,
Тартынбагын жүрө бер.
Бешигиң калды коштошуп,
Чырпыктан атты мине бер.
Тай-тай балам, тай балам,
Татынакай басканың,
Көтөрүп улам бутуңду
Кызык экен шашканың.

Тай-тай балам, тай балам,
Баса бергин жай балам!

## ЭСИМДЕ

Балапан куштай талпынтып,
Бакканың апам эсимде.
Оң колуңа ойнотуп,
Сол колуңа сооротуп,
Басканың апам эсимде,
Кулпунтуп мага ай мончок
Такканың апам эсимде...

## ЭГЕЛЕК

Эгиздеги эгелек,
Кичине келин тегерек,
Оң чекеңе гүл керек,
Оюнуңа биз керек.

## ЭГИЗ

Эки айдадым эгизге,
Эми чыктым сегизге,
Женелерим шум болду,
Жаткан жерим кум болду.

## ШЫЛДЫРШЫП

Анда кетти шылдыршып,
Мунда кетти шылдыршып.
Ана кетти шылдыршып,
Мына кетти шылдыршып.

## ИЛЕШ

Илеш деген баатырым,
Чабып келе жатырым.
Отуз олжо олжолоп,
Табып келе жатырым.
Жакшысынын жаагынан,
Сылап келе жатырым.
Жаманынын жаагынан
Чылап келе жатырым.
– Илеш жаным кайларда?
– Аскар-аскар тоолордо.
– Тоолордо не кылып жүрү экен?
– Алма терип жүрү экен.
Кызыл алма колунда,
Кыздар мунун соңунда...

## КӨК ЖӨТӨЛ

Чогойнодон пайыбыз,
Чогулат биздин айлыбыз.
Көк жөтөл төрдө сүзүлөт.
Жарым үзүм нан берип,
Жанын алган как жөтөл
Эки үзүм нан берип
Эсти алган көк жөтөл.

## ЧЕБЕР

Курап жыйган жүгүндө,
Курагы дайын чеберим.
Тердеп жыйган жүгүндө
Термеси дайын чеберим

## ТОГОНОК

Токон-токон тогонок,
Тойго барса жоголбойт.
Айран ичсе, айкырбайт.
Кымыз ичсе, кыйкырбайт.
Саамал ичсе кекирбейт,
Сагызгандай секирбейт...

## КАШКА ТАЙ

Кырга чыгып карасам,
Кызыл тайым бар эле.
Кызыкканым кашка тай,
Бизге ылайык мал эле.
Кайра барып карасам,
Кашка тайым өлүптүр.
Карышкыр күнүн көрүптүр.
Үйүң күйгөн бөрүлөр,
Үй көзүмө көрүнөр
Үй көзүмө көрүнсө,
Оту үйгө төгүлөр.
Канаң күйгөн бөрүлөр.
Как көзүмө көрүнөр
Как көзүмө көрүнсө,
Каны үйгө төгүлөр.
Кыядан түшсө кашка тай,
Кылыгы жакшы башка тай.

Жолго түшсө жортондо,
Жоргосу жакшы кашка тай.
Айлама казык каксамчы,
Алдыңа чыгып жатсамчы.
Чыт көрпөчө жапсамчы.
Чыныдай кылып баксамчы...

## КҮКҮК

Күкүктөн күкүк,
Күкүктөн күкүк.
Кара арча башын
Сактаган күкүк.
Канатын күнгө,
Таптаган күкүк.
Куу арча башын
Сактаган күкүк.
Куйругун күнгө
Таптаган күкүк.
Мындан ары,
Сен барсаң күкүк
Күнгөй бир тескей,
Бет келет күкүк.
Андан ары,
Сен барсаң күкүк,
Адырды ашкан
Жол келет күкүк.
Адамзаттан ал жалгыз,
Парандадан сен жалгыз,
Ага да салам айта бар күкүк

## ОРТОН ТЕРЕК

Баш бармак,
Балан өрдөк,
Ортон терек,

Шылдыр шимек.
Кичине гана бөбөк.
Баш бармак:
– Жүр
Балан өрдөк:
– Каякка?
Ортон терек:
– Оюнга!
Шылдыр шимек:
– «Кудайдан» коркпойсуңбу?
Шылдыр шимек:
– «Кудайды» алабыз да качабыз,
Коончуларга сатабыз... дептир.

## САГЫЗГАН

Ак сүйлө,
Ак сүйлөсөң да
Так үйлө.
Ак сүйлөбөсөң,
Үч сүйлө.
Үч сүйлөбөсөң
Кара жаак,
Мылтыкка жолук!

## ОЮН ЫРЛАРЫ

Кыргыз балдарынын элдик оозеки чыгармачылыгынын ичинде эң көбү жана кызыктуусу «Оюн ырлары» болуп эсептелет. Анын түрлөрү абдан көп, төмөндө биз бир нече кичине түрүн гана үлгү катары көрсөтөбүз.

## ЧЫМЧЫКЕЙ

(Эки бала өздөрү биринин колунун учунан колтугуна чейин чымчып, төмөнкү ырды айтып токтогон жерине чейин барып, колтукту кытыгылайт). Алакандан баштап:

Арпа куур, буудай куур,
Ток талкан, ток талкан,
Бул жериңде ак бит,
Бул жериңде көк бит,
Бул жериңде түлкү,
Бул жериңде күлкү. *(кытыгылайт)*.

– Чымчыкей,
– Чийдин башына конду,
– Өгөй энем сойдукей,
Боор этиме тойдукей.

## МАНЖАЛАР КЕҢЕШИ

Бармак: _– Ууру кылбайлыбы?
Сөөмөй: – Кылса кылалы.
Ортон: – Кудайдан кантебиз.
Аты жок: – Кудай келгиче.
Чыпалак: – Кууруп-сууруп жутуп ийебиз.

Мында, бармак – Уурулук кылбайлыбы деген кеңешти баштаган үчүн күнөөсү көп болуп, кыска

болуп калган экен. Ортоң: – Кудайдан кантебиз деп ыйбаа кылгандыгы үчүн күнөөсү жеңил болуп, узун болгон экен. Башка манжалар да өздөрүнүн күнөөсүнө карай, узун кыска болуп, беш манжа бирдей болбой калган имиш.

Баш бармак,
Бадал иймек,
Ортон оймок,
Оюу чиймек.
Кичинекей бөпөлөй.

## АК ТЕРЕК, КӨК ТЕРЕК

Ак терек, көк терек,
Бизден сизге ким керек.
– Жепирейген Жээнбек,
Жетип келсин тезирээк.
– Ак терек, көк терек,
Бизден сизге ким керек,
– Элден эл жагаар,
Бизден сизге ким жагаар.
– Тойго минген тору аттай,
Топчуланган маанаттай.
Кызыл бешмант кыз керек.
Жайлоодон түшкөн тору аттай
Жайдары сулуу сымбаттуу
Жашыл чапан кыз керек.

## ЧИКИЛДЕК ОЮНУ

Чикилдектен жеңилгенде, чикилдектин бир чабым узундугунан болбосо үч чабым узундугунан жеңилген бала өтө ылдам төмөнкү ырды ырдап келет:

Акбай, Токбай,
Уяттары жок бай.
Катуу жорго кашка тай,

Кадик болгон башка тай.
Катуу чапса чарчаган,
Жеткирбегин башкага.
Үстүндөгү жаш бала,
Уруп кетип аркага,
Чабалекей чам-чум.

## ТЫВЫР

Аппан – жапан
Саман – чапан
Ийри комуз,
Жарык жылдыз (сары жылдыз)
Онокой – сонокой.
Кара карга,
Сары чымчык, саны туура,
Сен туруп, сен чык.

## САТТЫМ-АЛДЫМ

– Саттым!
– Алдым!
– Эмнесин?
– Көзүн!
– Эмне кыласың
– Тамга таанытам,
Талааны көргөзөм.
-Саттым!
– Алдым!
– Эмнесин?
– Мурдун!
– Эмне кыласың?
– Тазалыкты үйрөтөм.
Тартипке көндүрөм.
-Саттым!
– Алдым!

– Эмнесин?
– Тилин!
– Эмне кыласың?
– Ыр ырдатам,
Сабак жаттатам.
– Саттым!
– Алдым!
– Эмнесин?
– Оозун!
– Оозун эмне кыласың?
– Жомок сүйлөтөм,
Жолдошчулукту үйрөтөм.
– Саттым!
– Алдым!
– Эмнесин?
– Кулагын!
– Кулагын эмне кыласың?
– Кулагына илим куям,
Илимине көнбөсө
Көтөрүп алып жерге урам.
-Саттым!
– Алдым!
– Эмнесин?
– Колун!
– Колун эмне кыласың?
– Колуна калем карматам,
Жазганга дилин арбатам.
-Саттым!
– Алдым!
– Эмнесин?
– Тишин!
– Тишин эмне кыласың?
– Тишин күнгө күйгүзөм
Тазартып паста сүргүзөм.
-Саттым!
– Алдым!

– Эмнесин?
– Чачын!
– Чачын эмне кыласың?
– Чачын кисти кылам
Сүрөт тартам.
– Саттым!
– Алдым!
– Эмнесин?
– Бутун!
– Бутун эмне кыласың?
– Бутун элпек кылам,
Жалкоо болсо, телпек кылам...

## ТАШ МЕЛЖӨӨ

*(Таш урганда, урган ташка айтат).*

Какты көр, Караны көр,
Как жүрөктүн башын көр.
Олокой, солокой,
Оңго тий, солго тий,
Как жүрөктүн башына тий.

## ТАК ТЕКЕ

Так теке, ай,
Так теке, ай,
Муундарың бош теке ай,
Мүйүздөрүң кош теке ай,
Туяктарың шалактайт.
Кулактарың шалактайт.

Бул ыр ооз комуз менен коштолуп, ооз комузга уланган жибек жипти чыпалак менен серпип, жасалган текечерчени ойнотуп кыздар ырдаган,

## КОЁН ТОМУК ТУТУУ

Баатыр болсом маңдайыман чык,
Чечен болсоң таңдайыман чык.
Чебер болсоң колуман чык,
Көрөгөн болсоң көзгө чык.
Басаган болсоң таманыма чык.

Коендун томугун балдар жутушуп, ал томук дененин бир жеринен теринин алдынан томпойуп чыгат, ал чыккан жерге карай адамдын жөндөмү билинет. Коен томук адамдын жөндөмүн кууйт деге ишенген.

## КААК-КААК КАРГАЛАР

Каак-каак каргалар,
Камыш түбүн корголор.
Эштек байдын эки кыз,
Эшек минип жорголор.
Эшегине корголор.

## КАРКЫРА

Каркыра турна желе тарт.
Желе тартсаң узун тарт.
Жездекеме салам айт.
Жете албасаң кайра тарт.

## ЖҮН ТАПТЫМ

Жүгүрүп-жүгүрүп жүн таптым,
Жүн астынан тарак таптым.
Тарагымды таттыга бердим.
Таттым боз козусун берди.
Конокко сойдум.
Конок камчысын берди.

Каз урдум.
Каз канатын берди.
Көлгө салдым.
Көл көбүгүн берди.
Ак уюма бердим.
Аяк-аяк сүтүн берди.
Көк уюма бердим.
Көнөк-көнөк сүтүн берди.

## ҮРКӨР, ҮРКӨР ТОП ЖЫЛДЫЗ

Үркөр, үркөр топ жылдыз,
Үркүп кайда барасың?
Жоо желимге барамын.
Жоо желимде эмнең бар?
– Аштык айдар уулум бар,
Жибек созор кызым бар.

## ТОРПОГУМ

*(1-вариант)*

Жетим торпок байкушум,
Атка саман салганда,
Аңдыганын кантейин.
Төөгө саман салганда.
Тегеректегенин кантейин
Алтыбайдын аралын,
Аралаган торпогум,
Кыштан өлүп калат деп
Торпогумдан коркомун.
Өлөң түбү көк дүмүр,
Өлө көрбө торпогум.
Бетеге түбү көк дүмүр,
Жүдөй көрбө торпогум.

## ТОРПОГУМ

*(2-вариант)*

Кыдың-кыдың торпогум,
Анжияндын камышын,
Аралаган торпогум,
Атка саман салганда,
Сагалаган торпогум.
Бурган сууга барганда
Булкулдаган торпогум
Ийри сууга барганда
Илкилдеген торпогум.
Тескейдеги бедени,
Терип жеген торпогум
Күңгөйдөгү бедени
Күбүп жеген торпогум,
Өлүп калар бекен деп
Торпогумдан коркомун.
Ашка барган катындар,
Алчаңдабай басыңар,
Жолдо торпок көрүнсө
Бир кабарын айтыңар,
Тойго барган катындар,
Тойтоңдобой басыңар.
Жолдо торпок көрүнсө,
Бир кабарын айтыңар
Торпогумдун талпагы ташка жайылды.
Куйругу кумга сайылды.

## ТУРУМТАЙ

Куу-куу турумтай
Бетегенин түбүндө,
Беш балаң калды турумтай.
Суунун ичи шыргалаң
Сууда калды бир балаң

Муздун ичи шыргалаң
Музда калды бир balaң

## КЫРМЫЧЫК

Чоң казандын кырмычык,
Тоё жедим тырмышып,
Кичине казан кырмычык
Кырып жедим тырмышып.

## МЫШЫК

Мыёлогон мышыгым,
Чычкан алган кызыгып.
Мышыгым-мышыгым,
Жүнүң жумшак эң эле,
Жакшы көргөн ысыгым.

## БАШТЫГЫМ

Кодура терген баштыгым
Чыкпай калды аштыгым.
Жакшылап отоп бакпаган.
А дагы менин жаштыгым.
Атам кары, өзүм жаш,
Бөбөктөрүм болот ач.

## ТАЙЛАК

Татырандайт тайлагым,
Сүт үстүндө каймагым.
Каймагым көп болгон соң
Көңүлүмдү жайладым.
Ак тайлагым бакырат,
Энекесин чакырат.
Ак тайлагым боздоду,

Энесинин эмчектен
Сүт куюлуп тоздоду.

## БИЗДИН КОЙ

Биздин койлор төлдөдү,
Айран, жуурат көлдөдү.
Козумду жүрөм кайтарып,
Ит, куштун мизин майтарып.
Көөкөрдө көөрчөк айраным,
Көңүлүмдү жайладым.

## ТӨЛ
*(1-вариант)*

Биздин малдар төлдөдү,
Айран жуурат көлдөдү,
Жаздоодон көчүп айлыбыз
Көк колотту өрдөдү.
Көк ала майдан көк шибер
Жайкалып өстү толгону.
Көк шибердин үстүнө
Айлыбыз барып конгону.
Байчечекей гүл жайнап,
Жайып чыктык тоо жакка.
Козуларды биз айдап,
Сабада кымыз күрүлдөп,
Басып кирди үйлөргө,
Жетимиш сексен жаштагы,
Абышкалар күрсүлдөп.
Талаа толгон балдыркан,
Бетеге, шыбак, жылтыркан.
Тоонун бетин карасак
Карагат, ышкын, бүлдүркөн.
Бул жарыктык жемиштер
Жаш балдарды күлдүргөн.

Чабак урдук суусуна
Балдардын ызы-чуусуна,
Кулак тынат тынымсыз.
Оромпой менен шабият
Жагыштуу экен балдарга.
Жайдын күнкү табият,
Суу мылтык атып ойнодук.
Агып жаткан суулардан
Балык кармап ойнодук.
Жыргап жедик курутту,
Козуларды кайтарбай
Жамыраткан балдарды,
Жолотпостон үйүнө
Ата-энеси курутту.

## ЧҮКӨ

Чүкө атабыз күзүндө
Кең жаканын түзүндө.
Баштыкка жык толтуруп,
Койгут, эңке, сакаңы,
Балдар жыргап ойношот.
Ала-Тоодо жаканы,
Балдар жыргап жатканда,
Ата, энебиз чыгарат,
Көңүлдөгү капаны.

## УЛАР

Илек-илек кашка куш
Чөкөтаан деген башка куш.
Улуу тоодо улар куш
Уларды кудай унуткан.
Кез-кезине келгенде
Бүркүт кууп куруткан.

## ТАРАГЫМ

Күмүш менин тарагым,
Курбу-курдаш кыздар ай,
Тарагымды карагын.
Күмүш тарак колумда,
Күндө чачым тараймын,
Күзгүнү бетке кармаймын.
Күзгүдөн көрөм өзүмдү,
Ырдайм ырдуу сөзүмдү.

## БАЛДАР ЫРЫ

Сурнай тартып ыр ырдап,
Жердин гүлүн теребиз.
Сонун-сонун таштарды
Издеп таап келебиз.

Катар-катар тизилип,
Гимнастика ойнойбуз.
Шайырлыкка берилип
Өзөн сууну бойлойбуз.

Жүргүлө балдар, жүргүлө
Жер кыдырып көрөбүз.
Ар бир ишке машыгып,
Чыйрак болсун денебиз.

Орундатпай койбойлу
Ойлоп турган талапты.
Самаганды үйрөтөт,
Заманыбыз жарашты.

## ТОРПОГУМ

Ак каптал, кызыл торпогум
Адырдын чөбүн оттогун.
Адырдын чөбүн кар басса
Ач калам деп коркпогун.

Кызыл кашка, торпогум
Кырдын чөбүн оттогун.
Кырдын чөбүн кар басса
Кыйналам деп коркпогун.

Кыр чөбүнө ачыксаң,
Силос берем ачыткан.
Ферме башчы атакем
Саманды көп ташыткан.

## КӨПӨЛӨК

Кармап алдык талаадан
Калдыркан чаар көпөлөк.
Карагайдын ичинен
Кыргый куудук бөпөлөп.

## УЛАГЫМ

Татынакай улагым,
Улагымдын маарашын
Кулак коюп угамын.
Жар бооруна токтобой,

Таштан-ташка октолду ай,
Ойнойт менин улагым.
Улагымдын маарашын,
Кайта-кайта угамын.

## ЖЭЭРДЕ ТАЙ

Жээрде тайым, желесиң
Кырууласам келесиң.
Жээрде тайга токулган
Айырмачым жарашат,
Минип алып бастырсам,
Көргөндөр мени карашат.
Кыруу-кыруу жээрде тай:
Кыруулаймын өзүңдү,
Ырдап айтам сөзүңдү.
Жээрде тайым ат болор,
Сураган киши жат болор.

## ТӨЛ

*(2-вариант)*

Биздин уй-кой төлдөдү,
Айран жуурат көлдөдү
Биздин бээлер төлдөдү
Сабада кымыз көлдөдү.

## КАЙЫРМАК

Жүгүрүп бардым кабакка
Агып жаткан дайрага,
Кайырмак салдым чабакка.
Кайырмакка илинди,
Жаркыраган ак балык.
Айылдагы балдарга,
Бул өнөрүм жан жарык.
Арбын илди кайырмак,
Алабуга сазанды
Толтурдум белем казанды.

## КАРА УЛАК

Энеңден алыс секирип
Эркелейсиң кара улак.
Көк шибер оттоп ууз ичип,
Темселейсиң кара улак.

Шалпаңдатып кулакты,
Сыланасың кара улак.
Артыңдан балдар ээрчисе
Кубанасың кара улак.
Балдар менен жарышып,
Кууланасың кара улак.

## КУЛКУНУ ЖАМАН КУЛАЛЫ

Көпкө басып чаар төөк
 Балапанын чыгарды.
Чыгар менен жем издеп,
Туш-туш жакка чубады

Учуп жүрүп айланып,
,Көрүп калды кулалы.
Каркылдап жыйнап ала албай
Байкуш чаар төөк куурады.

Коргосо да канчалык
Жаш балапан көнбөдү.
Салпылдап келип кулалы
Бирин илип жөнөдү.

Бир жөжөсүн алдырып
Чырылдады байкуш төөк.
Боору ачып, жүрөгү
Зырылдады байкуш төөк.

Каныккан жемге кулалы,
Эртеси да келди учуп.
Чычкан аңдып сарайда,
Жаткан эле бир мышык.

Балбалактап бут созуп,
Алам деди мышыкты.
Андан мурун чап илип,
Мышык салды кызыкты.

Жан соогалап тыбырап,
Кулалыдан үн чыкты.
Кайгылуу төөк бакырат,
Же дегесип бузукту.

Адегенде булардын ,
Кимиси салды бузукту?
Күнөөлүсүн тапкыла
Кулалыбы, мышыкпы?

## КЫРК БИРИНЧИ ЖЫЛЫНДА

Кырк биринчи жылында,
Башталды согуш июнда.
Эки агам жүрсө согушта,
Турмуштун шарты кыйын да.

Аттанып чыкты элинен,
Атактуу Чаткал жеринен.
Ажырап ыйлап бөлүндү,
Алганы жубай теңинен.

Кой жаят койчу колоттон,
Кармасам калем болоттон.
Картайган атам кайгыда,
Экөөбүн бирдей чоңойткон.

Карыган атам төрт балаң,
Кайгы муңда эң жаман.
Кайрылып келсең элиңе,
Кайгысы жок жалгандан.

Чаткалда болду турагым,
Чарчанып минтип турамын.
Көбүнчө мени чарчаткан,
Эки акемен убайым.

Алты жыл болду кеткенге,
Каты келбей бул жерге.
Кат кабарсыз болгондон,
Капамын жалган дүйнөдө.

Билими артык башкача,
Чоң акем кагаз жазбаса.
Чочунду жаман эт жүрөк,
Кайгы муң быйыл жазылса.

Агарган тоолор тереңден,
Ак кашка суусу беленден.
Аман келсе согуштан,
Эч арман кылбас элем мен.

Көгөргөн тоолор тереңден,
Көк кашка суусу беленден.
Көп какшатпай келсе го,
Көп арман кылбас элем мен.

Тогузунчу май күнү,
Басылган күнү уруштун.
Эки агам келер деп,
Сүйүнүштө турумун.

Кыштооң башы көбүргөн,
Кыйналып өттүм өмүрдөн.
Кыйнаган тиги Германдын,
Кызыл чок чыксын көрүнөн.

## АСКЕРДЕГИ АГАЙЫМА

Кутурган Герман фашисттин,
Колуна бергин сазайын.
Аскерге кеткен агайга,
Азыраак казал жазайын.

Аскерге кеттиң аттанып,
Атактуу согуш башталып,
Келээр күнүң бар бекен,
Германды жеңип шаттанып.

Аскерге барсаң барып кел,
Армия милдет алып кел.
Фашисттин башын талкалап,
«Кызыл туу» орден алып кел.

Заардуу Герман фашистти,
Кырып бир жоюп талкалап.
Аман келсең болгону,
Аптобоз минип чалкалап.

Сагызган конот камышка,
Агайым кетти алыска.
Айламды таппай жүрөмүн,
Артыңдан бирге барышка.

Аскерден байкем келсе деп,
Күндө үч убак тилеймин.
Тилегимди берсе экен,
Аскерден байкем келсе экен.

Талабыбыз ишке ашып,
Германды Совет жеңсе экен.
Аскерге кеттиң аттанып,
Ак кагазга катталып.
Аман бир келээр бекенсиң,
Өз элиңе шаттанып.

Тору-Айгыр тоосу тегирмен,
Тегирмени темирден.
Жерине айда немести,
Жемиштүү, гүлдүү жеримден.

## БААТЫР БОЛ

Эрдигиңди көрсөтүп,
Аталып чыккан баатыр бол.
Качырып өзүң киргенде,
Калчылдап качсын нечен кол.

Эркиндик үчүн согушта,
Казатка колду баштагын,
Канча миң душман болсо да,
Акылыңан шашпагын.

Атакага киргенде,
Имерилип качпагын.
Астында ажал турса да,
Артыңа кадам баспагын.

Согушта өзүң жүргөндө,
Автомат болсун эрмегиң.
Каракчы фашист немиске,
Намысыңды бербегиң.
Жергелүү совет калкыңа,
Жеңмейин жоону келбегиң.

## АГАЙЫМА

Кат менен жаздым саламды,
Кадырлуу агай аманбы?
Кайда бир болсоң эсен-соо,
Табигат берсин таалайды.

Тянь-Шандын талаасын,
Эки тоо тосот арасын,
Жеткиреби табигат,
Жаш адамдын санаасын.

Жаз жаңыдан келгенде,
Топтон соко курабыз.
Жалпы ага-инилер,
Сак-саламат турабыз.

Кайырма деген жер болот,
Кашатка барып эл конот,
Агайымды санасам,
Капалуу жүрөк от болот.

Кара-Булуң, Кор-Булак,
Кат жазам алың мен сурап.
Кападар болуп ойлонсом,
Кантейин, келерсиң бир күн элчилеп.

Эмгек – талаа жерибиз,
Эсен-соо жалпы теңиңиз.
Эстелик болсун элиңе,
Эр жүрөк болуп келиңиз.

Эр азамат жигиттин,
Ээрчип жүрөт бактысы,
Элден алыс кеткенде,
Эсине түшөт жакыны.

Арсайган бийик Ала-Тоо,
Ага-инилер эсен-соо,
Азырак капа боломун,
Агайым алыс болгонго.

Жакшысын минем кунандын,
Жакыны көптүр туугандын.
Жакында элге сен келсең,
Жалындап жүрөк кубансын.

Калайлаган ак чайнек,
Кармаса колго жармашат,
Калкыңдан алыс кеткенге,
Кайгырат элиң алкашат.

Эмгек төлү жерибиз,
Эсен-соо жалпы элиңиз.
Эстелик болсун элиңе,
Орден алып келиңиз.

Ак-Кудук менен Үч-Булак,
Абайлап көрдүм сөз сурап,
Армиялык милдетти,
Аткарып келгин бек чыдап.

Ашхабад сенин турагың,
Сиз үчүн сөздү курадым.
Аманчылык кабарды,
Ак кагаз менен сурадым.

Атайлап барып мен көрдүм,
Ар түрлүү чөптүн түрлөрүн.
Айланып келип эсен-соо,
Айлыңда байке гүлдөгүн.

Тоодон бир барып мен көрдүм,
Түркүмдүү чөптүн гүлдөрүн.
Түбөлүк келип элиңе,
Турмушта ойноп-гүлдөгүн.

## УУЛУМА КАТ

Мен кеткен соң сен үйдө,
Кожоюнсуң Архимед.
Үйдө Боку бар го деп,
Сырттагы мага канимет.

Мен кеткен соң үйдөгү,
Терегимсиң Архимед.
Согушту бүтүп барамын,
Сагынба, уулум сабыр эт.

Үйдү жарык кылуучу,
Чырагымсың Архимед.
Чыгарбай турган көңүлдөн,
Ынагымсың Архимед.

Согушта жүргөн атаңдын,
Кайраты сенсиң, Архимед.
Качсам-куусам кубатым.
Канатымсың Архимед.

Өлсөм артта калуучу,
Көзүм сенсиң Архимед.
Эркектен тукум сен жалгыз,
Өзүм сенсиз Архимед.

Отузга жеткен эркеги,
Жалгыз калдың Архимед.
Азыр үч үй санаты,
Милдетин алгын Архимед.

Мен кеткен соң үйдөгү,
Билегимсиң Архимед,
Кайраттуу болуп талыкпас,
Каруусузга жардам эт.

Ырысың болсо чырагым,
Баатырлар келер кайрылып.
Эгер өлсөм арман жок,
Калгының ушул айрылып.

Атаң жазган бул катты,
Аларсың окуп көңүлгө.
Ааламга келди бул оору,
Ауланба өлүмгө.

## АСКЕРДЕГИ АГАМА

Айланайын агатай,
Амандыгың сурайын,
Айланып кайта келүүңдү,
Артыңда тилеп турайын.

Апаңды багып артыңда,
Агатай, жардам кылайын.
Алыска барып иш кылып,
Абийриң артсын ылайым.

Кагылайын агатай,
Каралдың болуп турайын,
Кайрылып аман келүүңдү,
Кудайдан тилеп сурайын.

Калганды багып артыңда,
Каралдым, жардам кылайын.
Кан ичер менен кармашып,
Кадырың артсын ылайым.

Кагылайын агатай,
Катуу ишиңе жарайын.
Кайрылып өзүң келгенче,
Кары-жашты багайын.

Кайрылып аман келгиниң,
Казатка кеткен, агайым.
Кан ичерди талкалап,
Кыйраткын Гитлер сарайын.

Көп жыйылып баргыла,
Куралды колго алгыла.
Темир кармап койсо да,
Кыйкырып кыргын салгыла.

Жаралансаң душмандан,
Госпиталда жаткырып.
Багышат сизди доктурлар,
Жомок айтып шат кылып.

Госпиталда жатам деп,
Кат жазарсың каткырып.
Катыңды окуп үй-бүлөң,
Кубанар көңүл арттырып.

## АСКЕРДЕГИ АГАМА

Жалындуу салам айтамын,
Жаш пуронтчул агама.
Жашабаган Гермaндар,
Жалдырап калсын талаада.

Алмадай башым тоголок,
Ойлосом акыл жоголот,
Акем бар, аскер кетти деп,
Канткенде турмуш оңолот.

Суу башында ар дөңдү,
Аңдып бир мерген атпайбы.
Сен алыска кеткенде,
Кайгыңды үкөң тартпайбы.

Уяда бүркүт кагынат,
Уялаш Айтмат сагынат.
Капталда бүркүт кагынат.
Каргадай үкөң сагынат.

Аз гана кичүү элинен,
Аскерге кеткен Таш акем.
Амандыгын биле албай,
Алсырап турган мен үкөң.

Буралган талдын башында,
Булбулдар сайрайт үн менен.
Боздогон мендей баланын,
Басылар күнү бар бекен.

Эки акем кетти кайларга,
Согуш болгон жайларга,
Аман болсо келерсиң,
Туулуп өскөн жайларга.

## ФРОНТТОГУ АГАЛАРГА

Кат жаздым ага алыстан,
Калкыңдан кабар берүүгө,
Канимет кылып соо болуп,
Касташкан жоону жеңүүгө.

Караанын көрүп советтин,
Канкор бир Гитлер түңүлгөн.
Кандайсың ага аманбы,
Кабар ук мендей иниңден.

Милдетин элдин актоого,
Жазганым жок билер деп.
Ак нанды жыйдык мол кылып,
Агаин анда силер деп,
Гитлерди кармап байлагын,
Кете албас кылып чидерлеп.

Ишенем сизди жеңет деп,
Жеңишти колго берет деп,
Калкыбыз сизге ыраазы,
Канкорду кармап келет деп.

Агалар угуп тыңдаңыз,
Жеңүүчү быйыл жылдабыз,
Азык-түлүк берүүгө
Арт жакта иниң тылдабыз.

Жерге кирген Гитлерге,
Жалакайлык кылбаңыз.
Фронтто көрсөт күчүңдү,
Бир кадам артка жылбаңыз.

Кат жазып салам жиберген,
Калкыңда жүргөн үкөңүз,
Аман-эсен жоо жеңип,
Арт жакта элиң күтөбүз.

## БААТЫРЛАРГА ЫРАХМАТ

Биринчи баатыр Ташмамат,
Көсөмдөрдөн үлгү алып,
Көздөгөн жоону жыгууга,
Жүрөгүнөн от жанып.

Анварбек биздин баатырдын,
Кандай сонун атагы,

Тяншандан чыккан баатыр деп,
Кылымда далай таӊ калды.

Асанов Дайыр жаш барчын,
Атканы сая кетпеген,
Алдыда жүрүп коркпостон,
Алсам деп жоону дегдеген.

Днепрдин дайрасын,
Элден мурун ал кечкен.
Автомат менен атканда,
Асылган жоону жүдөткөн.

Төрт сааттын ичинде,
Эс албастан кичине,
Уу тырмак капыр Гитлердин,
Жалынды салдыӊ ичине.

Асанов Дайыр жаш баатыр,
Ал айткан антын актады.
Намысты алып бергенге,
Бүт элдериӊ шаттанды.

Тогузунчу май күнү,
СССР жоону жеӊди деп,
Өлкөбүздө бүт элдин,
Эт жүрөгү элжиреп.

Согуш бүткөн күндөрдө,
Толкубай жүрөк турабы,
Ааламга бүтүн таралды,
Советтик жеӊиш урааны.

Согуш бүттү дегенде,
Сүйүндүрдү жүрөктү,

Ардактуу Кызыл Армия,
 Орундатты тилекти.

Мен жеңем деп салпылдап,
Япон да чыкты бир туштан,
Шаңданып шумкар чыкканда,
Туруштук бере албастан,
Ойсуз иттер кан кускан.

Москвага түштө барам деп,
Санабастан ал чыккан,
Жашасын Кызыл Армия,
Кубантып көңүл тыңгызган.

Тынчтыкта жаткан өлкөгө,
Мыкаачы Гитлер кол салды,
Аттанып жаштар чыкканда,
Акылсыз душман сандалды.

Бул кабарды укканда,
Толкубай жүрөк турабы,
Балдарым намыс алды деп,
Өлкөдө элим кубанды.

Дүйнөлүк согуш басылды
Сүйүнүп жүрөк ачылды.
Дүрбөлөң салган Гитлердин,
Түп тамыры казылды.

Ушунун барын иштеген,
Узун болсун өмүрүң.
Кыйратып жоону талкалап,
Ачылды гүлдөй көңүлүм.

## ТОГУЗУНЧУ МАЙ

Тогузунчу май күнү,
Фашисттерди жеңген күн.
Желпинтип колго туу алып,
Агалар жеңиш менен келген күн.

Кутуруп келген фашисттин,
Азабын колго берген күн.
Кайраттуу совет элдерим,
Жыргалдын гүлүн терген күн.

## МЕН ЖАШ ТИЛЕК

Мен жаш тилек балапан,
Канатымды тарасам.
Чалгын өсүп жетилип,
Чамдап учуп баратам.

Мен жаш тилек адатым,
Ажыратып билемин.
Асман жердин арасын.
Аткан октой качырсам,
Алышкандар жадасын.

Кайраттуу баатыр экен деп,
Кабарым элге таралсын.
Мен жаш тилек тилегим,
Жалындаган жүрөгүм.

Акыл сөздөн тайбаган,
Ай нурунда сайраган,
Акын болуу тилегим.

## АКЫЙ

Менин энем сурасаң,
Сыр аякка бал куйган,
Сенин энең сурасам,
Ит аякка кан куйган,
Илме тиккен мен энем,
Илелеген сен энең,
Күрмө тиккен мен энем,
Карын жыйган сен энең.
Менин атам сурасаң,
Арчалыга жайлаган,
Сенин атаң сурасам,
Арпа ташып куураган,
Менин атам сурасаң,
Сулулуга жайлаган
Сенин атаң сурасам,
Соку жанчып куураган,
Сайма сайган мен энем,
Самсаалаган, сен энең,
Илме тиккен мен энем,
Илелеген сен энең.
Улуу тоонун боорунан
Улар аткан мен атам,
Улуу кызын ыйлатып,
Үйдө жаткан сен атаң,
Кичи тоонун боорунан
Кийик аткан мен атам,
Кичи кызын ыйлатып,
Үйдө жаткан сенин атаң,
Менин атам сурасаң,
Жабыгынан ай чыккан,
Жалпы атасы бай чыккан,
Сенин атаң сурасам,
Жабыгынан май чыккан,
Жалпы атасы кул чыккан,

Менин атам сурасаң,
Башайы менен бел бууган,
Манас менен тең тууган,
Сенин атаң сурасам,
Курмушу менен бел бууган,
Кулдар менен тең тууган.
Менин атам сурасаң,
Ала кийиз жазданган,
Сенин атаң сурасам,
Алдырган бука баштанган.
Менин атам сурасаң,
Үрө кийиз жазданган.
Сенин атаң сурасам
Өлгөн бука баштанган.
Менин атам сурасаң,
Укурук алып жылкы айдайт,
Сенин атаң сурасам,
Куургуч алып уй айдайт.
Чериктердин кыздары,
Чепкен бычкан турбайбы?
Челек-челек жарманы,
Кептеп ичкен турбайбы,
Күйөөсү келет дегенде,
Үй ордундай жерге,
Ойноп чыгат турбайбы?

## АКЫЙНЕК

**1-кыз:**
Акыйнек ырын ырдашуу,
Абалтан кыргыз салты экен,
Акыйнек ырын улантуу,
Атабыз кыргыз наркы экен!

**2-кыз:**
Ыр ырдашып, сындашуу,
Ыр жандуу кыргыз салты экен,
Сынга сындай жооп айтсак,
Атабыз кыргыз наркы экен!

**1-кыз:**
Сени атаң эртелеп,
Бел куда болгон белендеп,
Жашың келди он үчкө
Сени келин кылып алууга
Кайнатаң той кыламын деп жүрөт.

**2-кыз:**
Сени болсо бел куда,
Болгон экен бешикте,
Он төрткө жашың толо элек,
Үй күтөр кезиң боло элек,
Жакында сенин да тоюң келет деп жүрөт.

**1-Кыз:**
Сени болсо топ кыздар,
Кийимин чактап кие албас,
Кийсе да тыкан жүрө албас,
Бээ сааганда этегин,
Чарпый баса отурган,
Чалма этек кыз деп жүрөт.

**2-кыз:**
Сени болсо көп кыздар,
Кийимин таза кие албас,
Кийсе да таза жүрө албас,
Көйнөгүнүн көкүрөгүнө сүт тамган,
Дак болсо да көйнөгү,
Тазалап, жууп албаган,
Тазалыкка сараң кыз деп жүрөт.

**1-кыз:**
Сени болсо теңтуштар,
Ийри колго иш албас,
Жалкоо кыз экен деп жүрөт.
Келечек жолун байкабас,
Аңкоо кыз экен деп жүрөт.

**2-кыз:**
Сени болсо жеңелер,
Жеңил кыз экен деп жүрөт,
Жеңенин сыйын биле албас,
Жеңени сыйлап жүрө албас,
Көзүнчө мактап бийкеч деп,
Жеңелериң артыңдан,
Биздин кыз жеңил ойлуу деп күлөт.

**1-кыз:**
Сени болсо көп кыздар,
Уйкучу кыз деп жүрөт,
Уй сааганда үргүлөп,
Сүтүн төгөт деп күлөт.

**2-кыз:**
Сени болсо айылда,
Кой келгенде короого
Чачын жууйт деп жүрөт.
Үй оокатка кош көңүл,
Жалкоо кыз экен деп күлөт.

## КОРДОО ЫРЛАРЫ

### УУРУУГА

Ууруу. Уруу
Уйдун богун жууру.
Тамекенин ачыгы
Таңдай байдын күчүгү
Күч-күч, күч-күч.

### СОРГОККО

Кардын ачса кака же,
Кабыргалуу бака же
Тойбой калсаң бакага,
Тоңуп калган така же.
Олөң-өлөң өлөң же,
Өлөң чөптүн  түбүн же,
Бүрсүгүнү буудай же,
Буурул чөптүн түбүн же.
Соңгу күнү сомо же,
Соргок болуп көбүн же

### КАЧААККА

Кетсең кетсең кете бер,
Керме тоого жете бер.
Баландын атын Мамай кой,
Башын отко кактай кой.
Майы чыкса жалай кой.

### ЧАЛАЙГА

Чалай, чалай чалдырак,
Казанга жапкан калдырак.
Аны алып жеп койгун,
Эрмат чалай чалдырак.

# ЖАҢЫЛМАЧТАР, ТАБЫШМАКТАР

## II. ЖАҢЫЛМАЧТАР

Ал аралда да марал,
Бул аралда да марал,
От экен маралга да арал,
Оттосун аралга да марал.

Аттап барып алты кучак отун алдым,
Алты котур нарга артып алдым.

Ай, ай, Айдарбай!
Кызыл мүйүз уюңду,
Үйүнө айдай бар.

Алабатага алабаталатпастан,
Алабатага алабаталатып,
Алабатага алабаталатабыз.

Асманда эки айры куйрук:
Бири ак кыска айры куйрук,
Бири кара кыска айры куйрук.
Ак кыска айры куйруктуу айры куйрук
Кара кыска айры куйруктун жолун тосот.
Кара кыска айры куйруктуу айры куйрук
Ак кыска айры куйруктун жолун тосот.

Бадал арал, бадал арал,
Бадал аралда оттогон бала марал.

Бактияр бээсин алабатага
Алабаталатам деп барып,
Алабатага өзү алабataланып калды.

Бир ак чымчык,
Эки ак чымчык,
Үч ак чымчык,
Төрт ак чымчык.

– Бул кай бал каймак?
– Кудагыйга сакталган.
Сүр (кур) бал каймак.

– Бул кайсы арал?
– Каргалы арал.
Камыш башын кайрып,
Карга уялар.

Бул кайсы оозу май тайлак?
Бул кайдагы сары май бал каймак?
Бул оозанган оозу май тайлак,
Бул сур сары май бал каймак.

Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томоголойт,
Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен
томогологондо,
Биз бүркүтүбүздү томого менен томоголобой,
Ким бүркүтүн томого менен томоголойт?

Бир түп тыт,
Бир түп турп,
Турп тытты түртөт,
Тыт турпту түртөт.

Жогор жактан сел келет,
Сегиз серке тең келет.

Куйругун кумга малып келет,
Сакалын суугa салып келет.

Маң-маң кашка коюм,
Бешөө беш башка коюм.
Тиши ушак коюм,
Буту тушак коюм.

Жылкы жыйырмага чыкпай картаярбы?
Картайган жылкынын сөөгү аркаярбы?
Картайган картаң жылкыны
Картайган киши кайтараарбы?

Кулалы деген куш имиш,
Аны томоголомок кыйын иш имиш.

Жалаярда бар дейт го бир
Тайкарбай, менин айткан
Тайкарбайым бай Тайкарбай,
Сенин айткан Тайкарбайың кай Таркарбай?
Такыр жерге коюңду жай, Тайкарбай.

Сен эмне мага олураясың?
Олураярыңа олурай!

Жаш кайышты токмоктошпойсуздарбы?
Жаш бүркүттү томоголошпойсуздарбы?

Чамгаракта чарт элек,
Чартылдашкан эки элек.
Босогодо эки элек,
Болтулдашкан эки элек.

Эртең аркарлар Марчага марчалайт,
Эртең аркарлар Марчага марчаласа,
Биздин жердеги аркарлар Марчага марчалабай,

Кимдин жериндеги аркарлар Марчага марчалайт?

Мүнүшкөрлөр кыргыйга кырк кыл куйрук
алдырат,
Мүнүшкөрлөр кыргыйга кырк кыл куйрук
алдырса,
Биз кыргыйга кырк кыл куйрук алдырбай,
Ким кыргыйга кырк кыл куйрук алдырат?

Сыбызгычылар сыбызгысын сызгырылтат,
Сыбызгычылар сыбызгысын сызгырылтса
Биз сыбызгыбызды сызгырылтпай,
Ким сыбызгысын сызгырылтат?

Кулаалы «куш» жүрөт имиш,
«Куу» дегенди сүйөт имиш,
Өзүн бүркүтчө томого менен томоголомок,
Ал кушча качырып соного соноломок.

Оторбай, Оторбай, үйүңдү отоло!
Аны мен отолобой ким отолойт?

Кудаяр деген кудам бар эле,
Кудаярды үч жылы кудаладым эле,
Кудаяр мени үч жылы кудалай албай койду,
Кургурум куу жолдо кудалаган эле.

Көп көпөлөк көкөлөп өтөт,
Көк көпөлөк көкөлөп өтөт,
Төрт көпөлөк бөлөк өтөт.

Үч күчүк үшүп
Үнү бүтүп.

Кулаалы деген куш имиш,
Томоголомок мүшкүл иш.

Жандай басып жанына,
Алдырып койсоң кыйын иш.

Чоң ача таш,
Кичи ача таш.

Чыт тыштуу эски ичик,
Чыт тыштуу эски ичик.

Эй конок, эт ашатчы,
Эт ашатсаң бат ашатчы!

Эртең менен эл коюн жылтыркандатат экен,
Мен да коюмду жылтыркандатам.

От үстүндө бал каймак,
Бал, бал каймак, бал каймак.

Ат семирсе, соорусун чокмоктошмокчу
эмес белек,
Эки кайыш, бир тизгин токмоктошмокчу
эмес белек!
Мынабу жаш кайышты токмоктошпойсуздарбы?

Бул бал каймак,
Кудагыйга сакталган
Сүр бал каймак.

Өйүзгү арал,
Бул өйүзгү арал,
Өйүзгү аралды мал аралар,
Бул өйүзгү аралды марал аралар.

Мынабу кай арал?
Көк иримдүү кең арал, ал арал.

Жалайырбай, Тартарбай, Тайтакырбай,
Такыр жерге коюңду жай, калтырабай,
Сууга салган чычкандай шүмүрөйүп,
Кыздар, кайда барасың кой кайтарбай,

Беш кашка кой, бешөө беш башка кой.

Чоң казандын кырмычык,
Кырып жедим тырмышып.

Эки айылдын ортосунда делдир тикен отун бар,
Кел, жеңелер, келгиле, делдир силкме ойнойлу.

Ак уй өөгүн жалайт,
Абакем өтүгүн жамайт.

Жогор жактан сел келет,
Эки теке тең келет.

Кимдин-кимдин топосу?
Байсар акемдин топосу.
Кылтыңдайдын кылтасы,
Кылда кара топосу.

Шалгамбайдын шагында бир түп тыт бар экен,
Бир түп түрп бар экен,
Түрптү тыт түртүп туруптурбу.
Тытты түрп түртүп туруптурбу?

Кырк кызыл куйрук, кызыл куйрук,
Ичинде кызыл кылдырык кыл куйрук.

Жогортодон келемин шыргый минип,
Шыргыйыма ыргый минип.

Белестеги беш кашка кой,

Бешөө беш башка кой,
Бешаласы кунан кой,
Бешаласы дөнөн кой.

Кырк кыл куйрук,
Кырк кызыл куйрук,
Кырк кыл куйрук ичинде,
Ылгый кызыл кыл куйрук.

Кезек-кезек,
Тезек терсек,
Керек дешет,
Кезек тезек.

Көзү бүтүк,
Үч күчүк үшүп,
Үч күчүк үшүп
Үнү бүтүп.

Былкы-былкы былкы таш,
Былкылдаган кызыл таш,
Таар токум чаар таш,
Тайгаланма кара таш.

Былкы-былкы былкы таш
Былкылдаган кызыл таш
Таар токум чаар таш,
Тайгаланма кара таш.

Жегениң дандыр нандыр,
Дандыр нан жабылгандыр.

Беш кышты
Үч ташка төшө,
Үч ташты,
Беш ташка төшө.

Маң-маң- маң кашка коюм,
Маңы башка беш кашка коюм.
Тиши ушак ак кашка коюм,
Буту тушак беш кашка коюм.

Узун куйрук сагызган,
Кыска куйрук тавыскан.
Кандуу калпак кийишсе,
Түтүшпөйт экен туушкан.
Туушканың жок болсо,
Үзүлөт экен куюшкан.

## III. ТАБЫШМАКТАР

Ааламга бир жан келди,
Үнү бар, сөзү жок.
*(Жаңы төрөлгөн бала)*

Табиятка жаралса, эң бир таттуу,
Табиятта жоголсо, өтө ачуу.
*(Бала)*

Жарган жыгач,
Жаткан коен,
Эки көөкөр азыгы,
Астындагы казыгы.
*(Бешиктеги бала)*

Баа-баа бакырчак,
Кичинекей такырчак,
Эки тулуп азыгы,
Көчүгүндө казыгы.
*(Бала, бешик, шимек)*

Конок келди алсыз,
Ат байладым жалсыз,

Кой союп бердим кансыз.

*(Бала, бешик, эмчек)*

Үйүбүзгө мейман келди,
Сүйлө десек алы жок,
Мингени бир сонун ат,
Бирок анын жаны жок.
Союшу бар эки кой,
Эти бар да сөөгү жок.

*(Бала, бещик, эмчек)*

Алтын сандык ичинде алтын сака,
Алчы-таасы билинбейт.

*(Ичтеги бала)*

Жомок бир жомок,
Толгон ай жомок,
Акылдуу киши ача албас жомок,
Чечен бир киши чече албас жомок.

*(Ичтеги бала)*

Көлдө жаткан чүкөнүн,
Оң-солуну билбедим.

*(Ичтеги бала)*

Кыңыр-кыңыр кыңырчак,
Минген аты-ыңырчак.

*(Бешик, бала)*

Тыкыр-тыкыр тыкырчак,
Тыкырчактын ичинде бакырчак.

*(Бешик, бала)*

Үйдүн чырагы,
Эшиктин кулагы.

*(Бала, күчүк)*

Кош кайкыда турагы бар,
Кош каухардан чырагы бар.
Керемети ааламга тиет,
Аалам ага башын иет.

*(Баш)*

Сырткы көрүнүшү тоголок,
Бирок чоло жери жок
Чытырман токой.

*(Баш, чач)*

Эки таяктын бири алдыга кетсе,
Бири артта калат.

*(Бут)*

Алдын-кийин эки атым чуркайт.

*(Бут)*

Каркыра жолу кайык,
Турна жолу туюк.
Эки күлүк бар,
Биринен бири озот.

*(Бут)*

Калың токой,
Калың токойдун алды жар кабак,
Жар кабактын алды чийме саз,
Чийме саздын алды кайнар булак,
Кайнар булактын нары шаркыратма,
Шаркыратманын алды жалжайма,
Жалжаймадан тик барма.

*(Чач, кабак, каш, көз, мурун, ооз, ээк)*

Быш булак-быш булак,
Быш булактын үстүндө
Кайнар булак,

Кайнар булак үстүндө кара кыя,
Кара кыя үстүндө кара токой.
*(Мурун, көз, каш, чач)*

Күңгөйдөгү таш кудук,
Тегереги ак кудук.
Тескейдеги таш кудук,
Тегереги ак кудук.
Бүркөлгөндө караңгы,
Түнү түшкөн таш кудук.
Ачылганда караңгы,
Ааламга жеткен ак кудук.
Ортосунда сары кыр,
Оргуштап агат булагы.
Жайкалып сонун көрк берет
Бетеге, шыбак тулаңы.
Ойлонуп муну ким табат?
Адамда болот бул дагы.
*(Ооз, мурун, мурут, сакал)*

Бир дөбөдө жети ийин.
*(Ооз, көз, тиш, тил, мурун, кулак, каш)*

Шып-шыпылдак,
Шып-шыпылдак үстүндө пыш-пышылдак.
Кайнар булак (шам чырак) үстүндө кара кыяк.
Кара кыяк (бир топ камыш) үстүндө кара токой.
*(Ооз, мурун, көз, каш, чач)*

Тап-тап, тапылдак,
Тапылдактын үстүндө пышылдак.
Бышылдактын үстүндө кайнар кара булак.
Кайнар кара булактын үстүндө кыя жол,
Кыя жолдун үстүндө кара токой.
*(Ооз, мурун, көз, каш, чач)*

Жар боорунда жалгыз казык (чуңкур).

*(Киндик)*

Аркы өйүздүн карагай,
Берки өйүзгө жыгылат.
Берки өйүздүн карагай,
Аркы өйүзгө жыгылат.

*(Уктагандагы кирпик)*

Кичинекей медерим,
Жер түбүнө жетерим.

*(Көз)*

Ачып ийсем ааламдын баарын койбойт,
Жыйып ийсем жарты жаңгактын көзү тойбойт.

*(Көз)*

Эки тууган бирин-бири көрбөйт.

*(Көз)*

Эки суу бар,
Бирине бири кошулбайт.

*(Көз)*

Кыпын түшсө ооруган
Эки нерсе кичине,
Бирок, тоо, көл, токойлор
Батып кетет ичине.
Бул эмне билип ал,
Пайдасы зор кишиге.

*(Көз)*

Ээ эпилдек,
Жаа жапылдак.

*(Ооз)*

Бир текче,
Бир текчеде жыш мыкча,
Биз-биз биз элек,
Отуз эки кыз элек,
Бир тактага тизилдик,
Бирден-бирден үзүлдүк.
*(Тиш)*

Кыдырата (эки катар) таш койдум,
Кызыл өгүзүмдү бош койдум.
*(Тиш, тил)*

Белбоодо беш ат,
Бешөө тең кашка ат.
*(Тырмак)*

Сөөгү жок, эти бар,
Сүйлөгөн сөзү бар.
*(Тил)*

Казан толо чий боорсок.
Ортосунда чоң боорсок.
*(Тил)*

Отуз эки бүркүт, бир ак куу көлдө жаткан,
Ал ак куу ар нерсенин даамын таткан.
*(Тиш, тил)*

Тий-тий десем тийбейт,
Тийбе десем тиет.
*(Эрин)*

Калалуу коргон бузулду.
*(Тиштин түшүшү)*

Бети кара безгелдек,
Бешик чаап отурат.
Кашы кара безгелдек,
Кашык чаап отурат.
*(Уста)*

Аралаштырып айтканын уксаң, абдан таттуу,
Бирден талдап түшүнсөң, уудан ачуу.
*(Ушакчы)*

Сансыз жибек самсаалайт.
*(Чач)*

Кара тоо башын кар чалды.
*(Чачтын агарышы)*

Эки терек жуп терек.
*(Эки өрүм чач)*

Мен кыйкырсам чокудан,
Ал заңгырайт коктудан,
Өзү түгүл изи жок,
Бул эмне деп чочусам.
*(Жаңырык)*

Беш бир тууган бар эле,
Баары бирдей жаш эле.
Ичинде бирөө баш эле,
Баарынан бою пас эле.
*(Баш бармак)*

Эртең менен төрт буттап басат,
Түштө эки буттап басат,
Кечинде үч буттап басат.
*(Балалык, жаштык, карылык)*

Кара тоо башын кар чалды,
Кайнар булак соолду,
Отуз эки аргымак
Ойноп жүрүп жоголду.

*(Чачтын агарышы, көздүн күүгүмдөшү, тиштин түшүшү)*

Каза берсе түбү жок,
Кайда жүрсө жүгү жок.

*(Ой)*

Бир нерсе бар эң күлүк
Адам менен бир жүрүп.

*(Ой, санаа)*

Бассам басат,
Жатсам жатат,
Чапсам чабылбайт,
Көмсөм көмүлбөйт.
Караңгыда көрүнбөйт.

*(Көлөкө)*

Очором жандык тогуз айда,
Үрөөнөк жандык үч айда
Жакшы жандык жарым айда.

*(Аял, ит, түлкүнүн туут мезгили)*

Болдум мен бир заманда хандан тентек,
Чапчу элем көрүнгөнгө катуу келтек,
Бир башым экөө болду жүрүп-жүрүп,
Басылдым акырында мен да желдеп.

*(Жаш баланын акылына киргени)*

Торко сары тонум бар,
Топчусу жок, чече албайм,
Отуз капта даным бар,

Оозун ачып иче албайм.

*(Адамдын териси, орөзо)*

Жер жүзүндө жандуунун,
Эң керектүү заты бар.
Үч тамгадан куралган,
Анын кандай аты бар?

*(Кан)*

Эртең менен кетет чубалып,
Кечинде келет көнөккө суу алып.

*(Желин)*

Ийри-муйру көк чыбык,
Ийлеп койгон ак мамык.

*(Ичеги, карын май)*

Ачыла элек сандыкта,
Бычыла элек кундуз бар.

*(Козу, көрпө)*

Сакалын сүйрөп,
Жалакай түгөт.
Жалбарат өксөп,
Жамгырдан жүдөп.

*(Эчки)*

Мүун-муун муунчак,
Муун сайын түйүнчөк,
Жети кыздын кенжеси
Бакылдаган келинчек.

*(Көгөн, козу-улак)*

Бир кулакта кырк тешик,
Кырк тешикте кырк кулак.

*(Көгөн, козу-улак)*

Букардан келген мунаажын,
Куйругу чолок кунаажын.
Бул немении жүрүшү,
Тумшугунун чүрүшү.
*(Чочко)*

Топу бар, киерине чапаны жок,
Муруту бар ээгинде сакалы жок.
Пайдасы үй ичинен табылган соң,
Талаага барып келер сапары жок.
От боюнда боролой семиз ыйлаган.
*(Мышык)*

Итче отуруп,
Адамча жуунат.
*(Мышык)*

Жаандан кийин куралат,
Жети түрдүү түс алат.
Мунун атын ким табат?
*(Асан-Үсөн)*

Оймоктой жерден от чыгат.
*(Мышыктын көзү)*

Бүлдүр-бүлдүр бүлдүркөн,
Жер айлана жүгүргүн,
Наясаттын баласы
Мылтык алып жүгүргөн.
*(Мышык, Чычкан)*

Аргый-аргый жүгүрөт,
Аргымакча бүгүлөт,
Муну ойлоп ким билет?
*(Тайган)*

Узун кулак,
Кыйык чунак.

*(Эшек)*

Ача туяк, төрт казык,
Өтө кыйын жүгүрөт.

*(Бугу)*

Турук менен качат,
Түнү дагы тынбай басат,
Тойгон мерген болсо да,
Токтоно албай атат.

*(Бугу)*

Эшек кулак, уй мурун,
Жазы маңдай кургуруң,
Ача туяк, казык бут,
Кескен өңдүү куйругун.

*(Элик)*

Эчкини куйругуна жапырган,
Эшекти башына көтөргөн.
Бөксө тоону жайлаган,
Чөп тазасын аймаган.

*(Элик)*

Саксайган түрү бар,
Адам коркор үнү бар.

*(Аюу)*

Элең-элең, элең келер,
Этек-жеңин кыя келер,
Кон арыкка коно келер,
Коктунун суусун иче келер.

*(Бөрү (карышкыр))*

Капталды капталдай чапкан
Байбарак баатыр,
Бирөөнүн эмгегинен пайда
тапкан кайрымсыз  каапыр.
*(Бөрү (карышкыр))*

Шылдыр-шылдыр шылайкан,
Колго түшкөн кедейкан,
Маңдайы кашка батыркан,
Кулагы чунак капыркан.
*(Капкан, түлкү, каш, кулак, карышкыр)*

Кырда кылайма,
Отто олоймо,
Сууда сулайма.
*(Карышкыр, кыпчуур, балык)*

Калдыр-күлдүр каадак,
Жаны толгон саадак,
Оттогону жылкыдай,
Отурганы кишидей.
*(Кирпи)*

Көпүрөнүн түбүндө
Көр эшен ийне сатып отурат.
*(Кирпи)*

Киймин тиккен ийнеден,
Коркуп жырткыч тийбеген.
*(Кирпи)*

Тумшугун бооруна катат,
Бүт денесине ийне каданып,
Топтомолок болуп жатат.
*(Кирпи)*

Кетмени жок жер казат,
Жер казганы эмне адат?
Өзү жүрсө түрткүлөп,
Көзү жүрөт үргүлөп.

*(Доңуз (чочко))*

Дүбүр-дүбүр дүбүркан,
Дүбүркандан бууракан,
Бууракандан бугушкан,
Бугушуп терек жыгышкан,
Жаан-жаан жанаркан,
Колго түшкөн кедейкан,
Кул кулагын култуйткан
Кулагы чунак норускан.

*(Чочко, жолборс, аюу, карчыга, бөрү)*

Жер астында борколдой семиз.

*(Чычкан)*

Эл жатса да,
Эсенбай чунак жатпайт.

*(Чычкан)*

Эй-эй десең качып чыгат,
Кендир капты тешип чыгат.

*(Чычкан)*

Үй ичинде уялайт,
Бирин-бири кубалайт.
Чыйылдашып ар дайым,
Бири-бирин табалайт.

*(Чычкан)*

Бортум, бортум, бортум ай,
Караңгыда жорттум ай,
Кара көрсөм качтым ай,

Жарылганга түштүм ай.

*(Сокур (көр) чычкан)*

Төрт буттуу
Төөдөн күчтүү.
*(Пил)*

Көргүлөчү куйругун,
Куйругунан мурду узун,
Атын тап, андан соң,
Тапкылачы тумшугун.
*(Пил)*

Жер түбүндө жездекемдин аты кишенейт.
*(Суур)*

Карагандын түбүндө какаш сулуу отурат,
Салпаң кулак келет деп ыйлап-сыктап отурат.
Жылмалыгы жыландай,
Оттогону куландай,
Отурганы адамдай,
Жайкысын болчу жаныбар,
Кышкысын болбойт бул кандай?
*(Суур)*

Кырда кылыч жаркылдайт.
*(Ай)*

Качса түлкү алдыга,
Калтырат экен артына,
Кайдан билет түлкү анын
Керектигин аңчыга.
*(Из)*

Көк торпок болуп жээктен чыктым,
Кулун болуп тээктен чыктым.

Закымданып талаадан чыктым,
Жүгөн катынбай желеден чыктым.
*(Карышкыр, куюн, шамал, суу)*

Австралия талаасын,
Саякаттап табасың,
Чөнтөгүндө баласын,
Көргөндө таң каласың,
Эки колун көтөрүп,
Буту менен кете алат,
Муну кимдер чече алат?
*(Кенгуру)*

Желбейт, баспайт,
Өкүрөңүн жазбайт,
Арткы бутунун изин
Дайым алдыга таштайт.
*(Коен)*

Аттаган жери атандай,
Баскан жери бармактай,
Оттогон жери оймоктой,
Качып жүрөт карматпай.
*(Коен)*

Төө ооздуу,
Бото көздүү,
Эшек кулактуу,
Эчки чычандуу,
Ат аяктуу,
Кой жүндүү,
Бул эмне табыңыз?
*(Коен)*

Жыл мезгилин ылгабас,
Кыштыр-жайдыр кургабас.
*(Арча)*

Жер үстүндө жетим бала диңилдейт,
Кар үстүндө карып бала диңгилдик,
Муз астында мусаапыр бала диңгилдик.
*(Терскен, түлкү, балык)*

Учарымды жел билет,
Конорумду жер билет.
*(Камгак)*

Кокту келсе конот,
Жел келсе желет,
Бул эмне болот?
*(Камгак)*

Муун-муун муунчак,
Муун ала түйүнчөк,
Сегиз кыздын энеси,
Селкилдеген келинчек,
Узун-узун бою бар,
Курамалуу тону бар.
*(Камыш)*

Жайында ысыкты дегдейт,
Кышында суукту сезбейт,
Кийгени жашыл жибек,
Жай-кышы түк чечпейт.
*(Карагай)*

Ойлонгула кандай,
Кичинекей шардай,
Жармашат тийсең,
Акысы бардай.
*(Уйгак)*

Жерден чыгат арып,
Супурасын жайып.
*(Чүкүрү)*

Тырмаак кыз,
Ыйлаак кыз,
Чыргаак кыз.

*(Чычырканак, шилби, кызыл куурай)*

Асты таш, үстү таш,
Орто жери жашыл аш.

*(Мисте)*

Асты такта,
Үстү такта,
Ортосунда бышкан алча.

*(Мисте)*

Алыстан карасам, аңгыл-дүңгүл,
Жанына барсам, капкалуу кара темир,
Татып көрсөм, таптаттуу.

*(Жаңгак)*

Кап, каптын ичинде ун,
Ундун ичинде устун.

*(Жийде)*

Үлбүрчөккө кан куюп,
Үйлөп талга байладым.

*(Карагат)*

Сырты бирөө тоголок,
Ичинде миң сан томолок.

*(Анар)*

Ийип кетип сүт берет,
Байып кетип дан берет.

*(Апийим)*

Ыргал-ыргал ыргалган,
Ыргала басып жыргаган.
*(Арпа)*

Өзү кызыл, өзү кызык,
Боорунда бар жалгыз сызык,
Берекелүү балбан колдор,
Күз айында алат сузуп.
*(Буудай)*

Миңдеген бир тууган,
Баары окшош нурданган,
Ынтымагын карасаң,
Бир гана кур курчанган.
*(Боолаган эгин)*

Жерден тып чыкты,
Эки кулагы тик чыкты,
Көгөндөрүн тарта чыкты.
*(Буурчак)*

Жерден жек чыкты,
Эки кулагы тик чыкты,
Селдесин ороно чыкты,
Кылычын байлана чыкты.
*(Жүгөрү)*

Азамат акем ичкери,
Сакалдары тышкары.
*(Жүгөрүнүн сотосу)*

Кийгени кат-кат жашыл шайы,
Бетин ачып кишини карабайт,
Жашыл чачы саксайса да,
Эч качан жууп тарабайт.
*(Жүгөрүнүн сотосу)*

Абдыкалык
Мойну салык.
*(Конок)*

Ичи ток,
Көлөкөсү жок.
*(Ороо)*

Тетиктери темирден,
Тээп койсо элирген.
*(Трактор)*

Диң-диң чолок жер казат.
*(Тамчы)*

Ыргытат жерди тиштеп,
Тыныгат, иштеп-иштеп,
Жөнөрдө жумушка,
Шап эле ийинге минет.
*(Кетмен)*

Асманга чыкса жаркырайт,
Жерге түшсө такылдайт.
*(Кетмен)*

Бири чөптү кыят,
Экинчиси жыят,
Үчүнчүсү үйөт,
Ушу үчөөнүн атын ким билет?
*(Орок, тырмооч, айры)*

Инисин кууп, агасы жетпейт.
*(Арабанын дөңгөлөктөрү)*

Төрт бир тууган сапар чегет,
Бирин-бири кууп жетпейт.
*{Арабанын дөңгөлөктөрү)*

Изи бар, кадамы жок аягынын,
Тийбеди учу жерге таягынын,
Колдорун айбанга арта таштап,
Анан салат экен баянын.

*(Арабанын дөңгөлөктөрү)*

Узун аркан, Жыйып ала албайм.

*(Дөңгөлөктүн изи)*

«Соке, Соке!» десе, ишин өзү билет,
Ат-өгүзүн парлап айдап,
Артында жүрүп келет.
Боз териңди болбой ийлеп,
Тасмадай тилип берет.

*(Соко)*

Жер түбүндө ай көчөт.

*(Соконун тиши)*

Эки тартар,
Бири жыртар,
Куйругун сыйпалатар.

*(Эки өгүз, омочтун тиши, мала)*

Узун жыгачка туурасынан кылыч аштадым,
Кылычымды кынсыз сактадым,
Көк жайыктын чөбүн көрдүңөрбү?
Бир күндө чаап таштадым.

*(Чалгы)*

Тору тайды жетелеп,
Тоого чыгам энтелеп,
Тоодон ыргып мен минем,
Типтик ылдый желдирем.

*(Чана)*

Көк өгүзүм кол жапырып баратат.
*(Орок)*

Керегеде ийри кабак,
Аны табалбагандын дарты тамак.
*(Орок)*

Шып-шып этет.
Шылып кетет.
*(Орок)*

Төрт аягы бар,
Эки табагы бар,
Бир таягы бар.
*(Тараза)*

Көк улагым көгөндө жатып семирет.
*(Дарбыз, коон)*

Союп жатам, жаны жок,
Эти кызыл, каны жок.
*(Дарбыз)*

Биз бир топ кыз элек,
Шыпка илиндик,
Жипке тизилдик.
*(Калемпир)*

Токсон катар тону бар,
Тоголок келген бою бар.
*(Капуста)*

Жер алдында төлдөгөн,
Төлүн өзү бөлбөгөн.
*(Картошка)*

Башы күндү ээрчиме,
Төлүн багат бетине.

*(Күнкарама)*

Жапыз бойлуу,
Тогуз тондуу.

*(Пияз)*

Жер астында алтын казык.

*(Сабиз)*

Кичине гана сары киши,
Өзү ичкери, сакалы тышкары.

*(Сабиз)*

Жерге бекем түптөдүм,
Кийиз менен каптадым.

*(Боз үй)*

Сөөктөрү бакча-бакча,
Жаркылдайт жалгыз көзү төбөсүндө.

*(Боз үй)*

Чыны-чыны, чыны кыз,
Чындап төө минди кыз,
Бет жабууну жамынып,
Тамашага чыкты кыз.

*(Боз үй)*

Атасы баласын көтөрөт.
Баласы калпагын көтөрөт.

*(Боз үй)*

Кабагы күндө ачык, түндө жабык,
Тартып турат жакындасаң оозун ачып,
Жолобой коё турган чамасы жок,

Жакшылап көңүл бурчу, бул эмне зат?
*(Боз үй)*

Дүйнөдө бир ажыдаар бар көрөсүңбү? .
Жаркырайт жалгыз көзү төбөсүндө,
Кабырга башка сөөгү толуп жатат.
Жилик жок, бутсуз турат кабыргасын жерге матап.
*(Боз үй)*

Конгондо кооз,
Көчкөндө бооз.
*(Чырмаган чий)*

Жайсам – көлдөй,
Жыйсам – жеңдей.
*(Чырмаган чий)*

Жерден чыккан жек элем,
Желпилдеген бек элем,
Кырга чыгып кырылдым,
Кырк тузакка илиндим.
*(Чырмаган чий)*

Аркы өйүздүн жылкысы,
Шака-шука тебишет.
Берки өйүздүн жылкысы,
Бака-бука тебишет.
*(Чий чырмоо)*

Ал этегим беш таш,
Бул этегим беш таш,
Али төок жеке таш.
*(Чий токуган таштар, аял)*

Өйүзгүнүн жылкысы,
Бүйүз өйдө куюккан,

Топчу кулак боз уюк,
Айдай албай буюккан.
*(Чий токуган таштар, аял)*

Кыркыраган абышка өлөм дейт,
Кырк уулу кырк жагынан жөлөйм дейт.
*(Түндүк, уук)*

Эки колу ичкери,
Калган бою тышкары.
*(Кырчоо)*

Кичине гана куу күчүк,
Үйдү айлана жүгүрөт.
*(Кырчоо)*

Жогорку айылдын жылкысы кайчы кулак,
Төмөнкү айылдын жылкысы топчу кулак.
*(Керегенин башы, көгү, аягы)*

Алтымыш кемпир ай карайт,
Жетимиш кемпир жер карайт.
*(Уук, Кереге)*

Ай кучак-ай кучак.
Жыйып келсе бир кучак.
*(Кереге)*

Абайдын алты уулу,
Төбөйдүн төрт уулу,
Кунан койдун куйругу,
Ары шалп да бери шалп.
*(Үзүк, түндүк, эшик боолору)*

Бир кыз бар жоолукчан,
Ичинде балдары бар от жаккан,

Күндүзү сыйрып ачылат.
Түнкүсүн кайра салынат.
*(Боз үй, туурдук)*

Элебай атам өлөм дейт,
Эки уулу эки жагынан жөлөйм дейт.
*(Эки босого)*

Адам кирсе ачылат,
Сыртка чыкса жабылат.
*(Эшик)*

Чоңду-чоңду, чоңду куш,
Чоң дөбөгө конду куш,
Канаттары кайкы куш,
Мурду жаман жайкы куш.
*(Чатыр)*

Буу-буу мундуз,
Мындан ары кундуз,
Ала кийик териси,
Алты кочкор мүйүзү,
Сокур кара буурасы,
Бучук кана энеси.
*(Ала кийиз оймосу)*

Өзү узун көлөкөсү жок,
Узун-узун уз кетет,
Көлөкөсү жок кетет.
*(Жол)*

Адамдын черин таратат,
Терди өзүнөн өзү жаратат,
Эриксизден ал күнү,
Күзгүнү көздөй каратат.
*(Мончо)*

Ичи кара,
Тышы ак

*(Мор)*

Кирпиги жыгач, көзү көк,
Көзүнөн шоола төгүлөт.

*(Терезе)*

Тогуз төөгө жүк келсе,
Тойбоду такыр чөнтөгүм,

*(Тегирмен)*

Караңгы үйдө каман күркүрөйт,
Басалагы басып жатат,
Сугалагы сугунуп жатат.

*(Тегирмен)*

Күн күркүрөйт,
Күмөн ышкырат,
Азоо урат,
Мойнун бурат,
Акыркысы алам деп турат.

*(Тегирмендин үйү, суу, ташы, капты тосуу)*

Болуптур эки бир тууган,
Бирин-бири карайт,
Бирок жетише албайт.

*(Үйдүн шыбы, таманы)*

Келген да кол берет,
Кеткен да кол берет,

*(Эшиктин туткасы)*

Узун терек үлпүлдөйт,
Учу менин колумда,
Сагызгандар шакылыктайт,

Шагы менин колумда.
*(Пахта ийре турган чыгырык)*

Теңдешсиз бул заманда ага балбан,
Төө моюн, болот дене, өрдөк таман.
Сугунат таш болсо да саман өңдүү,
Ойлонуп тапкылачы ал кандай жан?
*(Экскватор)*

Бир ит бар үрбөйт,
Буттары жок, жүрбөйт.
Уруксаатсыз ал иттен,
Ээси да үйгө кирбейт.
*(Кулпу)*

Энеси үйдө калат,
Баласы айыл кыдырат.
*(Кулпу, ачкыч)*

Атасынын кулагын баласы чукулайт.
*(Кулпу, ачкыч)*

Ар эшиктин алдында,
Бир бели байлануу кул жатат.
*(Шыпыргы)*

Өзүн жыйнаткан,
Бекем байлаткан,
Шиштен башканы минбейт,
Короого чыкса бийлейт.
*(Шыпыргы)*
Тиши темир денеси жыгач,
Айныбастан кызмат кылат,
Жумшасам жердин ичине кирип,
Ичегисин да илип чыгат.
*(Темир күрөк)*

Бутун учтап,
Башка муштап,
Токмок менен койгон экем,
Буту жерге житти бекем.
*(Казык)*

Отко бышса как болот,
Дубалга сүртсө ак болот.
*(Акиташ)*

Уучтаса ундан майда,
Уютса таштан катуу.
*(Цемент)*

Тиши болот темирден,
Тийген жерин кемирген,
Түзөп аңын-дөңүн
Түйшүктүн баарын бүтүргөн.
*(Бульдозер)*

Жалтырайт, көңүлдү бөлөм,
Карасам өзүмдү көрөм.
*(Күзгү)*
Кечеси жазылат,
Күндүзү жыйылат.
*(Жууркан, (көрпө))*

Күндүз ызаатта,
Түндө кызматта.
*(Жууркан (көрпө))*

Төрт бир тууган,
Бир калпак кийген,
Ат сыяктуу,
Адамдар минген.
*(Отургуч)*

Үйгө чыккан гүлкайыр,
Жайы-кышы соолубайт,
Тепсесе да бул гүлдү,
Үй ээси такыр корубайт.

*(Шырдак)*

Жем жебейт, суу ичпейт,
Чарчоону түк билбейт,
Колу жок уруп турат,
Буту жок жүрүп турат.

*(Саат)*

Олоңдоп долу келген,
От кармайт колу менен.

*(Кычкач)*

Ар бир үйдө от күйөт,
Чогу жок, бар жалыны,
Өзү ичте болсо да,
Тышка тиет жарыгы.

*(Электр лампасы)*

Жалт-жулт этет,
Жалмап жутат.

*(От)*

Кызыл жоолук дирилдейт,
Эскиргени билинбейт.

*(От)*

Кара өгүзүм карап турат,
Кызыл өгүзүм жалап турат.

*(Казан, от)*

Башына кызыл жалын топу кийип,
Соргондо кургак сүтү турат ийип.

Акырын билгизбестен орной берет,
Өмүрдүн моторуна уусу тийип.

*(Папирос)*

Көк атым көктү карай жүгүрөт.

*(Түтүн)*

Узун узак,
Көккө тузак,
Алтын жалбырак,
Батман топурак.

*(Түтүн, жалын, кул)*

Көк коюм чыгып кетип,
Кызыл коюм жатып калды.

*(Түтүн, чок)*

Алдым толо кызыл алма,
Баатыр болсоң барып карма.

*(Чок)*

Отто – олойман,
Суула – сулайман,
Кырда – кылайман.

*(Чок, балык, ай)*

Башына кийгени сүйрү калпак,
Бир колу бар, түбү жалпак,
Ичкени май, ичегиси пахта,
Боорунда тетиги бар бурап тартма,
Абдан керек бул буюм адамзатка.

*(Лампа (чырак))*

Өмүр-өмүр, өмүрдөн,
Жаккан оту көмүрдөн,
Асманга мойнун созгон,

Адамга демин кошкон,
Кызарып чогу чыккан,
Оозунан күлү чыккан.
*(Меш)*

Көзгө тааныш бир суу, бар,
Эч билинбейт акканы,
Кандай дөө кечсе да,
Өлүм болот тапканы.
*(Ток)*

Көйнөктү күндө сылайт түптүз
Жүрөгү көөдөнүндө ысып туруп.
*(Утюг)*

Отунсуз күйгөн,
Зым менен жүргөн,
Кызаргыча күлгөн.
*(Электропечь)*

Кичинекей сандыкча,
Ичи толо мыкча.
*(Ширеңке)*

Сонун сарай ичинен,
Чыга келет шарт этип,
Күндүз дебей, түн дебей,
Күлүп берет жарк этип.
*(Ширеңке)*

Илинип турат алмурут,
Жешке болбойт аны уруп,
Күндүз кечке уктап жатып,
Кеч киргенде көзүн ачат.
Бирдей карап бардыгына,
Үйгө тегиз мээрим чачат.
*(Лампочка)*

Кылдай ичке жолу бар,
Түгөнбөгөн оту бар,
Табы күчтүү өзгөчө,
Түгөнбөгөн отун ал.
*(Электр тогу)*

Кичинекей бечел,
Сүңгүп барып суу ичер.
*(Кашык)*

Жаркыраган кашка баш,
Жаралгандан ашка маш.
*(Кашык)*

Башы менен казанга түшөт,
Суюгун таштап, коюусуң сүзөт.
*(Депкир)*

Капталды капталдай чапкан баяк баатыр.
*(Казан кыргыч)*

Капкара курсагы бар,
Кереӊ кулагы бар.
*(Казан)*

Кулагы бар, башы жок,
Курсагы бар, чачы жок.
*(Казан)*

Өлөбай акем өлөм дейт,
Үч уулу үч жагынан жөлөйм дейт.
*(Казан, тулга)*

Киндигин бассаӊ, булагы аккан,
Жерде турбайт, кабарын уксаӊ,
Желкеси кетпейт темир мыктан.
*(Кол жуугуч)*

Жаңыдан демдеп кайнатпай,
Энемден ичтим кайнак чай.

*(Термос)*

Бирөө шуңкуюп курсагын тосот,
Бирөө койгулайт үстөккө-босток.

*(Соку, сокбилек)*

Үчүкөнүн үч уулу үшкү тартып отурат,
Айры сакал атасы атка минип отурат,
Тоголок кара баласы суугa тойбой отурат.

*(Тулга, казан, кумган)*

Уй курсак, тумшугу узун, бото мойнок,
Күйбөстөн өрт-жалынды кечет ойноп,
Чалкалап сууну берсе – ичет, кусат,
Ысапыз, оюнда жок тоюп коймок.

*(Кумган)*

Эки кулагы бар,
Төрт туягы бар,
Маңдайында күйүп турган чырагы бар,
Ортосунда кайнап турган булагы бар.

*(Самоор)*

Тегереги от,
Ортосу –. суу,
Бир аздан соң,
Көтөрүлүп буу,
Салат чуу,
Тезинен тап,
Эмне экен бу?!

*Самоор)*

Белине ак тон оронот,
Сүйрөлөңдөп тоголонот,
Тоголонуп тонун чоет,

Заматта ийлеп коет.
*(Үбөлүк)*

Суудан башка ашы жок,
Томпок курсак бөйтөгөй.
*(Чөмүч)*

Карагул аттан жыгылды,
Калкы-журту жыйылды.
*(Казан-аяктар)*

Жеңем жерге түштү,
Балдары аны күтүштү.
*(Казан-аяктар)*

Кара катын аттан жыгылды,
Балдары апакелеп чуркады.
*(Казан-аяктар)*

Эки тоонун арасы,
Эбей-себей күн жаайт.
*(Элек)*

Жапжаңы идиш,
Бирок баары жыртык.
*(Элек)*

Ирегени жердеген,
Төргө басып кирбеген.
*(Көлөч)*

Чаң жугузбай барктайбыз,
Бассак ансыз баспайбыз,
Жат-жатууга келгенде,
Жандан оолак таштайбыз.
*(Өтүк)*

Капталы тилик,
Дайыма кыргызда болот,
Жүнбаскан чокуну минип,
*(Калпак)*

Кыйыктуу көйнөк кийген асыл таяк,
Көтөрсөм, тамчы... тамчы... этек жаят,
Көз жашын табигаттын, же аптабын
Өзүнө тосуп алат мени аяп.
*(Калпак)*

Беш кичине үйү бар,
Жалгыз бир эшиги бар.
*(Мээлей (кол кап))*

Сүттүн сүзүп коюусун,
Казанга салып кайнатам,
Эңсеп келген адамга,
Бир-экиден чайнатам.
*(Курут)*

Суусу ичилет, коюусу калат.
*(Чай, чама)*

Өзү суудан алынат,
Суудан коркуп жалынат.
*(Туз)*

Суюк, бирок суу эмес,
Ак, бирок кар эмес.
*(Сүт)*

Тептим терекке чыктым.
*(Үзөңгү)*

Тап-тап, табышмак,
Тай куйругуна жабышмак.

*(Куюшкан)*

Жылт этти,
Жылгадан ашты.

*(Ийне)*

Ак дүйнөдө бир кемпир бар жалгыз аяк,
Оозуна тиштегени – чийден таяк.

*(Ийик)*

Аякка өтөт чай-чай,
Буякка өтөт чай-чай,
Муну тапкан кишиге,
Жүз жыйырма тай-тай.

*(Араа)*

Боору толгон тиши бар,
Жыгач менен иши бар.

*(Араа)*

Эсепчи башы бар,
Токсон төрт жашы бар,
Ар биринде ондон,
Бирөө гана төртөө,
Бул эмне деген нерсе?

*(Чот)*

Узун сайда уй мөөрөйт.
Кыска сайда кыз мөөрөйт.

*(Керней, сурнай)*

Айнекке жатып бир чүрөк,
Көрүп өт дейт мөлтүрөп.
Аптапта бою узарат,

Аязда бою кыскарат.

*(Градусник)*

Алысты жакын кылат,
Жакынды алыс кылат,
Каалагандай көрө аласың,
Көз алдында чагылдырат.

*(Дүрбү)*

Огородду араласа,
Өзүн каз моюндуу көрөт.
Эңкейген жерге,
Себелеп сууну төгөт.

*(Лейка)*

Сууга чөкпөйт,
Суук да өтпөйт.
Кое берсе учат,
Карматпай сызат.

*(Шар)*

Бетинде аты,
Бетинде жашы,
Ал гана түгүл,
Бетинде баасы.

*(Тыйын)*

Өзү өлчөп өз боюн,
Жазып алган бооруна,
Жакшы билет кызматын,
Кармай билсең колуңа.

*(Метр)*

Отто эрийт,
Ойсоң оюлат,
Оюндагыдай чоюлат.

*(Темир)*

Жөпжөнөкөй жасалган,
Ысыктыкты ката алган
Бырыш-тырыш кийимдерим
Мына ошондон жасанган.
*(Үтүк)*

Капкара курсагы бар,
Укпаган кулагы бар
Сүйлөбөгөн тили бар.
*(Казан)*

Ичи ичинде,
Ичегиси тышында.
*(Комуз)*

Коруй, коруй, ийре тептим,
Короосуна кийре тептим.
*(Футбол тобу)*

Кулактарга жармашып,
Көз менен көзү жандашып,
Минип алат мурунду,
Ким билет мындай буюмду?
*(Көз айнек)*

Басып жүргөндө
Эки эгиз балабыз
Тамак ичкен убакта,
Столдун алдына барабыз.
Элдер уктап жатканда
Оозгу үйдө калабыз.
*(Ботинка, галош)*

Жайсам – түндүк жабуу,
Жыйсам – таяк баалуу.
Чакан үй дубалы жок,

Урунбайт убагы жок.
*(Кол чатыр)*

Жайда бар да күздө жок,
Акын деп айтат элибиз,
Гүлдүү жерде, чөлдө жок,
Кай жан бул ойлоп көр.
*(Булбул)*

Отуруп алып ичин ачам,
Баатырларча аралашам,
Аябаган кызыкка батам,
Аягына жеткенче шашам.
*(Китеп)*

Чычкан тиш, эшек кулак, эрди жарык,
Төө карын, ит тамандуу, шайыр кылык.
Бул өзү кандай жандык ойлонгула,
Тыбыт жүн, чыпылдаган эчки куйрук.
*(Коен)*

Узун кулак,
Кыйык чунак,
Денеси кипкичине, күлгө ынак,
Жүргөнү кылтың-култуң жорго сымак
Туягы тыптырмактай, жаагы узун,
Кандай мал кара далы, узун кулак.
*(Эшек)*

Бир чынынын ичинде
Эки түрдүү суу бар,
Бири-бирине кошулбайт.
*(Жумуртка)*
Бышырса аш болор,
Бышырбасаң куш болор.
*(Жумуртка)*

Теңселип жерден туулган камыш сабак,
Чеңгелдүү таманынан тамактанат,
Кучактап, жылуу ороп кабат-кабат,
Капырай колсуз туруп бала багат.

*(Жүгөрү)*

Карасаң кардай,
Жеп көрсөң балдай.
Жаралбайт бирок,
Мээнетке канбай.

*(Кумшекер)*

Башы күндү ээрчиме,
Төлүн багат бетине.

*(Күн карама)*

Бүрүшө калат тиштесе,
Балбан экен иштесе,
Көтөрүп жөнөйт безилдеп,
Өзүндөй жүктү эки эсе.

*(Кумурска)*

Тарбаңдап бадал, куурай, чөп башына
Желелеп каршы-терши торун жаят,
Урунган чымын, чиркей, кумурсканы
Чыгарбай тыбыратып чырмап салат.
Кана, балдар, мунун атын ким табат?

*(Жөргөмүш)*

Денеси темир
Жегени көмүр
Айчылык жолго
Чуркайт жеңил.

*(Паровоз)*

Төбөсүндө эки сызык
Бир күлүк жүрөт сызып

Алтымыштай адамды
Алат ичине кытып.
*(Троллейбус)*

Үйлөрү бар катар-катар,
Чарчабай жүрөт, эң алыс сапар.
*(Поезд)*

Аргымактай жулунган
Ак буудайды сугунган
Тазаланган кызылдан
Барасында чубурган.
*(Комбайн)*

Каз тамандуу
Жираф тумшук
Алакандуу
Дыңды жарып,
Ташты оодарып,
Алат сузуп.
*(Экскаватор)*

Өтө баалуу бир зат бар
Сүйлөгөндү билбеген
Кызыл, жашыл көздөрүн
Ирети менен ирмеген.
*(Светофор)*

Темирге турса тийгизип,
Тешип кетет күйгүзүп
*(Сварка)*

Болсо дагы жыгач моюн,
Баатырдын башы чоюн,
Бир койсом – күм-жам кылат,
Салмактап сакадай боюн.
*(Балка)*

Чың билек, чымыр каруусу,
Чоюн баш, жалгыз азуусу –
Тиштей албайт жүгүнбөй
Келсе да катуу ачуусу.

*(Балта)*

Окшош-окшош тегерек,
Бирин-бири жетелеп.
Кубалашып жол тартат,
Арткысы такыр жете элек.

*(Араба)*

Түр-түр килем, түр килем
Түрө албадым бир килем,
Жый-жый килем, жый килем
Жыя албадым бир килем,
Сал-сал килем, сал килем
Сала албадым бир килем.

*(Асман, жер)*

Шар-шар этет
Сайдан ылдый кетет.

*(Суу)*

Күнү-түнү тынбаган,
Бөлө чапса сынбаган.

*(Суу)*

Өзү тегерек,
Жарыгы эң керек
Күндүз көрөм,
Түндөсү көрбөйм.

*(Күн)*

Кырда кылыч көрдүм,
Кылычымды түндө көрдүм.

*(Ай)*

Жеңил бирок, көзгө көрүнбөйт,
Жара чапсаң бөлүнбөйт,
Сууга окшоп төгүлбөйт,

*(Аба)*

Элексиз элеп, даяр ун берет,
Жебейбиз аны, бирок турмушта керек,
Ар жылда келет, бул эмне делет.

*(Кар)*

Карагайсыз, тактайсыз
Көпүрө салдым балтасыз.

*(Муз)*

Минсең – канат
Чапсаң – шамал,
Аны сыйлабаган,
Кишилер жаман.

*(Ат)*

Өз үйүмдүн кулагы,
Бир жаныбар бу дагы.

*(Ит)*

Кыш куйбай, ылай чылабай,
Ичи-тышын шыбабай,
Үй куруп алат кайсы уста,
Балта, керки кармабай.

*(Чабалекей)*

Дүйнөдө бир макулук бар,
Беш ай туруп үйүнө өзү кайтар,
Күндө-күндө жаңылбастан бир сөз айтар,
Ал сөздөн башка сөздү таба албаган,
Кандай жан өз баласын өзү бага албаган.

*(Кукук)*

Канаттары үлбүрөк,
Каалайт экен гүлдү көп.
Балдар көрүп кубанат.
Кармасак деп кубалап Т
Түк жеткирбей аларга,
Учуп кетет көкөлөп,
Кел табалы экөөлөп,
Бул кайсы куш эле?
*(Көпөлөк)*

Жеп отурсаң тил кубарткан таттуу тамак,
Аны тапкан гүлдөн соруп тентек чунак.
*(Аары)*

Мойну узун бою пас,
Жоону менен боору таш.
Баш, куйругун, төрт бутун,
Катып алат тийсе кас.
*(Ташбака)*

Жыл мезгилин ылгабас,
Кыштыр-жайдыр кургабас.
*(Арча)*

Кош балдагын басып турат,
Кабар келсе шашып турат.
*(Телефон)*

Өзү сүйлөбөйт,
Бирок кишиге акыл үйрөтөт.
*(Китеп)*

Суусу бар, ичүүгө болбойт,
Жолу бар, жүрүүгө болбойт,
Шаары бар, басууга болбойт.
*(Карта)*

Ат баштуу, аркар мүйүздүү,
Бөрү куйруктуу, бөкөң сындуу,
Куш канаттуу, кумурска ичтүү.
*(Чегиртке)*

Төө ооздуу, бото көздүү,
Эшек кулактуу, эчки чычаңдуу,
Ат аяктуу, кой жүндүү.
*(Коен)*

Бир нерсе бар, учпас бийик
Жер менен көктүн бетин
Миң мертебе айланса да
Эч бир жери кетпейт отко күйүп.
*(Шамал)*

Төө моюндуу, уй курсактуу
Тегереги булактуу, орто жери чырактуу.
*(Самоор)*

Кудам кудукка түштү,
Курсагы борсое түштү,
Эки бети кызара түштү.
*(Боорсок)*

Ак, бирок, кар эмес,
Таттуу, бирок, бал эмес.
*(Шекер)*

Тамакка салса жоголду,
Анын даамы оңолду.
*(Туз)*

## СУРОО-ЖООП ТАБЫШМАКТАРЫ

Акыл кайда,
Кубат кайда,
Уят кайда?
– Акыл – башта,
Кубат – сөөктө,
Уят – көздө.
Ала-Тоонун боорунда,
Ат ойноткон ким экен?
– Жылкычы.
Алтын тондун жакасын
Тек кайырткан ким экен?
Алтын казык кактырып,
Бек байлаткан ким экен?
– Бүркүтчү.
Көтөрүмдүүнүн көтөрүмдүүсү кайсы?
– Эл.
Таттуунун таттуусу эмне?
– Таттуунун таттуусу – жан.
Ширинден ширин эмне ширин?
Катуудан катуу эмне катуу?
Оордон оор эмне оор?
– Ширинден ширин жар ширин.
Катуудан катуу жокчулук катуу,
Оордон оор төрт түлүк мал оор.
Аяттын оозу кайсы? Түбү кайсы?
– Оозу бысмылда, Түбү аллоакбар.
Тарлыктын тарлыгы кайсы?
– Тарлыктын тарлыгы – өкүмү күч хандын асты.

Жердин ээси ким?
– Дөбө.
Суунун ээси ким?
– Булак.

– Кептин ээси ким?
– Кулак.
Жумшактын жумшагы эмне?
– Кебез.
Катуунун катуусу эмне?
– Таш.
Ачуу менен таттууну бирдей берген ким экен?
– Туз.
Суунун атасы ким?
Жолдун атасы ким?
Сөздүн атасы ким?
–Суу атасы – булак.
– Жол атасы – туяк.
–Сөз атасы – кулак.
–Жолдун атасы ким?
– Туяк.
Дүйнөдө ким берекелүү?
– Жер.
Эмне отсуз күйөт?
– Күн.
Кезектешип жарык берген эмне?
– Күн, Ай.
Асман, жерди бүркөгөн күңүрт нуру не болот?
– Булут.
Мээрими менен нур берип, жылытып турган не болот?
– Күн.
Дүйнөдө эмне күлүк?
– Ой.
Дүйнөдө эмне кызык?
–Турмуш.
Дүйнөдө эмне күлүк?
– Кыял. (Санаа).
Дүйнөдө эмне күчтүү?
– Илим.
Дүйнөдө эмне таттуу?

– Уйку.
Дүйнөдө баарынан эмне семиз?
– Баарынан семиз – жер.

Эмнеде каймак жок?
– Кара сууда каймак жок.
Эмнеде тамыр жок?
– Ташта тамыр жок.
Эмнеде көпүрө жок?
– Көлдө көпүрө жок.
Эмнеде тирөөч жок?
– Асманда тирөөч жок.
Эмнеде жан жок?
– Дөңгөчтө жан жок.
Эмнеде тил жок?
–Балыкта тил жок.
Эмнеде кан жок?
–Чөптө кан жок.
Эмнеде өт жок?
–Жылкыда өт жок.
Эмнеде сүт жок?
–Кушта сүт жок.
Эмнеде түк жок?
–Жыланда түк жок.
Эмнеде кыр жок?
–Кыңырыкта кыр жок.
Эмнеде сыр жок?
– Чыңырчакта сыр жок...
Аркайган кара тоо өлөбү?
– Бетин туман басканы.
Тийип турган күн өлөбү?
–Бетин булут чалганы.
Калдайган кара жер өлөбү?
–Кар астында калганы.
Аккан суу өлөбү?
– Муз астында калганы.

Чекилдектин түбүндө чекилдеткен ким экен?
–Ийикчи.
Асман менен жердин ортосу канча?
–Каш, кабак.
Төгөрөктүн түбүндө төкүлдөткөн ким экен?
– Кырманчы.
Ким сүйлөбөй окутат?
– Китеп.
Кара тоонун боорунда карап жаткан ким экен?
– Саятчы.
Кап оозу кийиз
Карга оозу мүйүз.
Кой баласы шишек,
Аны таппаган киши эшек.
– Кап оозу кийиз эмей эмне,
Карга оозу мүйүз эмей эмне,
Кой баласы шишек эмей эмне,
Аны таппаган киши эшек эмей эмне.
Муун-муун мундуз,
Муун ала кундуз,
Аба кийик териси,
Алты кочкор мүйүзү,
Кап оозу – кийиз,
Карга оозу – мүйүз
Кой баласы – шишек.
–Муун-муун мундуз
Мундуз эмей эмне?
Муун ала кундуз?
Кундуз эмей эмне?
Аба кийик териси
Териси эмей эмне?
Алты кочкор мүйүзү?
Мүйүзү эмей эмне?
Кап оозу – кийиз,
Кийиз эмей эмне?
Карга оозу – мүйүз

Мүйүз эмей эмне?
Кой баласы – шишек
Шишек эмей эмне?

–Ай аяктай болгону, ал эмине болучу?
Күн күрөктөй болгону, бул эмине болучу?
Тоо томуктай болгону, бул эмине болучу?
Сууң сукан тартканы, бул эмине болучу?
–Ай аяктай болгону, ай тийгени эмеспи,
Күн күрөктөй болгону, күн тийгени эмеспи.
Тоо томуктай болгону, күн жааганы эмеспи.
Сууң сукан тартканы, суу киргени эмеспи.
Асмандан бийик эмне?
–Асмандан бийик текебер.
Суудан терең эмне?
–Суудан терең – окуу
Октон күлүк эмне?
–Октон күлүк – санаа.
Уудан ачуу эмне?
–Уудан ачуу – жокчулук.
Кардан муздак эмне!?
–Кардан муздак – калган көңүл.
Оттон ысык эмне?
–Оттон ысык жан.
Казана деген эмне?
–Көпчүлүк калк.
Мүлк деген эмне?
–Кадыр-көңүлү калбаган сөөк.
Эр эгиз деген эмне?
–Бирин бири сыйлаган, эли-журтуна пайдасы тийген аял-эркек.
Эмгектүү жалгыз деген эмне?
– Бири-биринен ажырашып калган аял-эркек.

Канат эмнеден болот?
–Жакшы санаган ага-ини, сөөк-тамыр.

Манат эмнеден болот?
–Манат койдун жүнүнөн болот.
Санат кайдан чыгат?
– Нускалуу карыялардан чыгат.

Бир карыядан бир жигит суроо сурайт:
Экөө менен кандайсың?
–Экөө үчөө болду. *(Бутка таяк кошулганы).*
Алыс менен кандайсыз?
– Алыс дагы алыстан ары кетти – дейт.
*(Көзү көрбөй калганы).*
Жакын менен кандайсыз?
– Күндө үч убак карсылдашабыз.
*(Тиш менен жаактын тамак чайнаганы).*
Кабарчы менен кандайсыз? –
Нез кара болгон дарттайбыз?
*(Кулактын укпаганы).*

Жол узуну не болот?
Чөп узуну не болот?
Элдин чоңу ким болот?
Токтобостон агуучу,
Суунун чоңу не болот?
Оңой ушул нерсени,
Кана тапчы сен ойлоп?
–Жол узуну – кыя-адыр.
Чөп узуну – мыядыр,
Элдин чоңу – карыя,
Токтобостон агуучу
Суунун чоңу – дарыя.
Кана айтчы табышмак
Оозуң минтип жабылмак.
Долононун топ бутак,
Такылдаткан ким болду?
Эки жыгач боорунан
Эптей турган ким болду?

Жарты жыгач боорунан
Жарып алган ким болду?
Ак жамынчы жамынып,
Кериге чыккан ким болду?
Ала-Тоонун боорунан,
Ат ойноткон ким болду?
Кара-Тоонун боорунан,
Казан аскан ким болду?
–Долононун топ бутак,
Такылдаткан токмокчу,
Эки жыгач боорунан,
Эптей турган комузчу,
Карагай менен ыргайдын
Башын бууган түндүкчү.
Жарты жыгач боорунан
Жарып алган челекчи.
Ак жамынчы жамынып
Кериге чыккан жылкычы.
Ала-Тоонун бооруна,
Ат ойноткон мергенчи
Кара-Тоонун бооруна
Казан аскан саятчы.
Табышмагың таптымбы
Оозуңду жаптымбы?..

Сапар шаанын *(хандын)* элине айткан,
7 табышмагын кызы Анвар шаа тапкан экен.
Дүйнөдө ким күчтүү?
Дүйнөдө учкул кайсы?
Баатыр деген эмне?
Коркок деген эмне?
Жакшы деген эмне?
Жаман деген эмне?
Жаманга даба кайсы?

– Эл күчтүү, элди-журтту баш ийдирип турган падыша күчтүү.

Ой, санаа учкул.
Баатыр – жүрөктүү тайманбас адам.
Баатыр болмок жүрөктөн,
Балбан болмок билектен.
Эки көзү бар – сокур
Кулагы бар – дүлөй,
Тили бар – дудук, элге пайдасыз адам – коркок.
Даанышмандын булагынан суу ичкен,
Эл үчүн камкордук көргөн адам.

Өз башын көккө ыргытып мактанган, көйрөң, элди эмес өз жанын жакшы бакпаган адам. Жаманды алдап катарга кошуу, окутуу, тарбиялоо Ошондой болсо да эл оозунда «жаманга даба жок дейт».

Анвар шаага агасы Алхактын айткан табышмагы:

Он сегиз миң ааламдын энеси ким?
Эмчеги кайсы?
Он сегиз миң ааламдын атасы кайсы?
Ардагы кайсы?
–Он сегиз миң ааламдын энеси – жер.
Эмчеги – эл-журт.
Атасы – күн
Ардагы – суу.

Куу карагай башынан,
Куулап өткөн ким болду?
Жаш карагай башынан.
Жалап өткөн ким болду?
Жашты ууну аралап,
Сурап өткөн ким болду?
Кара-Тоонун боорунан,
Капталдай көчкөн ким болду?
Кара чоку башынан
Ат ойноткон ким болду?
Эки жыгач боорунан

Эптеп алган ким болду?
Жалгыз жыгач боорунан
Жамап алган ким болду?
Узун сая жыгачтын
Учун кескен ким болду?
Эки кырга конорбу,
Эмки айткан сөзүңдү
Эптебей тапсам болобу?
Жалгыз кырга конорбу?
Жаңкы айткан сөзүңдү
Жамабай тапсам болобу?
– Куу карагай башынан,
Сурап өткөн Алмамбет.
Кууну жашты аралап,
Жалап өткөн Алмамбет.
Жаш карагай башынан
Жашты кууну аралап,
Сурап өткөн Алмамбет
Кара-Тоонун боорунан,
Капталдай көчкөн жылкычы,
Кара чоку башынан
Жамап алган комузчу,
Акыны элем ырчынын
Ар жыйындын ичинде,
Сен өңдөнгөн балдарды
Албарсты баскандай кылчу элем,
Торусу элем жылкынын
Торгою элем ырчынын
Жээрдеси элем жылкынын...

Сөздүн башы эмне?
Суунун башы кайсы?
Жолдун башы эмне?

Күндүн батышы менен чыгышы нече күндүк жол?

Асман менен жердин ортосу нече күндүк жол?
Калп менен чындын ортосу нече күндүк жол?
–Сөздүн башы – кулак.
–Суунун башы – булак.
–Жолдун башы – кыя.

Күндүн чыгышы менен батышынын ортосу – бир күндүк жол, эртең менен чыгып, кечинде батат.

Асман менен жердин ортосу – каш менен кабактын ортосундай.

Калп менен чындын ортосу – төрт эли; көз менен көргөн чын, кулак менен уккан калп.

Төбөңдөгү төрт жылдыз,
Батар жери кайда экен?
Төрт авлия, бир азиз
Жатар жери кайда экен?
Пешенеңде беш жылдыз,
Батаар жери кайда экен?
Беш авлия, бир азиз,
Жатар жери кайда экен?
–Төбөңдөгү төрт жылдыз,
– Батар жери кыбыла,
Төрт авлия, бир азиз,
Жатар жери Медина.
Бешенеңде беш жылдыз,
Батар жери кыбыла.
Беш авлия бир азиз,
Жатар жери Медина.
Ташын алып салбаган
Сууда бүтүн бар бекен.
– Ысык-Көл.
Бооруна кетмен чаппаган,
Тоодо бүтүн бар бекен?
– Берик таш ата.

Темингисин тер кылбай,
Жорго минген бар бекен?

–Баба өмүр.
Эшик башы түргөндөн,
Эңип алган бар бекен?
Жылкы башы төргөндөн
Жылкы тийген бар бекен?
– Эр Манас.

**1–9 га чейин.**

*1 дегениң – Бир кудай.*
*2 дегениң – Эки адам жол жүрсө зерикпейт.*
*3 дегениң – Үлгүлүү топ бузулбайт.*
*4 дегениң – Төрөлүү журт азбайт.*
*5 дегениң – Белгилеген буюм жоголбойт.*
*6 дегениң – Аркандалган ат алыс кетпейт.*
*7 дегениң – Жетесиз жаман оңолбойт.*
*8 дегениң – Серкесиз кой суу кечпейт.*
*9 дегениң – Тойбогон бай томояктын аялынан үмүт кылат.*

# БАЛДАР ОЮНДАРЫ, КАЛПТАР, МАКАЛ-ЛАКАПТАР

## IV. БАЛДАР ОЮНДАРЫ

### ХАН – ВАЗИР

Бул оюнду жаш балдар да, чоңдор да ойношот. Оюн башталарда тегерек тартып отурушат. Оюнга төрттөн адам катышат: 5, 6, 7, 10 болушу мүмкүн. Үч киши катышса, оюн болбой калат. Себеби чүкөнү өкчөгөндө айкүр (алчы) консо, хан болот. Таа консо вазир болот. Чик консо, ууру болот. Бөк консо сопу болот. Эгерде үч киши ойносо, бирөө ар дайым ууру боло берип, оюндун кызыгы кетип калат. Ошондуктан көбүрөөк киши ойносо, кызыктуу болот.

Адетте чүкө айкүр, таа аз конот. Ошого карап хан, вазир жай алмашат.

Оюндун шарты боюнча биринчи хан шайланышы керек. Чүкө айкүр турмайынча катары менен өкчөй беришет. Качан айкүр конгондо өкчөгөн киши хан болот да, чүкөнү өкчөөдөн калат. Анын чүкөгө кол тийгизүүгө акысы жок. Ага кол тийгизсе, жыдып калат да хандыктан түшөт. Хан шайлангандан кийин таа тургузган киши вазир болот. Ошондон кийин оюн жандуу боло баштайт. Анткени, андан кийин өкчөгөн кишинин чүкөсү чик болсо, дароо вазир: «Ууру кармадым» деп, кармап келет да, ханга кайрылат.

– Ханым, дат? – дейт вазир.

– Дартың болсо айт! – дейт хан.

– Ууру кармадым.

– Эмнеңди уурдаптыр?

Вазир: – Үч же беш коюмду уурдады – дейт. Же каалаган буюмдарын, малдарын айта берет. Бирок мында оюндун башында ойногондор тарабынан макулдашылган санды тактап айтканда, жуп санды же так санды гана айтыш керек. Эгерде жуп санды айтууга макулдашып, так санды айтса (мисалы: 2, 4, 6, 8, дегендин ордуна 1, 3, 5, 7, деп алса) жаңылган катары түшүп калат. Вазир ууруну кармаганда 3 коюмду же 5 коюмду уурдаттым дейт. Эгер ал айтпайбыз деген (4, 6) санды айтып алса, түшөт.

Ал эми хан кескенди жаңылып айтпайбыз деген жуп сандын эсебинде кессе (мисалы: 4 билек (шап) ал десе) хан дагы түшүп калат.

Катары менен өлчөлүп жаткан чүкө айкүр же таа турса, вазир которулат. Эгерде чүкө оңко турса, оюн бузулат. Кайта башынан ойнолот. Оюн кызыктуу болсун үчүн, хан кармалган ууруларга ар түрдүү кесет. Мисалы: беш билек ал, беш укуй ал, беш төөматек, ж. б. Оюн ушул сыяктуу улана берет.

## БАТ АЙТУУ

Бала колунун бармактарын бирден жумуп:

– Баш-бармак, бадал жүрөк,

Ортон оймок,

Оюу-чиймек.

– Чыйп чыпалак – чычайган арам тамак! – деп, так обон менен ырдап ойнойт.

## КОЛ ЖАШЫРМАЙ

Аты жокту башкалардан ажырата билүү үчүн жашырмай оюну ойнолот. Бир бала колдун ар бирин орун алмаштырып, экинчи колу менен баштарын би-

риктире кармайт да: – «Тап, тапкыч» – деп, экинчи балага колунун башын көргөзөт. Экинчи аты жокту тапса тапты, таппаса кайрадан биринчи бала жашырат. Эгер тапса, экинчи бала аты жогун жашырат.

## БҮРКҮТТҮН ТУМШУГУ

Эки бала ар бири сөөмөй менен бармактарын тийиштирип, бүркүттүн тумшугуна окшоштурат. Анан биринчиси-экинчисинин колунун сыртынан оорутпай чымчып:

– Менин бүркүтүм бийик учат – дейт.

Экинчиси колун бошотуп, биринчисинин колунун сыртынан оорутпай чымчыйт да:

– Менин бүркүтүм бийик учат – дейт.

Ушинтип кайталанып, балдардын бою жетпей калгандай бийиктикке чейин жеткирилет да, оюн кайрадан башталат.

## ЧАБАЛЕКЕЙ (ЧААП) ОЙНОО

Колго кармала турган жоондуктагы жыгачтан (узундугу 60 см 1 метрге чейин болгон) чабалекей жасайт. Анын баш жагына балек токтой турган орун жасайт. (Балек 15–20 см узундуктагы жоондугу сөөмөйдөй болгон жыгач). Чабалекейдин баш жагына балекти коюп, көтөрүп ыргытып чабат. Андан мурда чабалекей ойногон балдар экиге бөлүнөт да чабалекейди туттум кармашат, «туттум» деген ойногон бала колу менен жыгачты кармайт, экинчиси андан кийин кармайт. Ошентип экөө алмак-салмак кармап отуруп ким жыгачтын башына мурда чыкса (кармаган жыгачтын) ошол чабалекейди мурда чабат. Оюндун шарты боюнча эки жак белгилүү санды «тай» катарында эсептейт. Мисалы 100 же 200 «тайды» ким мурда бүтсө, ошол уткан болот.

«Тайды» утуп алуу шарттары төмөнкүчө: Чабалекей чапканда балек элүү, жүз метр алыс барып түшөт. Аны тосуп албаса, кайта чапкан жакка ыргытат. Чабалекей чаап жаткан бала тосуп туруп кайта чабат. Тийсе да, тийбесе да маарага чейин (оюндун борбору) чабалекей менен санап келет? Ошентип оюн улана берет. Чапкан мезгилде балекти тосуп алса, же кайра ыргытканда дал маарага келип түшсө, экинчи жаак чаап, мурдагы чаап жаткандар тосуп алат. Ошентип отуруп кимдин «тайы» белгиленген санга мурда жетсе, ошол уткан болот.

Уткан жак утулган жагын «чымылдатат». Мунун шарттары: Уткан бала чабалекей менен балекти иликтейт. Ал канча жолу иликтесе ошончо жолу (мисалы: 2–3–4) чабалекейди улап чабат. Башкача айтканда 100 же 300 метрге чейин кээде андан алыс барат. Ошол балек барган жерден утулган бала чымылдайт. Анын тексти:

Ак бай, ток бай,
Кара менде кашка тай
Кулду-кулду-кулду бай
Куруп калган санды бай
Акалекей, чабалекей
Чым м... м... деп чуркайт.

«Чымылдаган» бала дем албоо керек. Дем алса ошол жерден кайра чаап узартат. Акыры «чымылдап» отуруп маарага жеткенде кутулат. Чымылдап маарага жете албаса, уткан баланы көтөрүп маарага алып келет. Уткан бала көтөрүп келатканда ха... хи... чү... деп мазактап ойноп күлүп келет.

## БӨРҮ – КОЙ

Түндө бир топ балдар жайдын күнү чогулушуп алышып, эки жаат болушуп, бир тарабы сырткы

кийимдерин чечишип кой кылып жайып ташташат да, кой кайтарган болушат. Экинчи тараптагы балдар бүт карышкыр болушуп, жайып ташталган кийимдерди бирден келип, ала качышат. Койдун ээлери карышкырларды жабыла кууп токмоктойт да кармап алышат. Бирден кармалып олтуруп, бүт колго алынса, алар кой ээси болушуп, кийимдерин кой кылып, жайып, беркилер карышкыр болушат.

## ОРОМПОЙ

Балдар тепе-тең экиге бөлүнүшөт. Биринчи тараптан бир бала качат, берки жааттын бир баласы оң бутун көтөрүп, алып сороктоп кууйт. Жерди тегерете чийип, белгилеп коюлган болот. Бир тепкенде ал бала тышка чыгат, аны үркүнчөөк байтал дейт. Ошо жааттын дагы бир баласы түшөт. Кууп жүргөн баланын буту жерге тийсе, ал баланын оюну жыдып, калган жолдошторунан бир бала ордун алат. Бир тараптын балдары кууп жүрүп, үч баланы тепсе уткан болот. Кезектешишет. Уттурган жактын баласы качат. Уткан жаак кууйт да кармап, минип келет.

## ШАБИЕТ

Балдар тепе-тең эки жаат болушат да чөп жашырышат. Бир тарабы бүт чийиндин ичине кирип, төрт аяктап турушат, берки жааттын балдары бүт бойдон сабап чыгып турушат, чектин ичиндеги балдардын бирөө эле бир баланы тебе алса, уткан болот да, уттургандар ичке киришет.

## АКСАК КЕМПИР БАПАЛАК

Түндө бир топ балдар чогулат. Бир бала тебетейтонун аңтара кийип ар кандай сөздөрдү айтып, төрт

аяктап басып балдарды кубалайт. Балдар качып, тебетей жана башка нерселер менен урушат.

## КООН ҮЗМӨЙ

Түндө балдар эки жаат болуп, бир тарабы кучакташып чубаша отурушат. Турган балдардын бир баласы келип, олтурган балдарды бир баштан тартат. Бирөөн үзүп кетсе да калгандарын тартат. Тарта албай калса, тигилер тартат.

## БӨРҮ САЛМАЙ

Жайдын бир күнү бир топ балдар тайларын минишип келишет да камчыларын теңештирип, камчысы кыска болгону тебетейин жерге таштайт да, аны кайтарып турган болот. Бардык балдар тебетейин камчылары менен чабышат. Тебетейдин ээси аларды кубалайт, бирөөн кармаган болсо, ал баланын тебетейи ташталып, оюнду уланта беришет.

## ЧӨӨ БӨРҮМ

Түндө бир топ балдар чогулат. Бир бала бети-көзүн боеп, эки тебетейди мүйүз кылып, жаагын таңып, тонун да аңтара кийип, балдарды кубалайт.

Чөө бөрүм нары кач,
Чөндөлөйүм бери кач! деп балдар алышат.

## УРУШМАЙ

Ойноочулар эки тарапка бөлүнүп, эки тараптын да башчылары болот. Анан бир баланы четке каратып, эки колун жогору көтөртүп коюшат. Ал кайсы колун мурун түшүрсө, ошол тарап жатышат. Каршы тарап аларды урушат. Эгерде отургандардын бирөө

урган адамды тээп койсо, алар жатышат. Ошентип ойной беришет.

## ЧИКЕЛЕК ОЮНУ

Мында да эки тарап болушат. Бир нерсени алып, эки тараптын башчылары ат кармашат. Кимиси үстүнө чыкса, ошол чикелекти чабат. Чикелек үчүн бир метрдей, таякты алып, бир жак узун азыраак жалпак кылышат. Ошол чикелектин жалпак учун бир карыштай баллекти коюп, аны секиртип уруп жиберет. Оюндун башында бир нече кадамды шерт (маара) кылып коюшкан болот. Баллекти урганда ким ошо урулган баллекти кармап алса, же урган жерге таштап, коюлган чикелекке тийгизсе, ошол тарап чикелекти кезектешип ура баштайт.

## КУР ЖООЛУК ТАШТАМАЙ

Канча болсо да балдар тегеректеп олтурушат. Бир баланы чыгарып, курду эшип колуна берет. Ал бала курду алып балдарды айланып, бирөөнүн артына курду таштайт. Эгерде ал бала билип калса, дароо курду алып, кур таштаган баланы ура берет, ал чуркап анын ордуна келгенче. Эгерде билбей калса, кур таштаган бала аны ордуна кайра келгенче ура берет. Бирөө курду алып, аны кууп ордуна келип олтурганча, оюн улана берет.

## ЧҮКӨ САЛМАЙ

Эки бала койдун эки чүкөсүн алат да кармайт. Ар ким өз чүкөсүн билет. Алчы чигени жейт, таба бөгөнү жейт. Ошентип ойной берет. Ким «жесе», ошол жеген, чүкөнү ала берет.

## ЧҮКӨ ӨКЧӨМӨЙ

Эки бала эки чүкөнү алып, бирден өкчөйт. Кимдин чүкөсү консо, (бири бөгө, бири чиге түшсө) алып бекитет. Алып кармаган чүкөлөрү айрым болуп түшөт. Ал кармаган бала ошол, айрым түшкөн чүкөлөрдүн кандайын кааласа, экинчи балага тап деп айтат. Ал эки чүкөнү алып кармай баштайт. Мурунку баланын айтканын тапса, алат. Алдыңкы баланын айтканын (эки чүкөнүн биринин түшкөнүн) тапса, да алат. Таба албаса, мурунку бала алат. Алган бала эки чүкөнү да алат. Ошентип ойной берет.

## КАЛ (ТАЗ) ЭЧКИ ЧАПТЫ

Жерден чуңкур казышып, үй жасап, ал үйгө бирден бала таяктын учун чуңкурга сайып турат. Үйлөрдүн ортосунда ордосу болот. Аны да казып коет. Андан көр сайды деп, көздөрүн жуумп, ордого сайышат. Ким сая албай калса, эчки деп, бир тоголок ташты ордого айдап келет. Башкалар киргизбей тоскоолдук кылып айдап турушат. Ошентип ташты айдап келген бала үйдөгү балдар тоскоолдук кылып турганда анын үйүнө мурда сайып алса, ал үйдү тартып алып, ал балага ошол үйдү кайтарып турган бала эчки айдашат. Ошентип олтуруп ордого акыры бирөө киргизет. Анда «бай көчтү» деп биринин үйүнө бири келип кирет. Ким үй таппай калганы эчки айдайт. Бул оюнда балдардын санына бир үй кем болот.

## АК СӨӨЛМӨК, (АК ЧӨЛМӨК)

Айлуу түндө балдар эки тарап болуп, бир жерди белгилеп бир нерсе коет. (Таш, чапан) ж. б. Андан бир тарап бир карыштай жыгачты (ак сөөлмөк) алып, ыргытып жиберет. Аны издеп таап алып кайсы тарап

болсо да, колунан тарттырбай алып келип таштаса, бир оюн алган болуп эсептелет. Ошентип ойной берет. Ким паттеге (белгиленген жерге) таштаса, ошол тарапты көп таштаганы эшек кылып минет. Ак сөөлмөктү ыргытып, ошого жеткиче айдай берет. (Минип барат).

## УЮМ ТУУДУ

Адам башына бештен чуңкур жасап, ар чуңкурга бештен коргол салат. Анан корголду бирден алат, ким эң кийин алса, ошол жүрөт. Жүргөн адам беш корголду алып, өзүнүкүнөн баштап, бир-бирден салып чыгат. Төрт корголдун бирин «Уюм тууду» деп алат. Анан экинчи адам (коргол салган) корголдун башынан жүрөт. Анын биринчи чуңкурунда беш болгондуктан уюн туубайт. Анан дагы экинчиси жүрөт. Ошентип жүргөндө төртөө болсо, ую туйт. Эгерде арасында бир бош чуңкур болсо, анын жанындагы чуңкурдагы корголдун бардыгын алат. Ошентип ойной берет. Ким көп утуп алса, ошол жеңет.

## КӨЗ ТАҢМАЙ

Көз таңмай деген оюн ашта, тойдо жана келин алуу бала олтургузуу чоң жоро, шеринелерде, бала төрөлгөндө болот. Ал көз таңмайга ар бир талаптуу киши чыгат. Мен чыгам деген кишинин көзүн баякы калыс кишилерден келип, байлап бул урук элдин кишисинин көзүн башка бир уруктан чыккан калыс киши жоолук менен жылчыксыз байлайт. Алардын көзү байлана электе элдин орто жерине узун таяктын учуна жоолук байлап жерге бекем сайып койгонун көрсөтөт. Анын байгесин жарчылар мурда угузган болот. Көзү таңылган кишилерди жанакы таякты таап ал деп туш тараптан барып тең кое берет.

Мында карап олтурган көпчүлүк элге күлкү пайда болот. Анткени баякы кишилер ар бир жакка темселеп кулачып жайып баса берет. Кээ бир кыраакы сымал кишилер таякты бет ала басканда анын эли «Кургурум – эми түз баскай элең» деген сөзгө келет. Бирок кишинин атын айтып катуу үн чыгарыш элдин калоосунда болбогон үчүн өз ара гана акырын сүйлөп олтурушат. Баякы таякты көздөй бараткан киши өтүп кеттимби деген ой менен кайра тартып же башка жагын көздөй бурулганда эл күлүп калат. Башка бир кишилер бирден басып олтуруп, олтурган элди карай келатканында болот. Кай бирлери элден озалбай тегеренип жүрө берет. Бул ортодогу көзү таңылган 20–30 кишинин ар биринин ар бир жакта жүргөндөгү борумун көрүп эл күлө берет. Кайсы бирлери кулачын жайып баратып бирине бири урунуп алып, чочуп кетип экөө эки жакка жалт берип кетишет. Анда дагы күлкү кай бирлери бирин-бири кучактап калат. Эгер арык же ийиндүү жерлери дуушар болгондору көмөлөнүп кетет. Анда бир амал болот бир киши таякты көздөй түз баратса анын өз тарабынан бирөөнү белгилүү киши арка жактагы күлүк аттарды бастырып турган балдарда чакырган болуп катуу үнү менен бери эле түз бастырып кел деп артын карап кыйкырат. Ошонун үнүн болжоп баякы киши таякты таап алышы мүмкүн. Бирок андай амалдар мурун эле макулдашып алгандыгы белгилүү.

## АРКАН ТАРТЫШУУ

Аркан тартышуу дагы аш той жана келин алуу бала олтургузуу чоң шерине, чоң үлүштөрдө, бала төрөлгөн тойдо ойнолот. Аркан тартышуунун тартиби; аркан тартышууга абдан балбан жана салмактуу киши чыгат. Алардын дагы шымдан башка кийими

болбойт. Мойнуна гана бир калпак коюп коёт. Аркандын эки учун туюктап түйүп коюп, эки кишинин мойнуна туюк жагынан илип, боорунан алып барып эки бутунун ортосунан чыгарып кежигесине калпактын үстүнө арканды илет. Элүү саржан жерди теңдеп туруп ортосунан чек кылып туура чийип коет. Бул эки балбан моюндарын жикирейтип белин дүмдүйтүп, жыңайлак буттун бармагын жерге сайылтып, эки колдоп чөптү жер болсо чөптү мычкып чөп жулунуп кетсе жерди тырмап, алынын бардыгынча тырмышып, айласы келсе жерге жабышып калчудай чектен чыгып кетпестин айласын кылат. А эгерде жигит бутун бир тайдырып жерден козгоп алса, токтотпой сүйрөп кетүүнүн аракетин кылат. Сүйрөтүп жиберген балбандын жылып бараткан түрү – тумшугун жашырган кашкулактын көрүнүшүндөй болуп колу-буту биригип бооруна чогулуп түйүнчүктөй болуп баратканын көрөсүң. Ошол учурларда сүйрөп бараткан балбандын тарабы «тарта көр эле, тарта көр» деп чуулдашат. Сүйрөткөн балбан өтө көп жерге сүйрөтпөс үчүн боюнун салмагын салса дагы эки колу арканда болот. (Чектен алыстап кете электе мойнумдан арканды чыгарып жиберсем деген ой менен). Анын өз тарабы дагы жымжырт болуп ызалангансып калат.

## ОРДО

Жородо, шеринеде, жай учурларда тамаша кылуу үчүн утушуу үчүн ойнолот. Ордонун тартиби жеке оюндардын түрү төмөнкүлөрдөй болот. Эки болуштан же эки селсоветтен же эки колхоздон эки киши ордо атышалы деп убада кылат. Анда кайсы жерге атышарын эмне байге саярын канчадан киши болорун. Маселен 2 болуш беттешип калса, бул болушта үч күн тигил болушта үч күн конок алышып турмак

болушат. Байгеси ат же согум бээ дешет 25тен 50 киши атышабыз деп 2ден 4 калыс алып чүкө жыйууга 3 киши бардыгы 30 кишини милдеттүү конок деп атына чөп, жем даярлап коет. Болжолдуу жерге барганда 30 же 35 таман болсун деп борбор менен бир жак чийиндин арасын болжоп, ордонун өйүзбүйүзү 70 таман болот. 4 калыс бир жерде отурат. Ойун санап жана жыдып калгандарды билүү үчүн алардын колуна 25 кишини 3төн оюну 75 ташты берип коет. Бул тараптан жыдыган оюн үчүн тигил тарапка бир таш берип турат. Бир кишиге 5 чүкөнү салып 3 оюн атасың дейт. 249 чүкөнү борборго кандын тегерегине тийиштирип бөгөсүнөн тизип коет. Кан деп он тыйындык күмүштү же мүйүз, же сөөктөн тыйын барабарында кылып жасап туруп ошого ченеп оюн салып коет. Кан эки оюн үчүн жүрүүгө акылуу болот. Канды тооруп албайт. Олтуруп чүкө чертип жаткан бойдон чертпей ордунан туруп кайра олтуруп анан кан чертет. Бир тарап канды жалгыз гана кошпой алса киши башына бирден оюн атат. Кандын бу калыпкы жана көлөмү 10 тыйындык күмүштөн ашык болбойт. Ордо тизип болгондон кийин калыстан чийден же жыгачтан 2 сөөм 2 эли кылып кесип ордого таштап коет. Ал абалак менен же томпой менен чүкөгө салганда жетип калса олтуруп чертүүгө болот. Жетпей калса абалак томпойун алып кайра атат. Бул эрежелерин бүткөндөн кийин 2 тарап 2 сол чүкөнү ат калчашат. Аты конгон тарап мурда ата баштайт. Ордо бузмачы аткычтар алды менен атып чүкөнү ордонун бетине чачыратып жиберет. Балким чүкөлөрдөн наркы чийинден чыгып кетсе кайра дагы бир жак четинен чийинди басып туруп алат. Чүкө чыкпай калса бир оюну өлгөн болот 2 оюну калат. Чачыраган чүкөлөрдөн чийинге жакын бир метр же жарым метр, же карыш жаткан чүкөнү чертмекчилер кадай баштайт. Чийинди басып туруп

кадаганда чүкөсү чыгып кетип, абалагы чүкөлөрдү аралап барып жатып калса баякы калыс жыгачты салып көрөт, жетип калса оң жак тизесин бүгүп көчүгүнө баскандай болуп, сол жак бутун тамандап жерди басып туруп, абалакты алып черте берет. Эгер чертип жатканда же тим турганда оозу мурдунан суу жерге тамса жыдып калат. Абалкы отурушта бир гана чүкө чертип кайра турат. Кайра олтурушта бир канча чертип туруууга эриктүү болот. Чүкө чертүүгө олтурганда жерди басып турган бутунун тумшугу жаткан чүкөлөрдүн сырт жагын караш керек. Бүктөп олтурган бутунун таман жак тумшугу дагы чачырап жаткан чүкөлөрдүн сырт жагын караш керек. Бүктөп отурган бутунун жерде тамандап олтурган, же бүктөп отурган буттарынан биринин тумшугу жаткан чүкөлөрдү бычактын мизинчелик же андан көбүрөөк аралашкандай болуп көрүнсө жыдып калат. Эгер жыдыганыбыз жок деп бу тарап чыр кылса буттун учуна такай бычак сайып коюп калыстар сындап көрөт. Бычактын мизинчелик эки чүкөнүн шаңына илинсе жыдып калат. Ар бир аткычтар бирден жаткан чүкөнү 10–15ин бир ойноо менен атып кетет. Чертмекчилер кырсыктабай чертсе 20–3Одун учу чүкөнү чертип кетет. Бир тарабы чүкөнү көп алып бир тарабы аз алып калса, аз алган жак бир кишиге 3төн чүкө салып 2 оюндан атат. Чукун деп бир гана атканда айтат. Ордодо кадамакчы, торомокчу, атмакчы ордо бузду дегендер болот. Булар туруп жүрүп ата тургандар. Чертмекчи деген чачылып жаткан чүкөнү сыңар тизелеп олтуруп чертип чыккандарды айтат. Чүкөнү каны менен такыр алып бир тарабы куру кол калса баякыдай кылып тизип берет. Алдырак тарап катуу чымырканып ызалангандай болуп эң бир кылдаттык менен таамайлап атышат. Ордо жакшы бузулуп чүкө бир өңчөй чачылып кадамак турмак жакын барып калса чертмекчилер ичке көп түшсө

чүкөнү каны менен такыр алып кетсе, тиги тарапка байге бербей жандырып кетет. Такыр ала албаса уттурган болот. Ошонтип бир тарапка 3төн конуп 6 күнгө чейин эрегишип ордо ата беришет. Бирок тарап кетүү алдырган жактын эркинде болот мындай чоң мөрөйлөрдү шыктуу гана жак бир күндө 4–5 утуп кетүүгө болот өтө кыйын чертмекчи атмакчыларды жаңылап оюнга ала берүүгө болот.

Кадамчы деген чийимди сол буту менен басып туруп эңкейип алып атып жиберет. Торумакчылар сол буту менен чийинди басып туруп сол колун сыртына карай чабылта оройуп, оң бутун сол бутунун шыйрагына чалып туруп чүкөнү өзүнүн сол жак сыртын көздөй абалакты же томпойду чимирип жиберип кайрасынан чийинден чыгарып абалагын ордонун ичиндеги чүкөнү аралатып жиберет. Баякы калыс жыгач чүкө менен абалака жетип калса кадимкидей олтуруп черте берет. Балким ордо бузуп жүргөндө да ичте калып черте берет. Анан бир сөз ордочунун жыдыгандары чүкө чыгарып жүргөн киши же анын жолдоштору ордого чүкөнү борбор жагынан өтүп кетип чүкө чийин жагында калса жыдып калат. Чүкө чыгарып атып же чертип жүргөндө колунан же оозу мурдунан бир нерсе ордого түшүп кетсе жыдыйт. Аткан черткен чүкөлөр чыгып баратып өз тарабына тийип кайра ордонун ичине түшсө жыдып калат. Кыскача ордонун шарты ушулар болуп саналат.

## УПАЙ

Упайды эки киши же төрт, же алты эң көп болсо он кишиге чейин эки жаат болуп гана ойнойт. Упайдын байгесин ойногон кишилер өздөрү сайышып ойнойт. Эгерде эки район же эки селсовет эл ордо, тогуз коргоол, упай, чакмак баарын ойноп мелдешели дешсе байгеси ошол тарабынан сайылат. Упай

ойноонун тартиби, упай деген оюндун түрү мындай болот. Упайдагы эки дубан же эки болуш, же эки айыл, же эки эле кишиден ойноло берет. Эгерде эки дубан болсо үчтөн же экиден киши чыгарып кыйын упайчылардан алып чыгат. Булардын байгеси да ат же андан чоң, же аз болсун айтушууна жараша болот. Упайда үйдүн ичине катуу калың жаңы кийизден салат көлөмү болсо чарчысы 4 же 5 метр жерге, ал кийизди тегеректеп оюнчулар жана эл олтурат. Бир белгилүү чоң чүкө же саканы кан деп коет. Оюнчулар экиден төрт же үчтөн алты киши болсун чүкөнү үчтөн бир басым деп бардыгы 30 же 40, же 50 басым чүкөнү дандуулап санап коет. Эки тараптан ат калчашат дагы кайсы аты конгон жак мурда калчайт. Кан башка чүкөлөрдөн обочо тиштебей жатса кан жаткандай бүгө болсо, бүгө, чиге болсо чиге, алчы болсо алчы, таа болсо таа чүкө менен атат. Аткан чүкөсү кандан башка чүкөгө тийбей барып канга тийсе канды алып жалгыз коет. Канды аткан чүкөнү үч чүкө атмайынча атпайт. Чүкөнү атканда сөөмөйдүн учу менен гана атат, алганда дагы бармак сөөмөй менен алат. Кокус алып баратканда чүкөсү колунан түшүп кетсе жыдып калат. Чүкөнү үчтөн гана басат. Андан ашып кетсе жыдып калат. Бүгө чүкөнүн үстүндө бир чүкө чигесинен жатса ал экөө атылбайт. Аткан чүкө башка чүкөгө тийип калса жыдыйт. Маселен кырк басым чүкө болсо кырк басым атып алса ажыраткан болуп эсептелет. Андан кем атып жыдып калса аткан чүкөнү кайра чүкөгө кошуп коет. Жана жыдыгандын өнөгү калчайт. Алардагы жыдып калса тиги тарапка берет. Ал учурдагы ажыратып кеталбаса биринен сала бири калчап олтуруп бир киши кырк бир басым алып кетсе ээ, бул ажыратып кетти деп камынат. Калган чүкөнү дагы кыркасы менен калчап бир басым эки басым атып алса дагы чүкөсүнө кошуп ала берет. Чүкөнүн көп бөлүгүн. бир тарап алып кетсе,

аз чүкө калган тараптын колундагы чүкөгө жараша он басым бий, беш басым бий турушуна ылайык чүкө кошуп, ашык чүкөсүн катып алдык деп оюнга салбай алып коет. Бул сапар мурун калчоодо канды алган жак мурун калчайт. Алар маселен он басымдан жыйырма басым чүкө калчалып жатса он бир басымын каны менен алса ажыратат. Бул үчөө ажырата албай калса берки тарапка берет. Булар чүкөнү каны менен такыр алып кетсе тигилер жаңкы кыдык алып калган чүкөсүн кайра кошот. Булар канды баштап 20 басымда алып кетсе аларда колундагы 20 басымды бүт кошот. Кан алган мурда калчап бүл чүкөнүн барын көбүн атып алса, калчап бир басым же андан көбүрөөк чүкөнү булар алып койсо баякыдай аз чүкөгө жараша чүкө кошуп ойной беришет. Үч эле чүкө алган болсо, канынан башка үч гана чүкө кошуп алты чүкө бир кан жетөөнү эле калчайт. Бул жети чүкөнү бир киши гана бүт атып алуу керек. Мурункудай эле абал мурда канда жалгыз атып жалгыз басып туруп алты чүкөнү үчтөн эки басып бир эле киши алат. Чүкөсү көп жак алып кетсе, беркилер куру кол калып, уттурган болот. Бирок кайра салып бермей бар дешип убада кылса алдырды деген жак калчап кырк бир басым алса жандырып кеткен болот. 41 басым алалбаса абыдан уттурган болот. Кайра салып бермей жок болот. Упайдын жыдый боло турган иштери мындай болот. Бүгө менен чигени атса, алчы менен тааны атса, атууга ык кылган чүкөсүнүн жанындагы тийишип турган чүкө кыймылдап же билер билбес шек берип солк эткендей болуп калса, же огу менен аткан чүкөсү учкашып калса, же тийишип катып аларда кыймылдап бирер шек берсе, же огун таанытбай аткан чүкөм деп жаңылыш алса, же бир чүкөнү атайылап кол сунуп баратып айнып башка чүкөгө бурулса атып алган чүкөсүн алам деп колунан түшүрүп жиберсе жаткан чүкөлөрдү басып

алып, же тийип алып козгоп койсо же үч чүкөдөн ашык, же кем болсо жана башкача кокустар менен ооз-мурдунан түкүрүк, насыбайга окшогондор чүкөгө тамса, же жолдошунан ушундай кырсыктар болсо ушулардын бары жыдыды деп эсептелет.

## ЧАКМАК

Чакмакты эки же төрт, же андан арбын кишилер болуп эки тарап болуп чакмак алышат. Чакмакка киши башына бештен же ондон таш, же чүкөдөн алышат эгер өтө чакмакчылар болсо байге сайып ойношот.

Берчиликтин же шооктун ойну болот. Чакмак алышуунун тартиби: чакмак деген оюндун түрү мындай болот. Бештен он киши же үчтөн алты киши эки жаат болуп чакмак алууга мелдешип ар бир оюн сайын бир койдон же андан азыраактан байге сайып беттешет. Бул кишилер эки айылдан же эки топтон же бир айылдан болсун бирден эки эле чакмак алышуга болот. Киши башына 10, 15, 20 таштан ээлешет. Таш деп чүкөдөн алганын айтат, Чоң эмес кичине эмес орто чүкөнүн томологурагынан алышат. Абал мурда ченешип көрүшөт. Ченешмей деп колундагы он беш ташты алаканын өөйдө карата өкчөп жиберип колунун сырты менен тосуп калат. Таштын баары же көпчүлүгү колунун сыртына токтоп калат. Аны кайра өөдө экчеп жиберип колун таштын үстүнө имерилтип барып уучтап калат. Ал таштардан уучтатпай бирде бири ыргып кетсе колундагы калган ташты гана эсепке алат. Жана бири ошондой чегип көрүп, мунун ташы арбын болуп калса экөөнүн ташын чогултуп алып, бул киши чакмак алмак болот. Эки колун жанаша тосуп туруп жаңкыдай эле чегет. Колунун сыртына 7, 5, 4 чүкө токтоп калат аны азырактан токтотуп калыш чакмакка устачылыгы

болот. Себеби жерден чачыранды жаткан таштарды ошол тобундагы ташка карай тартат эмеспи. Учунда беш таш болсо жерден дагы беш ташты тартып келиш керек. Маселен, колуна бир ташты огум деп кармап туруп бир жарым же эки метр жогору ыргытып жиберип ошол огу кайра келгенче жерден беш ташты ар кай жерден жыйнап уучуна алып жогортон келаткан огун тосуп беш таш менен бирге кармап келип беш ташты жерге коюп, баякы огун дагы ыргытып, жанакыдай кылып олтуруп жерде калган чүкө бешке жетпесе тим гана чогултуп алып, бул сапар бу ташты музоом деп алып коет. Анын жанында музоо кайтарып олтурган кишиси болот. Кайра дагы чегин баякыдай жол менен алат, бирок колдун сыртында канча таш токтоп калса, ошончо чүкөнү жерден алып туруу керек болот. Ыргыткан огун кармай албай калса жыдып калат. Эгер жерден төрт таш алмак болсо бир жерде чогуусу менен чокмороктошуп 8,9 чүкө жатса огун үч ыргытым менен топ чүкөнүн улам бир экиден колдун учу менен бери томолотуп жатып бешөө болгондо алып кетет. Огун үч ыргытканда кармабай гана алаканы менен кайра кагып жиберип турат. Бирок ок жай келсин деп эки, үч метр алыс кагат. Ал өтө адистик менен какпаса, ок башка жакка кетип калат. Чакмактын жыдый боло турган жерлери: огун кармай албай калса, жерден тартуучу ташты артык же кем тартса, топту таштын четинен илип тартуучу таштан башкасына колун тийгизип алса жыдып калат. Жана жердеги чачылып жаткан таштарга тийип калса дагы жыдыйт. Ар бир ченеп алган сайын бирден ташты музоо кылып олтуруп тиги тараптан арбын музоо ашык алса эле уткан болот. Чакмакты бири жыдыганда бири алып кезек менен ойношот. Экиден, үчтөн болуп жаат болуп ойносо бир жаат алып бүткөндө тиги жаат ойнойт.

## ОРОМПОЙ

Оромпойду боз балдар, жигиттер бештен же андан көп киши болуп эки тарап болуп оромпой тебет. Тийирип салган кишилер оюндан калып олтуруп бир жааты утат. Оромпойдун тартиби: оромпой тебиш деген оюндун түрү мындай болот. Балдар 10, 15тен болуп эки жаат болуп бөлүнүп алат. Бөлүнөрдө эки тараптан эки бала ак сакал болуп чыгып бирден баланы кезек менен тандап алып туруп балдардын барынча бөлүп алышат. Баякы башлык болгон эки бала чөп жашырат, чөп жашырган мындай болот, элден обочорок туруп чөптү үзүп алып, эки алаканына салып оозуна сала койгон болуп, эки колунун бирине жабыштыра коюп, колун жумуп калат. Берки бала барып өзүнүн эки кулагын чукугансып туруп, тигинин бир колун ачып чөптү таап алат да тигилерди баскыла жүккө киргиле деп айдайт. Жарчысы 6, 7 че саржан жерге тегерете короо шекилдүү тегерек тизип койгон балдардын кийимдерин айтат. Оюндун тартиби боюнча тигилер чөптүн ичине кирип, бир бутун бүктөп алып бир буту менен соконддоп оромпой тээп жүрө берет. Тиги тарап качырып кирип буларды жаакка, куйрукка, капталга кайсы туш келген жерине алакан менен тартып жиберип качып берет. Аны кубалап, оромпойчолдор жетип тээп калса, тигилерди чөпкө жерине кууп барып салышат. Жанакыдай алар дагы аксаңдап жүрө берет. Кайсы бир учкаяк күлүк балдар оромпойчондорду бөйдө чапдай деп туш тарабынан качырып кирип, алдастатып көп уруп кетишет. Буларды жыдып калмайы эле оромпойчоңго тептирип салганы болот. Оромпой тээп жүргөн бүктөп жүргөн.

## ДҮМПҮЛДӨК

Дүмпүлдөк боз бала жана келин-кыздардын оюну болот. Көпчүлүгү түңкү ай жарыкта ойнолот, күндүз эркек балдар гана ойнойт. Дүмпүлдөктүн тартиби: дүмпүлдөк деген оюнда дагы балдар эки бөлүнүп алып чөп жашынмай кылып чөптү таба албай калса ошол тарап жатат. Жатканда балдардын бир тарабы чокмороктоп, баштарын катып, көчүгүн томпойтуп берет. Алардын үстүн чапандары менен жаап коюп бир күлүк бала аркандын бир учун жаткан балдарга карматып коюп, бир учун колуна кармап алып, жаткан балдарды кайтарып коруп турат. Тигилер туш-туштан бөйдөй чайдай деп качырып кирип кийиз пайпак, эшкен жоолуктар менен чогулуп жаткан балдарды токмоктоп кетет. Аркан кармаган бала улам бирин кубалап тап берип кайра чуркап жатып ал кара сууга түшүп, жинигип калгандай болуп, жүрүп кабылта түшүп, тигилердин бир кашаңырак баласына жетип тээп калса жабыла чурулдап тура калып чүкө байтал деп тигилерди жаткырат. Бул таяк жеп калгандар жанын аябай кашаңдарын аркага коюп, өтө күлүк балдар буларды токмоктоп кирет. Булардын аркан кармап коруп жүргөн баласы өтө шамдагай күлүк бала болсо, жаткан балдарын көп урдурбайт. Бул аркан кармаган баланы бет алып жүрүшү жагынан жана аркасынан кетпей эң бир сак болуп жүрөт. Камалып турган балдардын энөөрөгүн, кашаңырагын байкап туруп, качырып сала берип, байкоосуз турган баланы шамдагайлык менен барып оң буту менен тээп калса, чөктө жаткан балдарын куткарып алат. Бирок чөктөн чыгып барып тебишке болбойт. Чөккө жатпаган балдар чөптүн тышында жүрө берет. Жаткан балдар эч кандай аракет кылууга болбойт. Таяк жебей жатканына эле маашыралып жата берет. Бул эки тарап өчөгүшүп калса,

же алардын арасынан бир эки баланын эрегишип жүргөн жери болсо пайпакка таш салып алып чабат. Ал чабуучу баланын кайсы жерде жатканын даана билип туруп чабат. Алардын көбүнчө өчмөнтөйлү болуп калганы бул оюнда кыз эркек дебей аралашып ойнойт эмеспи. Өзүнүн айлындагы кыз тигил айылдын баласынын тарабында болуп чөктө бирге жатып калса ошонун ич күйүсү менен аябай чабууга кыжырланат. Же мурда бир урушуп калган балдар болсо баштапкы ичинде жүргөн кеги менен чабат. Аны байпакка таш салып чапканы билинип калса бала айыптуу болуп тогуз шап берип кутулат. Шапты таяк жеген бала өзү алат. Шап деген сөз сөөмөй ортону менен аябай билекке чабат.

## ЭЛДЕН-ЭЛДЕН ЭЛ ЧАБАР

Элден-элден, эл чабар деген боз балдар жана 10–11 жашар кыздардын оюну болот. Мунуда канча болсо да эки бөлүнүп алып ойнойт. Элден-элден, эл чабар оюндун түрү мындай болот. Балдар эки бөлүнүп алып чөп жашырышат. Чөптү таппай калса тиги тарап биринин колун бири кармап кыркасы менен туруп берет. Бул катар тургандар чымырканып, колдорун бекем кармашып туруп, тиги тарапты чакырат.«Элден-элден, эл чабар, чала кыз деген бок чабар» деп чала кыз эркек бала катуу чуркап барып күч менен катар турган балдардын кармашып турган колдоруна катуу тийип өтөт. Аны өткөзбөй токтотуп калса, өз катарына тизип алышат. Эгер токтотуп калалбаса, ортосунан бөлүп азыраак жагын айдап кетип өзүнүн тарабына кошуп алат дагы кол кармашып катар туруп, тигил алдырган жакты чакырат. «Элден-элден, эл чабар Итбай деген бок чабар», деп Итбайдагы эң бир кайраттанып катуу барып, бузуп өтөм деп өтө албай калса колго түштү

деп аны дагы катарына тизип алышат. Кезеги менен тигилер дагы чакырса, дагы барып бузуп кетсе кетти, бузалбай калса колго түшүп калат. Кыскасы кезек менен бир тарабы, бир тарабын чакырып токтонуп калып, өз тарабына алып качырып барганда буза коюп, бөлүп кетип жүрүп бир тарабын калтырбай жеңип алганда эң артта калган баланы сен башчысың деп алып кетишет дагы кайрадан башка оюнга киришет.

## ТОКТУ СУРАМАЙ

Токту сурамай деген оюндун түрү мындай болот. Балдар эки тарапка тең бөлүнүп алып өйүз-бөйүз болуп кырка олтурат. Ар бир балага жашыруун ат коюп алышат. Чөп жашырынып, кайсы таппай калган жагы тынч олтуруп калып, берки тарабынан бир бала туруп барып тиги тараптын бир баласынын көзүн эки колдоп алаканы менен басып туруп өз тарабынан бир баланы чакырат, жаңы коюлган атынан айтып. Мисалы Туткожо, Туткожо деп Туткожо келип көзү басылып турган баланы чекеге катуу чертип кетет дагы өз тарабына барып, ордуна олтуруп калат. Көздү басып турган бала, көзү басылып турган баладан күзгүбү, таракпы деп сурайт. Ал бала көзгү деп койсо күзгү деп анын көзүн алаканы менен бек сыдырып кетет. Көзүн сыдырткан бала ордунан туруп басып тиги тараптан туткун деген жаңкы чекеге черткен баланы таап алат. Таап алса колунан жетелеп алып келип өз тарабына кошуп алат. Эгер таппай калып бөлөк баланы кармап калса, ошол тарапка олтургузуп алышат. Андан кийин берки тараптан бир бала туруп барып тигилердин бир баласынын көзүн басып туруп өз тарабынан бир баланы чакырат Чымчык бери кел деп. Жаңы аты Чымчык коюлган бала келип өзү жабылган баланы

чекеге катуу чертип кетип барып ордуна олтуруп калат. Көзүн басып турган бала майбы, көмөчбү деп сурайт. Май деп койсо майы деп көзүн сыдырып коет. Ал бала барып Чымчыкты таап алат. Таппай калса ошол топко олтуруп калат. Кыскасы кезек менен ошондой ойноп олтуруп акыры бир тарабы утуп чыгат. Утканы эле бир тарапка бала койбой өз тарабына жыйнап алуу болот. Уттурган тараптын башчы болгон баласын таардап бардык бала тебелеп кетишет. Бул оюн ушул түр менен ойнолуп бүтөт.

## ЖӨӨ ООДАРЫШ

Жөө оодарыш деген оюндун түрү мындай болот. Баягы эки тарап эки топ болуп туруп арасынан бирден балбан баланы ат кылып атайт. Бирден тең кылып атап, эки балбан баланы эки баатыр бала минип алып оодарышка чыгышат. Бул ат болуп жүргөн балдар төрт аяктап жүрөбү, эки тараптын убадасы боюнча жүрүшөт. Ат болуп жүргөн балдар балбандыгынан үстүндөгү баатырын алдырбай өтө омоктулук менен далайга сактап жүрөт. Минип жүргөн балдар колдон, буттан, моюндан алып аябай жулкушат. Кай бирлери шымдан алышабыз деп шым, ыштандарын айра тартып жулуп-жулуп алат. Шымымды, ыштанымды айрып салды деп ызаланган бала уруша кетет. Калыс балдар баатырдын шымы айрылганда уруша кетчү беле дешип аш тойдогу оодарыштарды көргөндөрү ажыратып коет. Эгер ажырашбаса бир аз мушташып басылат. Кайтып башка балдардан ат кылып баатырды аткарып оодарыштырат. Оодарыштан алып кеткени байгеге сайган төөматегин алат. Төөматек деген сөз алдырган баланы жылаңбаштап туруп оодарып алган бала колун шымаланып туруп төбөсүнө чыканагын коюп туруп катуу тартып кайра СУУРУП, муштум менен бери сүрүп кайта нары

муштап кетет. Бул оюн кыскача ушундай түр менен гана ойноло берип бүтөт.

## САРТЧА АЛЫШУУ

Сартча алышуу деген оюнга көчүшөт. Бул сартча алышууда эки жаат болбой эле чогу балдар арасынан эки тең баланы белине бышык кур курчап чыгарат, Ал эки бала белиндеги курдан бекем кармашып алып бири кайкалай бергенде колун кайчылап коюп которгондо кайкалаган баланы эки буту көтөргөн баланын эки ийнине артыла түшөт. Ошону менен булар токтоло калбастан чек кылып койгон он саржан жерге тынбастан шапа-шупа көз илешпей улам бирин сартча алып жүрүп олтурушат. Булар чекке жетсе баракелде, баракелде деп чурулдап калышат. Жете албай бирин-бири түшүрүп жиберсе балдар күлүп калып түшүрүп жиберген баланы четке отургузуп коет. Бул оюнду көп ойноп машыккан бала эч бир түшүрбөй алыша беришет.

## ЧИКИТ

Чикит деген оюндун түрү мындай болот. Эки бала чыгып чикит чаба турган болсо, абал эле жерди узатасынан жырып коёт. Камчы саптай болгон бир жыгачты таяк деп белендеп коюп, туташа ченеп бир жыгачты баягы жырган жерге көпүрөө кылып коюп бир бала колундагы таягы менен жырган жерге салып туруп көпүрөө болуп турган кыска жыгачты көтөрүп ийет. Ал кыска жыгач көтөрүлүп жогору чамгарактай түшкөндө катуу чабат. Таамай тийсе жыгач алыс барып түшөт. Берки жыгач чаппаган бала барып ал жыгачты баякы жыдыманды болжоп өлчөм менен ыргытат. Жыгач келип жыдыманга келип түшөт. Жыдыман менен жыгачтын ортосуна

таякты салып көрүшөт. Таяк жетип калса жыгачты алып келген бала жанакыдай үйрүп туруп чабат. Жыгачтын түшкөн жеринен барып мурда чапкан бала жыдыманга болжоп ыргытат. Таякты салып өлчөп көрүшөт. Жыдыман менен чикитке таяк жетпей калса чикитти чапкан бала элеймин деп таягы менен чикитти элейт. Элегени таяктын учунурак чикит жыгачты туура кылып алып, аста, аста өйдө секиртип астынан өйдө уруп турганды айтат. Чикит деген жана чабылып жаткан кыска жыгач болот. Эми элегенде нече жолу чикитке тийсе санап туруп чикитти учунан сол колу менен ороп алып оң колу менен таякты алып катуу чабат. Баякы элегенде беш санаса беш жолу чикиттин түшкөн жеринен нары карай чабат. Ал убакта чикит менен жыдыгандын ортосу кыйла алыс болуп калат. Ошол алыс жерден берки бала чикитти алып туруп «Акбай, Токбай, Карамende, Кашка тай. Колдо, колдо кула тай, куруп кетти Мандабай, Акылакей, Чакылакей чаар бака, темир така Баранбай, Бүкүр, бооруңа түкүр чабалекей чамчым", – деп оозун кымтыган бойдон жыдыманды көздөй катуу жүгүрөт. Жыдыманга чейин деген үнү басылбай келип жетсе кутулат. Эгер жетпей келе атып үнү басылып калса берки баланы көтөрүп алып кайта баштан «чамчым» деп жүгүрүп келип жыдыманган жетет. Анда дагы үнү басылып калса. Кайра барып чикитти алган жерден жанакы сөздүн барын айтып туруп чы-ым деп дагы жүгүрөт. Анда дагы келе атып үнү басылып калса дагы берки бала көрүп алып чым деп келет. Үнүн баспай жыдыманга жетсе кутулду, Эгер үнү басылып калса улам, улам кайта бара берет. Чикит абдан алыс жерге чабылып калган болсо ал балайка кылынат. Жакын жерден чым деп келсе кайта чикитин чабыша берет. Бул чикиттин алыс барып жакын барышы жанагы элегенден болот көп эленсе көп жерге чабылат, аз

эленсе жакын эле жерге чым деп кутулуп калып ойной беришет.

## КӨЛГӨ ТҮШМӨЙ

Көлгө түшмөй боз балдар, ушулар катарлуу кыз балдардын оюну болот. Эки тарап болуп ойнойт. Көлгө түшмөй деген оюндун түрү мындай болот. Балдар эки жаат болуп алып чөп жашырынышат, анда чөптү таба албай калган жаатты бир аркандын учун туюктап алып ошол аркандын учуна чогулуп туруп алышат. Анда чабал, кашаң, алы жок балдарды ортого коюп күчтүү, шамдагай, күлүк тың балдар арканды жыйнап алып туш, туш жагын карап турат. Анда туш тарап, туш-туштан камап кирип келип тебетей калпактары менен көлгө түшмөйдүн ичинде турган балдарды туш келген жерине аябай чаап кетишет. Анда баягы арканды жыйнап турган балдардын бир же экөөн бир жакты бет алып тигил тараптын балдарын чабам деп келе атканда кармап алуу үчүн келе атканда жыйнап алган арканын жазып жиберип катуу күч менен качырып калганда кармап токтотуп калса тиги жаатты көлгө түшүрөт. Эгер токтото албай калса тим тура берет. Ошентип кай бир убакта каруулу балдар арканын жазып жиберип катуу качырганда өзүнүн колго түшмөйдүн ичиндеги балдар кыйрап жыгылат. Анда берки тарап буларды тегеректеп алып кыйла токмоктоп салышат. Ал жыгылып жатып кармап калса беркилерди көлгө түшүрөт. Бирок жыгылган тарапты буттан колдон сүйрөп будалап жүрүп, жакында карматпайт. Ошентип тигилердин бирин кармап токтотуп алмайынча көлгө түшмөйдүн ичиндеги балдар көп таяк жеп калат. Кармап калганда булар дагы тиги тарапты ошондой сабашат.

## ЖАШЫНМАК

Жашынмак дагы жаш балдардын кыздардын оюну болот. Эки бөлүнүп ойнойт. Жашынмак деген оюндун түрү мындай болот. Балдар эки бөлүнүп алып чөп жашырышат, чөптү таап алса берки жагы жашырууга камынат. Анда жашынбаган тарап бир жерге топтолуп эки жакты карабай тура беришет. Тиги жашынуучулар эң бир байкоосуз жерлерди ойлонуп таап алып жашынат. Мисалы, жыйган отундун, чөптүн араларына далдаланып кирип калышат. Же болбосо жардын түбү, терек, тал, карагайдын бутактардын арасына чыгып барып далдаланып отуруп калышат. Же ундун ичине, чыгдандын ичине, тактанын алдына, жүктүн бурчуна жатып калат. Мындай жерлерден таап алууга болот. Анан эң бир кыраакы балдар аялдын кыздын киймин кийе коюп, элдин катарынан орун алып отуруп же жумуш кылып казан-аяк жакта кызмат кылган болуп жүрө берет. Аларды өтө кыраакы балдар болуп таап албаса, жакында таап алууга болбойт. Ошентип жашынган балдарды балдар таап алса кайра жашынтат. Эгер таап ала албай калса берки балдар атынан айтып чакырганда “бир тай, бир тай” деп туруп келет. Анда берки тарабы жашынат. Аларды таап алса, бир тай деген балдар уткан болот. Эгер таап ала албаса алар дагы бир тай, бир тай деп келип эч кимиси утпаган болот. Жашынмакта байге болбойт. Кылдат жашынып таптырбай койгону гана кыйын кыраакы эстүү бала экен делип калат.

## ЖООЛУК ТАШТАМАЙ

Жоолук таштамай деген оюн мындай болот. Балдар канча болсо тегерете олтурат. Ал балдардын арасынан кызбы, эркекпи жоолугун эшип алып

олтурган балдардын аркасы менен кыдырата басып келе жатып, жоолугун бир баланын аркасына эч кимге билгизбей таштап кетет. Анын таштаганын билбей калса дагы айлана басып келип жоолук ташталган баланы жоолукту ала коюп сабап калат. Ал таяк жегени качып балдарды айлана качып кайтып келип ордуна олтурат.

Анан биринчи эле жоолукту таштап кетери менен билип калса, жоолук таштап кеткен баланын аркасынан кууп жүрүп сабай берет. Ал таяк жеген бала качып олтуруп сабап жүргөн баланын ордуна келип олтурат. Эгерде сабап жүргөн бала өтө куу, шум бала болсо ал дагы кууп барган баланы колу менен, тебетей менен сабай берип жолугун бир башка баланын аркасына таштап кетет. Ал бала тигилердин кызыгына батып күлүп жатып, билбей калса кайра барып ал баланы сабайт. Балдардын баарын алаксытып күлдүрүп коюп, улам биринин аркасына таштап кетип жүрүп далайын сабайт.

## КАН ТАЛАМАЙ

Кан таламай деген оюн мындай болот. Бир топ бала чогулуп алып бир чүкөнү же бир саканы кан деп коет. Ал канга кошуп көп чүкөнү калчашат. Ал чүкөнү калчаган бала эки бүгө, эки чиге, эки таа, эки алчы болсо бирин бирине атып ала берет. Ал бала атып жатып тийгизе албай же башка чүкөлөргө тийгизип койсо жыдып калат. Жана калчаган бала дагы ошондой тартип менен ала берет. Баякы атып жаткан балдар канча чүкө атса дагы өзүмдүк кылып ала беришет. Кан атып алганы байып калгандай бөлүп турат. Кайсы бир бала жалгыз чүкөнү да атып ала албай тура берет. Эгерде кан алчы түшсө алчы менен атып алат, таа түшсө таа менен, бүгө түшсө бүгө менен, чиге түшсө чиге менен атып ала берет.

Канды кандай учурда атып алса да боло берет. Чүкө атып олтуруп баардыгы бүткөндөн кийин ар бир бала чүкөлөрүн санап көрүп, эң аз чүкө алып калган баланын чүкөсүнө өлчөп салып калчашат. Анда канды атып алган бала канды жолдошу менен чүкөнүн санатынан башка кылып салат. Калчашаарда анда такыр чүкө албай калган бала оюнга кирбей гана томсоруп олтура берет. Берки чүкө алган балдар калчашып жатканда кан таа түшүп калса сак болуп турган балдар жалпы эле чачылып жаткан чүкөнү талап киришет. Анда кай бирлери көбүн талап алып коет. Баякы чүкөнү көп атып алгандагы көп талап алып байып калат. Кээ бир балдар ошол кан талашмайда дагы жакшы талап ала албай куру калат. Ошентип баякы көп чүкөнүн барын кайсы бала алса ошол бала уткан болуп эсептелип берки балдардан кош камчы, бөлчөй, төө матек окшогон сайган байгесин балдардан алып көтөрүлүп калат. Кандын алчы бүгө, чиге түшкөнү жай оюн болуп атып ойноло берет. Анда канды атып алган бала канды жолдошу менен чүкөнүн сапатынан башка таа түшүп калганда гана талашакей болуп, балдарды тытыштырып салат. Кандын таа түшкөнү кандын жаңылганы деп билинет.

## УПАЙ (2-ВАРИАНТ)

Упай деген оюн дагы ушул өңдүү көп чүкөнү калчап ойногон оюн болот. Бирок айырмасы көп упайда канча киши болсо эки тарапка бөлүнөт. Кан деп бир чүкөнү же бир саканы белгилүүсүн кан кылып коёт. Андан башка чүкөлөрдү үчтөн бир басым деп санап, отуз басым же андан аз 28, 26, 20 же 18 басым кылып санап коюп, канды жалгыз коет. Абал мурда байге сайышып туруп ат карчашабыз деп эки жааты эки чүкөнү калчайт. Кайсы чүкөсү конгон тарабы мурун калчап көп чүкөнү атмакчы болот. Чүкөнү карчаган-

да канды абал мурда атып алат. Кан бүгө болсо бүгө менен, алчы болсо алчы менен кан кандай түшсө, ошондой жаткан чүкө менен эң мурда канды атып алат дагы, канды жалгыз гана басып коёт. Басып койгону обочо алып койгону болот. Андан кийин чүкөлөрдү бүгө менен бүгөнү жаңкындай өз түрүнө карай атып үчтөн басып кандын жанына коё берет. Кыйын упайчы болсо 30 басым чүкөдөн 16 басым атып же андан ашык атып алса ажыраткан болуп ал чүкөлөрдү өзүнө таандык кылып коюп калчай элек жолдошу калчап дагы атып үч чүкөдөн бир басым кылып ала берет. Бир тарапта канча болсо, ошонун барысы карчап атып алышынча алат. Бирок анын жыдып калмайы болот. Аткан чүкөсүнө тийгизе албай калса, же аткан чүкөсү мээлеген чүкөсүнөн башка чүкөгө тийип калса, же аткандан кийин бир чүкөнү бир чүкө басып учкашып калса, же жандаша жатып калып атылган чүкөнү алайын дегенде жаткан чүкө кыймылдап калса анда жыдыйт. Жыдып калган киши колунда канча чүкө болсо таштап коет. Жыдый электеги алып алган чүкөлөрү өзүнүкү болот. Жана бир жыдымайы бар чүкөнү атып жатып тим эле жаткан бир чүкөгө тийип алса, ошол чүкө баштапкы жаткан түрүнөн башка болуп өзгөрүлүп калса, анда да жыдыйт. Ошентип берки кийин калчоочу тарабы беркилердин баары жыдып калып атылбаган канча чүкө калса да аны калчап атып ала берет. Алар дагы бүт атып ала албай калса, кайтып беркилер карчап алат. Ошентип чүкөнүн баары атылып болгондон кийин кайсы чүкөсү аз болуп калган тараптын чүкөсүнө өлчөп салып кайра карчашат. Бирок кан бир чүкөгө тийип жатса атылбайт, аткандан кийин тийишип жатса ал бат жыдып калган болот. Оңко болуп калган кан же чүкөлөр атылбайт. Оңко оюн бузат деп коет. Эң акырында үч эле чүкө калса да аны атып алып бүтмөйүнчө калчаша берет. Эгерде

бир тарабы үч эле чүкө алып калса берки көп чүкө алган тарабы кандан башка үч чүкөсүн алып чыгып калчаша берет. Калчаган чүкө кан менен жети эле чүкө болсо кан саны менен жетөөнү тең атып алмайынча калчаша берет. Бир тарабы бир дагы чүкөнү тигил тарапка жибербей алганда чүкөсү жок калган тарап уттурган болот. Байгеге эмине сайса да берет. Жандырмак бар болсун дешип убада кылса көп чүкөнү кан саны менен калчайт. Алдырган тарап анда барып алып кетсе ажырайт, же болбосо ажыратып алганда эле жансын деген убада болсо ажыратып эле алган жанып калат. Ал убакта байге берилбейт. Упай деген оюндун түрү ушундай болот.

## V. КАЛПТАР

### ЧОҢ ЧЫМЫН

Жылкы жайып, аң уулап чыктым желип,
Сан-Таштан төрт бугу аттым, он беш элик.
Эликти бөлүп жарып, артып алып үйгө келдик,
Тайымды таң ашырсам «кудай» урган экен,
Мамыдан каргып түшүп турган экен.
Оороздуктап он беш жигит алган экен,
Ошондо да ары-бери чалган экен.
Жолум болгон Сан-Ташка келдим эми,
Санаамдын калыстыгын «кудай» билип,
Чымынымды чымын баатыр тууган экен,
Ок салдым мылтыгымдын ичин сылап,
Өңүп бардым «кудайга» таза ыйлап.
Төшү деп өпкө-боордон аттым элем,
Чымыным тоодой болуп кетти кулап.
Чымыным кулап кетти туура-туура,
Алдында миң карагай паара-паара.
Териси чымынымдын шондо калды,
Беш жигит он өгүзгө чана салды.
Чана менен алып барып, сууга салып,
Алтымыш бычак курчутуп, жүнүн алды,
Токсон көөкөр, кырк саба бычып алды,
Шондо да төрт бучкагы артып калды.
Чымынымды чымын баатыр тууган экен,
Чымындын ньк семирген убагы экен.
Томугу тогуз карыш казандан чоң,
Кар жилиги өгүздүн белинен жоон,

### УЛАК ЧЫМЫН

Бир адам бир ак бараң сатып алып,
Бир жайлоонун башына чыккан экен.
Бир топ чымын уктап жаткан экен,

Бириндетип жүрүп бирин аткан экен.
Урап кетти урандынын башынан,
Кырк карагай, он арча кулап кетти.
Барса, чымындын үлкөнү эмес, улагы экен,
Куп семирген убагы экен.
Отуз уулу кырк өгүз айдап алды,
Терисин сыйрып, эки өгүзгө арта салды.
Отуз сегиз өгүзгө этин артты, үйгө барды,
Отуз саба, кырк көнөк кесип алды,
Отуз уул чокойгоултаң алды.
Жана ошондон ашканы –
Бир түндүк, бир жабуудай артып калды.
Жана бир кемпир убак-чүйөк майын жыйып,
Алты каптын оозун бууп алды.

## ЧЕГИРТКЕ МИНГЕН КИШИ

Көпөлөктүн сүтү менен бет жуугамын,
Айт-арапа күнү болгонунда,
Чегирткенин тору айгырын минип алып,
Чекчириле кыз куугамын.
Чылым тарттым көпөлөктүн куу башынан,
Чыпта түйдүм боз торгойдун чуудасынан.
Айыл кечпеген дайрадан кечип чыктым,
Чегирткенин тору айгырын минип алып.

## ИЙНЕЛИК МЕНЕН КИШИ

Чылбыр эштим чымчыктын чуудасынан,
Чылым кылдым чымындын кайышынан,
Калп жомок сиз да айтыңыз, мен да айтайын,
Ак дайра өтө чыктым туурасынан.
Чымчык союп, сыртынан айыл алдым,
Бирди союп ичинен майын алдым.
Аттын баскан жерине кайырмак салып,
Узундугу кырк кездей жаян алдым.

Ак серкени минип алып арка кеттим,
Көлбаканын сөөгүн көпүрө кылып,
Көз жетпеген дайрадан ыргып өттүм.
Ийнеликти минип алып соно куудум,
Үч күн жатып сонону коно куудум,
Жыгылып ийнеликтен бутум сынып,
Эми ийнелик минбеске тобо кылдым.
Бир дөбөгө чыгыптыр бир топ ыраң,
Ал дөбөнү жайлайт экен эки түрлүү аң,
Жарыктык чөбүн жебей, жерин жеди,
Куданыны кудуретине болдум айран.

## ЧЫНЧЫЛ КИШИ АТКАН ЧЫМЫН

Калп айтып кары-жашка бирдей жактым,
Кайтарып кумурсканы койдой бактым,
Айгырын чегирткенин чертип минип,
Башынан кара тоонун түлкү express.

Боoруна кара тоонун жетип барсам,
Жолборсту чычкан чайнап өлтүрүптүр.
Бир жайдан чычкан көрдүм андай семиз,
Чымындан чыгат экен мындай семиз.
Чымындын жык семирген убагы экен,
Томугу тогуз карыш казандай бар,
Жилиги кара өгүздөн жоон экен.
Ойлонуп он беш жигит жыга салды,
Терисин денесинен сыйрып алды,
Алтымыш бычак курчутуп жүнүн алды,
Терисин сүйрөп барып суугa салды.
Он көөкөр, он беш саба бычып алды,
Анда да төрт бучкагы артып калды.

## БЕШ ЖҮЗ ӨГҮЗ, БИР КЫЛКАРА

Айдаттым беш жүз өгүз кара жарга,
Сатып кел деп бирин койбой кылкарага

Саттырып Кылкараны алып келсе,
Жеңи жок чапан чыкпайт бир балага.

## БЕШМАНТ

Алтымыш атка араба чектим – баары көктөн,
Бир бешмант тиктим лампүктөн,
Этеги элүү кулач, кырк топчусу бар,
Дагы да тар болду деп ичимде,
Аз-аз гана кичине арманым бар.

## КЫРК ООЗ КАЛП

Кичинемде турна бактым,
Арка-арыгына жабуу жаптым,
Өз энемдин ичинде экенимде
Чоң атамдын жылкысын бактым,
Чоң атамдын баскан изине көл токтоттум,
Көл токтотуп, кырк кулач балык алдым,
Балыгымдын жон терисин тилип алдым.
Олтуруптур дегенде олтуруптур,
Карагайдын башына,
Кайнап-кайнап көл туруптур,
Бир кумурска менен бир карышкыр
күрөшүп туруптур,
Карышкырды кумурска өлтүрүптүр.
Кумурсканы кой кылып кумга жайдым,
Чегирткени ат кылып черге миндим.
Чегирткени куш кылып көл кыдырдым
Чылым кылдым чычкандын куу башынан
Чылбыр эштим торгойдун чуудасынан
Бир торгойдон бир табак сөөк алдым
Сөөгү менен көмө көпүрө салдым
Башкасы калп болсо да ушунум чын.

## БИР ЖЫЛЫ АШТЫК БАККАНДА

Бир жылы аштык бакканда,
Пычанды калың чапканда,
Чымын менен чымчыштым,
Көгөөн менен күрөштүм,
Чиркей менен чиркештим,
Аары менен арбаштым.
Аары чакты мойнумду,
Аары кууп берди такымдап,
Качып бардым жакындап.
Жакындап кирип келгенде,
Качайын десем дарак жок,
Колумда чолок камчыдан башка жарак жок.
Жакындап кирип келгенде
Камчымды бүктөп туруп бир чаптым,
Бел көчүк кисесин сый чаптым,
Ийнелик минип соно куудум,
Ал сонону эки күнү коно куудум.
Эки күнү коно кууп,
Ал соного жете албадым.
Андан кийин ал сонону
Куубаганга тобо кылдым,
Чака курт минип коен куудум,
А коенду эки күнү коно куудум.
Эки күнү коно кууп,
Үстүнө баса минип алдым
Үстүнө баса минип бара жатсам,
Бир жерге барганымдан соң
Ташбаканын үстүнө ыргып миндим,
Өзүмдүн шамдагайлыгымды мындан билдим,
Бир күлүгүмдү суутуп алты ай миндим,
Аягына жем түшүп өлө жазды,
Бир чегирткенин бир санын сууруп алдым,
Өзүмдүн балбандыгымды мындан билдим.
Бир чегирткени таптап миндим.

Көлдөлөңдүн сазына көкбөрү тарттым,
Төрт коңузга жүк артып, түндө көчтүм,
Жаныбарымдын аргамжысын кылдан эштим.
 Бир коңузга куржун салып минип алдым,
Аттан үркөт деп башын тарттым,
Каткан кардын үстүнөн күрт-күрт желдим,

## БИР ЖОЛБОРС МЕНЕН БИР КАРЫШКЫР

Бир жолборс менен бир карышкыр
Кармашып туруптур
Жолборсту карышкыр басып алып жеп туруптур.
Башкасы калп болсо да ушунум чын.

## УУГА ЧЫККАНДА

Бир күнү айлыбыз ууга чыкты,
Айлыбыз ууга чыккандан кийин мен да бардым
Кашка байталымды минип алдым,
Минип алып бара жатсам,
Бир жерге барганымдан кийин
Кашка байталым бир кашка кулун тууп берди
Кашка кулунумду ошол жерде токунуп
минип алдым
Минип алып, желип бара жатсам,
Бир жерде бир алты элик турган экен,
Алты эликти атып алдым,
Бут-бутунан байлаштырып,
Кулунума артып алдым.
Үстүнө баса минип алдым,
Үстүнө баса минип кетип бара жатсам,
Кашка байталым башы-көзүн калтаңдатып
баспай калды
Ыйык жалдан кармап алдым,
Байталымды алдыма басып алдым,
Алты күнчүлүк жолго

Кулунум менен бир куптанда жетип алдым.
Башкам калп болсо да ушунум чын.

## КАШКА ЧЫМЫН

Бир күнү айылыбыз ууга чыкты.
Айлыбыз ууга чыккандан кийин мен да чыктым
Бир жерде калың карагай турган экен,
Калың карагайды аралап бара жатсам
Бир кашка чымын жаткан экен.
Ушу чымындын колунда
Отун алуучу балтасы бар экен.
Ошо жерде келберсинип,
Эки бутун эки карагайга арта салып,
Башын бир карагайга жөлөй салып жаткан экен.

## ТУУЛА ЭЛЕКТЕ КӨРГӨНДӨРҮ

Өз атам туула электе чоң атамдын жылкысын кайтардым эле. Тууй элек бээни саап, тигиле элек сабага куюп, ичпей мас болдум. Чыга элек талдын чырпыгынан укурук кыйып, эше элек жиптен боо тактым. Чыга элек табылгынын түбүндө тууй элек коён жатыптыр. Жасай элек таяк менен урдум эле, казыла элек ийинге кирип кетти.

Бир үч арык туруптур: экөө кургак, бирөө суусу жок. Үч арыкта үч балык бар экен, экөө өлүк, бирөөнүн жаны жок. Анда үч киши туруптур: экөө жылаңач, бирөөнүн кийими жок. Ал жылаңачтын этегине жаны жок балыкты салып берип келе жатсам, үч там туруптур: экөөнүн төбөсү жок, бирөө тешик. Ал үч тамга кирсем, үч казан туруптур: экөөнүн түбү тешик, бирөөнүн түбү жок. Түбү жок казанга жаны жок балыкты салып, от жакпай бышырып жебей тойдум.

## ОЛЖОЛУУ НЕМЕНИН СОНУН ИШИ

Суудан чыгып кетип бара жатсам, чыга элек чийдин арасынан тууй элек коен качты. Аны чаап алдым. Андан кетип бара жатсам бир топ өрдөк оюла элек музга кире качты. Музга бардым да, башымды кесип алып, музду ойдум. Өрдөктү кармап алдым. Кармап алып өрдөктү алып кетип бара жатсам, башым унут калыптыр. Башымды эстеп кайтадан барып алдым. Менин сонун ишим ушул эле.

## КАЙСЫНЫСЫ ЧОҢ

Мурунку, мурунку өткөн бир заманда ага-инилүү үч бир тууган бала бар экен. Үчөөнүн ортосунда жападан-жалгыз бир өгүзү болуптур. Ошол өгүздү үчөө тең багышчу экен. Өгүздүн узундугу үч күнчүлүк жол болгондуктан, кичүүсү жем-чөп берип, суусаганда сугарып дайыма баш жагында туруучу экен. Ортончусу орто жеринде туруучу, эң улуусу соору жагын тейлөөчү экен.

Күндөрдүн биринде өгүз жампа таштабай калат. Ал ортончусуна келсе, ал дагы ичи катып калганын айтат. Ошону менен кичүүсүнө барса, чүкө ойноп кетип, өгүздү сугарбай тим койгон экен. «Өгүз суу ичпей калгандыктан ушинтип жаткан турбайбы» дешип, аны бир чоң көлгө жетелеп барышат экен. Суусап калган өгүз бир шимирүү менен алиги көлдү жутуп коюптур. Ошондо түбүнөн бир чоң балык чыга калып, өгүздү жутуп жибериптир.

Ошол убакта бир бүркүт асманда учуп келе жаткан. Балыкты көрө сала дароо илип алып жөнөп отуруп, конорго эч ээн жер таба албай, беш эчкинин арасында турган текенин жалгыз мүйүзүнө барып коно кетти. Баш эчкини кайтарып жүргөн абышка алиги бүркүттөн коркуп, текенин санына жашына

калыптыр. Бүркүт балыкты жеп, анын ичиндеги өгүздү кошо бүтүрүп, андан ары учуп кете берди. Өгүздүн бир далысы текенин сакалынын арасында жашынып олтурган абышканын көзүнө түшүп, ал эмне экенин билбей убараланды. Үйүнө барып айтты эле, кемпири ала бакан менен ары бир копшоп, бери бир копшоп, таба албай койду. Ошондо айылындагы бирөө аты-тону менен кирип барып, ары-бери чапкылап жүрүп, далыны таап чыкты. Аны этибарга албай, талаага ыргытып жиберишкен эле.

## КЫРК КАЛП

Илгеринин илгери заманында Тилехан залим хан болгон экен. Ал бир күнү отуруп өзүнчө жинденип, кан ичмейи кармаптыр да, мындай өкүм жарыялаптыр: – «Ким кырк калп айтып берсе, мен ошого кызымды берип аны күйөө бала кылып алам. Эгерим, кырк калп айтып бере албай, менин алдыма келгенди дарга асып өлтүрөм", – деп бозо менен аракты аралаштырып ичкен хан күпүлдөптүр вазирлерине. Ошону менен көптөгөн кишилер хандын алдына келип, калп айтып берип, кызын алам деп, айтып бере албай өлө бериптир. Хандын дарына асылып, анын тамашасына хан кумарын кандырып жатат экен күнүгө.

Бир күнү, бир жетим бала: «–мен Тилеханга кырк калп айтып бере алам, – деп келип калат. Баланын кебетесин көргөн кишилер балага насаат айтып, курулай өлүп каласың, жөн кетип кал дешет. Баланын кейпи жүдөө, колу-буту туурулуп жарылып, кийими жыртык, бутунда жаман чарыгы бар экен. Өмүрүндө нанга карды тойбой териси сөөгүнө чапташып, ыргыйдай көрүнөт, курагы он беш жаштарда бар экен. Эл кой дегенге көнбөй, бул жетим:

– Тилехандын дарынан өлгөн кишилердин жанынан менин жаным артык беле, ошонун бирөө

боломун, – деп койду. Ошондо элжурт ал жетимдин оюна коет.

Жетим бала, Тилехандын алдына кирип, ийилип салам берет. Тизе коюп баш уруп, отурат. Ошондо хан сурайт – Сен эмнеге келдиң? – Мен сизге кырк калп айтып бергени келдим, – деп жооп берет. Анда хан: – Кырчын өмүрүңө кыйбай жөн кетип кал, деп баланы таназарына албаптыр. Бирок бала: «Жыгылсаң нардан жыгыл, бир буйласын кармай жыгыл» – деген сөз бар ханым, сиздин дардан өлгөндөрдүн жанынан менин  чымындай жаным артык эмес, – деген экен.

Хан кекээрдене «кана эмесе башта», – дептир.

– Мен, атамдын белинде, энемдин курсагында жатып, неберемдин жылкысын багып, он жыл ичинде калың топтоп, өзүм катын алдым, мунун бирөө да калп эмес, баары чын, ханым – дептир.

Жылкы багып жүрүп, жай саратандын ысыгында жылкылар суусап кетти. Суу издеп бир жерге барсам, бир кудуктан суу ашып чыгып, тоңуп калыптыр, мына көрүң, ханым, жай саратанда муз тоңгонун ошондон көрдүм. Ал музду чагып суу чыгаруу үчүн, балта менен чаптым, балтамын мизи сынды, темене менен чокудум, тེмененин учу токол болду. Бир маалда курсагыма кеңеш салсам, мындай акыл болду: – башыңды жулуп алып урсаң, анан муз жарылат, – деди. Моюнумду толгой кармап, башымды жулуп алып, музга урсам, муз эки бөлүндү. Муздун жаракасынан жылкымды сугарып алдым, жылкыларым суудан ичип, муздун үстүнө чыккан чөптөн, ооба, бел курчоодон чыккан чөптөн жуушап калды. Мен ошондо уктап калыпмын. Ойгонсом жылкыларым жок. Жылкы карап жүрсөм, чөптүн арасынан бир коен чыга качты, мылтыгым менен коенду атсам, огум алыс кетти, мылтык оозун анын көөдөнүнө такап атсам коен өлдү. Союп жатсам, атым үркүп

кетти, эмне болду деп карасам, атымды аккуунун мойнуна байлап койгон экемин, атымды кармап коенду соеюн деп камдансам бычагым жок экен. Аны тишим менен сойдум. Коендун этин бышыруу үчүн, тезек тердим, кемегеге тезекти салайын деп жерге төксөм, тезектерим учуп кетти, карасам тезек терем деп чөптүн арасынан бөдөнө терип алыпмын, ошолор пыр деп учуп кетти. Коендун этин туздап, күнгө express кактап кебек кылып жеп, майын бир бүтүн эле казанга сызгырып алайын деп куйсам, агып токтобой койду. Соңунда тешик казанга сызгырып алдым, коендун майын бир төөнүн, бир өгүздүн кардына куйдум, ашканын өзүнүн кардына куюп алдым. Ошолор менен илешип жатсам, бир айгырым жоголуп кетиптир. Аны он күн, он ай, он жыл издеп таба албадым. Акыры, теменени сайып анын үстүнө чыгып карасам көрүнбөдү, бычагымды сайып карасам көрүнбөдү, анын үстүнө кынын улап карадым көрүнбөдү. Мундай керексиз көздү чукуп салайын деп карасам, башым баягы муз жарган жерде калган экен, таппай калдым. Курсагыма кеңеш курсам, – айгырың асманда жүрөт, – деди. Булутка минип, асманга чыгып карасам, айгырым ошондо туруп калган экен. Кулунун кармап, айгырга өңөрсөм, айгыр көтөрө албады. Кулунду минип, айгырды өңөрүп, бычагымы калак, кынымды кайык кылып жерге түштүм. Чаалыгып, чарчап калган жаным уктап калыптыр. Бир маалда ойгонуп жылкымы тойдуруп келип баягы коёндун майынан бир жутуп алдым да, калган майын өтүгүмдү майладым. Оң жак өтүгүмө жетип, сол жак өтүгүмө жетпей калды, уктап калыпмын, бир маалда дүбүрт чыгып калды. Ойгонуп кетип карасам, эки өтүгүм мушташып жаткан экен. Май жеткени, май жетпегени менен кызылдай эле мушташып калыптыр. Башы көзү жарылыптыр, экөөн эки чертип, эки жакка жалжайта коюп салдым

да, кайра уйкумду улай бердим. Эртеси саар менен турсам, май жетпеген өтүгүм качып кеткен экен. Эки бутуму бир өтүккө кийип, аны беш күн, беш ай, беш жыл издедим. Ал арада аялым өлүп, атым чаалыгып өлдү, өзүм жөө калдым. Жөө баратып бир касапчыга жолуктум. Ал касап бир өгүздүн кекиртегине коон эгип бышырган экен, "балам, кайда барасың", – деп кайрылып калды. Өтүгүмдү издеп бараткəным айтсам, – табалбайсың, коон жеп ал, – деди. Бир коон үзүп берди. Коонду кесем деп бычагымды коондун ичине түшүрүп ийдим. Бычагымы издөөгө чечинип коондун ичине кирдим, беш ай, беш жыл коондун ичинде бычак издеп жүрүп мына бүгүн сиздин шаарга келип олтурам, ханым, – деди.

Айтып ошо жерге келгенде, Тилехан кайра суроо салып, сен айткан кудуктун суусу ашып жаткан маалда күн узун бекен, же кыска бекен? – деп сурайт.

Анда баланын жообу: – казандай ташты кудукка салсам бир күн кечке дейре түбүнө жеткен жок, – дептир. Ошондо Тилехан өңү кубулуп вазирлерине өз өкүмү боюнча кызын ушул кырк калпты айткан балага буйурган экен.

## VI. МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Эр элдин көркү, токой жердин көркү.
Эр жигит эл четинде, жоо бетинде.

Акылдуу элге тартат,
акмак тууганына тартат.

Ат тойгон жерине качат,
азамат туулган жерине шашат.

Балаң жакшы болсо – эл башы,
Жаман болсо – эл душманы.
Жер бай болсо, эл да бай.
Жер кени кенен, жакшы эли менен.
Элдүү түлкү ачка болбойт.

Эрдин баркын эл билет.

Көптүн тилеги көл болот,
Көп түкүрсө көл болот.

Жамандан жазган, иттен иймен, элиңди сүй,
Уят өлүмдөн катуу.

Чечинген суудан коркпойт,
Кезенген жоодон коркпойт.
Аңдышкан айыл болбойт,
Эсептешкен дос болбойт.

Жаман жолдош жоого алдырат,
Жаман сөз доого калтырат.

Жакшы көргөн досунан ат аяган жигитпи.

Ынтымак болбой, иш оңолбос.

Баатыр бир өлөт,
Коркок миң өлөт.

Жер бийлиги – тоо, эр бийиги – соо,

Жатаарда көп ичкен, жаман түш көрөт,

Оорунун жакшысы жок, дарынын ачуусу жок.

Бузулуп калган ашка, ачка болсоң да караба.

Аш турган жерде, дарт турбайт.
Адам аштан калса, күчтөн калат.

Сыпалык сырт кийимден, тазалык ич кийимден.

Таздан тарак сураба.

Ороймун деп сестенбе,
айыкпайм деп шектенбе.

Ый – көздү, күйүт – көкүрөктү алат.

Соо болом десең – сергек бол.

Врачтан качканың, ажалга эшик ачканың.
Мончонун пайдасы түшкөндөн кийин,
Тамактын пайдасы ичкенден кийин.

Тамакты ашык да, шашып да ичпөө керек.

Эң негизги дары-дармек, – бул таза аба, муздак суу, кол күрөк, араа, балта.

Ким ден соолугун чыңдагысы келсе, алгач айланасындагы абаны тазаласын.

Кирсиз жүрсөң, ооруксуз болорсуң.

Ылай суу – оору булагы.

Биринчи байлык – ден соолук.

Аргымактын жакшысы азыраак оттоп,
көп жуушайт,
Азаматтын жакшысы азыраак сүйлөп,
көп тыңшайт.

Жакшыга айтсаң билет, жаманга айтсаң күлөт.
Жакшынын пайдасы, жамандын кесепети тиет.

Жакшы бала – тил алчаак,
Жаман бала – уялчаак.

Акылдуу бала – эмгек,
Акылсыз бала – тентек.

Сен деген – сенек сөз.
Сиз деген – сылык сөз.

Эмгектин наны таттуу,
Жалкоонун жаны таттуу.

Дени сактын өмүрү узун.

Таза жүргөндүн дени сак.

Аба тазалыгы тамактан зарыл,
Айлана кооздугу курорттон зарыл.

Ажал алаңдаганды алат,
оору салаңдаганды алат.

Татыгы менен ичкен тамак талабына жеткен өмүр.

Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт,
ичи ооруган күлкү сүйбөйт.

Көзүң ооруса, колуңду тый,
ичиң ооруса тамагыңды тый

Дары – чөптөн, акыл көптөн.

Дүлөй болбос үчүн кулагыңды сакта.

Коркокко бир ок көп,
Баатырга миң ок аз.

Эр болсоң – көк бол,
Сөзүңө бек бол.

Адамды эмгек гана бактылуу кылат.

Эмгек – адамдын өмүрү.

Эмгек үстү – күлкү, күлкү арасы – өмүр.

Демдүү иштесең дендүү жүрөсүң,
Балдырап бош жүргөн адам дартка тез чалдыгат.

Ким эмгекти сүйсө, аны ден соолук сүйөт.

Таза аба жуткуң келсе, эрте тур,
Таза өмүр сүргүң келсе эмгек кыл.

Эмгектен булчуң толот.

Берилип иштегендин бели оорубайт,
Коркпой иштегендин колу жоорубайт.

Адамды адам кылган асыл эмгек,

Жалкоого шылтоо көп.

Бекерчиден безе кач.

Эмгексизге ыракат жок,

Күз – күрөш, жаз – жарыш.

Акыл – алтын, ой – күлүк.

Акыл – баштан чыгат, асыл – таштан чыгат.

Жамгыр менен жер көгөрөт,
Эмгек менен эл көгөрөт.

Кылыч курал эмес, акыл курал.

Көз коркок, кол баатыр.

Эр эмгегин жер жебейт.

Жигиттин түсүн айтпа, ишин айт.

Ачуу душман, акыл – дос, акылыңа акыл кош.

Кеңешти акылдуулардан сура.

Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет.

Ой – күлүк, дүйнөнү айланат.

Өзүң билбесең, билгенден ук.

Баатыр кол баштайт, чечен жол баштайт.

Ийне көзүнөн сынат, адам сөзүнөн сынат.

Суу атасы – булак, сөз атасы – кулак.

Билбегендин билеги оорубайт.

Кыймылдаган кыр ашат.

Эгизден төл өсөт, эмгек менен эр өсөт.

Билимдүүнүн сөзү өткүр,
Мергенчинин көзү өткүр.

Эмгекти сүйбөгөн адам, – эси жок наадан.

Куш канатсыз, адам эмгексиз жашай албайт.

Эмгек – эрдин көркү,
Эр – элдин көркү.

Эр – элдин көркү,
Токой – жердин көркү.

Кыздын кырк чачы улуу.

Тоону, ташты сел бузат,
Адамзатты сөз бузат.

Элин сагынбас эр болбойт,
Үйүрүн сагынбас ат болбойт.

Эр энеден туулат,
Эл үчүн өлөт.

Кен асылы жерде,
Сөз акылы элде.

Күзүндө чыгынбаган,
Кышында жылынбайт.

Көз-коркок, кол-баатыр,
Жаз-жарыш, күз күрөш.

Акыл – тозбос тон,
билим – түгөнбөс кен.

Окусаң озорсуң, окубасаң тозорсуң.
Ой түбүндө алтын бар,
Ойлой билсең табасың.

Күч кетет, билим кетпейт.

Акылы бар билимди самайт,
Акылы жок кийимди самайт.

Ата даңкын тузу арам уул булгайт,
Эне даңкын кара бет кыз булгайт.

Мал көтөрөт өлүмдү,
Дос көтөрөт көңүлдү.

Ынтымак достордун жолун ачат,
Ынтымак болбосо ырыскың качат.

Жакшы кыз – жакадагы кундуз,
Жакшы жигит – көктөгү жылдыз.

Атаны сыйлаган абийир табат,
Энени сыйлаган элге жагат.

Атанын уулу болуш – урмат,
Элдин уулу болуш кымбат.

Акылы жок уйкучу,
Санаасы жок күлкүчү.

Бака майрыгын билбей жыланды ийри дейт.

Калп ырыс кесет, кайгы өмүрдү кесет.

Калптын казаны кайнабайт.

Актын иши оң болот,
Каранын иши кор болот.

Тоодой караны томуктай ак жеңет.

Жакшы жигит эл камы үчүн жүгүрөт,
Жаман жигит өз камы үчүн жүгүрөт.

Акылдуу мактанса, ишти тындырат.
Акмак мактанса бутун сындырат.

Өз камын ойлогон өспөйт,
Эл камын ойлогон көктөйт.

Жүк жүктөбө торпокко,
Жолдош болбо коркокко.

Чөптү кордосоң көзгө зыян,
Тишти кордосоң сөзгө зыян.

Жашыңда кылжың болсоң,
Карыганда мылжың болосуң.

Жаштык бар жерде жалын бар.

Өзүңдү эр билсең, өзгөнү шер бил.

Атаң алтымышка чыкканда,
Алдап-соолап күчүн ал.

Жаш жигиттин уялганы – өлгөнү.

Жакшы көргөн досуңдун,
Атын алба, тайын ал.

Уста менен дос болсоң, наркескенин алаарсың,
Митаам менен дос болсоң, бир балаага калаарсың.

Талпак салганга талпак сал,
Олпок салганга олпок сал.

Суу менен ойносоң, чөгөсүң,
От менен ойносоң, күйөсүң.

Кекчил болбо, эпчил бол.

Бай даңкы менен кедей күчү менен жашайт.

Короодо малы бардын колунда күчү бар.

Арык семирет, ач тоюнат.

Жардынын бир тоюнганы орто байыганы.

Базар барга таттуу, жокко ачуу.

Базары жакын байыбайт,

Калп айткан киши жарыбайт.

Соодада достук жок.

Жолдошун таппаган эр азат,
башчысын таппаган эл азат.

Улук болсоң – кичик бол,
бийик болсоң – жапыс бол.

Аракет кылсаң, берекет болот.

Кулдай иштеп, бийдей жаша.

Мээнетиң катуу болсо,
тапканын таттуу болот.
Эмгектен арыктасаң,
түшүмүнө семиресиң

Жаман атты жакшы бакса, тулпар болот,

Жаман кушту жакшы бакса, шумкар болот.

Катуу жерге суу турат, кайраттуу эрге мал турат.

Мал баккан ток болот, мал бакпаган жок болот.
Аракет кылсаң берекет болот.

Жигитке жетимиш өнөр аз.

Иштесең тиштейсин

Кылганың киши (бирөө) үчүн болсо,
үйрөнгөнүн өзүн үчүн.

Жети өлчөп, бир жолу кес.

Уста менен дос болсоң,  нар кескенин аласың

Акылдуу элге тартат,
Акмак тууганына тартат.

Ата баласы болгондон элдин баласы болгон артык.

Атың барда жер тааны, атан барда эл тааны.

Ат тойгон жерине качат,
азамат туулган жерине шашат.

Балаң жакшы болсо – эл башы,
балаң жаман болсо – эл душманы.

Бир күн туз таткан жериңе миң күнү салам айт.
Жер бай болсо, эл да бай.

Туулган жердин топурагы алтын.

Эл мазар, элден кеткен азар.

Көптүн тилеги көл болот.

Ырыстын алды ынтымак,
ынтымагың жок болсо,
алдыңан таяр алтын так.

Үйдө өлгөн жаман ат, жоодо өлгөн салтанат.

Жоого жаныңды берсең да, сырыңды бербе.

Уят өлүмдөн катуу

Эрге берсең ашыңды, эрлер сыйлар башыңды.

Эр жигит үйдө туулат, жоодо өлөт.

Эр жигит эл четинде, жоо бетинде.

Эркек болсон сөзүңө тур.

Аңдышкан айыл болбойт,
эсептешкен дос болбойт.

Эсептүү дос айрылбайт.

Көз коркок,  кол баатыр.

Көзү сокурга жолуксаң жолук,
бирок көөдөнү сокурга жолукпа.

Унчукпасан үйдөй балээден кутуласын.

Айбанды кулагынан ажыратат,
адамды сөзүнөн ажыратат.

Баатыр кол баштайт, чечен жол баштайт.

Ийне көзүнөн сынат, адам сөзүнөн сынат.

Өнөр алды – кызыл тил.

Алты күн ачка калсаң да, атаңды сыйла.

Атасы бардын ырысы бар.

Кыздуу үйдө кыл жатпайт.

Кызга кырк жерден тыюу салынат.

Уул жакшысы урмат, келин жакшысы келбет.

Адеби жок жигит, жүгөнү жок атка окшойт.

Байлоодогу ит  ууга жарабайт.

Жакшы ат камчы салдырбайт.

Жакшынын пайдасы тиет,
жамандын кесепети тиет.

Жакшынын сыры ичинде,
жамандын сыры сөзүндө.

Нысапсызга кашык берсе беш уууртайт.

Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт.

Бала оюнга тойбойт, жалкоо уйкуга тойбойт.

Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң  камчы.

Жалкоонун жообу көп.

Эшектин жүгү жеңил болсо жаталак болот.

Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч.

Аш калса калсын,  иш калбасын

Иш дегенде ишкен ашын жерге коёт

Барга мактанба, жокко чүнчүбө

Бекер жүргөнчө, бекер иште.

Бир карын майды бир кумалак чиритет.

Бир тоокко да жем керек.

Жакшы өлсө баары өлөт,
жаман өлсө бири өлөт.

Жакшы ат камчы салдырбайт

Жөн туруп аласа болбо, ар ким чыгат төбөңө.

Жолго чыксаң жол азыгын камда

Жолдош болбо айгакка, мүдүрүлтөт тайгакка

Жыгылган күрөшкө тойбойт.

Итке темирдин кереги жок.

Ийгиликтин эрте кечи жок.
Колуң менен кылсаң, мойнун менен көтөрөсүң

Конокту сыйласаң, атын да сыйла.

Кумурска кичинекей болсо да кайраты
тоо аңтарат.

Күлүктүн тери тургабайт,
эркенин жашы кургабайт.

Ой карыбайт, алтын чирибейт.

Өзүндү эр ойлосон, өзгөнү шер ойло.

Бут кийимиң тар болсо,
дүйнөнүн кеңдигинен не пайда.

Сабырдын түбү сары алтын.

Сабыр кылсаң тоодой балээден кутуласын

Сууну көп кечсең балчык болот,
сөздү көп сүйлөсөң тантык болот.

Төгүн жерден өрт чыкпайт.

Тандаган тазга жолугат.

Уяты жоктун ыйманы жок.

Уялчаак өз ырыскысынан кур калат.

Эрте турсаң алдыңан күн чыгат,
кеч турсаң алдыңан түн чыгат.

# ЖОМОКТОР

# VII. КЕРЕМЕТТҮҮ ЖОМОКТОР

## ТӨШТҮК

Илгери-илгери, кыргыз элинин кыпчак уруусунан Элеман аттуу адам болуп, ал Опол тоо жакты жердеген экен. Өзү аябаган бай экен, төрт тарабы шай экен, тогуз уулу бар экен. Айдан-ай, жылдан-жыл өтөт, а-бу дегиче Элемандын тогуз уулу бой тартып, эрезеге жетет. Ошондо «Уул үйлөндүрмөк парс, кыз узатмак карыз» деген эмеспи деп Элеман алты кулач ала атын минип, алты жылдык күл азык алып, тогуз кыздуу киши таап, тогуз уулун үйлөндүрмөк болуп, кыз издеп жолго чыгат.

Элеман төгөрөктүн төрт бурчун айлана кыдырып, эже-сиңдилүү тогуз кыз таппай, айласы кетет. Акыры арып-ачып, чаалыгып-чарчап, аты ыргайдай, өзү торгойдой болгондо Орускан аттуу хандын шаарына кез келип, конок айттырып, анын үйүнө келип түшөт. Элеман илинип турган сегиз сөйкөнү көрүп, «аттиң ай» деп бармагын тиштейт. Кайра ойлонуп үйдүн ичин тегерете караса, жүктүн бурчунда жалгыз сөйкө илинип турат. Аны көрө сала «бырс» этип күлүп жиберет. Эламанды байкап турган Орускандын алачыктай байбичеси «аягымдан кир, ашымдан кыл таптыңбы, эмне күлдүң?» деп сурады эле, анда бай: «Ээ байбиче күлдү деп айып этпе, издегеним ушул үйдөн табылды. Менин да тогуз уулум

бар, бир кишинин тогуз кызы болсо алып берейин деп издеп жүргөм. Сегиз сөйкөнү көрүп, бирин таба албай капаланып отурдум эле, дагы бир сөйкөнү көрүп, ошого кубанып күлдүм. Сегиз кызыңызга сегиз уулум, балдарымдын кенжеси, Төштүк касиеттүү кул эле, ага кичүү кызыңызды баш байлайын» – деди.

Куш салып кеткен Орускан кечинде үйүнө келип, Элеман байды жакшылап конок кылды. Элеман бай ага жөн-жайын түшүндүрүп, «менин тогуз уулум бар, тогуз кызыңызга куда түшөйүн» – деди. Анда Орускан – «Элеман, куда болоруң чын болсо, кудалыкка жарагын, жай жайлоочу жайымды, кыш кыштоочу кыштоомду малга толтур. Эшигимдин алдына эки чынар терек орнот, бири күмүш, бири алтын болсун, биринин булбулу экинчисине сайрап учуп конуп турсун. Андан башка эшигимдин алдына бир май көл, бир сүт көл орнот. Биринин чабагы экинчисине секирип ыргып түшүп турсун. Ушуну аткарсаң, тогуз кызымды тогуз уулуңа беремин» – деди.

Бул калыңды угуп, Элеман бай алдырап: «Балдарыма кеңешейин, ошондон кийин жооп берейин», – деп, үйүн көздөй жөнөдү. Балдарына барып, Орускандын жөнүн айтты. Элемандын балдары «малды го эптеп табабыз, май көл, сүт көл, чынар теректи кантип орнотобуз? Булбулду кантип табабыз?» – дешип, таң болуп отурушту. Ошондо Төштүк «баарын мен табам, бул оңой эле иш. Жылкы атасы Боз айгыр менен жылкы энеси Боз Бээни Орускандын өрүшүнө алып барып союп, каны менен жинин чачып ийсеңер, айтканынын баары орундалат» – деди.

Төштүктүн сөзү менен Элемандын балдары касиеттүү айгыр менен бээни алып, түн ичинде Орускандын өрүшүнө союп, Төштүктүн айтканындай кылып канын чачып кайтышты. Орускан эртең менен турса айтканынын баары орундалып, ой да, тоо да малга толуп, май көл, сүт көл орноп, алардын балыктары биринен-бирине секирип тү-

шүп турат. Чынар терек асман тиреп, булбулдары сайрап жатат.

Элеман бай кабар алууга келди. Айтканынын баары орундап, көңүлү жайланган Орускан: «Элеман бай, эми коюңду союп, келиндериңди алып кет» – деди. Элеман бай тогуздап мал союп, Ала-Тоодой эт кылып, Ала-Көлдөй чык кылып, чоң той берип, ачарыктарды тоюнтту, тойго келген балдар торпокко жүктөп эт алды, эл арасында «Элемандын тоюндай» деп кеп калды.

Ошондо Элемандын эр Төштүгү тойго келбей үйүндө калыптыр. Ошондон улам кыргыз элинде «Төштүкчө катынды үйүндө алабы?» деген лакап айтылып, калган экен. Кырк күн дегенде тойдун тамашасы бүтөт. Эртеси Элеман сегиз келинин көчүрүп жөнөйт. Ал эми сегиз кыздын кенжеси, бир кудайдын эркеси, Кенжеке атасына алаамат салды. Чаар ингенге себимди артпай, Чалкуйрукту алдыма минбей, Куйту күңдү жаныма албай, ок өтпөгөн Кыл торко тонду, Көк жеке өтүктү кийбей атамдын байлыгын, мартабасын эл билбей, үйдөн чыкпаймын деп бүк түшүп ыйлап, көчтү токтотуп, өргөөсүнүн түндүгүн тартпай жатып калды. Орускан ары чалып кепке салды, бери чалып кепке салды. Акыры аялына мындай деп акыл салды: «Барып кызыңды көндүр, мени элге күлкү кылбай тезирээк аттансын. Кыз бала душман дегени чын белем, жылкымдын атасы – Чалкуйрук, төөмдүн куту – Чаар инген, аларды коюп, калган малымдан канча кааласа алсын. Жоого аттансам, жолдош болор, көзүм өтсө, атадан балага калар мурас, Кыл торко менен Көк жекени таштап, жети кабат казынамдан каалаган буюмун алсын, душманчылыгын көрсөтпөсүн» деди. Энеси барып кызына атасынын сөзүн айтты эле, Кенжеке ыйлап туруп: «Атам мени эрге берген жок, шорго берди. Төштүк менен жети күнү жолдош болбой, жети жылга айрылып, жети жылы жесир отурам.

Ошондо Төштүккө адамдан эстүү Чал куйрук арка болор деп суратып жатам» деди. Орускан муну угуп, кызымдын сураганы жөн экен, ыйлаганы эп экен деп, тогуз кыздын кенжеси Кенжекеге ок жетпеген, кырк эки жандуу Чалкуйрук атты мингизип, Чаар ингенге жүк артып, Кер байталга мингизип, Куйту күндү көч менен кошо жөнөтөт. Көч узай бергенде Элеман Төштүк берип жиберген болот өгөөнү кичи келинине тапшырды. Ал өгөө жөнөкөй өгөө эмес, касиеттүү өгөө эле. Төштүк төрөлгөндө энесинин курсагынан кошо түшкөн болучу. Кенжеке аны бек катып алды. Ошентип көч жүрүп отуруп бир суунун жээгине келет. Ал күнү суунун жээгине тогуз өргөө тигип, өр алышат да, эртеси андан ары жол тартышат. Ошондо сөөлөт менен көчүп келаткан ‘көч алдынан Түштүктү көрүп, ага ашык болуп калган перинин кызы Бектору тосуп чыгып, Кенжекеге тийиштик кылат:

– Минген атың Чалкуйрук,
Маарек болсун, кут болсун, Кенже!
Жетелеген Чаар инген,
Маарек болсун, кут болсун!
Ээрчиткениң Куйту күң,
Маарек болсун, кут болсун!
Үстүңдөгү Кыл торко,
Маарек болсун, кут болсун!
Бутуңдагы Көк жеке,
Маарек болсун, кут болсун!
Кошулганың алп Төштүк,
Маарек болсун, кут болсун!

Бекторунун күнүлүгү бар экенин аяр катын Кенжеке алдын ала билчү экен, ошондо ачуусу келип:

– Минген атым Чалкуйрук,
Атакем берди, мен миндим.
Сеникин тартып алдымбы, долу?
Жетелеген Чаар инген,
Атакем берди мен алдым,

Сеникин тартып алдымбы, долу?
Ээрчиткеним Куйту күң,
Энекем берди мен алдым,
Сеникин тартып алдымбы, долу?
Үстүмдөгү Кыл торко,
Энекем берди мен алдым,
Сеникин тартып алдымбы, долу?
Бутумдагы Көк жөкө.
Энекем берди мен алдым,
Сеникин тартып алдымбы, долу? –
деп кагып салып бастырып кетет.

Көч жүрүп отуруп, намаздигер ченде бир чоң сууга келип жетет. Элеман: «Жүктү түшүрүп, өргөө көтөргүлө», – деп буюрат. Кенжекенин чый-пыйы чыгып: «Атакеме айт, ушул жерден өтүп барып өрүш алсын» деп киши жиберет. Элеман: «Келбей жатып, кепке-сөзгө аралашканын кара» деп болбой коет. Кенжеке көзүнөн жашын чубуртуп, бирок айласы канча, алеки саатта өз өргөөсүн тиге салып, түтүн булатат. Элеман: «кап ушул келинде бир касиет бар көрүнөт, сөзүн угуп койсом да болмок экен. Эми болору болду» деп коюп, жатып калат. Элеман эртеси эрте туруп, аттарды сугарып турса, сууда бир өпкө агып келе жатат. Өпкөнү укурук менен сайгылаcа, токтобойт, түшө калып колу менен кармаса, өпкө жети баштуу желмогуз кемпир болуп абышканы көтөрүп уруп, көөдөнүнө минип алып желе баштайт. Ошондо Элеман кемпирге жалынып: «Үңкүр толгон пулум бар, короо толгон коюм бар, өрүш толгон жылкым бар, жайыт толгон төөм менен уюм бар, баарын сага берейин, жанымды кой» деп жалынат.

– Сен ошондо үңкүр толгон пулуң, короо толгон коюң, өрүш толгон жылкың меники эмей кимдики –

деп ыгырып-ыгырып алганда чалдын оозунан буудак-буудак кан чыкты. Элемандан ал кетти: – «Көчүрүп келе жаткан тогуз келиним бар, баарын берейин, жанымды кой» деди. Кемпир ага дагы

болбоду эле, Элеман «сегиз уулум бар, баарын берейин, жанымды кой!» деди. Кемпир ага дагы болбой ыгырып-ыгырып алды. Ошондо Элеман ыйлап туруп мындай деди:

Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын пендеси
Төштүгүмдү берейин.

Жез кемпир Элеманды кое берип: «Бая эле ошентпейсиңби, Төштүктү мага кандайча кылып бересиң?» деди. Элеман: «Төштүк төрөлгөндө өзү менен бирге энесинин курсагынан түшкөн болот өгөө бар, эртең көч жөнөгөндө өгөөнү түп тулганын түбүнө сайып кетем. Аны издеп Төштүк келет, ошондо кармап ал» деди.

Көч жөнөрдө Элеман Кенжекеден: Жүгөнүмдүн кадаасы чыгып кетиптир, кадап алайын, өгөөнү алып бер» деди. Кенжеке бери карап күлүп, ары карап ыйлап туруп, өгөөнү алып берди. Аңгыча көчдүн алды узай берди. Кенжеке кете албай кылчактап; «Өгөө бошосо сандыкка салайын» деп сурады эле, Элеман: «Азыр бошой элек, бастыра бер деп койду. Кенжеке Чаар ингенди оодара жүктөп, оңдогон болуп тулганын түбүндөгү өгөөнү алсам деп аттанбады. Аны кайнатасы байкай коюп: «Келбей келин баштарбы, жер ыраак жете конобуз, бастыргыла» деди. Кенжеке кайнатасынын сөзүнө ызаа болуп: «Жетимиштеги атасынын жаны аялуу болсо, мейличи» деп чү коюп бастырып кете берет экен.

Көч жүрүп отуруп, эл четине жакындап калганда Төштүк көчтүн алдынан тосуп чыкты эле, Кенжеке:

– Кызыл куурай кыякчы,
Кыяктын үнүн укпаймын,
Кыйкаңдатпай оолак тарт, Төштүк!
Чогоно куурай чоорчу,
Чооруңдун үнүн укпаймын,
Чойкоңдотпой оолак тарт, Төштүк!
Атакемдин төрүндө, Төштүк!
Энекемдин колунда, Төштүк!

Же шыбыраша сүйлөшүп, Төштүк!
Же шыңкылдашып күлүшүп, Төштүк,
Сенин эч урматың көрбөдүм, Төштүк! –

деп буркурап-боздоп ыйлап, Төштүктү жанына чеңдетпей койду. Кенжеке айлына барып үйүн тикти. Төштүк үйүнө кирсе да даарытпады. Буга ал капаланып: «Атам бир долуну мага алып келген экен» деп, желенин жанына барып жатып алат.

Эртеси Элеман чоң той берип, Ала-Тоодой эт, Ала-Көлдөй чык кылды. Тойго кырк уруу журттан эл чакырылды. Ошентип, той аяктап, жети күн өтүп, сегизинчи күнгө аяк басканда гана Кенжеке долу жибип, Төштүктү кепке-сөзгө алып:

– Алтымышта атакең жаны аялуу,
Алдейлеген алп Төштүк,
Сенин жаның аёсуз,
Жетимиште атакең жаны аялуу,
Жетилип келген алп Төштүк
Сенин жаның аёсуз, –

деп көчкөн журттагы тулганын түбүндө калган болот өгөөнүн жайын айтты. Эртеси Кенжеке Төштүккө: «Өгөөгө минип бара турган атыңды алып кел!» деди. Төштүк жайытка барып алты аяктуу ала атты алып келди эле, Кенжеке атты көрүп:

– Карган бээнин баласы,
Картасы кыска мал экен,
Алты күнү жол жүрсө
Ичи катчу неме экен.

Бул жорго жарабайт, дагы башка атың болсо алып кел дейт. Төштүк жайытка барып, жети аяктуу жердени алып келди эле, ал да Кенжекеге жакпады:

– Жети аяктуу жээрде,
Байтал бээнин баласы,
Маңдайы жука мал экен,
Жети күнү жол жүрсө
Жеттигип калчу неме экен.

Эки-үч таң ашканга туруштук бере албайт. Дагы башка атың барбы?» дейт. Төштүк «жок» дейт. Анда Кенжеке:

– Катындын аты дебесең,
Чалкуйрукту мин, Төштүк!
Катындын тону дебесең,
Кыл торкону кий Төштүк!
Катындыкы дебесең,
Көк жекени кий Төштүк! –

дегенде Төштүк макул болду. Ошентип, Кенжеке Төштүккө ок жетпеген Чалкуйрукту токуп мингизип, ок өтпөгөн Кыл торко тонду жана Көк жекени кийгизип: «Эрдигиң бар, эсиң жок Төштүк, элирип кете көрбөгүң, адамдан эстүү Чалкуйрук адашсаң оңго салар, алдансаң жөнгө салар. Аттын сөзү дебестен, айтканына көнө көр. Сени Чалкуйрукка тапшырдым. Чалкуйрукту кудайга тапшырдым» деп батасын берип буркурап ыйлап кала берди.

Төштүк Чалкуйрукту минип, журтта калган өгөөнү көздөй жөнөдү. Ана-мына дегиче, ачып-көздү жумгуча, журтка жакындап калды. Ошондо адамдан эстүү Чалкуйрук адамча сүйлөп:

«Түп тулганын түбүндө бир кемпир ийик ийрип отурат. Мен ооз жарма үйрөнбөгөн тай болоюн, сен алты жашар бала болгун. Желмогуз кемпирге барганда, «Ассалоом алейкум, эне киши!» де, кемпир: «Алейкима салам, алеки бала киши. Ата балам, саламың болбосо саргартар элем» дейт. «Атаа, эне алигиң болбосо алсыратар элем» деп сен айт. «Энеке мына бул өгөөнү алып берчи, мингеним ооз жарма ылоо тай эле түшсөм аттана албайм, аттансам түшө албайм» де. Кемпир: «Олтурсам туралбаган, турсам отура албаган бир кемпир элем, өзүң түшүп ала кой» дейт. Ошондо мен боз коёндой жапыз болоюн, сен боз куштан илгир бол, кемпирдин жети башын ыргыта чаап, өгөөнү илип алсаң, бизге кудай бергени, ала

албасаң бизди кудай урганы, Чалкуйрук үйрүн, сен үйүңдү көрбөйсүң» дейт.

Төштүк кемпирдин жанына барып айтышып туруп, алты башын кылыч менен кыя чапты. Кемпир качып берди. Төштүк артынан кубалап калды. Аттын туягынын дабышынан тоо жарылып, көл болду. Тоодой таштар үбөлөнүп, кумга айланды, аңгыча кара жер как жарылып кемпир жер астына кирип кетти. Төштүк кууп артынан кошо кирди. Көрсө, желмогуз кемпирдин Төштүккө келишинин себеби мындай экен. Жер алдындагы Урумкандын Узун чач аттуу кызы жер үстүндөгү тогуз уулдун кенжеси, Элемандын эркеси Төштүккө ашык болуп калат да: «Төштүктү азгырып алып кел» деп, Жети баштуу желмогуз кемпирди жиберген экен.

Төштүк жер алдын кыдырып жүрүп отурса, тээ алыстан бир тоо көрүнөт. Жакын бастырып барса, тоо эмес, дөө көрүнөт. Көрсө ал Урумкандын Ак тулпар деген аты, алты баштуу Айкулак аттуу алпы экен. Төштүк жер алдына түшүптүр деген кабарды угуп, «аны менен кармашам» деп, анын жолун тосуп, күтүп жаткан экен. Аңгыча Айкулак алп: «Катындын атын минген, катындын тонун кийген, Төштүк сага жол болсун? Айкулак аттуу алпты уккан жок белең. Алың болсо, алышка түш, күчүң болсо күрөшкө түш» деп айкырат. Ошентип экөө ат үстүндө жети күн, жети түн кармашты. Аттары чарчап, жүрбөй калды. Атчан эч алыша албай, жөө күрөшкө түшүштү: Алышканы айры кезең, сүрүшкөнү сүйрү кезең болуп, тополоң болуп тоо көчтү, мунар болуп боз түштү. Акыры Төштүк Айкулакты көтөрүп ыргытып, алачыктай ак таш менен башын жанчып өлтүрмөк болгондо Айкулак жалынып: «Төштүк мени кыйнабай өлтүр, батегимдин алдында, көк желкенин үстүндө алты бүктөлүп ак албарсым бар, ошону бек көтөрүп, аста таштап башымды ал» дейт. Чалкуйрук «Сабыр кыл баатыр» дегиче Төштүк ач албарстыны

алып катуу шилтеп калды эле, алптын башын алып, ач албарс жер алдына түшүп кетти.

Төштүк Айкулакты өлтүрүп, андан ары кетип бара жатса, жолдон бир адам жаасын чоюп асманды карап турат. Төштүк келип, тигинин жөн-жайын сурады эле, ал: «Көзгө атар Маамыт деген менмин. Жер үстүнөн Элеман байдын эр Төштүк азып, чарчап келатат дегенди угуп, аны жети жылы туу калган казды атып конок кылайын деген элем, мени жаздырып коё жаздадың» дейт. Анда Төштүк: «Ошол сен күткөн Элемандын Төштүгү менмин» дейт. Ал жерден тиги киши асмандагы жети жылы туу калган казды атып түшүрүп, конок кылат. Төштүк көзгө атар Маамыт менен достошуп, андан ары жөнөп кетип бара жатса, алдынан бир жейренди кубалаган адам чыгат. Ал жейренге жете келип, башынан секирип кетет да, кайта кубалап калат. Төштүк бул эмнеси деп таң калып, жанына келип: «Сен эмне кылып жүргөн адамсың?» деп алигинин жайын сурады. Анда тиги жейрен кубалаган киши: «Жейрен секиртпес Маамыт деген менмин, жер үстүнөн Элеман байдын эр Төштүгү келатат дегенинен аны конок кылайын деп, күтүп жаттым эле» деп жейренди союп, Төштүк менен достошот.

Төштүк андан жөнөп бара жатса, бир дайраны бир ууртап алып кургак жерге төгүп коюп, бир адам жолдо отурат. Төштүк: «Сен эмне болгон адамсың?» дейт. Анда тиги адам: «Аты арып, өзү суусап, жер үстүнөн Төштүк келатат дегенинен таза суу даярдап, күтүп отурдум эле, көл ууртар Маамыт мен болом» дейт. Төштүк көл ууртар Маамыт менен достошуп андан ары жөнөдү.

Кетип бара жатса, бир дарыянын боюндагы Чынар терекке оролушуп бир ажыдаар теректин башына чыгып бара жатат. Төштүк теректин башын карап, чыпылдап турган Алпкаракуштун эки балапанын көрөт да, ажыдаарды атып өлтүрөт. Ажыдаарды бө-

лө-бөлө чаап, аны көтөргөн бойдон уяга чыгып барса, Алпкаракуштун балдары сүйүнүп тосуп алышты да, мындай дешти:

«Энебиз келер маалга жакын калды. Сени катып коёлу, ачуусу таркагандан кийин көрсөтөбүз». Ошентип балапандар ажыдаар менен Төштүктү канатынын алдына катып, коёт. Бир мезгилде күн бүркөлүп катуу шамал болуп, мөндүр төгүп өтөт. Аңгыча бир чоң кара неме чынар теректин башына келип конду эле, теректин башы үч жолу жерге тийип, үч жолу асманга көтөрүлүп барып ордуна келди. Көрсө Алп каракуш учуп келген экен, төгүлгөн мөндүр анын көзүнүн жашы экен, Алпкаракуш балдарын көрүп, алардын аман калганына сүйүнүп: «Ээ балдарым, кандайча ажыдаардан аман калдыңар?» деп сурады. Балапандар: «Эне, жакшылыкты мурун көрсөтөлүбү, же жамандыкты мурун көрсөтөлүбү?» дешти. Алпкаракуш: «Жакшылык кылганга башым токмок, каруум казык, болгуча жакшылык кылам. Элден мурун жамандык кылганды көрсөткүлө» деди. Балапандар ажыдаарды көрсөттү эле, Алпкаракуш аны ап эттирип жутуп жиберип: «Эми жакшылыкты көрсөткүлө» деди. Төштүктү көрсөткөндө аны да жутуп жиберет. Балапандардын чыйпыйы чыгып: «Өлгөн жаныбызды тиргизген, өчкөн отубузду тамызган кишини кайра кус» деп ыйлап энесинин тамагын тыткылап жиберишет. Алпкаракуш өкүнүп: «Атаа, балдарым ай, баштагыдан да эр болот эле, ок өтпөс, кылыч кеспес кылат элем, кичине коё турбай» деп кайра кусканда Төштүк баштагыдан да нурдуу болуп түшөт. Ошондо Алпкаракуш жүнүнөн бир тал жулуп берип: «Башыңа кыйын иш түшсө ушул бир тал жүндү түтөт, мен даяр боломун» деди. Төштүк андан ары жөнөп отурса, бир ак жолборсту бир кара кулак кабылан шер такымдап кууп келе жатат. Төштүк далдааланып туруп «качканды атпай, кууганды атайын» деп кара кулак кабыланды атып жиберди эле, ал кулап түш-

тү. Аңгыча качкан жолборс жүгүрүп келип: «Досум, Төштүк жакшылыкка- жакшылык, жардамым тиер, качан башыңа кыйын иш түшсө, түтөтсөң, мен даяр болом» деп мурутунан бир кыл жулуп берди.

Төштүк андан ары жөнөп отурса, алдынан калың токой чер кезигет. Черди аралап бара жатса, аюунун үч баласы кыңылдайт. Төштүк караса буттарына чөнөр кирип, ириңдеп кетиптир. Аны алып таштады эле, жандары жай алып калды. Эне аюу Төштүк менен достошуп, «Башыңа кыйынчылык келсе, муну түтөт, ошо замат мен даяр болом» деп бир мурутун жулуп берди.

Төштүк андан жөнөп олтуруп, Урумкандын шаарына барат, ханга жуучу салып: «Узун чачын мага берсин» деп ай1*?ырат. Анда Урумкан «Мен Төштүктөн мал албайм, мөөрөй коем, ошого жараса берем. Биринчиси – менин жолборсума жолборс таап келип күрөштүрсүн» деди. Төштүк баягы кылды түтөттү эле, жолборс досу дароо даяр болду. Ачыккан жапайы жолборс Урумкандын тоодогу жылкыларын тоодон кырды, ойдогу жылкыларын ойдон кырды. Андан эки жолборсту күрөштүрдү эле, Төштүктүн жапайы жолборсу хандын бакма жолборсунун мойнун сый тиштеп салды.

Анда Урумкан: «Экинчи мөөрөйдүн шарты – бул. Менин бир илбирсим бар, ошого илбирс таап келип күрөштүр» деди. Төштүк баягы кылды түтөттү эле, илбирс досу дароо даяр болду. Ачыккан илбирс койчубу, Урумкандын ойдогу койлорун ойдон, тоодогу койлорун тоодон кырып хандын бакма илбирсинин мойнун сый тиштеп, кете берди.

Урумкан: «Үчүнчү мөөрөй бакма карышкырым бар, карышкыр таап келип, кармаштыр» деди. Төштүк баягы карышкыр досу берген кылды түтөттү эле, карышкыр досу даяр болду. Урумкандын калган каткан койлорун кырып, беттештиргенде бакма карышкырдын мойнун сый тиштеп баса берди.

У р у м к а н: «Төртүнчү мөөрөй, бакма аюум бар, аюу алып келип кармаштыр, төйдун эти бышкандай тоодой отун жый» деди. Төштүк кылды түтөттү эле, досу отуз аюуну айдап, аюуларга отунду жүктөй келди. Жапайы аюу Урумкандын аюусунун мойнун сый тиштеп өлүм кылды.

У р у м к а н: «Бешинчи мөөрөй, Ит ичпестин Ала-Көлүнүн түбүндө кырк кулактуу миз казан бар, ошону алып кел, эт салып бышырабыз деди. Төштүк көлдүн боюна барып чечинип» казанды алып чыгам деп, түшмөк болду эле, адамдан эстүү Чалкуйрук күйүп күл болду:

Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эчтеке менен ишиң жок.

Ит Ичпестин Ала-Көлү оңой жоо эмес, көлгө мен түшөм жети күнү күт. Жети күн дегенде көлдүн үстүнөн ак көбүк оргуштап чыкса, кудай бизге бергени, кан аралашып оргуштаган көбүк чыкса, мен үйрүмдү, сен үйүңдү көрбөйсүң деп, Чалкуйрук көлгө кирип кетти. Ал көл жээгинде жети күн күттү. Жети күн дегенде көлдүн үстүнөн кан көбүк толкуп чыкканда Төштүк коркуп:

Ит Ичпестин Ала-Көл,
Аталуу көлүм сен болсоң,
Айтылуу Төштүк мен болсом,
Жолоочунун жалгыз атын бер деймин,
Жалгыз атын бербесең,
Айры кетмен албасам,
Алты арыкка бурбасам,
Төштүк атым курусун
Жебелүү кетмен албасам,
Жети арыкка бурбасам,
Төштүк атым курусун,
Эгерде ага болбосоң,
Айры кетмен аламын,
Алты арыкка бурамын,
Жебелүү кетмен аламын,

Жети арыкка бурамын,
Түбүң менен соолтуп,
Түгөл чалчык кыламын.

Көл ууртар Маамытка уурттатып, кургак жерге куйдуруп, түбүң менен соолтуп, ак чопо кылам деп, жерди тепкилеп турду дейт. Ошондо көл – көл башы менен эси чыгып толкуганда казандын бир кулагы көрүндү. Төштүк ачуусу менен алып ыргытканда Урумкандын шаарынын бир бөлүгүн суу басып, бир бөлүгүн казан басты. Муну көрүп Урумкандын эси чыгып: «Балам Төштүк, мөөрөй сеники казаныңды ал» деди. Төштүк казанды алып, кайта көлгө ыргытып жиберди. Ошол кезде Чалкуйрук көлдөн чыгып келип:

«Эрдигиң бар эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок
Айтсам тилим албаган,
Аңкоого башым не коштум.

Кырк эки жаным бар эле, жети эле жаным калды, чымчып чөп бербей кочуштап суу бербей, казан менен алек болгонуң кандай?» деп таарынды. Төштүк аттын сөзүнө жыгылыштуу болуп, жетелеп тойгузуп, жейрендей секирип калганда Урумкандын шаарына алып барды.

«Урумкан: Алтынчы мөөрөй эми күрөш болот» деди. Урумкан өзү балбанга чыгып, Төштүктөн жыгылып калды.

Урумкан: «Жетинчи мөөрөй, эми ат чабылат» деди. Төштүк Чалкуйрукту Жейрен секиртпес Маамытка мингизип чаптырды. Баягы желмогуз кемпир жети күнчүлүк жерге ат айдап, болжогон жерге келгенде» аттар сууганча жатып эс алып алалы» деп, Маамытты алдап уктатып коюп, «чу» коюп кете берет. Кемпир кара санын камчылап бир күнчүлүк жолго барганда Чалкуйрук жерди чапчып Маамытты араң ойготот. Ал тура калса, Урумкандын аты эчак кеткен. Маамыт шашып-бушуп Чалкуйрукту

көтөрүп алып чуркап, кемпир тууга жакындаганда алдыга чыгып барат экен.

Урумкан: «Сегизинчи мөөрөй, эми жамбы атыш» деди. Жамбыны көзгө атар Маамыт атып түшүрдү.

Урумкан: «Тогузунчу мөөрөй, жер дөңгөчүм бар, ошону мүйүз саптуу шырыган кийиз балта менен жара чап» деди. Төштүк: «Эмне арга кылам?» деп, алапайын таппай, айласы кетип Узун чачка Маамыттын бирөөн жиберди эле, Узун чач колундагы алтын шакегин чыгарып берип: «Үстүртөн теңиримдин, астыртан ата-энемдин деми, колуктум Узун чачтын деми» деп жазбай чапса, тең жарылат деп айтып жиберди. Төштүк алтын шакекти оозуна салып туруп, кыздын айткандарын айтып, мүйүз саптуу шырыган кийиз балта менен дөңгөчтү чапты эле эки бөлүнүп жатып калды.

Баардык мөөрөйдөн жеңилген соң, Урумкан: «Эми мөөрөй бүттү колуктуңду ал» деп, Узун чачты Төштүккө нике кыйып алып берип жер үстүнө жөнөмөк болду. Той да бүттү, кыз-күйөөнүн аттанаар маалы жакындады. Ошондо Урумкан Төштүккө: «Эми жер үстүнө кантип чыгасың?» деди. Төштүк Алпкаракуштун жүнүн түтөттү эле: «Ээ досум, башыңа не иш түштү?» деп Алпкаракуш дароо даяр болду.

Төштүк досуна иштин жайын баяндап, «эми мени жер үстүнө чыгар» деди. Алпкаракуш макул болуп: «Мага кырк маралдын эти керек, кырк чака суу керек» деди. Көзгө атар Маамыт, Жейрен секиртпес Маамыт, көл ууртар Маамыт үчөө бир заматта кырк маралдын этин даяр кылышты. Урумкандын Узун чач кызы, Чалкуйрук, Төштүк Алпкаракуштун үстүнө отурду. Алпкаракуш алты күндө айланып жер үстүнө чыкты дейт. «Качан башыңа иш түшсө, мен даяр болом» деп, кайра тартты.

Ошентип, Төштүк жол тарта берсин, эмки сөз Чоюн кулак алп жөнүндө болсун. Жер үстүндө киндиги темир, тырмагы жез, Чоюн кулак деген аттуу

алп жашаган экен. Ал адам аттууга тынчтык бербей кордук көрсөткөндөн кийин, бүткүл адам баласы чогулуп кармап келип, терең орго салыптыр. Чоюн кулак Төштүктүн дабышын угуп, «мени чыгарып ал» деп жалынып-жалбарат. Төштүктөн аялы: «Ушуну чыгарба, акыр түбү өзүңө зыян кылат» деди эле: «Мунун колунан эмне жамандык келет» деп, Төштүк ордон чыгарып алды. Ал дароо тоого чыгып, тоо кийигин кырып, шиш кебектеп бүт жеди. Ойго түшүп ой кийигин шиш кебектеп бүт жеди. Тоо суусу менен оозун чайкады, дайра суусун соолто соруп, суусунун кандырды. Ошентип Чоюн кулак алп Төштүктүн атын токуп, отунун алып, отун жагып бир топко жүрүп калды.

Бир күнү Төштүк адетинче Чоюн кулакка: «Чалкуйрукту току» деди. Анда Чоюн кулак: «Төштүктүн атын Чоюн кулак токуйбу, Чоюн кулактын атын Төштүк токуйбу?» деп, Төштүк менен кармаша кетет. Экөөнүн алышкан жери айры кезең болду, сүрүшкөн жери сүйрү кезең болду. Акыры Төштүк көтөрүп уруп, башын таш менен жанча турган болгондо Чоюн кулак: «Мен каруу-күчүм барбы? деп сизге эркеледим эле өлтүрбөңүз» деп жалынып жалбарганынан аны өлтүрбөй коё берди.

Чоюн кулак дагы бир топко Төштүктүн атын токуп жүрүп калды. Ошол арада ой кийигин ойдон кырып, кыр кийигин кырдан кырып, дагы бир топко тамакка бордонду. Күндөрдүн күнү Төштүк «ат току» деди эле, Чоюн кулак: «Катындын атын минген кул, катындын тонун кийген кул» деп атын токубады. Экөө дагы кармаша кетти, кармаш бир аптага созулду. Төштүктүн алы кетип алдырап, шайы кетип шалдырап турду. Акыркы баардык күчүн жыйнап туруп, таш менен башын талкалап өлтүрдү да, андан ары жол тартты.

Төштүк ыкчамдай бастырып жүрүп олтурса бир төө качып келе жатат. Төө Төштүктүн жанына ке-

лип ботолоп жиберет. Төштүк төөгө айланчыктап туруп калды эле, артынан бир кызыл тору келинчек жете келди. Келиндин жөн-жайын сурады, келин: «Ушул ингендин ботолобогонуна быйыл жети жыл болду эле, кудайдын буйругу менен бүгүн ботолоп отурат. Жети жыл мурун желмогуз азгырып жер алдына түшүп кеткен Төштүгүмдүн келерине жакын калганбы, же өлөрүнө жакын калганбы, сизге жол болсун, жолоочум, кайдан келе жатасың?» дейт. Төштүк «жер астынан чыктым» деди эле, келин: «Жер алдынан чыксаңыз, жети жыл мурун кеткен Төштүгүмдү көрдүңбү?» деп сурады. Анда Төштүк сынамак болуп: «Өзүм көргөнүм жок, бирок Урумкандын шаарында уй кайтарып жүрөт деп укканым бар эле» деди.

Келин: «Жолоочум, бул сөзүңдү адам угар кеп эмес, Төштүгүм оңой эр эмес, уй кайтарса, башка киши кайтаргандыр, менин Төштүгүм уй кайтарбайт:

Чаалыган боз ат болбосо,
Чалкуйругум дээр элем,
Агала сакал болбосоң,
Алп Төштүгүм дээр элем.

деп тайлакты өңөрүп, төөнү жетелеп алып, Кенжеке үйүн көздөй кетмек болду. Келин менен кошо Төштүк да жөнөдү. «Үйүңөр кайсы?» деди эле, жепирейген сегиз чоң алачыкты көрсөттү. Төштүк барып, «атамдын үйү го деп болжолдоп, жепирейген кара алачыкка түшүп калды».

Кечинде Кенжеке Чаар ингенди саап, бир казан ууз бышырды да бардык кишиге бир аяктан берип:

«Төштүктүн арбагына да бир аяк ууз атап койгулачы» деди. Кайын атасы: «Кайдагы устуканы упат, сөөгү сөпөт болгон Төштүккө ата дейсиң» деп, жактырбай койду. Анда Төштүк: «Ээ ата, Төштүгүңдүн кандай белгиси бар эле?» деп сурады. Абышка: «Баламдын эки далысынын ортосунда алакандын отундай кызыл меңи бар эле» деди. «Анда ошол

Төштүгүң мен болом!» дегенде сегиз агасы, сегиз жеңеси, абышка кемпир баарысы Төштүктү басып жыгылып калды. Аңгыча Кенжекеге толгоо кирди. Жети күн дегенде эркек бала төрөдү. Мал союп, той берип, баланын атын Жоодарбешим койду. Төштүк азып-тонгон кыпчак элин жыйнап, үзүлгөнүн улап, бузулганын курап, жатып калды.

## ЖООДАРБЕШИМ

Илгери-илгери Кебез-Тоонун кең жайлоосунда ажыдаар менен арбашкан, желмогуз менен кармашкан, ааламдын жүзүн кыдырган Төштүк деген баатыр болгон экен. Ал сакалы агарып карыганча балалуу болбоптур.

Төштүк: «Ушул дүйнөдөн көзүм өтүп кетсе, ким калкалайт жеримди калың кыпчак элимди» деп кайгыланып жүргөндө, байбичеси Кенжекенин боюна бүтүп, жолборстун этине талгак болуп, маңдайында калы бар, арстандай жалы бар, күмүш көкүлдүү бала төрөйт экен. Төштүктүн сүйүнүчү койнуна батпай, бүт кыргызды чакырып, тоюна токсон союп, баласынын атын Жоодарбешим коет экен.

Жоодарбешим беш айында каз туруп, алты айында басат экен. Ошондо атасы: «Балама көз тийип калбасын» деп, Жоодарбешимди тогуз жашар болгончо ээн жерге бактырат экен.

Жоодарбешим тогуз жашар болгондо атасы эр кийимин кийгизип, Кылкара деген атын мингизип, жоонун жайын үйрөтө баштайт экен.

Күн өтөт, ай өтөт, жылдар өтөт. Жоодарбешимдин балтыр эти толуп, атасын тарткан тоодой баатыр болот экен. Бир күнү атасы Жоодарбешимди мергендикке алып чыгып, ак аркар атып, бөкөн кууп жүрүп: «Балам мен сага бир сыр айтайын» дейт экен. Жоодарбешим: «Ал эмне сыр? Айткын ата»,– десе,

Төштүк: «Ушул жерден жүрүп отуруп, жүрүп отуруп нечен дайра, нечен көлдөн өтүп, бир алтын булакка келесиң. Ошол алтын булактан алтын баштуу Ак аркар суу ичет. Мен

дагы атайын издеп барып Ак аркарды кармай албай келгем. Ошол Ак аркарды атып келип берсең, бул дүйнөдө ыраазымын» дейт экен.

Ошондо Жоодарбешим: «Ай жылдан жол бассам да, сага Ак аркарды алып келип беремин» деп, үйүнө келип, жолго даярдана баштайт.

Энеси Кенжеке: «Быйылча токтой туруп, келерки жылы бар. Алыскы жолго аттана турган убагың боло элек» десе, Жоодарбешим: «Мен ит көйнөгүм мойнума иле түшкөн баламын. Мен аруу тонум жонума кие түшкөн баламын. Мен атам алп Төштүктүн казабына калбаймын» деп болбой коет.

Ошондо Кенжеке көл башындай ак баштыкты уулуна берип:

– Балам, ушул жерден күн чыгышты көздөй жүрүп отурсаң, жүрүп отурсаң, Оң оюл деген жер келет, он периште тең келет. Андан кантип өтөсүң? – деди.

– Анын онун он жерге чаап таштайм – деди Жоодарбешим.

– «Андан эптеп өтөм» деди Жоодарбешим.

Кайгылуу деген жер келет, Кырк жарактуу тең келет. Мындан кантип өтөсүң балам? – деди энеси.

– Анын кыркын кырк жерге кыйрата чабамын. Андан эптеп өтөмүн энеке, – деди Жоодарбешим.

– Эчен дайра суу келет, эчен кабат тоо келет, чытырман токой чер келет, андан кантип өтөсүң? – деди энеси.

– Аны бир чагым кууну коюп өтөмүн – деди Жоодарбешим.

– Балам, андан ары сен барсаң, тогуз жолдун тоому бар. Андан ары сен барсаң, бир боз дөбө турат. Ошого барсаң, таятаңдын боз ордосу бар. Алачыктай кызыл кемпир жаткан кулунду тургузуп, турган кулунду

жаткызып, сейилдик кылып турат. Кызыл тору келин бээ саап, кызыл тору жаш жигит, кулун салып турат. Таенең: – «Балам, сен кимдин баласысың, бат айтчы» деп сурайт. Анда: «Суусап келген балага, суусун берип туруп кеп сурагың де. Бир чоң кесе кымыз берет. Ошону ичкенден кийин: «Мен Кенжекенин ботосу, Төштүктүн баласы Жоодарбешиммин де. Анда үчөө басып жатып калат. Токмок жалдуу боз айгырды минип жигит сүйүнчүгө чабат. Орусканды ээрчитип жигит келет. Айтылуу Алтын-Булактагы Ак аркарга аттанып бара жатканыңды айткын. Ошондо таятаң: «Төштүк дагы курусун, Кенжеке дагы курусун, балага кийим камдабайт, жарак-жабдык, ээр токум камдабайт» деп, жоого кийчү жарак-жабдык, ээр берет. Ал ээрди албагын. Атамда капталы алтын, кашы күмүш, Төштүк мага күйөөлөп барганда, сурап калган ээр бар, ошону сурасаң бербейт. Өзүң кирип эле: «Өзүмдүн ээримди өзүмдөн аяйсыңбы? » деп алып чыгып аны токуп ал. Эми сени Кылкарага тапшырдым, Кылкара экөөңдү бир кудайга тапшырдым» деп Кенжеке оң батасын берип, Жоодарбешимди оң жолго салып жиберди.

Жоодарбешим жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, баягы энеси айткан эчен дайра суу, эчен кабат тоону ашып, Боз-Дөбө деген жерге келет. Келсе, баягы Кенжеке айткан кемпир жаткан кулунду тургузуп, турган кулунду жаткызып, сейилдик кылып турат. Кызыл тору келин бээ саап, кызыл тору жаш жигит кулун салып турат. Жоодарбешимдин ким экенин билгенден кийин баягы кызыл тору жаш жигит Орусканга сүйүнчүгө чапты. Таятасы келип Жоодарбешимди басып жыгылат.

Жай сурашып далай отургандан кийин, Жоодарбешим айтылуу Алтын-Булакка бара жатканын айтат. Ошондо Орускандын кемпири көзүнүн жашын көл кылып; «Ээ абышка, Төштүк менен Кенжеке курусун, ушундай дагы жибереби, же жоого жарай турган жарак жабдыгы жок, же ээри жок? деди.

Эми Орускан кишилерин жиберип, акбула алдырды. Уз кыздардан, келиндерден алып келип, акбуланы эритип алды.

Мергенчилерин «Тоо текенин мүйүзүн алып келгиле» деп буюрду. Ошентип Орускан мергенчилерге тоо текенин мүйүзүн алдырып келип чеберлерин бүт жыйнап, алтын жаак, сыр жебе жасатты.

Алтымыш текемин терисин малмага малдырып, кандагай жасатты. Алты аяктуу ала атын токуп, Жоодарбешимди мингизип: «Эми балам сен калкагардын как ыргайын алып кел» деп жумшады. Бала баягы жерге барып, атка артынып алып келди. Баягыны уста ийрип, ак олпок жасады. Жоодарбешимдин бардык жарак-жабдыгы бүттү.

Ошондо Орускан жети аяктуу жээрде атты токутуп: «Эми балам, жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун!» деп батасын берди. Анда Жоодарбешим: «Таята, Төштүк атам энеме күйөөлөп келгенде, сага капталы алтын, кашы күмүш ээр берген экен. Ошо ээриңдин күчүн берип тур» деди эле, таятасы берген жок. Жоодарбешим: «Өз ээримди өзүмөн аяйсыңбы?» деп үйдөн алып чыгып Кылкарага токуп алды.

Желенин башындагы Кылкаранын башына жүгөн салганда кунан болду, жонуна тердик салганда, бышты болду Кылкара, куюшкан салганда куру ат болду. Олоң тартканда опол тоодой ат болду.

Чыбаш баскан куйругу
Жан жибектей созулду.
Чүрүшүп калган туягы
Айтабактай жазылды.

Кемпир-чал балага оң батасын берип узатып чыгышты. Балдар жарлап карап турушту. Баланын карааны жоголгондо, үйгө киришти.

Ошентип жүрүп отуруп, жүрүп отуруп бир жерге келгенде, Кылкара бугудай мойнун буруп, Жоодарбешимге кайрылып:

Эрдигиң бар эсиң жок,
Эчтеке менен ишиң жок.
Энөө баатыр экенсиң
Мен билгенди билдиңби,
Мен туйганды туйдуңбу?

деди анда Жоодарбешим: «Мен эчтекени билген жокмун, батыраак айтчы Кылкарам!» деди.

Кылкара: «Кайнардын Кара-Көлүнө ара күндүк жол калды. Ошол жерде жандан ашкан Жанаалы деген дөө бар. Анын Куу кулан деген аты, куу жебе деген жаасы бар. Ал аңгыча канды өлтүрүп, Аксаамай деген кызын тартып алган. Ошол Аксаамай сени түшүндө көрүп, сүйүп калган экен. «Эми Жоодарым келет» деп сени күтүп жүргөн кези. Жанаалы дөөнү өлтүрсөң, сага кудай бергени. Аны өлтүрө албасаң, сен үйүңдү көрбөйсүң, мен үйрүмдү көрбөймүн» деди...

Андан ары аттанып жүрүп отуруп, жүрүп отуруп Жоодарбешим баягы Жанаалынын айлына жакындап калган кези экен. Ошондо Жанаалы аялына: «Куюккан кула талаада карга десем, кагындай кагын десем, каакымдай канаттуу десем, аяктуудай бир нерсе көрүнөт» деди. Аңгыча Жоодарбешим да жетип келди. Жоодарбешим Жанаалы менен бир нече күн бир нече түн күрөшүп, дөөнүн башын кыя чапты. Аксаамайды өзү никелеп алып, андан ары Ак аркардын сары изине түшүп, саргара кууп жөнөйт.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп бир жерге келгенде Кылкара: Ак аркар булак суулап, күмүш күнгөй оттоп, Чаар-Арчанын башында жатат. Бутуңду чечип, байпакчан болуп жанына өңүп бар! Менин ооздугумду чыгарып отко кое бер, суулугумду чыгарып сууга кое бер!» деди. Жоодарбешим шашып Кылкараны кесе байлап, кең тушап салат.

Ал Чаар-Арчанын башына келип, шыкаалап туруп жааны чоюп бир кезде тартып жиберди эле, аркардын башын жаа үзүп кетет. Аркардын башын алып, Кылкарага жакындап келгенде, асмандан бир

кара неме Жоодарбешимди эңип кетет. Көрсө бул Жоодарга ашык болуп жүргөн Нуркандын кызы Нурпери экен.

Нурпери Жоодарды үйүнө алып барып, жатып калат. Күндөн күн өтөт, айдан ай өтөт. Ошентип жыл маалы болгондо бир күнү Нурпери: «Жоодарбешим, сенин бир күйүмдүү нерсең бар беле, ошонун периштеси келип, мени тебелеп жаман кылды» дейт.

Ошондо Жоодарбешимдин эсине Кылкара түшөт да:

Алаканын шак коюп,
Артын жерге так коюп,
Өкүргөндөн бакырып,
Өрүктүн башын жапырып,

Ичкен тамагын кайта кусуп, бүк түшүп жатып калат. Нурпери: «Эми сен, Кылкараны алып кел!» деп, Жоодарбешимди Кылкарага жиберет. Жоодарбешим келсе, баягы атынын ордуна бир тери жатат. Көрсө, Кылкара ошол экен. Өлбөс-өлбөс жаны бар экен. Кылкара Жоодарбешимди таанып:

Айтсам тилим албаган
Аңкоого башым не коштум.
Сүйлөсөм тилим албаган,
Шүмшүккө башым не коштум?

«Ооздугумду чыгарып, эми мени отко коё бер! Суулугумду чыгарып суугa коё бер» деди.

Жоодарбешим Кылкаранын ээрин алганда териси куюшкан менен кошо кетет. Ошондо Кылкара: Эми мен үч жыл оттоюн, үч жылсыз келбе» деп, Жоодарбешимди кайра Нурпериге жиберет. Жоодарбешим Нуркандын элинде дагы үч жыл жашайт. Бир күнү Нуркан кызына чоң той берип, аткармакчы болот да, отуз күнү ойнотту, тогуз күнү тойлотту. Ошондо Кылкара өзү келет.

Нуркан алтын өргөө, ар шайманды элүү төөгө жүктөтүп, алтын жамбы, ак күмүштү атан төөгө арттырып Асмайыл жана Ысмайыл деген эки жигитти кошуп, Нурпери менен Жоодарбешимди жөнөтөт.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп Жыламыштын тоосуна келгенде Нурпери менен Жоодарбешим эс алмак болушуп, ак өргөө көтөрүшөт. Ак өргөө көтөртүп, алты күн конгондон кийин бир күнү Жоодарбешим менен Нурпери сейилдеп токойго чыгып кетишет. Алар токойдо жүргөндө баягы Асмайыл менен Ысмайыл: «Экөөбүз уу коргошундан өлбөгөндөй жеп алып, ооруп калдык деп жатып калалык. Жоодарбешим менен Нурпери кандай дары берсе да, «Эски оорубуз кармап калды. Биз айыксак Гүлгаакынын гүлүнөн гана айыгабыз» деп жата берели. Ит Ичпестин көлүнө барган киши келчү эмес. Жоодарбешим барса келбейт. Ошентип Нурпери бизге калат» деп акылдашышат.

Жоодарбешим менен Нурпери келсе, Асмайыл менен Ысмайыл ооруп онтолоп чыдай албай жатат. «Эмне болдуңар» десе: «Биздин эски оорубуз кармап калыптыр. Эч кандай дары жардам бербейт. Бир жардам болсо, Гүлгаакынын гүлү дары болот» деп ого бетер онтолошот.

Ошондо Жоодарбешим Кылкараны токунуп, Кынсыз кылыч байланып алтын жаак сыр жебени акырекке илип Гүлгаакынын гүлүнө жөнөйт.

Жоодарбешим эчен белес тоо, эчки жүрбөс зоо, адам зат келип көрбөс жер менен жүрүп отуруп, жүрүп отуруп бир эле жер жайнаган мыкка жолугат. Андан Кылкара бутун мыкка тийгизбей өтүп кетет.

Жоодарбешим жүрүп отуруп, жүрүп отуруп бир желмогуз кемпирге жолугат. Ал: «Жут ийрегим, жут карт ийрегим, карт» деп Жоодарбешимди жутканда кекиртегине токтоп калат. Ошондо кемпир: «Сен кекиртегиме токтоп калдың, менин бир жакынымсың го» деп сурады эле, Жоодарбешим: «Мен Төштүктүн баласы, Кенжекенин ботосумун» деди. Кемпир: «Кенжеке менен мен карын бөлө элем» деп кайта кусуп алды. «Гүлгаакынын гүлүнө бара жаткандардын жолун тоскон элем. Ушуга чейин эч

кимди өткөргөн эмесмин. Ал жерге барган кайтпайт. Менин тилим алсаң кайт!» дейт. Жоодарбешим болбой жөнөп кетет.

Жоодарбешимдин кеткенине кыйла күн болгондо, Асмайыл менен Ысмайыл Нурпериге «сени алабыз» дешет. Ошондо Нурпери: «Мен экөөңө тең тиймек белем, бириңди бириң өлтүр, тирүү калганыңа тием, сен мынабу кудукка түшүп жуун! Сен тарт дегенде тартып алам» деди.

Ысмайыл суугa киргенде Нурпери көтөрмөнү кыркып жиберип, Ысмайылды өлтүрөт.

Эми сөздү баягы Кылкарадан баштайлы. Бир күнү Кылкара: «Эми Гүлгаакынын гүлүнө жакын келдик. Эртең түшкө жакын жетебиз. Гүлгаакынын үч кызы бар, алар көлгө түшүп тамаша кылышат. Суугa түшөөрдө кептерин алып коюшат. Ошол учурда мен кырк канатымды жайып боз коёндой жапыз болуп, аткан октой жетем, сен боз карчыгадан илгир болуп кептерин иле көр! Сен жөнөгөндө төөдөй таш төкүрөңдөп, уйдай таш утураңдап, жылкыдай таш жылмаңдап, койдой таш кодураңдап, куушат. Кызыл жалын өрт да кууйт, ошондо артыңа караба! Атаң Төштүк да «кайрыл балам, кайрыл» дейт, мен канатымды жайып качам, энең таятаң – баары «кайрыл!» дейт. Ошондо да караба. Ак көгүчкөн учуп алдыңа чыгып, колдорун маңдайыңа тийгизет, шерт ошол, ошондо гана токто, көгүчкөндүн кебин бер. Алар кебин кийип, гүлдү алып келип берет!» дейт.

Жоодарбешим жүрүп отуруп, жүрүп отуруп эртеси түшкө жакын баягы Кылкара айткан жерге келет. Келсе, Гүлгаакынын үч кызы кийимдерин чечип коюп, суугa түшүп жатышыптыр. Кылкара коендой жапыз болуп Жоодарбешим боз карчыгадан илгир болуп, кыздардын киймин илип жөнөдү. Жоодарбешимди уйдай таш утураңдап, койдой таш кодураңдап кууйт. Жоодарбешим эч кайрылбайт. Ак көгүчкөн учуп алдына чыгып, колдорун маңдайына

тийгизгенде гана Жоодарбешим токтоп, көгүчкөндүн кебин берет. Алар кебин кийип алып, баягы гүлдү Жоодарбешимге алып келип беришет. Гүлгаакынын гүлү кышында соолубас, жыты аңкыган, көркү адамды таң калтырган гүл экен. Жоодарбешим, Гүлгаакынын гүлүн алып келсе, баягы эки жигит жок. «Булар кайда кетишкен?» деп сураса, Нурпери:

Асмайыл менен Ысмайыл,
Адамдан ашкан куу экен.
Акылын эч ким билбеген.
Ашып түшкөн шум экен.
Асмайыл менен Ысмайыл,
Кыял менен ооруптур,
Көңүлүн тетир буруптур,
Көрүнөө амал кылыптыр.

Ит Ичпестин көлүнө барган кайра келбесин билип, сени жиберишкен экен» деп болгон окуяны айтып берет.

Ошондо айлап, жылдап жүрүп отуруп Жоодарбешим Нурпери менен ата-энесине келсе, Чоюндун уулу Темир алп чоң бүлүктү салып айлын чаап, атасын орго салып койгон экен.

Жоодарбешим Темир алп менен бир нече күн, бир нече түн кармашып, акыры жеңет.

Ошентип, Жоодарбешим элине хан болуп, ата-энеси, аялы менен жыргап жатып калган экен.

## АЛНАЗАР БАКЫ

Илгери-илгери Жаныбек хан деген хан бар экен. Анын сегиз уулу болуптур. Сегиз уулунун алды агала сакал болгончо катын алып берген эмес экен. Байдын сегиз уулу чогулуп үч күнү кеңеш кылып: «Атабызга катын алып бер деп кантип айттырабыз?» дейт экен. Алар ары ойлонуп, бери ойлонуп Алназар Бакыны алдырат экен. Алназар Бакы келип: «Мени эмне үчүн чакырдыңар?» десе, алар: «Биз бир энеден

сегиз экенбиз, алдыбыз ак ала сакал, артыбыз кара сакал болуптурбуз. Сен бир энеден жалгыз экенсиң. Кер мурут болупсуң. Ушул убакка чейин бирөөбүздүн да катыныбыз жок. Бир жака барсак «Жаныбек байдын сегиз аңгиси» келе жатат деп жаман аттуу болдук. Атабызга катын алып бер деп кантип айттырарды билбей, сени чакырдык» дешет. «Силер айыл-айылды кыдырып, кыз карай берсеңер, атаңарга бир теңтушу кеп айтар, анан силерди эсине алып катын алып берер» деп, Алназар Бакы кеңеш берген экен.

Сегиз ага-иниси айткандай кыз издейт экен. Байдын теңтушу келип балдарынын кыз издеп жүргөнүн айтат. Ошондо Жаныбек хан: «Атаганат, мен эмнени унуттум десем, балдарыма катын алып бербей унуткан экенмин» деп, санын бир чапкан экен.

Хан: «Сегизине сегиз жерден кайындап, башка-башка кыз алып бергиче өмүрүм өтүп кетер, андан көрө сегизине бир жерден кыз алып берейин» деп кыз издеп жөнөйт экен.

Бай төгөрөктүн төрт бурчун кыдырып, сегиз кыздуу киши издеп таппай кечке маал бөлгөндө бир байдын үйүнө келип отуруп, эки жакты караса керегенин башында жети сөйкө илинип турганын көрүп, «атаа бир балама жетпей калды», деп, оң карап ыйлап, сол карап күлгөн экен. Ошондо байдын байбичеси көрүп: «Атаа, оозуңа кап толгур, айт жөнүңдү эмне ыйлайсың?» деп ханды жакасынан кармап туруп, эки жаакка эки чабат. «Атаа, байбиче сегиз уулум бар эле. Керегенин башындагы жети сөйкөнү көрүп, ыйлаганым да, күлгөнүм да ушул эле» дейт экен.

Анда байбиче: «Оозуңа кара кан толгур, менин тогуз кызым бар. Экөөсү сөйкөнү салбай кеткен тура» дейт экен. Кан токолунун баласы Алназар Бакыны унутуп калган экен: «Атаа, байбиче, менин да тогуз уулум бар эле» дейт экен.

Бай: «Мен кыздарымдын калыңына мал албаймын, эшигимдин алдына бир май көл, бир сүт көл

орнот. Биринин чабагы бирине ыргып түшсүн, бир алтын терек, бир күмүш терек орнот. Биринин булбулу сайрап, бирине конуп турсун. Көчүгүмдү коюп отургудай алтын так болсун. Эшигимдин алдынан өзөн суу агыз. Өйүз-бүйүзүмө мамы тизилсин. Ошону тегиз жериме жеткирсең, кыздарымды ал» деди.

Жаныбек хан үйүнө кетип баратып: «Май көл, сүт көлдү орнотсом, чабакты кайдан табам? Теректи орнотсом, булбулду кайдан табам. Өзөн сууну бурдурсам, мамыны кайдан тиздирип бүтүрөм?» деп Жаныбек хан үйүнө кайгыланып түштү. Ошол учурда Алназар Бакы уктап жаткан экен. «Тур Алназар Бакы, жанындагы жүгөндү алып, атаңдын кашка жоргосун кармап минип, ары-бери чапкылап, кара сууга чөмүлтүп барып, атаңа салам бер. Ар жакка карап кетет. Ар жагынан салам бер, бер жакка карап кетет. Бер жагынан салам берсең, ал: «кысталактын башын ал!» дейт.

«Таксыр, арыз» дегиң. «Айт» дейт. «Кайгырып келген ишиңди мага бериңиз. Үч күнгө чейин бүтүрөмүн» деп түшүндө аян берет экен.

Алназар Бакы түшүнөн ойгонуп тура калса, жанында бир жүгөн жатат. Жүгөндү алып, жүгүрүп барып, атасынын кашка жоргосун кармап терге чөмүлтүп, атасына барып, салам берсе, атасы ары карап кетет экен. Бер жагынан барып салам берсе, «кысталактын башын ал!» дейт. Аны укканда Алназар Бакы: «Таксыр арыз» дейт экен. «Айт арызыңды» десе, «ушу кыжалат кылып аткан ишти мага берсең үч күндө бүтүрөмүн» дейт экен. «Бүтүрбөсөң башыңды аламын!» деп Жаныбек хан уруксат берет.

Бала үч күнгө чейин бир кетмен топурак чаппай: «Мага чын көрүндүңбү, калп көрүндүңбү?» деп үчүнчү күндө баягы дөңгө чыгып уктап жатса: «Тур Алназар Бакы! Атаңдын көк өгүзүнүн бир көзүн чукуп, сүт көл бол деп ыргыт, бир мүйүзүн алтын терек бол деп ыргыт, бир мүйүзүн чынар терек бол деп ыргыт,

биринин булбулу бирине консун деп ыргыт, ичегисин үйүн айланган алтын болсун деп ыргыт, тогуз кашык канын көчүк коюп отургандай сокудай алтын болсун деп ыргыт. Жанындагы куу таякты алып, чуу деп жүрүп отур. Эки жагыңа караба, тизилген мамыны санаба, өзөн суу агып, өйүз-бүйүзгө мамы тизилет» деп дагы түшүндө аян берет. Бала ойгонуп түшүндө көргөндөрүн аткарат. Баары бүткөндөн кийин бай: «Баары бүттү. Келиндерин алып алсын» деп Жаныбек ханга киши жиберет. Жаныбек хан сегиз уулун ээрчитип, Алназар Бакыны дагы унутуп таштайт экен. Мындай чыгып эстеп: «Бардык баламдын башы, толгон балам толугу, ушул ишти бүтүргөн. Алназар Бакыга өзүм барбасам келбес» деп үйүнө келет. «Алназар Бакы кайда? » деп энесинен сураса: Бая эле атам менен барам деп кетип калган» дейт экен. Атасы үйүнө барып караса Алназар Бакы тактысына минип отурган экен. «Балам жүрбөйсүңбү?» десе, «сен да кетсең, мен да кетсем, мында сиздин тактыңыз куру калабы? Балдарыңыздын улуусу улуусун, кичүүсү кичүүсүн алар, мага кенже кызы Кенжекени берет. Кайнатам мага кара болот өгөөсүн берет. Ошону мага сактап алып келип бериңиз. Кайта келе жатканда көлөкөсү көйкөлгөн, көк шибери жайкалган бир булагы бар. Ошого конбоңуз!» дейт экен Алназар Бакы. Жаныбек хан кудасына барып, отуз күн ойнотуп, кырк күн кыңшылатып байдын кыздарын алат экен. Кудасы улуу кызын улуусуна, кичүү кызын кичүүсүнө, кенже кызын, Кенжекени Алназар Бакыга берет экен.

Жаныбек хан келиндерин алып, кайта үйүнө келе жатканда баягы баласы айткан көлөкөсү көйкөлгөн, көк шибери жайкалган булакка келет экен. Ошондо Кенжеке: «Ушул жер жин пери ойногон жер экен, атам конбосун» дейт экен. Баягы сегиз уулу: «Как баш келинин ээрчитип кете берсин, атка жайлуу жер экен түшөбүз» деп түшүп калышат.

Эртең менен балдары келиндери уктап жатканда Жаныбек хан «аттарды сугарып келейин деп, сууга барат. Аттарын сууга айдап келсе сууда казандай өпкө калкып турган экен. Аттары кошкуруk атып, суу ичпей үркөт экен. «Ай жылас болгон жылкычылар жылкынын баарын союп өпкөсүн сууга таштап жиберген экен го» деп, атынан түшө калып, өпкөнү суудан алып ыргытайын дегенде, жети баштуу жез кемпир тура калып, байды чап билектен алып көмөрүп уруп, көөдөнгө минип: «Ай как баш, мага эмне бересиң? дегенде: «Өрүш толгон жылкым бар, муну берейин» деди. «Ай как баш, сен өлгөндөн кийин ал жылкылар меники эмей кимдики» деп дагы желип койду эле, Жаныбек өлүп кете жаздап; «Дүнүйө толгон төөм бар, муну берейин» деди. «Ай как баш сен өлгөндөн кийин меники эмей кимдики?» деп дагы желип-желип койду. Акылынан шашкан бай: «Короо толгон коюм бар, муну берейин» деди. «Ай как баш сен өлгөндөн кийин меники эмей кимдики?» «Үңкүр толгон үйүм бар, муну берейин». «Ай как баш, сен өлгөндөн кийин меники эмей кимдики?»

– Сегиз уулум, сегиз келинимди берейин.

– Ай как баш сен өлгөндөн кийин меники эмей кимдики?

Өлөрүнө көзү жетип, акыры айласы кетип: «Бардык баламдын башы, толгон балам толугу, Алназар Бакымды берейин» – деди Жаныбек хан. «Ай курган чал, бая эле ушуну айтпайсыңбы?» деди желмогуз кемпир. «Алназар Бакыны мага кантип бересиң?» десе, анда Жаныбек хан: «Кайнатасы берген кара болот өгөөсү бар эле, ушуну эптеп алып, түп тулганын түбүнө жөлөп кетейин. Андан аркысын өзүң эптеп аларсың» деди.

Жаныбек хан аттарын айдап барып: «Балам, өгөөнү алып таштачы, ат кургурдун бутуна чөңөр кириптир» десе келини ары карап ыйлап, бери карап күлүп, өгөөнү алып таштады.

Бай балдарын жөнөтүп өзү атынын бутундагы чөңөрүн алып, өгөөнү түп тулганын түбүнө жөлөп коюп, үйүнө барып жатты.

Кенжеке үйүнө барып түшкөндөн кийин Алназар Бакы Кенжекеден «Кайнатам берген кара болот өгөө кана?» деп сураса, Кенжеке өгөөнү атаң алды» дейт. Алназар Бакы атасына барып: «Ата менин кайнатам берген кара болот өгөөм кайда?» десе: «Алда эсиң алгыр ай! Аты кургурдун бутуна чөңөр кирип, ошону өгөп алып туруп, түп тулганын түбүнө жөлөп койдум эле, унутуп калган экем да» деди.

Алназар Бакы ошондон кийин үйүнө келип, жөнөмөк болгондо келинчеги Кенжеке: «Бүгүн жатып, эртең барарсың» деп токтотуп, ал күнү жатып, эртесине өгөө калган журтка жөнөдү. Барса, таш тулганын түбүндө шилби шыйрак, шиш аяк, түлкү тумшук, бөрү көз бир жадыгер кемпир отурат.

– Ассалоом алейкум, энекеш! деди.

– А-алейкум ассалам, балакеш! Балам, саламың болбосо саргартар элем ээ!

– Энеке алигиң болбосо алсыратар элем ээ.

Эмне келдиң балам?

Өгөөм калыптыр* эне, өгөөгө келдим эле.

– Эй, балам өгөөңдү мен алып калгамын. Сени бир жумушка жумшайын – деди.

– Ээ эне атым жок, тонум жок, жарак-жабдыгым жок. Сенин ишиңе кайдан жараймын? Жутуучу болсоң жут. Жутпасаң өгөөмдү бер!

– Атаа балам, сени жутпайт элем. Сен ушул ишиме жарайт элең, – деп кынжыла берди.

– Атаа, эми болбостур деп, өгөөсүн алып, Алназар Бакы кемпирди ээрчип жөнөдү.

Кемпир темирден капка шаарына баланы алып барып: «Жер астында Айгандын кызын алып келип бер» деп жумшады. Алназар Бакы Айгандын кызы Алтынай сулууну карай жөнөдү. Кетип бара жатса, бир жолборстун бутуна чегедек кадалып калыптыр.

Алназар Бакы жолборстун бутунан чегедекти сууруп алды эле, капчыгайдын ичин ириң каптап кетти. Жолборс: «Эмне башыңа иш түшсө, отко куйкалагың» деп, бир мурутун жулуп берди. Бала мурутту жанына салып алып, андан ары жүрүп кете берди. Андан ары бара жатса, бир адам тегирмендин ташын көчүгүнө байланып алып, ал жейренди барып бир тебет. Алназар Бакы карап туруп таң калат да: «Эй тегирмендин ташын көчүгүнө байланган аке, ушул өнөрүңө баракелде» деди. «Эй, балам ай, ушул өнөрүмдү карыгыча бирөө баракелде деген эмес эле. Мен да сага жолдошмун» деп ээрчип алып жөнөдү.

Андан ары кетип бара жатса, бир киши бир көлдүн суусун бир көлгө ууртап, куят. «Эй, көл ууртар аке, карап турсам бир көлдү ууртап, бир көлгө куясың. Ушул өнөрүңө баракелде» деди.

– Эй, балам ай, карыганча ушул өнөрүмдү бирөө: «Бали! – деп айткан жок эле. Мен да сага жолдошмун» деп ал да ээрчип алды. Андан жүрүп отуруп Алназар Бакы жер астына түшүп кетти.

Жер астында кетип бара жатса, бир ийин казган чычканды бир күйкө аңдып калыптыр. Алназар Бакы чырпыктан жаа, чийден ок кылып күйкөнү атып салды. Чычкан жүгүрүп келип: «Досум, сен жакшылык кылдың, башыңа кыйынчылык түшсө куйкалап койсоң мен даярмын» деп, бир кирпигин жулуп берди.

Андан жөнөп кетип бара жатса, бир жерде жүз кумурсканын бир жагынан өрт кысып, бир жагынан суу кысып өлө турган болуп жаткан экен. Алназар Бакы этегин тосуп кумурскаларды өткөрүп жиберди эле, «Башыңа кыйын иш түшсө куйкалап кой» деп, бирөө бир бутун жулуп берди. Андан ары Айгандын шаарынын четине барып: «Үчөөбүз бир жерде жата албайбыз. Бири-бирибизге кабардар бололу» деп, туш-туш жакка тарап кетишти.

Алназар Бакы бир абышка кемпирге бала болду. Антип-минтип абышка кемпир бала баргандан кийин

малданып кетти. Бир күнү Алназар Бакы чычкандын мурутун куйкалап койду эле, чычкан келип: «Башыңа эмне мүшкүл түштү досум?» деди. «Ушул мен жаткан жерден Айгандын кызы Алтынайдын үйүнөн чыга турган кылып, бир киши баткандай жер алды менен жол казып бер» деди Алназар Бакы. Чычкан: «Жакшы болот, досум» деп, күндөп-түндөп казып, «бүтүрдүм» деп кабар берди.

Алназар Жердин алды менен түн ичинде барып, уктап жаткан Алтынай сулуунун оң бетинен бир сылап, оң чачынан бир сылап, бир тал чачы жулунуп калды эле, катып алып жүрө берди.

Алтынай кырк кызы менен кошо күндө таразага түшүүчү экен. Эртесинде таразага түшсө, бир тал чачы жок. Алтынайдын бир тал чачынын оордугунан кырк кызды оодарып түшүүчү экен. Ал күнү таразага түшсө, Алтынай кырк кызга тең келип калат экен. Алтынай: «Киши ичсе уктабай турган тамак бар бекен?» деп сурады эле, бир кемпир: «Киши ичсе уктабай турган тамак жок. Тырмагыңды таза алып койсоң уктабайсың» деди. Алтынай тырмагын алып отуруп, бир тырмагын таза жулуп коюп, ошол колунан кан чыгып кетсе, чочуган бойдон алиги кемпирди жүрөккө муштап жиберсе, жүрөгү үзүлүп кетип, өлүп калат. Кыз уктабай карап отурса, алды калдыр-кулдур этет. Карап турса бир жигит чыгып келди, сол бетинен бир өөп, сол чачынан бир сылаарда Алтынай кармай калып: «Сен эмне кылып жүргөн жансың?» деди.

Мен ушундай жер үстүндөгү Жаныбек хан дегендин уулумун. Сиздин даңкыңызды угуп, атайын келдим эле. Кечээ сизге келип ойгото албай, оң бетиңизден өөп, оң чачыңыздын бир талын алып кеттим эле» деди Алназар Бакы. Кыз: «Мен эрге тийбей жерге тиемби? Жер үстүндө Жаныбек хандын баласы болсоң, мен сага тийбегенде кимге тием? Мени алчу болсоң ата-энеме айт» деди.

Бала үйүнө барып, алиги багып алган атасына: «Айгандын кызы Алтынайга жуучу бол. Мен Алтынайды аламын» деди. Анда атасы: «Оо кокуй балам, хан биздин эмнебизди алат, эмнебизге кызыгып берет? Жеке өтүктүү жете албай, жоор өтүктүү бата албай жүрсө, балам, бизге эмне деп берет» деди. «Сиз жуучу болуп барбай турган болсоңуз, мен мындан көрө житип жоголом» деди. «Ушул баламдан оңолдук эле. Таздын көөнү болбосо, таза кыздын көөнү эмеспи дегендей, баламдын көөнү эмеспи? барсаң боло» деп кемпири абышкага айтты.

«Макул болот» деп, атасы көк өгүзүн минип алып: «Мен элчимин, жуучумун ханым. Элчиликке өлүм жок, жуучулукка кордук жок, ханым» деп барды. «Эй, каңгыган абышка, эмне дейт? Өгүзүнүн куйругуна сүйрөтүп кое бергиле!» деди хан. Абышканы жыга чаап, өгүзүнө артып кое берди. Кемпири көрө коюп: «Кокуй, уулум, катыныӊ менен куруп кал, абышканы өлтүрүп, өгүзүнө артып кое бериптир» деди.

– Деги эне көөдөнү бүтүн барбы? деди.

– Ооба.

– Эмесе кейибе, – деди да: «Эртең атам кулангдан соо болуп турсун деп жатып калды. Эртең менен атасы азанын айтып турду.

– Ата, барасыңбы? деди.

– Эй, балам, барам, деп чал ханды карай жөнөдү.

– Мен элчимин, жуучумун, ханым! Элчиликке өлүм жок, жуучулукка кордук жок, ханым! – деп жанына барды.

Абышканы өлтүрүп, жилик-жилик кылып, өгүзүнө артып кое бергиле! деди хан жигиттерине. Абышканы өлтүрүп, жилик-жилик кылып, өгүзүнө артып кое беришти.

Кечинде өгүз дагы келди! Кемпири көрүп: «Айланайын уулум, абышканы жилик-жилик кылып кое бериптир» деди. «Эй, эне! Иши кылып мүчөсү

келсе болду» деп бала чалдын жилигин эптеп, кийимин жаап коюп: «Эртең менин атам, азанын айтып турсун» деп жатып калды.

Атасы эртең менен азанын айтып турду.

– Эй, ата, ханга барасыңбы? деди баласы.

– Эй, балам, барамын, – деп көк өгүздү минип алып, мурунку айткан сөзүн айтып дагы барды. «Абышканы өлтүрүп, сөөгүн өрттөп күлүн артып жибергиле» деди хан. Абышканы өлтүрүп сөөгүн өрттөгөнү жатканда Алтынай бир күнүн жумшап: «Томугун алып, ак чүпүрөккө түйүп, өгүздүн куйругуна байлап жибергиле» деди эле, алар томугун алып, ак чүпүрөккө түйүп, өгүздүн куйругуна байлап жиберди.

«Кокуй, уулум, өгүз келе жатат. Абышка жок» деп кемпир дагы чыйпыйы чыкты. Бала өгүздүн куйругундагы томукту таап алып, кийимин жаап: «Атам эртең менен азанын айтып турсун» деди. Атасы эртең менен азанын айтып турду. Абышкага баласы: «Дагы барасыңбы?» деди эле, ал: «Барамын» деп жөнөп кетти. Абышка ханга келип: «Мен элчи жуучумун, ханым. Элчиликке өлүм жок, жуучулукка кордук жок» деп дагы айтты эле хан: «Бул тегин чал эмес экен го» деп ойлоп: «Сенин эмнеңди жейин, малың жок болсо, төрт-беш мөөрөй кылам. Ушу мөөрөйдү бүтүрсөң ал. Уулуңду кечинде жибер» деди.

Абышка үйүнө келгенден кийин Алназар Бакы жолдоштору менен кечинде хандыкына келишти.

«Келсеңер тамда эки бакма жолборс бар, ошону сойгула» деди хан.

Алназар жолборстун мурутун куйкалап койду эле, баягы дос болгон жолборс даяр болду. Ал жолборстун төрөсү экен, сарайга кирип, экөөнүн мойнун сый тиштеп чыга калды. Алназар Бакы жилик-жилик кылып союп, текче-текчеге алып коюп, биринин терисин жамынып, биринин терисин салынып жатып алды.

Эртең менен хан ойгонуп туруп: «Эй желдеттер барсыңарбы? Бая жолборстун үйүн сасытпай баланын өлүгүн сүйрөп таштагыла!» деди. Бир желдет барып: «Эй, таксыр, жолборсту өлтүрүп коюптур» деди. Падыша калп айтты деп ойлоп, жана бир желдетти жиберди эле, ал дагы: «Эй таксыр, айтсам да өлдүм, айтпасам да өлдүм, жолборсту жилик-жилик кылып таштаптыр, биринин терисин жамынып, биринин терисин салынып алыптыр деди.

Эртеси хан жүз теңгени камыштын арасына чачтырып: «Ушу теңгени таап бер!» деди.

Алназар Бакы баягы кумурсканын бутун куйкалап койду эле, жүз кумурска даяр болуп тура калды. «Мына бул камыштын арасына хан жүз теңге чачтыртты. Ошону таап алып чыккыла» деди Алназар Бакы.

Кумурскалар акчаны бир-бирден сүйрөп чыгышты. Санаса бир теңге жок. Кумурскаларды кайта жабылтты. Кайта жабылтканда караса баягы бир бутун үзүп берген кумурска сүйрөй албай жүргөн экен. Алназар Бакы хандын акчасын кумурскаларга бүт жыйнаттырып келип берди эле, хан: «Эми эртең менен бир киши чыгарамын, Алназар Бакы бир киши чыгарсын. Экөөнүн колуна эки чайнек беребиз. Алар көз көргүз жерден суу алып келет. Анын кишиси мурун келсе, мөөрөй аныкы» деди. Алназар Бакы тегирмендин ташын көчүгүнө байлаган кишисин жиберди. Хан бир киши кошту. Хандын кишиси сууну чөмөрүп алып жолдун как ортосуна чейин жеткизбей келе жатат. Ошондо берки тегирмен ташты ыргытып жиберип безип жөнөдү. Хандын кишиси чалкасынан кетти, тигил киши кайра барып, сууну алып келгиче, Алназар Бакынын адамы алда качан ханга алып барып берди. «Эми кечинде жолдош-жороң менен ушу тамга кирип отур. Тамдын төбөсүнө жеткиче көмүр төктүрөмүн. Туш-туштан көрүк менен бастырамын. Чыдап бересиңер – деди.

«Көл ууртар, бир-эки көлдү ууртап кел!» деди Алназар Бакы. Хандын вазири туш-тушунан усталарды жыйнап келип көрүктү бастырды. Темир ысып боз ала болуп, ичиндегилердин демдери кысылып: «Төксөңчү сууну» дей беришти. Улам «төк» деген сайын көл ууртар окшуп келип, «басып тура тургула!» деди. Бирөө: «Ой бизди күйдүрүп өлтүрөсүңбү? » деп тура калып далыга бир муштады эле, көл ууртардын оозунан суу атып чыгып, хандын шаарынын бир жагын кошо каптап кетти.

Түнүндө Алназар Бакы кызга жүгүрүп келип, «эми эмне мөөрөй кылат?» деп сурады, эле кыз: «Эртең кемегени казат, бир койду союп туруп, этин казанга салат. Бир тутам шыбакты колуна берет. Ошону менен «этти бышыр» дейт. Кудай берериңе алса, шыбак эт бышкыча күйүп турат, кудай бербесине алса, дүр этип тамат да, өчүп калат. Кашыктагы кара суудан уурттатып, нике кыйып мени сага алып берет. Тоюң ошо болот» деди.

Эртең менен койду союп, казанды асып, бир тутам шыбакты Алназардын колуна берди. Алназар Бакы отту жакты. От күйүп, эт бышып жатты. Эт бышкан убакта от өчтү.

Хан бир кашык кара суугa нике кыйып, Алназарга кызын берди. Алназар кайнатасынын берген дүнүйөсүн үчөөнө бөлүп берип: «Эми жер үстүнө ким чыгат» дегенде: «Алпкаракуш чыгат» дешти. «Алпкаракуш кайда болот» деди бала. «Адырда бир булак бар. Ошол булакты өрдөп чыксаң, баш жагында калың терек бар. Алпкаракуш так ошондо» дешти.

Бала эртең менен чыгып жүрүп отуруп, баягы булакка барды. Барса теректин башында эки балапан: «Жеди эле жеди, жутту эле жутту» дейт.

Караса, терекке бир ажыдаар оролуп чыгып бара жаткан экен. Ошондо Алназар Алтынайдын алтын шакегин колунан чыгарып алып: «Сен Алтынайдын шакеги болсоң, ушул ажыдаарды мага өлтүрүп бер-

гиң» деп урду эле, шакек бир жагынан тийип, бир жагынан чыгып, ажыдаар бир убакта жерге шалак деп жыгылды. Алназар кылыч менен ажыдаарды бөлө чаап алып, айбалта менен теректи тепкичтеп отуруп, башына чыгып барды.

Барса эки балапан «Жутту эле жутту, жеди эле жеди» деп чыңырып жаткан экен. Алназар: «Силер эмне кылып жаткан жансыңар?» деп сурады. «Биздин энебиз чабыттап кетти эле. Ажыдаар келип жеймин дегенде, чыңырдык эле» дешти. Алназар ажыдаардын куйругун эки балапанга бөлүп берип: «Энең кайсы маалда келет?» деп сурады.

– Энем күүгүмдө келет.

– Кандай келет?

– Жолу болгондо, үйдөй таш үдүрөңдөп, койдой таш кодураңдап келет. Жолу болбогондо, кызыл шамал ышкырык менен, бороон-чапкын менен келет.

Бир убакта балапандардын энеси келет. Келгенде бороон-чапкын менен узун терекке келип конот. Узун терек чайпалып токтобой, кыска терекке келип конду. «Жылда тууганымда балдарымды ажыдаар жеп кетүүчү эле. Бул маалга калмак эмес эле. Башыма балаа балдарсыңарбы?» деп чыркырады. «Эй, энеке, башыңа балаа эмеспиз. Жаныңа жапаа балдарбыз» деди балдары.

– Жакшылыкты көргөзөлүбү, жамандыкты көргөзөлүбү?

– Эй балам, жамандыкты көргөзчү! дегенде балдары ажыдаардын көкүрөгүн көрсөттү эле, Алпкаракуш жутуп жиберди.

– Эй балам, эми жакшылыкты көрсөткүлө! дегенде, балдары баланы көрсөттү эле, аны да жутуп жиберди.

«Кокуй, как баш, сал эле сал, ташта эле ташта!» десе кулгуп коюп таштабайт. «Кой, как баш, ичинде ирип кетет, ташта эле ташта» дегенде: «Атаа, балдарым, кое турсаңар болот эле. Баштагысынан эки

эсе артык эр кылдым эле. Эми биртике кое турсаңар, бүткөн боюн чылк темир кылат элем» деди. Жерге таштап жибергенден кийин Алпкаракуш баладан: «Сен эмне кылып жүргөн жансың? деп сурады эле, Алназар Бакы: «Мен үстүндөгү адам элем. Сени жер үстүнө чыгат дегенинен келдим эле» деди. «Эми бүгүн балдарымдын кайгысы менен чабытым аз болуп калды эле. Эртең чабыттап алайын. Бүрсүгүнкүгө кел. Кырк кашык суу, кырк торгой ал», деди. «Бер дегенде бир кашык суу, бир торгойдон берип тур».

Убадалуу күнүндө Алназар Бакы Алтынайды алып келди. Алпкаракуш даяр болуп турган экен. Алпкаракуш Алназарды үстүнө мингизип алып учуп жөнөдү. Бер деген жеринен суу берип, эт берип жүрүп отурду. Бир жерге келгенде Алпкаракуш: «Келе суу?» деди. «Суу түгөнүп калды», «Келе эт?» деди. «Эт түгөнүп калды эле» деди Алназар.

Алы кеткен Алпкаракуш ылдыйлай баштады. Алназар ыйлап туруп ийри такымынан кесип берди. «Келе суу» деди. Бир көзүн чегип берди. Жер үстүнө чыкканда Алпкаракуш тамшанып: «Кийинки берген этиң менен сууң аябай таттуу экен» деди. «Эт түгөнүп эңиштеп бараткanda, ийри такымымдан кесип бердим, суу дегенде көзүмдү чегип бердим» деди Алназар. «Эми далда жердеги такымың турар деп, – көзүн бүркүпжиберген экен. «Жакшылыкка жакшылык, ал өлгөнчө жакшылык, жамандыкка-жамандык, ал өлгөнчө жамандык» деп, Алпкаракуш коштошуп алып, жерин карай учуп кетти. Алназар Бакы келинчегин ээрчитип алып, жез кемпирди карай жөнөдү. Бир нече күн жол жүрүп, Алназар Бакы бир күнү үшкүрүндү. «Сен эмне үчүн үшкүрүндүң?» деп сурады Алтынай. «Эми мен сага жок, сен мага жок» деди Алназар Бакы.

– Эмне үчүн биз бири-бирибизден ажырайбыз?

– Бир жез кемпир сага жумшады эле, ошонун күчү менен сага бардым эле.

– Атаганат, аны атамдын төрүндө экенде айтсаңчы! Атамдын Мыка деген кушу бар эле. Ошону алып келип, көзүн чокутуп өлтүрөт элек. Адамга жай бербеген желмогуз абышкасынын көзүн чокутуп өлтүрттүм эле. Өчөштүк менен мага жиберген экен. Анын өзү качып кутулуп кетти эле. Эми илгери барсак, бир түптүү көк таш бар. Ошого барганда мен жибектен аркан эшейин, мени ошо ташка бек таңып байлап кой. Анан сен баргын: «Алып келдиңби?» дегенде, «алып келдим» деп айткын. «Кайда?» дегенде, «балан жерде» деп айтарсың. Ошондо жылан болуп мени карай окторулуп сойлоп жөнөр. «Атаңдын көрү, түбү куртка жакшылык кылган оңбосун» дегин. Ошондо «эмне болду» деп кылчайып тура калат. «Менин карыным ач» деп айтсаң, «ме ачкыч, тамакты өзүң барып ич» деп ачкычты ыргытып жиберер. Дарбазаны ачып, коргондун ичине кирсең, төрүндө бир боз там бар. Ичине кирсең, тыягы сандык, быягы сандык, орто жеринде койдой боз сандык. Ошону бат жара теп. Аны жара тепсең ичинде кол башындай сандык бар. Кол башындай сандыкты жара тепсең, ичинде жети кара кучкач жаны бар. Ошолордун башын бат-бат үзүп өлтүр» деди. Алназар жез кемпирге барды. «Алып келдиңби?» – деди.

– Алып келдим, палан жерде турат – деди. Кемпир жылан болуп окторулуп сойлоп жөнөдү.

– Атаа, деги куртка жакшылык кылган оңбосун. Мен ачып-арып, жөө-жалаңдап келсем, тамак жөнүн айтпастан кетип баратасың.

– Мына тамакты өзүң алып ич, деп кемпир ачкычты ыргытып жиберди.

Алназар дарбазаны ачып, төрдөгү боз тамга кирип, койдой боз сандыкты жара тээп, ичиндеги кол башындай сандыкты жара тээп, ичиндеги жети баштуу кучкачтын башын үзүп, кайта кызды карай жөнөдү.

Кызды карап жүрүп келсе, бута атым жерде ажыдаар жыгылган экен. Кызга жүгүрүп эси ооп

жаткан экен. Кызды таштан чечип, сууга салып эс алдырып, кемпирдин шаарына келишти. Экөө эзилишип, «бизге оңой менен мындай шаар, мындай дүнүйө табылбайт» деп жатты. Алтынайдын боюна бүтүп, эгиз эркек бала төрөдү. Агасынын атын Асан, инисинин атын Үсөн койду.

Бир күнү каалганы бекитип койсо, бир киши келип, каалганы кагат. Алтынай нан бышырып, Алназар Бакы үйдө олтурган экен.

Алназар Бакы тура калайын деди эле, зайыбы басып койду. Өзү барып эшик ачты. Ал киши Алтынайдын сулуулугунан чалкасынан кетти. Алтынай жоолук менен желпип эс алдырып, бир нан берип, кошунуна жиберди. Көрсө, жаңыдан келип конгон кербен экен. Ал кайрылып кошунуна: Эй кербен башы, бир сулуу айым көрдүм. Ошону сага алып берсем мага эмне берер элең? деди.

– Ушу жолго алып чыккан малымдын жартысын берер элем. Айымды мага кандай кылып алып бересиң?

– Адам өлтүрө турган уу таап бериңиз. Бир аттын жүгүн бериңиз. Калган айласын өзүм табамын.

Кербендерди жөнөтүп жиберип, алиги кербенчи Алназар үнүн угардай жерге келип: «Как жүрөгүм, кара боорум» деп чыңырып жатты. Алназар Бакы: «Ушул кудай урганды жөнөтүп жиберейинчи, кишинин кулак-мээсин жеди» деп кербенчинин жанына келип жайын сурады.

– Эй садагаң кетейин. Бир аттын жүгү менен жолдошторум таштап кетти. Кара боорум, как жүрөгүм ооруйт.

Анда Алназар Бакы мен эле жүктөп берейин деп, бир жаккы жүгүн жөлөтүп туруп, экинчи жагын жаңы коюп жатканда кербенчи ууну үйлөп жиберди. Алназар Бакы ошол замат чалкасынан кетти. Аңгыча кыйкырык чуу чыгып, кербенчилер шаарга кирип келди. Коркуп кеткен Алтынай эки баласын

бир чуңкурга тыга салып, үстүн бир курмушу менен жаба салып, бир карын майды үстүнө таштай салды. Кербенчилер дүнүйөсүн алып, Алтынайды олжо кылып жөнөдү.

Баягы кербенчи Алназар Бакыга ууну чала үйлөгөн экен, эс алып үйүнө келсе, эч нерсе жок экен. Карап турса, бир чуңкурда кың-кың үн чыгат. Ача салса бир карын май менен эки баласы. Алназар Бакы баласын көтөрүп алып, мурунку келген эски жолун карап жөнөдү. Жөнөп кетип бара жатса, алдынан бир өзөн суу жолукту. Улуу баласын жээкке коюп, кичүүсүн көтөрүп алып суудан кечти. Суунун ортосуна келгенде сыйгаланып, жыгылып сууга түшүп агып кетти. Жээктеги баласын карышкыр ала качты. Алназар Бакы эки баласынан ажырап аябай ыйлап, тентип жөнөдү.

Ошол учурда бир шаардын ханы өлгөн экен. Хандын эркек баласы болбогондон кийин керээз калтырыптыр. «Кушумду учургула кимге консо, ошол хан болсун!» дейт. Хандын кушу үч күнгө чейин эч кимге конбойт экен. Үчүнчү күнүндө шаардан чыга учуп баягы Алназар Бакы жаткан терекке конду. Терекке келип кессе, ичинен Алназар Бакы түшүп келди. «Мына хан, мына бек» деп Алназар Бакыны хан көтөрүштү.

Алназар Бакы хан болуп, ит агытып куш салып жатып калды...

Эмки сөз Алтынайдан. Алтынайды кербендер алып баргандан кийин «мен алам, сен аласың» болуп талашып калышты. Алтынай: «Эй, кербен-башчылар, мен бир ой кылсам, силер көнөсүңөрбү? деди.

– Эй, садага кетейин айым! Сиздин айтканыңызга биз көнбөгөндө эмне кылабыз?

– Эми көнө турган болсоңор, баарың кийимиңерди чечип, көйнөк дамбалчан болуп, көйнөгүңөрдүн этегин байлаштырып алып жарышып келгиле, кимиңер мурун келсеңер ошонуңарга тием.

Баары: «Эй таза адилет адам экен да» дешип жарышканы кетишти. Алар кеткенден кийин Алтынай бир атын минип алып, башка аттарын айдап алып, баягы шаарга кирип кетти. Калаага барып аттарды жоготуп жаман кийим кийинип алып, калаанын ичин кыдырып жүрдү.

Баягы карышкыр ала качкан баланы койчу ажыратып, чоңойтуп, кой кайтартып алат. Берки сууга аккан бала балыкчынын торуна түшүп балыкчы багып алат. Койчу ажыратып алган бала кой жайып келсе, бир бала суудан балык алып жатат. «А баатыр бир балык берчи?» десе, «эмине деп берем?» деп, балыгын көтөрүп жөнөйт.

– А баатыр токтой турчу, атың ким?

– Атым Үсөн.

– Эмесе менин атым Асан. Экөөбүз Алназар Бакы дегендин баласы экенбиз. Мени карышкыр ала качып, койчу ажыратып алып, койчунун баласы болуп жүрөм. Сен сууга агып, балыкчы кармап алып, сен чоочундун баласы болуп жүрөсүң. Биз минтип жүргөнчө кетели,– деп апасы кирген калаага кол кармашып кирип келишет.

Алназар Бакы бир күнү отуруп үшкүрөт. Аялы сураса айтпайт. Анда Алназар Бакы ит агытып, куш салып кеткенде, зайыбы Куйту күң деген күңүнө «ушул Алназар Бакыда чоң күйүт бар, ага түспөлдүү бала болсо, же азган-тозгон катын болсо карай жүргүлө» дейт.

«Макул» деп издемек болду. Куйту күң эртесинде калааны кыдырып жүрсө, Алназар Бакыга окшош эки бала ар кимден нан сурап жүрөт. Куйту күң: «Кимдин балдарысыңар?» деп сурады. «Алназар Бакы дегендин балдарыбыз. Атабыз кайда экенин билбейбиз» деди.

Куйту күң баланы чакырып алып, жакшы кийим кийгизип, үйүнө отургузуп койду. Алназар Бакы ит агытып, куш салып, үйүнө кечинде келсе, эки бала-

сы үйүндө олтурат. Алназар Бакы балдарын көрүп бакырып ыйласа, балдары атасын көрүп бакырып ыйлап, кучакташып калды.

Алназар Бакы дагы бир күнү балдарын ээрчитип, ит агытып, куш салып кыдырып кетти. Нечен күн, нечен түн жүрүп үйүнө келип үшкүрдү. Зайыбы: «Балдары болсо табылды, эми ушу балдарынын энеси бар го» деп ойлоп, Куйту күңгө: «Бир азган-тозгон катын болсо карай жүр» деди.

Күң калааны карап жүрсө, бери караса киши көргүдөй эмес, ары караса сөөгү таза аял чүмкөнүп жүрөт. Күң аны чакырып алып:

Бери кел, балам, баш карашып алалы, – деди.

– Эне сиздин башыңызды карап берейин. Менин башым таза эле, – деди. Күң башын каратып атып байкаса, бети жарк-журк этет.

– Сени падышанын катыны ээрчитип кел, кайыр берем деди эле, жүр, – деп Алтынайды хандын үйүнө алып келет.

Кечинде Алназар Бакы үйүнө келсе, Алтынай үйүндө отурат. Ошентип, Алназар эли-журту, бала-бакырасы менен жыргап-куунап жатып калган экен.

## МУҢДУУБАЙ

Илгери өткөн заманда бир жандан ашкан Муңдуубай деген бай бар экен. Жерге батпас малы бар, бир балага зар экен.

Бай бир күнү тойго барат. Балалуу элди караса, баласын учкаштырып келди. Баласы жок Муңдуубайды караса, ак айгыр минип коколой башы бастырып келди. Балалуу элди караса, баласына атын карматып кирди. Баласы жок Муңдуубай болсо, ал балага берсе кармабайт, бул балага берсе кармабайт, ээринин кашын кагып туруп калды. Элдин баары тамакка киргенде бир чоң кыз эшикке чыгып: «Баласы жок Муңдуубай эшикте калды» деп кайра

үйгө кирип кетти. Баягы сөздү уккандан кийин Муңдуубай айгырын башка бир салып кайра тартты. Муңдуубай үйүнө: – Кемпирим, сени жебесем! деп ачуусу келип кирди.

– Эмне кылдым, какбаш? – деди кемпири.

– Мени баласы жок деп бүгүн көпчүлүк жаман өлтүрдү.

Кемпири:

Кудайың берген баланы, как баш,
Курдашың мен бакпай койдумбу?
Теңириң берген баланы как баш,
Теңтушуң мен бакпай койдумбу?
Алчалуу мазар олуя
Азыр берет деп уктум,
Төрт түлүк малдан төрт тогуз,
Алалы да Алчалуу мазар баралы, – деди.

Кемпирдин сөзүн Муңдуубай кабыл алды. Төрт түлүк малдан төрт тогуз мал алып, бир айчылык жолго жүрдү. Темирден чокой жыртылды, ыргайдан таяк түгөндү. Мазарга барып тобо тасым кылып жатып калды. Алып барган малды союуга киши таппай Муңдуубай: «Ээ, кудай, пендем десең көзүмө бир караан көргөз» деп чуркап жолго чыкты. Эки жагын караса, бир топ кербен келе жатат. Баягынын алдын тосуп чуркап барды.

– Салам алейкум, кербен башы! – деп салам берди.

– Алейки салам, жол болсун! – дешти.

– Андай болсун кербендер. Силерди тосуп келгеним анча-мынча даамым бар эле, ошону бүгүн конуп ичип-жеп берүүңүздү сураймын, – деди. «Макул, болот» деп баары түшүп калышты. Жегенин жешти, жебегенин айдап кетти. Батасын беришти, бакыт тилешти.

Таң агарып атканда, тараза жылдыз батканда, кыбыладан кызыл мунар жел болуп, эми дабыш берди дейт: «Бир эмес үч кылдың, кыйын-кыйын күч кылдың. Мусапыр болуп бир келдим, кемпириң

байкуш канетсин, сообу тийсин байкуш» деп, бир аяк каймак бергенде, «тентип жүргөн мусапырга аягымдын алдын, ашымдын ырыстуусун берет» деп, колумдан жулуп алдың. Экинчи ирет келүүмдө дубана болуп бир бардым. Кемпириң байкуш канетсин, «дубанам, сопум» деп, короодогу туу кара боз соолукту жетелеп киргенде, колуман сүйрөп чыгардың. Үчүнчү ирет зээрчи болуп бир бардым. Кемпириң байкуш канетсин, табакка этти салганда, астыма келип калганда, астымдан табакты тартып алгансың, как оройго салгансың. Карыш жерим айрылып, какшап куурап калгамын» деп байдын койнуна аяктай ак алманы, байбиченин койнуна көнөктөй көп алма салып кеткенсиди. Бай энтиге тура калганда байбичеси: «Бай, сага белги болдубу?» деп сурады. Бай: «Мага бир жышаан болду» деди.

Кемпирдин боюна бүттү
Келберсип жолуна түштү.

– Байбиче сен үйгө бар, мен жылкыны көрүп келейин» деп, бай жылкыга кетти. Ошондо курсактан бала сүйлөдү:

– «Айланайын энеке,
Тобулгуну кармай көр.
Тобулгу кармап түшөйүн,
Тобулгудай жаным бек болсун.
Айланайын энеке,
Ыргайды кармай көр,
Ыргай кармап түшөйүн.
Ыргайдай жаным бек болсун!»

деп чиренип-чиренип кеткенде, байбиченин белдемчисинин боосу быт-чытынан үзүлүп кетти дейт.

Байбиче сыртка чыкты дейт,
Тобулгуну кармады,
Топ этип бала түштү дейт.
Бала жерге түшкөндө,
Эки колдун башына
Кан чеңгелдеп түштү дейт,

Асты жагын караса
Алты тутам көкүл бар,
Аркасына караса,
Аяктай кара калы бар, – экен дейт.

Үйүндө Куйту күң деген күңү бар эле. «Жан кишиге билдирбестен байдан сүйүнчүнү өзүм алам» деп, жөнөп кетти.

– Байым сүйүнчү, түлкү ичигин кийинчи! Түрпүлөнүп сүйүнчү! Балкы ичигин кийинчи! Бапаландап сүйүнчү! – деп чуркап байга барды.

– Болсун эмне экен? – деди.

– Сүйүнчүмдү бербесең айтпаймын.

– Бир тулуп дилде берейин.

– Жок албаймын.

– Анан эмне аласың?

– Менин башымды азат кылыңыз деди.

– Андай болсо башың азат, алтымыш кулач ала байтал энчиңе баскамын, кырк кулач кара өгүз энчиңе басканым, мурду көзөлбөгөн жүз төө энчиңе баскамын, – деди бай.Куйту күң: «Аз гана айтпай көп айтчы, байым» деп туруп алды. Ошондо Муңдуубай:

Он эки капка шаарым бар, Куйтум,
Он бештеги жигит бар Куйтум,
Өзүң билип, өзүң тий, Куйтум, –

дегенде Куйту сүйүнүп: «Байбичең алтын көкүлдүү бир эркек, күмүш көкүлдүү бир кыз тууду деп шаарга кирип кетти.

Муңдуубай сүйүнүп, үйүн көздөй чаап кетти. Аладан бээ союп, ашыркы элди жыйып, куладан бээ союп, кумдагы элди жыйып, тоодой эт кылып, көлдөй чык кылып элге берди. Той тараарда Муңдуубай баласын этегине салып барды да, «атын коюп бергиле» деди. Ак сакал көк сакалды карап, көк сакал кара сакалды карап, кара сакал боз баланы карап, боз бала жерди карап, эл балага ат коё албай койду. Баарысы минтип турганда эшиктен бир киши кирип: «Ассолоому алейкум, эмне кылып жатасыңар?»

деди. Ошондо үйдөгүлөрдөн бир киши: «Муңдуубай карыганда бир перзент көрдү эле, ошонун атын кое албай жатабыз» деди.

Баягы киши: «Көкүлдүү бала турбайбы? Аты – Көкүл болсун!» деп бата берип чыгып кетти. Ошону менен баланын аты Көкүл болуп эл тарады.

Муңдуубай эми «Кудайга шүгүр» деп жылкысына жөнөп кетти. Келсе жылкысынын баары чөп жебейт. «Суу ичпей жылкынын баары куураган турбайбы» деп жылкысын суугa айдады эле, жылкысы суугa барбай эле кайра өзүн көздөй качты. «Бул эмне болду?» деп суугa барса, сууда казандай өпкө агып келе жатат. «Бул жогорку элдин малы кара өпкө болуп жатат деди эле, кара санап өпкөсүн суугa салып жиберген экен го» деп, укуругуна сайып, бери тартайын десе, өпкө экиге жарылып кетти. Түшө калып алайын десе, жети баштуу желмогуз экен. Муңдуубайды жерге көтөрүп уруп, төшүнө минип алып: «Айт Муңдуубай, малыңды алайынбы, сенин жаныңды алайынбы?» – деп коркута баштады. Ошондо Муңдуубай:

Желинин көрсөң казандай,
Эмчегин көрсөң камчыдай,
Мүйүздөрү жылтылдак,
Туяктары шылкылдак,
Сан-сарала сан уюм,
Сан өзөн толгон көп уюм,
Көп уюмду берейин
Өйдө тур, кемпир, өйдө тур, –

деп жалынды.

Анда кемпир: «Сен өлгөндө анын баары меники эмей кимдики?» деп желе берди. Муңдуубайдын оозунан зил кетти. Муңдуубай:

– Ак тикен көрсө аймаган,
Тилин тикен сайбаган,
Чөк дегенде бук деген,
Тизесин жерге бүктөгөн.

Кош аркан салып жүктөгөн,
Сан-сарала сан төөм,
Сары өзөн толгон көп төөм,
Ойсул ата малым бар,
Муну дагы берейин,
Кое бер кемпир колумду, –

деп жалынды.

Кемпир: «Сен өлгөндөн кийин меники эмей кимдики?» деп желкилдетти. Муңдуубай:

– Кекире башын керт оттойт,
Кетмендей куйрук ал оттойт,
Тапырап башын тарт оттойт,
Табактай куйрук ал оттойт.
Сан-сарала сан коюм,
Сары өзөн толгон көп коюм.
Чолпон ата малым бар,
Муну дагы берейин,
Кое бер колум, кое бер! –

деп дагы жалынды...

Кемпир: «Ал сен өлгөндө меники эмей кимдики?» деп желип-желип алды эле, Муңдуубайдан ал кетти:

– Кокту жерлер келгенде,
Койкоңдошуп оттогон,
Жылга жерлер келгенде,
Жылтылдашып оттогон,
Бооруна борколдой чычкан ийин казган
Жонуна карышкыр, түлкү жол салган,
Сан-сарала асан жылкым,
Сан өзөн толгон көп жылкым,
Муну дагы берейин,
Кое бер: кемпир, колумду, –

деп көзүнүн жашын көл кылып жалынды.

Кемпир: «Ал сен өлгөндө меники эмей кимдики?» деп дагы желкилдетти. Муңдуубай:

– «Чек дегенде мекирет,
Ташка чыгып секирет,
Сан-сарала сары эчким,

Сан өзөн толгон көп эчким,
Муну дагы берейин,
Кое, бер, кемпир, колумду! –
деп дагы жалынды.

Кемпир: «Ал сен өлгөндө меники эмей кимдики?» деп ого бетер желди. Муңдуубайдын айласы кетип:

«Таз карадай таарынып,
Такымга чачы оролуп,
Сүлөөсүндөй керилип,
Сүйлөөгө сөздөн эригип,
Алачыктай ак байбичем бар,
Муну дагы берейин
Коё бер, кемпир, колумду!» –

деп жалынды.

Анда кемпир: «Сен өлгөндө кемпириң меники эмей кимдики?» деп дагы желип, Муңдуубайды өлтүрмөй болду.

Акыры өлөөрүнө көзү жеткенде Муңдуубай:

«Эми көз канамдын карасы,
Тиш канамдын сарысы,
Көзүмдү ачып көргөнүм,
Эр Көкүлдөй ботом бар,
Муну дагы берейин,
Кое бер, кемпир, колумду!» –

деп жалынды.

Ошондо жез кемпир: «Алда байкуш ай, мурун эле эмне айтпадың, эми качан бересиң?» деп алкылдатты. Чал шашканынан: «Жети күндө берейин» деди. Ошондо желмогуз кемпир «макул» деп көздөн кайым болуп кетти.

Муңдуубай Болжомонун боз дөбөгө чыгып, өйдө карап өкүрсө, күн айрылып кеткендей болуп мурутун булкуп ыргытып, боздоп турду. Ошондо алачыктай ак байбиче муну кереметинен билип келип:

– Кагылайын байым, малдан кемсиңби же баштан кемсиңби? Не башыңа күн тууду? – деп сурады.

Муңдуубай:

– Мен куруйун, байбиче, тиш канамдын сарысы, оозумду ачып өпкөнүм, көзүмдү ачып көргөнүм, Көкүлдөй ботомду жети баштуу желмогуз кемпирге бермек болдум, – деп буркурап, боздоп ыйлады.

Анда байбиче:

– Сен ага эмне ыйлайсың? Жаман чал, жүр үйгө, – деп үйүнө алып барып, байтал бээнин бал кымызын баса чайкап, кунан бээнин курч кымызынан куя чайкап берди да: «Ай, бай, сенин Кедең дос деген досуңа бар. Болсо ошондон айла болот» деди. Муңдуубай Тору айгырды минип аркыратып учкан бойдон Кедең досуна жөнөдү.

Ошондо Кедең дос ит агытып, куш салып, кырк жигитти бош чалып жүргөн кези экен. Кедең дос алыстан бир караан көрүп:

– Ой жигиттер, карга десем карга эмес, караанын көрүп турам. Тетиги келе жаткан Муңдуубай досум болбосун. Чапкыла! Эгер Муңдуубай досум болсо ак кийизге салып, бутун жерге тийгизбей, алтын тактын үстүнө алып келип койгула» – деди.

Кедең досу Муңдуубайды ал күнү аябай сыйлап конок кылды. Эртеси: – Досум, айда келүүчү эмес элең, жылда келүүчү эмес элең, башыңа не күн түштү? – деп сурады. Муңдуубай досуна жүзүн буруп, эчтемени жашырбай болгон ишти айтып берди. Ошондо Кедең дос: «Сабыр кыл, сенин балаң Көкүлдү туулду дегенде» жер астындагы үч алп жер үстүнө чыгып, жер үстүндөгү жети алп жер астына түшкөн. Ошон үчүн алп энеси желмогуз кемпирди: «Боорткол жүнү боорунда, чырымтал жүнү соорунда кезинде соолтуп кел» деп жиберген. Сенин жылкыңда бир Кер бээ бар эле. Ошол качып Ала-Тоону ашып барып, Муздак-Төр деген жерде үстүнө мөңгү жамынып, астына таш төшөнүп жатат. Ошону барып жети кат ак кийизге туудур, кара уузун кер кулунуңа эмиз, сары уузун Көкүлгө күл азык кыл.

Усталарды жыйдырып айырмач жасат. Алтындан акыр соктуруп, күмүштөн казык productsактырып, Кер кулунду алып келип байлап кой. Көкүлдүн башына төбөсү карыш кара бөрк кийгизип, Кер кулунга мингизип, Боорукер кан дегенге качыралы, деди.

Муңдуубай аттанып жөнөп кетти. Баягы Кедең дос айткандай Муңдуубай Муздак-Төр деген жерге келсе, Кер бээ жатып-туруп, кайкалактап калган экен, алдына кийиз төшөп туудурду. Кара уузун кер кулунга эмизип, сары уузун Көкүлгө күл азык кылып, Кер бээни алдына салып, айдап үйүнө келди. Алтындан акыр соктуруп, күмүштөн казык кактырып Кер кулунду байлатты.

Кедең дос болоттон канжар кылдырып, алтынчы күнү келди. Кер кулунга айырмач токуп, Көкүлдү мингизип, өзү Кер бээни минип учуп кетти.

Экөө жүрүп отуруп, жүрүп отуруп эки жолдун айрылышына барганда, Кер бээ бээлик кылып жүрбөй турган болду. Ошондо Кедең дос:

– Алты чуркап койгондон, Кер бээ,
Атаң өлүп калдыбы, Кер бээ?
Жети чуркап койгондон, Кер бээ,
Жети атаң өлүп калдыбы, Кер бээ?

– деп, таш токмок менен бир, куу токмок менен бир урса:

– Айланайын, Кедең дос,
Кагылайын, Кедең дос,
Каңгыратпа башымды,
Даңгыратпа башымды,

Жаңы тууп, белимди бууй электе, минип алдың, менин күчүмдү Кер кулундан сурагын! – деп баспай койду. Кедең дос:

– Ай, Кер кулун, жаныбар,
Мындан ары сен барсаң,
Кулан, бөкөн көп болот.
Кулан, бөкөн көрбөгөн бала,
Таңыркап түшүп калбасын,

Таңыркатпай алып өт.
Андан ары сен барсаң;
Кыз-келини көп болот.
Кыз көрбөгөн жаш бала,
Таңыркап түшүп калбасын,
Таңыркатпай алып өт.
Андан ары сен барсаң,
Боорукер эле Карахан,
Кан ичме Карач деген бар.
Караханга алпарсаң,
Кер Кулун, кудайдын жалгаганы.
Кан ичмейге алпарсаң,
Кудайдын каргаганы, –

деди да, Кер кулунду учуруп коё берди. Өзү Кер бээ менен үйдү көздөй жол тартты.

Бир күндүк жерге барганда, Кер кулунга тил кирип, Көкүлдү карай сүйлөдү:

– Төш олоңду бош тарткын,
Чап олоңду бек тарткын,
Камчы салбас кара сан,
Катыра камчы сала көр,
Такым этти бөлө көр,
Көкүлжан, тарак-тарак кыла көр! – деди.

Ошондо Көкүл:

Төш олоңду бош тартты,
Чап олоңду бек тартты,
Камчы салбас кара сан,
Катыра камчы салды дейт,
Такым этти бөлдү дейт,
Тарак-тарак кылды дейт,
Булуттуу көктүн асты менен
Муңдуу чөптүн үстү менен учуп жөнөдү.

Эми баягы желмогуз кемпир Муңдуубайга келип:

– Баламды бер! – дейт. Муңдуубай эси чыгып:

– Балаң качып кетти. Ишенбесең мынакей! – деп, Кер кулундун изин көргөздү. Ошондо кемпир үстүңкү эрди менен көк шыпырып: «Сары изиңе чөп

салып, саргая катып куубасам. Куу изиңе чөп салып, кубара катып куубасам желмогуз атым өчсүн», – деп кууп жөнөдү.

Желмогуз кемпир жүрүп отуруп, баланын жети күн жүргөн жерине күн шашкеде жетип келди. Баягы Кер кулун уктабаптыр. Кер кулун кырга чыкса, карга десе карга эмес, түлкү десе түлкү эмес, бир кааран көрүндү. Ошондо Кер кулунга тил кирип:

– Мен көргөндү көрдүңбү, Көкүл,
Мен билгенди билдиңби, Көкүл? – деди.

Анда Көкүл:

– Түнөргөндүн көзүнө
Түн чалынкы көрүнөт.
Карайгырдын көзүнө
Кан чалынкы көрүнөт.
Түк эчтеке көрүнбөйт! – деди.
Кер кулун:
– Жыбыр-жыбыр жер бийик, Көкүл,
Жер үстүндө мен бийик Көкүл,
Тиги желмогуз кемпир көрүнөт, Көкүл,– деди.

Бала эси чыгып ыйлап жиберди. Кер кулун:

Куюшканын кыскартып, Көкүл,
Көмөлдүрүк бош тартып, Көкүл,
Катыра камчы салсаңчы, Көкүл
Коёндой этим бөлүнсүн,
Томуктай этим көрүнсүн, Көкүл
Тайгандай бутум түзөлсүн, Көкүл, – деди.

Көкүл айтканын кылып, учуп жөнөдү, желмогуз кемпир жете албай калды.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп бир жерге келгенде Көкүл түшүп, азыкты жеп, атын чалдырып отурса, Кер кулунга тил кирип:

Жер-жер бийик, жер бийик, Көкүл,
Жер үстүндө мен бийик, Көкүл,
Кар шыңгыдай көрүнөт, Көкүл.
Түптүү бир немедей көрүнөт, Көкүл,

Билгениң болсо айта тур, Көкүл,
Сени бир жерден кутказдым эле
Эми кан ичме Карачка туш келдик, Көкүл, –
деди.

Көкүл тескери карап ыйлап жиберди. Ошондо Кер кулун: «Сен менин боорума ач кене болуп жабыш, мен боосу жок боз турумтай болуп, асмандан «чыр» деп алып учайын. Мени көрбөй калса, Боорукер Карахандын дал эшигинин алдына алып барып түшөйүн. Көрүп калса, төшкө таяк салаарда, этиме тоердо салам айтып тура кал» деди.

Кер кулун боз турумтай болуп «чыр» этип учарда кан ичме Карач качырып калды. Төшкө таяк саларда, этине тоердо, Көкүл салам айтып тура калды. Караса ушундай сонун бала. «Алыстан» качып келаткан бала экен, каны качып келаткан бала экен. Үйгө алып барып, бир нече күн коюп, канын толтуруп ичейин» деп кан ичме Карач Көкүлдү алып үйүн көздөй жөнөдү.

Ошондо желмогуз кемпир: «Ийирдим ди кийирдим да, Карач, качкынымды сага кийирдим, Карач. Качкынымды берип кет, Карач! деп жетип келди. Анда Карач: «Аңкылдаган желмогуз, сага кантип берейин» деди. Ошондо кемпир «оп» деп келип жутту эле, Карач, Көкүл, Кер кулун ичине кирип кетти. Тоо каранын төрт буту желмогуз кемпирдин бутуна илинип калды. Кан ичме Карач жанындагы болот канжарын алып, кабыргадан жарып сыртка чыгып, кемпирдин беш башын айра чапты. Бир башы асманга чыкты, бир башы жерге түштү. Ошодо жерге түшкөнү: «Жети күндө, жети миң кол алып, сени чаап албасам, Карач» деп көздөн кайым болду.

Анда Карач: «Жети күн олтуруп, жети миң ок куюп, сени сага кылбасам» деп Көкүлдү бөктөрүп, Кер кулунду жетелеп намаз шамда үйүнө барды.

Карач баягы Боорукер Карахандын баласы эле. Баланы алып келгенин малчысы көрүп, ханга айтып

барган экен. Хан кокуйлап: «Эмдигиче канын ичип койду го» деп, таӊ сүргөндө Карачтын үйүнө келди.

Карач балам, үйдөбү?
Үйдө болсоӊ үн бергиӊ.
Үйдөн чыкпай бат бергиӊ!
Керүүлөй чаап, кенч алдыӊ,
Кетменчисин кошо алдыӊ,
Мындан олжо бербедиӊ,
Өөдөлөп чаап, олжо алдыӊ,
Мындан олжо бербедиӊ! – деди.

Карач тебетейи жок, топучан, чапаны жок, көйнөкчөн, кепичи жок, маасычан чыга келди.

– Кечээ бир бала таап алды дейт. Ошону сурап келдим – деди атасы.

– Мен да эл четине жоо келип калган окшойт дегенмин. Эчак эле канын ичип алгамын, – деп үйүнө кирип кетти баласы. – Тар коргондон өтпөсөм, кеӊ коргонго жетпесем, оозуна таш бекитип салбасам, аскадан алыс учуп өлбөсөм, жаман аты сага калабы, маа калабы? – деп, кайра тартты атасы.

– Айтса, айтпаса төгүнбү? – деп, Карач: – Балаӊды ал! – деп, баланы түндүктөн ыргытты.

Боорукер хан баланы жерге түшүрбөй тосуп алды. Анан «ушунун жаман олпогу жеӊиме жамаачы болобу?» деп, Көкүлдүн ак олпогун ыргытты, Боорукер хан аны да тосуп алды. «Бир буту майрык Кер кулун мага ат болобу?» деп аны да ыргытты. Аны да тосуп алып, хан үйүн көздөй жөнөп баратып:

Кемпирим эле, кемпирим,
Кудайыӊ бербес баланы,
Курдашыӊ Мен таап келатам.
Теӊириӊ бербес баланы,
Теӊтушуӊ мен таап келатам, –

деп кыйкырып үйүнө келди.

Тоодой эт, көлдөй чык кылып той берди. Элдин баары этти жеди. «Балага ат койгула» деди эле, чогулуп отурган эл: «Алтын көкүлү жайнаган жаш

бала экен, аты Көкүл болсун» деп эски атын коюшту. Ошонун ортосунда алты күн өттү. Баягы Карач алты күн тынбай ок куйду. Ошондо атасы Боорукер ханга: «Ата, менин колум тийбей жатат, баягы Ак-Дөбөдөн кароол кара» деди. Атасы тоо Карага минип алып кароолго чыгып барса, эчтеме жолуккан жок. Дигер шамда же кумурска экени билинбейт, же адам экени билинбейт, жердин жүзүн каптап, бирдемелер келатат. Атасы үйүнө келгенде, Карач: «Ээ ата, эмне көрдүң?» деди эле, «эч эчтеме көргөнүм жок балам. Дигер шамдын ортосунда же кумурска экени билинбейт, жердин жүзүн бербей каптап келатат» деди атасы.

«Ой ата, билбесең жанагы баланы жети баштуу желмогуз кемпирден ажыратып алгамын. Бир башы асманга учуп чыгып, кеткен эле бир башы: «Мен жерге кирбесем, жети күндө келбесем, сени чаап албасам, Карач» деп жерге кирип кеткен эле. Ата, жанагы балаңды бер, эртең урушка барайын» деди Карач.

Боорукер хан: «Оо атаңдын көрү жаман арам, элиңди чогултуп урушка барбайсыңбы, менин балама асылбай» деп баласын кагып койду.

Карач ак мылтыкка уучтап дары куюп, сүмбөлөп окту уруп, «Карач, Карач» деп кыйкырып жоого тийди. Көрсө желмогуз Экей, Текей, Бозбармак, Бозой алптары менен келиптир. Кылычтын мизи тийдиби, найзанын учу тийдиби, Карач араң качып кутулду. Карач атасына келип «жаныма караан болсун» деп дагы Көкүлдү сурады. Боорукер хан ары карап ыйлап, бери карап күлүп, Көкүлдү Карачка кошуп берди.

Карач ак мылтыкка кош уучтап дары куюп, сүмбөлөп окту уруп, Көкүлдү ээрчитип: «Карач, Карач!» деп жоого тийди. Калың колду жапырып кирди.

Ошондо желмогуздун Боз коен деген аты бар экен, анын тилин Кер кулун билет экен. Кер кулун Боз

коёндун тилин озунуп байлап коюп: «Карач, сен аттан түш да, Тоо Караны жыгып эчкиче бууп, артыма бөктөр. Көкүл экөөң учкаша мингиле да катыра камчы салгыла. Аркар ашпас Ала-Тоону аттап түшөйүн» деди. Карач Кер кулундун айтканынын баардыгын жасады. Кер кулун асман менен алып учуп бара жатып, туман салды». Сасык туман эч көрсөтпөй басып калды. «Мен Көкүлдү кармадым, мен Көкүлдү кармадым» деп, бир бири менен сайышып тумандын ичинде далайы кырылып, Бозбармак, Бозой, Экей, Текей, желмогуз бешөө эле калды. Ошондо Боз коендун тили бошонуп: «Бешөөң беш атыңды жыга сал, эчкиче туягын бууп сал да, салбыратып артып ал. Өзүңөр учкашып алгыла. Буларды кууп жетелик» деди. Айтканын кылышты. Боз коен кууп жөнөдү.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп Боз коен Кер кулунга жетти. Кер кулун акылы менен каркыраган кара ташка түштү. Берки көйкөлгөн көк шиберге түштү.

Кер кулун Көкүл менен Карачка кайрылып: «Эми мени агыткыла, Боз коенду мага кудай берсе, тигилерди силерге бергени. Силер үйүңөрдү көрөсүңөр, мен үйүмдү көрөм. Эми мени агыткыла» деди. Баягылар Кер кулунду агытышты.

Ары башын каккылап, бери башын каккылап Боз коен шиберди жеп: – Акылы жок, менден мурун келип түшкөн жерин көр, – деп таба кылып жата берди.

– Ээ, Боз коён, экөөбүзгө эмне жок? Силердин алптар алса, сени минип, мени жетелеп алат. Биздин алптар алса, мени минип, сени жетелеп алат. Чөбүбүздү оттоп, суубузду суулап бирге жүрө берели, деди Кер кулун.

– Ай, чөптү, сууну аяп жатамбы? Кел бирге оттоп, бирге суулап туралы, – деди Боз коен.

Уламдан-улам жакындап, кашынымыш болуп алдап туруп, Кер кулун Боз коендун ооз омурткасын сый тиштеди. Маңдайын жара тээп, баса берди. Муну

көрүп турган Карач: «Кана, бир-бирден билек түрүп, күч сынашалы» деп чыга келди. Желмогуз: «Бозбармак, барчы» деди. Бозбармак чыкты эле, Карач аны ары-бери жыгып башын кесип алды. Желмогуз Бозойду жиберди. Карач аны да жыгып башын кести. «Дагы кел!» деп Карач кайта барды. Экей чыкты, Карач анын да башын кесип ыргытайын деп жатканда: «Ойногон Карач десем, оюлган Карач турбайбы» деп, Текей менен Желмогуз кемпир чуркап келди. Карачты экөөлөп жатканда, Көкүл келип, Текейди шыйрактан алып туруп башын ташка чапты. Карач экөөлөп Желмогузду да өлтүрүп, үйлөрүнө жөнөштү. Ошондо Боорукер хан: «Балдарым аман-эсен келер бекен?» деп, жолду карап көзүнүн жашын көл кылып, ыйлап турган экен. Көкүл: «Атам сага кейир бекен, же мага кейир бекен? Сен мурун барып атама учурашкын» деп, Карачты алдыга жиберди.

Карач атасына келип салам айтты. Боорукер хан чоочуп: «Ой, балам, Карач, нары жагыңды караймын, бери жагыңды караймын. Менин Көкүл балам канакей?» деди. Карач: «Кечээ алптар менен алышып, күчтүү менен күрөшүп жүргөндө, Көкүл уулуңа ок жаңылып калыптыр» деп жооп берди. Карахан ишенбей сыртка чыгып караса, Көкүл көп жылкыны айдап келе жатат. Боорукер хан калың элди жыйып, жамбы аттырып, улак тарттырып чоң той берди. Эл Көкүлдүн эрдигине ыраазы болуп. «Балаңдын өмүрү узун болсун!» деп, жабыла бата берип, ошону менен тынч жатып калды. Бала күндөн күнгө чоңойду. Бир күнү Көкүл Карачтын аялына барып:

– Эр эрдигин бук болдук, жеңе,
Эр кумарын ким жазат, жеңе,
Ат семирип лык болду, жеңе,
Ат кумарын ким жазат, жеңе? – деди.

Анда жеңеси:

– Эр эригип бул болсо, уул,
Эр кумарын куш жазат, уул.

Ат семирип лык болсо, уул,
Ат кумарын туз жазат, уул. –

деп Көкүлдүн атына туз берди. «Өзүң бир куш кармап кел, ошону мен таптап берем, эриккениң жазылар» деди. Көкүл куш кармап келди эле, жеңеси Күлайым мүнүшкөр киши экен. Кушун бир күндүн ичинде таптап берди. Аңга чыгып, Көкүл кушун салса, күнүгө бирден гана алат, ашык албайт.

Он беш күндөн кийин Көкүл «күнүгө бирден аласың» деп шыйрагынан кармап ташка бир чапты эле, куш өлүп калды. Күндөрдөн күн өттү, айлардан ай өттү. Бала чоңоюп калды. Бир күнү жеңесине дагы эриккендиги жөнүндө айтты эле, анда жеңеси: «Ушундан жүрүп отурсаң, жүрүп отурсаң бети тик бийик аска бар. Ошол жалама зооканын башында Агыйын деген бүркүт бар. Эки гана балапаны бар. Бирөөсү эң сындуу, сыпаттуу, бирөөсү эң жаман, ошол жаманын алып кел, таптап берейин» деди.

Көкүл Кер кулунга болоттон така кактырып, өзүнө болоттон тай туяк кылдырып, Кер кулунга минип баягы зооканын жанына келди. Көкүл кулжанын буту токтобос, кудай урган как таскак. Текенин буту токтобос, теңир урган көк тоскок зоонун башына чыкса, баягы жеңеси айткандай, бүркүттүн эки балапаны жатат. Бирөөсү эң сулуу, сыпаттуу, бирөөсү эң жаман. Жакшысын алайын деп жеңесинен коркуп, жаманын алып үйүнө келди. Келсе, жеңеси кебезден уя жасап отурган экен. Бүркүттүн балапанын көрүп: «Жумуртка чагында сары суу басып калган турбайбы, үйдөй болгон уюткан коргошунду үстүнө алып койгула» деди.

Карач коёмун деп коё албады. Көкүл жалгыз колу менен алып койду. Карач арданып катынынын бетин айра тепти. Көкүл жеңесине болуша албай, же агасына болуша албай, эшикти тарс коюп, эшикке чыгып кетти. Жеңеси: «Эрдүү катын таяк жейт, койлуу катын куйрук жейт, токто, уул!» чуркап чыкты.

Жеңеси Көкүлдүн жанына барды да:

– Үч күндөн кийин кел, бүркүттү таптап коёюн – деди.

Жеңеси айткан күнү Көкүл бир атка кымыз жүктөп, алып келди. Баягы бүркүт сонун болуп калган экен. Карач менен жайылмакка чыкты. Карач өз бүркүтүн алды. Көкүл Агыйынын алды. Экөө жайылтып жүрдү. Көкүлдүн бүркүтү көзүнө эмне көрүнсө, ошону алды. Карачтын бүркүтү эч нерсе алган жок. Кечинде үйдү көздөй кайтып келе жатып Карач: «Көкүл сенден бир нерсе сурайын», деди Көкүл:

– Үстүмдөгү кишмиш тон,
Сурасаң чечип берейин.
Колумдагы Агыйын,
Сурасаң муну берейин,
Астымдагы Кер кулун,
Сурасаң түшүп берейин, – деди.

Анда Карач: «Астындагы Кер кулун, аны сурап, сени кантип жөө коёюн. Үстүндөгү кишмиш тон, аны сурап, сени жылаңач кантип коёюн? Алдагы колундагы Агыйын бүркүттү сурайын» деди. Көкүл кыя албастан кыңырылып туруп берди. Эки бүркүттү Карач эки колуна кондуруп, Көкүл анын атынын тизгинин мойнуна түрүп жетелеп алды. Үйгө барганда эшикке чыгып: «Эки колуң байлоодо, эки көзүң жайлоодо, төрөм, эри өлгөн катындай эмне болдуң?» деп сурады.

Карач: «Көкүл сурасам эле берди» деди.

Бир күнү Кер кулун: – «Жүрү атам боз айгыр, энем кер бээ көзүн кан басып, жылкыга жетпей калыптыр. Сенин атаң Муңдуубай, энең Ак байбиче жүктүн алдынан турбай калыптыр» деди. Көкүл Боорукер ханга келип:

– Мага уруксат кылыңыз. Менин да ата-энем бар эле, эмне болгонун бир билип келейин – деди.

– Уруксат, балам, мени эсиңден чыгарбай, бир кайрылып келип кет, – деди Боорукер хан.

Көкүл жүрүп отурса, жүрүп отурса бир тоо турат, жөн турбай жылып турат. «Оо бияктын тоосу жылып турат экен ээ» деп жанына барса, Көк дөө экен. Аны менен бир нече күн, бир нече түн кармашып, көтөрүп чаап, өлтүрдү да, ошону менен Көкүл дагы жөнөдү.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, Көкүл Ак дөөгө жолугат. Аны менен үч күн, үч түн кармашып, акыры Көкүл жеңет.

Көкүл дагы жүрүп отуруп, жүрүп отуруп Кызыл дөөгө туш келет. Муну менен он беш күн, он беш түн күрөшөт. Кер кулун он беш күн, он беш түн чөп жебей, суу ичпей карап турат. Алышып алга толо элек, күрөшүп күчкө толо элек Көкүлдүн каруусу кетип шалдырап калганда, Кер кулун биле коюп, Кызыл дөөнүн омурткасын бириктире тиштеп койду эле, Көкүл көтөрүп чапты. Кызыл дөөнүн денесинин жармысы жерге киргенде ал: «Ой, Көкүл, менин батегимдин астында, байпагымдын башында жети бүктөм ак болот бар, ошону алып, типтик көтөрүп бек шилтесең, ошондо башым аласың, антпесең башымды кесе албайсың» деди. Көкүл баягы жети бүктөм ак болотту алып, шилтээрде Кер кулун:

– Болотту чаппай кармап турсаң, дөөнүн башы өзү түшүп калат деп токтотуп коёт. Көкүл: «Болотту чапса эмне болот эле» десе, «анда өз башыңды кошо ала кетип, акыр кыямат болмок» – дейт. Кер кулун Көкүл болотту дөөгө жакындатканда Кызыл дөөнүн башын алып түшөт. Көк дөөнүн башы: – Жүрөгүңдү жүрөгүмө бас – дейт. Көкүл: «Кой, бул мени дагы өлтүргөн турат окшойт» деп дөөнүн жүрөгүн Ит Ичпестин ала көлүнө салып жиберсе, көл соолуп калды. Дөөнүн башы:

– Ичегимди алып белиңе курчап, балбан болоруңа жакшы, – дейт.

Көкүл дөөнүн ичегисин алып курчанайын деп жатса, Кер кулун:

– Ичегиси менен курусун, үйдөй кара ташка ыргыт, – деди. Көкүл Кызыл дөөнүн ичегисин ыргытты

эле, кара таш как жарылып, таруудай быркыранып кетти.

Көкүл атын токуп минип алып, дагы жолго чыкты. Күндөн күн өтөт, айдан ай өтөт. Бир жерден кетип бара жатса, бир айыл турат, Көкүл «Бул кимдин айылы болду экен?» деп барса, баягы атасы Муңдуубайдын айылы. Муңдуубай Көкүлдү таанып:

«Башымдагы куу булут кеттиби?» деп, баласын басып жыгылат. Кемпир, чал, карындашы Көкүл менен көрүшүп, коргошун болуп эрип кетерде кырчоосун үзүп, Кер кулун үйгө кирип, бир чака сууну ортосуна куюп жиберди. Төртөө төрт башка болуп үшкүрүп отуруп калышты. Ошентип Көкүл эне-атасын таап, эли-журту менен жыргап-куунап жатып калышкан экен.

## ЧЫНЫБЕК

Бар экен, жок экен, Миңбай менен Жүзбай бар экен. Миңбайдын миң кою, бир баласы, Жүзбайдын жүз кою, бир баласы бар экен. Миңбайдын баласы бир күнү коюн талаага кайтарып чыгып уктап калса, карышкыр келип койду ээн жайкын эртеден түшкө чейин кырат. Бала болсо ойгонбостон уктап жата берет. Жүзбайдын баласы кой кайтарып жүрүп, Миңбайдын коюн карышкыр кырып жатканын көрүп: «Кудай куураткыр, коюңду карышкыр кырып кетпедиби» деп баланы ойготот.

Миңбайдын баласы тура калып: «Сен жүз коюң менен мага теңелгиң келеби, менин миң коюм бар, эмне үчүн ойготосуң, эң кызык түш көрүп жаттым эле, түшүмдү таап бер» деп, Жүзбайдын баласын жаака бир салат. Жүзбайдын баласы карап турсунбу, а да жаака бир салат. Ошентип экөө түштөн урушкан бешимге чейин урушушуп аябай чарчашат. Акырында Жүзбайдын баласы: «Эмне түш көрдүң? Айтчы, каадалуу түшүңдү угайын?» деди. Миңбай-

дын баласы: «Каадалуу түш дейт тура. Башыма күн тууп, аягыма ай тууп, орто жерине Чолпон жылдыз чоң тууп жатыптыр, бул каадалуу түш эмегенде карышкыр кырган кой каадалуу бекен? – деди.

Жүзбайдын баласы: «Сатасыңбы түшүңдү? деди. Миңбайдын баласы «сатамын, карышкыр канча коюмду кырса, ошончо кой берип алгын» деп убадалашты. Жүзбайдын баласы: «Карышкыр канча коюңду кырды экен деп санаттырса, Миңбайдын баласынан туура жүз коюн кырыптыр. «Жүз коюмду өлтүрүптүр, жүз коюңду бердиңби?» деди. Экөө «алдым, саттым, береке» деп кол алышып, кечинде үйлөрүнө кайтып келишет.

Жүзбайдын баласы эл жата үйүнө барды эле, атасы тура калып «кокуй балам, коюң кайда?» деди. Баласы: «Атаке түшкө сатып жибердим», деди. Жүзбай: «Ал эмне болгон түш экен, жүз койдун баарын саттыңбы?» деди. Анда баласы күлүп: «Башыма күн тууп, аягыма Ай тууп, орто жериме Чолпон жылдыз чоң тууган» түшкө саттым, атаке деди. Атасы ордунан тура калып, жеткен жерине келтек менен, жетпеген жеринде тезек менен уруп, баласын кубалап жиберди. «Эгер койду таап келбесең ичиңди жарып, башыңды итке салбасам, Жүзбай атым өчсүн» деп, ачууланып кала берди.

Бала айлап-күндөп жүрүп отурду. Башы ылжыраган таз болду, курсагы ач болду. Ошондо асманда учуп бараткан каргага кайрылып: «Карга аке, ынтымакка келеличи, бир табактан жешели, ачка өлүп баратам, жардам кылыңыз» деп колун каргага сунду эле, карга: «Ошондой бол, таз балам, коюңа салган чөптөн жейин деп барсам, жата калып таш алып, тура калып баш алып уруучу элең, дагы сага чала болуптур» деп өтүп кетти. Мындан кийин үстүнөн бир көгүчкөн учуп өттү. Бала буга да кайрылып: «Көгүчкөн аке, ынтымакка келели, бир табактан жешели, ачкадан өлүп баратам, жардам кылыңыз»

деп колун сунду. Көгүчкөн: «Ошондой бол, таз балам, кар жаап, борошо урганда короондон тамак жейли деп барсак, тузак тартып, ата-энемди, бала чакамды, кармап алгансың, ата-энең: «Кое бер, убал болот» десе «убал болсо кудайым адал кылбай эле койбойбу» деп, шишкебек кылуучу элең, эми мусапыр болдуңбу? деп өтүп кетти.

Канаттуудан айла болбогондон кийин бала «өлсөм дагы адам жетпес дөбөгө жетип өлөйүн, этимди карга кузгун жесин» деп, илкий басып андан ары жүрүп отурду. Акыркы бутун шилтей албай каруусу калбай калганда дөбөгө келип, башына таяк жазданып, көзү чекчейип, бели бөкчөйүп жатып үлгүрөп уктап кетти. Таң агарып атканда бир адам келип: «Ой бала, тургун, атка мингин, деп мингизип алып жүрүп кетти. Түш болгондо баягы адам артына айланып карап түрү суук бир таз баланын атына минип келе жатканын көрдү да, атып салмак болуп саадагын сууруп алды. Бирок кайра ойлонуп, «буйрук ушул болсо бул бечаранын канына сабын болбоюн» деп кыз сабыр кылып жүрүп отуруп бир тоого келишти.

Эмки сөз кыздын тазга кандайча жолукканы жөнүндө болсун. Кыз өзү Күлгаакы деген сыйкырчы кемпирдин кызы экен. Ал Сейит чалдын Өмүраалы деген уулуна качмак болуп убадалашыптыр. Ушу түндө адам жетпес дөбөгө Өмүраалы келип, кызды алып кетмекчи экен. Жигит ал күнү дөбөгө жетпей калып, буйрук менен кыз тазга дуушар болду. Кыз таздын башына дары сыйпады эле, жети күндө кундуздай кара чач чыкты. Ошентип Айым сулуу «кудайдын буйругу» деп таз балага тийди. Баланын аты Чыныбек эле.

Күндөрдүн биринде Айым сулуу түш көрүп, эртең менен Чыныбекке айтты: «Түндө түшүмдө Өмүраалы кырк жигити менен Чыныбекти өлтүрүп, колуктумду таап аламын деп жолго чыгыптыр» деди. Чыныбек: «Андан коркпо, түшүң жакшы түш экен,

мен аны өлтүрөт экенмин» деп жаман сары курумшу курчанып жүрүп кетти. Барып Өмүраалынын келе турган жолуна чоң ак үй болуп кубулуп, кырк кулактуу казандын ичинде толтура эт болуп кайнап турду. Аңгыча Өмүраалы кырк жигити менен келип: «Кокуй, куйка таз ушу, тегеректен карсылдатып сабагыла» деди эле, жигиттери: «Таксыр, куйка тазыңыз адамбы?» деп сураштты. Өмүраалы: «Ооба, адам» деди. Анда жигиттер: «Адам болсо кантип тигилүү үй, жагылган от, кайнаган эт болуп калсын, жолдогу бышып турган бейиштин тамагынан жебей кетсек, жолубуз болбойт» деп, түшө калып, кырк кулактан кармап чыгаралы дегенде казан жарылып кетип, Өмүраалы баштап кырк бир киши күйүп өлүп калды. Чыныбек таз аларды кандайча айла менен өлтүргөнүн Айым сулууга айтып берди.

Арадан бир жума өтүп, жуманын түнүндө Айым сулуу түш көрүп, эртең менен тура калып: «Түндө түшүмдө Сейит чал баламды тиргизип, келинимди тапкызып алып, Чыныбекти өлтүрөм деп келе жатыптыр» деди. Чыныбек таз муну угуп, «экинчи үйүн көргүсүз кылайын» деп, курумшу курун курчанып жүрүп кетти. Барып Сейит чалдын келе турган жолун тосуп, ак тайлак болуп боздоп жүрдү. Сейит чал көрөрү менен куйка таз экенин билип, кармап алды.

Үйүнө алып барып чөгөрүп коюп, темир казыкты өркөчүнө кагып; «Келинимди таап бергиң, баламды тирилтип бергиң» деп боздотуп кыйнай баштады. Куйка таз тайлак болуп муңданып эки көзүнүн жашын мончоктотуп, төгүп ыйлап турганда, Сейит чалдын Ашымкан, Кишимкан деген эки кызы келип: «Айланайын атаке, адам баласы кантип тайлак болуп жүрсүн, бекер жанын кыйнабасаңар, бул деле кудайдын бир макулугу турбайбы» дешти.

Сейит чал: «Жок баламдын түбүнө жеткен чунак ушу» деп, ансайын ура баштады. Таз тайлак андан бетер көзүнүн жашын мончок-мончоктотуп төккөндө,

эки кыз: «Атаке, ушу тайлагыңды бизге бериңиз» Ит Ичпестин ала көлүнөн сугаралы, эгер суудан ичсе төө экени, ичпесе адам экени, анык куйка таздын өзү. Андан кийин эмне кылсаңыз өзүңүз билиңиз, бербесеңиз мойнубузга аркан салып муунуп өлөбүз» дешип коркутушту. Чал: «Баламдын үстүнө кыздарымдан айрылбайын» деп корккон бойдон бере салды. Эки кыз жетелеп алып, көлдү көздөй жөнөп калды. Тайлак жолдо секирип, ойноп тамаша салды. Кыздар каткырып күлүшүп, кумарга канды. Ошентип, Ит-Ичпестин ала көлүнө жетишип тайлакты сугарайын деди эле таз акең коргошун болуп суунун түбүнө түшүп кетти. Эки кыз тилдерин жебиретип, бойлорун кибиретип, алаканын шак коюп, көчүгүн жерге так коюп, атасына: «Ырас эле куйка таз экен, суунун түбүнө коргошун болуп чөгүп кетти» деп ыйлап барышты. Сейит чал «эчак эле айтпадым беле, чунак кыздар, чуулдап жүрүп ушуну кылмак элеңер, кайсы жерге түшкөнүн көрсөтүп бергиле» деп, эки кызын ээрчитип сууга келди. Суунун баарын ууртап, коргошунду тиштеп алайын дегенде, Чыныбек таз жөргөмүш болуп кубулуп, бир теректин башына жөргөлөп чыгып кетти. Сейит чал жылкычы чымчык болуп жөргөмүштү эми тиштейин дегенде Чыныбек асманга турумтай болуп учуп жылкычы чымчыкты тырпыратып басып, мээсин чукуп өлтүрүп, учуп кетти. Чыныбек келип, Сейит чалды кантип өлтүргөнүн айтты эле, Айым сулуу кубанып: «Эң жакшы кылыпсың, эми эл-журту бар жерге барып оокат кылалы» деди.

Булар жүрүп отуруп, Кара хандын жерине келип, кандын айлынын жанына чөптөн алачык жасап туруп калышат. Бир күнү хан кырк жигитин ээрчитип, куш салууга чыкты. Кушун бир түлкүгө салса албастан айланып учуп, таздын чөп алачыгына барып конуп олтуруп алды. Кан келип: «Ой, үйдө адам болсо, чыгып кушумду алып бергилечи» деди. Айым

сулуу тазды карап: «Кан келди, баатыраак чыгып кушун алып берчи» деди. Таз: «Өзүң эле алып бере салбайсыңбы, кан жутуп коймок беле» деп урушуп койду. Айым сулуу кушту алып берейин деп чыга калганда кан аялдын сулуулугунан эси ооп, аттан кулап түштү. Айым сулуу: «Ушунчалык кан болуп туруп, киши көрбөгөн экенсиз» деп алтын жоолук менен аттантып, колуна кушун кондуруп узатып жиберди.

Кан Айым сулууну көргөн жерден ашык болуп калат. Айым сулууну кантип алуунун амалын таппай, бир күнү тазды чакырып алып: «Чыныбек баатыр, сага эп болсо бир тамаша салайын деп жатамын, жалгыз жатып сен да эриккендирсиң, көптөн бери тим жатып мен да эриктим» деди. Чыныбек таз: «Кандай тамаша салсаңыз да мени качат экен деп ойлобоңуз» деди. Кара хан: «Катын сайышып, жашынмак ойнойлу» деди. Таз: «Макул нече күндөн жашыналы, кимден башталсын?» деди. Кан: «Үч күндөй болсун, менден башталсын» деди. Биринчи болуп кан жашынды. Таздын ары-бери күйпөлөңдөп жүгүрүп жүргөнүн Айым сулуу көрүп: «Эмне кылып жүрөсүң?» деди эле, «Канды карап жүрөмүн» деди. «Кайдан карайсың?», «Кайдан карамак элем, ушулардан карап табамын» деди. Анда Айым сулуу: «Булардан таба албайсың, ат байлаган сарайда чоң ак эркеч турат. Ошону сакалынан алып бакылдатып сабасаң, өзү туруп келет» деди. Чыныбек келип эркечти бакылдатып сабады эле, кан: «Мөөрөй сеники, Чыныбек баатыр» деп тура калды.

Экинчи күнү кан дагы жашынды. Таздын ары-бери карап таба албай жүгүрүп жүргөнүн Айым сулуу көрүп чакырып алып: «Жардын түбүндөгү теректи өзөгүнө чейин кессең, кан өзү туруп келет» деди. Таз чуркап барып, теректин өзөгүнө чейин кести эле, «мөөрөй сеники, Чыныбек баатыр» деп кан ордунан туруп келди. Үчүнчү күнү кан дагы жашынды. Айым

сулуу таба албай жүргөн күйөөсүн чакырып: «Эмне кылып жүрөсүң?» деди. Таз: «Канды таба албай жүрөмүн» деди. Анда Айым сулуу: «Кандын эшигинин алдында өсүп турган жалгыз гүлдү үзүп алсаң өзү туруп келет» деди. Таз кандын эшигинин алдына барып: «Жалгыз сага эмне бар?» деп, гүлдү үзүп алды эле, кан: «Таз мөөрөй сеники» деп тура келди.

Кан үч жашынып үчөөнү тең таптырып койгон соң: «Эми бир жашынайын, меники төрт болсун» деди. Таз макул болду. Кан төртүнчү жолу жашынды. Таздын дагы ары-бери чуркап жүргөнүн Айым сулуу көрүп: «Эмне кылып жүрөсүң?» деп сурады эле, таз: «Канды карап жүрөмүн» деди. Айым сулуу: «Кайдан табасың?» деди. Таз анын эмнесин сурайсың, сарайдагы ак эркечти сабасам, жардын алдындагы теректи кессем, эшигинин алдына чыккан гүлдү үзсөм, туруп келбейби» деди. Анда Айым сулуу: «Ай кудай алгыр, кан бүгүн жакын арада жок. Сасык-Көлдүн аралында кара буура болуп жатат. Он эки четин таякты суусунан кесип алып, ошол жыйырма төрт таягын сынганча сабасаң, кан өзү туруп келет. Болбосо канды алты издесең да таба албайсың» деди. Таз Айым сулуунун айтканындай он эки четин, он эки кайың таяк кыйып алып, аралда жаткан кара buураны бакылдатып, жыйырма төрт таягы сынганча сабады эле: «Чыныбек баатыр, мөөрөй сеники» деп ордунан тура келди. Кан: «Эми Чыныбек баатыр, сен жашын», деди. Таз макул болуп чуркап кетти. Катыны караса, бир кап менен кементайды көтөрүп чуркап жүрөт. Айым сулуу: «Эмне кылып жүрөсүң» деди. «Кандан жашынганы жүрөмүн». «Кайда жашынасың?» – «Кементай жамынып бир жерге жата каламын» деди. Анда Айым сулуу: «Атаны каран күн ай, бер кел, кууратканы жүргөн турбайсыңбы», деп чакырып алып, оймок кылып сөөмөйүнө салып, таздын көрпөчөсүн кайып отуруп алды. Кан ары карап, бери карап таба албай айласы кетип акырын-

да: «Мөөрөй сеники, бери кел» деп чакырды. Анда Чыныбек: «Каным, канткенде мунун сулуу катынын алам деп, жүрүп көзүңүз боз ала болуп калган экен го? Мен ушу жерде катынымдын жанында отурсам көрбөйсүз» деп ордунан тура калды. Экинчи күнү жашынганда Айым сулуу тазды колундагы ийне сапталган жиптин учундагы түйүнгө кошо түйүп жашырды. Кан ары-бери карап таба албай айласы куруп: «Чыныбек баатыр мөөрөй сеники» деп чакырды. Таз: «Мен катынымдын жанында отурсам, мени көрбөйсүз» деп тура калды. Үчүнчү күнү жашырганда, Айым сулуу тазды ийне кылып жакасына сайып алды. Кан ары-бери таба албай, айласы кетип: «Мөөрөй сеники, Чыныбек баатыр кел» деди. Таз дагы: «Мен катыным менен кучакташып олтурсам көрбөйсүз» деп ордунан тура калды. Ошентип кан жеңилип, катынын уттуруп ага ичи күйүп, бирок кандыгына салып, бербей койду.

Кан Айым сулууда бир керемет бар экенин билип дагы бир да ашык отко күйүп чыдабай, эли-журтун жыйнап: «Ким ушу таздын катынын алып берет?» деп жарлык кылды. Ошондо оозунда тиши жок алтымыш жаштагы бир мастан кемпир: «Таксыр каным, мени он бештеги балага алып берсең, мен сени Айым сулууга жеткиземин» деди. Кан: «Кандай кылып алып бересиң?» деди. Анда кемпир: «Аны Ит Ичпестин ала көлүнөн суу алып кел, хан ооруп калды, ошол дары экен, үч күндөн калбай келгин, үч күндөн кала турган болсоң, катының кандыкы дейбиз. Ал сууга бара турган болсо, үч күн эмес, үч жылда да келбейт» деди.

Кан макул болуп, тазды чакырып алып, колуна бир көнөк берип «Ит Ичпестин ала көлүнөн ушуну менен бир суу алып кел, үч күндөн калба, үч күндөн калсаң, катының меники болот» деп буюрду. Таз макул болуп, көнөктү алып чуркап бара жатканын Айым сулуу көрүп: «Кайда барасың» деди. Таз:

«Каным катуу келди, кара жаным таттуу келди, Ит Ичпестин ала көлүнөн канга суу алып келейин» деди. Айым сулуу: «Качан кел деди?» деп сурады. Таз: «Үч күндөн калбагын» деди, деп жооп берди. Айым сулуу «Үч күнгө чейин көнөккө толтура малдын заарын жыйып, анан канга алып баргын да, «Ит Ичпестин ала көлү жылжып агып, суусу сары болот экен деп айт» деди. Таз Айымдын айтканын жасап, үч күндөн кийин көнөктү канга алып барды да: «Ит Ичпесин ала көлү жылжып агып суусу сары болот экен, таксыр» деди. Кан Ит Ичпестин ала көлүнүн суусу» деп ичип, соо жанын оору кылып алды. Ошентип төшөктө жатып кан калкына жарлык салды: «Ким таздын катынын алып берет, алып берген адамды эмне тилесе тилегине жеткиземин» деди. Анда бир чал: «Каным, мага он бештеги кызды алып берсең, мен алып беремин» деди. Кан: «Кандай кылып алып бересиң? Эгерде айтканымды орундатсаң, сенин каалаганыңды аткарам, сөзүм эки эмес» деди. Чал: «Чыныбекти жаян балыкка жиберели, балыктын кабыргасын алтын уук кылып, бир жак ыптасын сөгүп жети күндө кел, жети күндө келбесең, катының кандыкы болот дейбиз. Ал жаян балыкка барса, жети күндө эмес, жети жылда да жетпейт. Жетсе да жаян балык жутуп коёт» деди.

Кан тазды чакырып алып: «Жаян балыктын бир жак өңүрүн сөгүп кел, жети күндөн калбагын, жети күндөн калсаң, катының биздики болот» деди. Таз бул сөздү катынына барып айтты эле, Айым сулуу тору атты, чолок кара кылычты, алтын коңгуроону, алтын шакекти Чыныбекке берип, асман менен учуруп жиберди. Ал учуп отуруп жети күндө жетти. Жаян балык кудай жалгап суунун түбүндө ойноп жүргөн экен. Ошондо Тору тулпарга тил бүтүп: «Мен, жаян балык, аксак атыңды ал» деп чакырайын, чыгып келгенде башын кылыч менен жара чап» деди. Таз макул болуп, кылычты кынынан чыгарса, жети

кулач болуп узарды. Аңгыча Тору ат: «Жаян балык, аксак тору атыңды ал» деп күңгүрөндү. Жаян балык тору атымды аламын» деп чыгып келе жатканда таз кылыч менен башын жара чапты. Тору тулпар балыкты алып чыкмак болуп сууга кирип кетти. Бир топтоп кийин балыкты желкеден тиштеп суудан тышка алып чыгып, өзү сулк жатып калды. Таздын айласы кетип, ары чуркап, ыйлап, бери чуркап ыйлап, бир убакта бир колтук бетеге жулуп келип, аттын оозуна тыгып олтурса, тору тулпар жаныбар ыргып тура калып, «Ат кадырын билбеген куйка таз, жети күндүн ичинде асмандан учуп, келип жана да жаян балыкты тоодой кылып суудан чыгарып отурсам, ачка болгондур, жаныбар» деп бир тутам чөп, бир ууртам суу бербестен; балыктын бир жак ыптасын сөгөсүң. Өлгөн бойдон кайра тирилбеймин дедим эле, бу да болсо Айым сулуунун кадыры» деп чөптү жеп, сууну ичти. Тору ат антип-минтип тойгончо таз балыкты союп бир ыптасын тулпарга кырк бүктөп салып, асман менен учуп, жети күндө кайта келип түштү.

Таздын кеткени жети күндөн ашкандан кийин кан Айым сулууну аламын деп, калкын жыйнап, нике кыймакчы болуп жатканда, Айым сулуу жети катар темир үй болуп жатып калган эле. Кандын айласы кетип, атып да, кесип да ала албай, акыры от менен чыгар деп тегерете карагайды үйүп темирди ысытты. Таздын келген убагында жети катар үйдүн алты кабаты күйүп, жетинчиси ысый баштаган экен. Аңгыча алтын коңгуроонун үнү чыгып калат. Айым сулуу таздын келгенин билип, сыйкырын жандырды эле, темир үй да жок, от да жок болуп, катын таз менен бирге отуруп калды.

Кан таздын катынын кандай кылып алууну билбей жинди болуп кала жаздады. Дагы акыл сурап, калкка жар салса, анда бирөө: «Ушу жакта көчүгү күмүш, башы алтын элик бар, ошону алып кел деп

жиберсек, кудай албаса да өлөт, жолдо ажыдаарлар көп» деди. Чыныбек таздын катыны алардын сөзүн керемети менен билип, эрин чакырып: «Кан сени көчүгү күмүш, көкүрөгү алтын эликти алып кел деп жумшайт. Канча күндө келесиң десе, «күнү-түнү он күндө келейин дегин, ат алсаң, жылкынын артына сүйрөлгөн бир кунан бар, ошону ал» деди. Аңгыча кандын жигити келип, Чыныбек баатырды алып кетти. Чыныбек баатыр үстүнө кирер менен кан ага: «Ушу жакта көчүгү күмүш, көкүрөгү алтын элик бар экен, ошону алып келгин, сенден башка жароочу киши жок, канча күндө келесиң?» деп сурады. Чыныбек баатыр: «Күнү-түнү он күндө келемин» деди. Кан: «ат алгын» деди. Чыныбек баатыр баягы жылкынын артында сүйрөлгөн жаман кунанды алып, катынына жетелеп келди. Ал жүдөө көрүнгөнү менен тулпар эле. Айым сулуу багып, тулпар алына келтирди да: «Тулпарды минип жолго чык, кечкисин барып эс алгың да, эртең менен мойнуңа куруңду салып, элик жуушап жаткан чынар теректин түбүнө бар. Бул арканды үч тегеретип ыргытып, кайра чуу койгуң, элик болсо артыңдан кошо жөнөйт» деди. Баатыр тулпарын минип закымдап жүрүп отурат. Нечен ажыдаарлар тулпардын туягын чагып өттү, бирок тулпар былк этпеди. Кечкисин түнөп, эртеси эликке барса, ал чынар теректин түбүндө жаткан экен. Чыныбек Айым сулуунун айтканын жасап, арканын үч тегеретип, кайрадан чуу койду. Аңгыча элик барпаңдап артынан кошо жөнөдү. Чыныбек үйүнө келерине бир күн, бир түн калганда Айым сулууга кандын вазири келип: «Жүрүңүз, баатырдын ашын берели» деди. Айым сулуу: «Бара бериңиз эртең келбесе, өзүм барамын» деди. Эртеси Чыныбек эликти алып келип берди эле, кан эми эмне кыларын билбей калды.

Ошондо кандын бир вазири: «Сиз оорумуш болуп калыңыз, Чыныбек баатырды Күлгаакынын гүлүн

алып келүүгө жиберели, анда барса кудай албаса да өлөт» деди. Айым сулуу муну кереметти менен билди да күйөөсүн чакырып: «Каныңыз оорумуш болуп жатат, сени «Күлгаакынын гүлү дары» деп ошого жиберет. Сен «барбаймын» дебегин «барамын дегин» деди. Аңгыча кандын жигити келип Чыныбекти алып кетти.

Барса кан ооруп төшөктө жатыптыр: «Мен ооруп калдым. Бул ооруга Күлгаакынын гүлү дары дейт, ошону барып алып келгиң, сенден башка жарай турган жигит жок, экен» деди эле, Чыныбек макул деп, баягы Тору тулпарды алып, үйүнө келди. Эртеси Айым сулуу кат жазып чөнтөгүнө салып берди да: «Нечен күн, нечен түн жүрүп отурганда жар боорунан бир жарты алачык көрүнөт. Анда бир кемпир жашайт. Кирип салам бер, ал сага туякка айран куюп берет. Оң колуң менен айранды алгың да, сол колуң менен катты алып бер» деди. Чыныбек баатыр макул деп жүрүп кетет. Жүрүп отуруп баягы жарты алачыкка келсе, бир кемпир туякка айран куюп берди. Айранды оң колу менен алып, сол колу менен катты сунду эле, кемпир катты окуп: «Айымдын айтканын бербеске ылаажым жок. Сенин албаска ылаажың жок экен, күндүн танабын тартып, азыр үч кызымды чакырамын, сен кудуктун жанына жашынып жаткың. Аңгыча үч кызым үч көгүчкөн болуп учуп келет, кичүүсү бардыгынан кийин келет, ошол кичүүсүнүн кийимин катып алып «тиемин» деп убадасын бермейинче түк бербегин» деди. Бир убакта кемпир күндүн танабын тартты эле, айтканындай үч көгүчкөн учуп келди. Кичүүсү кийин келди. Ошондо жашынып жаткан Чыныбек кичүүсүнүн киймин катып алып, канчалык жалынса да бербей: «Мага тийсең беремин, тийбесең бербеймин» деди. Акыры кыз «тиемин» деп убадасын бергенде кемпир келди да, төрт шакекти төрт жагына ыргытып жиберди эле, тиги жактан дале, бу жактан дале «той болот экен» чуулдашып кишилер келе баштаашты. Кемпир чоң

той жасап, Күлгаакынын гүлүн берип, Чыныбек менен кызын узатты. Орто жолго келгенде кыз: «Жүрү кайра баралы, энемдин баягы төрт шакегин албай; мен кетпеймин деймин, сен да алмайынча кетпейбиз деп жатып ал. Айласы куруганда шакегин берет» деди. Ошентип кайра үйүнө келишти.

Кыз энесине: «Шакегиңди бермейинче, барбаймын» деди. Баатыр да: «Алмайынча кетпеймин» деди. Кемпир ары карап ыйлап, бери карап күлүп кыйылып туруп төрт шакегин берди. Экөө шакекти алып жүрүп кетишти. Чыныбек үйүнө жетерге бир күн калганда кандын вазири Айым сулууга келип: «Жүрүңүз баатырдын ашын берели» деди.

Анда баатырдын катыны: «Эртең келбесе, өзүм барып беремин» деди. Ошол күндүн эртеси колуктусун алып, баатыр келип калды. Кийинки күнү гүлдү алып барып, сууга чайкап канга берди эле, кан ичкен болуп, айыгып кетти. Бирок таздын сулуу колуктусун көрүп, андан бетер эси кетип, оорусу чынга айланды.

Чыныбек баягы төрт шакекти төрт бурчка ыргытты эле, баягыдай кишилер чогулуп келе башташты. Аларды көрүп кандын тынчы кетип: «Бул эмне деген кишилериң, шаарды алабыз деп келгенби?» деди. Анда Чыныбек баатыр: «Элиңе эл, журтуңа журт кошомун, залал болбос» деди. Кан сөзгө жыгылып калды. Бирок «таздын катындарын кантип аламын» деп вазирине акыл салды. Анда вазир: «Сен өлгөн атамдан кат алып келгиң деп жибер, андан кудай албаса да өлөт» деди. Муну баатырдын катыны дагы керемети менен билип, эрине айтты: «Кан өлгөн атамдан кат алып келгин деп жумшайт. Сен барбаймын дебегин, барамын дегин» деди. Ошол чакта кандын вазири келип Чыныбекти алып кетти. «Атам бейиште бекен же кейиште бекен, барып кабарын билип келгин, кат алып келгин» деди. Чыныбек макул болду. «Канча күндө келесиң?» деди.

«Күнү-түнү он күндө келемин» деди да, бир дөңгөч он аркан даярдатып, алып кайта үйүнө келди. Катыны өзүндөй кылып Чыныбектин сүрөтүн тартып, дөңгөчкө байлап караңгыда аркан менен учуруп жиберди да, күнү бүткөнчө күйөөсүн катып койду. Тогуз күн болгондо кандын вазири келип: «Жүрүңүз Чыныбек баатырдын ашын берели» деди. Анда таздын катыны: «Эртең келбесе өзүм барамын» деди. Вазир кеткенден кийин Чыныбектин катыны кандын атасынын атынан: «Балам мен бейиштемин келип көрүп кеткиң» деп кат жазып, даярдап койду. Эртеси баатыр жазылган катты алып барып канга берди.

Кан катты окуп ыйлап: «Менин атам келип кет дептир Чыныбек мени да өзүңдөй кылып учургун» деп кыйнады. Чыныбек өчүн алгыдай кылып, элинен кыл аркан жыйып, канды кабыргасынан кан тамганча таңып, тоонун боорунан ылдый карай тоголотуп учуруп жиберди. Бир эки күн өткөн соң, Чыныбек баатыр кандын аялына барып: «Жүрүңүз кандын ашын берели» деди. Аялы Чыныбек баатырдын Айым сулуусун туурап: «Эртең келбесе, өзүм барып беремин» деди.

Кан тоодон учуп коктуга түшүп өлгөн соң, элине кайтпады. Чыныбек ханга аш берип, катынын алып, анын ордуна кан болуп, эл сурап туруп калды. Эли журтун жыйып, баягы Жүзбай атасынын алдына барып: «Ата, башыма күн, аягыма Ай, орто жериме Чолпон жылдыз чоң тууган түшүм ушул го» деди. Атасы кубанып аябай ыраазы болду. Бала ата-энеси, катындары менен ошол күндөн ушул күнгө чейин жыргап-куунап жатышкан экен.

## ЧЫНАРБАЙ

Илгери бир убакта жетишпеген кембагал кишинин аялы токойдон чырпык терип жүрүп, бир чынар теректин түбүнө толготуп, эркек бала төрөйт

да, этегине ороп, Чынар теректин түбүнө туулганы үчүн баланын атын Чынарбай коет.

Чынарбай чоңое баштаганда, баягы чынар теректин түбүндө ар күнү ойноп жүрүүчү экен. Бала чоңойгон сайын чынар терек дагы күндө узарып өстү. Чынарбай күндө ойногону келип, чынар теректин күн сайын бир кулачтан узарганын сезип жүрдү. Чынар теректин өсүшүнүн сырын билүүгө айылдагылар тегерегине кароолчу коюп, кезек менен күндө бир киши кайтаруучу болду. Бирок эч ким эч сыр биле алган жок. Бир күнү Чынарбай өзүнүн жолдош баласы менен чүкө талашып күрөшө кетип, жыгылып чалкасынан түшөт. Чынарбай жаткан жеринен турбай, көзүн ачып чынар теректин башын бир карап алып, эси ооп жатып калды. Жолдош баласы үйүнө барып кабар берди. Атасы келип Чынарбайды тургузуп: «Балам сага эмне болду?» деп сурады эле, Чынарбай: «Мен жыгылып кетип өйдө карасам, кырк канаттуу ат минген кыз келип чынар теректин башына конду. Чынар терек ийилип барып бир кулач узарды. Кыз бир аздан кийин асманды көздөй учуп көздөн кайып болду» деп атасына айтты. Бул чынар терек «Кыздын тереги» экен деп түшүндү.

Арадан эки-үч күн өткөндөн кийин Чынарбай астына ат минип, үстүнө темир тон кийип, жанына Ашык деген досун ээрчитип, кызды издеп жолго чыкты.

Чынарбай жолдошу экөө күнү-түнү жол жүрүштү. Ээн талаа эрме чөл, как эткен карга, кук эткен кузгун жок жерлерден өтүп аттары ыргайдай, өздөрү торгойдой болушту. Ушул кезде балдардын алдынан бою бир карыш, сакалы миң карыш адам чыгат. Балдар салам айтып: «Карыя, бул жол кайсы жакка алып барат?» деп сураштьı эле, анда карыя: «Балдарым атыңар ыргайдай, өзүңөр торгойдой болупсуңар, кызыл өңүңөр самандай болуптур, ыраактан келе жаткан окшойсуңар, издегениңер эмне?» деди.

Чынарбай атынан түшө эки колун бооруна алып, карыяга башын ийип, өзүнүн көргөн, билгенин айтып берди. Карыя баланын сөзүн угуп туруп: «Балам жолуң болсун, жаш экенсиң, жаштын тилегин берет, бактың ачылсын», – деп батасын берди. – Перинин аялы асман менен учуп, жер көрүп саякат кылып жүргөндө толгоо кирип, үйүнө жетүүгө чамасы келбей калган. Ошондо ошол чынар теректин башына конуп кыз төрөгөн. Ал убакта сенин энең кембагалдын аялы болуп, оокаттын айласынан токойдон чырпык терип жүрүп, толготуп сени чынар теректин түбүнө төрөгөн. Перинин аялы астына кызын алып, кызын бир карап, сени бир карап чынар теректин түбүндө жаткан сенин маңдайыңдан бир сылап туруп: «Тиги адамзаттын баласы болсо дагы кызым экөө бир убакта, бир жерде кудайдын буйругу менен дүнүйөгө бир төрөлдү. Экөөнүн бактысы, өмүрү жана өлүмү дагы бирге болсун» деп батасын берген. Кызы чоңойгондо ар дайым чынар теректин башына ойнотчу. Перинин кызы келген сайын чынар терек бир кулачтан өсүп турчу. Сен күндө чынар теректин түбүнө келип чүкө ойночусуң» деди. Чынарбай угуп туруп: «Карыя эми аны мен кайдан табар экемин» деди. Анда карыя: «Балам, жолуңдун көбүн жүрүп, азы калды. Мындан ары жолуңардан ач бөрү чыгат, таман алдыңардан кара чаар жылан чыгат, андан унчукпай өтүп кеткиле. Андан ары көзгө сайса көрүнгүс караңгы калың токой кездешет, токойдогу жырткыч айбандардын кыйкырыгынан кулагыңар тунат, ал убакта кайрылып карабастан, атыңарды жыгып мууздап, жырткычтарга сала бергиле. Айбандар силерге тийбейт. Андан өткөндөн кийин күн батышты карап, кара жерди тешилте тырмагыла, таң агарып, күндүн нуру төгүлүп келе жатканда жер жарылып жол ачылат. Ошол жол менен жүрүп отурсаңар, кыздын өргөөсүнүн өзүнөн чыгасыңар» деп, көздөн кайып болду.

Чынарбай ээрчиткен досу экөө карыянын айтканындай жүрүп олтурушуп, кыз уктап жатканда өргөөсүнөн чыгышат. Чынарбай менен Ашык дос кыздын чачын белдерине беш айланта оролто байлашып, экөө эки ийнине минип, кызды араң ойготушту. Кыз ойгонуп асманга үч көтөрүлүп, жерге үч конуп: «Эмине кылып жүргөн жансыңар, максатыңар эмине, издегениңер эмине?» деди.

Чынарбай көп сөз айтпастан: «Мен чынар теректин түбүндө төрөлгөн Чынарбаймын» деди. Кыз бул кабарды энесине угузду. Энеси Чынарбайдын маңдайынан таанып, кызын берип жер үстүнө узатты.

Чынарбай колуктусу жана Ашык досу үчөө жер үстүндөгү эл жок, мал жок, бир тоонун башына келип туруп калышты. Күндө Чынарбай менен Ашык дос экөө кийик уулап мергенчиликке кетет, перинин кызы ар дайым үйдө жалгыз калат. Кыз бир күнү эригип отуруп дарыяга барып чачын жууду эле, бир тал чачы дарыяга агып кетти. Ал дарыянын аягына бир кан суу тегирмен салдырган экен. Пери кыздын чачы агып отуруп, кандын тегирменин барасына оролуп тегирмен токтоп калат. Кан тегирменин оодартып карап, жалгыз тал алтын чачты таап алып, элин чогултуп: «Тегирменге оролгон перизаттын чачы экен, муну ким таап келет?» деди. Элдин ичинен бир мастан кемпир чыгып: «Эгер тапсам, эмне бересиз, каным?» деди. Кан: «Каалаганыңды беремин» деди. Кемпир сүйүнүп: «Он бештеги балага алып бериңиз, перизатты таап келемин» деди.

Кан кемпирдин сөзүнө макул болду. Кемпир суу ылдый жүрө турган суу кайык, суу өйдө жүрө турган жел кайык жасатып алып, суу ылдый жүрүп эч нерсе таппады. Жел кайыкты минип суу өйдө издеп, суунун түпкү жерине барып токтоду. Кайыгын сууга байлап коюп, өзү кызды издеди. Кечке маал кемпир кыздын үйүн таап, ыйламсырап кирип келди. «Элибизди жоо чаап кетип, журтта жалгыз өзүм калдым,

ошондон бери тентип жүрүп, силерге дуушар болдум, багар көрөөрүм жок, кызматыңды кылып, жаныңа эрмек болоюн, эми картайганда кайда барамын?» деп көзүнүн жашын көлдөтүп ыйлады.

Кыз: «Энеке, мында жүргөнүңүздүн ылайыгы келбес, күйөөм келгенде акылдашып көрөйүн» деди. Кемпир: «Андай болсо акылдашып көргүн, мен кабакка барып далдааланып жатып турайын, эриң жүрсүн десе жүрөйүн, жүрбөсүн десе, өзүмдүн өлбөй турган оокатымды кылайын» деп кетип калды. Бир кезде Ашык дос менен Чынарбай кийиктин этин артынып, үйгө келишти. Эртеси эки дос дагы ууга чыкмак болушканда перинин кызы айтып калды: «Бир мусапыр кемпир жүрөт, «эл-журтубузду жоо чаап кетип, талаада калдым, силердин үйүңөрдө жүрүп оокат кылайын» дейт, буга кандай дейсиң» деди. Ашык дос: «Кууланып жүргөн мастан болбосун, албай эле коёлу» деди эле, Чынарбай: «Сага жалгыз отуруш көңүлсүз болор, өлө албай жүргөн бир мусаапыр, кемпирдин колунан эмне келмекчи, жаныңа алып, эрмек кылып жүрөм десең өзүң бил» деди. Бул сөздү уккандан кийин кыз кемпирди чакырып алды, кемпир алар менен бирге туруп калды.

Арадан бир нече күн өткөндө кемпир пери кызды сууга ээрчитип келип, чачын тарап отуруп, «кокуй, тетиги эмне?» деп кайыкты көргөзөт. Андан кийин чуркап барып, байлаган кайыкты чечип алып, ичине түшүп алып ары-бери жүрдү да: «Кел сен да түш, суу ылдый бир аз барып, тамаша куруп, көңүл ачып келели» деди. Кыз эч жамандык ойлобостон кайыкка түшүп, суу ылдый жерди көрүп кызыгып кете берди. Кемпир кызды кандын шаарына алып келип кандан сүйүнчү алды. Кан эли-журтун жыйып перинин кызын алмакчы болуп мал союп, тоюн берип, чачыла дасторконун чачып бүлүнүп калды.

Чынарбай менен Ашык дос кечинде үйүнө келип, пери кызды кемпир азгырып кеткенин билип, суу

бойлоп издешти. Алар таңга маал кандын шаарына жетип тойдун үстүнөн чыгышты. Тойго жыйылган эл короого жык толуп, көчөгө батпай кетиптир. Чынарбайга пери кызды көрүүгө мүмкүндүк болгон жок. Ал өзүнүн келгенин билгизүү үчүн мылтыгын алып учуп бара жаткан кушту түшүрө атты эле, үйдө олтурган пери кызы Чынарбайдын келгенин мылтыктын үнүнөн билип кемпирден: «Тышка чыгып келейин» деп суранды. Мастан чыгарбай койгондо кыздын ачуусу келип, кемпирди көкүрөккө жыга тээп, асманга учуп чыкты да, Чынарбай менен Ашык досун жыйылган элдин ичинен чачы менен тартып алып, көздөн кайым болду. Турган эл айран таң калышты, кан менен кемпир оозун ачып, тоюн чачып кала беришти.

Ошентип булар айлын көздөй жол тартышты. Булардын келе жаткан кабары Чынарбайдын атасына эки-үч күн мурун угулду. Чынарбай Ашык досу менен «перинин кызын алып келе жатыптыр» деген сөз айылдан-айылга тарады. Чынарбайдын өгөй атасы карасына алып, баласына кастык ойлой баштады: «Менин баламды кудай урган экен, мен аламын деп жүргөн перинин кызын алыптыр» деп, келинге көтөргөн өргөөгө уу сээп, уулуна камдаган куштун боосуна уу сыйпап, Чынарбайды өлтүрүп, келинин өзү алуу аракетинде болду. Бул убакта Ашык дос түш көрүп, Чынарбайга айтты: «Бүгүн бир түш көрдүм, сага кийин айтып берем, бирок сенден үч нерсе сурайын, ошону аябай бергин» деди. Чынарбай макул болду. Айлына жакындаган убакта атасынын уу сыйпап токуган аттарын алып келишти эле, Ашык дос Чынарбайга мингизбей, аттарды мууздап, ээр токумун өрттөп жиберди. Бир аздан кийин бир жигит Чынарбайга куш алып келди. Ашык дос куштун боосун отко салып, кушту учуруп жиберди.

Мындан кийин бир жигит кийим алып келди. Ашык дос аны да өрттөп жиберди. Элине келгенде

атасы уулун уу сыйпаган үйүнө киргизди. Ашык дос анын өгөй атасынын кылыгына чыдай албай, Чынарбайга айтууга оозу бата албай жатып уктап кетти. Бир убакта ойгонуп ууктун билегине сыйпаган уунун пери кыздын бетине тамганын көрдү да, «уу сиңбесин» деп улам соруп түкүрүп турду.

Аңгыча Чынарбай ойгонуп, пери кыздын бетин соргон Ашык досту көрүп: «Досум ушундай кылып жүргөн экенсиң го?» деп, көңүлүнө жаман пикир алды. Ашык дос досунун сөзүнө таарынып, сырын айтпастан, өзүнүн үйүнө кетип калат. Ашык досу кеткенден кийин Чынарбайга уу жайылып өлүп калды. Эртеси айылга «Чынарбай өлдү» деген кабар угулганда, Ашык досу келип, «Сен эптеп жан сактап тура турарсың» деп пери кыз менен коштошуп, Чынарбайды үкөккө салып, көтөрүп алып жөнөп кетет. Пери кыз болсо «Жети кат темир үй болгун» деп жети теменени дубалап, жерге сайды эле, айтканындай жети кабат үй болуп калды. Өзү темир үйдүн ичине кирип, Ашык достун кайтышын күтүп жатты. Ашык дос дөбөдө олтурса, баягы жол айтып берген сакалы миң карыш, бою бир карыш карыя пайда болду: «Ээ балам, бул жерде эмне кылып олтурасың?» деди. Ашык дос көзүнүн жашын төгүп, башын жерге салып: «Айланайын акебай, кичинемден бирге жүргөн досум эле, өлүп калды, сизден пайда болор бекен деп алып келип олтурам» деди.

Карыя: «Эмесе, тилегиң кабыл болгон экен, балам» деп сандыктан бир аттап, таягы менен чаап койсо, Чынарбай үшкүрүп тура келди, карыяга салам айтты.

Карыя: «Бактыңар ачылсын балдарым» деп көздөн кайым болду. Карыя кеткенден кийин Чынарбай: «Биз бул жерге эмне келип отурдук?» деп сурады. Ашык дос көргөнүн, атасынын кылганын айтты.

Чынарбай Ашык досун ээрчитип үйүнө келсе, атасы келинин аламын деп темир үйдү буза албай усталардын

баарын жыйып, көрүк менен үйдү ысытып жаткан экен. Чынарбай келгенде атасы: «Келинимдин карды ачып калат го деп темир үйдү бузуп, тамак бере албай жатамын» деп, өлгөн баланын тирилип келгенине таң калды. Чынарбай үйдү ачуусу менен тепкенде үй томолонуп кетип, перинин кызы чочуп кетип асманга учуп чыкканда, Чынарбайды көрүп кайра жерге конду.

Үчөө аман-эсен кайра баш кошуп, кубанычка бөлөнүшөт. Эли Чынарбайды кандыкка көтөрүп, ал адилеттик менен элди башкарып калган экен.

## ЖАНЕК МЕРГЕН

Илгери өткөн заманда көргөнүн жаза атпаган Жанек деген мерген болуптур. Ал бир күнү кийик атууга чыгып, бир жерге барганда самаган жерине жетпей конуп калат.

Уктап жатса, таңга жуук түшүндөгүдөй болуп, бир адам келип: «Жанек, Жанек, элдин баары кетип экөөбүз эле калдык. Жүрү, бат тур!» деп коюп эле, көздөн кайып болуп жөнөп кетет. Жанек чоочуп кетип башын көтөрүп тура калса, жанында киши жок. Жанек туруп алып, ары-бери басып, эки жакты карап «мени кайып ойготкон экен го» деп таң калат. Атын токуп жөнөйт. Көзүнө кечке бир да нерсе көрүнбөдү. Жанек: «Мен эмне болуп турам. Түшүмдө киши ойготуп кетсе, күндүз жолум болбосо» деп, өзүнчө кайгырат.

Кетип бара жатып, кечке жуук бир жерге атын откоруп, эки жакты карап турса, тоонун башындагы зоонун арасында бир ээр токулган кийик турат, атып жиберсе, таштын жараңкасына кире качат. Жанек кийиктин кирген жерине кошо кирет. Кирип барса бир сулуу кыз: «Алда Жанек ай мени бекер атпадыңызбы? Эми кантейин аксап калбадымбы? Отуруңуз» дейт. Жанек кыздын сулуулугунан эсинен танып калат. Кыздын караган жагы жарык болуп

тургандыгын көрөт. Үйдүн эки жагында жыбыраган улактар байланып турат. Кыз тура калып, эчкинин туягынан жасалган идишке Жанекке айран куят. Жанек ичип түгөтө албайт. «Ичтим» деп кайта берсе, кыз: «Түгөтө ичиңиз» деп аякты албай коет.

Жанек туякка куйган айранды кечке араң түгөтөт. Ал күнү кыз Жанекти кетирбей кондуруп калат. Көрсө, баягы таңга маал Жанекти ойготуп, кеткен кайып ушул кыз экен. Эртең менен кыз Жанекке бир жайнамазын берип: «Тиги көрүнгөн кырдын ары жагында дагы эки кыр бар, ошол кырларды ашсаң, бир ээрди желки сары кыз, бир ээрди желки кара кыз келип: «Жанек жездем келиптир, деп тосуп алат» дейт да көздөн кайып болот.

Жанек эки кырды ашып, үчүнчү кырдын башына чыкканда эле, ойдогудай аппак тигилген үйлөрдү, шарактаган кыз-келиндерди алыстан көрүп таң калат. Баягы айткан эки кыз келип: «Жанек жездем келиптир» деп эки жагынан жөлөп алып кетишет.

Жанек баягы кайып берген жайнамазды башына коюп кыйшайып отурса, кыз-келиндер келишип: «Бизди аралап киши келчү эмес эле. Бул адамды ээбиз жиберген экен го, жайнамазын бериптир» деп өздөрүнчө сүйлөшөт.

Жанек болгон окуяны айтып берет. Ошентип, өргөө көтөрүлүп шаан-шөкөт менен Жанек баягы кайыптын кызын алат. Барган түнү колуктусу: «Сен таң аппак атканча кирпик көзүңдү какпай чык, эгер көзүңдү ирмеп койсоң эле, менден айрылдың?» дейт. Жанек ал түнү таң сүргөнгө чейин уктабай жатып, аялы таң сүрүп келе жатканда түндүк тартканы эшикке чыгып кетсе уктап калат.

Аялы үйгө кирсе Жанек уктап калган. Кайыптын кызы чыркырап: «Көзүңдү ирмебе десе, уктап калган тура» деп көздөн кайып болуп көккө учуп кетет.

Эртең менен Жанек көзүн ачса аялы жок. Жанек: «Мени кудай урган экен го, уктаба дебеди беле, мен

айрылган экенмин» деп кайгырып, суунун жээгине барып, сууга түшүп, жээкте отурса, көктөн чыңырган бир үн чыгат.

Жанек байкап тыңшап калса: «Жанек, Жанек, менин убалыма калдың го, көзүңдү ирмебе десе, аз калганда сени кудай урдубу» деп кыйкырат. «Эмдиги жылы так ушул жерге келип этегиңди тос» дейт. Мергенчинин айласы кетип: «Ушунча жашка чыкканча аялым жок, же балам жок болсо, мага эч нерсе айткан эмес экен го» деп үшкүрүнүп үйүнө кайтат.

Келе жатса, эки коктунун ичи толгон аркар-кулжа, эчки-текелер. Араласа, бир да бирөө мергенчи деп сезип койбостон жуушап жата беришти. Анда мергенчи: «Бул жаныбарлар эмне үчүн менден сезденишпейт. Мени кайып колдогон экен. Бул жаныбарларга тийбеймин» деп, ошол жерге түнөйт да, жуушаган кийиктердин эң аягындагы бир аксак кийикти атып алып карагайдын түбүнө барып, этти бышырып жей турган болгондо, аты кошкуруп калды. Аңгыча болбой эки колун тумшугуна каткан бир аял келип, отура кетти. Жанек болсо бычагын кайраштырып койсо баягы аял:

– Болотту да болотко кайрайбы? – деп үн чыгарды.

– Эт жеңиз – деп, Жанек бир кесим эт кесип берди эле, баягы аял жемиш болуп, жеңине катып жөнөп кетти.

– Токойдо жез тумшук болот дечү эмес беле. Бул мени соо койбойт – деп ойлоп, Жанек ээр-токумун башына жаздап чепкенин айкарасынан үстүнө жаап киши сыяктуу кылып карагайдын сыныгын жаткырып коюп, отту өчүрүп, мылтыгын октоп, карагайдын башына чыгып кетти. Түндүн бир оокумунда баягы жез тумшук: «Жанек мерген сенсиңби?» деп, кементайды жамынган карагайды мыкчып жыгылды. Жанек мерген: «Менмин» деп атып жиберди.

Жез тумшук бир чыңырды да чала жан болуп, каны чубуруп, үйүнө келет. Жанек мерген чубурган канды

кубалап, из кууп жүрүп отуруп, жез тумшуктун бир таштын жараңкасына кирип кеткенин байкайт.

Караса таштын алдындагы үңкүрдө баягы жез тумшук аял, абышка кемпир олтурат. Жаралуу аял бутунан кан агып ыйлап жатат.

Жанек мерген үңкүрдүн жараңкасынан туруп баягылардын баарын атып өлтүрүп, жез тырмактарын кесип алып кайтат.

Антип-минткиче арадан бир жыл убакыт өтүп, баягы аялы айткан суунун жээгине барып этегин тосуп олтурса, балтайган эркек бала этегине түшөт.

Ал бала баягы алган аялы кайыптын кызынан экен. Жанек баласын багып жүрүп чоңойтот. Баласы чоңоюп көзгө атар мерген жана акылдуу, балбан болуп, элине кереги тиет. Ошентип, Жанек мерген эл-журту, баласы менен жыргап-куунап жатып калыптыр.

## СОКУРБАЙ

Илгери өткөн заманда көзү сокур, кыялы чукул, дүнүйөгө атагы чыккан, төрт түлүгү шай, бир чоң бай болгон экен. Күндөрдүн биринде Сокурбай баласына миң дилде берип, базарга жиберет. Баласы базарга бара жатып, бир топ киши чогулуп алып, бир өлүктү сабап жатканын көрүп: «Эмне уруп жатасыңар?» десе «биздин эки жүз дилдебизди карыз алып, төлөп бере элегинде өлүп кетти, ошол карызы үчүн уруп жатабыз» дешет. Бала: «Силердин эки жүз дилдеңерди мен берейин» деп, өлүктү бошотуп алат.

Өлүктү кепиндетип көмдүрүп, дилдесин бүт зарп кылды. Кечинде үйүнө кайтканда атасы: «Эмне алып келдиң, балам?» деп сурайт. Баласы жолдогу көргөндөрүн, дилдесин өлгөнгө зарп кылгандыгын айтты.

Сокурбай баласынын жоругуна капаланып: «Шаарга жиберейин, жакшы жигит таап келгин» деди. Баласы базардан он эки жигит алып келди эле,

Сокурбай ар биринин колунан кармап көрүп: «Булар жолдоштукка жарабайт, балам» деп, чогуусу менен кетирип жиберди. Бала дагы бир күнү шаарды карай келе жатса, астынан бир жигит чыгып салам берет. Бала алик алып, жолдош боло турган жигит издеп жүргөнүн айтты эле, «эмесе мен жигит болоюн» деп, алиги чоочун жигит ээрчип келди. Сокурбай жигитти колунан кармап олтуруп «ушу жигит жарайт» деп урматтап, сыйлуу кабыл алды.

Беш-алты күндөн кийин кырк төөгө жүк артып, баягы жигитти кербен башы кылып, өзүнүн баласын, дагы бир канча жигиттерди кошуп, соода кылып келүүгө жөнөтүп жатып: «Жүрүп олтуруп бир узак чөлгө туш келесиңер, анда жалгыз булак бар, суусаңар дагы булакка карабай өтүп кеткиле» деп бек эскертип, батасын берип, узатып жиберди.

Жигиттер бир канчалык күн жүрүп олтуруп, баягы Сокурбай айткан чөлгө жетишти. Баланын өтүп кетем дегенине кербен башы болбой жатып, булакка кондурду. Кербендер жүгүн түшүрүп жатканда бир кемпир жыла басып келип кыңылдаган үнү менен: «Жетим балдарым бар, багар-көрөөрү жок жетиммин. Ары-бери өткөн, силерге окшогон мырзалардын кайрымы менен эптеп жан сактап турабыз» деп, ыйламсырап олтура калды. Кербен башы кемпирдин курсагын тойгузуп, балдарына өрүк-мейиз жана ар түрдүү тамактарды берип узатып жиберди да, өзү көрүнбөй артынан ээрчип барды. Кемпир үңкүрүнө кирип беш баласына: «Баягы көзүн мен сокур кылган байдын балдары мына бул булактын башына келип конушту. Уу талканды жасап ошолорго берейин» деп балдарына кеңеш салды, балдары макул болду. Кемпир арыдан бери уу талканды жасап, сарала тулупка салып, үңкүрдүн төбөсүнө илип койду. Кербен башы болгон жигит кемпирдин тулубуна окшош тулупка талкан салып келип ордуна илип, кемпирдин тулубун талканы менен уурдап алып кетти.

Эртеси жүк артып жатса, кемпир жанына келип: «Айланайын балдарым, кечеги силердин жакшылыгыңарды кантип унутайын, менин колуман келгени ушул, ооз тийип кеткиле» деп колундагы талканын берет. Кербен башы сыр билгизбей: «Ыракмат, энеке, муну балдарыңыз менен өзүңүз бөлүп жеңиз» деп уурдап алган талканын өзүнө кайра берди. Кемпир талканын алып барып, балдары менен чогуу жеп сокур болуп калышты. Артынан аңдып барган кербен башы жигит булардын баарысын өлтүрүп, үңкүрдүн ичин оодарып, эки жүз жыйырма төөнүн дүнүйөсүн таап, оозун бекемдеп бекитип коюп, кайра келди.

Алар жүрүп олтуруп беш күнчүлүк жерге келгенде кербенчилердин алдынан бир адам чыгып: «Бул жерден алысыраак кетпесеңер болбойт, бөөдө өлүм болосуңар» деп безеленди. Сокурбайдын баласы кетели деп кербен башчыга жалынды. Кербен башчы анын айтканына болбой, ошол жерге жүктү түшүрүп кондуруп, эки жагын караса, жакын жерде бир ак өргөө тигилип турганын көрдү, өргөөгө келсе, бир жак керегесинде кырк кыз, бир жагында кырк кой көгөндө байланып, төрдүн башында бир сулуу кыз ыйлап олтурат. Кербен башы тиги кыздан: «Мында эмне кылып олтурасыңар?» деп сурады.

Кыз: «Биздин шаарды ажыдаар сормок болгондо, элибиз кеңешип, жылына кырк кыз, кырк кой бермек болушкан, убада боюнча бизди ажыдаарга беришти. Эртең ажыдаар келип сорот. Жаш бала экенсиң, мында турбагын бекер өлүм болосуң» деп боздоп ыйлады.

«Ажыдаар келгенде кандай түрдүү болуп келет».

«Мурун шамал болуп, андан кийин мөндүр жандырып, заарын чачып, тилин чыгарып ышкырып келип, бизди сорот» деди. Кербен башчы жигит белин бекем байлап, таң атканча бутун серппей уктады. Эртеси түшкө чейин ажыдаарды күтүп олтурду. Түш болгон убакта кыздын айтканындай заарын чачып

ышкырып ажыдаар келди. Башы эшикке кире бергенде кылыч менен башын жара чаап ажыдаарды өлтүрдү. Кырк кыз менен кырк койду бошотуп, «белги кылып баргын» деп, кыздын белине ажыдаардын терисин ороп берди. Кырк кыз, кырк кой аман-эсен шаарга чубап кирип барганда шаардын эли аң-таң калышты, «кантип аман калдыңар?» деп чурулдап жиберишти.

«Бир жигит ажыдаарды өлтүрүп бизди куткарды» деп, ажыдаардын терисин көрсөтүштү. Кан ажыдаардын терисин көргөн соң ошол жигитти кайдан болсо дагы таап келүүгө буйрук кылат. Анткени, кан ажыдаарды өлтүрсө, кызымды берем деп ант берип койгон экен. Жигит: «Бир жумуш менен шаарга баратат элек, кайра келе жатканда алармын деп коштошуп жүрүп кетти.

Бир канча күн жол жүрүп араң дегенде бир шаардын четине жетип конушту. Шаардан бир аял келип: «Жаныңардан аша кечкен адамсыңарбы, бул шаардын тышынан түнкүсүн кыбыраган жан да. мал да жүрбөйт. Мында жер бетине атанган жети каракчы бар, береги көрүнүп турган айланасы чоң шаардын баарын алып бүтүштү. Силерди өлтүрүп коет кеткиле» деди.

«Ал каракчылар кайсы жерде?» деп, жигит сурады эле, аял: «Жаткан жери бул жерде, жетөөнүн жети чаар аты бар, буларга бүткүл шаардын элинин алы жетпей койду, күн баткандан тартып эле шаарды кымкуутка түшүрөт» деди.

Кербен башы жигит жети каракчынын үйүнө барып түшүп, атын мамыга байлап коюп күтүп олтурду. Бир убакта каракчылар келип: «Бул ким, кайдагы өлө албай жүргөн акмак биздин мамыга атын байлаган, үйдөн чыккын» деп, ачуулары келип ызырынып, жетөө тең катарлашып эшикте турушту. Кербен башы жигит: «Мен» деп акырын жай айтып: «Жалгыз каракчы элем, силерге жолдош болоюн деп келдим,

жетөөң бир шаарды ала албай жүрөт деп уктум, силер үчүн намысыма чыдабай келдим, мен бул жакта отуз эки калааны алып келе жатамын» деди. Жети каракчы: «Жалгыз эле кандын казынасы калды, бүт шаарды басып алып болдук» дешти. Сүйлөшүп отуруп: «Бүгүн кандын казынасын тешели» деп кеңешти. Түн кирген соң кандын казынасын тешишти. Анда кербен башчы жигит алты каракчынын бирөөнү алып: «Биз экөөбүз эле алып келебиз» деп, кандын казынасынын ичине кирди да, ээрчите келген каракчыны өлтүрүп: «Алыбыз келбей жатат, бирөөң батыраак келгиң, үнүңөрдү чыгара көрбөгүлө, туюп калбасын» деп, экинчисин чакырды. Ошентип, улам бирин чакырып алып олтуруп, баарын өлтүрүп, жетөөнүн тең кулактарын кесип алды. Жети каракчынын жети чаар атын тышка айдап чыгып агытып жиберди.

Эртеси бул кабар канга жетти. Кан: «Шаарга булук түшүрүп жүргөн жети каракчыны өлтүргөн ким болсо да кызымды беремин, алдыма келсин» деп жар чакыртты. Шаардын эли «Мен өлтүрдүм» деп бара беришти. Кан: «Белгиң кана?» десе, белги таба албай, уят болуп кайта кете беришти. Эң артында кербен башчы жигит барып: «Каным, жети каракчыны мен өлтүрдүм» деп, кулактарын көрсөттү. Кербен башы өлтүргөнүнө кан ишенип: «Кыздарымдын ичинен көңүлүңө жакканын тандап алгын» деди. Кербен башы жумуштан баратканын айтып, кайтып келе жатканда алмакчы болуп, шаардан жүрүп кетти.

Кербенчилер бара турган шаарына барып, соода кылып бүткөндөн кийин кербен башы Сокурбайдын баласынын колуна төрт дилде берип: «Тэтиги жердеги ээр жасаган устага баргын да ага ушул төрт дилдени берип, «ээр жасап бер» деп буюргун деди. Сокурбайдын баласы барып устага төрт дилдени берип: «Бир ээр жасап бересиз» деп буюрду.

Эртеси кербен башы Сокурбайдын баласынын колуна дагы төрт дилде берип: «Устага барып, жасаган

ээрин карап олтуруп: «Мындан дагы жакшыраак жасап бергин» деди. Уста: «Ээри да курусун, дилдеси да курусун» деп ээр менен дилдени ыргытып жиберип, капаланып атына минип бастырып кетти. Сокурбайдын баласы артынан ээрчип жүрө берди. Уста чоң сууну кечип ак өргөөгө түштү. Артынан барган Сокурбайдын баласы уктабай түн ортосуна чейин олтуруп, түн ортосу болгондо уктап калды. Көрсө, баягы өргөө кандын кыздарынын ойной турган үйү экен. Кандын кызы уктап жаткан Сокурбайдын баласын көрүп: «Муну өлтүрсөмбү?» деп кылычын сууруп, кайра: «Койчу алтын көкүл неме экен» деп өлтүрбөй, баланын бир жак бетине так салып, таң атканда кетип калды. Сокурбайдын баласы ойгонсо, күн шашке болуп калыптыр. Тура калса эч нерсе жок, бала «кербен башчы мени бул жакка алдап жиберип, малды бир жакка алып кеткени жүргөн экен» деп ачууланып, кайра келди. Кербен башчы баланын түрүн көрүп: «Сенин малыңды мен албаймын, ал үйгө түн ортосунан кийин кандын кызы келип ойнойт, мен ошону үчүн жибергенмин, сен уктап калып билбептирсиң, күзгүгө карачы кандын кызы так салып кетиптир. Бүгүн барып, таңга маал кыз кетеринде ичигин сурагын, ал берет» деди. Сокурбайдын баласы кийинки күнү барып олтурса, түн ортосунан кийин кандын кызы келип бала менен таң атканча ойноп, таң аткан соң кетмекчи болду. Бала кандын кызынын ичигин сурады. Кыз ары карап ыйлап, бери карап күлүп туруп ичигин берди. Ичикти алып бала кербен башчыга келди. Кербен башчы кыздын ичигин кийип, кандын үйүнө конок болуп келип олтурду.

Аялы канга карап: «Бул конок кийип олтурган ичик биздин кызыбыздын ичиги экен» дейт. Кан абайлап карап: «Менин кызымдын ичиги экен, кайдан алдыңыз?» деди. Жигит: «Сиздин кызыңыздыкы эмес» деди. Кан: «Жок менин кызымдыкы экен»

деди. Жигит: «Туура айткан болсоңуз ичигиңизди алыңыз, башка болуп калса эмне бересиз?» деди. «Жаңылсам кызымды берейин» деп убада кылды. Жигит баягы кемпирдин дүнүйөсүнөн кандын кызынын ичигине окшош кырк кызыл ичикти алып келип, ага кыздын ичигин кошуп, кырк бир ичикти: «Кызыңыздын ичигин таанып алыңыз» деп, кандын алдына тартты. Кан ичикти тааныбай койгон соң, убадасы менен кызын берди. Кербен башчы кандын кызын алып кошунга келди.

Ошентип, бала менен кербен башы соода кылган мүлктөрүн алып, ичик жөнүндө мелдешкен кандын кызын алып, жолдогу эки кызды алып, баягы булактагы кемпирдин малын алып, эки жүз жыйырма төөнүн жүгү менен Сокурбайдын үйүнө келип түшүшөт. Сокурбайга көз бүттү. Ал үч кызды, эки жүз жыйырма төөнүн жүгү менен соодаланган малын көрүп аябай ыраазы болду. Анда жигит: «Эми мага руксаат бериңиз, тапшырган кызматыңызды аткарып келдим. Мен баягыда уулуңуз базарга бара жатып, көп дилде берип, карыздан куткарып алып көмгөн өлүк кишимин» деп коштошуп, көздөн кайым болуптур.

## КАРАЧ БААТЫР

Илгери-илгери бир абышка-кемпир болуптур. Алардын Эгизбек Сегизбек деген эки уулу бар экен. Жайнаган жылкысы бар экен. Эки бала эр жетип Тайгылмандын тайгак ташы деген жерде жылкыларды жайып коюп, жата беришет. Тайгылмандын ташына тайгаланып, эч бир адам чыгып көрбөптүр. Ошондуктан, эки бала ээн-эркин жылкыларын жайып коюп, эртеден кечке ордо атышчу экен. Күндөрдүн биринде Буктугул жана Шуутугул деген эки дөө баягы тайгак ташты түбү менен омкоруп таштаішып, эки баланы жылкылары менен алып кетишет.

Балдардын атасы жылына бир келип, балдарын көрүп кетчү экен. Бир күнү келсе, ордосу тигилген бойдон калып, балдары жок, баягы таш болсо казылып ташталган. Абышка балдары жоо колдуу болуп кеткенин сезип, ыйлап-сыктап үйүнө келет. Ошентип, абышка-кемпир куу баш аталып, баладан да, малдан да ажырап, өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун жагып калышат.

Күндөрдүн биринде абышка уктап жатып түш көрөт. Түшүндө бир аппак сакал абышка көрүнүп: «Ыйлаган менен эч пайда таппайсың, тиги жогоруда бир булак бар, ошол булактын жанындагы мазар терекке барып, түбүнө түлөө өткөрүп, кемпириң экөөң түнөгүлө. Түн ортосунда көктөн бир ак алма түшөт, аны өзүң жегин. Таңга маал кызыл алма түшөт, аны кемпириңе бер. Арадан көп убакыт өтпөй балалуу болосуңар» деп айтып, көздөн кайым болот. Абышка чоочуп ойгонсо түшү. Ашып-шашып мазар терекке барып, түлөө өткөрүп кемпири экөө түнөп калышат. Абышканын айтканындай түн ортосу ченде асмандан ак алма түшөт. Аны абышка өзү жейт, бир убакта кызыл алма түшөт, аны кемпирине берет. Эртеси үйүнө кайтышат. Арадан көп убакыт өтпөй эле кемпиринин боюна бүтүп, тогуз айдан кийин эркек бала төрөйт.

Бала жерден боорун көтөрө баштагандан шок чыгат. Айылдагы балдарды уруп согуп, чуу салат. Бала ошентип жүрүп, онго чыгат. Бир күнү бир кемпирдин баласын токмоктоп коет. Кемпир баланы каргап: «Сен андай эле кыйын болсоң эки агаңды таап албайсыңбы?» дейт.

Буга чейин бала эки агасынын жоголгонун билчү эмес. Кемпирдин сөзүнөн улам капа болуп үйүнө келет. Келсе энеси үйүндө жок экен. Бала жалгыз гана казанды калтырып, үйүндөгү идиштердин баардыгын катып коюп, энеси келгенден кийин: «Эне мага буудай кууруп берчи» дейт. Энеси буудайды казанга

кууруп жатканда бала эшиктен: «Энеке эле, энеке! Көгүчкөндөр учуп өтүп кетмек болду, мен буудай чачып тузакка илиндирип ала коеюн, кууруп жаткан буудайды алып чыга кой» деп шаштырып калат. Кемпир шашкан бойдон идиш таппайт, «Энеке, энеке, идиш жок болсо, колуңа эле уучтап чыга кал» деп, баласы дагы кыйкырат. Энеси ысык буудайды колуна уучтап чыга калат. Бала энесинин колун ысык буудай менен кабыштыра кармап: «Айт, энеке, чыныңды, менин эки агам болгонбу, же жок беле?» дейт. Колу ысык буудайга күйүп чыдабаган энеси: «Сенин Эгизбек, Сегизбек деген эки агаң болгон. Аларды жылкы багып жүргөн жеринен Шуутугул, Буктугул деген эки дөө алып кетти деп угабыз, анык-чынын билген адам жок дейт.

Бала энесинин сөзүн уккандан кийин: «Эмесе, энеке, мен ошол эки агамды издеймин» дейт. Ага баланын эне-атасы: «Азыр сен жашсың, балтыр этиң толо элек, барар чагың боло элек, койгун балам» деп болбой коюшат. Бала үч күнү тамак ичпей таарынып жатып алат. Акыр аягында кемпир-чалдын айласы кетип, макул болушат. Баланын онго чыкканга чейин аты коюлган эмес экен: «Эми жок дегенде баланча балабыз бар деп айтып жүргөнгө атыңды коюп алалы» деп, кемпир-чал элди чакырып, той берип, баланын атын коюп берүүнү элден сураныШат. Балага кандай ат коерун биле алышпай, ак сакалдар кара сакалды карады, кара сакалы кер мурутту карады, кер муруттар боз балдарды карады, боз балдар качып, качып тарады. Бирок эч кимиси ат тандай албайт. Ошентип кысталып турушканда, кайдан жайдан бир абышка пайда болду. Ошондо абышка баланы өзүнө каратып: «Баатыр болчу кебетеси бар экен, аты Карач баатыр болсун» дейт. Элдин баары Карач баатыр болсун деп батасын берип тарап кетишет.

Бала эли-журту, ата-энеси менен коштошуп, жүрүп кетет. Жүрүп келатып бир аңга тыгылып жаткан

даакысы түшө элек сары тайды көрөт. «Сен да бир шордуу өңдөнөсүң» деп, ал тайды андан чыгарып коюп, андан ары кете берет. Тай болсо кишенеп артынан калбай, Карачты ээрчип алат, кууса да болбойт. «Эми болбостур» деп, тайдын башына нокто катар замат, ал кунанга айланды, тердик салса, бышты болду, ээр токуганда жайкалган опол тоодой ат болду. Ошентип, бала сары тулпарга минип, сары жол менен жөнөп кетти. Жолдон атка тил бүтүп адамча сүйлөйт: «Сен ушул жол менен жүрүп отурсаң, жолдо бир терек бар, ал терекке жеткенде менин ээр токумумду алып, аса байлап кой, ошол теректин ылдый жагында бейит бар, бейиттин арасында күмбөз турат, ошол күмбөздүн ичине кирип тердигиңди астыңа салып, ээриңди башыңа жаздап, күн чыгышты беттенип, коркпой жата бер. Эртең менен бир киши келет да: «Бул жерге адамзат келчү эмес эле деп, «ой жигит тур деп ойготот. Анда турбагын. Андан барып аяк жагыңдан ойготот, анда салам айтып тура кал да, ал адам менен достошуп кайра кайт» дейт.

Бала аттын айтканындай кылып, атты терекке аса байлап таштап, өзү күмбөзгө барып жатып калат. Эртең менен бир адам келип: «Бул жерге адамзат келчү эмес эле», деп, ойготсо ойгонбой коёт. Аяк жагына келип ойготкондо тура калат. Белгисиз адам Карач менен достошуп, ага сырын айтат: «Мен да бир абышка кемпирдин жалгыз баласы элем. Эртең менен «жоо келди» деген кыйкырыктан улам шашып эшикке чыга калганымда бирөө ай балта менен жыга чапты. Көрсө келген жоо Буктугул менен Шуутугул деген эки дөө экен. Экөөнүн учкаштырган эки баласы бар эле, болду-болбоду сенин агаларың болуш керек. Эгерде ошол дөөлөрдү өлтүрсөң, «Нурпери досума атадым» деп башын кесип ал. Эки дөөнүн кырк сары ала тулпары бар, ошол кырк тулпарды тең «Нурпери досума атадым» деп муузданын да, аларды баккан эки кызды дагы өлтүр. Алар тирүү

калса, «адам баласына көп жабыр тарттырат, ошол эсиңде болсун» дейт.

Карач тиги адам менен коштошуп, атын токунуп, жолго чыгат. Бир жерге келгенде аты кан сийип, баспай туруп алат. Карачтын айласы кетип, ээр токумду шыпырып алып, көтөрүп жолго чыгат. Бир аздан кийин аты артынан жетип келет. Аны минип алып, кайра жолго чыгат. Дагы бир топ баскандан кийин аты артынан дагы кан сийип баспай коёт. Ээр токумун көтөрүп алып, андан ары жөнөйт. Бир аз узагандан кийин аты артынан келди, Карач ага минбестен жөө баса берди. Ал аңгыча ат айланып көрүнбөй алдыга өтөт да: «Бул чыныгы баатыр бекен?» деп сынамак болуп камыштын арасынан кара чаар жолборс болуп, Карачты качырып калат. Карач болсо, «эки агамды жоготуп өлбөгөн, сенден өлөмбү» деп кылычын сууруп, качырып кирет. Ошондо: «баатыр сабыр кыл, жолборс менмин» деп, өз аты алдына тура калды: «Сенин эки агаңды алып кеткен эки дөөнүн бири – Буктугул сени издеп келе жатат. Анын аты менин тилимди байлап коюп, мен кан сийип баса албай жаттым. Эми мен ал аттын тилин чечилбес кылып байладым. Ал болсо менин тилимди байлай турган сыйкырын жоготуп койду. Эми мен бир сары ала ат болоюн, сен укуруk сүйрөгөн жылкычы бол, аларды амал менен өлтүрбөсөк, жөн өлтүрүү кыйын. Сен барып салам айткын, ал кайда бараткандыңды сураса, жылкы жоготуп, издеп жүргөнүңдү айт. Ошондо дөө: «Карач деген келатат дейт, аны билесиңби?» деп сурайт. «Билем» дегин. «Ал жоого сексен өгүздүн этин бүт жеп, жети күнү көлдөн башын чыгарып, кар жаадырып жатат. Жети күндө көлдүн үстү тоңот, ошондо муздарды асманга атылтып, Карач тура калып, жоого чыгат» дегин. Карач макул деп, жылкычынын кейпин кийип жөнөп калат. Аңгыча Буктугул дөө астынан чыгат. Карач токтоп салам айтат.

Анда дөө:

– Кайдан келатасың? – деп сурайт.

– Байдын жылкычысы болом, жылкы издеп келатамын.

– Карач деген неме келатат дейт, билесиңби?

– Билем.

– Ал жоого чыгардын алдында эмне кылчу эле?

– Ал сексен өгүздүн этин жеп, жети күн көлдөн башын чыгарып жатат да, анан жоого чыгат. Жоого чыгарында көлдөгү муздар чатырап жарылып, асманга атылат.

– Андай болсо, мен да сексен өгүздүн этин жейин, өгүздү союшууга мага жардам бер, – дейт.

Карач макул болот. Дөө экөөлөп сексен өгүздү соет. Карач этин бүтүндөй бышырып, дөөнүн алдына коет. Бала ары-бери карап бир жилигин жегиче, дөө сексен өгүздүн этин бүт жейт да, кар жаадырып, суук чакырып, көлгө жатып калат. Жети күн болгондо Карачтан: «Турайынбы?» деп сурайт. Карач: «Турсаң болот» дейт. Көлдө жаткан муздар чатырап жарыла баштайт. Анда Карач чочуп кетип: «Кокуй, мен унутуп калыпмын. Дагы жети күн, бардыгы он төрт күн жатат» дейт. Дөө дагы жети күн жатат. Он төрт күн болгондо муз дагы калыңдап катып, дөөнүн мойну гана кекеңдеп, муздан чыга албай калат. Ошондо Карач Буктугулдун башын «Нурпери досума атадым» деп туруп, кылыч менен кыя чаап салат. Аты кубанып «сени Карач дебесем, сени Карач жутпасам» деп кыйкырып өтөт. Өтүп бараткандa Шуутугулдун жонунда ак кебез булактап бараткан болот. Ошол жерге таамай сайсаң өлтүрөсүң, антпесең алышып алың, күрөшүп күчүң жетпейт дейт.

Бала жолдун жээгине Шуутугулдун келерин күтүп жатып калат. Бир убакта ач кыйкырык салып, дөө чаап келаткан болот. Жонунан кебез булактап чаап өтүп барат. Карач аны жонго сайып өтөт. Дөө ошо замат аттан кулап түшөт. Анын башын да ке-

сип алат. Шуутугулдун аты асманга уча бергенде Карачтын аты «муну өлтүрүү керек, антпегенде Шуутугулду кайра тирилтип алат» деп куйруктан тиштеп жерге алып түшөт. Карач эки дөөнү өлтүрүп, алардын сарайына барса, сарайда бири-бирине коендой окшош кырк сары ала тулпар байланып турат. Карач кыркын тең мууздап, Нурпери досуна арнайт, эки сыйкырчы кыздын да башын алат. Ошентип эки дөөнүн катуудан казаны, жумшактан күлү калат.

Андан эки агасын издеп келатса, бир төөгө жүк артып учкашып келаткан эки абышка алдынан чыгат. Алардын жөн-жайын сураштырса, эки абышка жоготкон эки агасы болуп чыгат. Бала өзүн аларга тааныштырып: «Мен силерди кармап келген дөөлөрдү өлтүрдүм, мен иниңер болом» дейт. «Эгерде инибиз болсоң, биздин эмне белгибиз бар экенин билесиңби?» дешет. «Экөөңөрдүн тең далыңарда калыңар бар» дейт. Чынында эле тиги экөөнүн далысында калы бар болуп чыгат. Ошол жерден үчөө кучакташып көрүшүп, кемпир-чалды көздөй жөнөп калышат.

Келсе алар күйүткө чыдабай, төшөккө жатып калышыптыр. Кемпир чал балдарын көрүп, кеткени келип, кемтиги толуп, жыргап-куунап жатып калышкан экен.

## КЕНЖЕ БАЛА

Илгери-илгери бир кан болгон экен. Ал бир күнү түш көрүптүр, түшүндө мүшкүл иш көрүптүр. Түшүндө бир куш көрүп, куштун көзүнөн жаш ордуна шуру агат экен. Ал эми мындай ажайыпты кан эч качан угуп көрбөптүр. Эртеси кан ордунан турбай түш болгуча жата бериптир. Ошол кандын үч уулу бар экен. Экөө бойго жеткен жигит, бири ойноок бала экен. Балдары келип сыр сурайт, кан айтпайт да, сүйлөбөйт. Эртеси ошо убакта эки колун бооруна

алып, чөгөлөп дагы сурашат. Кан баягы түшүндөгү ажайыпты айтат. Эки баласы ошол кушту таап келиш үчүн «барабыз» деп камынып, жөнөп калышат. Күн өтүп, ай алмашып, жылдар жылат. Бирок, кандын балдары дарексиз жоголот. Алиги кичүү баласы бой тартып жигит болот. Кан болсо, кайгыга батып, эки баласынын күйүтү жеңет да, эл суроодон калат. Ар ким өз билгенин жасап, чаң-тополоң башталат. Ошондо бала элдин билермандарын жыйып алып, ары акылдуудан, ары амалдуудан, эл камын ойлогон эр жүрөк баатырдан он башыдан миң башыга чейин шайлайт да, атасына келип, эки агасын таап келиш үчүн уруксат сурайт.

Анда кан: «Эх-ээ, балам, эки агаң кетип келбей калды, мен көргөн нерсе болбогон бир кыял экен, бей опо дүйнө, эми сен барба, мен өлсөм ким көмөт, элди ким сурайт? Тирүүлүгүмдө жанымда жаша?» дейт. «Жок ата, шуру көз кушту таппасам да, агаларымдын бир дарегин билермин. Сиз эч нерседен муктаж эмессиз, ал эми агаларымды таап келбесем арманда өтөрсүз, уруксат бериңиз? Кандыгыңыздан кам санабаңыз, айлалуу-амалдуудан, эр-жүрөк баатыр калыс адамдардан журт башчысы кылып дайындадым. Мага уруксат берсеңиз экен» деп эки ирет суранып таазим этет. Ошондо кан: «Бак карасын, Кыдыр даарысын. Баатырдан жолдошуң болсун, ак пейил колдоочуң болсун, оомийин» – деп батасын берет.

Бала кажыбасты минип, жыртылбасты кийип, кырк күндүк азык алып, кырк күндүк жолду бет алып жөнөйт. Күн кырк батты, таң кырк атты, бала да уйку даамын кырк татты. Кыйналды, аты ыргайдай, өзү куурайдай болду. Көзү соолуп бараткан булактай үңүрөйдү. Аты арык, өзү карып болду. Ал эми кырк биринчи күнү дегенде өзү өргүп, атын оттотуп уктап калды. Бир убакта көзүн ачса түн түшкөн «коркок-наамарт, баатыр-жоомарт, деп атын караса, аты оттоп жүрүптүр. Бала төшкө чыгып

көз чаптырса, коргоолдой жерден кол башындай от жылтылдайт... Бала кайраттанып кол созуп, атын токунуп, бир заматта баягы отко жетип барды. Жакындап келип көз салса, аябай өңдөн азган, бетибашын жүн баскан, кийиминин чалдыбары кеткен эки киши арчадан отту улуу жагып уктап жатыптыр. Бала баягы экөөнү ойготуп, алардын ал-жайын сураштырса, өзүнүн агалары экен. Ошентип, үчөө бири-бирин таанып, кучакташып көрүшөт. Эртеси саарда туруп оокаттанышып, үчөө баягы шуру көз кушту издеп жөнөп калышат. Андан жүрүп отуруп, «Барса келер», «Барса келер-келбеси арсар», «Барса келбес» деген үч жолдун айрылышына келишет. Чоң агасы «Барса келер» деген жолго, ортончусу «Барса келер-келбеси арсар» деген жолго түштү, Ал эми эң кичүүсү «Барса келбес» деген жолго түшүп, эки агасы менен кайыр кош айтышып, ашуу ашып суу кечип, токой аралап, чөл кезип, аскалуу тоого кез келди. Бир кезде бала сайды өрдөп, асканы аралап баратса, бет маңдайынан түрүлүп сансыз кийик чыгып, бура бастырбай каптайт. Бала ажыдаарча ышкырып жибергенде бир аз токтоп калат да, кайра жапырып жолун тосот. Акыры бала жолборсчо качырып киргенде, кийиктер тең жарыла берет. Бала андан күн баткан жерге конуп, таң аткан жерде жолго чыгып жүрүп отуруп, как эткен карга, кук эткен кузгун жок бир жерге туш келет. Аңгыча көздөрү чакырайган, чачтары саксайган бир кемпир пайда боло калып: «Как этип карга учпаган, кишинин буту баспаган жерде адамзат эмне кылып жүрөсүң? Сүф, кийик бол!» деп баланы кийик кылып койду.

Бала так секирип кийиктерге аралашып кетти. Ал жүрүп отуруп устундары жез, сараптары күмүш, торсундары тилла, увасалары каухар, бир ажайып заңгыраган айвандуу үйгө кез келди. Үйдүн далисинде күмүш толгон жаван жаркырайт. Увасалардагы каухар шам чырактай жаркырап күйүп турат. Бала

айрантаң калып төркү үйгө кирсе, ай десе ардак, күн десе кымбат, бир перидей сулуу кыз олтурат. Сүйлөйүн десе сөзү жок, баланын ичи жалын чок, эки көзүнө жаш буурчактай томолонуп, санаасы сайдын ташындай, арманы аттын башындай арбын, перизатты буту менен секирип чапчып, бышкырып зорго ойготту: Перизат бир толгонуп көзүн ачып ойгонуп:

«Как баш апам ай, дагы бир маңкайган жигитти тикчийген кийикке айландырып койгон тура, таш боор» деди, ичинен күбүрөп. Челектеги сууга ак ташты салып, андан кара ташты алып, балага жети мертебе дем салып, мурунку калыбына келтирди да: «Кандай жумуш менен жүргөн жансың? деди. Бала бермет баштуу кушту издеп келгенин айтты эле, кыз мындай деди: «Ошо атаң түшүндө көргөн куш меники эле, аны перилердин каны зордук кылып алып кеткен. Перинин шаары өтө алыс, барсаң өлөсүң, барба» деди. Бала буга макул болгон жок: «Өлсөм мейли, барамын, атам боорун көтөрбөй жатат. Антип жата берсе ажалынан мурун өлүп калышы мүмкүн, барбасам болбойт» деди. Кыз баланы сынап: «Бери жагы кырк күнчүлүк жол, аягы чаң-тополоң шор, мындан өтө албайсың, Ар жагында кырк күнчүлүк кыя ашуу, андан аша албайсың, ашсаң түшө албайсың, ашуудан түшүү кырк күнчүлүк жол. Эгер булардан өтсөң, асман мелжиген чынар бар, анда алпкара куштун уясы бар, ал жылыга тууйт, жылыга балдарын ажыдаар жеп коет. Эгерде ажыдаарды өлтүрүп, алпкара куштун балдарын аман алып калсаң гана оюң орундалат. Ошонун баарын аткарууга күч-кубатың жетпейт, бөөдө өлүм болуп жүрбөгүң» деди. Бала: «Ал жагынан кам санаба, алышууга алым, күрөшүүгө күчүм бар» деди. Ошондо баланын айтканынан кайтпасына кыздын көзү жетип, ага бир кутуча берди да: «Болуптур ак жолуң ачылсын, ушу кутучаны эч жоготпо, курсагың ачса, ичиндеги гүл азыктан бир чымчым жесең, ошол замат калыбы-

ңа келесиң» деди. Бала кыз менен кыянаттык дос болду да, жөнөп кетти. Карды ачканда кутучадагы гүл азыктан бир чымчым жеп, чарчаганын жазып, чырым этип уйку албай, эч жакка буйдалбай жол жүрдү. Кыз берген гүл азык уйкусун кандырып – уктатпай, чарчоосун жазып – чарчатпай аттан тез, куштан ылдам жүргүзөт экен, кырк күнчүлүк жолго төрт күндө жетти, кырк күнчүлүк ашуудан төрт күндө өттү, ашуудан ары кырк күнчүлүк ылдыйга төрт күндө түштү. Аңгыча асман мелжиген чынар көрүндү, ага жетип барса, жоондугу теректей ажыдаар чынарга оролуп чыгып баратыптыр. Чынардын башында алпкара куштун балдары чыркырап туруптур. Бала гүл азыктан жеп, кылычын кынынан сууруп, керилип туруп чапты эле, ажыдаар тең бөлүнүп жатып калды. Бала ажыдаарды барча-барча туурап, чынардын башына чыгып барса, алпкара куштун үч балапаны сүйүнүп, ага канаттарын саябан кылып беришти да: «Сен эми жерге түшпөгүн, энемдин келе турган маалы болуп калды. Энем келеринде катуу бороон жүрөт да, анын эпкинине эч нерсе туруштук бере албай койдой таштар кодураңдап, аттай таштар аңыраңдап, үйдөй таштар үңүрөңдөп учат, мындан эч коркпогун. Учуп келип конгондо чынар үч мертебе жерге тийип, үч мертебе асманга чыгат. Мындан да коркпогун» деп баланы канаттарына катып жашырып коюшту.

«А-бу» дегиче болбой, аалам алай-дүлөй болуп, жандуудан эч нерсе көрүнбөй калды. Чынында да алпкара куштун каары анын балапандары айткандай экен, үйдөй таштар үңүрөңдөп, аттай таштар аңтарылып, койдой таштар коңторулуп учту. Аңгыча алпкара куш чынар терекке учуп келип конду эле, анын башы жерге үч тийип, үч түзөлдү. Балапандарынын аман экенин көрүп, алпкара куштун көңүлү тынды. Бир паста борошо басылып, күн ачылып, жай күнү кадимкидей жаркырады.

Ошондо алпкара куштун балапандары энесине: «Жамандыкты көрсөтөлүбү, же жакшылыкты көрсөтөлүбү?» деди. Алпкара куш: – «А дегенде жамандыкты көрсөткүлө» деди. Балапандар төрт бөлүнгөн ажыдаарды көрсөтүштү эле, алпкара куш баарын бир сугунуп туруп, күкүм кылып кайрадан бүркүп жиберди. – «Эми жакшылыкты көрсөткүлө, балдарым» деди. Балапандар баланы көрсөтүштү эле, алпкара куш баланы белине чейин сугунуп калганда, балапандары энесинин канатын тыткылап, алкымын апчылап, чый-пыйы чыгып кетти. Алпкара куш баланы кусуп жиберип: «Эй шашма тентектерим, бир пас аяңдасаңар го, баланы ок өтпөс, кылыч кеспес, отко күйбөс, сууга чөкпөс кылат элем» деп үшкүрүп отура кетти. Ал баланын ал-жайын сурады. Бала шуру көздүү, бермет жандуу кушту издеп чыкканын айтты. Алпкара куш: «Жакшылыкка жакшылык, жардам берейин. Мен ой кийигин ойдон, тоо кийигин тоодон терем. Сен терилерин сыйрып, чанач кыл, эттерин шылып ага сал, анан учабыз» деди.

Алпкара куш өзү айткандай, ой кийигин ойдон, тоо кийигин тоодон терди. Бала болсо, алардын терисин сыйрып, этин миң чаначка салып, миң чаначка суу куюп, оозун бууп, алпкара куштун үстүнө арта иреттеп койду да, өзү анын үстүнө отуруп алып, асманга көтөрүлдү. Бала алпкара куш оң жагын караганда бир чанач эт, сол жагын караганда бир чанач суу берип жүрүп отурду. Бир убакта алпкара куш баладан: «Жер көрүнөбү?» деп сурады. Бала: «Жер токум бетиндей гана бүлбүлдөйт» деди эле, алпкара куш: «Али жете элек экенбиз» деп кайрадан уча берди. Алпкара куш эт сурап кайрылганда, бала өз такымынан эт шылып бере салды. (Ошондон кийин адамдын такымы чуңкур болуп калган экен). Бир убакта алпкара куш: «Жер көрүнөбү?» деди. Бала: «Жок көрүнбөйт» деди. Бир топ убакыттан соң алпкара куш: – «Жер көрүнөбү?» деп дагы сурады. Бала «көрүндү» деп жооп берди.

«Анда жеткен экенбиз деп, учуп келип конуп калды да, «эми мындан ары өзүң бар, мына бу чокунун ар жагын дөөлөр мекен кылышат. Алар кырк күн уктабайт, кырк күнү уктайт. Чокуга чыгып карагын, эгер дөөлөр ар кайсы жерде төөдөй, таштай томпоюп жатса уктаганы. Уктаган болсо, мени чакыр. Уктабаган болсо келе бер» деди.

Бала чокуга чыгып барса, тоодой-тоодой дөөлөр күн күркүрөгөндөй коңурук тартып уктап жатыптыр, алпкара кушту жандап чакырды эле, ал чокуга чыгып келип, баланы ошол жерде күтүп жатып калды. Бала болсо дөөлөрдү аралап өтүп, шаарга кирет. Андан шуру көздүү, бермет жаштуу кушту издеп үй-үйдү кыдырат. Акыры чарчап, бир кооз үйгө кирсе, анда бир сулуу кыз уктап жатыптыр, кыздын жанындагы капаста бир куш отурат. Бала көпкө ойлонуп туруп, тобокелге салып кызды ойготту эле, кыз баланы көрүп: «Кайдан жүргөн жансың, адам баласынын буту жетпеген жерге кантип келдиң?» деп суроо салды. Бала өзүнүн кайдан, эмнеге келгендигин айтты. Кыз болсо аны менен кетүүгө макул болуп жөнөп калды. Бала кушту алып, баягы үч жолдун айрылышына жеткирип коюп, кош айтышып кайра тартты. Андан кызды ээрчитип, кушту колуна кондуруп, баягы агалары менен коштошкон жерге келсе, эки агасы жолун тосуп отуруптур. Ортончусу кара сакал чал болуптур, улуу агасы ак ала сакал чал болуп, карылыкка моюн сунуптур. Эки агасы инисинин баягысынан да сулуу, мурункусунан да жаш, күчтүү болуп калганын көрүп, аябай таң калышты. Түнкүсүн экөө акылдашып: Атам ансыз да муну жакшы көрүүчү эле, эми энчиден чындап куру кала турган болдук. Муну өлтүрүп, кушту «биз таптык» деп алып баралы дешти да, уктап жаткан жеринде баланы да, кызды да өлтүрүп кудукка таштап кушту алып жөнөп кетишти. «Кушту биз таап келдик» деп атасына барып: «Кичүү уулуң биз

кой десек болбой, барса-келбес жолго түшүп, ошол бойдон жоголду. Күтө-күтө жол арыттык. Акыры келбегенден кийин күдөр үзүп, шуру көздүү, бермет жаштуу кушту алып мында келдик» дешти. Атасы кичүү баласынын кайтпаганына аябай капа болуп: «Мага кичүү баламсыз куш керек эмес, кушту силер алгыла да, баланы таап келгиле» деп экөөнү кууп жиберет. Мындай чыгып экөө кушту талашып чырлаша кетип, улуусун ортончусу өлтүрүп коет. Анан кушту алып, дагы бир кандын шаарына барып туруп калат.

Муну быякка таштайлы да, баягы кичүү бир тууганга кыямат дос болгон кыздан сөз баштайлы. Ал түнүндө түш көрүп, түшүндө өлүп, кудуктун түбүндө жаткан кыз менен баланы көрүп, дос кызынын кырк дөөсүн ээрчитип, жетип келет да, тогуз жолдун тоомунда өлүп жаткан кыз менен жигитти тирилтип, жолго салып, өзү көздөн кайым бөлөт. Бала элине келип, ортончу агасын таап, шуру көздүү, бермет жаштуу кушту атасына алып берип, өзү баягы кызга үйлөнүп, бакты-муратка жетип, жыргап жатып калат.

## АЛТЫН КУШ

Илгери бир абышканын үч уулу жана бир чоң түп алмасы бар экен. Ар жылы анын мөмөсүн жеп, абышка жашарып турчу экен. Бир жылы быша элек кезинде ошол алмасын белгисиз бирөө келип жеп кетет. Келерки жылы абышканын улуу баласы күзөтүп отуруп, түн ортосу ченде уктап калып, жегизип жибериптир. Андан кийин ортончусу күзөтүп, ал дагы уктап калат. Абышка үчүнчү жылы кичүү баласына кайтартат, ал уктабастан, куурай ойноп отура берет. Бир убакта алтын куш келип алмага конуп, алманы жей баштайт. Бала акырын барып, канаттан алганда куш учуп кетип, бир канаты үзүлүп, колунда калат.

Бала эртеси атасына куштун бир канатын алып келди эле, атасы: «Канатын таапсыңар, эми өзүн тапкыла» дейт. Кушту издемек болушуп, абышканын эки уулу келишкен ат минип, келишимдүү курал алып жүрүп кетет. Ошондо абышканын кичүү баласы: «Мен да барамын» деп атасынан уруксат сурайт. Атасы макул болуп, сары кунанын балага токуп берет.

Бала жүрүп отуруп жол боюндагы кара ташка келип такалат. Кара ташта кара жазуу турат: «Сол жакка баргандын өзү өлөт, оң жакка баргандын аты өлөт». Ошондо сары кунанга тил бүтүп: «Өлсөм өлөрмүн, оң жакка бара бер» дептир. Бала оң жакка түшүп олтуруп бир токойдун ичине киргенде бир бөрү качырып сала берет. Бала аттан түшө качат. Бөрү атты басып калат. Аттан айрылып, бир терекке жашырынып ыйлап отурган балага карышкыр жетип келет. Бала коркуп кетет. Ошондо бөрү: «Коркпо, мен сенин атыңды жедим, эми тилегиңе жеткиремин» деди. «Издегеним алтын куш эле» дейт бала. Анда карышкыр: «Эми сен менин үстүмө минип, көзүңдү жум» деди.

Бала бөрүгө минип, көзүн жумду эле, бөрү нечен тоолорду ашып, бир убакта «көзүңдү ач!» деди. Бала көзүн ачса, бир шаарга келиптир.

Ошондо бөрү: «Куш мына бул үйдө, акырын барып бутунан албай, канатынан кармап алып чык» дептир. Бала киргенден кийин карышкырдын сөзүн унутуп, куштун бутунан алса, бутундагы коңгуроосу шылдырап кетип, кандын жигиттери ойгонуп, баланы кармап алышат. Эртең менен канга алып келди эле, кан: «Кушту неге уурдадың?» деди. Анда бала: «Менин атамдын бир түп алмасы бар эле, ошону жеген сайын атам жашарып туруучу эле, кушуңуз үч жылдан бери алманы жеп кетип, атам ошондон бери карып бара жатат» деди. Кан: «Атаңдын жумушунда жүргөн бала экенсиң, сенин каныңды кечтим ушу жакта бир кандын алтын жалдуу, алтын куйруктуу

аты бар, ошону алып келсең, кушту беремин» деди. Бала бөрүгө келип. «Кан бир кандын алтын жалдуу, алтын куйруктуу аты бар, ошону алып келсең, алтын кушту беремин деп айтты» деди.

Анда бөрү: «Коркпогун, үстүмө мин да, көзүңдү жум» дейт. Бөрү бир убакта «көзүңдү ач!» дегенде бала көзүн ачса, дагы бир шаарга келип калыптыр. Ошондо бөрү: «Кырк сарайдан кийин бир сарай бар, ошол сарайдын ичинде алтын жалдуу ат бар, чылбырдан кармабастан, акырын жалдан алып жетелеп чык» деди.

Бала кирип барып карышкырдын айтканын унутуп коюп, чылбырдан жетелеп алып чыгам деп дагы колго түшүп калат. Эртеси кандын алдына алып барганда бала эмне үчүн келгенин айтты. Анда кан: «Сен бала, атаңдын жумушунда жүргөн экенсиң. Сени жазага тартпайм. Ушул жакта Банча деген кандын бир сулуу кызы бар, ошону алып келсең, алтын жалдуу, куйруктуу атымды беремин деди» деп, бөрүгө айтты эле, анда бөрү: «Дагы үстүмө мин» деди. Бала бөрүгө минип, көзүн жумду. Бөрү жүрүп олтуруп, «ач көзүңдү» дегенде көзүн ачып эки жагын караса, таң сүрүп калыптыр. Ошондо бөрү «сен ала албайсың, эми мен барайын» деп баланы ошол жерге таштап, өзү жөнөп кетти. Кандын кызы эртең менен алдына кырк кыз, артына кырк кыз, оң жагына кырк кыз, сол жагына кырк кыз алып, бак ичине сейилдикке чыккан эле. Бөрү тамдан секирип түшүп, алма жыгачына жашынып туруп, кыздар жанынан өтө бергенде кандын кызын илип кетти. Жолдо келатып кыз менен бала бири-бирине ашык болуп калат. Бала бөрүгө: «Экөөбүз айрылбайбыз, ушунун ылаажысын тапсаң экен» деди.

Ошону менен шаарга келишти. Бөрү кубулуп, баягы кыздан да сулуу кыз болду. Бала канга айткан кызың деп кубулган бөрүнү алып келди эле, кан балага ыраазы болуп, атын берди.

Кыз менен бала андан ары кете беришти. Кан кызды бир үйгө киргизип коюп, бир убакта жанына барып отурайын десе, кыз жок, карышкыр турат. Кан коркуп чалкасынан кетип, эси ооп калганда карышкыр сыртка чыгып жолуна түшөт. Аңгыча бөрү кыз менен баланын артынан жете келди, үчөө алтын кушу бар кандын шаарын көздөй жөнөштү. Жолдо бала бөрүгө: «Бул аттан да айрылгым келбейт, ушуга бир амал тап» деди. Бөрү: «Макул» деп кубулду да, келишимдүү ат болду. Бала атты канга алып барып берди эле, кан ыраазы болуп, ага алтын кушун берди. Бала алтын кушту колуна кондуруп алтын жалдуу атты минип, сулуу кызды алып өз үйүн көздөй андан ары жөнөп кете берди.

Кан ушул күнү уучуларын жыйнап, баягы бала алып келип берген атты минип тоого ууга чыгат. Уучулар бир түзөңгө аттарын тушап коюп, өзүлөрү кийик өңүп кетишет. Алар кетери менен ат болуп кубулган бөрү өз түрүнө келип, тушалган аттардын баарын жеп алып балага жете келет. Үчөө жүрүп олтуруп, баягы баланын атын жеген токойго келгенде токтошуп, бөрү балага бир мурутунан бир кыл жулуп берип достошуп ошол жерде калат.

Кыз менен бала андан ары жүрүп олтурат. Бир кезде кыз: «Ушул жерде ат чалдырып, түнөп кетели» дейт. Бала макул болуп, конуп калышат. Экөө уктап жатканда эки агасы келип: «Атабыз бул тапты, экөөң таппадың, – деп, – бизди жаман көрөт» деп акылдашып, инисин өлтүрүп, кызын, кушун жана атын алып кете беришет.

Бир күнү баягы токойду көздөй жүргөн желден улам бөрү баланын жытын сезип, ага жетип келет да, досунун өлүгүн каргалар чокуп жеп жатканын көрөт. Ал жерден бөрү каргалардын пашаасын кармап алып: «Өлбөстүн суусун алып келгиле, же болбосо коё бербеймин» дейт. Карганын пашаасы каргаларды өлбөстүн суусуна жиберет.

Алар өлбөстүн суусун оозуна алып жетип келишет. Бөрү карганын төрөсүнүн канын сууга аралаштырып балага сыйпайт. Бала: «Көп уктап калыптырмын» деп тура келет. Бөрү балага: «Сени агаларың өлтүрүп кетиптир. Менин үстүмө мин, үйүңө алып барып коеюн» дейт.

Барса кызды улуу агасы алганы жатыптыр. Бала: «Үйгө кирип, чоор ойноп берүүгө уруксат сурап бер» деп, бир кемпирди атасына жиберет. Кемпир тыштан кирип: «Бир бала чоор ойноп берейин, уруксатпы деп жатат» деди. Анда атасы: «Кирсин, балким, менин кичүү баламдын күүсүн ойноор, кирсин» деди. Бала үйгө кирип чоор ойноп берет. Ошондо кыз: «Мени алган бала ушул, бул экөө муну өлтүрүп, мени мында алып келген» деди. Атасы иштин жайын түшүнүп, кызды кичүү баласына алып берди. Бир күнү баягы карышкыр кубулуп дубана болуп балага келди. Бала аны таанып, жакшылап урматтап, коноктоп узатып жиберет. Абышка жыл сайын баягы алманын мөмөсүн жеп, жылдан-жылга жашарат экен.

## КӨЧПӨСБАЙДЫН БАЛАСЫ

Бир заманда Көчпөсбай, Көчөрбай деген эки бай болуптур. Көчөрбай ар дайым жайлы-жайы менен жайлоого көчүп, кышты-кыштай ар кайсы кыштоого көчүп, малын багып жүрчү экен.

Көчпөсбай жайы-кышы бир жеринде олтуруп, өмүрүндө көчпөптүр. Бир жылы жут болуп, тегерегиндеги оту түгөнгөндөн кийин, Көчпөсбай көчмөкчү болуптур. Көчүп көнбөгөн Көчпөсбайдын аялы бир жүгүн унаага артса, бирин унутуп, үзүгүн таңылчакка таңса кийизин унутуп, чөмүчүн салса, кашыгын унутуп жатып, күн чыккандан үйүн чечкен, күн батканда араң жыйнап бүтүшүптүр.

Ошентип, айдын жарыгы менен Көчпөсбай көчүп жөнөйт. Жолдо келе жатып баласы: «Менин сакам

журтта калган турбайбы» деди. Атасы: «Балам, чаап барып алып келе койгун» деди. Бала өзүнүн кызыл бууданын минип, журтту көздөй келе жатса, аты токтой калып балага айтты: «Эрдигиң бар эсиң жок, жаш бала, менин көргөнүмдү көрдүңбү, менин билгенимди билдиңби? Журтта жети баштуу жез кемпир отурат. Мен аттан жапыз, иттен бийик болгондо, сен амалын таап, эптеп саканы алып кач» деди.

Барса кемпир мойнун жерге салып, саканы карап шылкыйып олтуруптур. Бала: «Энеке, сакамды алып берип коюңузчу» деди. Кемпир анткорлонуп: «Ой, айланайын балам, өзүм араң жанмын, олтурсам тура албаймын, турсам отура албаймын, жаш бала эмессиңби, өзүң түшө калып ала койгун» деди.

Бала кемпирдин кууланып жатканын билип: «Ээ энеке, жар боорундагы жарганатты карачы» деди. Кемпир мойнун буруп карай салганда, бала саканы эңип алып качып жөнөдү. Кемпир такымдап артынан кууп калды. Бала качып отуруп, кой кайтарган абышкага жолугат. Абышка баланын качып келе жаткан жөн жайын билгенден кийин: «Мага бала болосуңбу?» дейт.

Бала: «Болоюн» деди. Ошентип, абышканын үйүнө барып олтурса бир кара ит үч күчүктү ээрчитип жүрөт. Бала күчүктөр менен моюндашып уктап жатып түш көрөт. Түшүндө жез кемпир «сени жебесем» деп кууп жүргөн болот. Бала чочуп ойгонуп, күчүктөрүн көтөрүп жөө качып жөнөйт. Бир нече күн жол жүрүп, аябай чарчап бир жерге келип уктап калат. Күчүктөр болсо кемпирдин келе жаткан табышын бир күндүк жерден билип, баланы ойготушат. Ойгонсо күчүктөрү дөбөт болуп чоңоюп калыптыр. Ошол жерден күчүктөрүнө ат коет. Чоңун «Угар кулак», ортончусун «Көрөр көз», кичүүсүн «Жер тыңшаар» деп атайт. Аңгыча сокусун минип, сокбилегин камчыланып кемпир да келип калат. Кемпир жете бергенде бала иттерин кемпирге коё берди эле,

балага жалынып «иттериңди чакырып алгың, экөөбүз жарашалык, мен сага кызымды берейин» дейт. Бала балалык кылып, кемпирди ажыратып алып, анын кызын алып туруп калат.

Бала күнүгө иттерин ээрчитип, мергенчилик кылып жүрчү экен. Бир күнү аялы балага: «Сен өзүң эчтеке ата албайсың, иттериңдин аркасы менен аң уулап жүрөсүң, кыйын болсоң, иттерди үйгө таштап өзүң барып атып келчи» дейт. Бала: «Өзүм эле атамын» деп, тоого чыгып кетсе, баягы кемпир артынан кууп келет. Бала «эки ача терек бол, ортосунда мен болоюн» деп мылтыгын ыргытып жиберет. Мылтыгы эки ача терек болуп, бала теректин башына чыга качат. Кемпир келип бир тишин сууруп алып, балта менен теректин түбүн казып кирет. Ошол кезде бир кызыл түлкү келип: «Ой, эне, сиз чарчап калыпсыз, эс алып туруңуз, балта, арааңызды мага бериңиз, мен кесе турайын» деди. Кемпир сүйүнүп жарагын берип, өзү барып уктап калат. Түлкү кесимиш болуп олтуруп, жабдыгын көлгө салып, өзү качып кетет. Бир убакта кемпир туруп караса, балта, араасы жок, түлкү да жок, кемпир ачууланып дагы бир тишин суурап балта кылып, бир тишин суурап араа кылып, теректи чаап олтурса бир ак түлкү келип:

«Ой, энеке, сиз карыган киши экенсиз, чарчап калдыңыз го, теректи мен чабайын, сиз эс ала туруңуз» деди. Кемпир: «Мени жана бир кызыл түлкү алдап, жабдыгымды суугa салып кетти, эми жабдык кылар тишим да калбай калды» деди. Анда түлкү: «Ой, энеке, сиз алжып калсаңыз керек, кызыл түлкүнүн сырын ушул убакка чейин биле элек турбайсызбы, кызыл түлкү куу болот, өзүңүз ойлонуңузчу, ак түлкү жакшыбы, кызыл түлкү жакшыбы?» деди. Кемпир: «Ак түлкү эле жакшы» деп, жабдыгын берип, дагы уктап калды. Түлкү кесимиш болуп олтуруп, жабдыгын суугa салып, өзү качып кетет.

Аңгыча асмандан бир карга учуп өттү эле, бала:

«Ой карга менин иттерим бар эле, ошолорго кабар берип койсоң» деди. Карга учуп барып үч итине кабар айтты. Кемпирдин кызы иттерди терекке байлап койгон экен. Иттер теректи түп тамыры менен жулуп алышып, балага жетип келишти. Ошол жерден үчөө кемпир менен алышып отуруп, көлгө түшүп кетишет. Бала болсо теректен түшүп, иттерин күтүп отурса иттери кемпирди өлтүрүп, суудан чыгышты. Бала аларды ээрчиткен бойдон үйүнө келип, аялынын кастыгын билген соң чекеге атып өлтүрөт.

«Эми жоомдон кутулдум го» деп, баягы багып алган атасына барып, бала атын минип, үч итин ээрчитип, үйүнө кетмек болуп жолго чыгат. Айылга жакындаганда чогулган элди көрүп, чуулдаган үндү угуп, бир койчудан: «Бул эмнеге чогулуп жаткан эл?» деп сурады эле, анда койчу: «Ээ балам, анын эмнесин сурайсың. Мен ошол үйдүн койчусумун, чуу чыккан Көчпөсбай деген байдын үйү, өзү өмүрүндө көчүп көргөн киши эмес эле, мындан эки жыл мурун жайыты түгөнүп, тегерегинде оттой турган чөп калбай калганда, бүт өмүрүндө бир гана көчкөн болучу. Ошондо жалгыз баласынын сакасы журтта калып, «сакамды алып келемин» деп кеткен эле, ошол бойдон байдын баласы кайткан жок. Көчпөсбай ошонун ашын берип жатат» деди. Бала койчунун сөзүн угуп: «Эмесе, байга барып сүйүнчү алгын, ошол баласы менмин» деди.

Койчу тебетейин көккө ыргытып, таягын алыс ыркытып, байдын астынан чыгып: «Сүйүнчү байым, сүйүнчү!» деди. Бай ачууланып: «Мен уулума аш берип жатсам, сен сүйүнчү дейсиң, кана айтчы, эмнеге сүйүнөм, жалгыз баламдан айрылганыма сүйүнөмбү?» деди. Анда койчу: «Байым, сүйүнчү!.. Ачууңду тыйгын, эл-журтуңду жыйгын, тойго айланткын, жалгыз уулуң кайтып келди» деди. Бай сүйүнүп, уулу менен көрүшүп, ашын тойго айландырып, жыргап жатып калган экен.

## КЕМПИРДИН ЖЕТИ БАЛАСЫ

Өткөн заманда бир бечара кемпирдин жети уулу бар экен. Балдары жетөө жети түрдүү өнөр билиптир. Энеси эң мыкты жаа жасатып аны кимисине берерин билбей: «Балдарым, баарың өнөрүңөрдү айткыла, кимиңдин өнөрүң артык болсо, ошонуңа берейин» деди. Балдары өздөрүнүн билген өнөрүн айта баштašты.

Эң чоңу: «Эне, алпкара куш асманда торгойдой болуп көрүнүп калганга чейин бийик учса да ыргыта атамын» деди. Экинчи баласы: «Энеке, мен жети жыл мурун кеткен кумурсканын изин билемин» деди. Үчүнчү баласы: «Мен эки дүнүйөнү алаканга салып койгондой көрүп турам» деди. Төртүнчү баласы: «Мен ачка болгон жерде бардан жок кылып, канча адам болсо тойгузууга жараймын» деди. Бешинчи баласы: «Мен дарыя-деңиздерден көз ачып жумгуча кеме жасап өтөмүн» деди. Алтынчы баласы: «Мен дарыя-деңиздерден чуркасам, таманымдан, чаң чыгат» деди. Жетинчиси: «Жоо жакындап кирип келгенде кара жер жарыл десем жарылып, түбүнө түшүп, өзүм сүйгөн жерден чыгып, душманымдан кутуламын» деди.

Энеси балдарынын өнөрлөрүн уккандан соң кимисинин өнөрү артык экенин биле албады. Ошондо балдардын колуна жасаган жаасын берип: «Балдарым, мына муну алып барып, Болбос канга өнөрүңөрдү айткыла, кимиңердин өнөрүңөр артык болсо, ошонуңа берсин» деп, балдарын Болбос канга жиберди.

Кемпирдин жети баласы Болбос кандын шаарына келсе, шаардын ичи кыйкырык, чуу, калайман болуп дүрбөп жатыптыр. Булар таң калышып: «Эмне болду, шаарыңарга жоо тийдиби? » деп бир абышкадан сурашты. Анда абышка: «Ботом түндө эл жатарда кандын жалгыз кызы жок, кайда кеткени белгисиз, эми кан кызымды таап бергиле же болбосо

баарыңдын башыңды аламын деп чаң салып жатат, балдарым» деди.

Жети баатыр кеңешип, кандын кызын таап бермек болушту. «Айтса айтпаса төгүнбү, жүргүлө» дешип бара жатып: «Ой биз олуя болбосок, кайдан табабыз» деди бирөө. «Жинди го, бая энем өнөр сураганда жети жыл мурун кеткен кумурсканын изин билемин дебедиң беле, кайда кетиптир?» деди. Жети жыл кеткен кумурсканын изин билчү баатыр ары-бери карап: «Асман менен кетиптир» деди. Анда бирөө туруп: «Энем өнөр сураганда эки дүйнөнү алаканымдагыдай билемин дебедиң беле, билбейсиңби?» деди дагы бирөөнө. Бул баатыр ары-бери карап, алаканын ачып-жуумп туруп: «Тойбос кан деген кандын алп кара кушу алып учуп бара жатат» деди. Алар кызды куткарып алууга жүрүп кетишти. Бара жатып бир чоң дарыяга капталып калды. Бир жагынан курсактары да ачып, балдардын көңүлдөрүнө кайгы түштү. «Эми дарыядан кантип өтөбүз? Анын үстүнө ачка кайда барабыз?» деп турушканда, алардын бирөө: «Ой, жиндилер, энем өнөр сураганда бардан-жоктон тамак таап, канчалык адамдарды тойгузам дебедиң беле, кана батыраак тамак тапчы?» деди.

Бул баатыр асманды карап, алаканын жайып койду эле, эки кой маарап түшүп келди. Анын артынан көп токоч түштү. Булар кубанып, токочторун жеп, койлорун союп жатканда, «дарыя, деңиздерден көз ачып жумганча кеме жасап өтөм» дегени эт бышкыча эле бир чоң кемени жасап даярдап койду. Баарысы кубанып кемеге түшүп алып, дарыянын үстү менен жүрүп кетишти. Балдар күн-түн жүрүп отурушуп Тойбос кандын шаарына келди. Көрсө, Тойбос кан, Болбос кандын кызын түшүндө көрүп, ага ашык болгонунан алпкара кушка алдырган экен. Жети баатыр барып жеткен убакта Болбос кандын кызы кырк кыз менен сууга түшкөнү келе жатыптыр. Баягы балдардын «дарыянын үстүнөн чуркасам таманымдан чаң

чыгат» дегени көл үстү менен барып Болбос кандын кызын, Тойбос кандын кызына кошуп, көтөрүп келип, кемеге салды.

Кыздарды алып кеткенин Тойбос кан угуп, алпкара кушту жиберди. Алпкара куш асмандан торгойдой болуп көтөрүлгөндө баягы «Алпкара куш асманда торгойдой болуп көрүнсө да атып түшүрөм» дегени атып жиберсе, алпкара куш буту сынып, Тойбос кандын эшигинин астына барып түштү. Балдар кыздарды алып жүрүп кетишти.

Тойбос кан муну көрөр замат кеме менен көп аскер жиберип куудурду. Бул убакта баягы «Кара жер жарыл десем жарылып кетет» деп айтканы тебетейин жерге кое коюп: «Кара жер жарыл» дегенде жер жарылып кетти. Балдар жердин түбүнө түшүп кетишти. Арт жагынан жете келген боз атчан аскер башчысы балдар менен кошо жер алдына түшүп кетти. Аскерлер кайра тартып, Тойбос канга көргөндөрүнүн баарын айтышты: «Таксыр, каным, кыздарды алып качкан адам эмес, азирейил экен, адам болсо дайранын үстүнөн чуркаганда кантип таманынан чаң чыксын, тоодой болгон алпкара куш торгойдой болуп калганча бийик учканда кантип ыргыта атсын, адам баласы кантип бүтүн жерди жарылтып кирип кетсин? Азирейилдер менен бирге биздин эң баатыр аскер башчыбыз өзүнүн ак боз аты менен кошо жерге кирип кетти» дешти.

Тойбос кан мындай сөздөрдү угуп, экинчи бирөөнүн кызына ач көздүк кылбаска ант берип, өзүнүн кызынын үчүлүк, жетилик ашын берип, экинчи кыз ала качпаска кудайга тобо кылып жатып калды. Жети баатыр Болбос кандын коломтосунан чыгып келе жатса, шаардагы элдер коркуп: «Бая күнү Болбос кандын өзүн жутканы келе жатат ушинтип баарыбызды кырып түгөтөт экен» дешип, бүт бойдон тоого чыга качышты. Жети баатыр жер үстүнө чыкса, адам деген немеден таптакыр эчтеке жок, арты-

нан кууп келген боз атчан аскер башчыны босогого байлап, эки кызды окшоштуруп, төргө олтургузуп бир койду союп казанга салып, отту жагып жаткан-да, үйүнөн чыккан түтүндү көрүп: «Ким барып көрүп келет?» деп кан жар салды. Эч адам чыкпаган соң кан: «Өлсө кунсуз, сатса пулсуз» деп ата-энеси өл-гөн бир жетим баланы барып келүүгө буюрду. Бала: «Барбасам башымды алат го» деп, корккону нан ай-ласыз макул болуп келип караса, баягы кемпирдин жети баласы этти салып, отту жагып жатышат, төрдө эки кыз ойноп олтурат, улагада бир жигит байланып турат. Буларды көрөрү менен кубанып, Болбос кан-га келип сүйүнчүлөдү. Болбос кан көп ишенбестен, «дагы ким барып билип келет?» деп жар чакырды.

Анда бирөө: «Уруксат бериңиз, мен барып билип келейин» деди. Ал киши: «Баланын айтканы ырас экен, каным, сүйүнчү? Бир кызыңыз эки кыз бо-луп келиптир» деп, кандын үйүнөн чыкпай жатып эле бакырды. Болбос кан эли-журту менен келип, кызына учурашты. Жети баланын куткангандыгын кыз атасына түшүндүрдү. Жети бала өзүлөрүнүн өнөрлөрүн айткандан кийин, Болбос кан тактысынан түшүп, кандыгын жети балага берди. Өзүнүн кызы менен Тойбос кандын кызын эки улуусуна берип, калган бешөөнө бүт элден тандатып жүрүп беш кыз алып берди.

Балдар үйлүү-жайлуу болуп, карыган энесин ал-дырып туруп калышты. Бирок, «булардын ичинен эң кыйын өнөрлүүсү ким?» деп ошол убактан ушул убакка чейин Болбос кандын башы катып жүрөт экен.

## АТАНЫН КЕРЭЭЗИ

Ач экен, ток экен, бар экен, жок экен, бир чал-кемпир бар экен. Чалдын үч уулу болуптур. Чал бир күнү ооруп дарманы куруп акыры өлүмгө моюн

сунуптур. Өлөөр алдында кичи уулун чакырып: «Сен балдарымдын кенжеси, жүрөгүмдүн эркеси элең. Мына бул канжарды алгын да, агаларыңдын бирине билгизбей бек катып ал. Канжардын жашыруун мындай сыры бар: «Кындан сууруруң менен: «Тиле тилегиңди» деп үн салат. Тилегиңди айтсаң, алеки саламда кабыл кылат. Ошентип канжардын жардамы менен бакыт-муратка жетесиң деп, осуятын айтып, касиеттүү канжарды кенже уулуна калтырып чал бу дүйнөдөн өтүп кете берет.

Күндү кубалап түн, түндүк кубалап күн келе берет. Агалары балага кой кайтартып коет. Бала атасынан калган канжарды кыя байланып, кайгысын талаага даттанып жүрө берет. Бир күнүн саардан туруп кой жайып кеткени жатса, көчөдөн бир аттуу киши:

«Мен жарчымын, жарчымын
Кан кабарын салчумун,
Кандын кызы күйөөгө чыгат.
Баргыла мөөрөй алуучуң!»

деп, жар чакырат. «Кандын кызы күйөөгө тиет турбайбы, андан мага эмне пайда» деп бала канжарын кыя тагынып, коюн жайып кете берет. Агалары шашкеде тойго жөнөйт. Бала кечинде тойдун кандай өткөндүгүн алардан сурады эле, улуу агасы: «Тойдун сага эмне кереги бар, андан көрө жакшылап коюңду кайтар, ууру-бөрүгө сак бол» деп кагып салды. Бала агасынын жашырып айтпай жатканын билип: «Мында бир сыр бар көрүнөт, уктабай жатып угайынчы» деп оң жамбашына оодарылып, уктамыш болуп коңурукту кош тартты. Бир убакта агасы жайын катынына баяндады: «Тиги уктаган чыгар, эми кулак сал, толуктап айтып берейин. Анын көзүнчө «айт эле айт» деп беймаза кылдың. Ал укса кетип калат, анан койду ким кайтарат. Кандын кызы Эркеайым атасына: «Ким миң тепкичтүү шаты менен менин мунарама сепилдин сыртынан чыгып барса, атам

мени ошого берсин, мен ошол жигитке тиемин» деп айттырыптыр. Кан да ал шартты орундаткан кишиге Эркеайымды бермек болуп, элине жар салыптыр. Бирок кандын кызын алууга ынтызар адамдар көп болсо да, анын койгон шартын аткаруу оңой көрүнбөйт. Шатынын элүү тепкичине чыгып барып, эки адам башы айланып кулап өлдү. Мен отуз тепкичине чыгып, коркуп кайрадан түштүм».

Бала муну угуп түнү менен уктай албай чыгат. Таң да супа салып атат. Агалары тойго, бала койго жөнөйт. Түш ченде койлорун суу жээгиндеги дарактын көлөкөсүнө жуушатат да, тойго жөнөйт. Жолго чыга берип, канжарын кынынан сууруду эле, канжар жарк этип: «Тиле, тилегиңди?» деди. «Бир ажайып ат бер!»

Аңгыча алдына ажайып тулпар ойдолоп тура калды. Бала атты минет да, тойго чаап жөнөйт. Ал алеки саамда кашаң аттары менен өпөңдөп келе жаткан агаларына жете келет. Бала аларды көрүп четке чыгып, канжарын кынынан сууруп алат. Канжар жарк этип: «Тиле тилегиңди!» деп үн салат. «Кандын баласыныкындай жарак-жабдык бер!» Ошол замат сураганындай жарак-жабдык пайда боло калат. Бала жасалгалуу кийинип, жарак-жабдыгын асынып, агаларын көрмөксөн болуп жандарынан бастырып өтүп тойго барат. Элдин баары эле жарданып аны карайт, агалары да көзүн албайт. Бала аттан түшүп, сегиз жүз тепкичке чыгып барып, кайра жерге түшөт да атына минип, чапкан бойдон артын карабай кете берет. Эл анын артынан «балилеп» кыйкырып калат.

Кечкурун өзүнүн мурунку кейпине түшүп, жаргак шымын кийип тай туягын тартынып коюп, айдап үйүнө келет. Агалары болсо кашаң аттарын теминип, чаалыгып-чарчап жаңы эле келишкен экен. Бала алардан кайда барганын сураса, бүгүн да тойго барганын айтышат. «Мен дагы барайын?» деп суранды эле, «кой, коюңду кайтар, сага эмне бар, кызыктуу

эч нерсе жок» деп коюшту. Бала: «Болуптур эмесе, коюмду кайтара берейин» деп, тим болот. «Шатыга чыккандар болдубу?» деп сураса, кичүү агасы: «Экөөбүздөйлөргө жол кайда? Ажайып аргымак минип, асемдүү жарак жабдык асынып бир кандын баласы келди, атаганат, сөөлөтүн коё кал! Сегиз жүз тепкичке чыгып барып, кайра түштү, көргөн эл «кожо Кыдырдын баласыбы?» деп, айран таң калышты, көбүнүн колу жакасынан али кете элек» деди.

Эртеси бала койго, агалары тойго кетти.

Чоң шашкеде койлорун дарактын түбүнө жуушатып коюп, канжарын кынынан суурудy эле: «Тиле, тилегиңди» деди. Кечээги атым менен кийимимди азыр даяр кыл!» Көз ачып жумганча кечээги кийими менен тулпар аты дароо даяр болду. Бала алкынтып атын минди, жаркынтып киймин кийди бургутуп жолго кирди. Тойго так жетерде кашаң ат минген агалары жол бошотуп, улам-улам аттын жалына өбөктөй жүгүнүп, кала берди. Кайнаган эл баштарын ийин «Кулдук канбача, кандын Эркеайымы сизге ылайык» деп, жол бошотуп жүгүнүп калат. Бала каада менен аттан түшүп, бу сапар шатынын миң тепкичине чейин чыгып барып кайра түшөт. Эл айран-азыр калат. Аны туурап алакөөдөк бир жигит шатынын отуз тепкичине чейин чыгып барып, башы айланып кулап өлөт. Эл баланы тегеректеп мурункудан бетер жарданат. Ошондо ал четке чыгып, канжарын суурду эле, «тиле, тилегиңди!» деп үн салды. «Ушул элге бир чекседен жеткидей күрүч даяр болсун.

Аш-паш дебей бир дөбө күрүч пайда болду. Бала канжарына: «Ар бир кишиге бир чекседен бөлүнсүн, идишине салынсын» деп буюрду. Алеки саламда ал айтканы да орундалды. Кандын кызы да айран-азыр калып, баланын жанына басып келип: «Жүзүңдү бир көрсөтчү?» деди. Ал тетири карап болбогондо: «Жүздүгүмдү берейин, жүзүңдү көрсөтчү» деп дагы сурады.

Бала «эми болбостур» деп, ага караганда, кыз үшүнөн кеткенсип сендиректей түштү да: «Мына бул жүздүктү менден белек алгын. Жоготуп, же майыштырып койсоң, менден үмүт үз» деди. Бала жүздүктү алып, атка шап минип, келген жолуна түштү. Артынан ызгып чаң гана көрүнүп, бир заматта көздөн кайым болду. Бала мурунку кейпине түшүп, кечинде коюн айдап, адатынча үйүнө келсе, агаларынын кубанычы койнуна батпайт. «Ээ иним, биз сага палоолук күрүч алып желдик, палоо басып беребиз, чеңгелиң айрылганча чеңгелдеп, курсагың жарылганча жейсиң, бол тезирээк отун камдап, от жак» деп шаштырышат. «Күрүчтү ким берди акелер?» Анда улуу агасы: «Сурап эмне кыласың, кожо Кыдырдын баласы да анчалык мыкты болбойт, чынында кудайдын уулубу деп ойлодук. Кечеги жигит миң тепкичтүү шатыга чыгып барып, кайта түштү. Кандын кызы өзү куштар болуп колуна жүздүк салды. Күрүчтү да ошол март бала берди. Эртең Эркеайымдын тою башталат» деди. Бала ууртунан жылмайып, алардын айтканын аткарып тим болду. Оокат желип жатаарда: «Ушунча күн силер, той тойлодуңар, мен кой кайтардым. Кудайыңарды карасаңар, эртең тойго мен барайын, койго силер баргыла?» деди. Агалары макул болушуп: «Ээленип калыпсың, барсаң бар, бирок кан баласы келгенде делдейбей жүгүнгүн да, элге бергенинен сен да куру калбай ала кел» дешти. Бала «макул, ошентейин» деди.

Ал эртеси тойго, агалары койго жөнөдү. Бала жолдон кадимки канжарын сууруп буйрук берип, боз аргымакты минип, буулумду кийип, тойго барды. Аңгыча кан: «Айткан шартым аткарылды, күйөө болчу адам алдыма келсин» деп жар чакыртты. Бирок кандын күйөөсү табылбады. «Күйөө болчу менмин» деп баргандарды Эркеайым карабады. Акыры кыздын акылы менен элди колун жайдырып, Эркеайымдын алдынан чубатууга салды. Бала «эмне кылар экен» деп далдаада тура берди. Бешимге

чейин бардык эл чубап бүттү. Акыры кезек балага жетип кыздын нөөкөрлөрү анын да колун жайдырып, Эркеайымдын алдынан алып өттү. Кыз колундагы өзү берген жүздүктөн баланы таанып, отуз күн оюн курдуруп, кырк күн тоюн кылдырып, балага тийди. Шаан-шөкөт менен бала Эркеайымды үйүнө көчүрүп келип, ортончу агасына кыздын эжесин алып берип, бакты-муратына жетип жашап калыптыр.

## ЖАЛГЫЗ УУЛ ЖАНАДЫЛ

Байым-байым бай экен, төрт түлүгү шай экен. Кочкордун күңгөй-тескейине атагы чыккан Кожомберди деген бай бар экен. Анын болгондон Жанадыл деген жалгыз уулу, Карлыгач аттуу жалгыз кызы бар экен. Жанадылдын Көктелки аты, ак шумкар кушу, ак бараң мылтыгы бар экен. Айдың-Көл деген эки көлү бар экен. Жанадыл дайыма Айдың-Көл, Жекендүү Көл деген көлгө ит агытып, куш салчу экен. Ал күн сайын шумкарын ары салдырып алдырып, бери салдырып илдирип, канжыгасын кара казга толтуруп үйүнө кайтуучу экен. Бир күнү карындашы Карлыгач: «Айланайын абаке, отура берип эриктим, атыңдыберчи минейин, кушуңду берчи салайын, бир тамаша кылайын» деп, сурап калат. Жанадыл: «Айтса, айтпаса төгүнбү, ырас эле эриккен турбайбы» деп, карындашынын сөзүн макул таап, Көк телки атын мингизип, ак шумкарын колуна конгузуп, ак бараңын асып берип, «эрте бешимде үйгө кел, асты Көк-Белеске чыкпагын» деп бек эскертип, жөнөтүп жиберди.

Кыз атты минип, кушту кондуруп, Айдың-Көл, Жекендүү-Көлгө барат. Ак шумкарын ары салып алдырып, бери салдырып илдирип, канжыгасын кара казга толтуруп, аябай тамашага бatat. Бешим чен болуп калганда «Абакем атын да, кушун да, көлүн да аяган жок. Көк-Белести эмнеге аяды?»

деп кыз белеске чыгып барган экен. Барса, белестин боюнда карарган калың шаар жатат. Шаардын бери четинде үч киши жүрөт, ал ит агытып, куш салып, сейил куруп жүргөн калмактын каны Чекиркан эле. Чекиркан: «Капырай, Жанадыл Белеске чыкчу эмес эле», деп, коркуп кетип, «билип келгиң деп, жанындагы куу жигитин жумшады. Жигит Белеске жетип келип: «Сен кимсиң?» дейт. Кыз: «Мен жалгыз уул Жанадылмын» дегенде, жигит: «Үнүң ичке кыңылдап, чачың майда жымылдап, болду-болбоду, Жанадылдын карындашы Карлыгач экенсиң» деп таанып койду. Белеске чыгып кеткен жалгыз адамдын Жанадыл эмес экендигин билгенден кийин Чекиркандын обкоолжуган жүрөгү ордуна келип: «Жанадыл болсоң, жол ортосу ойдуңга түшүп кел, эки элде эмне болуп жатканын сүйлөшөлү» дейт. Кыз «жакшы болот» деп жол ортосу ойдуңга түшүп келет. Сүйлөшүп олтуруп күн батып кетет экен. Кыз «эмесе кетейин» деп тура калганда жигит кыздын башындагын шыпырып жиберди эле, Карлыгачтын алтын чачы жарк дей түштү. Жанадыл эмес экендиги анык белгилүү болгондон кийин Чекиркан кызды үйүнө кетирбей үч күнү алып жатты да, анан экөө алмак-тиймек болуп убадалашты. Кыз жөнөөрдө Чекиркан: «Жанадылга алышсам алым, күрөшсөм күчүм жетпейт, ал мага жакшылык менен кыз бербейт, айласын кандай кыламын?» деди. Анда Карлыгач:

«Мен караңгы капчыгайга жеңемди ээрчитип келип карагат терейин, кечинде келип, «кокуй боорум» деп, кан түкүрүп жатып калайын. Абакемдин айласы кетип эл ичиндеги бакшы, бүбүсүн бүтүн чакырар. Алар мени соо дээр. Ошондо менин айтканым боюнча сага киши чаптырат, сен бир бүбү, бир бакшы жибер. Алар карындашыңа «Мүрөк какбаштын суусу дары» деп, айтышсын, ага барган адам көп болот, келген адам жок болот. Абакем кеткенде чаап албай жаның жокпу» дейт. Чекиркан макул болуп, кызды үйүнө жиберди.

Карлыгач үйүнө келип: «Аттай болгон ак куугa кушумду салып ийсем, кушумду алып кетип, үч күнү күттүм, акырында көлдүн үстү менен барып алып келдим» деди. Жанадыл «кушту сынайын» деп алып чыкса, үч күнү буулуккан куш баягыдан да алгыр, көзүнө көрүнгөнүн койбойт. Айтканындай Карлыгач эртеси жеңеси менен карагатка барат да, кечинде, «боорум» деп жатып калат. Жанадыл айласы кетип, бүбү, бакшысын бүтүн жыйдырды эле, дарттын дарысын таба албады. Акыры Карлыгачтын айтуусу менен Чекирканга киши чаптырды. Анын бакшы, бүбүсү: «Карындашыңдын айыгышына бир гана Мүрөк какбаштын суусу дары» деди.

Жанадыл Көктелкини минип, ак бараңын асынып, Мүрөк какбаштын суусуна жөнөмөк болду. Жанадылдын аялы касиеттүү жан экен, ал билип койду: «Кокуй, жалгыз уул Жанадыл карындашыңдын Чекирканга карматып койгон сөзү бар: «Мүрөк какбаштын суусуна барбагын, башыңды азапка салбагын» деди. Жанадыл ага ишенбей, аялын уруп таштап кете берди. «Жалгыз уул Жанадыл кетти» деп, бүбү, бакшы кабар жеткирээри менен Чекиркан келип, Жанадылдын элин чаап кетти. Карлыгачты аялдыкка алып, атасын уй кайтаруучу кул, энесин музоо кайтаруучу күң, аялын жырык өгүз мингизип, отун алчу күң кылып койду.

Жалгыз уул Жанадыл нечен күн, нечен түн жол жүрүп отуруп ээн чөлдөгү мунарыктаган боз талаага келип токтоду. Ошол жерге өргүү кылуу үчүн атынын жүгөнүн шыпырып, ээр токумун алса, үстү кызыл көш болуп эле түшүп калды. Ошондо атка тил бүтүп: «Жалгыз уул Жанадыл, мен билгенди, мен туйганды туйдуңбу? Кашка-Таштын арасында кызыл түлкү жатат. Ал мүрөк какбаштын түнкү караолчусу. Сен капыстан барып кармап ал. Союп жатып андан сыр сура. Куйругунан жиреп отуруп, тумшугуна келгенде гана айтып берет» деди. Жанадыл атын

токунуп минип чыкканда кызыл түлкү мант берип качып чыкты. Узатпай кармап алып, «айт, түлкүм сырыңды» дейт. Түлкү: «Жылда кербенчи келет, анын аты оонаган жерине түк-мүк, кыл-кыбыр, калдыкты жеп оокат кылам, андан башка эчтеке билбеймин» деди. «Айтарсың, түлкүм айтарсың» деп куйруктан жиреп отуруп белге келгенде да айтпады, көк желкеге келгенде да айтпады, тумшукка келгенде, «айтсам да өлдүм, айтпасам да өлдүм» деп, сырын айтты: «Мүрөк какбаштын түнкү кароолчусу мен элем. Көз жетпеген мунарык талаадан адамзаттын тебетейин көрчү элем. Үч күндөн бери көзүм тунарып, тааный албай койдум, көрсө ажалымдын жеткени экен. Чоктой кызыл түлкү мени алдың. Менин ары жагымда ак зоодо эки кузгун бар. Ал кузгундун бирөөн өлтүрүп, бирөөн чала өлтүрүп, сыр сурасаң, бүт айтып берет, андан аркысын мен биле албаймын» деди.

Жанадыл түлкүнүн тумшугун шарт кесип, канжыгасына байланып, андан ары жөнөдү. Алиги айткан ак зоонун бери түбүнө жеткенде, Жанадыл аттан түшүп, ээр токумун алып бош кое берди эле, Көктелки аты капка таштын астына түшүп, кызыл жоор болуп оттон чыга келди. Аны көрөр замат эки кузгун учуп келип, «Мүрөк какбашка жолуккандан бери ит менен куштун тарпын жеп курудук. Муну ага айтпай, экөөбүз тойгончо жеп бир жыргайлы» деп, жоор аттын капталына коно калышып чукуп киришти. Ат башы менен ургулап жегизбей, алаксытып отуруп кеч киргизди. Кечинде кузгундар: «Бүгүн ак зоого барып коной, эртең ак кулжаны алып келип, арка мойнун сый сүздүрүп, андан кийин жейли деп, шарт коюп учуп кетишти.

Ошондо Жанадылдын аты: «Эртең алар келгенче өзүң баткандай үңкүр казып, жашырынып жат, мен болсом, жоор ат болуп оттоп тура берейин. Аркар келип мени сүзөөрдө чекеге ат. Эки кузгунду да атып

өлтүр. Мылтыктын үнү чыкканда экинчиси кошо учат. Мергендигин билейин, мурүн сыя ат, бирок өлтүрбөгүн, ошондон сыр сурайбыз» деди. Жанадыл аттын айтканындай ор казып жатып калды. Күн шашкеде эки кузгунду эки капталына кондуруп ак кулжа жетип келди. Кулжанын бели бекчейип, көзү чекчейип атты сүзүп ие турган болуп калган кезде, Жанадыл ак кулжанын жазы маңдайын жара, бир кузгунду өлтүрө атып, экинчисин оң жак канатын сыя атып, чаап ие турган болгондо ат: «Ай, баатыр эрдигиң бар, эсиң жок, өлтүрбөгүн» деди. Жанадыл кузгундан сыр сурады. Ал: «Мындан ары кетип баратканда эки буура качырып чыгат, экөөнө эки боо жантак алгын, алар жантакты сугунуп кала беришет. Андан ары «тарамышын алалы» деп, эки мастан кемпир алдыңдан чыгат, экөөнө эки бөө тарамыш алгын да, аны ыргытып коюп бастыра бергин. Андан ары ар бири торпоктой эки дөбөт чыгып: «Жаш эт жейли» деп, бура бастырбай алдыңды торойт. Аларга эки кап эт алгын. Экөөнө экөөн ыргытсаң, жолуң ачык. Андан ары жүрсөң түндүгү тартылуу, эшиги жабылуу үй бар. Эшигин ачып, түндүгүн тарт. Андан ары барсаң бир үй бар, эшиги да түндүгү да ачык, түндүгүн тартып, эшигин жаап кой. Анан гана Мүрөк какбаштын суусунан сузуп аласың» дейт.

Ошондо Жанадыл эки кап эт, эки боо тарамыш, эки боо жантак алып жөнөгөн экен. Айтканындай жолдон эки буура качырып сала берди эки боо жантакты ыргытты эле, «тилеген тилегиңе жет ай, тилеген тилегиңе жет ай» деп алкап кала беришти. Аңгыча жүгүрүп жата калып, жүгүнүп тура калып, эки мастан кемпир саксаңдап алдынан чыкты да, эки боо тарамышты ыргытты эле, экөө кала беришти. Андан ары түндүгү тартылуу, эшиги жабылуу үйгө кез келип, эшигин ачып, түндүгүн тартты. Экинчи боз үйдүн түндүгүн тартып, эшигин тартып, эшигин жаап, Мүрөк какбаштын суусуна жетти.

Жанадыл суудан сузуп алып кайра тартканда Мүрөк какбаш сезип калып: «Ор, ийрегим, ор, ил, ийрегим, ил» деп, кууп калды. Ошондо ор ийреги жетип, аттын чычаңын оруп калган экен.

Жалгыз уул Жанадыл жүрүп олтуруп, өзүнүн элине келсе, катуудан ташы, жумшактан күлү гана калыптыр. Түштө келген Жанадыл кеч бешимге чейин өкүрдү. Бир кезде аты жанына келип, тулганын таманынан таап келген кичинекей күзгүнү берип, «өңүңдү көрчү» дейт. Жанадыл жүзүн көрсө, он беште кеткен бала көк ала сакал чал болуптур. Ат Жанадылга Мүрөк какбаштын суусун берип, «куу арчага тамызгын» деди. Тамызганда куу арча, куу чекенден да көпкөк болуп көгөрдү. Жанадыл өзү ичип он бештеги бала болду. Атына ууртатса, кадимки кунан калыбына келе түштү. Ошондо касиеттүү Көктелки: «Карындашың мени менен куш салууга барганда калмактын каны менен убадалашып келген. Аялың кереметтүү жан экен, иштин жайын билип койду. Сага айтса, тилин албадың. Сен кеткенден кийин калмактын каны Чекиркан элиңди чаап кеткен. Карындашың азыр кош бойлуу, ичинде кырк кара кучкач бар. Эгерде ошолорду жарык көрө элегинде жок кылбасаң, түбү өзүңө зыян кылат. Атаң Кожомберди үй кайтаруучу кул, энең музоо кайтаруучу күң, алардын баары алдыңдан чыгат, бара көрөрсүң» деди.

Жанадыл олбу-солбу камчыланып бара жатса, жолунан отун алган аялы жолукту, отуну ойго кулап:

Байыркы кудай барында
Жалгыз уул Жанадыл тушунда,
Оймоктуудан уз элем,
Оюнга чыкпас нуз элем.
Түндө бир эшикке чыкпаган башым,

Түнөгөн ашты ичпеген башым – деп, ботодой боздойт. Жанадыл барып, отунун артып берип, андан ары бастырса, эки кызыл уйга жетпей, бир абышка

келе жатат. Жанадыл саламдашып: «Уй кимдики?» деди эле, чал: «Байыркы кудай барында жалгыз уул Жанадылдын ую эле, эмки кудай барында Чекиркандын ую» дейт.

Андан ары бастырса, жыгылып туруп, эки музоого жете албай, бир кемпир астынан чыгат. Жанадыл энесин таанып, билмексен болуп бастырып өтүп кетет.

Бешим ченде Чекиркандын үйүнө барып түшсө, карындашы Карлыгач төрдө отурат. Бир маалда жырык кара өгүзгө отун артып, Жанадылдын аялы келди эле, «отунду эрте алып келбейсиң» деп тура калып сабап жиберди. Аңгыча уй айдап атасы, музоо кайтарып энеси келди. Карлыгач экөөнү тең үй кыдыртып сабап таштады. Жанадыл Карлыгачты атып салмак болуп обдулат да: «Коё туруп аягына чейин байкайынчы» деп, өзүн токтотуп кайра отуруп калды. Аңгыча карындашы: «Мейманды чоң өргөөгө киргизип жакшылап сыйлагыла деп буюрат. Жанадыл: «Мен мына бул бечаралардын алачыгына барып эле түнөймүн» деп болбой, кемпир-чал менен бирге кетип калат. Бир убакта бир семиз козунун этин алып келишет. Жанадыл арыдан бери майдалап туурап, кемпир-чалга жегизип, эки терини салып ата-энесин жаткызып, «уруш салайын» деп турган маалда Карлыгач кирип келет да: «Жалгыз уул Жанадыл келип калгансып малжанга карабай уктап калышкан тура» деп, чөп алачыкты кайра тартып салат. Жанадыл атып салмак болуп, ак бараң мылтыгын сууруп алганда Карлыгач агасынын келгенин билип, коркконунан тилсиз болуп туруп калган экен. Жанадыл Карлыгачтын башын алып, ичин жарса, бир сандык чыгат. Сандыктын ичиндеги кырк кучкачтын отуз тогузун өлтүрүп, бири калганда кыркынчысы тура калып Жанадыл менен он төрт күнү күрөшөт. Акыры Жанадылдын алы кетип жыгыла турган болгондо, Көктелки жүгүрүп келип

кучкачты такымдан жулуп алат. Ошентип Жанадыл кучкачты, ага кошуп, Чекирканды өлтүрүп, Мүрөк какбаштын суусунан атасына, энесине, аялына ичиргенде, кадимкисиндей жашарышыптыр. Кайра өз жерине көчүп келип, жыргап жатып калышкан экен.

## ЖАННАТ

Байыркы өткөн убакта бир кан болуптур. Ал кандын үч уулу, үч кызы болгон экен. Ал ар дайым сейилдикке ууга чыгуучу экен. Бир күнү кан кырк жигити менен кечке маал үйүн көздөй келе жатса, алдынан алтын кийик чыга калып, жалт берип качып жөнөйт. Кан кийикти кубалап отуруп чөлгө киргизип жиберет. Чөлгө баргандан кийин алтын кийик төө болуп калат. Анда кан: «Төө болсо да пайда эмеспи» деп жетелеп кетейин деп эңкейип кармарында дөө болуп калат. Бул укмушту көргөндө кан жанынан түңүлөт. Дөө болсо: «Кана, каным, жол болсун, сени ажал айдап келдиби, же азап айдап келдиби?» деп сурайт. Кан корккконунан: «Жан соога, баатыр, жан соога» деп дөөгө жалынып-жалбарып жиберет. Анда дөө: «Эгер жаныңды соо коё берсем, мага эмне берер элең?» дейт. Кан аптыгып, «айланайын досум, башым тартуу; жаным тартуу» деп жалооруйт. «Эмесе менин каалаганым сенин үч кызың» дейт. Кан: «Айтканыңыз эки эмес, куп» деп жооп берет. Анда дөө: «Качан бересиң?» дейт. Кан: «Мен өлгөн күнү келип алгын, убада ушул болсун» деп, кайтмакчы болгондо, дөө: «Ой, каным, сенин кыздарың үчүн менин берер малым жок. Малым да ушул, тоюм да ушул, сага кылган жакшылыгым дагы, кылган жамандыгым дагы ушул, – деп канга бир кестик берет да, аты – Жаннат, кестик самаган мурасыңа жеткирет» деп канды үйүнө жиберип иет. Ошону менен кан бир топ жылга чейин эл башкарып, кандык доорону сүрүп жүрө берет. Күндөрдүн

биринде кан ооруп калат. Ооруп жатып баягы дөөгө берген убадасын эстейт. Акыры адам болбосуна көзү жетип, «кой, көзүмдүн тирүүсүндө балдарымдын энчисин бөлүп

берейин» деп, ойлоп, үч уулун чакыртып алып, кеңеш салат: «Балдарым мен адам болуудан калган өңдөнөмүн. Силерге калтырарым үч нерсе – бириң кандыгымды, бириң байлыгымды, бир ооз айтар сөзүм бар: аны бириң ал, эми эшикке чыгып кеңешип келгиле» дейт. Үч уулу ээрчишип эшикке чыгып кеңеш курушат. Анда улуусу: «Кудайдан корксоңор, мен экөөңдөн ак сакалмын, кандыкты мага бергиле», дейт. Анда ортончусу: «Эмесе байлыкты мен алайын» дейт. Кичүүсү: «Болуптур: Атамдын бир ооз сөзүн мен алайын» дейт. Ошону менен үчөө кеңешип, бүтүрүп, атасынын алдына киришет да, улуусу: «Мен кандыкты алмак болдум», ортончусу. «Мен байлыкты алмак болдум» дешти. Анда атасы: «Хандыкты алганың хандыкты, байлыкты алганың байлыкты көздөп ал, баргыла» деп эки баласын чыгарып жиберет да, кичүү уулун алып калып: «Эми балам, сага айтарым ушул: мен эми жети күндө өлөмүн, мен өлгөндөн кийин жакшылап койгула. Мени жай жериме алып жөнөгөндө сен үйдө кал. «Эжелериңди алабыз» деп үч эшек минген дубана келет. Үчөөн үчөөнө кармата бергин. «Энчиден мени кур таштады» деп, мага таарынбагын. Сенин энчиң мына – бул. Ушул кестикти алгын, кара кашка тулпар да сеники, эч кимдин анда акысы жок. Кестиктин аты – Жаннат. Эмне самасаң, муратыңа жеткирет, касиети – ушул. Бул жөнүндө эч адамга билгизбе. Эгер муну адамзатка билдирсең, өз башыңа зыян болот» деди. Баласы: «Куп болот, ата, айтканыңыздын баары аткарылат» деп кестикти бекем катып алды.

Бир жума өткөндөн кийин атасы өлөт. Кой союп, конок алып дегендей бардык урмат-сыйын көрсөтүшөт. Үчүнчү күнү кандын сөөгүн чыгара турган

болгондо, бала кара кашка тулпарды токуп коюп, атасынын жаназасына турат. Ошентип кандын сөөгүн коймокчу болгондо эл жабыла барышат. Хандын кичүү баласы атасынын сөзү боюнча үйдө калат. Атасынын сөөгүн коё турган бейит түштүк жолдо экен.

Сөөк-чыккандан бир аз убакыт өтпөй эле бир кара эшек минип, аза-музасын колуна алган, ак селдечен киши келип калат. «Ии, аба, жол болсун, кайдан келе жатасыз?» деп бала сурады эле тиги киши: «Эй, балам, кайдан келгенди эмне кыласың, атаңдын аманатын колума сал» деди. Бала: «Болуптур, аба» деп, улуу эжесин чакырып, баягы эшекченге учкаштырып жиберет. Андан кийин дагы бир эшекчен киши келет.

Ага ортончу эжесин берет. Андан кийин үчүнчү эшекчен киши келет, ага кичүү эжесин берип жиберет да, тулпарын минип, сөөктүн артынан жөнөп барат. Барса жаңыдан эле жай жерине алып койгон кез экен. Ошону менен атасын көөмп, эл менен кошо атасын жоктоп өкүрүп үйүнө келип түшөт.

Үйдөгү калган катын-калачтар улуу агасына датка отурушат: «Апий ботом, иниңиздин бул эмне кылганы. Өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып, атасынын сөөгү узай электе өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илип, үч эжесин үч эшек минген дубанага учкаштырып берип жиберди» дешти. Анын бул ээнбаштыгына улуу агасы чындап эле ирээнжип: «Эмитен мындай кылык кылып жүргөн неме бизге оң санабайт экен го» деп ойлойт да, өзүнүн инисинин канына сабын болуп даргага асып өлтүрмөк болот. Баланы дарганын түбүнө алып келип, элге жар чакырып: «Өз бир тууганым болсо да, ээнбаштык кылгандыгы үчүн даргага асып өлтүрөмүн!» Ошону менен баланы даргага тартаарда ортончу агасы кулдук уруп: «Биз үчөөбүз бир тууган элек. Эми атабыздын топурагы сууй электе бири-бирибизди өлтүрүшкөнүбүз ылайык эмес. Муну көргөн эл эмне демекчи? Сизден сурарым,

баланы канына сабын болбо, андан көрө кулак угуп, көз көргүс жерге барып оокатын кылсын» деди. Жарданып карап турган элдин баардыгы «туура сөз» деп чурулдап жиберди эле, кан да ортончу инисинин сөзүнө макул болду.

Эртеси кан агасы жети төөгө алтын, күмүш зер артып берип жанына жети жолдош кошуп: «Жети төөнүн пулун керек-жарагыңа жумшап, көз көргүс, кулак уккус жерге барып оокат кыл» деп, жөнөтүп жиберет. Ошону менен жигит кайда барарын билбей, баш оогон жакка жүрүп отурат. Акыры бир чоң шаардын четиндеги бир чоң сазга келип, кошун түшүрүп конуп калат. Катуу уктап жатышканда бир топ каракчылар келип, жети төөнү пулу менен Кара кашка тулпарды жана жети жигитти ат тону менен бүтүндөй уурдап кетет. Жигит эртеси ойгонсо, бардык пулунан, жолдошторунан, төөлөрдөн, жада калса Кара кашка тулпардан ажырап, кокогой башы жалгыз калган экен. Бала: «Мынчалык мен кудайга не жаздым эле, жок дегенде астымда атым болсочу» деп ыйлайт. «Ай ушу мен атамдын өз баласы эмесмин го? Эгерде өз атам болсо, мени ушунчалык кыйынчылыкка учуратат беле?» деп, аркы-беркини ойлоп отуруп, акыры атасы берген кестикти эсине түшүрөт. «Ушуну унуткан экенмин да, касиетин бир байкайынчы» деп кестикти колуна алып, ары бери оодарып карап туруп: «Ушул кантип мени мурасыма жеткирсин, атам мени алдаган экен да» деп ойлойт. Акыры: «Баары бир башка кылар арга жок, эмнеси болсо да, ушуну менен бир сүйлөшүп көрөйүн» деп, «Жаннат» дейт. Аңгыча күнгүрөнгөн добуш чыгат. Бала чочуп чалкасынан кетет да, эси ооп жатып калат. Бир убакта эсин жыйып башын көтөрсө, жанында кестиктен башка эч нерсе жок. «Бул кандай шумдук болду экен?» деп ойлоп, «эмне болсо да дагы бир сүйлөшөйүн» деп, кестикти колуна алып, «Жаннат» дейт. Аңгыча: «Кулдугум

бар, таксыр» деген үн чыгат. Чочуп кетип кестикти дагы ыргытып жиберет. Ошондо атамдын айтканы ушул турбайбы, андан көрө жүрөк токтотуп, мунун бир пайдасын көрөйүн деп, үчүнчү ирет «Жаннат» дегенде, «Кулдугум бар, таксыр» деген үн чыгат. Бала ойлонуп туруп: «Азыр жети жолдошум, Кара кашка тулпарым жана бардык оокаттарым түгөлү менен жанымда болсун» деп буюрат да жамбаштап үргүлөп кетет. Аңгыча болбой дүбүрт угулат. Чочуп ойгонуп көзүн ачса, Кара кашка тулпары баш болуп, жети жолдошу жана бардык оокаттары жанында турган болот. Бала аны көрүп аябай сүйүнөт.

Ошондо жигит туруп: «Кой, жети жигитим бул ишти билип калса, жаныма зыян кылар. Андан көрө буларга азаттык берип кетирейин. Ар кимиси өзү каалаган жерге барып оокатын кылсын деп ойлонот да: «Баатырлар, силерге мен эки дүйнөдө тең ыраазымын. Ар кимиң минген атыңды, кийген тонуңду, жетелеген төөңдү пул-сулу менен алып, бириңе-бириң катылбай, каалаган жериңерге барып, оокатыңарды кылгыла, мен мындан ары жалгыз кетемин» дейт. Жигиттер угуп турган кулактарына ишенбей: «Чын айтып жатабы, же бизди сынап атабы?» деп таң калышып: «Жок, биздин сизден бөлүнүп элге кетишибиз болбойт. Өлсөк, тирилсек да сиз менен бирге болобуз» дешти. Бала мурунку сөзүн дагы кайталады да: «Эгерде сыйыңар менен кетпесеңер башыңарды аламын» деп коркутту. Жигиттер баланын чындап эле айтып жатканын билгенден кийин сүйүнүшүп: «Эки дүйнөдө жамандык көрбө, жолуң ачылсын» деп баталарын берип, туш тарапка жөнөп кетти.

Бала тулпарын минип алып жүрүп олтуруп, бир шаарга келип базар аралайт. Шаарды көрүп бир чоң көчө менен келе жатса көз алдынан бир нерсе жарк дей түшөт. «Бул эмне болду экен?» деп, эки жагын караса мунаранын башында ай десе аркы жок, күн десе көркү жок бир сулуу кыз турат. Кызды көрө

сала баланын тулку бою эрип, ашык болуп калат. Андан жүрүп отуруп, шаардын четине чыгып эки жагын караса, бир чөп алачык турат. Ошондо бала: «Менин бул жүрүшүм болбойт» деп Жаннатка: «Менин кара тулпарыма киймим бөктөрүлүп, мага керети тийгенче адам көрбөгөн бир жайда оттоп жүрсүн. Ал эми тез арада менин жаныма кайыш чокой, малакай жана жаргак шым, көйнөк пайда болсун» деп буюрат. Дароо айтканынын баары орундалат.

Баягы бала кийимдерди кийип алып, чөп алачыктагы кемпир чалга барат да: «Ассалоом алейкум, ата» дейт. Анда чал: «Алекима салам, балам, кел, ии жол болсун, кайдан келе жатасың?» дейт. «Ээ, атаке, мен бир багар-көрөрү жок жетиммин. Баласы жокко бала, ботосу жокко бото болоюн деп жүрөм». – «Ии, балам, сөзүң дурус экен, анда бизге бала бол» деди чал. Ошентип бала абышка-кемпирге бала болуп жүрүп калды. Абышканын мал бүткөндөн беш эчкиси болуптур. Ал араң кымырандык сүт берет экен. Бала эчкилерди кайтарып жүрө берет. Күндөн-күнгө сүт көбөйүп, батырап жуурат уютуп, каймак, сүт батпай, турмуштары оңоло баштайт. Кемпир-чал буга аябай сүйүнүшөт, «баланы ак жолтой болду» деп жандары калышпайт.

Бир күнү бала баягы чалдан «шаарга барып келейин» деп уруксат сурайт. Чал: «Барсаң барып кел» деп, бир аз тыйын берет. Бала мындай чыгып: «Кийим кечем менен кара тулпарым дайын болсун» деп Жаннатка буйрук берет. Айткан сөзү эки болбостон, көз ачып жумганча кара тулпар жанына пайда болду. Бала тулпарын минип, кийимин кийип шаарга барып, сейил куруп, кечке жүрөт. Кечке маал үйүн көздөй келе жатып, баягы кызды дагы көрөт да, мурункудан да катуу ашык болуп, айласы куруп, ак эткенден так этип, кызды алсам дегенде эки көзү төрт болуп, айласыздан үйүнө кайтат.

Ошентип бала эчкилерин кайтарып жүрө берет.

Бир күнү дагы шаарга барууга атасынан уруксат сурап жөнөп кетет. Белгилүү жерге барганда: «Жанымда тулпар болсун» деп, Жаннатка айтканда, буйругу дароо орундалат. Тулпарын минип алып, шаарга барып,кечке сейилдеп жүрүп, кечинде келе жатып баягы кызды терезеден дагы көрөт да, көпкө чейин карап туруп, үйүн көздөй жөнөйт.

Үйүнө жакындап калганда Жаннатты чакырып, тулпарын тапшырат да: «Азыр бир жүк, артарга жүгөнү кендир, үзөңгүсү чүлүк ээри ыңырчак кер байтал, салынарга жууркан-төшөк, абышка кемпирдин киерине эки сыйра кийим даяр болсун» дейт. Ошол замат айтканы орундалат. Бала кер байталга жүгүн артып алып үйүнө барат. Абышка-кемпир алып келген кийимин кийип, төшөгүн салынып, аябай ыраазы болушат. Жатар мезгил болгондо бала чалга: «Сизден бир иш сурайын, орундатасызбы?» дейт. Чал: «Эмне иш болсо да орундатам» дейт. «Андай болсо кандын кызын мага алып бериңиз» дейт. Чал: «Макул, жакшы болот, эртең канга барып айтайын» дейт. Эртеси канга кер байталды минип, колуна чокмор алып, чоң шашке ченде кандын дарбазасына кирип барат. Эшик кайтарган желдеттер абышканы кандын үстүнө киийирбей коет. Ал ага болбостон кеч бешимге чейин чокмор менен дарбазаны койгулап тура берет. Акыры кан жадап «киийргиле» деп буйрук берет. Абышка канга келип: «Таксыр каным, ырыстуууга жуучу, ырысы жокко – доочу дейт. Мен сизге жуучу келдим, уулума кызыңызды бериңиз» дейт. Кандын ачуусу келип: «Эмне дөөрүйсүң, менин кызымдын теңи сенин уулуң эмес» деп, абышканын башын алып салмак болгондо кандын баш вазири: «Ой, каным, ушуга короткон кайран кол, ушул шаардагы ашкан байбачанын баласы да сиздин кызыңыздын калыңын төлөп ала албай жүрөт. Ал эми бул абышканын кудурети канча дейсиң. Казынам толгон алтын бер деп, күн болжоп койбойсуңбу» деди. Кан: «Айтса, айтпаса

төгүнбү, кутурган абышканын күчүн көрөйүн» деп ойлоду да: «Абышка беш күндүн ичинде казынамды алтынга толтурасың, эгер болжогон мөөнөттөн калсаң, өзүңдүн да, балаңдын да башы алынат» деди. Кандын сөзүн угуп, чал капаланып үйүнө кайтты: «Ии, ата, кабагың салыңкы өңүң бозоруңку, кан эмне деди?» деди. «Ээй, балам, кан эмне демек эле, казынам толгон алтын бер, беш күндө муну аткара албасаң, балаңдын да, өзүңдүн да башың алынат деди» дейт. Анда бала: «Оңой эле иш турбайбы, капа болбой жата бериңиз» деди.

Ошентип көз ачып жумгуча төрт күн өтүп кетти. Эртең бешинчи күн болот дегендин кечинде бала беш эчкинин жанына барып Жаннатты колуна алды да: «Эртең кырк нарга жүктөлгөн алтын, күмүш даяр болсун. Ага тартылган танаптын бир түрү алтын, бир түрү күмүш болсун. Үстүнө жабылган килемине алтын, күмүш, жакут берметтен түр салынган болсун. Ал кырк нарды кырк кыз жетелеп, артынан айдаганы кырк жигит болсун» деди да, жатып уктап калды.

Эртең менен намаз окумак болуп эшикке чыгайын десе, жаркыраган нерседен көзү уялды. Коркуп кетип эшикке чыга албай, намазды үйдүн ичине заңгыратып окуй баштады. Кемпири: «Ой оңбогон чал, эшикке чыгып эле окусаң боло» деди. Анда чал: «Ой, кудай, куураткан кемпир, эгер эр болсоң, эшикке чыкчы?» деди. Кемпири тура калып чөп алачыктан шыкааласа, жаркыраган нур бетке урду эле, чочуп кетип бакырып чалкасынан кетти. Бир топтон кийин кемпир араң эс алды. «Бул кандай шумдук болуп кетти. Бизге көрүнчү көрүндүбү, же күндүн нурубу? Биз болсок ичерибизди ичтик, жээрибизди жедик дегендей, эшиктеги бала эмне болду, эшикке чыгып, жамандыгы болсо аны, эгер жакшылыгы болсо аны көрөлүк» деп, чал-кемпир жетелешип: «сен чык, мен чык» болуп жатып эшикке чыгышса, жаркыраган нур кырк нардын үстүнө артылган алтын, күмүштүн,

берmет, жакут менен түрлөнгөн килемдин нуру экен. Кемпир менен чал буларды көрүп, кубанычы койнуна батпай аябай сүйүнүштү. Абышка баланы ойготуп: «Буларды көрбөйсүңбү?» деди эле, бала күлүп: «Эми ата, буларды канга алып барып бериңиз. Кандын жети казынасына батпай калат. Ошондо: «Мен алып келген бир аз оокатты батырып ала албагандан кийин кандыгың кайсы, короондун ортосуна жыйдырып ал» де. Кан ызаланып: «Кайта алып кет» дейт. «Ээ каным, жетпегениңе жең, болбогонуңа бой кылып ал. Анча-мынча оокат үчүн жаманаттуу боло койчу мен эмес. Кана, кызыңды бересиңби, жокпу?» деп, кандан жооп ала кел» деп атасын жөнөтөт.

Абышка кандын дарбазасына жакындаганда кырк кыз, кырк жигитти кайтарып жиберип, төөлөрдү айдап канга келет да: «Алып келген калың малымды өткөрүп ал» дейт. Чынында эле кырк төөнүн жүгү кандын казынасына батпай калат. Ошондо чал: «Ээ каным бир аз оокатты казынаңа батырып ала албагандан кийин кандыгың кайсы, корооңо жыйдырып ал» дейт. Кан ызаланып: «Кайта алып кет» дейт. Анда чал: «Жетпегениңе жең, болбогонуңа бой кылып ал. Кана, кызыңды бересиңби, жокпу, ачыгыңды айт, кан!» деп күпүлдөйт.

Кан эмне деп жооп берерин билбей, оң кол вазиринен акыл сурап: «Бул чалдан кантип кутулуш керек?» дейт Анда вазир: «Болуптур, эмесе күйөөнү көрөлү. Эгер күйөө көңүлгө жакса берем. Эгер жакпай калса, балаңдын да, өзүңдүн да башыңды аламын деңиз» дейт. Кан вазирдин сөзүн макул таап: «Үч күндө күйөө келсин, күйөө көңүлгө жакса берем. Эгер жакпай калса, балаңдын да, өзүңдүн да башың алынат» деп, чалды жөнөтүп жиберет.

Чал үйүнө барат. Эки күн өткөндөн кийин: «Ата, кан эмне деп айтты?» дейт. «Ээ балам, үч күндөн кийин кайнатаң сени көрмөк болду. Жообун ошондо бермек болду» дейт. Бала «болуптур» деп жатканы

кетет. Түндүн бир маалында кестикти сууруп: «Эртең менен шайдооттой кырк жигит жанымда болсун, Кара кашка тулпар баштаган коендон окшош кырк тулпар мамыда байлалуу болсун. Кырк жигитим өзүмө союп каптагандай окшош болсун. Аттардын бир ыптасы ак, бир ыптасы кара болсун. Кийген кийимдин бир тарабы ак, бир тарабы кара болсун» деп, буйрук берип, уктап калды. Эртең менен турса айткандары бүтүн орундалган.

Абышка баласынан: «Канга эмне деп айтып барайын» деп, сурады эле, бала: «Канга барып, күйөө келе жатат, күйөө көргүлө деп айт» дейт. Абышка байталын минип алып, «Чу» коюп канга барат да: «Күйөө келатат, күйөө көргүлө» дейт. Кан вазирлерине: «Элди көчөнүн эки жагына тизгиле, күйөө көрүшсүн» деп буюрат. Эл жолдун эки жагына тизилип, баланын келишин күтөт.

Күн шашке ченде бала кырк жигитин алып, шаан-шөкөт менен көчөнүн аягынан кирип, кеч бешим ченде көчөнүн башына чыгышат да кетип калышат. Көчөдө турган эл «күйөө көрдүңбү?» деп, бири-биринен сурашат. Анда бир даары: «Көрдүк, кара ат минип, кара кийим кийип, жанына кара кийим кийген кырк жигит алып, өттү» дешти. Бир даары: «Жаныңарды жебегиле», ак ат минип, ак кийим кийип, ак кийимчен ак атчан кырк жигит ээрчитип өттү» дешти. Акыры талаш чоң чатакка айланып, эки көчөдөгү адамдар мушташып көчөдө кан төгүүгө чейин барды. Кандын вазирлери араң дегенде эптеп чатакты басышты.

Абышка болсо: «Ээ, каным, күйөөңү болсо көрдүң, кызыңды бересиңби, жокпу» деп, демитти. Кан вазирине акыл салды эле: «Эми мындай деп айтыңыз.

Кызымды сенин чөп алачыгыңа бере албаймын. Тетиги көрүнгөн алтын булакка менин сарайымдай сарай салдыр, мөөнөт беш күн, ага чейин бүтпөсө өлөсүң де, анан абышканын чындап айласы кетет»

дейт. Кан абышкага: «Болуптур, сен тетиги көрүнгөн алтын булакка менин сарайымдай сарай салдыр, ошондо берем. Мөөнөт беш күн, андан кечиксең, кыз бермек түгүл, башыңарды алам» деди. Чал «болуптур» деп үйүнө кайтты. Арадан төрт күн өткөндө бала атасынан сурады: «Кан эмне деп айтты?» «Ээй балам, кан эмне деп айтсын. Алтын булакка менин сарайымдай сарай салдыр. Эгер беш күндө бүтпөсө, башыңды аламын» деди дейт. Анда бала: «Болуптур, кайгырбай жата бериңиз» деп, өзүнүн жата турган жерине барды да, Жаннатка: «Эртең менен тетиги алтын булакка бардык эл таң калгандай сарай салынсын. Ал кандын сарайы бир катар болсо, меники үч катар болсун. Төркү үйүнүн төрүнө төөдөй алтын, эшигинин алдына аттай алтын коюлсун» деп буйрук берип, жатып уктап калды.

Эртең менен болгондо кандын шаарын алтын булактагы ак сарайдын нуру жаркырап каптап калган экен. Көргөн эл аң-таң калып, таңыркап калышты. Абышка канга барып: «Кызыңды бересиңби, жокпу?» деди. Кан айласыздан кызын берди. Баланын көңүлү жайланып, кызды баккан ата-энесин алтын булактагы сарайга көчүрүп барып, жыргап жатып калган экен.

## МАДЫЛГЕН СУЛУУ

Илгери малга бай, төрт түлүгү шай Кулуке деген бир хан болуптур. Анын Мадылген аттуу жалгыз кызы ай десе аркы жок, күн десе көркү жок сулуу чыгыптыр. Кыздын сулуулугуна жараша колунан көөрү төгүлгөн иштүү да экен. Ошол Мадылген сулуу бир күнү биттин ичегисинен ичик курап, атасына жабат. Хан ары ойлонуп, бери ойлонуп, ичик эмнеден жасалгандыгын таба албаптыр.

Акыры кызы «биттин ичегисинен курап жасадым эле» дегенде, кан: «Ким ушул ичикти тааныса, кы-

зымды ошо кишиге беремин» деп элине жар салат. Жасалган ичикти таанып, кандын кызын алмак болуп, төрт тараптан эл чогулат. Келген эл тоодой этти жеп, көлдөй чыкты ичип, томуктай эт, кашыктай чык калганда жээрде ат минген, чыйт түкүргөн, көзү кызарган бир абышка келет. Калган томуктай этти жеп, кашыктай чыкты ичип болгондон кийин «ичик биттин ичегисинен куралып жасалыптыр» дейт.

Хан убадасы боюнча кызды чалга бермек болот. Эки-үч күн отүп, Мадылген сулуу жөнөй турган болгондо жылкы арасында көк бышты кызга келип: «Мадылген сулуу, сен атаңдын элинен эл, жеринен жер бөлдүрүп алып эмне кыласың, жылкынын ичинен мени ал, төөдөн куу ингенди, күңдөн Куйту күңдү, кийимден киш телпекти, жарактан кара болот кестикти ал, башка эч нерсе албагын, эркекче кийинип, тобокел деп жолго чык, калганын көрө жатарсың» деди. Мадылген сулуу атасына келип, көк быштынын айтканын сурады эле, кан макул болуп, кызынын каалагандарынын баарын берип жөнөтөт. Мындай узагандан кийин кызыл көз абышка Мадылгенди: «Узун тарткан жериме жүрүп кел, туура тарткан жериме конуп кел» деп кете берет. Ал кеткенден кийин адамдан акылдуу көк бышты: «Мадылген сулуу, желмогуз чал деген ушул. Баратканда асты арт жагыңды караба. Чал адегенде кара чаар жолборс болуп кубулуп келип, Куйту күңдү жейт. Артыңды карабай кете бер» дейт. Бир убакта чал кара чаар жолборс болуп келип Куйту күңдү сөөк-саагы менен качыратып жей баштайт. Мадылген сулуу артына карабай кете берет. Жеп алгандан кийин кыздын алдынан чыгып: «Келе жатасыңбы Мадылген сулуу, узун тарткан жериме жүрүп кел, туура тарткан жериме конуп кел» деп жүрүп кетет.

Ошондо көк бышты: «Эми артыңдан кара чаар жолборс болуп келип куу ингенди жеп кетет, кылчайбай кете бер» дейт. Чал бир аздан кийин кара

чаар жолборс болуп кубулуп келип, куу ингенди боздотуп сөөк-саагы менен чайнай баштайт. Мадылген артына кылчайбай жүрүп кете берет. Аңгыча ал алдынан чыгып: «Ии, келе жатасыңбы Мадылген сулуу, узун тарткан жериме жүрүп кел, туура тарткан жериме конуп кел» деп дагы жөнөп кете берет.

Ошондо көк бышты: «Эми чал жолборс болуп келип, сени алат. Ага жеткирбейлик, атка бек отур, мага кайталап камчы сал. Булуттуу көктүн асты менен, муундуу чөптүн үстү менен алып жүрүп кетем, эки көзүңдү бек жум, «көзүңдү ач» дегенде жүрөктөй жерден жүлүндөй түтүн чыгып бир үй көрүнөт. Чалдын үйү ошол, түшүп отура бер» дейт. Көк быштынын айтканындай эле аздан кийин Кара чаар жолборс Мадылген сулууну качырып сала берет. Көк бышты жаныбар асманга учуп чыгат. Бир кезде Мадылген сулуу көзүн ачса, жүрөктөй жерден жүлүндөй түтүн чыгып, көк бышты бир үйдүн алдында турган экен. Көк бышты Мадылгенге: «Эми үйгө кирип отура бер. Желмогуз чал келип, эки көзү кыпкызыл болуп чыгат. Ошондо кара болот кестигин менен эки көзүн оюп алып, эшикке жүгүрүп чык, андан аркысын мага кой» дейт. Аңгыча желмогуз чал келет да көк бышты айткандай: «Мадылген сулуу сакалымды карап берчи», деп чалкасынан түшүп жатып калат. Мадылген ар кайсы жерин бир карап, эрмектеп отура берет. Бир убакта чалдын көзү кыпкызыл болуп түрүлүп чыгат. Ошол кезде Мадылген сулуу кара болот кестикти анын көзүнө тегеретип алып, эшикке жүгүрүп чыкса, көк бышты коендон жапыс болуп күтүп турган экен. Ат Мадылгенди мингизип алып учуп жөнөйт, аттын күүсүнөн кар жаап, борошо урат, жаныбарың көк бышты аскар-аскар тоодон өтөт, эрме чөлдөн эргип өтөт. Ошентип жүрүп олтурушуп бир шаардын четине келип, чөптөн алачык жасап алып туруп калышат.

Ал шаардын каны кырк аялдуу Акимкан аттуу кан экен. Бирок, кырк аялынын бири да төрөбөй,

бир перзентке зар экен. Күндөрдүн биринде Акимкан жигиттери менен ит агытып, куш салып жүрсө, кушу бир чөп алачыктын үстүнө келип конуп калат. Кан: «Алып кел» деп бир жигитин жиберет. Жигит чаап келип: «Үйдө ким бар? Кушумду алып бер» дейт. Мадылген сулуу кушун алып берейин деп үйдөн чыга калганда анын сулуулугун көрүп жигит эсинен танып калат. Анда кыз: «Адам көргөнбү, көрбөгөнбү», деп кол жоолугу менен желпип тургузуп иет. Жигит келип: «Таксыр каным мен бир периште көрдүм, эркек дейин десем, үнү назик, жүзү жумшак, бетинен нур чачырап толгон айдай толукшуйт. Кыз дейин десем, эркекче кийинип алган. Сиз кырк аял алдыңыз, бирок бирөө да мен көргөн сулууга тең келер эмес. Мага «кушту алып берейин» деп үйдөн чыга калганда, аттан кулап түштүм. Мени желпип тургузуп, аттантып жиберди» дейт. Кан жигит дөөдүрөп жаткандыр деп ишенбейт. Эртеси күнү кан дагы куш салып чыкса, кушу учуп барып, дагы баягы чөп алачыктын үстүнө конот. Кан: «Алып кел» деп дагы бир жигитин жумшайт. Жигит чөп алачыкка келип: «Үйдө ким бар, чыгып кушту алып бер» дейт. Мадылген сулуу кушту алып бермек болуп чыга калганда ал жигиттин да эси ооп жыгылат. Мадылген бул жигитти да жоолугу менен желпип тургузуп, аттантып жиберет. Ал канга келип мурунку жигиттин сөзүн кайталады. Баягы чөп алачыкка кандын кушу үчүнчү күнү дагы конот. Бул жолу Акимкан өзү бастырып келип, «кушту алып берем» деп чыга калган кыздын сулуулугунан эси ооп талып жатып калат. Кыз жоолугу менен желпип, эс алдырып, канды да аттантып иет. Кан Мадылген сулууну көрөр замат ашык болуп калат, бирок эркек кызын биле албай, эси кетип, үйүнө келет.

Кан үйүнө келип, кырк аялына кеңеш салса, бир аялы: «Анын эркек, кызын таанымакка эмне? Кырк ийикке сап жасап бергин деп кырк табылгы алып ба-

рып бер. Аял болсо уңкул-чуңкул кылып жонот, эркек болсо жылма жонот, ошондон эле «билебиз» дейт.

Эртеси кан келе жатканда көк бышты: «Мадылген сулуу, кан сага «кырк ийик сап жасап бер» дейт, кырк табылгы алып келет. Сен мени кайчы тушай салып, кырга коё бер. Мен кыңырыңдап кетип баратканда «уча турган болду» деп күйпөлөңдөп кал. Ошондо кан жигиттеринин бирин «алып кел» дейт. Сен «башка кишиге карматпайт» дегин да, ийик сапты жоно келейин деп кармай чык.

Сабоолорду менин оң таноомдон салып, сол таноомдон сууруп алсаң, адамдын көзү тайгылгандай ийик сап болот» дейт.

Аңгыча болбой Акимкан жигиттери менен келип калат. Кан Мадылген менен аркы-беркини сүйлөшүп отуруп, «кырк аялыма кырк ийик сап керек эле» деп кырк сабоону кыздын алдына таштайт. Мадылген сабоолорду жонуп олтурган кезде аты Көк-Текеске чыга качат. Кыз «атымды алып келе коеюн» деп жөнөп калат. Сабоолорду алып келип, көк быштынын айтканындай оң таноосунан салып, сол таноосунан сууруп алды эле, көз тайгылган кырк ийик сап болуп чыга келди. Алып келип канга берди. Кан муну көргөндө айран таң калып, кырк ийик сапты алып үйүнө кайтты. Ошентип Мадылгендин кыз, эркегин биле албай айласы кетишет.

Анда кандын бир аялы: «Ээ, каным, анын эркек, кызын билбеске эмне, ат жарышмак ойнойлу деңиз, эркек болсо этеги кетет делбиреп, кыз болсо кымырылып чабат, ошондон эле билүүгө болот» дейт. Көк бышты Мадылген сулууга: «Эртең кан сени менен жарышмак болду, сенин эркек кызыңды таанымак

болду. Этек-жеңиңди коё берип, атка бек отуруп, оозумду тартпай коё бер. Кайра тарткан кезде кандын тулпарын караандатпай чыгамын» деди.

Көк быштынын айтканындай эртеси кан кырк жигити менен келип: «Ии, мырза, ат жарышмак

ойнойлу» дейт. Кыз макул болот. Экөө жүрүп отурушуп, бир канча жерге баргандан кийин аттын оозун кое беришет. Көк бышты кое берген эле жерден кандын тулпарынан алдыга озуп чыгат. Кыздын этеги кетип элбиреп, жеңи кетип желбиреп, байгеден чыгып келген экен. Кан үйүнө барып:

«Атка да кыйын отурат экен, этеги кетти элбиреп, жең кетти желбиреп», дейт.

Анда кандын кичүү аялы: «Ээ, каным, анын эркек, ургаачысын билбеске эмне? Уу арак, бал арак тартып туруп, аны конокко чакырыңыз. Үйгө келгенде уу аракты кызга, бал аракты сизге сунабыз, кыз мас болот, анан ургаачы, эркек экендигин оңой эле билебиз» дейт. Кан макул болуп эртеси кызды конокко чакырат. Ошондо көк бышты: «Менин тилимди алып, өзүңө өзүң бек болгун. Кан сага уу арак сундурат. Сен эки үйдүн ортосуна керме салып, ага мени аса байла да, арактын ачуусу көк быштыга, таттуусу мага деп иче бер, мен мас боломун, кирип чыккандар «капырай жаныбар, өлө турган болду» дей беришет. Сен менин сөзүмдү бек кармап, кам санабай отура бер. Аракты тартынбай ич» дейт. Кыз быштынын айтканындай кылып: «Арактын татуусу мага, ачуусу көк быштыга» деп иче берет. Кирип-чыккандар «капырай жаныбар, өлө турган болду» дей берет. Мадылген сулуу былк этпей отура берет. Бир убакта күн бешим ченде бир аксакал киши эшиктен кирип: «Капырай жаныбарга убал эмеспи, жок дегенде ээси мууздап койсо боло» деди. Муну укканда мал боор эт менен тең деген сөз туура белем, Мадылген сулуу чочуп кетип, ордунан козголгон экен. Ошол замат кыздын башынан киш телпек ыргып кетип, кундуздай чачы төгүлө түшөт. Көк бышты болсо, куландан соо болуп, «өз убалың өзүңө, эптеп ата-энеңдин жүзүн көргөзөйүн дечү элем, акыр түбү дагы бир азапка дуушар болоорсуң» деп көздөн кайым болуптур. Акимкан чоң той берип, Мадылген-

ди аялдыкка алып, ага өзүнчө өргөө көтөртүп, энчи бөлүп берет. Жыл айланбай Мадылгендин боюна бүтөт. Ай күнүнө жетип төрөй турган болгондо кан: «Ушул жашка келгенче «аа» деген баланын үнүн уккан жок элем, жүрөгүм жарылып кетер» деп ит агытып, куш салып, ууга чыгып кеткен экен.

Күндөрдүн биринде Мадылген сулуу толготуп калат. Кырк аял анын толготконун билмек болуп, «токолдун өргөөсүнөн барып от алып кел» деп шылтоолоп үйүндөгү күңдү жумшайт. Күң от алайын деп, Мадылгенден коркот, албайын деп, кырк аялдан коркот. Айласы куруганда этегин түтөтүп чыгат. Ошентип Мадылгендин толготкондугу кырк аялга белгилүү болот. Алардын эси кетип эңгиреп, алы кетип алсырап кан эми бизди карабай кетти го деп сокусун минип, сок билегин камчыланып, туурдугун түптөгөн, туткучун теминген бир кемпирге келип: «Айланайын энеке, токолдун баласын жок кылып берсеңиз» деп жалынып жалбарып, кыркы кырк табак дилде беришет. Кемпир толготуп жаткан Мадылгенге келип анын эки көзүн байлап, жаңы төрөлгөн кыз менен баланын ордуна эки күчүктү салып коет да, эки баланы сууга ыргытып жибererде баягы көк бышты кайып болуп келип, балдарды сууга түшүрбөй тосуп алып кетет. Канга: «Аялың эки күчүк тапты» деп сүйүнчү барат. Акимкан арманын айтып, эки күчүгү менен Мадылгенди аралга алпартып таштайт.

Ошентип, күндөн-күн, жылдан-жыл өтөт. Күндөрдүн биринде аралда жаткан Мадылгенге көк бышты эки баланы алып келип: «Сен суунун тиги өйүзүнө чык. Суудан кечип өтөөрдө эки көзү жок сыйкырчы чал жолугуп, учкаштырып суудан өткөрүп койчу деп сурайт. «Өткөрүп коёюн, эки кончуңа кум толтургунуң» дегин. Чал эки кончуна кум толтурат. Эки баланды алдыңа өңөрүп, чалды учкаштырып алгын да, аны болот кестик менен ургулап жүрүп отур. Бир убакта ал сууга түшүп кетет. Андан кийин

капшытымды жара сай. Мен өлөм, ыйлап-сыктабай, этимди бышырып жеп, бата кылып, уулуңдун атын Айтомуш, кызыңдын атын Күнтомуш кой, кырк кабыргамды эптештирип кармасаң, кырк канат темир үй болом. Ошол үйдүн ичинде оокатыңды кылып жата бер, андан аркысы өзү эле келет» дейт.

Мадылген эки баласын алып аттанайын деп жатса, эки көзү сокур абышка келип: «Мадылген сулуу, мени өйүзгө чыгарып кет?» дейт. Анда Мадылген: «Эки кончуңду кумга толтургун» дейт.

Чал Мадылген айткандай кылып, эки кончуна кумдан аябай шыкайт. Мадылген чалды учкаштырып алып, бөйрөккө бөлөт кестик менен ургулап жүрүп отурат. Бир убакта чал суугa түшүп кетет. Жана бир сайганда аттын капшытын жара сайып таштайт. Ошентип көк бышты өлөт. Мадылген анын этин салып бышырып, эки балага ат коёт. Аттын кырк кабыргасы кырк канат темир үй болот. Мадылген балдары менен темир үйдүн ичине кирип жатып калат.

Арадан бир топ жыл өтөт. Айтомуш айтылуу балбан болуп өсөт. Күндөрдүн биринде Акимкан аң уулап жүрүп, балага жолугат. Аркы-беркини сүйлөшүп, ит агытып, куш салып кумардан канат. Кечинде «ай талаадан Айтомуш деген бала көрдүм» деп аялдарына айтып барат. Ошол учурда кандын элине жоо келет. Кан: «Эгер Айтомуш жоону кууп чыкса, Апал, Үпөл деген эки кызды алып беремин» деп бир жигитин Айтомушка жиберет. Анда Мадылген сулуу туруп: «Апал Үпөл – эки кыз, албайт экен Айтомуш» деп кандын жигитин кайтарып жиберет. Кан жигиттерин дагы жиберет. «Апал, Үпөл – эки кыз, албайт экен Айтомуш» деп дагы кайтарат. Аңгыча бала ойгонуп калат да: «Апал, Үпөл эки кыз албайт деген эмне?» деп атка минип, кандын элин жоодон ажыратат. Акимкан жигиттерин ээрчитип, Айтомушка келе жатып, баласы менен эшикке чы-

гып турган Мадылген сулууну таанып эси ооп аттан кулап түшөт. Аялын балдарын элине көчүрүп барат. Баягы мастан кемпирди тогуз жолдун тоомуна алып барып, жыгачка сайып коёт. Кырк катынды кара санагандыгы үчүн даргага тарттырат. Ошентип, Акимкан уулу Айтомушту, өз ордуна кан көтөрүп, Күнтомушту күйөөгө берип, жыргап куунап жатып калган экен.

## КАНДЫН БАЛАСЫ

Илгери Айдаркан аттуу хан болгон экен. Ал кырк жигит, кырк вазир күтүп, байлыгы артып, мартабасы жогоруласа да, алтымыш жашка келгенче «а» деген перзенттин үнүн угууга зар болот. Хан күндөрдүн биринде суу бойлоп жигиттери менен келе жатса, алдынан үч кыз жарышып чуркап чыгат. Хан: «Кайдан жүргөн кыздарсыңар?» деп сурады эле, кыздар: «Эне-атабыз жок, үчөөбүз эптеп оокат кылабыз» дешти. Хан: «Кандай өнөрүңөр бар?» деп сураганда, эң улуусу: «Мен бир түндө кырк жигитке кийим тигип бүтүрөмүн» деди. Ортончусу: «Бир чымчым талкан менен кырк жигитти тойгузууга жараймын» деди. Кичүүсү: «Көкүрөгү алтын, көчүгү күмүш, бир эркек, бир кыз төрөймүн» дейт. Хан үч кызды тең көчүрүп барып, чоң той берип, нике кыйдырып экөөнү эки вазирине алып берет да, кичүүсүн өзү алат. Айткандай кыздардын улуусу бир түндө кандын кырк жигитине адамдын көзү жалтангандай кийим тигип бүтүрөт, ортончусу бир чымчым талкан менен кырк жигитти тойгузат.

Арадан үч ай өтпөй кандын аялынын боюна бүтөт. Аялдын төрөөр мезгили жакындап толготуп калган кезде, кан: «Төрөгөндө артыман сүйүнчүлөп келгиле» деп ууга чыгып кетет.

Кандын кырк аялы: «Эгерде бул көчүгү күмүш, көкүрөгү алтын бала төрөсө, бизди хан карабай коет»

деп ичтери күйүп, «балдарды өлтүрүп бер» деп, мастан кемпирди чакырып, бир табак дилде беришет. Баягы мастан кемпир аялды төрөткөн болуп жатып, бала менен кыздын ордуна эки күчүктү сала коёт. Ал эми балдарды болсо, алып барып суурдун ийнине тыгып, оозун корумдап кете берет. Канга: «Аялың эки күчүк тапты» деп сүйүнчү барат. Кан аябай капаланып, «аялды эки күчүгү менен суунун жээгине алпарып таштагыла» деп буюрат.

Ошол элде тоо-ташты мекендеген Акмат балбан аталган адам жашаган экен. Ал жаш кезинде перинин шаарына барып, өзүнүн балбандыгы, баатырдыгы менен таанылып, перилердин падышасынан Көк мылтык, Көк жорго ат алган экен. Бирок, баласы жок, бул дүйнөдөгү бир арманы ошол экен. Күндөрдүн биринде Акмат балбан ууга чыкмак болуп, Көк жоргосун кармап минейин десе, ат карматпай качып берет. Анын артынан ээрчип жүрүп отурса, бир ийиндин оозу таш менен корумдалып коюлган, ар жагынан ыйлаган баланын үнү чыгат, «кудай мага кайыптан бала берген го» деп, ташты оодарса, эки бала жатат. Акмат балбан балдарды жылаңач этине салып: «Байбиче эле, байбиче, кудай бизге кайыптан бала берди» деп сүйүнгөн бойдон үйүнө алып келет да, Айдаркан канды баш кылып чакырып, тогуздап мал союп, элге чоң той берип, багып алат.

Ошентип, балдар бой тартат. Бир канча жылдан кийин Акмат балбан өлөт. Бир жыл өтпөй кемпири да өлөт. Атасынын чарбагына кыз менен бала ээ болуп жашап жүрүшөт. Бала Көк жорго атты минип, Көк мылтыкты асынып, Акмат балбандын баласы атанат. Өзүнүн балбандыгы, көзгө атар мергендиги менен бакма атасынын ордун басат. Акмат балбан көңүлү тынч дүйнөдөн өтөт. Бул кабар Айдаркан ханга да жетет.

Бир күнү бала ууга чыгат, ошо күнү хан да жигиттерин алып, ууга чыккан болот. Бала топтоп

эчки атып, текесин тере атып, канды бир кумардан чыгарат. Кан кечинде: «Акмат балбандын ордун басар бала калыптыр, мен өлсөм, тагымды ким минет, таажымды ким киет, опасыз дүйнө ушубу?» деп, үйүнө капа болуп келип бүк түшүп жатып калат. Аны көрүп кырк катындын тынчы кетип, иштин жайын кырк жигиттен сурап билишет да, баягы мастан кемпирди чакырып алып: «Баягы балдарды эмне кылдың эле?» деп сураштьı. Кемпир: «Өлтүргөнүм жок эле, суурдун ийнине таштагам» деди. Анда кандын кырк катыны: «Ошол балдар тирүү калса керек. Акмат балбан аларды таап алган көрүнөт. Кан кечээ ууга чыгып бир жигитти жолуктуруптур, ал көзгө атар мерген экен, кечке бирге жүрүп кызыгына баткан көрүнөт, капа болуп келип, бүк түшүп жатып калды. Ошол баланы эптеп өлтүргүн» дешет. Мастан кемпир «макул» деп дароо Акмат балбандын үйүнө жетип келет да баланын карындашына, «сиңдим, эшикти ач, мен Акмат балбандын эжеси элем, сени менен аңгемелешип кайтайын» деди.

Үйгө кирип жайланышып отургандан кийин аркы-беркиден сөз салып, кыздын көңүлүн жибитип: «Сиңдим, минтип отура берсең зеригип өлбөйсүңбү, мындан он беш күндүк жерде перинин шаарында бир түп көк, бир түп ак алма бар. Ал алманын касиети жыгачы менен алып келип орнотуп, үзүп жей берсе, ал улам быша берет. Ошону алдырып алсаң боло» дейт. Кемпир кош айтышып жөнөп кетет. Кечинде агасы келгенде кыз: «Ошол ак алманы алып келип бербесең, өлөмүн» деп ыйлайт.

Бала: «барса барайын», деп жоргосун минип атасынын мүрзөсүнө, барып түнөйт. Түн ортосунда дабыш чыгат: «Ээ, балам, барам» деп калыпсың, барсаң бар. Өзүңө өзүң сак бол. Бастырып барып алма жыгачтын жанына түшкүн да атты агытып жибер. Көк алмага тийүүчү болбо, алдынан унчукпай акырын басып өтүп, ак алмага баргын да, анын

башындагы кызыл алмадан бирди үзүп жегин, анан алманы түбү менен жулуп ал. Ошол кезде акырдан жем алып, Көк жорго кайта келет. Атты жетелеп алып, жүрө берсең, жол ачык дейт. Эртеси бала жөнөп кетет.

Он беш күн жол жүрүп, перилердин шаарына келет. Алманын четине түшүп, атын агытып жиберет да, көк алмага тийбей, ак алмадан барып үзүп жейт. Аңгыча Көк жорго атасы айткандай, акырдан жем жеп кайта келет. Бала атын жетелеп алып жолго түшөт. Дагы он беш күн жол жүрүп, алманы карындашына алып келип берет. Кыз аябай сүйүнүп, агасы экөө ортого коюп жеп отура берет. Алманы жеген сайын, кайта быша берет.

Бир күнү бала «барып бир кумардан чыгып келейин» деп ууга чыгып кетет. Ошол күнү хан да ууга чыккан болот. Кечке чейин хан бала менен бирге болуп жарпы жазылат. Кечинде бала коштошуп үйүнө кетет, хан: «Атаганат дүйнө, ушундай балам болгондо бейкапар көз жумбайт белем, бул дүйнөдөн перзентсиз өткөнүм ушубу?» деп, капа болуп келип бүк түшүп жатып калат. Иштин жайын түшүнгөн кандын кырк катыны дагы мастан кемпирди чакырып, бир табак дилде берип, «эптеп баланын көзүн жогот» дешет. Кемпир бала ууга чыгып кеткенде кызга келип: «Мына карачы сага жарашып калган тура. Агаңды дагы да перинин шаарына жибер. Өзү барган ак алманын ар жагында бир чынар терек бар. Анын бутагынын ылдый жагында бир чаар тоту, ортосунда кызыл тоту, эң үстүндө чыр тоту отурат. Чыр тотуну алып келсе, эки дүйнөнү тең сүйлөп берет» дейт. Ошентип коюп кемпир кете берет. Кечинде агасы келгенде кыз ыйлап-сыктап: «Жалгыз отуруп эриктим, чыр тотуну алып келип бергин. Сен келгенче зеригет экемин, ошону эрмектеп турамын» дейт.

Бала дагы атасынын күмбөзүнө барып отурса, түн ортосу оогон кезде үн чыгат: «Балам, чыр тотуга

барсаң баргын. Бирок, менин айткандарымды кыл. Бастырып барып, чынар теректин жанына түшкүн да, атыңды агытып жибер. Бирок асты чаар тотуга тийбе. Ага тийсең, шаарга кабар берет. Чаар тоту кызыл тотудан өтүп барып, чынардын эң башында отурган чыр тотуну алып, өзү баштап алып чыгат» дейт. Бала эртеси жөнөп кетет. Он беш күн дегенде болжолдуу жерге келип, атасынын айтканын боюнча чынар теректин эң баш жагындагы чыр тотуну алып, Көк жорго аттын оозун кое берсе, ал жүрүп олтуруп үйүнө алып келет. Карындашы сүйүнүп тосуп алат. Тоту жер ченегин безеп, сүйлөп, баланын да кыздын да көңүлүн ачат.

Эртеси бала ууга чыгат. Кан да ошол күнү ууга чыккан болот. Кан кечинде дагы да капа болуп келип, жатып калат. Кырк катын кемпирди дагы чакырып алып: «Акмат балбандын уулу келип калыптыр. Кандын уулу болгону чын болсо, биз курудук, ошону эптеп жок кыл» дешет.

Кемпир бала ууга чыгып кеткенден кийин дарбазаны ачып жыла басып үйгө кирет. Ал киргенде тоту унчукпай коет. Кемпир жойпуланып: «Мына карачы, эми жарашып калган тура, жээриңе ак алма, эрмегиңе тоту, эми кантип жалгыз отурасың? Ай десе аркы жок, күн десе көркү жок, перинин падышасынын Күланда аттуу сулуу кызы бар. Күланда сулууну жеңе кылып бергин деп агаңа айт» деп кете берет. Кечинде бала келгенде карындашы: «Жанымда адам жок зериктим. Перинин падышасынын кызы Күланда сулууну алып келип жеңе кылып бер» деп ыйлап-сыктап агасын кыйнайт. Бала бу жолу да атасынын күмбөзүнө барып жатат. Таң бүлбүл аткан мезгилде мүрзөдөн үн чыгат: «Ай балам, кыйын ишке бел байлапсың, ага барышың кырк күндүк жол, келишиң кырк күндүк жол. Жүрүп отуруп ошол шаардын четине жеткенде Көк жоргону агытып ий. Ал сен келгенче тура берет. Көк мылтыкты

асынып алып кете бер. Бардыгы сенден коркушуп, жол беришет, эч ким жолуңду тосууга даабайт. Мен балбан болуп жүргөндө Көк мылтыкты, Көк жоргону перинин шаарынан алгамын, ошон үчүн баардыгы сага жол берет. Андан ары алты каалгалуу ак сарайды көрөсүң, алты каалга тең өзү ачылгандан кийин үйгө киресиң, каухар тактанын үстүндө Күланда сулуу уктап жатат. Чачын кесип алып, кызды ойгот, ошондо сага тиет» дейт.

Бала эртеси жөнөп кетет. Шаардын четине барып, Көк жоргону агытып иет да өзү көк мылтыкты асынып алып жүрүп отурат. Бардыгы атасынын айтканындай болот, айбаныбы, перисиби, жиниби жол тосууга даабайт. Акыры алты каалгалуу дарбазадан ак сарайга кирип, уктап жаткан Күланда сулуунун чачын кесип алат. Кыз тура калып: «Менин никемди сага буюрган экен» деп, балага тамак-аш берип сыйлайт да: «Мен бул элдин канымын, ал эми үч бир тууганымдын талашы атам өлгөндөн бери бүтпөйт. Атамдан калган мурасты бөлүшө албай үч жылдан бери урушуунун үстүндө. Өзүм кан болсом да чече албай башым катты. Ошону чечип бер, анан сага тиемин» дейт. Бала кыздын айткан жагына барса, үч адам ой жерди дөң кылып, дөң жерди ой кылып кармашып жаткан экен.

Бала: «Ой, силер эмне болгон жансыңар, талашыңар эмне?» деди эле, анда бирөө: «Адамзат пендеси экенсиң, бизге калыс болгун, биздин атабыз хан эле. Атамдан үч буюм калган. Үчөөбүз бирибирибизге ыраа көрбөй, ошону талашып урушуп жатабыз» деди.

«Көрсө, талашкан буюмдары темене, чапан, түтүк» экен. Бала: «Калыс болоюн, ар бир буюмдун касиетин айткыла» деди. «Чапанды кийсе каалаган жерине жетет. Теменени жакасына сайса адамга көрүнбөйт. Түтүктү силксе, жер жайнаган кол чыгат, үч буюмдун касиети ушул» дешет. «Эмесе, үчөөңөр

тетиги жерден жарышып келгиле» дейт да, өзү теменени жакасына сайып, кубулуп тура берет. Үчөө жарышып келип, жер сыйпалап таппай калышат.

Баланын үйдөн чыкканына отуз тогуз күн болгондо эсине карындашы түшөт. Көрсө бала жөнөрдө карындашына: «Аман болсом кырк күндө келем, кырк күндө келбесем, ажалымдын жеткени, «өлдү деп сана» деген экен. Чыр тоту менен карындашы ал кырк күндө келбесе өзүн-өзү өлтүрмөк болуп антташкан экен.

Көк жорго жаныбар булуттуу көктүн асты менен, муундуу чөптүн үстү менен алып жүрүп отурат. Бир убакта бала ыйлап, «кечинде карындашым менен Чыр тотунун ажалы жетет. Жетпей кала турган болдум» деди.

Күланда сулуу жин-перинин арасынан Кара дөөнү чакырып: «Акмат балбандын уулунун шаарын көрдүң беле, канча убакытта жеткиресиң» дегенде, Кара дөө: «Көрдүм эле, таң атаарда жеткиремин» деди. Күланда сулуу каарданып: «Сен жарабайсың, дагы ким мындан батыраак жеткирет? деп сурады.

Аңгыча: «Мен түн жарымында жеткиремин» деп, Көк дөө жетип келди. Күланда: «Сен да жарабайсың» деди. Акырында Ак дөө: «Көз ачып-жумганча жеткиремин» деди. Ошентип булар Ак дөөгө мингенде намаздигер, намаз шамдын ортосу болот. Алар күркүрөп жөнөп калганда, кыз менен тоту ууну эзип, ортолоруна коюп, даярданып калган мезгил экен. Ошол убакта перинин дөөсүнүн күркүрөгөн үнү угулат. Тоту: «Токтой турчу, перинин дөөсүнүн үнү угулуп калды» дегенче, бала менен Күланда сулуу дөөдөн түшүп үйгө кирип келишет. Бир аш бышым убакыт өткөн мезгилде дагы бир дабыш чыгып, Көк жорго жете келет. Күланда менен күлүп ойноп кыз жыргап калат. Эртеси бала Көк жоргону минип алып ууга чыгат. Ал күнү да ууга чыккан Айдаркан хан кечке бала менен аң уулап, сейил куруп, жарпы

жазылып, үйүнө кайтат. Ошентип арадан бир топ убакыт өтөт.

Күндөрдүн биринде Чыр тоту: «Күланда сулуу канга бир сыйра ылайык кийим жаса, кандын кырк вазирине да асыл буюмдардан бир сыйра кийим тик, анан канды кырк вазири менен конокко чакыр» деди. Бала менен Күланда сулуу тотунун айтканына макул болушуп, кийим тигилип бүткөндөн кийин канды жигиттери менен конокко чакырды. Ак алманын жыгачын ортого коюп, канга ар түркүн тамак берип сыйлашты. Алмадан алып жей беришти, ал алма кайта кошулуп көбөйө берди. Бир убакта Күланда сулууну алып келишти эле, ай десе аркы жок, күн десе көркү жок сулуулугун көрүп, кан менен кырк вазири аябай таң калышты. Ошондо кан жай отуруп баладан сыр сурады: «Балам, алдыда он беш күн, ортодо жыйырма күн, кийин кырк күн үйүңдө жок болдуң көрүнөт, ууга чыккан жоксуң, себеби эмне?» деди. Бала: «Каным, мурунку он күн жоголушумда алманы алып келдим, кийинки жыйырма күндө тотуну алып келдим. Кырк күн жоголушумда Күланда сулууну алып келдим» деди. Кан балага ыраазы болуп: «Төртөөң конокко келгиле» деп кеткенден кийин Тоту Күланда сулууга айтып суунун боюндагы бала менен кыздын энесин эки күчүгү менен алдырып келди. Баягы эки күчүк эки дөбөт болуптур. Ошолор кекилик, чил тиштеп келип аялды багып турушкан экен.

Ошентип чогуусу менен ханга барышканда тоту: «Каным, бир эки ооз сөзүм бар, калкыңды чогулт» деди. Эл бүт чогулуп бүткөндө Тоту баштан аяк окуяны айта баштайт. Кандын эси оойт. Кан эсин жыйып мастан кемпирдин башын алдырып, кырк аялды даргага асты. Ошентип, кан балдарын, аялын таап, нечен күн, нечен түн той берип, жыргап жатып калышкан экен.

## МУҢДУК МЕНЕН ЗАРЛЫК

Илгери өткөн заманда
Жанчаркан деген болуптур.
Алтымыш аял алыптыр,
Алтымышы көз жарбай,
Сөөлөттүү хан Жанчаркан
Азап менен карыптыр.
Жетимишке барыптыр,
Карылык түшүп эсине,
Жанчаркан туруп ыйлады.
Элинин баарын жыйнады,
«Эркек төрөр кыз бер» деп,
Бардык журтун кыйнады,
Канынын сөзүн кыя албай,
Вазирлер жүрөт басынып,
Жигиттер жүрөт шашылып,
Кандын кызы Карк сулуу
Бул да келди Жанчарга
Бектин кызы Бек сулуу
Бу да келди Жанчарга
Бир да бирөө жакпады,
Кандын муңун баспады.
Ошондо топ ичинде

Жоодар чал «Жанчаркан издеген сулуу менин кызым Канчайым болбосун» деп, үйүнө көздөй жөнөдү. Жоодар чал кызына келип, мындай дейт:

Ай, ботом, менин ай-күнүм,
Журт атасы Жанчаркан
Журттун баарын жыйнады.
«Эркек туур кыз бер» деп,
Элинин баарын кыйнады.
Кашымдагы жалгыз кыз,
Касиетиң билсем да,
Бererге көзүм кыйбады.
Жоодардын кызы Канчайым,
Ойлуу тиктеп олтуруп

Оюн сөзгө толтуруп,
«Макул» деген сөз берди
Атанын оюн болтуруп.

– Сен эми канга бар, менин башым канга жагат. Мобул баштыкты алып барып, толтура дилде бергин да, баштыктагы жамбы сага өмүр бою жетет, – деди, кызы Канчайым.

Жоодар чал кол башындай кичине баштыкты алып, «Кызымды кудай урган экен, канга тийүүчү көңүлүн бурган экен. Ушундагы акча кантип мага өмүр бою жетсин?» деп, аябай наараазы болуп канды көздөй жөнөйт.

Кандын вазири тосуп чыгып: «Эмнеге келе жатасың?» деп сурайт. Чал: «Менин Канчайым деген кызым бар, алтын айдары бар уул, күмүш айдары бар кыз тууйт. Кызымды берейин деп келдим» деди. Вазир Жоодар чалды ээрчитип канга алып келет. Кан чалдын сөзүнө уюп, «калыңына эмне аласың?» деди. Чал:

Каным сөзүмө кулак салыңыз
Сизге ылайык Канчайым
Ак никелеп алыңыз.
Канчайым касиеттүү нур балам
Кагылайын уз балам
Каным, сөзүмө кулак салыңыз,
Касиеттүү кызымды
Калыңсыз тегин алыңыз.

«Аларым гана бир баштык жамбы» деп, баштыгын көрсөтөт. Кан мыйыгынан шылдыңдай күлүп, вазирлерин чакырып:

Чалдын карды ток бекен?
Үйүндө малы көп бекен?
Он сап ногой ичинде
Акча салып алгыдай
Эки эн дорбо жок бекен?

Баштыгын толтуруп бергиле» деди. Жети казынасын ачып салдырса, баштык толбой калат. Бектерге салык салат, анда да толбойт. Эң аягында:

Кырма тазга кырк теңге,
Оймо тазга он теңге,
Берме тазга беш теңге,
Төбө тазга төрт теңге,

салык салат ага да баштык толбойт. Кандын айласы кетип, элине жар салат. Ошол кезде ысык ичкен суюк чычкан, сокусун минип, сок билегин камчыланган үч жүз жашка чыккан мастан кемпир келет. Жерден үч чымчым топурак алып, дубалап баштыкка салса, акча ашып-ташып көчөгө толот. Көрсө баштык адамдын көз тарамышынан токулган экен.

Адамдын көзү топуракка гана тоет экен. Кан бир баштык жамбыны берип, чалды жолго салып, Канчайымды алат. Анын акылмандыгына таң калат. Бат эле боюна бүтөт. Күнү толуп, төрөр маалы болгон кезде кан: «Алтымыш аял алып, бир перзенттин үнүн уккан жок элем, жүрөгүм жарылып кетер, төрөгөндөн кийин кабар бергиле» деп, ууга чыгып кетет экен. Канчайым толгото баштаганда чакыртып келип бир табак дилде тартуулап: «Баланы жоготуп бергин» дешти. Мастан кемпир толготуп жаткан Канчайымды дубалап, көзүн байлап коет. Чынында эле, Канчайым алтын айдарлуу уул, күмүш айдарлуу кыз төрөйт экен. Кемпир Канчайымдын алдына эки күчүк салып, эки баланы этегине орогон бойдон алып кетет. Алтымыш аял: «Ит тууган сетер» деп кордоп, Канчайымдын бетине түкүрүштү. Мастан кемпир балдарды сууга чөктүрөйүн деп, дайранын жээгине алып барды эле, балдарга тил бүтүп:

«Таштабай суудан алыңыз,
Биз да сиздин балаңыз.
Башка чукак жаныңыз.
Биз да сизди багабыз» дешет.

Балдардын тилин алып, аларды сууга салбайын десе, кырк дилдеден ажыраганы турат. «Эмне болсо ошол болсун» деп, экөөнү тең сууга ыргытып жи-

берди. Суугa түшүрбөй кырк чилтен тосуп алып, кийинтип, кийиктин сүтүн эмизип бага баштайт.

Тоодон алма жегизип,
Кийикти эне дегизип,
Кийик жүрдү үч убак,
Баласындай эмизип.

Мастан кемпир келип, дубасын жандырат. Канчайым көзүн ачса, астында эки күчүк жатат. Канчайым ботодой боздоп: «Ай менен күндөй болгон эки баланы туудум эле дейт. Алтымыш катын биригип мастанды канга сүйүнчүгө жиберишти. Жанчаркан карaанды көрүп, вазирлерине:

Шаар жактан бир адам,
Эрбең-сербең келеди.
Бизге качан жетеди?
Касиеттүү Канчайым,
Эркек туул койдубу,
Же эзилтип мени сойдубу?
Нурдай болгон Канчайым,
Нур кызын төрөп койдубу?
Же муңкантып мени сойдубу? дейт.

Шүкүрдүү тоонун бетинен, кемпирди көздөй чаап жөнөшөт. Кан вазирлери менен келсе, мастан талды чеңгелдеп алып ботодой боздоп:

Ой, кан балам, карт балам,
Атыңдын башын тарт балам!
Күйгөнүмдөн ыйлаймын,
Сүйүнчү кантип сураймын
Эркек эмес кыз эмес,
Адам эмес, мал эмес,
Күчүк тапты Канчайым

деп, ыйлап жатты. Жанчаркан муну угуп аттан кулап түшөт. «Элдин бетин кантип карайм. Канчайымды адам көрбөс жерге таштагыла» деп ыйлап жатып калды. Кандын вазирлери Канчайымды ээн чөлгө алпарып таштайт. Эки күчүк эптеп Канчайымды бага берет.

Канчайым ушинтип жата берсин, балдардан кабар алалы. Экөө өсүп алтыга чыгат. Кайберен, кырк чилтен кыздын атын Муңдук, баланын атын Зарлык коет.

Кайберен, кырк чилтен, эне бетин көргөн жок деп Муңдукка алтымыш өрмөктүн башын үйрөтөт. Ата бетин көргөн жок деп, Зарлыкка алтымыш эрдин күчүн берет.

Бир күнү Жанчаркан аң уулап жүрүп, таштын үстүндө уктап жаткан алтын айдарлуу баланы көрүп калды. Кармай калайын десе, канды бута атым ыргытып жиберип, Зарлык өзү качып кетти.

Кан үйүнө келип:

«Тоого да бердиң баланы
Ташка да бердиң баланы,
Менден эмне аядың,
Бир перзенттей паананы»

деп ыйлап жатып калды.

Алтымыш аял мастан кемпирди канга жиберет. Мастан кандын өзүнөн ошол бала Канчайымдыкы экенин түшүндү да, Жанчарканды жооткотуп коюп, эртеси жолго чыкты. Кан айткан жерге болжолдоп келсе, ай десе аркы жок, күн десе көркү жок бир кыз чачын тарап олтурат. Кемпирди көрүп, үңкүргө кире качат. Кемпир кызды алдай баштады: «Мен силерди багып чоңойткон кайберенмин, агаң келсе айтып кой. Ушул тоонун ары жагында Күлбөскан деген кандын Королой сулуу деген кызы, Күлсары деген аты бар. Эчен түрлүү кийим бар. Ошол Жакка барып, Күлсары атты алып, кызына үйлөнүп, сага кийим алып келбейби?» дейт. Кечке маал аркар атып Зарлык келет. Кемпирдин үйрөткөнүн айтып, кыз ыйлай баштады. Зарлык кийик атып келип, кызга азык калтырып, Күлбөскандын шаарына жөнөйт:

Муңдуунун үнү муңайым,
Муңдуу кылды кудайым.
Жүкүрлүү тоодо суу чайып,

Жүрөктө муңу чырмалып,
Издеди калмак элинен
Королой сулуу бир зайып
Ит ичпеген ачуу көл
Татып кетип баратат.
Какыраган кара таш
Басып кетип баратат.
Моюл-моюл моюлду,
Моюлду баскан баатырдын
Буту кантип оюлду...

Бала чарчап, бир жерге келип жатып калат. Түшүндө кайберен Күлбөскандын шаарына жеткизип койгон болот. Көзүн ачса, бир асканын башында олтурат. Тоодон ылдый түшүп келе жатса, астынан кырк жигити менен Күлбөскан жолугат, Зарлык алдынан тосуп чыгып:

Көлдөн тартар курукмун
Куландан тартар бурукмун.
Ассалоом алейкум, каным,
Атыңды сурап турупмун!

дейт. Өмүр бою күлбөгөн Көлбөскан бырс күлүп жиберет, бастырып өтүп кетет. Мындай чыкканда кырк жигити вазирлери менен «өмүр бою күлбөгөн, каным, ушул жаман баланын сөзүнө эмнеге күлдүңүз? деп сыр сурайт.

Кан: «Бул бала жөн бала эмес, касиеттүү бала, атасы жети атасынан бери кан өткөн, ушундай тектүү жердин баласы, тентиреп калганына күлкүм келип жатат. Атасынын акылсыздыгына боорум ачып жатат» дейт. Кандан жооп ала албай ыза болгон бала, чатак кыла баштады.

Зарлык Набайчыдан нан жеп, пулун бербейт. Ашпосчунун ашын ичип, акчасын төлөбөйт. Бул кабар бат эле Күлбөсканга жетти. Күлбөскан вазирлерин жиберип, баланы алдырып, оюн-тамаша кылдырып кызы Королой сулууну бермекчи болот. Той тамашасы бүтүп, кызды жөнөткөнү жаткан кезде, Кара дөө

келип, кызды ала качып кетет экен. Зарлык кырк кулач аркан алып, Күлсары атын минип артынан жөнөйт. Беш күнчүлүк жол жүргөндө алдынан көчүп жаткан тоо көрүнөт. Тоо деп барса, дөөнүн үйү экен.

Королой сулуу Зарлыкты көрүп: «Сенин алың жетпейт, сени өлтүрүп коет, андан көрө кет» деди. Зарлык кыздын сөзүнө ызаланып чокморуна ала коюп, Кара дөөнү башка чапса, чымын чаккандай көргөн жок. Королойго: «Мени чымын чагып жатат окшойт коруп койчу» дейт.

Зарлык минтип өлтүрө албастыгына көзү жетип, кырк кулач арканды мойнуна салып, Күлсары менен сүйрөтүп чыгат.

Өйдө-төмөн жел келсе,
Ырылдатып баратат.
Дөбөт иттей ырсайып
Дырылдатып баратат.

Ошентип, беш күн, беш түн Кара дөөнү сүйрөтүп жүрөт. Ат да бала да чарчайт. Ошондо:

Кайда кетти салмагым?
Бир тырмактай баланы
Токтото албай барамын,
Ичиме кетти арманым деп,

дөө арманын айтат экен.

Бала кылчайып дөөнү караса, Кара дөөнүн сөөгү гана калыптыр. «Эми ушуну менен кармашсам да жеңемин го» деп, аттан түшө калат. Экөө беш күн, беш түн кармашат. Баланын алы кетип, жыгылмакчы болгондо, кайберен дагы алтымыш алптын күчүн кошот. Кара дөө жеңилет. Зарлык Королойду алып, кайра кайнатасыныкына келди. Күлбөскан чоң той берип, шаан-шөкөттө жатканда Зарлыктын түшүнө карындашы кирип:

Аба, ит ичпеген ачуу көл,
Аны басып өткөндө,
Мен эсиңе келбедим.
Королой сулуу алганда,

Анда эсиңе келбедим.
Кара дөө менен кармаштың
Мында оюңа албадың, –

деп ырдайт экен. Зарлык эртеси канга барып, «элиме кетем» деди. Кан макул болуп, он беш кул, он беш күң, алты вазир берип, кызы менен күйөөсүн элине жөнөттү.

Эчен күн, эчен түн жол басып олтуруп, Зарлык карындашын таштап кеткен үңкүргө жакындайт. Ошондо бала: «Карындашым энеден туума жылаңач эле, жеңеге жеңил баа болбосун, эртерээк барып, кийим кийгизип, жеңесин тостурайын» деп алдыга кетиптир. Келсе үңкүрдө карындашы жок. Баланын эси чыгып, бул тоону, ал тоону заматта арытат. Көрсө, карындашы мастандан коркуп, экинчи тоого чыгып кеткен экен. Кийимин кийгизип, экөө Королой сулуунун алдынан чыкты. Ошону менен үчөө тоону жердеп жатып калат.

Эртеси Жанчаркан алтымыш вазири менен ууга барыптыр. Бир жерге келсе, алтымыш кийик алдынан чыгат экен. Жанчаркан: «Алтымышын тең атып бересиңер, тетиги алтын баштуу кийикти ким качырса башын алам» деди. Ошондо алтымыш вазир кийиктерди курчап калат. Алтын баштуу кийик ары жүгүрүп, бери жүгүрүп акырында кандын башынан аттай качат. Кан артынан кубалап жөнөйт. Кийик артын улам кылчактап олтуруп, канды жолдошторунан адаштырат экен. Эки үч кырды эңкейгенде кийик кубулуп тура калды да, мындай деди: «Кан, мен сенин балдарыңды аман-эсен чоңойткон кайберенмин, тетиги үңкүргө кирсең, сенин балдарыңдын жайы ошол». Алиги кайберен ушул сөздү айтып, ошо замат көздөн кайым болду. Аңгыча дүбүрттү угуп, үңкүрдөн бала чыга калат экен. Экөө таанышып, кучакташып көрүштү, «Кызымды көрөйүн» деп башбакса, кызы ыйлап үңкүрдөн чыкпай коет. «Энемди таппайынча кө-

зүңдү көрбөйм» дейт. «Энеге жакын кыз күйөт» деген сөз ушундан калган экен.

Хандын айласы кетип, жигиттерин туш тарапка жиберди.

Ошол күнү Канчайымдын жанындагы бир күчүгүн каман жарадар кылат. Анын бутун байлап олтурса, экинчи күчүгү башындагы жоолугун ала качып, чытырман токойду аралап жүгүрөт. Аял артынан жүгүрөт. Аңгыча Жанчаркан жигиттери менен келип калат. Кан аялын, кызын, уул-келинин алып келип, ак боз бээ союп, чоң той берди.

Алтымыш катынды алтымыш аттын куйругуна сүйрөтүп өлтүрүп, мастан кемпирдин кулагын кесип култуйтуп, мурдун кесип мултуйтуп тогуз жолдун тоомуна илип коет.

## АЛТЫН БАЛЫК

Илгери бир чоң шаар болуп, анын Бекжан аттуу каны болуптур.

Шаардын четинен бир чоң дарыя өтчү экен. Дарыянын жээгинде Ысмайыл аттуу жалгыз уулу бар бир кемпир-чал жашап, жалаң балык кармоо менен тиричилик кылчу экен. Чал бир күнү дарыяга тор салып, торун тартса тартылбайт. Күчкө салып жатып тартып алып караса, торуна алтын балык түшүп калыптыр. «Бул балыкты мен өзүм эле чыгарып алып койсом, кан мени соо койбойт, ханга кабар кылайын» деп ордону көздөй жүгүрдү.

Ушул мезгилде Ысмайыл атамдын торунан бир кабар алып өтөйүн деп, дарыя бойлоп торго келет. Торду тартып караса, алтын балык түшүп калыптыр. «Ээ, жаныбар, атам көп балыктын убалына калды эле, сен, жаныбар, кутулуп кетчи» деп алтын балыкты бошотуп сууга кое берди да, бир чоң ташты торго салып, коюп, үйүнө жөнөдү. Ушул мезгилде чал канга барып: «Каным, менин торума жөн балык

түшпөстөн, алтын балык түшүп калыптыр, сизди чыгарып алсын деп келдим» деп кабар айтат. Хан: «Болуптур» деп он чакты жигити менен алтын балыкты чыгарып келмек болуп, чалды ээрчитип дарыяга жөнөдү. Дарыяга жетип, торду тартып караса, балык эмес эле, таш болуп чыкты. Кандын каары келип: «Ээ, акмак чал, сен кимди алдамакчысың, ташты алтын балык деп канды убара кылганды сага ким койду бар, үйүңө бара бергин, эртең үй-бүлөөң менен даргага асып өлтүрөмүн» деп, жигиттерин ээрчитип ордосуна кете бериптир.

Чал үйүнө келип, кемпири менен уулуна: «Бизди кан даргага асып өлтүрмөк болду. Кудай мени урганда тордогу ташты «алтын балык» деп ханды алдап коюптурмун» деди. Анда кемпири: «Өлсөк да биз өлөлүк, көрөрүбүздү көрүп, ичерибизди ичкенбиз, балам, сен качып кутулгун» деп баласынын белине эки нан түйүп берди. Байкуш кемпир канетсин, ыйлап-сыктап: «Балам жолго чыкканда ар кандай адамга кез болосуң, жолуккан адамың мейли чоң болсун, мейли кичине болсун оокаттанып алалы деп белиңдеги нандын бирин чоң, бирин кичине сындырып алдына кой. Жанагы жолдошуң чоң сыныгын өзү алып, кичине сыныгын сага калтырса, бул киши менен жолдош болбогун. Эгер кичинесин алып, чоң сыныгын сага калтырса, аны менен жолдош болгун.

Экинчи бир айтарым: Жолдо жолуккан киши менен бара жатып, чынбы, жалганбы, «мен бошонуп алайын» деп жолдон чыгып отургун. Эгерде сен турганга чейин күтүп токтоп турса, аны менен жолдош болгун. Эгер күтпөсө, жолдош болбо» деп, баласына акыл-насаат айтып коштошуп, жолго чыгарып коюп кала берди. Ысмайыл бет алган жакка кете берди.

Кан өкүмүн бузуп, чал-кемпирди даргага тартпай бошотуп жиберет. Чал кемпир Ысмайылды издеп таппай калышты. Ысмайыл кетип баратса, артынан бир топ киши келип кошулат. Бала баардыгын сынап

көрдү, бирок, энеси айткан кишини таба албады. Жүрүп отуруп, башка бир кандын шаарына өтүп бара жатканда өзү курактуу, он алты, он жети жаштагы бир бала жете келип, салам берди. Ысмайыл алик алып бирге жүрүп отурду. Бир убакта «оокаттанып алалы» деп белиндеги нанын чечип, экиге бөлүп, алдына койду эле, тиги бала чоңун анын алдына жылдырып, кичинесин өзү алып жеди. Бала: «Энем айткан жолдошту эми таптым го» деп, ойлоду, бирок, дагы сынамакчы болуп, жолдон чыгып алып калп эле «бошонуп алайын» деп отуруп калды. Бир топ убакыт өткөндөн кийин артына караса, баягы бала дагы эле күтүп отуруптур. Энемдин айткан кишиси «ушул экен» деп, Ысмайыл жолдошуна келип «кеттик» деп жолго түшүштү. Жолдо артынан келген бала: «Атың ким, жашың канчада?» деп сурады. «Атым – Ысмайыл, жашым он жетиде» деди. Ысмайыл: «Сенин атың ким, жашың канчада?» деп сурады эле алиги бала: «Атым – Ысрайыл, он алтыдамын, сиз мага ага болот экенсиз, мени иним деп жүрүңүз» деди.

Экөө жүрүп отуруп, бир кандын шаарына барышты. Базар аралап жүрүшсө, бир топ көпкөн балдар: «Ээ самтыраган байкуштар, ушулар да жашадым деп жүрөт ээ» деп боорун тырмап шылдыңдап күлүштү. Ысрайылдын ачуусу келип, биринин бутун, экинчисинин колун жулуп биринин башын кандап, дагы биринин көзүн чыгара чаап, базардан кетип калышты. Баягылардын кырк чактысы чогулуп: «Эки баланын кылганы ушул болду» деп канга арызданып барышты. «Тынч жаткан шаардын тынчын бузган кандай немелер» деп кандын ачуусу келип, бир вазирине он жигитти кошуп, «ошол эки баланы таап келгиле» деди. Алар издеп келип, эки баланы жуунуп жаткан жеринен табышат. Базир: «Бери келгиле» деди эле, тиги экөө: «Биз барбайбыз, өзүңөр келгиле» деп болбой коюшту. Вазирдин ачуусу келип: «байлагыла» деп жигиттерине буйрук берди. Он жигит аттары-

нан шатыр-шутур түшө калып, эки баланы карай жөнөгөндө: «Жакын келбегиле, келсеңер башыңар кесилет» деп Ысрайыл ордунан тура калды.

Ага болбой он жигит тиги экөөнү байламакчы болгондо, Ысрайыл бир нерсени кончунан сууруп алып тигилерге карап шилтегенде беш-алтоонун башы үзүлүп түшүп, калгандары канга барышты. «Акылман таксыр ханым, ал эки бала адам эмес, бир желмогуз көрүнөт. Бир нерсени шилтеди эле, беш-алтообуздун башыбыз үзүлүп түшүп, калганыбыз зорго качып кутулуп келдик. Буларга башка бир айла кылбасак, алышып алыбыз, күрөшүп күчүбүз жетпей турган көрүнөт» дешти. Анда хан каарына алып: «Эки баладан качып келдик дегенден уялсаңар боло, акылсыз акмактар! Бардык кошунду алып барып, колу-бутун байлап келгиле» деди. Анда акылман вазир: «Таксыр ханым, бул балдардын бизге жардамы тийчүдөй. Андан көрө буларга жакшы айтып алып келели да, өзүбүзгө эл кылып алалы» деди. Хан: «Андай болсо өзүң бил» деп, акылманга макулдугун берет. Акылман эки атты жасалгалап тиги экөөнө барды да: «Сиздерди хан мейманга чакырып жатат, сүйлөшөйүн дейт» деди. Ысмайыл менен Ысрайыл: «Макул, барсак баралы» деди. Бирок аны ат көтөрө албай, бели сынып калды. Анда акылман: «Ой тобо, бул кандай укмуш. Өздөрү кичине эмелер эле!» деп таң калып: «Сиздер токтоп туруңуздар» деп «чү» койгон бойдон ханга келди: «Ой, ханым, укмуштун үстүнө укмуш болуп, эки баланы ат көтөрө албай койду, эми кандай кылабыз?» деди.

Анда хан: «Кырк ат кошулган арабаны алып баргыла» дейт. Акылман кырк ат кошулган арабаны алып барып, алыстан таазим этип, жүгүнүп: «Түшүңүздөр, мырза жигиттер, отуруңуздар» деп отургузуп алып, кырк атты «чү» дегенде, кырк ат алка-шалка терге түшүп араңдан зорго арабаны сүйрөп, хандын ордосуна келишти.

Аттарынын түрүн көргөндө хандын үрөйү учуп, тактысынан түшүп эки колун көкүрөгүнө алып, эки бала менен көрүшүп, гүл багынын ичиндеги мейманканасынын ичине алып барып киргизди. Кан өз колунан даам сунуп, тиги экөөнү аябай сыйлап отуруп: «Он жигит отунчуңар, он жигит оюнчуңар болсун, гүл бак сейилге чыгып эс ала турган жайыңар болсун, ичкен-жегениңерден кам санабай, эс алып жата бергиле» деди.

Айдан ай, күндөн күн өттү, эки жигит сайрандап жата берди. Күндөрдүн биринде кандын ордосуна тополоң түшүп, ызы-чуу болуп калды. Бул: «Кандай окуя, барып билип келчи» деп Ысрайыл вазирди жиберди. Акылман барып көрүп келип: «Ээ улугум, иш чатак. Тетиги тоонун нар жагында көп замандан бери бир ажыдаар жашайт. Ошол ажыдаарга жыл сайын бир кой, бир кыз салык төлөп турчу элек. Айдан ай, жылдан жыл өтүп отуруп, бүгүн кезек биздин каныбызга келиптир. Кан жалгыз кызы Гүлжамалды ажыдаарга алып барып бергени жатат. Ошондуктан, бүткүл кандын ордосу ызы-чуу түшүп, ыйлап-сыктап бүлүнгөнү ошол» деди. Анда Ысрайыл: «Каныңызга барып айтыңыз, кыздын ордуна экөөбүз баралы» деди. Акылман барып канга айтты эле, ал сүйүнүп: «Эгерде колдорунан келип, ошол ажыдаарды өлтүрүп берсе кимиси болсо да Гүлжамалды берер элем» деди. «Андай болсо биз кеттик» деп эки бала жолго чыкты. Кан «жарым күн болсо да Гүлжамалдын жаны калды» деп сүйүнүп турат. Экөө жүрүп отурушуп тоонун түбүнө келишти.

Ошондо Ысрайыл: «Биринчи мен барайын, сен тирүү кал» деди. «Жок, мен барайын, сен тирүү кал» деп Ысмайыл болбоду. Экөө жол талашып, биринчи Ысрайыл бармак болду да: «Мен тоонун башына чыгып көрүнөөрүмдө ажыдаар бир чыңырып оп тартат, оозунан жалын чыгып, тоону каптап кетет. Ошондо мен да бакырам. Ажыдаар экинчи бакырат. Мен

экинчи бакырам. Ошол кезде чыгып баргын. Эгер экинчи бакырбасам, менин өлгөнүм. Анда барбагын, кайта элиңе кеткин» деп ажыдаарга бет алып жөнөп калды.

Тоонун башына чыкканда ажыдаар бир чаңырды эле, тоону жалын каптады. Ажыдаар дагы бир чаңырганда таштар кулап, жер титиреди. Бирок Ысрайыл экинчи жолу бакыра алган жок. Аны угуп көрүп турган Ысмайыл: «Ысрайыл өлдү, ажыдаар жутуп койду» деп ойлоп, ал өлгөндө мен калып, не кылмак элем? Мен да барып кошо өлөйүн» деп тоонун башына чыгып барса, тоодой болгон ажыдаар эки бөлүнүп, куйругунан арыктагы суудай бөлүнүп кан агып жатат. Ажыдаардын куйругунун алдында басылып, колуна кырк кес кылыч кармаган Ысрайыл өлүп жатыптыр. Ысмайыл ыйлап-сыктап Ысрайылды чоң суунун боюна көтөрүп барып, үстү-башын жууп, сууга алып жатканда үч жолу чүчкүрүп, көзүн ачып: «Өлбөсөм сенин да ишиңе жарармын, ыракмат досум» деп тура калды.

Экөө канга көрсөтмөк болуп, ажыдаардын бир кулагын кесип алып, араңдан зорго сүйрөшүп, кандын ордосуна келишти. Кан менен вазирин чакырып: «Ажыдаарды өлтүрүп, кулагын сүйрөй келдик» дешти. Кан уккан кулагына ишенбей, кырк жигитин чакырып: «Ажыдаардын өлгөнү чынбы, же калппы барып билип келгиле, эгер өлбөсө, кыркың тең ошол жакта өлүп калгыла» деди. Кырк жигиттин жандары чыгып, тоонун түбүнө келишти да: «Адегенде сен бар, мен бар» болуп, бир топко кажылдашты. Акырында арасындагы бир эр жүрөк баатыр атынын куйругун шарт түйүп, басмайылын бек тартып кылычын колуна туура кармап: «Эгер мен кайтпасам, силер кайтып кете бергиле» деп жолдошторуна керээзин айтып, кайрат кылып тоонун башына чыгып барса, ажыдаар эки тоодой болуп экиге бөлүнүп өлүп жаткан экен. Анан баатыр жигит: «Ой, келе бергиле, ажыдаар

өлүп калыптыр» деп кабар берди эле, калгандары чыгып барып, өлүп жаткан ажыдаарды көрүшүп, кудайлап жакаларын кармашты. «Кан ишенбей дагы убара кылат» деп дагы бир кулагын кесишип, кырк атка сүйрөтүп араң ордого жеткизишти. Кан эми чындап ишенип: «Мен Гүлжамалды ушул эки жигитке бердим» деди. Биринчи ажыдаардын өлгөнүнө, экинчи кызынын аман калганына кан кырк күн той берди. Кандын эл-журту сүйүндү.

Той узагандан кийин кан бир күнү эки жигиттин алдына келип: «Гүлжамалды кимиң алсаң, ошонуң ал» деп шаштырып калды. Ысмайыл Ысрайылды:

«Сен ал» деди. Ысрайыл: «Жок, менден улуусуң сен ал, мен ыраазымын» деди. «Болуптур, андай болсо мен алайын» деп Ысмайыл макул болду. Кан кырк күн той берип, улак чаптырып жатып, Гүлжамалды Ысмайылга нике кыйды. Ысмайыл жаш аялы менен сүт көл, май көлдүн ортосунда заңгыраган ак өргөө тигип, кырк кыз, кырк жигит жумшап, эчтемени ойлобой жатып калды. Ошентип арадан бир канча айлар өттү. Гүлжамалдын жамалына мас болуп, Ысрайылды эсинен чыгарып жиберди.

Күндөрдүн биринде Ысрайыл: «Бул Ысмайыл агам өз эл-журтун кала берсе мени да эсинен чыгарып, кандын дүнүйөсүнө, Гүлжамалдын жамалына мас болуп жатып алганы кандай? » деп ойлоду да, мен мунун эсине салбасам болбойт деп, көчөгө чыкты. Аңгыча үймө-үй кыдырып келе жаткан дубананы көрдү. Ысрайыл кандын казынасынан бир табак дилде, бир сыйра жаңы кийим алып чыгып, дубанага берди да, кийимдерин чечтирип алып өзүн жолго салды.

Ысрайыл бул дубананын кийимин кийип, таягын алып, куржунун асынып, Гүлжамал менен Ысмайыл жаткан өргөөнүн жанына барып: «Ата-энесин, эли-журтун унутуп, башка элге келип жашап жүргөн адамдар араңарда барбы, бар болсо, аны ары наадан,

ары жаман деп билгиле» деп көпкө ак урду. Ысмайыл балким дубананын сөзүнө көңүл бөлбөйт беле. Гүлжамал дароо сезе коюп: «Эй, Ысмайыл, мына бул дубана туура айтып жатат. Сенин да ата-энең, эли журтуң бар болсо керек. Эгер болсо, өз элибизге кетелик. Бирөөнүн эли эл болбойт, жери жер болбойт» деди. Ысмайыл ойлонуп туруп: «Анда мейли, кетсе кетелик» дептир. Гүлжамал акылман вазирди чакыртып, «Атама барып айтыңыз, Ысмайыл ата-энесине, эл-журтуна кетем деп уруксат сурап жатат, атама эп келсе бизди тезирээк жөнөтсүн» деди. Акылман канга барып айтты эле: «Мейли, кетсе кетсин. Уйдан миң, койдон миң, жылкыдан миң, төөдөн миң ак баш беремин, миң жигитти алсын» деди. Ошентип, Ысмайыл менен Гүлжамал жөнөмөк болуп камынып калды. Кан төрт түлүк малын айдатып, миң жигитке баштатып, кыз-күйөөсүн жолго чыгарды.

Бирок Ысмайыл Ысрайылды оюнан чыгарып жиберет. Эки-үч күн өткөндөн кийин Ысмайыл бир күлүктү минип, бир күлүктү жетелеп артынан жете барды.

Алар андан ары жүрүп отуруп, ээн талаа, эрме чөлдөгү бир жалгыз түп чынар терекке кез келишти.

Теректин түбүнөн кичине булак суу ага турган. Ошондуктан ушул жерде бир-эки күн ат тыныктырып, кошун эс алдырып жатмак болушту. Үй тиктирип, Гүлжамал менен Ысмайыл уктап калышты. Ысрайыл уктабастан карап жатса, чынар теректин шагына жети кара кептер келип конду. Булар ажыдаардын арбактары экен. Аңгыча адамча сүйлөп: «Ысмайыл менен Гүлжамал ушул үйдө уктап жатышат. Кептердин тумшугу тийсе ууланып өлөт. Муну ким «угуп туруп» айтса, таш болуп калат» деди. Анда бирөө: «Мен барып уулантып келейин» деп дыр учуп түштү. Муну угуп көрүп турган Ысрайыл жүгүрүп үйгө кирсе, Гүлжамалдын бетине кептердин тумшугу жаңы гана тийген экен. «Денесине тарап

кетпесин» деп, ууну соруп жатканда, Ысмайыл ойгонуп калып: «Ой, сен эмне менин катынымды өөп жатасың?» деп, чатак чыгарды. «Башында эле өзүң ал десе, болбой жатып алып бердиң эле, эми кылган ишиң бул!» деди. Ысрайыл аныгын айтайын десе, таш болуп калат, айтпайын десе Ысмайыл таарынып жатат. Акыры айласы кеткенден кийин айтмакчы болот. Жарымын айтканда белине чейин, бүт айтканда бүтүндөй таш болуп да калды.

Ысмайыл менен Гүлжамал ыйлап-ыйлап, эч натыйжа чыгара алышпады. Ошондо Гүлжамал: «Токто мен ак тулпарды минип, кептерге жетейин. Эгер кептерлерден колума түшсө, каны менен Ысрайылды жуунтайын айыкса ошондо айыгат» деп ак тулпарды минип кууп жөнөйт. Ак тулпар күнчүлүк жолду бир саатта басып жетти. Аңгыча алдынан бир кара кептер «дырр» учуп өтүп караганга конду. Акырын билгизбей туруп кармап алды да, койнуна салып, бир аш бышкыча кайта келди. Дароо кептерди союп, каны менен Ысрайылдын башын жууп жиберди эле, үч чүчкүрүнүп кайта мурунку калыбына келди. «Кана эми камынгыла» деп, Ысрайыл жол баштап жөнөп калышты.

Ысмайылдын ата-энеси жашаган шаарга жакын келгенде бир жигитин: «Барып Бекжан ханга айткын: же кандыкты берсин, же бери чыгып согушсун. Ысмайыл, Ысрайыл деген жоо келди «дегин», деп, элчи кылып жиберди. Аны угуп Бекжан хандын ачуусу келип вазирлерин чакырып: «Бардык колду баштап барып согуш ачкыла, көпкөн немелерди жер менен жексен кылгыла» деп буйрук берди. Миңден ашык аскер жарак-жабдыгы менен согуш майданына барса, бир жалгыз аттуу турат. «Согуша турган ким?», десе, ал жалгыз аттуу: «Мен» деди. Анда кол башчысы: «Жалгыз адам менен согушуп отурабызбы, байлап туруп, канга алып барып бергиле» деп буйрук кылды. Жигиттер байлап алмак болуп жабылып

калды эле, Ысрайыл кончунан бир нерсени сууруп ала коюп шилтегенде бир нече жүздөгөн адамдардын башы жерге түштү. Калгандары качып, Бекжан хандын ордосуна кирип барышты. Ошондо Бекжан кан тактан түшүп: «Мына, керек болсо тактыны алсын да, менин жанымды соо койсун» деп, элчи жибергенден кийин, Ысрайылдар эч чатаксыз гана ордого кирип келип, Ысмайылды такка отургузушту.

Бир нече күндөн кийин Ысмайыл ата-энесин таап, ордого көчүрүп келди. Бардыгы жайгашып, көңүлдөрү тынч алгандан кийин Ысрайыл отуруп: «Ата-энеңди таап, көңүлүң жай таптыбы?» деп сурады эле, Ысмайыл: «Көңүлүм жай тапты» деди. «Андай болсо бардык дүнүйө-мүлктү дарыянын боюна топтогун» деди.

«Куп болот» деп, Ысмайыл бардыгын жыйдырып койду. «Бул дүнүйөнү экөөбүз таптык, ошондуктан тең бөлүп алабыз» деп бардыгын теңме-тең кылып бөлүп, «наарazылыгың жокпу?» деди. Ысмайыл «жок деди. Анда Гүлжамалды алып кел. Гүлжамалды да тең бөлүп алабыз» деди. Ысмайыл тең бөлгөндө өлөт, сен эле ала бер! деп чырылдады. «Жок, мен теңин аламын» деп, «оң жагын аласыңбы, сол жагын аласыңбы» дегенде, Ысмайыл ойлонуп туруп: «Оң жагын аламын» деди. «Андай болсо оң колун карма» деп, өзү сол колунан кармап кончунан баягы кырк кес кылычты сууруп алып: «Мына чаптым» деп, шилтегенде, Гүлжамал коркуп кетип эси ооп жыгылып калды. Аңгыча Гүлжамалдын мурдунан чычканга окшогон бир кара нерсе чыга калып качып берди. Ысрайыл жүгүрүп барып кескилеп өлтүрдү да: «Мына ушул зыяндуу макулук ажыдаардын чымыны эле, эми Гүлжамал таптаза болду. Элдүү-журттуу тактуу кан болуп, максат мурасыңа жеттиң. Сенин кылган жакшылыгыңды актадым. Менин кылган жакшылыгыма сен да ыраазы бол. Мен Ысрайыл эмес, баягы сен бошоткон алтын балыкмын. Кош,

эми аман бол» деп, алтын балык сууга секирип түшүп, сүзүп кетип калды. Ысмайыл ушунда гана түшүндү...

## АКЧҮКӨ МЕНЕН КУУЧҮКӨ

Илгери бир кан болуптур. Ал кандын Акчүкө, Куучүкө деген эки баласы бар экен. Күндөрдүн биринде кан кырк жигити менен ууга чыгат. Ошол убакта аялы үйүндө отурса, үйүнүн чамгарагына чабалекей уя жасап, балапандарын чыгарат экен. Чабалекей балдарына жем издеп кетсе, башка бир чабалекей келип, ал чабалекейдин балдарынын башын үзүп кетет. Аны кандын аялы көрүп: «Эгерде биз жок болсок, же өлүп калсак, башка дагы бирөөлөр биздин балдарды да ушинтет го» деп капа болуп ыйлап отурса, кан келип, аялына: «Эмне капа болуп отурасың?» деп сурайт. Аялы: «Биздин үйгө чабалекей уя жасап, балапан чыгарды эле, ал балапандарды башка дагы бир чабалекей келип өлтүрүп кетти. Кокустан биз жок болуп калсак биздин балдарды да бирөөлөр ушинтет турбайбы деп ошого капа болуп отурам» деп, оюндагысын айтат. Анда кан: «Сен андай ойлобо, эгерде мен өлсөм, сен барсың, сен өлсөң, мен бармын» деп аялынын көңүлүн жооткотот.

Күндөрдүн биринде кандын аялы өлөт. Кан башка аял алат. Кан дагы эле куш салып, ит агытып, сейилдикте жүрөт. Кандын аялына бир соодагер: «Сен мага кандын кушун союп бер, сен экөөбүз башка шаарга кетебиз» дейт. Аял макул болот да, канга: «Кушуңду таштап эле, ит агытып чыккын» дейт. Кан макул болуп кушун үйүнө таштап, ит агытып жигиттери менен кетет. Ошол убакта баягы кандын эки баласы тамак ичкени келсе, өгөй энеси эшикке чыгып келе жаткан экен. Балдарга: «Ушундай тургула, мен кайра келип тамак берем» дейт да сыртка чыгып кетет. Балдар энеси кеткенден кийин казанда

бир нерсе кайнап жатканын көрүшөт да, Кууучүкө казандын капкагын ача салат. Ачса, куштун эти бышып калыптыр. Кууучүкө бөтөгөнү алып жеп, агасы Акчүкөгө башын берет. Аңгыча энеси соодагерди ээрчитип келип куштун этин чыгарса, бөтөгө менен башы жок. Анда соодагер: «Мага артыкча бөтөгөсү менен башы керек болучу» деп, этти жебей чыр салат. «Бөтөгө жегени кимиси экен, ошону алдап сурап өлтүр, азыр бөтөгө эрий элек» дейт. Тигилердин сүйлөшкөнүн угушуп балдар качып кетишет.

Жүрүп отурушуп, жүрүп отурушуп, «эки адам бир жолго түшүүгө болбойт деген эки айрылыш жолдогу кара ташты көрүшөт. Балдар жазууну окуп, эмне кыларын билбей турушат. Бөтөгө жеген Кууучүкө алтын түкүрүп калган. Эки айрылыш жолдун бири «бири барса келгис, бири барса келүүчү жол» эле. Ошентип эки бир тууган туруп кеңешет да, Кууучүкө: «Барса келгис жолго мен түшөйүн, шилекейимди сатсам да, жан багармын» дейт. Барса келүүчү жолго Акчүкө түшөт. Акчүкө жүрүп отурса, алыстан чаңдатып келе жаткан көп караан көрүнөт. Акчүкө чочуп, кокус мага бир зыян кылбасын дейт да, жолдун боюндагы чолок терекке чыгып отурат. Теректин башында бир куш конуп олтуруптур. Аны кармап алат. Баягы көп киши келип эле бала отурган теректи кыя башташат. Жыгыла турган болгондо, бала: «Мен бармын» деп кыйкырып жиберет. Көрсө, ошол жактын каны өлгөндө анын кушун учурушуп, куш учуп келип, эмнеге консо, ошону кан көтөрүп алышчу экен. Баягы эл кушту учуруп артынан чыккан эл турбайбы. Алар баланы көрбөй, терекке конгон экен деп теректи кесип жатышыптыр. Качан гана «мен бармын» деп, доош салганда көрүшүп, ошону менен баланы алып жөнөшөт. Алып барып кан көтөрүп коюшат.

Ошентип, Акчүкө кан болуп калды. Эми Кууучүкө болсо, «барса келгис» жолго түшүп жүрүп олтуруп,

жүрүп олтуруп бир абышка кемпирге кез келет. Ал абышканын баласы жок, эки үч эчкиси бар экен. Бала абышкага: «Баласы жокко бала болоюн, ботосу жокко бото болоюн деп жүрөм» дейт. Абышка: «Мага бала бол» деп, бала кылып алат. Бала эчкини кайтарып жүрүп, күнүнө үстүнө бирден эчки сатып келип кошуп эчкини көбөйтүп, абышканы байытып коет.

Бир күнү кечинде бала асманды караса, асманда жанаша эки ай турат. Бала таңыркап: «Ата, бир эле ай чыгуучу эле, эмне үчүн эки ай турат?» деп, атасынан сурайт. Анда абышка: «Ал Айдын сага кереги жок, эмне кыласың, балам?» деп айтпай коет. Экинчи күнү кечинде дагы эки ай турат. Бала дагы атасынан сурайт экен. Атасы: «Ээ балам, көп эле сурап калдың, ал биздин кырк кыз, кырк кан деген ошол. Ай менен сулуулук салыштырып турат» деди.

Эртеси Куучүкө баягы кызга кантип жетерин билбей, дөңгө чыгып отурса, үч киши мушташып жатат. Жанына келсе үчөө бир тууган экен. Атасы өлгөндө андан бир топу, үч таяк, бир жайыл дасторкон калган экен. Ал үчөө ошону талашып жатышкан экен. Ал үч буюмда үч касиет бар экен. Топуну кийсе эч кимге көрүнбөй калчу экен. Жайыл дасторкондо каалаган тамактар жайнап турчу экен. Таягын кимди «ур!» десе уруп берүүчү экен.

Бала келип: «Эмне болдуңар?» десе, атасынан калган буюмду талашып жатканын айтышат. Анда бала: «Үчөөң жарышып келгиле, чыкканыңар жайыл дасторконду ал, андан кийинкиң топуну ал, эң аяккың үч таякты ал» деди. Үчөө макул болуп, буюмдарды балага берип жарышканы кеткенде, бала баягы топу менен жайыл дасторконду алып үч таякты минип кыз канга учуп жөнөйт. Кыз-канга келсе, ал кырк кызы менен сейилдик куруп отурган экен. Куучүкө кыз канды алып нечен дайралардан, өзөндөрдөн, тоо-токойлордон өтүп, бир кезде тегереги арча-карагайлар менен курчалган жаркыраган кичи-

некей шаарга келип түшөт. Түшсө шаардын ичинде бир да басып жүргөн жан жок.

– Адамы жок бул кандай шаар? Эмнеси болсо да мынабу дарбазасы алтындан салынган короого кирели – деп киришсе, бир да жан жок.

Эртеси таң сүрөр менен Кууччүкө: «Сен отура тур, мен аң уулап келейин» деп, кызды үйгө коюп, өзү ууга кетет.

Эми сөздү баягы кыздын жанындагы кырк кыздан баштайлы. Алар кызды алдырып жиберип түз эле канга келишет. Болгон окуяны төкпөй-чачпай канга айтышат. Кан каарданып, бүт элди чогултуп:

– Менин кызымды тапкыла! – деп элди кыстады. Бирок элдин ичинен мен табам, деп бир да киши чыкпайт. Муну көргөн кан башкача ойго келет да, элге мындай дейт.

– Кимде ким менин кызымды таап, кайра бул жерге алып келсе кызымды ошол кишиге берем. Кандай экенине карабайм дейт. Ошондо эл ичинен бир жез кемпир чыгып, канга келди да:

– Урматтуу каным, сиздин кызыңызды мен таап келем, менин үйдөгү котур балама бересизби? дейт.

– Иши кылып таап кел, сенин балаңдын котуруна карабай, кызымды сага берем, кандын сөзү эки болбойт, – дейт. Жез кемпир сокусун минип, сок билегин камчыланып, түз эле кыз турган шаарга келип түшөт. Кыз жайыл дасторконго тамак-аштын түрдүүсүн коюп, жаңыдан бир чыны чайды ичкени жаткан экен. Кемпир зордуктап кызды сокуга мингизип, сок билегин камчыланып учуп жөнөйт. Көз ачып жумганча кандын алдында болушат.

– Мынакей каным, сиздин буйругуңузду орундадым.

Кан ага макул болот да, кызын жез кемпирден жетелетип жиберет.

Куучукө кечинде үйүнө келсе, аялы жок. Ар жак, бер жакты карайт, бирок аялы табылбайт.

Таң кылайып келе жатканда колуна жаа алып, жүрүп отурат. Нечен белестерди, нечен тоолорду ашат. Бир кезде көгөрүп жаткан музга туш келет. Муздан өтө берерде муз жарылып кетет да, Куучүкө сууга түшүп кетип агып жөнөйт.

Ал канча жерге агып келгени белгисиз, бир кезде көзүн ачса суунун жээгинде жатат. Оң тарабында бир ажыдаар, сол тарабында бир ажыдаар баланы карап жатышат. Бирөөнү караса, экинчисине мин дегендей белги берет.

«Ии, булар, мени мингизип алып, анан бир жерге алып барып жеген жаткан го, мейли жесе, баары бир өлдүм» деп, экинчи ажыдаарга келип минет.

Экөө асмандатып алып учуп жүрүп отуруп, көз жеткис бийик зоокага келип конушат. Биринчи ажыдаар бир чоң кара ташты куйругу менен түртүп койсо, таш кадимки эшиктей ачыла түшөт. Анан Куучүкөгө карап кир дегендей белги берет. Куучүкө тартынбай кирет. Ал үңкүрдүн оозуна киргенде капкараңгы боло түшөт. Караңгы жер менен бир аз басканда алтындан жасалган дагы бир эшик көрүнөт. Ал эшикти ачып кирип келсе, төрдө бир ак сакалдуу карыя отурат. Баягы карыянын белинен өөдө карай жагы кадим эле киши, ал эми белинен ылдый жагы жылаан түспөлдөш экен. Куучүкө салам айтып, босогого туруп калат. Карыя алик алып, баланы өзүнө чакырып, жанынан орун көргөзөт. Куучүкө карыянын жанынан орун алат. Тамак желип бүткөндөн кийин:

– Кана, сүйлөй отур балам, кайдан болосуң, бул жерге кандайча туш болдуң? деп кайрылды карыя.

Куучүкө башынан өткөн окуяны төкпөй-чачпай айтып берди.

– Мен ажыдаарлардын падышасы Шаймерен деген болом. Өзүм көптөн бери оорумун. Менин оорумду адам баласы гана айыктыра алат экен. Сен эми айыктырсаң, сенден мен жардамымды аябаймын. Эки жолу жаңы төрөгөн аялдын эмчек сүтүнөн эки

кашык ичсем, куландан соо болуп айыккан турам. Ал сүттү өзүң таап келбесең, башка эч ким табалбайт. Мен сага бир ажыдаарды башы менен берем. Анын тилин да үйрөтүп коем, деди падыша. Куучүкөгө ажыдаардын тилин үйрөтөт.

Падыша бир ажыдаарын Куучүкөгө берип, жолго чыгаарда: «Бул ажыдаарды кайда уч десең ошол жакка уча берет. Кандай оюң болсо баарын аткарат. Бирок сага айтарым: мындан мурун бир адам баласына ажыдаар берсем, сен келген ээн калган шаардын эли бири-бири менен уруша кетсе, элди бүт сордуруп салыптыр. Ошентип алиги шаар бүт элсиз калды. Сен андай кылбагын» дейт.

Бала макул болуп, сүт таап келүүгө жолго чыкты. Ажыдаар менен бала учуп жүрүп отуруп, күүгүм кирип калганда бир кыштактын четине келип конду. Бала ажыдаарын суунун боюндагы бир чоң таштын түбүнө коюп, өзү айыл аралап келе жатса, бир үйдүн тегерегинде топураган элди көрөт. Жолдо келе жаткан кемпирден: «Ээ, эне, бул жерде эмне болуп жатат?» деп сураса, «эмне болсун балам, ушул айылдын бир келини жаңы төрөдү эле, эси ооп, эсине келе албай өтө кыйналып жатат. Айылдагы аны-муну билген молдолордун колунан да келбеди. Шордуу келин өлмөй болду» дейт.

– Мени ээрчитип барыңыз, балким колумдан келип калаар, – деди бала.

– Атаа, айланайын балам ай, дегеле, ырас болот, жүр, – деп кемпир баланы ээрчитип алып үйгө кирет. Кирсе, келин чыдай албай жаткан кези экен. Ал колун келиндин белине тийгизди эле келин бир аз эс алып, тынчып жатып калды. Куучүкө келиндин сүт агып жаткан эмчегинен өзүнүн алып келген идишине куюп алды да, кайра койнуна салып койду. Эл үйгө кирип келсе, келин өңүнө келип жаркырап жайнап отурат. Келиндин ата-энеси, чогулган эл балага урмат-сый көрсөтүшүп, айылдан узатышты.

Бала ажыдаарга минип алып, түн бир оокум болгондо падышанын сарайына келип түштү.

Бала алып келген сүттү бир түндө эки маал берди эле, эртесинде падыша сак-саламат айыгып, өз калыбына келди.

Падыша балага ыраазы болуп колуна бир дары берди: «Сен бул дарыны башыңа кыйынчылык иш түшкөндө чекеңе тийгизип, эмне болом десең ошол замат каалаган оюң аткарылат. Бул дарыны эч адамга көрсөтпө да, касиеттүү сырын эч адамга айтпа» деп ажыдаарына мингизип Куучүкөнү жөнөттү.

Куучүкө жүрүп отуруп, баягы кыздын шаарына күүгүм кире келди. Ажыдаардан түшүп, шаарды аралап кандын сарайын издеп келе жатса, бир жепирейген там турат. Үйдүн терезесин шыкааласа төрдө салынган төшөктө тырманган бирөө жатат. Терезенин түбүндө баягы кыз ыйлап отурат. Көрсө, ыйлап отурган кыз баягы Куучүкөнүн аялы экен. Ошондо экөө кучакташып көрүшүп, канга барышат.

Куучүкө сарайга кирип, кандын алдына келип, баш уруп ызат кылып, болгон окуяны айтты эле, кан ачуусу келип, жигиттерине Куучүкөнүн башын алууга буйрук берсемби деп ойлоду. Бирок кызынан чочулап Куучүкөнүн колунан келбес бир ишке жиберүүнү ойлоп:

– Сага мен бир ишти тапшырамын, эгер ал ишти аткарып келсең, кызымды сага беремин, аткара албай калсаң, башыңды аламын, – деди кан.

– Ал кандай иш, урматтуу таксыр?

– Алты айлык алыс жолдо бир түп чоң терек бар. Ошол теректин түбүндө арстан бар. Анын оозунда аяктай алтын бар, ошол алтынды алып келесиң. Мен сага он күндүк убакыт берем. Эгер он күндүн ичинде алып келбесең, анда кызымдан үмүтүңдү үз, – дейт.

– Жарайт каным, айтканыңызды орундайм, – деп Куучүкө жолго түшөт.

Шаардан чыгар замат Кууучүкө Шаймерен берген сыйкырдуу дарыны алып, чекесине тийгизип ылаачын куш болуп учуп жөнөйт. Учуп жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, бир нече күн, бир нече түн дегенде баягы кан айткан терекке жетет. Теректин түбүндө айбандардын падышасы арстан уктап жаткан экен. Уктаганда оозу ачылып, дем алганда оозундагы алтыны бирде алкымына тийип, бирде оозунун учуна келип, тиштерине тийип турат. Аны кайтарып жаткан айбандардын да уйкусу келген түрү бар. Кайтарып жаткандардын көзү уйкуга кетсе, бир чычкан келип, арстандын тиштерине илинген этти жеймин деп келип улам эле арстанды ойготуп жиберет. Кууучүкө муну бир топко чейин карап туруп арстандын оозундагы алтынды кантип алуунун жолун ойлоду да, дарыны алып чекесине тийгизип мышык болуп, арстан уйкуга киргенде, чычкандын келишин күтүп жашынып турду. Бир кезде чычкан ийнинен чыгып келе жатканда, мышык илип алып жеп койду. Ошол мезгилде арстан да, аны кайтарып жаткан айбандар да мемиреп уйкуга кирищти. Эми арстан оңой менен ойгоно койчу түрү жок. Кууучүкө алгыр бүркүткө айланып, арстандын жанына конду да, чеңгелин арстандын оозуна салып, алтынды илип алып асманга атып чыкты. Арстан ордунан ыргып туруп, асмандагы бүркүттү көрүп, теректи түбү менен жулуп алып бүркүттү урганда, бүркүттүн куйругун чала-була жанып өттү.

– Урматтуу каным, мынакей сиз каалаган алтыңыз, – деп Кууучүкө чөнтөгүнөн баягы алтынды алып берди.

Ошондо кан элин жыйып: «Мен эми карыдым, менин ордума күйөө балам кан болот» деп Кууучүкөнү кандыкка көтөргөн экен.

Бир күнү Кууучүкө инисин эстеп, аны издетип жиберет, иниси коңшу шаарда кан экен. Ошентип эки бир тууган эки шаарга кан болуп жыргап-куунап жатып калган экен.

## ӨНӨРЛҮҮ БАЛА

Илгери өткөн заманда бир кан болуптур. Ал кандын жалгыз сулуу кызы бар экен.

Күндөрдүн биринде кандын төрт тулпарын багып жүргөн абышканын жалгыз баласы кандын жалгыз кызына ашык болот да, атасына барып:

– Ата, сен кандын кызын мага алып бер, дейт.

Атасы баласына ачууланып:

– Иттин гана баласы, менин кейпим бул болсо, сенин кейпиң алдагы болсо, кан кантип кызын берет? дейт. Бирок бала ага болбой жатып алат.

Бир күнү кечинде кан эшигинин алдына ары-бери басып туруп, абышканын баласына ачууланганын угуп коет да, абышканы чакыртып алып: «Сен балаңа эмне үчүн ачууландың?» деп сурай баштайт. Абышка коркуп айтпайт. Ага болбой жатып кан эмне себептен абышканын ачууланганын айттырып алат да абышкага: «Андай болсо сенин балаң мага күн-түн дебей күйүп тура турган бир алтын чырак таап келип берсин, андан кийин мен кызымды беремин» дейт.

Абышка үйүнө келет да баласына кандын тапшырмасын айтат. Бала аны макул таап, алтын чыракты табуу үчүн жол тартат. Бала чыракты издеп, бир нече күн, бир нече ай жол жүрөт. Бир күнү түштө бир ээн талаада боз дөбөнүн үстүндө уктап калат. Бир убакта чочуп ойгонуп кетип, ылдый жагын караса, бир кумдан оргуштап кичинекей булактын агып чыгып жаткандыгын көрөт. Бала тура калып, калпагы менен булактагы сууну ташып, башка жакка төгүп жатып соолтот.

Андан кийин булактын түбүн караса, түбүндө күйүп турган алтын чырак турат. Бала түшүп барып чыракты алат да, кайра бир нече күндөр, бир нече айлар жол жүрүп отуруп келип, атасынан канга алтын чыракты берип жиберет. Кан алтын чырактын күн-түн дебей күйүп турганын көрөт да, абышкага:

«Эми балаң элимде жок, жеримде жок өнөр үйрөнүп келсин» дейт. Абышка кандын тапшырмасын айтып келди эле, бала угар менен өнөр издеп жол тартат. Бала нечен шаарларды кыдырып, эч кандай өзүнүн элинде жок өнөр таппайт. Ошентип, бала өнөр издеп бир топ жылды өткөрдү. Чарчап-чаалыгып да, аябай арып-ачып да бүттү. Кайра үйүнөн келүүгө мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, бир жарды кемпирдикинде отун-суусуна каралашып, оокат кылып жүрө берет.

Бир күнү бала түн ортосунда эшикке чыкса, бир жаман тамдын жанынан жылтылдап күйүп турган отту көрөт. Бала жүгүргөн бойдон жетип барат да, «бул кандай шумдук болду экен?» деп көрүнбөй карап турат.

Бир киши акырын оттун ысыгына бутун салып күйгүзүп, күл кылып, кайра бут жасап, колун отко салып күйгүзүп, күл кылып, кайра кол жасап жаткандыгын көрөт да, кантип үйрөнүп алып, ушундай өнөрлүү болом деген ой менен карап тура берди. Бир убакта эшикти шарак эттирип ачып, үйдөн бир кыз чыгып келет да, баланы кармап алып: «Сен кайдан жүргөн баласың? Бул шаарда сендей баланы көргөн эмесмин, чыныңды айт?» деп кыйнай баштайт. Бала айласы кеткенде башынан өткөргөндүгүн бүт айтып берет. Кыз: «Андай болсо, сен биздикине тургун, тигил менин атам, анын андан артык өнөрлөрү бар. Атам кээде ат болот, кээде канаттуу куш болот, кээде төө болот, кээде адам жей турган тамак болот. Мен сага ошол өнөрдүн баарын үйрөтөмүн. Ал өнөрдүн баарын үйрөнгөндөн кийин үйүңө кетесиң» деп баланы үйүнө алып кирет. Кыз балага атасынын баардык өнөрүн үйрөтөт. Бала кызга алкышын айтып коштошуп, баягы өзү жатып жүргөн кемпирдин үйүнө келет.

Бала кемпирди чакырып алып:

– Эне мен азыр чоң кара ат боломун, сен базарга алып барып саткын да, ошол акчага өзүң оокат ал-

гын, бирок менин башымдагы ноктомду сатпа, эгер аны сатсаң, менден ажырайсың, сатпасаң мен «кайра качып келем» дейт. Кемпир ага макул болуп, атты базарга алып барып, бир топ теңгеге сатат, ноктосун алып кайра жүрө берет. Ошентип жүрүп кемпир абдан ашкан бай болот.

Бир күнү бала кемпирге:

– Эне, эртең шаарда чоң базар болот. Мен эртең бир чоң кара нар болоюн, сен мени базарга алып барып саткын, бирок ноктомду сатпа, анда мени карманбай каласың, – дейт.

Кемпир ага макул болот. Эртеси, өзү айткандай эле бала чоң кара нар болуп калат. Кемпир кара нарды жетелеп барып, базарга сатууга бир топ киши менен соодалашып турганда баягы өнөрдүн ээси көрүп калат да, «бул менин өнөрүмдү үйрөнүп алгандай кандай неме» деп, караса баягы өзүнүн үйүндө жүргөн бала.

«Ии, буга өнөрдү менин кызым үйрөткөн экен. Кой муну сатып алайын да, үйгө алып барып, баланы балталап өлтүрөйүн» деп, ойлоп: «Ай, кемпир, кара нарыңды мага сат, мен көп теңге берем» деп сүйлөшө баштайт. Кемпир ага макул болот. Абышка: «Төөнү ноктосу менен сат, жалаң ноктоң үчүн 500 теңге беремин» дейт. Кемпир теңгеге кызыккан бойдон төөнү ноктосу менен сатып жиберип, үйүнө жүрө берет экен.

Абышка кара төөнү жетелеп алып, «эми муну колго тийгиздим, үйгө алып барып, ак балта менен башын жара чаап өлтүрөйүн» деп кара төөнү үйүнө алып келип эшигинин алдындагы чоң мамыга байлап коет. Аңгыча баягы өнөр үйрөткөн кыз, баланын эшикте төө болуп байланып турганын көрүп: «Кой, бул байкуш баланы агытып жиберейин, бул дагы бирөөнүн жалгызы экен, эптеп күнүн көрсүн» деген ак дити менен баланы агытып жиберип: «Сен эми куш болуп алып сызган бойдон качып жөнө да, өз айлыңа кеткин» дейт.

Абышка эшикке чыгып, баланын артынан бүркүт болуп кууп жөнөйт. Бала менен абышка бири куш, бири бүркүт болуп куушуп жүрүп отурушуп, кечки бешимде баланын турган шаарына келишет экен.

Бала зымырап учуп келип, дөбөнүн үстүндө отурган кандын жанына конуп калат. Абышка баланын артынан келет да, обочорок барып конуп алып, бирде кыргый, бирде каз, бирде өрдөк болуп кубулуп турат.

Бир кезде бала куштун кейпинен таруу болуп кандын төш чөнтөгүнө куюлуп кетет. Абышка чоң кызыл короз болуп, «эми тарууну терип жеп коёюн» деп ойлоп, кандын жанына келип, кандын эки жагын карап жер чукуп турган учурда, бала таруулук кейпинен куш боло калат да, чоң кызыл короз болуп турган абышканы басып жеп алат. Адам кейпине айланып өз үйүнө барат. Өз үйүнө келсе ата-энеси аман-эсен жатышыптыр.

Кан кечинде көргөн укмуштуу ишине таң калып, эртеси өзүнүн элинин баарын чогултуп: «Бул ишти ким билет? Мен ушул жашка келгени бир канаттуунун кубулуп экинчи бир канаттуу болгонун көргөн жок элем, бул кандай укмуш? Ошол ишти көргөн-билгениңер болсо, айтып бергиле?» деп элине жардык кылат.

Эл жымжырт. Бир убакта баягы бала тура калып:

«Каным, уруксат этиңиз, ал ишти мен билемин» – дейт.

Кан балага уруксат берет. Бала канга карап:

– Сиз мага менин элимде жок, жана жеримде жок бир өнөр үйрөнүп кел дегенсиз. Ошол куш болуп, баягы корозду басып жеген мен болчумун, менин үйрөнгөн өнөрүмдү ал короз да билет, бирок мага ал душман эле, ошондуктан ал менин артыман кууп келген, бирок аны мен жеп койдум – дейт.

Буга элдин баары аң-таң болду. «Ошол куш сен болсоң, кана, азыр бир өнөрүңдү көпчүлүккө көр-

сөтчү» дейт кан. Бала макул болот да бир чоң кара аргымак болуп элдин ортосуна тура калат.

Кан менен эл баланын өнөрүнө ыраазы болушуп «өнөрлүү бала» деп аташат.

Кан убадасы боюнча кызын берип, жыргап жатып калган экен.

## МЕНДИРМАН

Илгери өткөн заманда Мендирман деген жигит Каракандын шаарына тентип барат. Ал адегенде ашпозчулукка өтөт. Анын иштегени орундуу болгондуктан, Каракан өзүнүн тулпарын бактырып коет. Ал тулпарга айына үч кап арпа берип туруучу экен. Бирок, баягы жигит тулпарды багып жүрүп, алты айга чейин жемдик арпа сурап келбейт. Анын үстүнө кандын тулпары мурдагыдан да жакшы жүнү жылтылдап ыргыштап карматпай калат. Буга кан аябай таң калат.

Бир күнү кан баягы жигитти чакырып калат. «Атың ким?» дейт. «Атам – Мендирман». «Мендирман, анда менин бир суроом бар, сага чейинки тулпарды баккан адамдар үч кап арпа бир айга жетпей калды деп, улам кайра сурап алып турчу эле. Эмне себептен үч кап арпаны алты айга жеткирдиң жана тулпар да семиз чыкты?» деп, кан Мендирмандан сурады. Анда Мендирман: «Ээ, каным, ач көз адамдын колунда береке болбойт. Алар тулпар менен кошо арпаны жешкен да, Экинчи бир себеби, тулпар өзү тойбогон мал болот. Ач көзүрөөк келип, арпаны чайнабай жутат. Мен ошол арпаларды заңынан кайра жууп, кургатып кайра бердим. Ошентип үч кап арпа алты айга жетти деди. «Ии, мында бир кеп бар экен» деп, кан ойлонуп калат.

Каракандын бир адаты болор эле, ал жакшы көргөн адамына ар убакта өз колу менен нан берүүчү экен. Бул жолу да Мендирманды эркелетип, нан

сындырып берет. Андан кийин «Мендирмандын баскан турганына көз сал» деп, артынан бир жигитти аңдытып коёт. Ал жигит Мендирмандын баскан-турганын канга жеткирип турат.

Бир күнү Мендирман кандын тулпарын сугарып жатып: «Уйга чалышкан жери бар экен» деп күбүрөп калат. Аны баягы жигит канга жеткизет. Кан Мендирманды чакыртып: «Ээ, Мендирман, саяпкер көрүнөсүң, менин тулпарымды сынап бер» дейт. «Жок, каным, Кан менен кандын тулпарына сын жок» дейт Мендирман. «Тулпарды сынайсың: Сынабасаң башыңды алам» дейт кан.

Мендирмандын айласы кетип, тулпарды жетелеп чыгат. Суунун ары жагына бир тартып, бери жагына бир тартып, кечирип: «Тулпарың тулпар экен, бирок, уйга чалышкан жери бар, андан башка айыбы жок» дейт.

Кан буга таң калат. Чынында эле тулпардын ысыкта элирип, салкында жакшы жүрмөй адаты бар экен. Бирок, «мунун уйдан чалышканын кантип билди?» деп ойлойт кан. Ал жылкычысын чакырып: «Тулпардын кандай туулгандыгын айт» дейт. Ал киши: «Мунун уйга чалынышканы чын. Мунун туулганын адегенде мен көрбөй калдым, бирок кийинчерээк барсам, уйду ээмп турган экен, чаар бээ жанында оттоп жүрүптүр, мунун уйга чалышканы ушул» дейт.

Кан Мендирманга ыраазы болуп: «Тулпардын сынын туура айттың, бирок тиги ысыкта элирип, салкында жакшы жүргөнүн кайдан билдиң?» дейт. «Аны билүү оңой. Төрт түлүк мал ичинен ысыкта сайгактаган уй, ылаалаган ат. Тулпар ылаалабайт, бирок элирип кетет, бул – уйдан калган адат» дейт Мендирман.

Кан: «Ээ, Мендирман, эми мени сынап көр» дейт.

«Канга сын жок» дейт Мендирман. «Мени сынабасаң башыңды аламын» дейт кан. «Эми болбостур» дейт да, Мендирман канды «ары кара, бери кара»

дейт. «Ары карасаң кандын уулу кейиптенесиң, бери карасаң наабайчынын уулу экенсиң» дейт.

Кандын ачуусу келип энесин чакыртат. Энеси сексенге барып калган экен. «Эне бул жигит мени – наабайчынын уулу деди. Ачык айтып ак сүйлө, жалган айтсаң башыңды алам» дейт. Анда энеси, «өлөрүм калды, өсөрүм калган жок, эми кантип калп айтайын, жазыксыз кишинин күнөөсүн тиги дүйнөгө кантип алып кетейин, мунун айтканы чын. Атаң баласыз жүрүп, карыганда боюма бүхүп, мен төрөр күнү да наабайчынын аялы да толготту, экөөбүз бир күнү төрөдүк. Меникин карасам кыз, аныкы эркек экен. Аны кара басып эс учун билбей жаткан эле, алдымдагы кызды ага жылдырып, анын алдындагы эркек баланы өзүм алдым. Менин жазыгым ушул, кааласаң башымды ал же тиги жигитти бошот» дейт.

Кандын ачуусу келип, энесине сөз айта албай, Мендирманга дагы суроо берди: «Менин наабайчынын уулу экенимди кантип билдиң?».

– Ал эң эле жөнөкөй, – дейт Мендирман. Ар кимдин өз иши өзүнө кымбат. Сиз ар убакта көңүлүңүзгө жаккан кишиге нан сындырып берчү элеңиз. Наабайчыга нандан кымбат нерсе жок. Ошон үчүн «наабайчынын баласы го» дедим.

Кан мунун таап айтканына ыраазы болуп: «Сен мындан ары ат багуучу болбой, кырк жигиттин бири болчу» деди.

Мендирман мындан дагы бат эле көрүнө баштады. Ал барган жердеги иштер бат бүтүп, жигиттер да кадырлай баштады.

Аны көргөн кан адегенде оң башы, анан кырк башы кылды. Каракандын алты шаар эли бар эле. Эл дагы Мендирманды кадырлай баштады. Муну көргөн Каракан бир күнү аны чакырып алып: «Ата-баладай болуп калдык, мага башкы вазир бол, алты шаарды кыдыр сүйгөн кызыңды алып берейин» деди, Мендирман ат арытып жүрүп, Гүлгаакы деген кыз-

ды жактырды. Ал ай десе арксыз, күн десе көрксүз ашкан сулуу экен. Чоң той берип жатып, Мендирман үйүнө алып келет... Аны көргөн кандын жигиттери канга барып: «Каным, Гүлгаакы Мендирманга эмес, сизге ылайык» дейт. Каракандын көңүлү бузулуп, кандай жол менен аларын билбейт.

Бир күнү ага бир кемпир келип: «Алтын-күмүш мол берсеңиз, мен Мендирмандын аялын кантип алып берүүнүн жолун табамын» дейт. Кан макул болот. Анда мындай дейт кемпир: «Карт ооруган адамга Айөкөндүн сүтү дары. Карт ооруп калыптырмын деп Мендирманды Айөкөндүн сүтүнө жибер. Ага барган киши көп болгон да, келген киши жок болгон. Барган кишини Айөкөн жутуп таштайт. Андан башка Айөкөндүн жолунда кырк каракчы бар, же кырк каракчыдан же Айөкөндөн өлөт» дейт.

Кан карт оорумуш болуп, Мендирманды чакыртып келип: «Мендирман балам, ата-баладай болуп калдык эле, карт ооруп калдым. Айөкөндүн сүтү дары дейт, сенден башка жигит жарай турган көрүнбөйт. Ошол Айөкөндүн сүтүн алып келип бер» дейт. Мендирман: «Барса барайын, бирок жети күнгө уруксат бер» дейт. Кан макул болот.

Мендирман кандын оюн түшүнүп, алты шаардын темир усталарын жыйнап, жети катар темир үй салдырат. Сегизинчи күнү канга келип: «Мен Айөкөндүн сүтүнө барууга даярмын» дейт.

«Бузукунун тилине кирип, жакшы көргөн вазиримен айрылып каламбы, сулуу аял кайда жок» деп, Каракан кайра ойлойт да: «Мендирман балам, жакшы болуп калыптырмын. Айөкөндүн сүтүнө барбай эле кой» дейт. Анда Мендирман: «Тарт колуңду тарт! Мен айтканымдан кайткан эмесмин» деп, атынын башын буруп жүрүп кетет.

Айөкөнгө барчу жол алыс экен. Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп Мендирмандын аты ыргайдай, өзү торгойдой болот. Бир күнү Мендирмандын аты:

«Мен, мен, мен бийик,
Мен үстүмдө сен бийик.
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?

деп сураганда Мендирман төмөнкүдөй жооп кайтарат:

«Кара айгырдын көзүнө Калчарыңкы көрүнөт. Мендирмандын көзүнө Түк эчтеме көрүнбөйт»

Анда ат:

– Тээ алыскы көрүнгөн кара тоонун этегинде кырк каракчы жол тосуп олтурат. Сен да өлөсүң, мен да өлөмүн – деди.

– Бара көрөбүз, ажалсыз чымын өлбөйт, ажалыбыз жетсе, качсак да өлөбүз, куусак да өлөбүз. Тике бара бер – дейт. Мендирман.

Кырк каракчы:

– Аттан түш, башыңды алабыз, атыңды соебуз – деп Мендирманды тизгиндер алышат.

– Өлтүрсөңөр өлтүргүлө, даарат алып алайын, уруксат бергиле, – дейт Мендирман. Мендирман даарат алып жатканда кырк каракчы кеңешет: «Алдыбыз ак сакал болдук, артыбыз көк сакал болдук, мындай неме көрө элек элек, колго түшкөн кишинин баары: «Балам жаш эле, ата-энем кары эле» деп ыйлашчу, бул тегин киши көрүнбөйт, аны айткан жок, талаалап жүрүп өлөбүзбү, белдүү киши болсо, ушуну бел байлап, эл четине барып оокат кылсак кантет?» Ак сакалдын сөзүнө баары макул болушат. Мендирман келгенде алжайын сурап, кырк жигит кылып алуусун өтүнүшөт. Мендирман макул болуп, Айөкөндүн сүтүнө бараткандыгын айтат, «кайра келатып алып кетем» дейт. Кырк каракчы ай туяктуу бээ чалышып, курларын моюндарына салышып, кудайга жалынышып, Мендирманды Айөкөнгө жөнөтүштү.

Бир күнү Мендирмандын аты сүйлөйт:

«Мен, мен, мен бийик Мен үстүмдө сен бийик. Мен көргөндү көрдүңбү? Мен билгенди билдиңби?

Мендирман:

«Кара айгырдын көзүнө Калчарыңкы көрүнөт. Мендирмандын көзүнө Түк эчтеке көрүнбөйт.

Анда ат айтат: «Тээтиги жүлүндөй жерден түтүн чыгат, ошол жерде Айөкөн бар: «Ассалоомалейкум, энеке?» деп айт. «Салам айтпасаң саргайтат элем, балам» дейт. «Алик албасаң алсыратат элем энеке» де. «Эмнеге келдиң, балам?» дейт. «Сиздин сүтүңүзгө келдим» дейсиң. «Менин сүтүм ушул» деп, кырк кулачтуу казанды тегеретет. Ошондо мен коендон жапыс болоюн, сен кыргыйдан илгич бол. Кырк кулачтуу казанды жалыма койсоң, качып жөнөймүн. Казанды алалбай калсак өлдүк, сени да мени да жутат. Казанды алып кетсек, «Мен жеңилдим» деп ал чакырат, кайра барабыз ».

Ошентип, Айөкөнгө барышат. Жолдо сүйлөшкөндөй кылышат. «Менин сүтүм ушу» деп, кырк кулактуу казанды тегеретип жиберди эле, аны лып илип алып Мендирман казанды ат жалына коюп качып жөнөйт. «Мен жеңилдим, балам» деп, Айөкөн кайра чакырып калды. Мендирман келсе, анда Айөкөн айтат: «Балам, менде сүт жок, сени касташкан бирөө жиберген экен. Мага келген киши көп болгон, кеткен киши жок болгон. Башыңа иш түшсө түтөткүн» деп мурутун жулуп берет.

Мендирман келатса, кырк каракчы кырк дөбөнүн үстүнө туруп алып, буркурап ыйлап отурушкан экен. Мендирманды көрүп сүйүнүшүп бээ союп, той беришет. Мендирман Каракандын шаарына келсе, аялына жасаткан темир үйдүн алтоону талкалап, жетинчисине киришкен экен. Кырк жигит менен Мендирман согушка кирет. Кан көптүккө салып, Мендирмандын жигиттеринин көбүн өлтүрүп жиберет. Мендирман чарчап-чаалыгып качып чыгат. Ошондо Айөкөндүн айтканы эсине түшүп, анын мурутун күйгүзгөндө ал даяр болот. Ага бардык окуяны айтат. Айөкөн үрүп чыккан итин жутуп, мөөрөгөн уюн жутуп, кандын айлын талкалап жиберет. Кан-

дын айласы кетип «Мендирман эле, Мендирман, жеңилдим эле, жеңилдим, желмогузуңду алып кет, ордума кан бол» дейт.

Ошондон кийин Мендирман кан болуп жашап калган экен.

## АЖЫДААР АЯЛ

Илгери бир мүнүшкөр кан жигиттери менен куш салып жүрсө, кушу учуп кетет экен. Кандын бир жигити артынан барып, таппай кайра келет. «Каным бир укмуш, мен кушту кубалап баратсам, жолумда чоң таштын тубундө ай десе арксыз, күн десе көрксүз бир сулуу кыз туруптур, салам бергени барайын деп сулуулугунан сүрдөп жанына бара албай койдум» дейт экен жигит.

Кан бул кабарды угары менен баягы жерге келсе, жигит айткандай ааламда жок бир сулуу кыз турат.

«Кай тараптан, кай элден келе жаткан периштесиң?» деп сурады кан. Сулуу жылмайып: «Күн чыгыш тараптан, өзүмө теңдеш бактылуу күйөө табар бекенмин деп өңдөн азып, жер кезип келем» деди. «Андай болсо мен бир элге канмын, жактырсаң мага тийгин» деди. Сулуу бир аз ойлонду да: «Мен сизге тиемин, бирок, мен бир шарт коемун. Мен турган үйдө сиз гана болосуз. Башка адамга кирүүгө тыюу саласыз». «Сулуунун айтканын аткарбаса айнып кетеби? деп кан макул болуп, кызды жоргого миндирип алып шаарын көздөй жөнөдү. Кан-шаан-шөкөт менен чоң той берип, аялын өзүнчө ордого коюп, айтылган шартты толук аткарды. Ортодон күндөр өттү. Кан катуу жүдөй баштады: каны качып арыктап, сөлөкөтү гана калды. Кандын ордосуна жан келмек турсун, абадан куш учуп өтпөйт. Ошол убакта падыша «сыркоолоп жүрөм» деп табып чакыртат. Адем аттуу табып кандын аялы турган ордого келип, «эмне бар экен» деп ордонун жарып аккан сууну бөгөп көл

кылып агып жаткан ажыдаарды көрөт экен. Табып жүрөгүн токтотуп, «дагы эмне болор экен» деп, тиктеп турса, бир оокумда баягы ажыдаар келишкен сулуу болуп, созула басып үйүнө кирип кетет. Адем табып кандын оорусу эмнеден болгонун эми түшүндү. Кайра канга барып: «Үйдөн көрүп дарылайм» деп табыптыктын бардык ыгы менен кандын ден соолугун шашпай текшерип чыкты, кандын аялы сынын бузбай созулуп гана отура берди.

«Дартым эмне экен?» деп сурады падыша. «Дартыңыз жок, ден соолугуңуз түзүк, жөн эле мүнүшкөрлүктү таштап коюпсуз, жигиттериңизди ээрчитип, көңүл ачсаңыз эле ордуна келет» деп табып эч нерсе ооз тийбей таазим кылып чыгып кетти.

Кан эртеси кушун кондуруп, жигиттерин ээрчитип чыкты. Кайра тартып келатканда жолунда табыптын турганын көрдү. Кан кайрылып салам берип: «Жол болсун, табыбым» деди. Анда Адем табып: «Каным, кече дартыңызды тапкан менен аялыңыздан айбыгып айта албадым, ал сулуу аял эмес – ажыдаар экен» деп болгон окуяны канга айтып берди. «Анын ажыдаар экенин өз көзүмө көргөз, анан ишенейин» деди кан. «Болуптур» деди табып. Биринчиси, тирүү кекилик алып үйүңө киргин, кирери менен жан берет, себеби ал айбандардын биринчи жоосу, көрөөрү менен жүрөгү түшүп өлөт. Экинчиси: агып жаткан сууну какшытып башка бургуз! Кечинде туздуу жакшы бир тамак жасатып кадырың салсаң да, жалдап жегиз! Үйүңө бир идишке да суу койгузба, анан уктамыш болуп карап жаткын, анан билесиң, каным, андан кийинки амалды өзүм табамын» деди табып.

Айткандай үйүнө кан тирүү кекилик алып аялына көргөзмөк болду, аял колуна алганда кекилик тырп этпей жан берди. «Куштан жүрөгү түшүп калса керек» деп кан шек алгызбады.

Бир аз күн өткөндө кан экинчи шартты жасады. Түн ортосу ченде кан уктамыш болуп карап жатса,

төшөктөн ажыдаардын башы сойлоп чыкты, куйрук жагы кандын денесине тийип жатса да өтө созулуп ар кайсы идиштен суусаган ажыдаар суу издей баштады, бирок суу таппай айласы кетип, кайра жыйрылып мурдагы калыбына келип: «Үйдө суу жок экен, өзөндөн суу алып келе койчу» деп, канды ойготту. Кан өзөнгө барып: «Анда да суу жок экен» деп куру кайтып келди. Аңгыча таң да атты. Аялдын тынчы кетти.

Кан ордосуна барып көргөнүн бүт жигиттерине айтып, дарыяга сууну бурдуруп, ыраактан карап турса, аялы эки жакты абайлап сууну бөгөп, ажыдаар болуп суусуну канганча суудан шимирди. Кан Адем табыпты дароо таптырып, ажыдаарды кантип жок кылуунун сырын сураса: «Падышам, эми мунун 80 күндүк жашы калды, ошондон кийин чыныгы ажыдаар болот, ошого чейин жок кылбасаң бүт шаарыңды сорот. Буга темирден, терезеси жок үй салып, алдап киргизип, эшигин жаап, туш-туштан от коюп, өрттөп гана жибербесек, башка айла жок, тамакка уу кошуп берсең сен жебесең, деле ооз тийбейт. Сен шек алдырбай мурдагыдай эле жүрө бер» деди табып. Кан бир жуманын ичинде усталарга темирден үй салдырат. Кан аялын ээрчитип келип, баягы үйгө киргизет. Аялы үйгө кирип кылчайып канды чакырганча, эшик шак жабылып кулпуланып калат. Даяр турган усталар көрүгүн күркүрөтүп, туш-туштан отту үйлөп кирди эле, темир үйдүн ичинен кулак-мээни жарган ажыдаардын үнү чыкты. Эртеси ачып караса үй толгон ажыдаардын күлү калыптыр. Элди азаптан куткарган, Адем табыпты падыша сарайынан орун берип, ордо кишиси кылып алган экен. Эл аман, жер аман, амалдуу ажыдаардан кутулган кан мурдагы калыбына келип, аман-эсен элин жоодон сактап көп жыл өмүр сүрүптүр.

## ТАЛКАМЫШ

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен, бир кемпир чал жашаптыр. Алардын үч кызы, бир уулу болуптур. Уулу эң улуусу, бирок үйлөнө элек кези экен. Баланын бир карындашы турмушка чыгып, эки карындашы али жаш. Ал күндөрдүн биринде колуна бир алма алып, «кимге тийсе ошону аламын» деп ант ичип, ыргытып жиберсе, алма барып өзүнүн ортончу (карындашына тиет. «Атаа, ушунча кыздын ичинен өз карындашыма тийгенин кара» деп, бала аябай кейийт. Бирок, ант ичип койгондон кийин айла жок, карындашын алмак болуп, ата-энесин айттырат.

Агасынын бул оюн карындашы билбейт, капарсыз ойноп жүрө берет. Бир күнү кыз меке (жүгөрү) кайтарып отурса, бир карга учуп келип аны жей баштайт. Кыз мекени коруп, карганы кесек менен урду эле, карга: – Ой келесоо кыз, сен жөнүндө эмне кеп болуп жатканын билбейсиңби? – деди. – Мен жөнүндө эмне кеп болмок эле, сөзгө алаксытып мекеден жеп алгың бар ээ, жогол ары! – деп кубалай баштайт. – Мен сен билбегенди билгизейин деп жатам, келесоо сени агаң алганы жатат, – дейт. Жогол, көзүмө көрүнбөй, карындашы агасына тийген каргаларда гана болот, силерден бери өтпөсүн, бизге жетпесин. – Агаңдын алма менен урганы эсиңдеби? – Урса эмне болот экен? – Анда сен билбесең, мен билем, акең алма кимге тийсе, ошону алам деп ант ичип койгон, эми сени алат, – дейт да, учуп кетип калат.

Кыздын ачуусу келип, үйүнөн качып чыгат. Кете берет, кете берет. Акыры чарчаганда бир таштын үстүнө чыгып отуруп алып аябай ыйлайт, Таптакыр акесине тийгиси жок, же өлгүсү жок. Ошентип, соолуган мекедей болуп отурса, кайдан-жайдан бир киши чыга калат. Кыз коркуп кетип: «Ачыл, ачыл Талкамыш, мен ичиңе кирейин» десе, таш ачылып кетет да, кыз ичине кирип, алиги кишиден жашынып калат. Кыз-

дын ата-энеси аны издеп ойду да кыдырат, тоону да кыдырат, чөлдү да кыдырат, көлдү да карашат, такыр таба алышпайт. Жолуккандын баарынан сурашат эч ким «көрдүм» дебейт. Издей беришип арып чарчашат. Эптеп кызын таап уулуна алып бермек болушат.

Анткени, айткан антын аткара албаса, баары бир уулу өлмөк, кызы жоголмок. Ошондуктан «уулубуз өлбөсүн» кызыбыз жоголбосун, экөө биригип өмүр сүрсүн» деп байкуш ата-эне далбаса урушат. Ата-энеси издеп жүрүп бир кишиге жолугуп, андан кызды сурашат: «Орто бойлуу, терең ойлуу, кара каштуу, узун чачтуу, оозу оймоктой, бетинен каны тамган, эки көзү чырактай жанган кыз көрдүңбү, жолоочум?» – Ооба, карыялар, айтпасам чындык уялар, айтсам көңүлүм кыярар, ал кыздын айласы Кызырдай эле бар, тетиги таштын үстүндө отуруптур, жакындасам көздөн кайым болду» дейт жолоочу.

Кемпир-чал таштын жанына барса, кызы көрүнбөйт. Ошондо чал мындай дейт:

«Мен кызымды көрөйүн,
Ачыл, ачыл, Талкамыш,
Дидарыңа тоеюн?!»

Анда кыз унчугат:
«Кой, Талкамыш, ачылба,
Мен атамды көрбөймүн,
Дидарына тойбоймун,
Болду, кеткин, кайната!»

Талкамыш кыздын тилин алып ачылбайт, кемпир-чал ыйлап-ыйлап үйүнө кайтышат, уулун аябай урушат. Кудайына даттап энеси кайрадан келет да:

«Айланайын Талкамыш,
Кылчы мага кол кабыш!
Мен кызымды көрөйүн,
Дидарына тоёюн.
Ачыла кой Талкамыш,
Коркот кызым жапжалгыз?!»

Кыз эми мурункудан да катуу кыйкырат:

«Менсиз такыр шашылба,
Кой, Талкамыш, ачылба!
Билем келди эмнеге,
Мен апамды көрбөймүн,
Дидарына тойбоймун,
Кете берсин, кайнене!»

Апасы көзүнүн жашын көл кылып, үйүнө барат, уулун өлгүчө урушуп, улуу кызын жиберет. Эжеси келип:

«Айланайын, тартынба,
Эжең турат жаныңда
Ачыл, ачыл, Талкамыш
Ачылбасаң чоң намыс,
Мен сиңдимди көрөйүн,
Дидарына тоеюн.
Ачыла кой Талкамыш
Кел садага болоюн?!»

Кыз мурункудан да ачуулуу кыйкырат:

«Бежирейсиң сен неге,
Мен эжемди көрбөймүн,
Дидарына тойбоймун,
Кое тургун, шашылба,
Талкамыш, түк ачылба,
Кете берсин, кайынэже!»

Эжеси шолоктоп үйүнө барат, акесин аябай жемеге алат. Ошентип, үй-бүлөнүн башына катуу кайгы түшөт, күндүз-түнгө, түн түнөрүңгө айлангандай болот. Ошондо кайраттанып өзү жаш секелек, өрүмгө чачы жете элек сиңдиси келет да:

«Ачыл, ачыл, Талкамыш,
Айланайын балкамыш
Мен эжемди көрөйүн,
Дидарына тоеюн!» дейт.

Анын үнүн угуп, эжеси да сүйүнүп кетет да:

«Мейлиң ачыл, Талкамыш,
Мен сиңдимди көрөйүн,

Дидарына тоеюн.
Макул болсо ширин тил,
Көтөрүп алып жөнөйүн!» дейт.

Талкамыш ачылат, кыз сиңдисин кучактап алып ыйлап: «Эми сен үйгө бара бер, мен адамдын кулагы угуп, буту жеткис алыска кетем» дейт. Сиңдиси: «Мен артыңыздан калбайм» деп болбой койгондо көтөрүп алып андан ары жөнөйт. Кете беришет, кете беришет. Арып ачып, аябай суусашат. Бирок, такыр эле суу жолукпайт. Бир жерге барышса, эчкинин мүйүзү сыяктанган суу агып жатат. Сиңдиси «ушу суудан ичем» дейт. Эжеси болбойт, сиңдиси ыйлап баспай койгондо айласы кетип, «мейлиңчи» деп тим коет. Жата калып эчки мүйүз суудан шимирет да, ошол замат кийиктин улагына айланып, таптак секирип маарап тура калат. Эжеси ага аябай өкүнөт, өкүнгөндө айласы канча? Сиңдиси кийиктин улагы болуп аркасынан ээрчийт, кете беришет. Күндүзү жүрүп, түнүндө укташат. Капталы каркайган тоолордон азуусу аркайган аскалардан өтүшөт.

Бир кезде алдыга көз таштаса, ааламда жок ак сарай турат. Кыз улагын мааратып, сүйүнгөн бойдон кирип барат. Ак сарайда бир бай жигит жашап турат экен. Аялы аябаган тажаал, адамга ырайымы жок таштан катуу адам экен. Кыз улагы менен анда жашап калат. Байдын оту менен кирип, күлү менен чыгып, ага жагат. Бай кыз үйгө кирсе үйгө кирип, сыртка чыкса сыртка чыгып аябай кызга кусадар болуп калат. Күндөрдүн биринде жигит кызды алмак болуп, той түшүрмөккө макулдашып, ууга чыгып кетет. Ал ууга кеткенде аялы алдап ээрчитип барып кызды сууга түртүп жиберет да, кечинде күйөөсү уудан кайтканда: «Кыздын сенде көңүлү жок, той түшүрөм дегенди угуп, эртең менен эле, кетип калган» деп коет. Жигит аябай капа болот. Аялы аяк-быягына чыгып, «улактын эти таттуу деп угам, улакты союп жаш сорпо ичпейлиби» дейт.

«Соебуз» дегенди угуп, улак жүгүрүп суугa барат да: «Эжеке мени сойгону жатышат» деп үн салып ыйлап жиберет. Анда кыз: «Кагылайын чунагым, кандай күнгө туш болдуң, эми айлаңды кантем, белимден кумга басылып, чыга албай жатпаймынбы» деп кыйкырат. Бай улак менен кыздын сөзүн угуп, иштин жайын түшүнөт да, жети күн бою өзүнүн сандаган төөлөрүнө, эчкилерине, койлоруна, уйларына, жылкыларына – төрт түлүк малына суу ичирбей туруп, сегизинчи күнү баарын айдап чыгарды эле, сай кагырап кургап калды. Ошентип, кызды суудан чыгарып алды. Көрсө баягы кыз жашынган таш кубулуп жүргөн байдын өзү экен, аты Талкамыш экен. Ошондо эле кыздын дидарын көрүп ашык болуп калыптыр. Улак сүйүнгөнүнө чыдабай ары-бери жүгүрүп, оюн салды эле, мурунку калыбына келе калды. Талкамыш кырк күнү тоюн, отуз күнү оюн кылып кызды аялдыкка алды. Алар азыркыга чейин бактылуу жашашат экен.

# АЙБАНАТТАР ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОМОКТОР

## АБЫШКА МЕНЕН ТҮЛКҮ

Бар экен, жок экен, бир түлкү бар экен, ал бир тоодо жашачу экен. Анын барган сайын бир жагынан жей турган оокаты түгөнүп, бир жагынан аңчылар көбөйүп, түлкүнүн турмушу кыйындай баштайт. Ары-бери караса, жан багар жайдын ылайыгы жок, эгер аңчылар көрүнсө, кутулар чарасы жок, түлкүнүн амалы куруйт.

Ошол түлкү жашаган тоонун этегинде дагы бир абышка-кемпир оокат кылып туруучу экен. Бир күнү түлкү абышка-кемпирге келип: «Менин ичимде жети балам бар, кыштан аман-эсен багып чыгарсаңар, жети баламды беремин, андан көрө мени жакшылап баккыла» деп суранды. Абышка-кемпир акылдашып: «Айтса-айтпаса төгүнбү, жети түлкү бир ичик турбайбы, ийгиликтин эрте кечи жок, жаз жакында чыгат, түлкүнү багып алалы» деп макул болушту. Кемпир-чал күндө бир аз сөөк таштап коюшат, ага түлкү канааттанбай жүдөп кетти.

Бир күнү түлкү абышка-кемпирге: «Менин ичимдеги балдарым өлүп кала турган болду. Мага шерик болуп жардам кылсаңар, тоодогу мыкты аңдарды колуңарга түшүрүп беремин. Силерге териси мага эти пайда болор» деди эле абышка: «Ал кандай аң?» деди. Түлкү: «Арстан, жолборс аюу, бөрү» деп жооп берди. Кемпир түлкүнүн сөзүн угуп, «оо, чедирейген желмогуз, биздин түпкө жеткени жүргөн турбайсыңбы» деп, аны как тумшукка сабоо менен бир салды.

Абышка көпкө ойлонуп отуруп, акыры түлкүнүн сөзүнө макул болду. Эртеси түлкү тоого чыгып, кандын жигиттеринен качып жашынар жер таппай, шашып жүргөн бир каманды жолуктурду. Каман: «Түлкү досум, мени кубалап келе жатышат, жардам бергин» деди эле, түлкү: Төмөн жакта жүргөн

абышкага баргын. Сени ошол аман алып калат» деди. Каман жалынып-жалбарып: «Айланайын, түкө, мени ошол абышкага ээрчитип барчы?» деп суранды. Түлкү каманды абышкага ээрчитип келди. Каман: «Мени кандын жигиттеринен аман алып кал» дегенде, абышка макул болуп, «үйгө кир» деп каманды үйгө киргизди. Ушуну эле күтүп турган түлкү акең карап турчубу, «капка кире койгун, мен оозун байлай салайын» деп, каптын оозун ача койду. Аңгыча кандын жигиттери келип, үйгө кирип, каманды таба албай кайта кетишти. Абышка алар кеткенден кийин: «Айдап койгон аштыкты жеп, жуп-жумуру болуп бу капырдын семиргенин карачы, мага пайдасы тийген эмече «аңчылардан ажыратып койгун» деп келгенин көр, деп каманды өлтүрүп, терисин сыйырып алып, этин түлкүгө берди.

Дагы бир күнү түлкү ууга чыкты. Аңгыча аңчылардан качып кайда бararын билбей шашып жүргөн бир бөрү жолугуп: «Эптеп мени жашырып кал, досум» деп жалынып-жалбарды. Түлкү муну да алдап абышка-кемпирдин кабына түшүрдү. Кемпир: «Былтыр көк улагымды жеп койгон көк чунак ушул болчу, эми колума түшкөн турбайбы» деп, сокбилек менен солкулдатып уруп өлтүрдү. Мунун да терисин абышка сыйрып алды, этин түлкү жеп тоюнуп калды. Түлкү дагы бир күнү тоого чыгып, бир жыгачтын башында отурган аюуну көрүп, жанына барды. «Айланайын түкө, жолборстун аңдыганына беш күн болду. Ошондон бери коркуп, жыгачтан түшпөй отурам. Кандай айла кыламын?» деди эле: «Мында бир абышка-кемпир бар, ошолор куткарат» деп, муну да ээрчитип алып келди.

Абышка капка киргизип оозун байлап: «Жалбыр, жалбыр жалпаңдаганынан көр, салбыр, салбыр салпаңдаганыңдан көр, абышка-кемпир кой ичигине жарыбай жүрсө, мунун дүнүйөнүн ичигин жалгыз өзү кийип алганын көр», деп, чоюн баш менен уруп

өлтүрдү. Ал арада жолборс келип: «Аюу ушунда келдиби?» деп сурады. Жолборсту көрүп абышка, түлкү шашып калды. Абышка алдоого тырышты, түлкү актанууга шашты. Аңгыча болбой жолборстун артынан арстан кууп келип калды. Жолборс өңдөн кетип, түлкүгө жалынып: «Айланайын түкө, бир жакшылык кылып, жашырып кал» деди. Түлкү кемпирдин көң салган кабына алып келип: «Ушунун ичине кире калгын» деди.

Жолборс каптын ичине кирер замат абышка оозун байлап кемпири тура калып: «Бул менин агамды өлтүргөн, агамдын кунун аламын» деп, как маңдайга чоюнбаш менен чакылдатып уруп өлтүрдү.

Аңгыча арстан үйгө кирип: «Жолборс кайда кетти?» деп, айкырык салды. Абышка-кемпир коркуп дирилдеп эстен танды, түлкү жойпуланып ар жак бер жагына чыгып, ачуусун тарката албай, берер жообун камдай чебеленип калды.

Ошол мезгилде найзаларын жалаңдатып, мылтыктарын арбайтып, жааларын эрбейтип, бир топ аңчылар жетип келди. Арстандын шаштысы кетип: «Эмне кылсаң да куткар, сенин кулуң болоюн» деп абышкага жалынды. Абышка кырк бээлик сабаанын оозун тиле салып, арстанды ичине киргизип жиберди эле, кемпир ошо замат оозун тигип койду да: «Азуулуунун падышасы болбой, кудай болуп калсаң да, эми сабадан чыгар алың жок» деп, чоюнбаш менен ура баштады. Ошентип, абышка-кемпир арстанды да өлтүрүп, жолборстун терисине кошуп экөөнүн тең боз үйдүн ортосуна керип коюшту. Аңгыча аңчылар келип, арстанды сурап үйгө киришти эле, бирөөнүн колундагы бүркүт түлкүнү көрүп «аламын» деп жулунду. Түлкү коркконунан кирерге тешик таппай бүжүрөп калганда, кемпир чыйпылдап тура калып: «Үйдө жаткан абышка-кемпир аюу, жолборс алса, тайган ээрчитип, бүркүт алып, жарак-жабдык асынып жүрүп, кур кайтканыңарга жол болсун?!

Эмне, аңды менин алты канат үйүмдүн ичинен издеп келдиңерби? Ушунчалык жер жайнаган аңдан тырмагыңарга илинбей, үйдө жаткан түлкү баламдын жүрөгүн түшүрүп, бүркүтүңөрдү телпеңдеткениңер кандай?» деп сабоону алып, бүркүттү башка бир чаап өлтүрүп салды. Муну көрүп турган аңчылар «Жолборс менен арстанды өлтүргөн мастан кемпир бизди да өлтүрөт экен» дешип үйдөн чыга жөнөштү...

Ошентип, абышка-кемпир олжого тунуп, түлкү этке тоюп, жыргап-куунап жатып калышкан экен.

## МЫШЫК, ТҮЛКҮ, АЮУ, КАРЫШКЫР

Мышыкты бир күнү ит кубалап, иттен качып бара жатса, алдынан түлкү чыкты. «Ой, сен кимсиң?» деп түлкү мышыктан сурады.

Мышык: «Мен азуулуу айбандардын падышасымын, сенин үйүң кайда, сага конокко келдим» деди. «Менин үйүм мына» деп түлкү ар жагына бир чыгып, бер жагына бир чыгып, жылмаңдап бир ийинге ээрчитип барат экен. «Сен азуулуу айбандарга кабар кылгын, мени жакшылап конок кылышсын» деди мышык.

Түлкү жасоол болуп, азуулуу айбандарга бара жатса, алдынан карышкыр чыкты. Карышкыр: «Сен кайда бара жатасың?» деп сурады. «Биздин үйгө азуулуулардын падышасы мейманга келип калды, тамак камдагын деп жиберди» деди. Карышкыр бир кой жетелеп алды. Түлкү андан ары жүгүрүп бара жатса, алдынан аюу чыкты. «Түлкү, сен кайда чаап баратасың?» деп сурады аюу. «Биздин үйгө азуулуулардын падышасы мейманга келип калды. Тамак камдагын» деп түлкү аюуга айтты. Аюу бир торпогун жетелеп алды.

Аюу, карышкыр, түлкү үчөө мышыктын үстүнө келип: «Падышага үйрөнүшкөн сен тамак бергин» деп аюу менен карышкыр торпогун, коюн өлтүрүп

түлкүгө беришти. «Падышаны ыраактан көрөмүн» деп аюу карагайдын башына чыгып кетти. «Мен мына бул жерден көрөмүн» деп карышкыр ийиндин оозундагы чөпкө жашынып жатты.

«Падыша аке, тышка чыгып, тамак жеңиз» деп мышыкка түлкү кабар берди эле, ал ийинден чыгып тамакты кырылдай жей баштады.

Аюу карагайдын башында турса дагы коркуп отурду. Падышаны көрөйүн дегендей карышкыр чөптү кыймылдатып койду эле, мышык чычкан экен деп жутунуп калды. Карышкыр: «Мени көргөн экен» деп былк этпей калды. Карышкыр чыдай албай дагы чөптү кыймылдатты. Мышык секирип барып басты эле, карышкыр тура качты. Баягы мени кууган ит экен деп, мышык карагайды көздөй чыга качты. Мени көрүп койгон экен деп карагайдагы аюу качам деп учуп өлүптүр.

## ТОРГОЙ

Учуп келаткан торгойдун топусу эрмендин арасына түшүп кетти. Торгой эрменге карап:

– Эрмен, эрмен топумду алып берчи, – деди.

– Сенин топуң эмес, өзүм ордуман козголо албай турам, – деди эрмен.

– Анда сени эчкиге айтып жегизем, – деди да, торгой эчкиге келди.

– Тетиги жерде көп эрмен бар экен, ошону жесең болбойбу?

– Эрменди жемек тургай, улагымды көтөрө албай араң эле жүрөм, – деди эчки.

– Сени карышкырга айтып жегизем, – деп торгой учкан бойдон карышкырга барды:

– Карышкыр, карышкыр, төмөн жакта бир эчки турат, жесең боло.

– Эчки жемек түгүл, үңкүрүмдү каза албай жатам, – деп жооп берди карышкыр.

– Сени жылкычыга барып айтайын, азыр чаап алсын! – деди да, торгой сызган бойдон жылкычыга жетти:

– Жылкычы, жылкычы төмөнкү коктуда бир карышкыр үңкүр казып жатат, чаап алсаң боло.

– Карышкыр чапмак түгүл, жоголгон жылкымды таба албай жүрөм, – деп жылкычы сүйлөдү.

– Сени байга айтпасамбы, – деди торгой.

Анан байга келди:

– Бай, бай, жылкычың жылкыларды жоготуп, таппай жүрөт, аны урсаң боло.

– Жылкычыны урмак түгүл, казымды көтөрүп баса албай отурам, – деди бай.

– Сени чычканга айтып казыңды тештирейин, – деп торгой чычканга келди.

– Байдын казысын тешмек түгүл, балдарыма ийин каза албай жатам, – деп чычкан чыйылдады.

– Сени тентек балага айтып, ийиниңе суу куйдурбасам! – деп торгой кекенген бойдон тентекке барып айтты.

– Ийинге суу куймак түгүл, балдарга чүкөмдү уттуруп, музоомду кайтара албай жүрөм, – деди тентек бала.

– Сени энеңе айтпасамбы! – деди да торгой баланын энесине учуп кетти:

– Балаң чүкөсүн уттуруп, музоосуна карабайт экен, сабасаң боло!

– Аны сабамак тургай, жүн сабай албай жатам, – деди энеси.

Сени куюнга айтып, жүнүңдү учуртайын, – деди да торгой куюнга барып айтты. Анын колу-жолу бош экен, макул болду. Куюн кокту ылдый келип, кемпирдин жүнүн учурду, кемпир баласын урду, баласы чычкандын ийнине суу куйду. Чычкан чыга калып, байдын курсагын тырмады, бай жылкычысын урду, жылкычысы карышкырды кууду, карышкыр кара эчкини кууду, эчки эрменди жеп, торгойдун топусун

алып берди. Ошондон кийин торгой топусун башынан түшүрбөй, дайыма баса кийип жүрүүчү болуптур.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КЕНЕ

Түлкү менен кене шерик болуп, буудай айдашты. Митаам түлкү «башым ооруйт, ичим ооруйт, кымыз ичип келбесем» деп күндө эле жайлоого кетип калат. Кене жалгыз өзү буудайды сугарып, оруп-жыйып, бастырды. Бир күнү түлкү үйүлгөн кызылды көрүп, ичинен кымыңдап, кенени алдап эгинди бүт өзү алыш үчүн:

– Кене, муну бөлүп убара болбойлу, Андан көрө жарышалы да, кимибиз чыксак, ошонубуз буудайды бүт алалы. Артта калганыбыз куру калалы, – деди. Кене ойлонуп туруп, түлкүнүн айтканына көндү. Жарышчу жерге барып экөө катар турду. Түлкү «кеттик» деди да, куйругун көтөрүп, кулагын жапырып, чуркаган бойдон жөнөдү. Кене чап түлкүнүн куйругуна жармашты. Түлкү кырмандын четине келип: «Кене кайда келе жатат?» – деп артын карайт. Карап, анан токтой калып, силкингенде кене ыргып түшүп: үйүлгөн кызылдын үстүнө чыгып:

– Сен эмне карап турасың? – деп кыйкырды, Түлкү чочуп кетип:

– А сен качан келдиң?!

– Сени күтө берип эригип кеттим, – деди кене.

Түлкү эми айласы жок, же тапкан пайдасы жок жолго түштү.

Кене өз эмгегине өзү ээ болуп, буудайын кампага ташып төктү да, жыргап-куунап жатып калды.

## ТӨРТ АЗАМАТ

Коркпой суудан кечемин,
Көчтү кууп жетемин;
Козу-улакка кошулуп,

Кулун ойноп өсөмүн,
Жалгызмын деп ыйлабайм,
Ыйлап жанды кыйнабайм:
Жолдош чыгат жолуман,
Жөнөйм элдин соңунан…

– деп жетим улак ырдап келатты.

Энеси өлүп, бул байкуш жетим калганда, ээси сүт берип торолткон. Бүгүн эртең менен да сүт ичкенден кийин бир аз чөп оттоп, анан топ куурайдын түбүнө жатып уктап калды. Элдин баары жайлоого шашып көчүп, эч ким муну эстеген жок.

Ойгонор замат аркы-терки жүгүрүп, эки жагын элеңдеп карап эч кимди таппай койду. Эски журтта жалгыз калганын билип, жакшы эле коркту, бирок, ошондо да кайраттанып жолго чыкты.

Түшкө чейин ээн талаада жалгыз келатып, акыры тоо түбүндөгү төштү таянды. Андагы чоң түп карагандыны көрүп, бир аз эс алмак болду.

Аңгыча бөлөк бирөөнүн ырдап келаткан үнүн укту:

Жолборско жолобойм, Аюудан кам санабайм, Карышкырга карматпайм, Түлкүгө түк алдатпайм, Көчтү кууп жетемин, Көп жол басып өтөмүн. Козуларга кошулуп, Күрпөң болуп өсөмүн.

Улак карагандын түбүнөн акырын гана шыкаалап көрсө, өзүнө теңтуш козу экен.

– Мэ – ээ! – деп маарап жиберди бул.

Козу да маарап, мунун жанына жүгүрүп келди. Экөө бирине бири эреркеп ыйлап, арыз-муңун айтып көпкө чейин маарап турушту.

Акыры улак өпкө-өпкөсүнө батпай араң сүйлөп:

– Кайдан келатасың? – деп сурады.

– Эски журттан, – деди козу.

– Эмне үчүн жалгыз калдың?

– Уктап.

– Сүттү аябай ичкенден кийинби?

– Ооба.

– Жетим белең?

– Ооба.

– Так эле мендей болгон турбайсыңбы, эмесе экөөбүз бирге жүрөлү... Эл азыр кайда көчөт, билесиңби?

Улактын бул суроосуна козу бир аз ойлонуп туруп, анан жооп берди:

– Азыр жайлоого чыкчу мезгил эмеспи... Жайлоо жалаң тоодо болот. Мен ошол тоого көчтү деп баратам.

– Таптың. Мен да ошондой ойлогом. Жат көлөкөгө. Азыраак тыныгып алып, анан жөнөйлү.

Козу да көлөкөгө жатты.

Аңгыча дагы бирөөнүн ырдаган үнү угулду:

Тоссо душман жолуман,
Тоотпостон өтөмүн,
Тооруп мени жейм десе,
Тоголото сүзөмүн,
Мөөрөсөм кыйын үнүм бар,
Качырсам катуу сүрүм бар,
Жалгыз калып өлбөймүн,
Жашайм – көрөр күнүм бар.

Улак менен козу маараган бойдон алдынан тосо жүгүрдү, анткени ал музоо эмес – таянар тоо сыңары көрүндү. Музоонун өзү да мөөрөп жиберди. Үчөө бирин бири жыттап, көз жашын мөлтүрөтө бышактап ыйлап, анан бат эле сооронуп, кепке келишти.

– Сен кайдан жүрөсүң? – деп сурады улак музоодон.

– Эски журттан.

– Эмне үчүн жалгыз калдың?

– Уктап...

– Сүттү көп ичип койгонсуң го? – деп сурады козу.

– Ооба.

– Жетим белең?

– Ооба.

– Так эле биздей турбайсыңбы?.. Жүр караган-

дынын түбүнө бир аз тыныгалы. Көчтү кууп жетиш үчүн анчалык кыйын эмес. Үчөөбүз бирге жүрүп, эмнеден коркмок элек! – деп улак мурдакы ордуна кайрадан ээрчитип барды.

Аңгыча дагы бирөөнүн үнү угулду:

Маң-маң бастым, маң бастым,
Чуудамды бүт чаң бастың.
Уктап калып талаада
Өз тобуман адаштым.
Калкым кайда көчтү экен?
Кайсы жерден өттү экен?
Калганымда мен уктап,
Кантип таштап кетти экен?..

– Бул келаткан бото турбайбы, – деди улак. – Жүргүлө курбулар... Жакшы эле эс алдык. Эми эч кимден коркпойбуз. Төө тукуму жаныбызда жүрсө, дагы өзүбүз төртөө болсок – эмнеден коркобуз?

Үчөө келип ботонун боздогон үнүн тыйып, ага кайрат айтып, көңүлүн көтөргөндөн кийин жолго чыгышты. Маңыроо музоо: «Сен да жетим белең» деп ботодон сурай коюп, ошондо бул ырас эле жетим экенин айтып боздогондо, улак урушуп, музоо мөөрөп жатып араң токтотушту.

– Сенин эркелей турган энең эмес, элиң да жок, эмне мынча озондойсуң?! – деп жиберди улак. – Андан көрө оболу элди табалы, анан канчалык боздосоң – өз эркиң. А бул жерде озондоп отуруп, жырткычтарды бүт жыйнап алганы жатпайбызбы!..

– Ырас эле, тигине жырткыч жолборс! – деп өлгүдөй коркуп кетти козу.

– Беркилер да бүт коркуп, бирок жакшылап караса, ал жолборс эмес, жолборстун териси экен, жолдун жээгине түшүп калыптыр!

– Биздин кожоюн анык аңкоо жана эч нерсени элес албас киши экенин эми билдим, – деди улак. Төртөөбүздүн тең энебизди так ошол байкабай жүрүп өлтүрүп алган окшойт. Ал аз келгенсип, өзүбүздү

уктаган жерде унутуп коюптур. Азыр мында эң эле кымбат териси жатканын көр! Көч үстүнөн түшүп калган терини бирөө да байкабаптыр. А керегеде илинип турганда, кокус чайнап коет деп, мени мунун жанына жакын жолотчу эмес...

Ошондо гана беркилердин жүрөгү ордуна келип биринен сала бири үшкүрүп жиберишти.

– Чөк! – деди улак, тайлакка карап, – Жолборстун терисин жамын.

Анан бизге аюу, жолборс же карышкыр тургай, арстандын өзү да кол саларын көрөлү?

Тайлак чөктү. Үчөөлөп терини анын үстүнө жаап, эми ээн-эркин суу ичмек болуп өзөнгө барышты.

Суунун боюндагы таш үңкүрдө уулдап-чуулдап, улуп-уңшуп, дайны жок ырдаган үн угулду. Тайлак менен музоону жакын жерге тургузуп коюп, бул эмне болгон уу-чуу экенин билиш үчүн улак козуну ээрчитип, үңкүргө кирди.

Куу түлкү өзү корккон айбандарды конокко чакырыптыр. Төрдө жолборс, аюу жана карышкыр олтурат. Түлкү аларга кошоматты кош айтып, тамакты ырдап сунуп, мындай деди:

– Калк өстүргөн көп малдан,
Кагып жеген мына биз.
Эл өстүргөн көп малдан,
Илип жеген мына биз.
Жокем биздин башчыбыз,
Какем азык тапчубуз,
Аюу биздин аксакал,
Кана муну ала сал!

– деп колундагы этти аюуга берди.

Аюу аны жеп көрүп:

– Этиң сасып калыптыр, жебейм аны, андан көрө өзүм көтөрүп келген ышкынды жейм, – деп аюу таманы менен оозу-мурдун аарчып, ышкындан барс-барс эттире жей баштады.

– Эт эмес эле талаада жаткан тарпты таап алган окшойсуң, – деди жолборс, карышкырга каардуу карап.

– Аттиң ай, семиз козунун жаш эти болсочу! – деп түлкү куйтулана сүйлөдү.

Ошондо улагада турган козу коркконуна чыдабай маарап жиберди.

Түлкү жалт карап, эми ого бетер шаттанып ырдады:

Экөө бирдей энтелеп,
Келген тура даяр эт,
Качыр каке козуну,
Козгол буга ылдам жет!

Козу байкуш тирилей өлүп былк этпестен туруп калды. Улак дагы эле эрдик кылып, минтип айтты:

– Сыртта биздин сырттан бар, Биринди соо койбойт ал: Жону жолборс, өзү нар, Сүрү катуу чын көк жал, Карышкырдын терисин, Сыйрып ичик кийебиз. Түлкү бизге чак тумак, Же тебетей кийебиз, Жолборсту жүгөндөп, Жоого каршы минебиз. Аюу болот чоң талпак, Капшыт жакка биз жайып, Канча бассак былк этпей Жатсын жерди кучактап.

– Ал анчалык эмне экен? Барып карачы түлкү! – деди жолборс.

Түлкү сыртка жүгүрүп чыгып, же жолборс, же бөлөк эмне экени билинбеген укмушту көргөндө куйругун кыпчыган бойдон качып жөнөдү.

Анан карышкыр чыгып баратып, козуну бир карап алганда, бул байкуш ого бетер бүрүшүп, өлүп кете жаздады.

Коркконуна чыдабай бото боздоп, музоо мөөрөп жибергенде, алардын үнүнөн да, сүрүнөн да кошо корккон карышкыр кайрылбастан кетти.

– Жанагы экөө кайда жоголду? – Эми сен барып карачы, аюу! – деди жолборс. Аюу да талпаңдап качты.

Акырында жолборс өзү чыгып: «Тиги турган менби же мен эмесминби?» – деп аң-таң боло ка-

рап, бирок бото корkконунан атасы бууранын туурап буркан-шаркан түшкөндө, жолборс да булт коюп жөнөдү.

Төрт жетим үңкүрдөгү даяр ашка караган жок. Себеби, булар үчүн жайлоонун көк жашыл чөбү ансыз да жайнап турат.

Ошондо улак минтип айтты:

– Биз азыр ач көз байдын малы эмес, көпчүлүккө таандык малбыз. Бизге жакшылап көз салбаган кишинин жазасын көпчүлүк аябай берер. Бирок, көпчүлүктүн пайдасы үчүн өсүп берүүгө мына ушинтип өзүбүз да аракет кылалы.

Анан көчтү кууп, жайлоого жаңы конгон элге бат эле жетип барышты. Өздөрү аман, анын үстүнө жоголгон жолборс терисин таба келгенине буларга ыракмат айтты.

– Мен силердин алдыңарда өлгүдөй уят болдум,– деди ээси.

Ал эми көпчүлүктүн алдында мыктап жазамды тартканмын. Өзүм багып жүргөн малдын кайда калганын мына ушинтип көрбөй же билбей калып отурсам, анда менин эмнем малчы?!

## АЙБАНДАРДЫН ДОСТУГУ

Төө, аюу, түлкү, карышкыр, жолборс, улак – баары чогулуп кеңешип: «Бирге жан багабыз» деп дос болуп жайлоого чыгышты. Төө, козу, улак үчөө чөп жеп жакшы семиришет экен. Аюу, түлкү, карышкыр, жолборс болсо эч тамак таба албай ачкалыктан аябай арыкташыптыр.

Бир күнү түлкү: «Баарыбыз ачка өлүп калбайлы, азырынча улак менен козуну жей туралы» деди. Буга жолборс жана башкалары макул болушту. Улак менен козуну эки күн азык кылышат. Дагы жээр эчтеке таба албай ачка болушту. Дагы бир күнү түлкү: «Минтип жүрүшүбүз болбойт экен, төөнү да жейли»

деди. «Төө биздин төрөбүз болсо, муну кантип жейбиз?» деп жолборс сурады.

«Эгер силер макул болсоңор, төөнүн жайын өзүм табамын» деди түлкү. Жолборс, карышкыр макул болушту.

Түлкү төөгө барып, ар жагына бир, бер жагына бир чыгып эркелеп: «Төө аке, тигил досторум азыр сизди союп жеп, көктөмдө кырк козулуу кой берели дейт. Буга макул болосузбу» деди.

Төө ары ойлонуп, бери ойлонуп, бат эле байымак болду: «Көктөмдө сүйрөтпөй жыйып берсеңер эле болду» деди. Түлкү жолдошторуна барып, карышкырды төөнү союуга ээрчитип келди. Төө мойнун созуп, чөгүп берди. Түлкү менен карышкыр сое башташты. Төөнүн ичин жаргандан кийин түлкү ичине кирип, ич майынын баарын жеп чыкты.

Карышкыр: «Сен жылтырап эле жеп чыктың, мен ачка каламбы» деди.

Түлкү: «Тамагы жаман кудай урган, мына муну жегин» деп өпкө, боорун алып берди.

Карышкыр: «Тең жегенди теңирим сүйүптүр, тең жебегендин кепини күйүптүр» деп, теңин түлкүгө берди. Өпкө, боорун бөлөм деп карышкырдын оозу бүт кан болуп калат. Түлкү бары-жогун кан кылса да, жымылдата жуунуп алат.

Төөнү союп болгон соң, аюу келип, этти бөлүштүрө баштады. Аюу: «Өпкө, боору кана?» деп сурады. Карышкыр түлкүнү карады, түлкү карышкырды карап: «Үңүрөйгөн митаам, өзүң жеп алып, мени эмнеге карайсың?» деди.

Аюу, жолборс, карышкырды кууган бойдон кетти. Аюу менен жолборс келгенче, түлкү акең эттин баарын жыйып катып алды.

Баягы экөө кайтып келип: «эт кана?» деп, түлкүдөн сурады: «Мени жей электе эле минтип чыр кылып жатасыңар, силерден эчтеке өнбөйт көрүнөт деп, туруп кетип калды» деди.

Аюу менен жолборс өкүнүп калды. Экөө кеткенден кийин, түлкү төөнүн этин көрсөтпөй жей берди. Түлкү төөнүн этин жеп өтө семирди. Бир күнү жолборс: «Түлкү, сен эмне жеп мынча семирдиң?» деп сурады.

Түлкү: «Ачка болгонумдан кийин ичеги-чучугумду чубап жеп жүрүп семирдим, эң эле таттуу болот экен» деди. Жолборс менен аюу ишенип, өздөрүнүн ичтерин жарып жеймин деп өлүштү. Ал экөөнүн этин да түлкү ээлеп калды.

Түлкү бир күнү карышкыр эмне болду экен деп издеп чыкты. Жол менен бара жатса, бир жерге капкан салып коюптур, капкандын үстүнө килейген койдун куйругун коюп коюшуптур, түлкү алып жей албай коркуп турду. Аңгыча болбой карышкыр келди. «Карышкыр аке, мына бул куйрукту сага койдум эле, алып жегин» деди. Карышкыр: «Кокустан анда капкан болуп жүрбөсүн» деди. «Сакалдуу деп сага койсом, кудай алган жаман, жебейсиңби?» деп, түлкү тап берип койду эле, карышкыр түлкүдөн мурун алып жейин деп, барып капканга түшүп калды. Куйрук оозунан ыргып кетти. Түлкү куйрукту жай алып жеп: «Жат, бөрү аке, жабышып, капкан менен кабышып, эртең менен болгондо, ээси менен табышып», деп, түлкү желе жорто жүрүп кетти.

## ЧОМОТОЙ САЯТЧЫ

Бир күнү кузгун Чомотой саятчыга келди, салам берип күңгөй-тескейден көргөн билгенин айтып берип, көпкө аңгемелешти. Андан соң шашып ыйлап жиберди. Чомотой мурун шайыр отурган эле, муну көрүп, катуу чочуп кетти. «Эмне капаң бар, Куке, батыраак айтып жиберчи, менин колумдан келген иш болсо жардамдашайын, кимдир бирөөдөн ыза көрдүңбү, же байбичең көрүнбөй калыптыр сыркообу?» «Жок» деди кузгун. Ар жылда алты бала-

пандуу болобуз, чоңоюп темир канат болгондо эле, уянын кырына чыгамын деп, биз жокто учуп өлүп калышат. Уяны зоого, жыгачка да салып көрдүк, эч пайда чыкпады, Чомоке. Бүгүн кемпирим кайтарып калды, кандай айла кылабыз? Быйыл да бирөөнөн ажырадык.

Чомотой саятчы кемпирин чакырып: «Байбиче, бир түрүм шоона алып келчи» деди. Кемпири алып келген шоонаны кузгунга берип: «Эси жок десе, ме муну менен уянын кырына эч жакка жетпес кылып бутуна байлап койгун» деди. Кузгун кубанып Чомотойдун акылына ыраазы болуп, алкыш айтып, шоонаны алып үйүнө жөнөдү. Келди да, балапандарын жалгыздап бутунан байлап уяга бекитип койду. Кайда барса да капарсыз учуп кете берүүчү болушту. Балапандар канатын күүлөп уча турган болгондо буттарын чечип учуруп чыгышты. Кузгун кубанып: «Эми Чомотойдун акысынан кутулуу керек» деди. Алыскы Каухар-Төрдөн балдарынын баарына чүкөдөй каухар тиштетип келип Чомотойго беришти. Карыя да кубанды. Балапандардын жонунан сылап эркелетти. Мына ошондон кийин кузгун дайыма балапандарын аман-эсен учурат экен.

## ТҮЛКҮ, ТАШБАКА ЖАНА ЧАПКЕНЕ

Түлкү, ташбака, чапкене үчөө шерик болуп эгин экмей болушту. Түлкү жайлоого чыгуучу, ташбака эгин багуучу, чапкене оруучу болду. Түлкү аштык даяр болгондо жайлоодон түшүп келип: «Буларга эгиндин эмне кереги бар, эгинди алдап алайын» деп ойлоп: «Шериктер, мунун несин бөлүп убара болобуз, жарышалы, кайсы мурун келгенибиз эгинди бүт алалык» деди. Түлкү аксакалдын сөзүн ташбака менен чапкене макул көрүштү. «Чуркайлы» деп убадалашкан жерге барышты да, үчөө катар турушту. Ал арада чапкене түлкүгө жабышып кулагына чыгып алды. Чуркап

жөнөштү. Түлкү аштыктын жанына келип бир силкинди эле, чапкене түшүп, аштыктын так эле төбөсүнө чыгып алды. Эми эгин меники го деп түлкү аштыкты караса, анын үстүндө чапкене олтурат. Анын жүрөгү болк этип: «Качан келдиң?» деди. «Мен келгенге бир далай болду, аштыктын үстүнө чыгып, силерди карап турбайынбы?» деп койду. Ошентип, байгени кичинекей болсо да чапкене алып кеткен экен.

## КЫРГЫЙ МЕНЕН ҮКҮ

Жем таап жээрге жарабай турган бир оору үкү менен бир алгыр кыргый тааныш болот. Кыргый үкүнү өзүнөн артык кылып багат. Аягында экөө кучакташып ынтымак дос болушат. Экөө алыска сапар жүрүшөт. Кыргыйдын эстүүлүгү, алгырлыгы менен жакшы күн көрүшөт. Үкү оорусунан бат айыгып, өз тамагын табууга жарап калат.

Бир күнү: «Эми ар кимибиз өз күнүбүздү өзүбүз көрөлүк» деп үкү менен кыргый ууга чыгат. Нары учуп, бери учуп эчтеме таба албай калышат.

Анда үкү кыргыйды акырын чакырып алып, кармайт да: «Мен сени жеймин» дейт. Кыргый акыреттик достугун жана кылган көп кызматын айтып ыйлайт. Анда үкү: «Жакшылыкка жакшылык эшектин иши, жакшылыкка жамандык эшендин иши». Дүнүйөдө жашамак – алышмак, күрөшмөк, алы жетишпесе ылдыйламак, айла кылмак, иши кылып өзү жашамак» дейт да, кыргыйды чыркыратып баса калат. Темир айры өңдүү өткүр текөөрү менен кыргыйды мыжып өлтүрөт. Аны жеп тоюп алып, кагынып учуп кетет.

## ДӨӨТҮ УСТА МЕНЕН ИТЕЛГИ

Илгери өткөн заманда колунан көөрү төгүлгөн зергер уста Дөөтү жашаптыр. Ал кызыл чокко ко-

лун салса да күйүүчү эмес экен. Темирди камырдай жууруп, түркүн буюм жасачу, алтын-күмүштөн оймо-чийме төгүүчү. Баатырларга соот-чопкут, жоо-жарак жасаса, элге алтындан баалуу буюмдар жасады, шаарга чеп курду желге жел тегирмен, суугa суу тегирмен чуркатты.

Калкы кадырлап, атагы алыска жайыла баштады. Миңдеген шакирттер – өнөрүн үйрөндү. Алыскы өлкөдөн да келип, үйрөнүп кетип жатты. Дөөтү алардан эч өнөрүн аянган жок, баарына бирдей үйрөттү. «Бирок, – деди шакирттерине, – эч убакта мактанбагыла, эгер мактансаңар усталык өнөрдүн сыры ачылып калат да, оттогу темирди колуңар менен кармай албай каласыңар» деди. Шакирттеринин баары устанын айтканын эске тутушту. Ошентсе да, алардын ичинде бирөө бар экен.

Бир күнү бир кары адам: «Балам, усталыгың кандай, бардыгын үйрөнүп калдыңбы?» дептир. Анда ала көөдөн: «Дөөтүдөн да өтүп калдым» деди, устанын айтканын эстен чыгарып. Дүкөнүн ачып, отко темир салып көрүгүн басып, темир кызыганда кармайын десе, колуна ысык темир шыр этип жабыша түштү. Ала көөдөн ошондо гана мактанып койгонун билди. «Аттиң» деп оозун карманды. Жолоочулап кетимиш болуп, колун айыктырып алды, бирок дүкөнүнө кирип, алып миң аракет кылса да эч нерсе чыкпады. Ошо кезде Дөөтү уста бүт ааламды кыдырып, шакирттерин көрүп жүргөн кези эле, бул устасына да кезикти, бирок, дүкөнүнө барган жок жөн гана: «Балам, иш кандай?» деди. Бала уялып эч нерсе айткан жок, Дөөтү уста билди да: «Ит сөөктү кантип кармап жегенин да билбейсиңби? » деди да, артын карабай жок болду. Бала эми түшүндү дүкөнүнө келип эптеп бир кычкач сокту. Ошондо баштап иши кайра жөнөдү. Экинчи мактанганды койду. Бир күнү Дөөтү уста тегирменин жүргүзөйүн деп чегип бүтүп, суу жыгайын деп жатса, чатырында бир ител-

ги отурган экен. Дөөтүгө салам берип өзүнүн эмнеге келгенин айтты: «Сиз менен мелдешейин дедим эле, эгер мен сиздин тегирмендин ташын жара тээп, жүрүүгө жаратпай койсом, мага алтындан текөөр салып бересизби?» деди. Дөөтү уста: «Койгун, бекер убара болбо! Эгер жара тебе албасаң уят болосуң». Ителги болбоду. Мелдеш башталды. Ителги асманга атып чыгып, типтик куушурулуп, келип тегирмендин ташын жара тээп, кайра асманга атып чыкты. Дөөтү уста ителги кайра имерилгенче ташка кадоо салып сууну жыгып жүргүзүп жиберди. Ителги кайрылып келип караса, тегирмен кадимкидей эле жүгүрүп жатат, өз көзүнө ишенбей көпкө таңыркап тиктеп турду. Качан гана устанын айлакерлигине жана амалына түшүнгөндө, ыза болгон ителги ыйлап жиберет. Ошондон ителгинин көзүнө жаш толуп калган, көзүнүн жашын ушул убакка чейин аарчыбастан ителги ичиндеги ызасын чыгаруу үчүн түркүн кушка кас болуп кезиккенин жара тээп кете берет экен.

Дөөтү устага ителги кайрылып келген жок, эгер келсе тегирменди токтотуп чын эле эрдигин көргөзмөк, ызасын басмак.

Дөөтү зергер да ушул күнгө чейин ителгини келип калабы деп күтүп жүрөт дейт.

## ТҮЛКҮНҮН ЖУУЧУ БОЛУШУ

Илгери бир кедей дайым тузак салып, ага түшкөн аңдар менен эптеп күн өткөрчү экен. Бир күнү токойго тузак тартып койсо, бир түлкү түшүп калат. Түлкүнү чыгарып алайын десе адамча сүйлөп: «Мени тоок менен бак, сени бат эле байытам, атыңды Батбайыр коем» деди. Ал киши түлкүнү үйүнө алып келип, бир тоокту союп берди. Түлкү тоюп алып тоого чыгып оонап жатса, бир карышкыр жанына келип: «Түкө, эмне оонап калгансың» деди. Анда түлкү: «Биякта бир кан чоң той берип, тамаша куруп

жатат. Этти аябай жедим эле, ыксырап калыпмын» деди. Карышкыр бекер тамакка көнгөн айбан эмесби, сүйүнүп кетип; «Анда мен да барайынбы?» «Оой кокуй, жеке эле өзүң эмес, отуз-кырк карышкыр болуп баргын» деди. Карышкыр ойдогу карышкырды ойдон, кырдагы карышкырды кырдан жыйнап, бат эле отуз-кырк карышкырды ээрчитип келип калды.

Түкөм жол баштап, карышкырларды ээрчитип канга келди да: «Таксыр каным, бу карышкырларды сизге Батбайыр деген киши жиберди. Бир үйүңүздү бошотуп кийирип, союп талпак кылып алыңыз» деп жөнөп кете берди. Кан бир үйүн бошотуп карышкырларды кийирип алды. Түлкү андан кедейге барып: «Азыр отуз-кырк карышкырды канга алпарып келдим. Кудай буюрса, кандын кызын алып беремин» деди да, бир тоокту бышыртып, жеп алып, тоого чыгып кетти.

Дагы баягы жерге барып оонап жатса, бир түлкү жанына келип: «Түкө, түкө эмне оонап жатасың?» деди. Анда ал: «Биякта бир кан той берип, ошондон абдан тоюп алыпмын, ичимди көтөрө албай жатам» деди. «Мени да ала барбайсыңбы?» «Макул, ала барайын. Жеке эле сен бармак белең, барып бир топ болуп келгиле» деди. Түлкү жүгүргөн бойдон барып, бир топ сүлөөсүн, түлкүлөрдү ээрчитип жетип келди эле, берки түлкү жол баштап аларды ээрчитип канга алпарды да: «Дагы бир үйүңүздү бошотуп кийирип алыңыз. Батбайырдын сиздин кызыңызга берген калыңы» деди. Кан түлкү, сүлөөсүндөрдү бир үйгө камап коюп, жуучу түлкүнү аябай коноктоду.

Түлкү кетерде канга «алтын ченегенге чакаңызды бере туруңуз, Батбайыр чака менен алтын ченеймин деди эле» деди. «Чака менен алтын ченесе, бул менден бай белем?» деп кан таң калып, чакасын берди. Түлкү аны алпарып кум менен жышып жатып жылтыратып, эртеси түбүнө бир алтын салып алпарып бергенде, кан: «Бул бир чириген бай экен

го» деп ойлоду. «Эми Байбатырың келип колуктусун алып кетсин» деди. Түлкү жүгүргөн бойдон жетип барып, баягы кедейди ээрчитип, кандын кызын алып бермек болуп жөнөп калды. Жолдогу көпүрөдөн өтө берерде түлкү көпүрөнү суугa кулатып жиберип, канга чуркап жетти да: «Күйөө балаңар көпүрөдөн өтөйүн дегенде көпүрө түшүп кетип сууда жатат. Кийим алпарып алып келгиле. Тойго жакшы эле кам менен чыктык эле, баары суугa агып кетти» деп бышактады. Кан: «Кийим кийгизип алып келгиле» деп жигиттерине буюрду. Беш-алты күнү той жасап, тамаша куруп жатып, кан кызын узатты. Кыз дүрдүнүйө себи, нөөкөр кыздары менен аттанып чыкты. Күйөө баланын үй-жайын, камын көрмөк болуп, кан каныша да кошо жөнөдү.

Түлкү болсо «мен барып кам көрүп турайын» деп, алдыга тызылдап жөнөп калды. Жолдо көрүнгөн койчу, уйчу, жылкычылардын баарына: «Жылкы кимдики десе, Батбайыр деген кишиники дегиле, уй кимдики десе Батбайырдыкы дегиле, төө кимдики десе Батбайырдыкы» дегиле антпесе, артта каардуу кан, кырк жигити, кырк вазири, жер жайнаган колу менен келатат, башыңарды алат» деп кете берди. Көрсө, жер жайнаган кой, уй, төө, жылкылардын бардыгы жыландын падышасыныкы экен. Түлкү андан тызылдап жүгүрүп отуруп жыландын падышасына келди да, «эй, жылан, тээ тетигинде кан: «Жыландын падышасын таап өрттөп өлтүрчүмүн» деп миң сан колу менен келе жатат. Жаныңдан үмүт кылсаң, тетиги жыгачтын башына жашынып кал, антпесең жаның калчудай эмес. Ишенбесең өзүң деле башыңды өйдө көтөрүп карачы?» деди.

Жылан башын көтөрүп уюлгуган чаңды көрдү да, коркуп кетип жыгачтын башына чыга качты. Түлкү жыланды жайлап коюп, канды тосуп турду. Алар үйдүн жанына келгенде чыга калып: «Батбайырдын үйү ушул, түшүңүздөр» деди. Кан менен Батбайыр

үйдүн ичине кирип, ичиндеги алтын-күмүштү, үйдүн жасалгасын, түрдүү тамактарды көрүп аябай таң калышты. Кан бөлмөлөрдү аралап кеткенде түлкү Батбайыр досуна мындай деди: «Айтканымды орундаттым. Бул үй жыландын падышасынын үйү, өзү силерден коркуп карагайдын башына жашынып отурат. Жыланды атып өлтүрсөң үй сеники болот» деди. Кедей тура калып карагайдын башындагы жыланды атып өлтүрдү да, анын малынан арбын союп, кан менен канышаны эки-үч күн кетирбей аябай сыйлады. Кан менен каныша «Кудай буюрса кызыбыз ырас жерге туш болду» деп көңүлү жай болуп, үйүнө кайтты. Ошентип, кедей кандын кызын алып, жыргап жатып калды. Күндө тооктун этин жеп түлкү да сайрандады.

# ТУРМУШТУК ЖОМОКТОР

## АКЫЛДУУ КЫЗ

Бир заманда Сарыбай деген кырк жыл кан болуптур. Күндөрдүн биринде элин чогултуп; «Кырк жыл кан болдум, көрөр күнүмдү көрдүм, ичээр суумду ичтим, өлөрүм калды, өсөрүм калган жок, менде аласаңар болсо айткыла, көзүмдүн тирүүсүндө берип кутулайын. Көзүм өткөндөн кийин баарыңар чогулуп, ичиңерден бирөөнү кан көтөрүп алгыла» деди. Эли: «Жок, сиз өзүңүз коюп кетиңиз, сиз бизге кырк жыл кан болдуңуз, сиздин сөзүңүздү угабыз» дешти.

Сарыбай кан: «Жок, өлүүнүн сөзүн тирүү сыйлабайт дептир, мен өлгөндөн кийин сөзүм дагы өлөт» деди. Эл көнгөн жок: «Канды өзүңүз көтөрүп кетсеңиз экен» деп, чуулдап туруп алышты. Ошондо Сарыбай кан: «Менин он бир жыл жолдош болгон ак шумкарым бар, мен өлгөндөн кийин үч күнгө чейин тамак жебей, канатын какпай жатат. Төртүнчү күнү элди жыйып, шумкарга жем берип учурсаңар ал бирөөгө конот, ошол адамды кандыкка көтөрүп; ак шумкарды канга бергиле менин арманым артымда бала калган жок, болбосо, ак шумкар элди айланып учат беле, бирөөнүн колуна өтүп барат беле?» деди.

Арадан көп күн өтпөй Сарыбай кан өлдү, ак шумкар айтканындай үч күнгө чейин жем жебей, канат какпай аза күтүп жатты. Ошондо эли чогулуп төртүнчү күнү ак шумкарга жем берип учурушту. Ак шумкар элди айланып жүрүп акыры бир койчуга конду. Айрымдары «койчуну кандыкка көтөрбөйбүз» деп чыр кылышты. Айылдын аксакалдары «Сарыбайдын тирүүсүндө убадабызды берип сураган элек, айтканыңызды орундатабыз деп ишендиргенбиз, Сарыбай өлгөндөн кийин баштагы сөзүбүз боюнча ак

шумкарды учурдук, ак шумкар койчуга конду, койчуну кандыкка көтөрөбүз» дешти. Аксакалдардын сөзүн эл жактап, койчуну кандыкка көтөрүшүп, ак шумкарды канга берди.

Койчу адилдик менен эл сураган түзүк кан болду. Колунда жок кембагал кишилерге мал бөлүп берип, казынадагы кийимдерден таратып берип турду. Бирок кан ар жума сайын казынага кирип ыйлап чыгуучу. Эл мунун себебин түшүнө албай, бир күнү: «Каным эмне үчүн казынага кирип ыйлап чыгасыз?» деп сурап калышты. Ошондо кан: «Казынада көп дүнүйө бар, суйсалган түлкү ичиктер бар, жыйылган атилес, шайы бар, алтын, күмүш баары бар, ошонун ичинде менин койчу убагымда кийген, колго алгысыз жыртык жамачылуу эски кийимим да бар, мен ошону көрүп ыйлап жүрөмүн» деди. Эли: «Баракелде, кан, али ошонуңузду унутпай жүргөнүңүзгө ыракмат» дешти.

Кан бир топ жылдарга чейин эл сурап турду. Бирок аял алган жок, байлардын, чоң кандардын кыздарын көңүлүнө жактырган жок. Эли канга келип: «Сиздин бойдок жүргөнүңүз жакшы болбойт, артыңызда ордуңузду басар бала калсын, бала калбаган Сарыбай канды көрбөдүкпү?» дешти. Кан бул сөзгө көнгөн жок, эли кандын оюна койгон жок.

Ошондо кан айлындагы кыздарды чогултуп, үч ооз табышмак айтты: «Күн батыш менен күн чыгыштын ортосу нече күндүк жол, асман менен жердин ортосу нече күндүк жол, калп менен чындын ортосу нече күндүк жол? » жандырмагын жандырып келүүгө үч күн мөөнөт берип, «тапсаңар да, таппасаңар да күнүгө эки маал келип жооп айтып тургула» деди.

Кыздар табышмакты таба алышпай, күндө эки маал кандын үйүнө чубап барып кайтып жатышты. Бир күнү талаадан отун алып жүргөн чор таман кедейдин чолок этек кызы: «Эжекелер, күндө эки маал чубайсыңар, кайда барып жүрөсүңөр?» деп су-

рап калды. Анда бир кыз: «Эминеден айланасыңбы, отунуңду алганды билсеңчи» деди. Экинчи бир кыз: «Койчу, бул байкуш дагы угуп калсын деп, кандын табышмагын айта кетти. Үч күн мөөнөт берди эле, үчүнчү күнү бүттү. Таба албай бара жатабыз» деди.

Кедейдин кызы: «Эжекелер, мен дагы силерге кошулуп барайын?» деди. Кыздар кошуп ээрчитип алышты.

Кан: «Табышмакты ким тапты?» деп сурады.

Кыздардын эч кимиси үн чыгарбастан турушту эле, кедейдин чолок этек кызы тура калып: «Каным, табышмагыңызды мен чечтим» дегенде, кан: «Чечкениңди айтчы?» деди. Кыз: «Күн чыгыш менен Күн батыштын ортосу күн үчүн бир күндүк жол, анткени, күн эртең менен чыгып, кечинде батат, жолдо конуп-түнөп жүргөн күндү көрбөдүм. Экинчи табышмагыңыз: «Асман менен жердин ортосу каш менен кабактын ортосундай, анткени, кашыңызды көтөрүп өөдө карасаңыз асман, кабагыңызды түшүрүп ылдый карасаңыз жер көрүнөт деди. Үчүнчү табышмагыңыз: «Калп менен чындын ортосу төрт гана эли, кулак менен укса калп, көз менен көрсө чын, кулак менен көздүн ортосунда төрт эли ыраактык бар» деди.

Кан табышмагын таптырып жиберип: «Эми бир үч ооз табышмак айтайын, ошо табышмакты тапкан кызды алам» деп, табышмагын айтты: «Кордук деген эмине? Муңдук деген эмине? Зардык деген эмине?» Дагы үч күн мөөнөт берди. Кыздар үйлөрүнө барып, күндө эки маал келип бир да бирөө табышмакты чече албай убара болуп кайтып жатты. Үчүнчү күнү кан кыздардан табышмагын сурап, табалбагандары үчүн кыздардын башын алмакчы болду. Ошондо мурунку табышмакты тапкан кедейдин чолок этек кызы туруп: «Каным, сөзүңүзгө кулдук, табышмагыңызды таба албай калган үчүн кыздарда эч айып жок, баарыбыздын башыбызды алганы жатасыз, ичибизден

таап кетсе, бардык кыздар ажалдан калган турат, бирок ал кызды сиз чанганы турасыз» деди.

Кан: «Жок, бир сөзүм эки эмес, табышмакты туура тапкан кызды алам» деди. Анда кедейдин чолок этек кызы: «Эмесе мен таптым» деп чече баштады: «Кордук деген – оору болот, Муңдук деген – өлүм болот, Зардык деген – жокчулук деген сөз каным» деди.

Кан табышмакты тапканына ыраазы болуп, ал кызды жанына алып калып, калган кыздарды үйлөрүнө жиберди. Кыздар: «Ажалдан калдык» деп, сүйүнүшүп үйлөрүнө кайтышты. Кан кедейдин кызын жакшы кийиндирип, нике кыйдырып аялдыкка алып: «Эми ургаачы да болсоң, акылдуу экенсиң, башка бирөөгө акыл үйрөтпө, акыл үйрөтүп койсоң, анда экөөбүз эрди-катын болбой калабыз» деди.

Бир күнү кандын бир жигити күнөкөр болуп, айласы кетти, айылдагылар «кандын аялына барып айтсаң, акыл таап, ошол куткарат» дешти. Жигит кандын аялына муңканып келип: «Канга күнөкөр болуп калдым» деп акыл сурады. Аялдын боору ооруп, жигитке акыл үйрөтүп: «Кимден үйрөндүң десе, мен экенимди айтпа» деди. Жигит аялдын үйрөткөн акылы менен кутулуп кетет. Аны кан билип: «Ким үйрөттү, айткын, айтпасаң өлтүрөмүн» дегенде, корkконунан: «Сиздин аялыңыз айтты эле» деп, чынын айтып берди. Кан аялына келип, «убадабыз бар эле, мен ыраазы болоюн, сен мага ыраазы болгун, аздыр-көптүр жолдош болуп бирге турдук, эми менин тактымды кой, тажымды кой, андан башка сүйгөнүңдү алып кет» деди.

Аялы: «Жакшы болот, бул сөзүңүзгө ыракмат, мен бир тамак жасайын, бирге олтуруп ичели, андан соң кетейин» деп тамакты жедирип, арак берип, канды мас кылып уктатып, тактысын, тажысын калтырып, эки аргымакты арабага коштуруп, канды арабага салып, даңгыр жол менен чаң ызгытып, коңгуроону шарактатып алып, жөнөйт. Бир шаарга

барганда кан көзүн ачса, аялы жанында өзү бир башка шаарда жүрөт. Кан чочуп кетип: «Ой, мени эмне кыласың?» десе, аялы: «Каным, сөзүңүз эки болбосун, тактымды кой, таажымды кой, башка сүйгөнүңдү ал дедиңиз, таажыңызды, тактыңызды калтырдым, андан башка сүйгөнүм сиз экенсиз, сизди алып келдим» деди. Кан өзүнүн сөзүнө жыгылыштуу болуп, аялы менен бирге туруп калган экен.

## ОБОЗГЕРДИН КЫЗЫ

Илгери бир кан өзүнүн обозгери менен күнүнө ит агытып, куш салып, талаага чыгуучу экен. Күндөрдүн биринде экөө адатынча уудан келе жатканда, кан обозгерине: «Экөөбүздө тең бала жок, кудай берип аялдарыбыздын боюна бүтүп, бири эркек, бири кыз төрөсө, куда бололу, экөө тең кыз, же уул болсо, достоштуралы» дейт. Обозгер макул болуп, жакшы тилекке кошулат.

Айтканындай экөөнүн тең аялынын боюна бүтүп, кандын аялы эркек, обозгердики кыз төрөйт экен. Анан экөө молдодон окуп, кат таанып, чоң молдо болуп чыгышат. Бала менен кыз окуп жүргөндө чатыраш ойногонду үйрөнүшөт. Экөө тең бойго жеткенден кийин кан менен обозгер эски убадаларын эске алышып, бала менен кызды баш коштуруп коюшат.

Күндөрдүн биринде кандын уулу ит агытып, куш салып сейилдикке чыгат. Көлгө барып өрдөккө кушун салса, куш өрдөккө карабастан, токойдун арасындагы чөптөн жасалган алачыкка учуп барып конуп калат экен. Кандын уулу куштун артынан сабап келип «үйдө киши барбы?» дейт. «Үйдө киши бар» деп, бир зайып эшикке чыга калганда, кандын уулу: «Үйдүн үстүндөгү кушту алып бер» дейт.

Анда тиги: «Сен андай эле кушуңду кишиге алдырып ала турган мырза болсоң, өзүңдүн кол алдыңдагы обозгердин кызын албай эле койбойсуңбу?

Кандын уулуна кан кызы ылайык. Алыскы бир шаарда Сыйпа деген кыздын, бир түндө үч сүйлөткөн кишиге тиемин деген убадасы бар. Аралыгы бир айлык жол, ошону барып албайсыңбы? дейт. Кандын уулу кушун алдырып, колуна кондурат да, үндөбөстөн бастырып кетет.

Ошондон баштап кандын уулунун көңүлү бузула баштады. Катынын жаман көрүп: «Кет эле, кет» деп, ур-бериге көп алуучу болду. Акыры бир күнү кандын уулу жигиттерин ээрчитип, азык-түлүгүн мол алып, Сыйпа кыз деген падыша кыздын шаарын көздөй жөнөп калат.

Жолдон азык-түлүгү түгөнүп, айлалары кеткенде, кандын баласы: «Буларды ээрчитип жүрүп, талаада өлтүрсөм убал болор, андан көрө аты-тону аманында кайтарып жиберейин» деп акыл ойлонуп, жигиттерине: «Эми мындан ары өзүм барайын, силер элге кайткыла» деп уруксат берет.

Жигиттери элине кайтып, өзү андан ары тобокелге салып жалгыз жөнөйт. Бала жүрүп отуруп, азыктүлүгү такыр түгөнүп, акыры минген атын союп жейт. Эки этекти кайра кыстарып, жөө-жалаңдап жүрүп отурат. Арып-ачып, өңдөн азат. Аңгыча бел ашып, бир дөңгө

чыкса, бир шаардын чети көрүнөт. Ал күнү талаага конуп, эртеси керели кечке жүрүп отуруп, өлдүм-талдым дегенде шаарга араң жетип, шаардын четиндеги уй баккан бир чалга кездешет. Чал:

– Ээ балам, кайдан жүрөсүң, эрдиң керберсиген, этегиң түрүлгөн, сен ыраак жерден келе жаткан баласың го?

– Ооба, ата ыраактан келе жатамын. Мен бир кандын баласы элем. Сыйпа кыз деген падыша кыз бар дейт, ошону алайын дедим эле.

Чал баланы тамакка тойгузуп: «Оо, кокуй, аны сен ала албайсың, тетиги Мунараны көрүп турасыңбы? Ал жалаң кишинин башынан куралып чыккан

Мунара. Эки-үч күн эс алып ал да кайра кет. Балам, тил алсаң койгун, бөйдө өлүм болосуң, ал кызды бир түндө үч сүйлөткөн киши гана алат. Бир түндө үч сүйлөтүп алабыз деп, нечен кандын сен өңдөнгөн балдары келип сүйлөтө албай, баштары алынып, жалаң баштан бир Мунара болгонун көрүп турбайсыңбы? Сен аны сүйлөтө албайсың» деди. Анда бала: «Ошонун кабарын угуп, сүйлөбөс Сыйпа кызды сүйлөтүп, аны аялдыкка алууга атайын келдим».

«Сыйпа кызга беттешпей кайра элге кантип барамын» деп чын сырын айтты. Чал: «Айткан тилимди албай койдуң, эми кандын дарбазасынын алдына барып унчукпай тура бер. Бир убакта «эмне кылып жүргөн жансың» деп, ары жактан желдеттер келет. Ошондо өзүңдүн жумушуңду айт» деди.

Бала дарбазанын алдына барып турары менен эле эки желдет келди: – «Ой, бала эмне кылып турасың? Сөзүң болсо айт? – Сыйпа кызды сүйлөтүп алайын деп келдим! – Желдеттердин бири Сыйпа кызга келип: – «Таксыр каным, тиги турган кандын баласы экен, сизди үч сүйлөтүп алмакка келиптир» дейт. Сыйпа кыз:

– Меймančды үйгө кийирип, төшөк салып, ар түрдүү тамак аштардан алдына койгула. Жакшы оокаттанып, ошол жерде эс ала берсин.

Желдеттер баланы ээрчитип барып, падыша Сыйпа кыздын айтканындай жайгаштырышты. Болжолдуу убакыты болгон кезде «баланы чакырып кел» деп, Сыйпа кыз бир желдетти жиберди. Баланы Сыйпа кыздын алдына алып келет. Бала ар түрдүү сөздөрдөн кеп урат, кыз унчукпайт. Ошентип, бала менен кыз таң атканча отура беришти. Баланын жини келип: «Жиндисиңби? Дудуксуңбу? Келесоосуңбу? дейт. Кыз такыр унчукпайт. Бала сүйлөтүүгө аракет кылып: «Сенин ата-тегиң ким? Сени ким падыша койду? Кудай үчүн бир сүйлөсөң боло» дейт. Кыз такыр сүйлөбөй таң атырат.

Сыйпа кыз таң аткан соң желдеттерин чакырып: – Бу баланын башын алып Мунарага кошкула, тулкусун баягы өргө таштагыла, – деп буйрук кылды. Эки желдет баланы эки колунан алып дегдеңдетип баш алчу жерге алып бара жатканда падыша кыздын музоо кайтарчу кемпири көрүп: – Муну кайда алпарасыңар? деп сурайт. Желдеттер: «Өлтүрөбүз» дегенде кемпир: «Айланайындар, кичине токтоп тургула, мен Сыйпа кыздан сурап музоо кайтартып алайын, – деп жүгүрүп кетти. Кемпир Сыйпа кызга келип: «Ушу баланы мага бер, музоо кайтартып алайын» дейт. Сыйпа кыз макул болот.

Кемпир баланы үйүнө ээрчитип келип, музоо кайтартып койду. Бала өлбөй, аман калганына сүйүнүп, музоо кайтарып жүрүп: «Мен катын чангонды эмне кылам, ит агытып, куш салып жүрө бербей эмне болдум?» деп, өз башын өзү койгулап арман кылат. Бала ошентип, музоо багып жүрө турсун, эми сөз баягы обозгердин кызы жөнүндө болсун. Баланын аялы бир күн ойлонуп отуруп: «Мени күйөөм жаман көрсө да, аз күнү жолдош болуп калдым эле, ошонун өлүүсүн же тирүүсүн билейин» деп, чачты төбөсүнө түйүп, эркекче кийим кийип, күлазыкты мол алып, бир жакшы атты минип алып, күйөөсүн издеп жөнөйт.

Обозгердин кызы нечен күн, нечен ай жол жүрүп, акыры аттан ажырайт да, жарагын колуна көтөрүп алып, жөө жүрүп отуруп бир бийик белге чыгып эс алат. Ошол жерде эки жакты карап отурса, чоң өзөндүн боюнда бүлбүл болуп бир шаардын чети көрүндү. Ал күнү керели кечке жол жүрүп, күн батканда бир терекке коноюн деп кайрылса, анын түбүндө алтындан оюп жасалган төрт орундук, ортосунда бир чатырташ турат. «Эмнеси болсо да ушунда бир чоң окуя бар го, байкап билейин» деп ойлоп, теректин башына чыгып кетет. Жылдыз толгон убакта көлдөн эки эркек жанаша коюлган орундукка, кыз жалгыз

орундукка келип отура кетишет. Аңгыча кыз: «Адам ээй, адамзаттын жыты жыттанат да», деп калды эле, анда берки экөө: «Адамзат биерге кайдан келмек эле, кудай тиккен чатырташ» деп коюшту.

Ошентип, баягы экөө чатырташка киришти. Бир канча убакыт өткөндөн кийин, көпкө ойноп отурушуп, кыз эки эркекти утуп алат. Бирок тиги экөө чырдашып, «оюндун шартын туура аткарган жоксуң» деп моюн беришпей турган болгондо обозгердин кызы:

– Ой, жигиттер, чырдашпагыла, кыз оюндун шартын туура аткарды, – дейт. Үчөө чочуп кетип, теректин башын карай коюшса, бир адам отурат. Анда үчөө: «Түш бери, сен эмне болгон жансың?» дешти.

- Мен адамзатмын, – деп обозгердин кызы теректен түшүп, үчөөнүн жанына келет: Мен жайымды түшүндүрдүм, силер өзүңөр кимсиңер?

– Биз жиндин падышаларыбыз, үчөөбүз менен чатыраш ойнойсуңбу?

– Ии, ойносо ойнойлу, байге эмне?

– Биз утсак, башыңды алабыз, сен утсаң, тилеген тилегиңди айт, ошого жеткиребиз.

Төртөө ойной башташат. Көпкө ойноп отуруп, баягы баланын аялы үчөөнү чатыраштан утуп алат. Анда берки үчөө: – Эмне максатың бар, айткының, орундаталы, – дешти.

– Сыйпа деген падышаны бир түндө үч сүйлөткөн киши алат деген кабарды угуп, аны алсам деп, алыстан келдим эле, ошол кызды үч сүйлөтүүгө жардам бергиле.

Тигилер: «Макул, жардам берели, сен бир табышмактуу окуя айтып, Сыйпадан сура, ал сүйлөбөйт, ошондо биз тактанын астына жашынып жатып, тескерисин айтабыз, калыс кан эмеспи, чочуп кетип туурасын айтат. Ошондой акыл менен сүйлөтпөсөк, ал сүйлөбөйт, керек мезгилде биз даяр болобуз» дешип көлгө кирип кетишти.

Баланын келинчеги дагы бир күн жол жүрүп, араңдан зорго өлдүм-талдым дегенде шаардын четине жетип, баягы чалдын чөп алачыгына кайрылат. Чалга салам айтат.

– Балам, бул элдин баласындай эмессиң, алыстан келаткандай түрүң бар, жол болсун.

– Ата, Сыйпа деген падыша кыз бар экен. Ошонун шаары кайда ошол кызды үч сүйлөтүп туруп алайын деп келе жаттым эле.

– «О, уу-у балам, ал кыздын керемети да, касиети да көп, Сыйпанын шаары ушул, сен аны да ала албайсың, сага окшогон нечен төрөнүн, кандын өздөрү жана балдары келип сүйлөтө албай, жалаң баштан Мунара жасалды. Кой, балам, тил алгын, да, бир топ күнү эс алып, кайра кет».

Аял чалга болбостон кан дарбазасынын эшигинин алдына барып турду эле, бир убакта эки желдет чыга келди:

– Эмне кылып жүргөн жансың? Жумушуң болсо айт, анчейин жүрсөң айлыңа кайт. Эркекче кийинген келинчек келген жөнүн айтып, Сыйпага жолуксам деп суранды. Эки жигит дарбазанын алдындагы чоочун адам сүйлөтөм деп алыстан келгенин Сыйпага билдиришти.

– Анда конок үйгө алпарып, тамактандырып, орунду жакшылап салып бергиле, эс алсын. Күн баткандан кийин аны ордого алып келгиле, – деп буйрук кылды. Эки желдет Сыйпанын айтуусу боюнча мейманды жакшылап жайгаштырышты. Аңгыча күн да батты. Мейман уктап, сергип алды. Бир маалда эки желдет келди:

– Сыйпа кыз сени чакырып жатат. Мейман «макул» деди да ыргып туруп, эки желдеттин артынан жөнөдү. Жалаң каухар таштан салынган үйгө алып барса, падыша кыз келип күтүп калган экен.

Мейман Сыйпа менен учурашып, аны алганы келгендигин айтты. Анда кыз астейдил күлүп кой-

ду: «Мени бир түндө үч сүйлөткөн киши алат. Мени үч сүйлөтө албасаңыз, башыңыз алынат». Берки: ал шартты билем, – деди. Кыз: «Эмесе сүйлөтүүчү бөлмөгө киргин» дейт. Ошондо мейман мурда барып, кире бериштеги кооз тактага отурду.

– Сыйпа кыз: – Ал такта меники, сиз тигинде өтүп отуруңуз, – деди. Мейман: «Мен өлүүчү, же күйөө болуучу кишимин, ошон үчүн бир түн каалаган ордума отурамын – деп, көшөрүп отуруп алды. Ошентип Сыйпа падыша үн чыгарбай отуруп калды. Мейман ар түрдүү кептен баштады. Сыйпа түк унчукпайт. Түн ортосу жакын калганда «баякылар келгендир» деп болжоп, аңгемени мындайча баштады: Илгери-илгери бир жыгач уста, бир темир уста, бир кийим тигүүчү, бир молдо болуп төрт адам жолоочу жүрөт экен. Ууру-бөрү күчтүү болгондуктан, кезек менен аттарды күзөтмөк болушат. Биринчи кезек жыгач устага тиет, ал эригип отуруп, жыгачтан кишинин түспөлүн жасап коюп, кезекти темир устага бериптир.

Темир уста аттардын жанына барса, бир киши турат, киши деп караса жыгач. «Бул жыгач устанын көрсөткөн өнөрү экен» деп темир уста ага сөйкө, билерик, шакек, мойнуна мончок жасап кооздоп туруп, кийим тигүүчүнү ойготуп, кезекти өткөрүп берет. Тикмечи барса бир кыз турат. Байкаса жыгач. «Жыгач уста менен темир устанын жасаган өнөрү экен» деп, мен да силерден калбайм деп не бир кооз кийимдерди тигип кийгизип жасалгалап, акыры кезекти молдого өткөзүп, уктап калат.

Молдо туруп аттарды аралап жүрүп, тикесинен турган бир адамды көрөт. Чукул барса кыз, түртсө жыгылып калат. Ошондо молдо: «бул мага тигил үчөөнүн көрсөткөн керемети экен» деп дем салса, баягы жыгач кызга жан кирип, тил бүтөт экен. Эртеси «мен алам, сен албайсың» дешип, катуу талашып калышат. Сыйпа падыша, айтыңызчы, кызды төр-

төөнүн кимиси алат? деп сурап калды эле, падыша кыз унчуккан жок.

Анда мейман: «Жандуу Сыйпа айтпаса, жансыз такта сен айтчы?» деп тактаны бир салды эле, «Кызды жыгач уста алат» деген күңгүрөнгөн добуш чыкты. Ал добуштан Сыйпа чочуп кетип: «Андай эмес, ал кызды жан салган молдо алат», – деп жиберди. Сыйпа кыз «бир сүйлөдү» деп коңгуроо угулду. Бул кабар шаарга дүңк дей түштү.

Экинчи аңгеме мындайча башталды. Илгери бир байдын жалгыз кызы болуптур. Ошол кызга бир күндө үч кандын баласы жуучу жиберишиптир.

Кыздын атасы кимисине берерин билбей башы катып, ары-бери ойлонуп туруп, үч күйөөгө: «Үчөөң үч түрдүү буюм алып келгиле, кимиңки артык болсо, ошонуңа беремин» деп үч күйөөнү кайра кайтартып жиберген экен.

Арадан нечен айлар, жылдар өттү. Акыры үчөө үч түрдүү буюм сатып келе жатышып, бир жолдон кездешип калышат да, ар бири өзүнүн сатып алган буюмунун касиеттерин айтышып мактана кетишет. Көрсө алардын бири алма, бири килем, бири күзгү сатып алган экен. Алманын ээси: «Мунун касиети өлгөндү тиргизет» деди. Килемдин ээси: «Килемге олтурсаң, каалаган жериңе дароо жеткизет» деди. Күзгүнүн ээси: «Дүйнөдө эмне болуп жатса, ошону даана көрсөтөт» деди.

Анда үчөө: «Кана көрөлүчү, колуктубуз эмне болуп жатат?» деп, күзгүнүн бетин ача койсо, үчөөнүн талашкан кызы өлүп, мүрзөгө койгону жатыптыр.

«Кана килемдин өнөрүн көрөлү» деп, үчөө килемге отуруп, дароо жетип келишти да: «Токтогула, койбогула» деп, кызды мүрзөгө койдуртушпай, кайра көтөрүп үйүнө алдырып келип, алманы мурдуна тийгизсе, кыз тирилип тура калды. Ал жерден: «Мен аламын, сен албайсың» деп, талаш чыгыптыр. Кана падыша кыз, айтыңызчы, аны үчөөнүн кимиси

алат? деди эле, Сыйпа дагы унчуккан жок. Анда обозгердин кызы: «Жандуу Сыйпа айтпаса, айткыла деп дагы тактаны бир салды. Ошондо: Жеткизген килемдин ээси алат» деп, тактадан үн чыкты. Анда Сыйпа падыша чочуп кетип: – Андай эмес, кызды тиргизген алманын ээси алат, деп сүйлөп жиберет. Аңгыча «Сыйпа кыз сүйлөдү» деп, экинчи жолу коңгуроо кагылып шаардагылар бүлүк түшүп калды.

Кандын баласынын келинчеги үчүнчү аңгемесин айта баштады.

Илгери бир кемпир кандын уюн саап, күнүнө канга эртең менен эрте сүт алып барып берүүчү экен. Күндөрдүн биринде баягы уй саачу кемпир адатынча таң заарынан сүт алып бара жатып, сүттү жерге коюп, бир жакка чуркап кетет.

Дал ошол убакта бир айры куйрук келип, бир жыланды жерден эңип алып, кемпирдин сүтүнүн үстүнөн алып өтүптүр. Ошол мезгилде жылан заарын төгүп ийсе, сүткө келип түшүп калат экен. Кемпир билбестен сүттү алып келиптир. Кан сүттү ичер менен мүрт өлүптүр. Бул кандын өлүмү үчүн үчөөнүн кимиси айыптуу? Жооп берчи, Сыйпа? десе кыз унчукпайт. Ошондо кыз: – Бул канды кудай дудук кылып жаратыптыр. Мындан жансыз сен өйдөсүң, ким айыптуу? Кана айтчы? деп тактаны бир салды эле: – Кандын өлүмү үчүн кемпир эле күнөөлү, – деген үн чыгат. Адилет Сыйпа чочуп кетип: – Жок андай эмес, айры куйрук күнөөлү, – деп сүйлөп иет. Ушуну менен «Сыйпа падыша үч сүйлөдү» деп, коңгуроо кагылып, калкына кабар берилет.

Эл: «Кызды сүйлөткөн кандай ырыстуу неме болду экен, же сыйкырчыбы, бат эле таң атып, күйөөнү көрсөк экен» деп, аябай таң калышты. Аңгыча таң да атат, эл жыйылып, кандын ордосуна келе башташты. Аял болсо Сыйпа менен аркы-беркини сүйлөшүп отурду: – Менден башка сиздин колуңуздан аман калган пенде барбы?

– Бирөө бар, аны уй кайтарган чалдын кемпири сурап алып кеткен, ал ошондо болуугa тийиш. Обозгердин кызы Сыйпага кайрылды:

– Ушул өлгөн пенделерди бир сыйра көрүп чыгууга болобу?

– Эрк сизде.

Ошентип, обозгердин кызы өлгөндөрдү бүт кыдырып чыгат, бирок, күйөөсүнүн башы көрүнбөйт.

Андан таппагандан кийин: «Мен үч күн бир жерге барып келем» деп коюп, баякы Сыйпа кыз айткан уйчу чалдыкына барса, күйөөсү музоо кайтарып жүрүптүр. Чач, тырмагы өскөн, адам сыпаты кеткен. Аны таанып: «Ата, ушул музоо кайтарган баланды мага сатыңыз, жалгыз элем, жолдош кылып алайын» деп жабышат. Чал макул болот. Баланын зайыбы чалдын сураган дилдесин берип, күйөөсүн сатып алып, шаарга келет.

Андан кийин баланын чач, тырмагын алдырып, жуунтуп, тазалап туруп, эски кийимдерин, чач, тырмагын бир чоң сандыкка салып бекитип, ачкычты өзү катып алат да, «ушуну бек каткын» деп сандыкты Сыйпага алып барып берди. Кайрадан келип, өзү кандай кийим кийсе, баланы да ошондой кийинтип, өзүнүкүндөй окшош ат мингизип, үч күнү алып жүрүп тыңытып кол кармашып, достошот да: – Мен тез кетейин, ошондой зарыл жумуш чыгып калды, Сыйпа канышаны сүйлөткөн мен элем. Үйүмдө аялым бар, аны кыялбадым, Сыйпаны сен ал. Сыр билгизбей кызга баргын, ашык сүйлөбө, сөз айтса сөзүнө жараша жооп бер, тезирээк алып кайт, – деп бала менен коштошуп, обозгердин кызы кете берди.

Бала болсо Сыйпа кызга барат. Сыйпа каныша себин сексен төөгө жүктөтүп, күң жана кулдарын алып, бала менен жөнөйт экен. Обозгердин кызы болсо, мурунураак келип, жүдөңкү тартып үйүндө отуруп калат. Бир аз күндөн кийин кандын баласы Сыйпа кызды алып келип, өзүнчө өргөө көтөртүп,

чоң той берет. Мурунку аялын болсо: «Кет, селпейген каракчы десе, дале кете элек тура» деп уруп кирет. Ошондо обозгердин кызынын ачуусу келип Сыйпага барат: – Мен бир сандыкты аманат таштадым эле, ошону мага бериңизчи – деп, сандыктын ачкычын койнунан суурул алат. Сыйпа кыз болсо оозун кармап, өзүн сүйлөткөн ушул келинчек экенин билет да, сандыкты алып келип, таазим кылып алдына коет. Обозгердин кызы сандыкты ачып, элден мурун баланын самтыраган кийимин сууруп чыгат. Анда бала: – Бул эски кийим меники эмес бул чач менен тырмак да меники эмес, – деп танат. Обозгердин кызы: – Сыйпаны кантип сүйлөтүп алдың айтчы? – дегенде унчуга албай жер тиктейт. Ошол жерден бала менен Сыйпа кыз экөө тең обозгердин кызынын бутуна жыгылып, бүт бийликти ага берип, үчөө ынтымактуу болуп жыргап жатып калышкан экен.

## ЗАР МЕНЕН МЭЭР

Илгери-илгери бир падыша болгон экен. Күндөрдүн биринде вазири экөө куш салып ууга чыкса, башка падышалар жанына балдарын ээрчитип, куш салып жүргөнүн көрөт.

Падышанын көңүлү бузулуп, вазирине: «Кудайым бизге эмне үчүн бала бербеди, биздин катындарыбыз эмне үчүн туубайт?» деп капа болуп үйлөрүнө келип, катындарын сабап кирет. Бечара катындар бала үчүн зарланышат, тилек тилешет. Алардын зары өткөнбү, үч-төрт айдан кийин катындарынын боюна бүтөт экен.

Падыша дагы бир жолу куш салып жүрүп: «Эми кудай берсе, катындарыбыз туумак болду. Менин катыным эркек тууп, сенин катының кыз тууса, кызыңды менин балама бер, сенин катының эркек тууп, менин катыным кыз тууса, кызымды сенин уулуңа

берем, эгер экөө тең эркек болсо экөө акыреттик дос болсун» деп экөө баталашып, ант кылышат.

Айлар өтүп, күндөрү жетип, катындары толготордо: «Жүрү куш салалы, төрөгөндө бир киши сүйүнчүлөп, барар» дешип, экөө жүрүп кетишти. Буйрук менен вазирдин катыны эркек, кандын катыны кыз төрөдү. Бир мастан кемпир сүйүнчүлөп вазир менен падышага: «Аман-эсен катындарыңар төрөдү, вазирдин катыны эркек падышанын катыны кыз төрөдү» дейт. Экөө сүйүнгөн бойдон жарышып келе жатып, вазир атынан жыгылып, арка-мойну астында калып өлөт. Падыша той жасап, кыздын атын Мээр, уулдун атын Зар койду.

Зар менен Мээр бир жүрүп, бир ойноп 16 жашка чыгышты. Мээрдин сулуулугу жандан ашып, ар кайсы падышалардын балдары ашык болуп, куда түшүүгө суратты. Кээ бир падышалардын балдары «Мээрди албасак да, жүзүн бир көрөлү» дешип, ашык болуп, ак боз аттары менен жыландай ойнотуп, Мээрдин астынан өтөр эле. «Куда түшөм» деп келгендерди падыша: «Кызым күйөөдөн жутаган жок, күйөөсү бар, убара болуп келе бербегиле» деп, кайтара турган.

Падыша элден коркуп, адам эшигин тапкысыз бир сарай жасатып, Мээрди киргизип, эшигин бир мастан кемпирге кайтартып койду. Зар ары жактан карап, бери жактан карап, Мээрди эч таба албай, ичи күйүп: «Куда түшөм деп жүргөн падышалардын бирөө ала качып кеттиби?» деп ичинен сызып ыйлайт. «Эне, менин курдашым, акыреттик жарым Мээр жок. Кайда экенин билесиңби? Же падышалардын балдары менен качып кеттиби?» деп Зар энесинен сурайт экен. Энеси чуркап барып, баласынын башын көтөрүп: «Зар балам, башыңды көтөр, ыйлаба. Кайнатаң жаңыдан салган сарай үйдүн терезесин барып карачы көңүлү болсо Мээр сага бир сөз айтар» дейт экен. Энесинин сөзүнө кубанып, Зар чуркап барып

терезени карап турса, Мээр терезени ачып, күзгүнүн бетин өзүнө, сыртын Зарга каратып, терезени жаап кетип калды. Зар капаланып энесине келди да:

«Эне, менин досум, акыреттик жарым менден күдөрүн үзүптүр. Күзгүнүн бетин өзүнө, сыртын мага каратып кетип калды. Кулдун баласы деп, мени теңине албагандыгы үчүн мен бул дүйнөдө турбаймын» деп дагы ыйлады. Анда энеси: «Андай эмес күзгүнүн артын көрсөткөнү күндүз эмес, түнкүсүн кел дегени эмеспи» деди.

Зар сүйүнүп, ордунан ыргып туруп барып терезеден карап турду. Ары басты бери басты, күндүн кеч кирмеги кыямат кайымдай болду. Намаз шам менен куптан арасында Мээр Зарды чакырып алып: «Сүйүктүү досум, сен чоң ак чийдин түбүнөн кетпе. Эл жатарда мен атамдан уурданып, сандыктагы ак бараң менен көк бараңды, акырдагы ак тулпар менен көк тулпарды алып чыгамын. Экөөбүз качабыз. Сен даяр тур» деди.

Бул экөөнүн сүйлөшүп жатканын мастан кемпир угуп: «Силерге бирди кылайын» деп кекенип калат.

Ушуну менен Зар барып, ак чийдин түбүнө Мээрди күтүп олтурду. Мастан кемпир акырын келип караса, Зар уктап калыптыр.

Зарды ордунан көтөрүп башка жерге коюп, ордуна өзү чүкөдөй болуп олтуруп калды. Мээр аттарды алып келип: «Мингин тулпарга» деди. Мастан кемпир тулпарга минди. Түн бою экөө жүрүп отуруп, күн шашке болгондо арт жагын караса, Зардын ордуна мастан кемпир аргымакка минип келе жатат. «Кылмакчы элең кылдың, жемекчи элең жедиң, ушинтип кууратмаксың? Канча кылганың менен көптү көргөн эмессиңби, жол башта» деди Мээр.

Мастан ак тулпар менен кыя тартып, алдына түшүп бара жатат. Мээр ак бараңды колго алып, астында бара жаткан кемпирди шыкаалап: «Эки далынын ортосу, так жүрөктүн толтосу, өлөр жериң ушул» деп, атты эле, мастан чыңырып кулап түштү.

Канча кылганы менен акылы бар эмеспи, тулпардын изи менен Зар таап келер деген ой менен Мээр ошол жерде үч күнгө чейин күтүп жатты.

Зар уктап бир убакта турса, эч ким жок. Жалгыз өзү калган. Күн алда качан шашке болуптур. Эки жагын караса, анда-санда аяктай жерди томура баскан тулпардын изи жатат. «Кой, мени алдап уктатып коюп, качып жоголгон экен. Тулпардын изи менен таап, канчалык сен деп жүрсөм да карабайсың, эң жок дегенде жолдоштук акымдан кеч дейин» деген ою менен артына түштү. Узак жүрүп отуруп, акыры Мээрге жетти. «Акыреттик досум, келдиңби, мастан кемпир экөөбүздү ажыратып кое жаздады. Эмне болуп адаштың?» деди Мээр. «Бу да болсо мастандын азгырып уктатканы» деди Зар.

Мээр Зарды атка мингизип жүрүп олтуруп, бир терektин түбүнө келип, тамактанышты да, ошол жерге түнөмөкчү болушту. «Зар, сен уктап ал, аттарды мен карап турайын» деди Мээр. Зар уктап болгондон кийин Мээр уктады. Зар аттарды карап турат. Ал үч күн тамаксыз жөө келгендиктен көзү уйкуга кетти. Бир убакта шылдыр-шылдыр этип, теректен түшкөн жалбырак Мээрдин бетине тийди. Көзүн ачып караса, бир кара чаар жолборс терektин башына чыгып бара жаткан экен. Акырын тура калып ак бараң менен атып жиберди эле, жолборс жерге кулап түшөт. Терисин сыйрып алып, экөө андан ары жүрүп кетишти. Бир шаарга жакындаганда аттары боругуп өлүп, өздөрү жөө калып, дагы илгери жүргөндө жолунан чоң суу кез болду. Жөө өтө албай, сууну бойлоп жүрүштү эле, бир кайык көрүндү. Анда бир сокур абышка отурат. Мээр: «Айланайын аке, бизди аркы өйүзгө чыгарып коюңузчу» деди эле, абышка: «Чыгарсам бирден чыгарам экөөнү кемем көтөрө албайт» деди. Мээр чалдын ойлогонун билип кемеге ыргып түшүп жүрүп кетти. Суунун ортосуна барганда чал Мээрдин бетинен жыттап, асылып калды. Мээр

абышканы кармашып жатып сууга түртүп жиберип, кемени кайта айдап келсе Зар жок. Ары карады, бери карады, эч таба албады. Зарды жоготуп, кайдан табарын билбей, акыры чарчап бүтүп, бир теректин түбүнө уктап калды.

Таймас деген падыша куш салып жүрсө, кушу Мээр жаткан терекке конду. Падыша келип, Мээрди көрөр замат ашык болуп калды. Падышанын тогуз катыны бар экен. Мээрди онунчу аялдыкка алмак болуп чоң той берди. Мээр: «Таймас падыша, мен да бир падышанын кызы элем, кудай никемди сизге буюруптур. Эми сиз мени, тогуз катыныңызды кошуп сейилдикке жибериңиз. Баарыбыздын аттарыбыз, кийимдерибиз бирдей болсун, анан кимибиздин өнөрүбүз ашык болсо, ошонубуз эрке катын бололу» дейт.

Таймас падыша макул болуп, Мээрдин айтканынын баарын оюндагыдай орундатты. Бир күнү тогуз катынды ээрчитип келсе, баягы кемеси ордунда турган экен. Тогуз катынга кемени көрсөтүп: «Ар жакка чыгып ойноп келелиби?» дейт.

Катындар сүйүнүп кемеге түшүштү. Мээр кемени айдап суунун агымы менен бара жатып, суунун көлгө куйган жеринде ары-бери өткөндөрдү карактап турган он каракчыга кармалып калды. Каракчылар «өзү келген олжо» деп кубанышат. Мээр каракчыларды «той кылгыла» дейт. Каракчылар той жасап нике кыйып, катындарды алмак болду. Алар той камылгасын көрүп жүргөндө Мээр аялдар менен сүйлөшүп: «Чайга уу кошуп берип буларды уулантып өлтүрөлү» деди. Айтканындай чай менен кошуп уу берип, каракчылардын баарын өлтүрүп, эркекче кийинип, чачтарын төбөлөрүнө түйүп, кылычтарын жана мылтыктарын асынып, аттарын минип, жүрүп кетишти.

Катындар жүрүп отуруп, жүрүп отуруп бир шаарга жетишти. Ал шаардын падышасы өлүп, падыша кылууга баласы, же жакын туугандары болбогондуктан, талаш болуп жаткан экен. Өлгөн

падышанын бир кушу бар экен. Ошо кушту учуруп, кимдин башына консо, ошону падыша кылабыз деп жатышыптыр. Катындар жыйылган элдин ичине барышат. Бир убакта эл кушту учурду эле, куш Мээрдин башына конуп калды. Элдин баарысы келип Мээрди караса, жанында тогуз жигити бар, жарак-жабдыгы келишкен бир сулуу жигитти көрүп: «Өзү деле падыша экен» деп, Мээрди көтөргөн бойдон алып барып такка олтургузушту.

Мээр падыша болуп, Зарды табуу үчүн бүтүн шаарындагы жыгач усталарды чакырып: «Менин сүрөтүмдү өзүмдөй кылып жыгачтан жасагыла» деп буйрук кылды. Усталар бир-эки күндүн ичинде жасап, аларды падышага алып келип берди. Мээр сүрөттөрдү көчөгө койдуруп, бүтүн журтуна, ар кайдагы падышаларга кабар берет. «Биринчиден, менин сүрөтүмдү эл көрсүн, экинчиден, менде ушундай усталар бар экенин эл билсин деп иштеттим» деди сурагандарга.

Шаарындагы адамдар жыйналып, көчөдөгү сүрөттөрдү карап өтүп жатты. Түш ченде бир сокур абышка сүрөттү көрүп тура калып: «Атаганат, жыгачтыгы болбосо Мээр деп айтсам боло турган экен» деди. Мээр аны чакыртып алып, бир үйгө кийиртип койду. Журт чубап өтүп жатты. Эртеси түштө орто бойлуу, отуз кырк жаштагы бир киши дагы: «Атаганат, жыгачтыгы болбосо Мээр деп айтсам боло турган экен» деди. Мээр аны да өзүнчө бир үйгө кийирттирди.

Журт өтүп жатты. Эртеси кечке жуук, этеги тизесине жетпеген бир бала өтүп бара жатып, сүрөттү карап: «Айланайын Мээрсиңби? деп, келип сүрөттү кучактай калды.

Мээр: «Алып келгиле чунак баланы!» деп аны да каматып койду. Эртеси Мээр келип, сокур абышкадан: «Мээр сиздин эмнеңиз эле?» деп сурады. Абышка калп жеринен: «Мээр менин катыным эле

чанып качып кеткен» деди. Сокур абышканын калп айтып отурганына Мээр ачууланып, сокур көзүнүн үстүнө соо көзүн чукуп, таза сокур кылып кое берди.

Андан чыгып орто бойлуу кишиден: «Мээр сиздин эмнеңиз эле?» деп сурады. Бул киши Таймас падыша экен: «Мээр эмнем болсун талаадан таап келип, алайын деп турганда сейилдикке чыгамын деп, тогуз катынымды алдап ээрчитип кетип, ошо бойдон жок» деди.

Мээр: «Эми Мээрди кошо алар белеңиз?» деди. Анда алиги киши: «Дегеле Мээрге ыраазы элем, тогуз катыным гана табылса болду эле» деди. Тогуз катыны эркекче кийинип, Мээрдин жанында сурак сурап турганын билбеди.

Мээр чыгып балага келди. Бала көрсө Зар экен. Экөө кучакташып көрүштү. Зарды жуундуруп тазалап, падышалык кийимдерин кийиндирип, падыша кылып койду. Мээр менен Зар кошулуп, Таймас падышага: «Адам баласы канаат кылбайбы, чүрөктөй катыны турса, мени алам дедиң. Мына менин өмүрлүк жолдошум. Мына катындарың, мен сатып жиберген жокмун» деп, Таймас падышанын катындарын берип, конок кылып узатып жиберет. Ошентип, Зар менен Мээр максаттарына жетип, түбөлүк жыргап куунап жатып калышкан экен.

## ЖЕКЕ ТАЗ МЕНЕН ЖЕТИ ТАЗ

Илгери бир жеке таз жана жети таз бар экен. Жети таздын жети кара торпогу, жеке таздын жалгыз кара торпогу, жети таздын жети энеси, жеке таздын жалгыз энеси бар экен. Жеке тазды жети таз жеткен жерден жердеп жекелеп уруп, тазын сүрүп койчу экен.

Жеке таз ушул жети таздан кантип кутуларын билбей жүрдү. Бир күнү бир байдын баласы жети өгүз айдап келе жатыптыр. Жеке таз: «Ой, байдын

баласы жети өгүздү кайда айдап барасың? деди. «Кайтарып жүрөмүн, жеке таз баатыр» деди.

«Байдын баласы, ушул жети өгүзүңдү сайып мелдешесиңби? Мен жердин мээсин, ичеги кардын чыгара муштайын» деди. «Макул» сен ошондой кылсаң, жети өгүзүмдү берейин, антелбасаң, сен мага эмне бересиң?» деди алиги байдын баласы. «Анда мен баш отум менен кул болуп берейин» деди таз. «Сен эртең дагы өгүзүңдү ушундай кайтарып кел, эртең мушташалы» деди. Байдын баласы «макул» деп жеке таз менен убадалашып кетти. Жеке таз жалгыз торпогун сойду, дагы мээсин алып, бир жерге, ичеги-кардын алып, бир жерге көөмп, этин үйүнө илип койду. Эртеси баягы байдын баласы өгүздөрүн жайып чыгып келди. «Кана эми, жеке таз баатыр, жердин мээсин, ичегисин чыгара муштаймын дебедиң беле, муштагын» деди. Жеке таз ары-бери кайсалап туруп, анан мээ көмгөн жерди катуу муштады эле, мээ чыкты, ичеги көмгөн жерди муштады эле, ичеги чыкты. Баягы жерден байдын баласынын жети өгүзүн мелдешке алып койду. Жеке таз жети өгүздү айдап алып кечинде баякы жети тазга келди. Аны көргөн жети таз: «Ээ жеке, таз баатыр, бул өгүздөрдү кайдан алып келдиң деп сурашты. «Ой баякы жалгыз торпогум гана, ошону союп жети бөлүп жерге көөмп, ар бириң бирден өгүз болуп тур десем эле, жети өгүз болуп калышты» деди.

Жеке таз кетип калгандан кийин: «Атаң көрү, биз деле жети торпогубузду союп, ошентсек ар бирибиздики жетиден өгүз болсо көп эле өгүз болбойбу» дешти. Анан баягы торпокторун союп, жетиге бөлүп коюп, «өгүз бөлүп тур» десе эчтеке жок. Жетөө жети торпогунан айрылып, жеке тазга келип: «Сен эмне бизди алдайсың?» деп уруп, тазын ташка сүрүп, өгүздөрүн тартып алып, жетөөнү жетөө бөлүп алды.

«Ай атаңдын көрү, буларга дагы эмне кылсам экен» деп жеке таз ойлонуп калды. Анан бир күнү

бир байдан «көмүр жүктөп алайын» деп, бир төөсүнүн күчүн сурап алып кандын ордосуна барды. «Ой жеке таз баатыр, тартынып жүргөнүң эмне?» деп ордодогу кыздар сурады. «Ой, бул кандын алтын, күмүшү ушундай сейилдикке арттырып койду. Ар кайсы жерге барып жүргүн деди» деп жооп берди.

«Ой, баатыр, көрсөтсөң көрөлүк, ал кандын алтын, күмүшү кандай болот экен?» деди кыздар. Анда жөкө таз: «Кой көрсөтпөймүн, көрсө көмүр, күлсө күл болуп калат» деди. «Кой баатыр, көрсөтсөң күл, көмүр болсо бизде деле алтын, күмүш бар, ошондой биз деле салып беребиз» деп болбой жатып түшүрдү.

Көмүр жагын чечти дагы, «көрсө көмүр болуп калат дебедим беле? Мына көмүр болуп калыптыр. Эми эмне кылам?» – деп алаканын шак коюп, көчүгүн жерге так коюп ыйлап калды эле, баягы кыздар шылдыңдап күлүштү. «А күлүп койдуңар, эми биягы күл болуп калды, мени өлтүргүлө, эми мени жуткула» деп эле ыйлай берди. Анан баякы кандын кыздары көмүр жагына алтын, күл жагына күмүш салып артып берип, жеке тазды кетиришти.

Алтын менен күмүштү төөгө артынып алып, жеке таз баягы жети тазга келди. Жети таз: «Ой, жеке таз баатыр, бул артынып жүргөнүң эмне?» деп сурашты. «Бул артынып жүргөнүм алтын менен күмүш». «Аны кайдан алдың?» дешти. «Муну кандын кыздарынан алдым, баягы жаман алачыгымды өрттөп жиберип, күлүн бир жагына көмүрүн бир жагына артынып: «Күлгө күмүш, көмүргө алтын бересиңерби? десем эле берди» деди. «Кана, баатыр алтын, күмүшүңдү көрсөтчү?» дешти. Жети таздын көрүп көөнү жайланды. «Биз дагы ушундай кылалы» деп, алачыктарын өрттөп, жетөө жети өгүзүнө артып алып, кандын кыздарынын ордосуна жөнөштү. Кандын кыздарынын ордосуна баргандан кийин кыздар чыгып: «Жети таз, бул эмнеңер?» деп сурашты эле, «күлгө күмүш, көмүргө алтын бересиңерби?» деш-

ти. «Булар жинди болгонбу?» деп, кыздар таздарды кармап алып тазын сүртүп кое беришти.

Жети таз кайта келип: «Сен калп айтыптырсың» деп жеке тазды карсылдатып сабап алтын, күмүшүн тартып алышты.

Жеке таз: «Атаңдын көрү, булар мени, ар качандан бир качан уруп жүрүп жок кылмак болду, буларды бир жолу өлтүрүп жаным тынбаса болбойт» деди.

Бир күнү жеке таздын энеси өлүп калыптыр. Энеси өлгөндөн кийин, бир байдын атынын күчүн сурап минип, энесин кымкап менен жаап өңөрүп алып, кандын кыздарынын ордосуна барды.

– «Ой, жеке таз баатыр, бул өңөрүп жүргөнүң эмне?». «Бул кандын кызы, сейилдикке өңөртүп жүрөт» деди, жеке таз. «Бизге көрсөтчү, жеке таз баатыр» деди кыздар. «Ой, кокуй, атым азоо үркүп жыгып кетет, өлүп калса кандын кызынын кунуна калбаймынбы?» деди.

«Ой, өлүп калса, бизде деле кызга жарагыдай кыз бар, алып кел, көрөбүз» дешти. «Ай, силер ар качан эле ушинтип каласыңар, эми атым үркүп өлтүрөт» деди, жеке таз. Анда кыздар: «Ой, түгөнгүр, өгүнү деле алтын, күмүшүңдү төлөп бербедик беле, өлсө төлөп берели» дешти. Анан баягы кыздар тегеректеп келип түшүрө турган болгондо, жеке таз согончогунда бир шибегеси бар экен, теминип-теминип койгондо эле ат мөңкүп-мөңкүп келип, аны көтөрүп урду. «Атаны кокуй, наалат күн ай, кандын кызы өлүп калды, эми эмне арга кылам?» деп жеке таз боздоп ыйлай берди. «Кой, эми буга бир кыз берели» деп, ордодогу кыздан бир кыз беришти. Жеке таз энесин бир жерге көөмп коюп, кызды өңөрүп алып, жети тазга келди. «Ой, жеке таз баатыр, бул өңөргөнүң эмне?» «Бул өңөргөнүм кандын ордо кызы, энемди өлтүрүп алып, «өлүү кызга тирүү кыз бересиңерби?» десем, энемди алар алып калып, ушуну берди» деди.

«Атаңдын көрү, биз деле энебизди өлтүрүп алып, ошентип барып бирден катын алып алсак болбойбу» дешти, дагы жетөө жети энесин өлтүрүп алып: «Өлүү кызга тирүү кыз бересиңерби?» деп кандын кыздарынын ордосуна барышты. Кыздар кармап алып: «Өлүү кызга тирүү кыз дагы берүүчү беле?» деп, тазын сүртүп, бетин тытып кое беришти. Андан ыза болуп келген жети таз: «Сен бизди алдап энебизди өлтүрттүң, өзүбүздү ургуздуң», дешип жеке тазды өлтүрмөк болушту. Жеке таздын мойнуна сыйыртмак салып токойдун четиндеги чынар терекке сүйрөп барып чытырата таңып, өрттөш үчүн өздөрү отунга кетишти. Ошол учурда сур жорго минген, суусар тебетей кийген, бир көзү сокур, алдында айдаган отуздай чаар аты бар байдын баласы келатат. Аны көрө коюп байланган чынарды сүзгүлөп; «Көзүмдү бер, көзүмдү бер» деп жеке таз кыйкырат. Байдын баласы таңыркап токтой калат. Ошондо гана жаңы көрө калган болуп: «Ой бай, болгур көзүм ордуна келиптирби, карап койчу» дейт. «Көзүңүз ордунда эле турат, эмне болду эле? дейт. «Эмнеси курусун, көзүм кыйшайып көрбөй калган, эми көрө түштүм, касиеттүү чынар деген эле» дейт. «Ой айланайын аке, менин дагы көзүм сокур, бир жардам кыл? Жеке таз кыйылгансып туруп: «Болуптур эми, менин кийимимди кий, аркан менен таңып коем, бир чай кайнамда көзүң оңолот. Теректи үч жолу: «Көзүмдү бер, көзүмдү бер?» деп үч жолу сүз» дейт. Жеке таз байдын баласын терекке таңып, кийимин кийип, жоргону минип чаар жылкыларды айдап жолго түшөт.

Ал аңгыча жети таз отун көтөрүп жетип келишет да теректин түбүнө отунду үйүп өрттөй баштайт. – Өл курган таз – дешет.

– Ой, айланайын акелер мен ал эмесмин, байдын уулумун аман калтыргыла, сураганыңарды берейин,– деп байдын баласы жалбарат.

– Ии, куусун мунун дагы алдаган турасың, – деп болбой коюшат. Чучуктай чыңырып жатып бай баласы күйүп бүтөт. Анын күлүн кудукка салып көңүлдөрү куунак жети таз, жеке таздын катынын алып келелик деп, үйүнө келсе жеке таз суусар тебетейди кийип төрдө отурат. Үйдүн тегереги толгон чаар жылкы. Жети таз айран таң калат.

– Ой, жеке таз баатыр, кайдан?

– Ээ, кайданды эмне кыласыңар. Мен силерге ыраазымын. Силер мени өрттөп күлүмдү салбасаңар мындай бай болбойт элем. Кудуктун түбү толгон мал, чоң энеме жолуктум. Силердин чоң атаңар салам айтты.

– Эми биз кантип жолугабыз, аларга, – деп жети таз жалбарды.

– Иттен арзан, колдоруңарга узун чырпык алып кудукка салсаңар чырпык айланса, чакырганы, анда шар кире бергиле.

Жети таз колдоруна узун чырпык алып кудукка барышат. Эң улуусу кудукка түшкөндө колундагы чырпык айланып кетет. Бизди чакырып жатат деп калгандары сууга кирет. Ошентип, жеке таз айла-амал менен душмандарынан кутулган экен.

## САРЫ ТАЗ

Илгери, илгери бир Кыйран ууру деген болуптур. Ал жашынан малдуунун малын койбой, баштуунун жанын койбой уурдап жүрүп Кыйран аты калып – Кыраан ууру аталыптыр.

Ошол Кыраан ууру кыркка чыкканга чейин бир перзент көрбөптүр, элүүгө эңкейип, бели бекчейип көзү чекчейип калганда өзү сары, көзү көк, оозу жалжайган, мурду балчайган, башы таз, бою пас балалуу болуптур. «Баланын өзүн көрүп, атын кой дегендей» эли-журту чогулуп атын Сары таз коюптур.

Бирок, Сары таз бала кезинен баштап эле чуулуу чыкты, айылдагы куюшкан, жүгөн, көмөлдүрүк

дегенден койбоочу болду. Күндөрдүн биринде атасы «өзүм болсо карып бара жатам, балам өнөрүмдү алып калчуудайбы, жокпу» деп сынамакчы болуп ээрчитип алып, айылдын четине чыгат да: «Мен тетиги терекке чыгып барып, басып жаткан сагызгандын жумурткасын уурдап келем, сен карап, тур» деди. Бала «макул» деди. Атасы көз ачып жумганча, терекке чыгып барып, сагызганга билгизбей, басып жаткан жумурткасын уурдап алып түшүп келди. «Көрдүңбү балам, өнөрдүн күчүн?» деди. Сары таз санын чаап: «Кокуй ата, шымың кана?» деди. Ошондо Кыраан ууру баласына: «Анык өзүмдү тарткан экенсиң» деп батасын берди.

Күндөрдүн биринде ошол элдин каны элге жар чакырды: «Кимде ким эч чын кошпой кырк ооз калп айтып берсе, ошого кызымды беремин, айта албаса башын аламын» деди. Нечендер: «кырк ооз калпты айтпай эмне?» деп оңой көрүп бөөдө өлүм болушту. Ал кабар Сары тазга да жетти.

Жээрде чолок кунанын минип, желке ээрдин жаланып-жуктанып кандын ордосуна желдире бастырып келди да: «Кырк ооз калп айтып, чыны жок, жалкы айтып, кызыңды алганы келдим, айталбасам өлгөнү келдим» деди. Кан: «Ии, айткын» деди. Ошондо Сары таз малдаш урунуп туруп мындай сөз баштады. «Өз атам туула электе чоң атамдын жылкысын кайтардым. Күндөрдүн биринде жылкы арасындагы кырк кулач бээм жоголуп кетти. Отуз кулач кара атыма минип алып бир дөбөгө чыгып бардым, аттын үстүнө сексен кулач укурукту коюп, теребелге көз жүгүртсөм, бээм көрүнбөдү. Укуруктун үстүнө тебетейимди коюп, карасам анда да көрүнбөдү. Жерге түшүп, тебетейимдин үстүнө кепичимди коюп, карадым эле, бээм суунун аркы өйүзүндө жаңы эле тууп, кулунун жалап туруптур. Атыма олбуй-солбуй камчы уруп жетип бардым. Атка минип, бээни учкаштырып, кулунду өңөрүп суудан өтмөк болдум эле, атым кай-

калап жата калды. Бээни минип, атты учкаштырып, кулунду өңөрүп өтөйүн десем, бээм баспай койду. Ошондо кулунду минип, атты учкаштырып, бээни өңөрсөм, «чу» коюп дарыядан өтүп кетпеспи. Суудан өттүм да, күн кечтеп кеткендиктен, эки терекке атым менен бээмди аса байлап салып, тезек терип жагып жылынмакчы болдум. «Тезек» деп этегимди толтуруп терип келгеним чил, бөдөнө кекилик болуп чыкпаспы, «терек» деп аттарымды байлай салганым эки ак куу болуп калбаспы, бир жегенде он бөдөнө бир жедим, отуз кекилик, отуз чил, эми эки ак куу жумуруума жук да болбой калды. Кантмек элем, кыңырылып уктамак болдум. Катуу уктап кетипмин, аңгыча тоо менен тоо кагылышкандай катуу добуш чыкты. Ойгонуп кетсем эки өтүгүм мушташып жатыптыр. Көрсө мен кекилик, чилдин этин жегенден кийин май болгон колумду оң өтүгүмө аарчып, сол өтүгүмдү жөн коюптурмун. Ошондон улам экөө мушташып жатыптыр. Иштин жайын түшүнгөндөн кийин ачуум аябай келип, экөөн эки муштап, бирөөн башыма, бирөөн аягыма жаздап жата кеттим. Эртең менен ойгонуп өтүгүмдү киейин десем, бирөө бар, бирөө жок, көрсө май сыйпабаган өтүгүм мага таарынып качып кетиптир. Артынан издеп чыктым. Жолдо келе жатып, аябай суусап калыптырмын, бир арыктан суу ичтим. Ошентип түшкө маал бозокерлердин айлына келсем, өтүгүм бозо сунуп жүрөт. Чакырып кийип алып кетмек болдум эле, элдин баары эле: «Жарты чеке калак баш, карга менен бок талаш» деп мени карап күлүп жатышыптыр. Көрсө баягы суу ичкен жериме жарты чекем түшүп калыптыр. Суу ичкен арыгыма келип жарты башымды таап, чапташтырып койсом, жиги билинбей калды.

Таксыр каным, кырк ооз калптан да ашып кетти окшойт, берер кызыңды эртелеп жөнөт» деди.

Кан сөзүнөн танып, тазды теңсинбей, «бүгүн кел, эртең кел» деген болуп кызын бербей койду. Таз ага

кекенип «сага эле жети зыян кылбасам, таз атым өчсүн» деп кетип калды.

Арадан көп убакыт өтпөй кандын казынасы уурдалды. Экинчи, үчүнчү күнү дагы кайталанды. Ошондо кан вазирлерин чакырып: «Ууруну кантип кармайбыз?» деди. Кандын баш вазири: «Казынанын оозуна калыңдап желим төктүрүңүз. Келген ууру желимге жабышып чыга албай калат. Эртеси кармап алабыз» деди. Сары таз атасын ээрчитип а күнү да ууруга келди. Баласы: «Ата казынага мен түшөйүн» деди. Анда атасы: «Өлөрүм калды, өсөрүм калган жок, мен түшөйүн» деп болбой койду. Кыраан ууру казынага түшүп алтындан сузуп алып бере берди. Сары тартып ала берди. Бир убакта атасын чыгарып алайын десе, балтырына чейин желимге бек жабышып чыга албай калыптыр. Сары таздын айласы кетип, ары-бери чебеленди эле, акылын атасы тапты: «Айланайын, балам, экөөбүз тең өлүм болбойлу, ичеримди ичтим, жээримди жедим, мен эле өлөйүн, эгер мени эртең ушул калыбымда кармап алса, сени да өлтүрөт, мени баары бир куткарбайт. Кайрат кылып акылыңды жыйгын да, менин башымды кесип кет, тулку боюмду ким таанымак эле?» деди. Баласы ыйлап-сыктап, акыры башка айласы болбогондон кийин атасынын башын кесип көтөрүп алып үйүнө барды.

Эртеси кандын жигиттери канга келип: «Казынага түшкөн ууру кармалды, бирок тулкусу калып, башы жок» дешти. Кан вазирлерин чакырып дагы кеңеш курду эле, бир вазири: «Тогуз жолдун тоомуна чоң такта кактырыңыз да, өлүктү илип коюңуз. Өлүктүн бир жагына кырк, экинчи жагына кырк кароолчу коюңуз. Ким өлүккө келип ыйласа, ошол уурунун туушкандары, жолдоштору болуп чыгат. Ошондон улам таап алабыз» деди. Кан вазирдин сөзүн макул таап, тогуз жолдун тоомуна өлүктү илдирет да, бир жагына кырк, экинчи жагына кырк кароолчу коет.

Бул кабар Сары тазга да энесине да жетет. Энеси «Кыраанымды кантип көрбөй каламын» деп күндө эки маал ыйлап таздын мазесин алат. Ошондо таз: «Көрөм деп калдыңыз, барып көрүп келиңиз, кароолчулардын жанына баргын да, мүдүрүлүп жыгылып «кокуй тизем» демиш болуп, ичтеги бугуңузду чыгарып ыйлап алыңыз. Кандын желдеттери канга алып барат. Кан суракка алганда «өзүм бир мусапыр кемпирмин, мүдүрүлүп жыгылып кетип, тиземди оорутуп алып, ошого ыйладым, деңиз» деп кемпирди жөнөтүп жиберет. Кемпир уулунун айтканын жасап, мүдүрүлүп жыгылып, ичтеги муңун чыгарып алат. Кандын жигиттери дегдеңдетип канга кемпирди алып барышат. Канга кемпир уулунун үйрөткөнүн айтат. Кан «өзүнчө бир жүргөн мусапыр турбайбы» деп, кудайы-садага бердиртип кетирип жиберет.

Арадан эки күн өтпөй Сары таз кандын айтылуу кара жоргосун уурдап кетет. Кечке маал аттын бир жагын, өзүнүн кийиминин бир жагын акка боеп, чапкан бойдон келет да, атасынын сөөгүн ала качып жөнөйт. Кароолчулар айтылуу кара күлүккө кайдан жетсин, кыркы «ак атчан, ак кийимчен киши алып кетти», кыркы «кара кийимчен, кара ат минген киши алып кетти» деп кала берет. Кан эртеси «сексениң жүрүп бир кишини айра тааный албайсың» деп сексенин теӊ башын алдырып салат.

Кан дагы вазирлери менен кеңешип, «казынага ууру түшпөсүн» деп, бакырчаак төөнү кайтартып коет. Аны Сары таз угат да, бир боо беде көтөрүп алып, түн ичинде жетип барат. Көрүнбөстөн бедени узун жыгачка байлап туруп төөнүн алдына таштап коёт. Ал улам жемек болуп обдула берет, таз акең улам жүткүнүп коюп, кандын сарайынан алыстатып алың барат да, үйүнө алып келип союп алат. Эртеси канга «бакырчаак төө уурдалды» деген кабар барат. Кан: «Кимде-ким ууруну таап берсе, каалаганын орундатам деп, элине жар салат. Ошондо бир мастан

кемпир кандын алдына келип: «Он бештеги балага алып берсеңиз, ууруну мен табамын» дейт. Кан макул болот. Кемпир: «Айланайын эл-журт, жалгыз балам оору эле, ошого жаңы союлган төөнүн эти дары дейт, соопчулукка берип койгула» деп айылдан-айылга кыдырат.

Сары таздын энеси мастан кемпирдин амалын кайдан билсин, куулук-шумдук менен иши жок бечара «түндө эле союлган төөнүн эти» деп, бир асым эт берет. Кемпир жаңы эле жөнөөрү менен Сары таз үйүнө келет да, иштин жайын түшүнүп, кемпирдин артынан жете келип: «Айланайын энеке, ошол эттен кантип жебей кетесиз деп, акедей асылып жатып үйүнө алып келет.

Кемпирди коноктоп отуруп: «Ээ энеке, кан кызынын күйөөсү каадалуу Канбача кай күндөрдө колуктусуна күйөөлөп келет?» дейт. Анда кемпир: «Кандын күйөөсү Канбача берекелүү бейшемби күнү кечинде кандын сарайындагы чынар теректин түбүнө келип отурат. Ошол убакта кандын кызынын нөөкөрлөрү чыгып, ак кийизге салып, кандын кызынын өргөөсүнө алып кетишет» дейт. Сары таз «ал айтканың чын болсо, чындыгына күбө» деп бир колун кесип алат. Ошентип улам бир мүчөсүн кесип отуруп, кемпирди өлтүрүп коёт. Эртеси күнгө бейшемби экен, Сары таз көп ойлонуп отурбай, бир койдун табарсыгын, кемпирдин бир колун алып, кандын сарайындагы чынар терекке жетип келет. Аңгыча кан күйөөсү Канбача каадалана басып, сөөлөт менен теректин түбүнө келип отурат. Бугуп жаткан Сары таз шапа-шупа баса калып өлтүрүп, сөөгүн көлчүккө ыргытып жиберет да, анын кийимин кийип, отуруп калат. Аңгыча кан кызынын нөөкөрлөрү келип: «Ии, жездекем күтүп калган турбайбы» деп, ак кийизге салып, кан кызынын өргөөсүнө көтөрүп барышат.

Түн ортосу болгондо Сары таз: «Эшикке чыгып даарат ушатып келейин» деп кийине баштайт. Кандын

кызы «оо, мындай эле отура калчы» деп болбой коёт. Анда Сары таз, «ишенбесең колумду кармап турчу» деп, кемпирдин колун карматып, табарсыкты жарып коюп чыгып кете берет. Кан кызы колду кармап тура берет, тура берет. Акыры тажап «ой болбодубу» деп колду тартып алайын дегенде, табарсык бетине былч деп келип бир тиет. Эртеси бул кабар канга жетет. Кандын кызын «түн ичинде бирөө келип шылдың кылып кетиптир» деген сөз элге дүңк дей түшөт. Кан эми чындап ыза болот. Элин чакырып: «Ушуну ким таап берсе, тилегин орундатам» деп жар салат. Ошондо эл арасынан бир мастан кемпир чыгып: «Муну кызыңдын боюндагы бала табат. Баланын там-туң тили чыгып калган кезде элиңизди жыйып чубатууга салыңыз. Ошондо кимди «аталап» жанына келсе, баланын атасы ошол» дейт. Ошентип тогуз ай, тогуз күн дегенде кан кызы эркек бала төрөйт. Атасы уятына чыдабай бүк түшүп жатып калат.

Ай айланып, жыл жылат, бала экиден үчкө карап там-туң сүйлөй баштайт. Ошондо кан элин эки айлантып чубатууга салат, бирок бала бир да бирөөн карабайт. Акыры кандын жигиттери Сары тазды алып келишет. Бала аны көрө салып «ата» деп кучактап калат. Кан тазды «даргага аскыла» дейт. Ошондо Сары таз: «Таксыр каным, даргага асууга шашылбаңыз. Менин каным бөөдө мойнуңузга кетет. Мен өзүм бала жылдыздуумун, жалаң эле бул бала эмес, шаардагы ушул курактуу балдардын бардыгы мени «ата» дешет. Үч күндөн кийин шаардагы ушул курактуу балдардын бардыгын жыйдырыңыз. Эгерде ошолордун бардыгы мени көрө сала «аталап» жүгүрбөсө, башымды алып саласызбы, даргага асасызбы, өзүңүз билиңиз» дейт.

Кан макул болуп, үч күндөн кийин шаардагы экиден үчкө оогон балдардын баарын жыйдырмак болот. Сары таз ар кандай боёкко боёлгон беш-алты тулуп чүкөнү үч күндүн ичинде кандын кызынын баласы

куруктуу балдардын баардыгына таратып чыгат. Кан үч күндөн кийин шаардагы үч жашар балдарды бүтүн жыйдырып, Сары тазды алдырып келди эле, балдардын баары көрө сала «ата, чүкө» деп басып жыгылып калышты. Анда Сары таз: «Көрдүңүзбү, каным, мен бала жылдыздуумун дебедим беле?» деди. Кан «айтканың ырас экен» деп коё берди.

Арадан эки-үч күн өткөрүп Сары таз канга келди да: «Каным, сизге бир суроо берсем болор бекен?» деди. Кан: «Ии, сура» деди. «Бир ачууңузду бересизби?». «Ии берейин, эмне болуп кетти?» деди. Анда Сары таз: «Таксыр кулдугум бар, кырк калп айткан кишиге кызымды берем» деп жар чакырганыңыз эсиңиздеби?». «Ооба, эсимде». «Ошол кырк калпты айткан мен элем, убададан танган сиз элеңиз». Ошондо ыза болуп «жети зыян кылбасам Сары таз атым өчсүн» деп, өзүмө-өзүм ант кылдым. Биринчиси, капкалуу казынаңызга кол салдым. Экинчи, караандатпас кара жоргону уурдап алып, көз жаздым кылдым. Атымдын бир жагын, кийимимдин бир жагын акка боёп, чаап барып, атамдын сөөгүн ала качтым. Кыркы «ак ат минген, ак кийинген киши алып кетти дешсе, кыркы «кара ат минген, кара кийим кийген киши алып кетти» дешти. «Бир кишини айра таанып албадыңар» деп, сексен желдеттин башын алдырдыңыз. Бул сизге кылган үчүнчү зыяным болду. «Казынаны бакырчаак төөгө кайтарттыңыз, амал менен азгырып алып барып союп алдым. Ишенимдүү мастаныңызды ууруну билип келүүгө жумшадыңыз. Аны өлтүрүп, кемпирдин колун бир койдун табарсыгын алып сарайыңызга келдим да, күйөөлөп келген күйөөңүздү өлтүрүп, кызыңыздын өргөөсүнө барып жаттым. Түн ортосунда кемпирдин колун карматып, койдун табарсыгын жарып коюп кетип калдым. Ошентип, күйөөңүздү өлтүрүп, кызыңызды шылдың кылдым. Бала мени таанып койду, сизден үч күнгө сүрүк алып, амал менен андан да кутулдум» деди.

Кан бир чети ыза болуп, бир чети сөз берип койгонуна өкүнүп: «Болуптур, азамат экенсиң. Мени менен коңшулаш кан: «өзүңдү ушунчалык шылдың кылган бир ууруну таба албагандан кийин эмнең кан» деп ар дайым сөзгө сындырат. Ошого бир сыр көрсөткүн, мен кандыгымды, кызымды да берем» деди.

Таз макул болуп чоң эркечтин чаначын алып, дубананын кийимин кийип экинчи кандын шаарына жөнөп кетти. Кандын сарайына кирип, бир чынар теректин түбүнө жашынып жатып калды. Аңгыча кеч кирди. Эки чынар терекке чаначты кере байлап, кандын эшикке чыгышын күтүп жатты. Бир убакта кан эшикке чыкты эле, аңдып турган таз акең, койчубу, ары бери чаначка кандын башын киргизе түртүп, оозун байлап аркасына көтөрүп жөнөп калды. Кароолчуларга келди да: «Алдымды тоспогула, каныңарды бир шайтан тегеректеп жүрүптүр. Дубанын күчү менен шайтанды жеңип чаначка салдым. Шаардын четине алып чыгып бир чай кайнамда өрттөп ийбесем, кайра тирилип келиши мүмкүн. Анда шаардын бүт элине зыян кылат» деди. Кароолчулар «кудайлап» жакаларын кармашып, жолун тоспой чыгарып ийишти. Ал гана эмес, ат менен шаардын четине жеткирип коюшту.

Сары таз чаначты, көтөрүп, кайнатасы кандын сарайына келди, да: «Бул жолку олжо сиздики» деп, алдына таштап коёт. Кан чаначтын оозун чечсе, берки кан чыга келди. Ошондо уурдалып келген кан сөзгө жыгылып, эки кандыкты кошуп, тазды кан көтөрүүгө макул болду. Ошентип, Сары таз эки элдин каны болуп, кандын кызын алып, жыргап куунап жатып калды.

## АККӨҢҮЛ МЕНЕН КАРАКӨҢҮЛ

Аккөңүл менен Каракөңүл эл кыдырып, жер кезип жүрүүгө сапарга чыгышты. Аккөңүл бир атка

сылай күл азык, Каракөңүл бир атка сылай күл азык жүктөп, кулак угуп, көз көргүс башка чет жерге жүрүп кетишет. Арасынан бир ай, эки ай өттү. Бирок, жолдо азык түлүктүн бары да Аккөңүлдөн болду. Каракөңүл азыгын да, акчасын коротпой Аккөңүлдөн жеп-ичип жүрө берди.

Каракөңүлдүн: «Качан сенин азыгың, каражатың түгөнгөндө меникин жейбиз, ага чейин сеникин гана түгөтөлүк» деген убадасы бар эле. Аккөңүл эчтемеден кабары жок бейкам жүрдү.

Бир убакта Аккөңүлдүн азыгы түгөндү. Аты арыктады. Кезек Каракөңүлгө келди. Бирок, Каракөңүл ага азыгынан бербеди. Аккөңүл ачка болду, алы куруду. Каракөңүлгө: «Баатыр, убадаңыз ошондой беле? Меникин түгөткөндө, сенин азыгыңды жемек эмес белек? » деди Аккөңүл.

Анда Каракөңүл айтты: «Жок, сенин азыгың бүт түгөнгөн жок. Жетелеп жүргөн атыңды сой! Атты жеп болгондон соң, менин азыгымды жейбиз».

Аккөңүл байкуш дагы макул болду. Жетелеген атын сойду. Аттын эти түгөнгөндө, Аккөңүл: «Кана, Каракөңүл жол азыгыңды алып кел! Баатыр, убадабыз ушундай беле?» деди. Анда Каракөңүл: «Сенин азыгың дагы бар, бир көзүңдү оюп берсең, токоч берем» деди. Бербеске айласы жок, ачкачылыкка чыдабай, Аккөңүл бир көзүн бир токочко сатты. Аккөңүл алдан тайыды: «Ээ баатыр азыгыңды алып кел, ортоктош бололу» деди. Анда Каракөңүл: «Жок, сенин азыгың дагы бар. Эми бир көзүңдү чукуп берсең бир токоч беремин» деди. Бербеске ылаажысы жок, Аккөңүл калган көзүн дагы чукуп берип, бир токоч алды. Аккөңүл тамагы үчүн эки көздөн айрылып, темселеп калды. Каракөңүл: «Кош, Аккөңүл өзүңдү карга кузгун жесин» деп атын шарт камчыланып жөнөп кете берди.

Мен үйүмдөн чыкканы Алты ай, он беш күн болду. Эки көздөн айрылып Жүрөккө кайгы чер

толду. Жарык шоола көрө албай, Ай караңгы түн болду. Сары чачтуу шайтандай Азгырган шайтан ким болду?

Же көргөндөй көзүм жок, Же бир тыйын бөзүм жок, Азыгым жеп көз чукуп, Каракөңүл бачагар, Кете берди көңүл ток.

Тирүүлөй берип жалгандан, Талаада тентип мен калдым. Кутула албай армандан Уялбадың таш көңүл, Көзүмдү чукуп алгандан.

Кулак угуп, көз көрбөйт, Ызгардуу шамал жел болдуң. Карга кузгун тил билбейт, Мен буларга жем болдум.

Эл кыдырып, жел кезип, Жолоочу жүрүп келгенче, Каракөңүл каапырга, Көзүмдү чукуп бергенче, Күндөп-түндөп жол жүрүп, Намыс кылып келгенче, Өткөн айдын ичинде, Кайта кетпей не болдум, деп өксүп-өксүп ыйлап зарлап жатып уйкуга кетти. Уктап жатып түш көрдү. Туулган жеринде, көнгөн элинде алты саны аман, эки көзү бүтүн баштагысынан эки эсе жыргап жаткан кезде кимдир бирөө: «Тур өйдө!» дегендей болду.

Аккөңүл чочуп тура калса эчтеке билинбейт. Эки көзү ордунда, жүрөгү алапта, көңүлү сүйүнчүлүктүү эки эсе кубаттанып калган, Курсагы ток, кайгысы жок. Түндө түшүнө кирген керемет, алтымыш күндүк азык, кырк кишилик кубат берген эки көзү ордуна келген. Аккөңүл күндөп-түндөп жүрүп отуруп, бир ээн талаа, эрме чөлгө кез келет. Ал жерден жаңыдан тууган беш баласы бар канчыкты көрөт. Канчыктын азыгы жок. Балдары жаш. Баштыгын аңтарып бир жарым нандын кагынчыгын таап, таштын бетине салып, канчыктын астына койду да; «Сен да мендей карыпсың» деп, бир-эки сөз айтты:

Берейин десем азык жок,
Шекер-шербет жем чачып,
Үлбүрөйсүң алың жок.
Беш балалуу жаш канчык,

Эл кыдырып, жер кезип,
Мен да сендей байкушмун.
Муңканып ыйлап жүргөндө
Арманым угар болсоңчу,
Тирүүлөй отко күйгөнчө
Сураганым берсеңчи!

деп көзүнүн жашын төгүп жиберди. Канчык кыңшылап эркелеп, Аккөңүлдү ээрчийин десе, балдарын таштай албай кала берди.

Аккөңүл жолго түштү. Күндү күн дебей, түндү түн дебей жүрүп отуруп, бир күнү кечинде жол боюндагы көп коргонго кез болду. «Бул тегеректе эл бар экен. Эмне болсо да ушул коргондун арасына коноюн, эртең менен эки жактан эл карайын» деп, ой кылды да, төбөсү түшкөн бир көрдүн ичине кирип жатты. Уйкусу да келбейт, жүрөгү дегдейт. Түн ортосу болгон кезде тарсылдаган дабыш угулат. Дабыш уламдан-улам жакындап, кобур-күбүр адамдын үнү чыкты. Аттын дабышы анык билинди. Калың коргонду аралап тигилер да коно турган болду. Аттарын байлап коюп, алоолонтуп от жагышты. Бирок, Аккөңүл өзүнүн бардыгын билдирбеди. Тигилердин арасынан бирөө бакылдап сүйлөп чыкты:

– Туугандар, тогузубуздун тең катын, балдарыбыз жок. Үй-жайыбыз жок. Ушинтип талаалап жүрүп өтүп кетебизби?

– Аның ырас, оокатты кыла тургандын акылын мен таптым, менин акылыма киресиңерби? деди экинчи бирөө. Башкалары: Айт, айт, акылыңа киребиз – дешти.

– Ушул өзүбүз турган коргондун арасында бир далай мал бар. Тетиги коргондун арт жагында бир чычкан бар. Ошол чычкандын тогуз дилдеси бар. Күндө эртең менен күн чыккан кезде дилделерин күнгө сергитет. Андып туруп муну алсак, бул мал эмеспи, ал оокат эмеспи. Бир күндүк жерде чоң калаа бар. Ошол калаада баланча көчөдө Кунакун сарттын

короосунда ат башындай жамбы бар. Короомду сатам деп жүрүүчү эле. Анын короосун сатып алсак, ал мал эмеспи, оокат эмеспи. Жана ошол шаардын канынын алтын казынасы бар. Ай сайын: «Кимде ким алтын казынамдан алтын, күмүш алып берсе, теңме-тең кызмат акысына берип, теңин өзүм алам» деп жар салып жүрөт. Ага кызмат кылып, алтын-күмүш алсак, ал мал эмеспи, ал оокат эмеспи?» деди.

Калгандары бул акылды макул көрдү. «Ушундай кылалы» – деп убадага токтошту. Аккөңүл бул сөздөрдүн барын тыңшап жатып абыдан угуп, анык билди, түшүндү. Таң атып, күн чыккандан кийин, Ак-көңүл баякы кишилерди байкап караса, эч дайыны жок. Жымжырт. Түшкөн ордуна барса адамдын изи, аттын такасынын тагы түгүл түндөгү жаккан оттун күлү да жок. Кадимкидей мунун бир керемет экенин билди. «Кудай мага берген экен. Мен бул жердин баарын издейин, карайын, табайын» деп, коргондун арт жагына чыкса, бир чычкан дилде ташып жүрөт. Аккөңүл аңдып туруп тогуз дилдени алып, чөнтөгүнө салды.

Анан шаар бар деген жакка жөнөдү. Жакын арадагы шаарга жетип, Кунакундун короосун алты дилдеге сатып алды. Бир дилдеге жалаң жабдык, кетмен, күрөк алды. Бир күнү короону аңтарып, баякы жамбыны карап жүрдү. Бир күнү кетмен «чак» деп кайта ыргыды. Караса, ат башындай жамбы чыкты. Аккөңүл аны да алып, жакшы оокаттанып калды. Бир күнү бул шаардын каны: «Кимде ким менин алтын казынамдан алтын алып берсе, ага теңин берем» деп жар салды. Бирок эч адам чыкпады. Кандын алтын казынасы алты жүз саржан ылдый жер астында экен. Ошол себептен эч адам чыкпады. Аккөңүл: «Мен алып чыгамын» деп канга барды. Кан макул болуп, Аккөңүлдүн белинен алты жүз кулач арканды улаштырып байлап алтын орго салды. Аккөңүл алтын кенге жеткенде, койнуна да, кончуна да

катты. Койнуна бир бутка жакын алтын батыптыр. Арканды солкулдатты эле, кан кайра тартып алды. Кан убадасы менен тең бөлүп берди. Ошол күндөн баштап кан Аккөңүлдү чакырып алтын, күмүшүн алдыра турган болду. Аккөңүлдүн байлыгы, кадыры кандан аша баштады. Акыры ал ошол шаардан чыккан чоң бай, төрт түлүгү шай болду, катын балалуу болду. Аягы барып чоң жакшылыкка айланып, Аккөңүл муратына жетти.

Эми Аккөңүл ушул жыргалы менен тура турсун. Төмөндө Каракөңүлдүн аңгемесин айталы: «Баягы Аккөңүлдөн айрылгандан бери далай жер кыдырып, эл көрүп жүрүп, аягында калың малга кез болду. Малчыдан: «Бул ким дегендин малы?» деп сурады эле, «Аккөңүл дегендин малы» деди.

– Тетиги алтын чатыр кимдики?

– Аккөңүл байдыкы.

– Бул ким болду экен деп анын жайын сурады. Малчы Аккөңүлдүн көргөн кордук, азабын бул абалга жеткен себебин аныктап айтып берди.

Ошондо Каракөңүл Аккөңүлгө барып башын ылдый салып уялганына чыдабай төмөндөгү сөздөрдү айтып салам берди:

– Ассалоом алейкум Аккөңүл бай Бал шимип, казы кертип жегениң май. Мал күтүп төрт түлүктүү доорон сүрүп, Жатыпсыз ак чатырда конушуң жай. Ичкениң кант сапырып кыпкызыл чай, Билбеймин, элебеймин акмак болуп, Кечиргин бир күнөөмдү теңизим ай, Качсам да, узабаймын мен кутулуп, Бир кезде шайтандаймын жин кутуруп, Баксаң да, өлтүрсөң да эрк өзүңдө, Мен келдим алдыңызга кол куушуруп, Башында сапар тартып бирге чыгып, Аягы мен жаңылдым иттик кылып, Канчалык ит болсом да сизге кулдук, Алик ал, саламымды жарык кылып. деп Каракөңүл какшанып байды карап турду. Аккөңүл «битке теңелип көйнөгүңдү отко салба» деген макалды оюна алды да, саламын алик алды.

Аккөңүл Каракөңүлдү жакшылап конок кылат. Көргөн билгенининин баарын, баякы коргондон көргөн кереметин, кандайча бай болгонун айтып берди. Каракөңүл да ошол көп коргонго барып байымак болду. Жол жүрүп бир күнү баягы Аккөңүл көргөн коргонду көздөй жөнөдү. Ал жүрүп отуруп коргонго жетип, баягы төбөсү жок көрдүн ичине кирип жатты. Бир кезде дабыш угулуп тогуз адам келди. Каракөңүл өзүнүн бардыгын билгизбей, кудайга сыйынып жата берди. Тиги кишилер мурункудай кеп сала башташ-ты. Баякы бакылдап сүйлөгөн адам дагы бакылдап сүйлөп чыкты: «Туугандар, тогузубуз тең эле ушинтип жүрүп өтүп кетебизби? Мал күтүп, катын алып, оокат кылып бир жерге туруп алсак болбойбу?» деди. «Качан да болсо кайгыланып жүрүп, бизди түгөтө турган болдуң. Бул коргондун арт жагында тогуз дилде бар эле, кайгыланып жүрүп, андан да айрыдың. Кунакундун короосундагы жамбыдан да айрыдың. Былтыр келгенибизде эле тетиги көрдүн ичинде бир киши тыңшап жаткан окшойт. Биздин түбүбүзгө ошол киши чыга турган болду. «Кана» деп жабыла чуркап, Каракөңүлдү жаткан жеринен таап алып өлтүрүп, сөөгүн өрттөп, күлүн сапырып жиберишти. Аккөңүлгө казган оруна аягы барып өзү түштү.

## КЫДЫР, АКЫЛ, ЫРЫС

Мурунку бир заманда Кыдыр, Акыл, Ырыс – үчөө жолдош болушат. Бир күнү үчөө жолоочу жүрүшүп баратып, жолдо бир нерсени талашышат. Акыл мактангансып: «Экөөңдөн мен кыйынмын, акылга баймын. Силер мага баш ийгиле» дейт. «Жок силер мага баш ийгиле. Менин ырысым көп, силердин ырысыңар жок» дейт, – Ырыс, Кыдыр экинчи жактан: «Экөөңдөн мен кыйынмын, силер мага баш ийгиле, элдин баары мага баш иет» дейт. Ушинтип үчөө

талашып отуруп, кош айдап жаткан бир дыйканга жолугушту. Дыйканды көрүп, Кыдыр алаканын жайып, сакалын сыйпап: «Айдап жаткан жериңе жалаң алтын менен күмүш чыксын» деп батасын берди.

Айтканындай эле ошол замат айдаган жеринен эгин ордуна алтын, чөп ордуна күмүш чыгыптыр. Кыдырдын бул ишине каршы, Акыл дыйкандын башын тегеретип, акылын алып койду. Дыйкан акылынан ажырап калгандан кийин, айлындагы бир чоң байга барып: «Менин жериме эгин чыкпай эле, какыраган таш чыгып жатат» деди. Бай дыйкандын жерин көрүп: «Эмесе мен жериңе жер берейин, жериңдин үч бөлүгүнүн бир бөлүгүн мага бергин» дейт. Дыйкан байдын айтканына макул болуп сүйүндү. Дыйкандын алтын-күмүшүн бай ташып алды эле, анын казынасына батпай ашып-ташып толуп чыкты. Акылы жок дыйкандын көзүнө алтын менен күмүш какыраган таш болуп көрүндү. Дыйкан алтын менен күмүштү эки жакка чачып, ыргыта берди. Дыйкандын бул абалын Ырыс көрүп, ичи күйүп, боору ооруп, дыйканга ырыс берди. Ырыстуу болгондон кийин жолдон бир топ кербенчилер өтүп бара жатып дыйканга жолугушту. «Бул кудай жакшы көргөн киши экен. Мындагы алтын, күмүштүн баарын алалык, дыйкандын өзүн аксакал кылалык, алыбыздын келишинче ак сакалды баарыбыз сыйлайлык» деди. Кербенчилер макул болушуп, алтын менен күмүштү төөлөрүнө жүктөп алышты. Дыйкандын сакалын тарап, башына суусар тебетей кийгизип үстүнө алтын жакалуу ичик кийгизип, чоң боз жорго мингизип, эки жагынан эки жигитти жөлөттүрүп алиги дыйканды алып кетишти.

Булар жүрүп отуруп, бир байдын айлына келип түшүштү. Бай айыл-апасы менен таң калышып: «Ушунча сөөлөттүү, ушунчалык да ырыстуу соодагер болот экен» деп, шыпшынышты. Кечки күүгүм кирип, намаз шам болгондо кербен башы байга кеп салды. «Бай, сиздин бойго жеткен сулуу кызыңыз

бар экен, эгер ылайыгы келсе, биздин аксакалга куда түшсөк кандай болор экен?» деди.

Бай бул сөздү уккандан кийин төбөсү көккө жеткендей сүйүнүп: «Эгер сиздин аксакал биздин кызды көңүлүнө жактырса, менин сүйүнчүмдөн башка каршылыгым жок, болор эле, мен мындай сөөлөттүү, ырыстуу кишиге кызымды бербегенде, кимге бермекчи элем?» деди. Кербен башы байдын сөзүн урматтап, аксакалды алып келмекчи болду. Бай өргөө көтөрүп, күйөө күтүп, айлы менен кымкуутка түштү. Эртеси аксакалды эки жигит эки жагынан жөлөп кандын үйүнө кийирди. Айыл-ападагы кыз-келиндер «Кымбаттуу күйөөнү көрөбүз» дешип, үйдүн жабуусун сыйырып жиберип, биринен соң бири жол талашып, төрдөгү олтурган ак сакалга көз түшүрүштү. Күйөөнүн сөөлөтү болгон менен акылы жок, сүйлөйүн десе сөз билбейт. Кыздын жеңелеринин жандары калбай, «кокуй биздин кызыбызды чанып жатат го, бир ооз дагы сөз сүйлөбөйт» дешип, экиден-үчтөн болуп күбүр-шыбыр, ал сөз үйдөн-үйгө жетти, аягы кыздын атасы байга угулду.

Кабарды бай уккандан кийин ңамызданып: «Менин кызыма сүйлөбөгөнү эмнеси? Мени шылдың кылгысы келеби?» деп, эртеңкиге чейин сынамакчы болду. Эртеси дагы күйөө сүйлөгөн жок. Бай аялына сүйлөнүп: «Кызымды чанып кетет деген эмне жакшылык? » деп, элинин баарын короосуна жыйды. Эртеси кечке катырган дөңгөчкө окшоп кыздын жанында олтурган аксакалды даргага асып өлтүрмөкчү болду. Турган эл-журттар байга наараза болушуп: «Ушунчалык сөөлөттүү кишини дарга асканыңыз жакшы иш эмес го» дешип, байга даттанышты. Бай эч бирөөнүн сөзүн укпады.

Ушул убакта жол менен Кыдыр, Акыл, Ырыс – үчөө кетип бара жатып, дыйканды дарга асканы жатканын көрүштү. Кыдыр менен Ырыс ошондо Акылга баш ийип, жалынып: «Эми ушул дыйкандын

акылын берип, жанын сактап калгын» дешти. Акыл ошондо дыйканга өзүнүн мурунку акылынан эки эсе ашырып акыл берген экен. Ошо жерден дыйканга акыл кирип, көзүн ачты. Байдын даргага асканы жатканын көрөөр менен түшүнүп: «Байым, эки ооз сөзгө уруксат этсеңиз экен» деди.

Короодо турган эл бут дүргүй түштү. «Айтсын, сөзгө уруксат берсеңиз» дешип, туш-туш жактан чурулдашты. Бай бөйрөгүн таянып туруп: «Кана, эки ооз сөзүңдү айтып көрчү, аксакал күйөөм!» деди. Аксакал тебетейин алып, элди карап сөзүн баштады. «Мен жаш чакта, элибизди жоо чаап, ашуудан ашып качып бара жатканда, айлыбыздагы бир кандын кызы чачын төбөсүнө түйүп, башына калпак кийип, эркекче шымаланып, жарак-жабдыктарын байлап, атты тандап жоонун астынан бетме-бет жалгыз чыкты. Жоо менен чабышып, беш жүздөй кишини бут бойдон кырды. Андан келгенден кийин качып бара жаткан элибизди токтотуп, чачылган калкты жыйып, катылган жоонун жазасын берип турган эле. Ошол убакта кан кандыгынан түшүп, өзүнүн кызына берди. Мен кечээтен бери сиздин кызыңызды ошол кыздай баатыр болор бекен деп мүнөздөп ойлоп жаттым, каным» деди.

Бай: «Андай болсо иш жакшы болуптур. Мен кызымды шылдыңдап жаткан экен дедим эле», деп, дыйканды көтөрүп келип үйүнө кийирди. Элин чакырып кызына той берди. Кызды алып, дыйкан кербенчилерге аксакал болуп, соодасын башкарып, сөөлөтүн күтүп туруп калды. Ошондон кийин эл арасына: «Акыл жок жерде ырыс менен дөөлөт да жок» деген сөз калган экен.

## КАНДЫН КЫЗЫ

Илгери бир кан вазири менен ууга чыгыптыр. Аңгыча кайдан жайдан келгени белгисиз ызгаардуу шамал согуп, суук боло түшөт. Аттары чыйрыгып,

өздөрү калчылдап үшүп кетишкенде вазир: «Таксыр, үй жакка барып түштөнүп алалы» деди. Кан: «Ии, үйүң жакын жерде болсо барса баралы» деп жөнөп калды. Вазирдин аялы, ары сулуу, ары жылдыздуу адам экен, түр-түркүн тамак менен коноктоп, кандын купулуна толду. Кан болсо аялды көрүп «канга ылайык аялы бар экен, мага ушул үчүн көрсөтпөй жүргөн турбайбы, кандай да болсо, тартып алышым керек» деп көңүлү бузулуп, ичинен тынды.

Эртеси күнү кан менен вазир экөө дагы ууга чыгышат, ит агытып, куш салып, көңүл ачышат. Аңгыча «карк-курк» деп, жети каз учуп өтөт. Анда кан: «Тетиги каздар эмне деп баратышат, айтып бергин, айтпасаң, башыңды аламын» дейт.

Вазир эртеңге чейин ойлонууга уруксат алып, үйүнө барып, оозуна наар албай, капаланып жатып калды. Вазирдин кичүү кызы: «Атам капа болуп келди, билип бергин» деп энесине барды. Вазирдин аялы барып, кыздын суроосун күйөөсүнө айтты эле, вазир болгон иштин жайын аялына баяндады. Өзү беш жашка өтө элек, саамайы өрүмгө жете элек вазирдин кызы атасынын сөзүн угуп, бир балага өңөртүп алып акылдуулугу менен даңкы чыккан кандын кызын көздөй жөнөп калды. Кандын кызы: «Ии айланайын, караңгыда эмне кылып жүрөсүң, башыңа кандай иш түштү?» деп, кичине кызды кепке салды. Анда кыз: «Эже, башыма иш түшүп, сизден бир иш сурап келдим, сураган ишимди берсеңиз айтайын, бербесеңиз убара болбой кайтайын» деди. Кандын кызы үч жолу «бердим» деп айтып жиберди. Анда вазирдин кызы: «Сиздин атаңыз менин атамды кыйыктаптыр. Эртең асмандагы «карк-курк» деп учкан жети каздын эмне дегенин чечпесе, атамдын башы алынмакчы, ошого капа болуп жатып калды. Ушуну чечип берсеңиз?» деди.

Кандын кызы «мен билбейт элем» деди. Анда кичине кыз: «Тилиңизге, тишиңиз күбө, «бердим»

деп үч жолу айттыңыз эле» деди. Кыз ары ойлонуп, бери ойлонуп сөз карматып койгонуна оңтойсузданып туруп, «мынча болду айтпаса болбос, каздар: «Обозгер жакшы – кан жакшы, катын жакшы – эр жакшы» деп учуп баратышат десе кутулат. Кичине кыз кубанган бойдон үйүнө келип, атасына кандын кызынын сөзүн айтып берди. Эртеси вазир ушул сөздү айтып, кандан кутулуп кетти.

Бир күнү кан вазирди дагы соного ээрчитип алып чыгат. Аңгыча жел жүрүп бир камгак учуп өтүп кетет. Кан: «Камгак эмне деп баратат?» деп вазирден сурайт. Вазир: «Таксыр, каным, жансыз немеде кайдан тил болсун?» дейт. «Жок, «дың-дың» деп баратат, эртеңге чейин билип кел, билбесең башыңды аламын» дейт. Вазирдин айласы куруп: «Бая күнкү каздарда да үн бар эле, эми муну кантип билүүгө болот, ажалымдын жеткени ушул экен» деп, жашоодон түңүлүп, үйүнө капа болуп түшүп калат. Вазирдин кичүү кызы дагы кандын кызына барып: «Эжеке, башыма кайгы түштү, сиздин атаңыз менин атамды дагы кыйыктаптыр, учуп бара жаткан камгактын «эмне дегенин» эртеңге чейин билип кел, антпесе башыңды алам деп кыйнаптыр, атам бүк түшүп жатып калды» дейт.

Кандын кызы ары кетип, бери кетип, акыры кичине кыздын көңүлүн кыя албай: «Конгонумду кокту билбейт, желгенимди жел билбейт, муну сураткан каның да акмак, сураган сен да акмак» деп кетип баратат деп айтсын деди. Вазир эртеси канга келип жогорку сөздү айтып берип кутулган экен. Кан болсо сөздү кызынын үйрөткөнүн түшүнүп: «Ии, аттиң ай» деп, бармагын тиштептир.

Эртеси кан бардык миң башчыларын чакырып, «менин кызым эр тандайт, эл чогулткула» деп буйрук берет. Эл ары чубайт, бери чубайт, кыз бир да бирине көңүл бөлбөйт. «Кан бизди шылдың кылганы чакырткан экен» деп келгендер нааразы боло баштаганда кан: «Келбей дагы ким калды?» деди. Анда

бир абышка: «Суунун эки аралында бир жан бар. Өзү же жинди эмес, же адам эмес. Башы таз, жегени чөп, ошол гана калды. Кан жигиттерине баягы аралдагы кишини алдырып келип, кызына нике кыйып, тамак-ашы менен бир тоонун арасына жеткиртип таштады. «Аял жакшы – эр жакшы» дегениңди көрөйүн». Адамдарды каттоого тыюу салды, бир жумада гана өзү дудук, кулагы кер бир чалды тамак-аш ташысын деп буюрду. Бир күнү кыздын энеси ичи түтпөй, кандан кызына барып келүүгө уруксат сурады эле, кан макул болду. Энеси келип «Күйөөң кана?» деди. Кыз «мына» деп, тактанын алдында малчасынан жер аяктап уктап жаткан ылжыраган кунарсыз тазды көрсөтө берди. Кыздын энеси тактанын алдында жаткан күйөө баласын көрүп күйбөгөн жери күл болду, ыйлап-сыктап: «Ушундан көрө же качып же муунуп өлбөйсүңбү, муну кантип, күйөө кылмакчысың? Же муну өлтүрүп кой, эл-журтка шерменде болбой» деди. Ага кыздын ачуусу келип: «Өзүм да өлбөйм, муну да өлтүрбөйм, бул бир мусапыр, мунун убалы кимге? Колумдан келишинче багып, адам катарына кошомун. Ал эми чын-чынына келгенде мен шерменде эмес, атам шерменде болду. Мени шерменде кылайын десе, тогуз жолдун тоомуна алып барып таштасын, ары-бери өткөн жолоочу көрөт, бул кабар бүткүл элге тарайт» деди.

Энеси канга келип, кыздын айтканын айтып берди эле, кан кыздын айтканындай кылып, таз күйөөсү менен тогуз жолдун тоомуна алып барып таштады. Кыз мурункусундай эле тазды тактанын алдына жаткырып жүк жапкычты жаап коет да, бээнин казысына бөлөп бага берет. Акыры жараты айыгып, жалгыз гана башынын тазы калганда тазга «бир чоң ороо каз» деп, каздыртып, анын эки колун ылдый каратып топурак менен шилеп көөмп таштайт. Андан кийин жаш козунун жаагын алып келип, башын таза кылып кырып жууйт. Бир күнү

караса, таздын башына сары чолок жаман чач чыгып калыптыр. Кыз дагы топуракка көөмп туруп, жаман чачын искек менен терип таштайт. Бир күнү караса, башына кундуздай кара чач чыгыптыр. Ошондо кыз коoздоп бир топу сайып таздын колуна берип «ушуну базарга алып барып, ичи толтура тузга сат, кайта келатып чачып ий. Ошо сенин шоруң» деди Таз кыздын айтканындай, топуну ичи толтура тузга сатып жолдон чачып ийип, үйүнө келди.

Эртеси кыз баланы базарга ээрчитип келип кийим-кечек, боз жорго сатып берди да: «Сага илээшкениме жети жыл болду, эми сен эр болдуң, атты минип, камчылана алдыга түш» деди. Үйүнө келгенден кийин кыз жигитти атасына жумшады. Кыз: «Сен атты минип канга барып кел. Кандын эшигине барганда, «менин канда жумушум бар» деп, бек-бек унчук. «Кириңиз» деп эшик ачат. Үйгө салам берип киргенден кийин киши көргөн киши кишиге жакын отурат, кандын өңүрүн баса отур. Ошондо кан: «Балам, эмне жумуштап келдиң эле?» деп сурайт. Анда «бир кандын баласы элем, жети жылдан бери ушул жерде соода кылдым. Быйыл элиме кетейин деп,' сизден бата алайын дедим эле де. Кан: «Кандай жардам керек?» деп сурайт. «Жардамдын кереги жок, кырк жигитиңиз менен конокко келиңиз, тогуз жолдун тоомунда жалгыз үйбүз. Келгендердин көбү эшиктен келип, эшиктен кайтат де. Бир гана сурарым, шаарыңызда жети күн от жагылбасын, сегизинчи күнү кырк жигитиңиз менен аттанып чыгыңыз» деп убадасын бек алып кете бер».

Жигит канга барып убадасын бек алып кайра келет. Кан жети күнү менин кандыгымда от жагылып, казан асылбасын» деп буюрат. Ошентип, кандын айлында жети күнү от жагылбай, казан асылбай караңгылык өкүм сүрөт.

Ал эми баягы жигит аялынын айтуусу менен керели-кечке отун алат, кечинде алган отундарын жа-

гып алышат. Ошентип, бешинчи күн бүтүп, алтынчы күн болгондо бир аксакал киши эшиктен кирип; «Кандын буйругуна баш ийбеген кандай жансыңар. Шаардын эли жети күндөн бери казан асып от жакпайт. Силер болсо, кандын жеринде отуруп, анын жардыгына каршы чыкканыңар кандай? Беш түндөн бери эл кыдырам, жалгыз гана силердин үйдөн от чыгат, эмне болгон жансыңар?» деди.

Келип ийилип ордунан тура калып чоочун кишиге ызаат көрсөтүп: «Аке, ушул элге от жактырбай, казан астырбай кандын убадасын алган биз элек. Кан жети күн бүтүп сегизинчи күнгө караганда жигиттери менен конокко келмек. Бүгүн алтынчы күн. Берерге ашыбыз жок, кан башыбызды кестирип, жаман алачыгыбызды өрттөп кетеби деп коркуп отурабыз. Кечке отун алып, кечинде жагып алабыз» деди эле, тиги киши башын көтөрүп: «Эмне тилейсиңер» деди. Келин: «Ашыбызды берекелүү, өзүбүз абийирдүү болсок» деген эле ой дегенде чоочун киши: «Өзүңөр абийирдүү, тамагыңар берекелүү болсун» деп, батасын берип чыгып кетти. Аксакал киши чыгып кетери менен аялы: «Бак карады, Кыдыр даарыды. Биздин үйгө Кыдырдын өзү баш бакты. Эми отунуңду камдай бер. Кудайдын бизге бергени ушул» деп, отту өчүрүп жатып калышты. Келин кан келер күнү бир казан эт асып, бир казан нан жаап, бир самоор чай кайнатты. Күн шашкеде кан кырк жигити, вазирлери, бай-бектери менен келип түшүп калды эле, тамактары ашып-ташып, берекелүү болуп, артып да калды. Кан ошондо кызын таанып, келишимдүү жигит баягы кызын баш байлаган таз экенин билип, кемчилигин мойнуна алып, сөзгө жыгылды. Кыз-күйөөсүн көчүрүп барып, кандыгын тазга берди.

Ошондон улам эл арасында «обозгер жакшы – кан жакшы, катын жакшы – эр жакшы» деген ылакап сөз калыптыр.

## АКЫЛМАН СЫНЧЫ

Бир адам жолоочу жүрүп келе жатса, жолдон бир киши жете келет да: «Бизден мурун кеткен из төөнүн изи экен, бир жак көзү сокур экен» дейт. Жолоочу ага көңүл бөлө бербейт. Андан ары жүрө бергенде: «Бир жагына таруу, бир жагына буудай жүктөп алыптыр» дейт. Андан ары жүрө бергенде: «Үстүнө мингени кош бойлуу аял экен, артында ээрчиткен куйругу чолок сары ити бар» дейт. Жолоочу: «Сен жинди болсоң керек, буларды кайдан билдиң?» дейт. Анда тиги киши: «Мен жинди эмесмин, шаарга жете баралы, анан менин сөзүмдүн чындыгын өз көзүң менен көрөсүң» дейт. Шаарга жакындаганда «далилдесем болот эле, бирок шашып баратам» деп жөнөп кетет.

Жолоочу жүрүп отуруп, бир кандыкына келип конуп калат. Кан чай ичилгенден кийин, «алыстан келе жатыпсыз, көргөн билгенден, өйдө-төмөндөн сөз сала отуруңуз» дейт. Анда жолоочу: «Жолдон бир кишиге жолуктум. Жинди десем, жинди эмес, кебете-кешпири кадимкидей, соо дейин десем, жинди кишинин кебин салат, ошого таң болуп отурмун» дейт. Кан: «А кандай кеп?» дейт. «Айта турган деле кеп эмес, дөөдүрөп жатат да. Жолдо келе жатып, «бизден мурун шаарга кеткен из төөнүн изи экен деп койду. Дагы бир аз жол жүрүп келип: «Төөнүн сол көзү сокур экен, үстүнө мингени кош бойлуу аял экен, ээрчиткен сары ити бар экен, бир жагына таруу, бир жагына буудай жүктөп алыптыр» деди. Мен ишенген жокмун. Шаарга жакындаганда: «Далилдесем болот эле, шашып баратам» деп жөнөп кетти» деди. Кан арыдан бери эки жигитти чаптырып, жолоочунун таптырып келди да: «Кечээ эмне дедиң, аны кайдан билдиң?» деди. Анда тиги киши: «Мунун билүү оңой эле иш, бизден мурун кеткен төө экенин изинен билдим, сокур экендигин чөп

жешинен билдим, анткени сол тарабындагы чөптү сыдырып жеп отуруптур, оң жагына тийбептир, аял жерге түшүп заара ушатып, боортоктоп төөгө араң минген экен, андан кош бойлуу экендигин билдим, жумшак кумда сайылган из бар, сары жүн түшүп калыптыр, андан куйругу чолок сары ити бар экендигин билдим, жолдун бир жагына таруу, бир жагына буудай чачылыптыр, андан бир жагына таруу, бир жагына буудай артынган экен деп ойлодум. Таксыр каным, аялды издеп таптырып алып келиңиз, эгер айтканым калп болсо башымды алдыртыңыз» деди.

Аңгыча кандын жигиттери сол көзү сокур, төө минген, куйругу чолок сары ит ээрчиткен кош бойлуу аялды алып келип калышты. Кан тиги кишинин тапкычтыгына аябай таң калат.

Кан тулпарын сынатмакчы болуп жигиттерине алдыртып келет. Сынчы көрүп туруп: «Уй эти, сөөгү тулпар экен» дейт. Кандын эми чындап ачуусу келип, тулпарды таптаган кишини чакыртып: «Чыныңды айт, сынчынын айтканы туурабы?» дейт. Анда саяпкер киши: «Каным, бул сынчынын айтканы чындык, тулпар туулушу менен энеси өлүп кулунду уйга эмизгенибиз чын эле» дейт.

«Менин ата-тегимди билип бер?» дейт. Анда сынчы: «Сиз кулсуз, аялыңыз кандын кызы» дейт. Кан каарданып: «Дөөдүрөбө, жети атамдан бери кан болсо, мен кайдан кул болмокчумун» дейт. Кан «эми энемди чакыргыла» дейт. Анда энеси: «Балам өсөрүм калбай, өлөрүм калган чагымда бир кишинин канына ортоктош болгум келбейт. Муну бир кудай, бир вазир, бир сенин энең, бир мен билчү элем. Вазир менен сенин энең эчак аркы дүйнөгө кетишти. Эми биздин сырыбыз дагы бир кишиге маалим болсо, кудайдын кудурети ушул экен, кулак салып ук, чынын айтып берейин. Сенин атаң жети аял алган экен, жетөөнөн тең бала көрбөй, сегизинчи кылып мени алат. Бат эле менин боюма бүтүп, төрөр кү-

нүм жакындаганда кан: «Чыр эткен баланын үнүн уга элек элем, жүрөгүм жарылып кетпесин, эркек төрөсө, сүйүнчү жибергиле, кыз төрөсө, көзүмө көрүнбөсүн» деп, кырк жигити менен ууга чыгып кетти. Айлам кетип, күнү-түнү ыйладым, чымындай жандан күдөр үзүп жакшы көргөн вазир менен акылдаштым. Вазир мени эч кимге көрсөтпөстөн, сарайга алып келип камап койду. Мен кыз төрөдүм. Вазир болсо үч күнгө чейин эч кимге билдирбей, чар тараптан эркек төрөгөн аялды издеп жүрүп, үч күн дегенде сени таап алып келди. Мен сарайда кызымды сага айырбаш кылып, кедейдин аялына дүр-дүйнө берип узаттым. Кийин өз каным алыстап кетпесин деп кызымды сага үйлөнттүм» дейт. Муну угуп, кан сынчыга ыраазы болуп, ат мингизип, тон кийгизип узаткан экен.

## АКЫЛМАН ВАЗИР

Илгери, илгери бир кан болгон экен. Ал кандын атагы элге жайылып, айткан сөзү эм болуп туруптур. Ал кан өзүн акылман деп ойлочу экен. Бирок «аял жакшы – эр жакшы, вазир жакшы – кан жакшы» дегендей кандын жакшылыгы вазиринин акылмандуулугунан болгон. Кан аны түшүнгөн эмес. Бир күнү кан менен вазир ууга чыгат. Уудан кеч кайтып, айлына жете албай калат. Ошондо кан менен вазир алдынан жолуккан үйгө түнөп кетүүнү ойлошот. Алар келатса бир жыбытта бир ак үй, бир кара үй тигилип турган экен. Эки үйдөн эки ит үрүп чыгат. Вазир айбандын да, чөп-чардын да тилин билген неме экен. Ак үйдүн ити: «Кан менен вазир бүгүн биздикине конот. Менин ээм бир кой соёт, мен канжинине тоём, таң атканча ыксырап уктайм» деп мактанып, үрөт.

Кара үйдүн ити үрөт дейт: «Кан менен вазир биздикине конот. Менин ээм жалгыз ак токтуну соёт,

мен кан жинине тоём. Кан менен вазирдин атын таң атканча кайтарып чыгам. Сен уктап калып, кан менен вазирдин атын ууруга алдырасың».

Кан менен вазир кара үй менен ак үйгө жакындап келгенде кан ак үй жакка бастырат. Вазир чылбырдан алып, кара үйгө түшүрөт. Кандын ачуусу келет. Үйгө барганда сүйлөшөрмүн деп ойлойт. Кан менен вазир кара үйгө түшкөндөн кийин кембагал дыйкан чайын берип, жетине албай, жалгыз коюунун козусун алып келет. Ошондо сырттан кой маарайт: «Атаңдын көрү ай, он бирди туудум, бири дагы тукум болгон жок. Ушунумду калтырса болот эле. Миң төлдүн башы ак токту деген болот эле, андан көрө мени сойсочу». Аны вазир түшүнөт да мыйыгынан жылмайып, бата тилегени турган дыйканга кайрылып, «кой, алдагы козуңду сойбо. Бизге сыртта маараган коюңду сой» дейт. Үйдүн ээси макул болуп, козуну коё берип, энесин соёт. Мында да кандын ачуусу келип: «Мунун эмне кылганы?» деп ойлойт. Үйгө барганда сүйлөшөйүн, мунуку өттү. Козу сойдурбай, кой сойдурат дегени эмнеси?» деп ичинен кек түйүп калат.

Өткөн-кеткенди сүйлөшүп, эт желгенден кийин, жомок айтуу башталат.

Үйдүн ээси бир канча кызык жомокторду айтат. Вазир күлкүлүү жомокторду айтып берет. Кандын эрксизден капасы жазылып, өзүнүн билген үч жомогун айтып берүүнү ойлойт. Бирок, «ушул жаман кара үйгө жомогумду кайдан айтып берейин» деп айтпай коёт. Анда кандын үч жомогу кеңешет. Биринчи жомогу айтат: «Мени бул ызалады. Мени ушул үйдө эле айтса болмок. Мен эртең менен буга көрсөтөм. Кара курт болуп өтүгүнүн башына кирем да муну чагып өлтүрөм. Анда экинчи жомогу айтат: «Эгер сенден аман калса, жолдон кан чаңкаган кезде уу булак болуп алдынан чыгам. Бир уурттаганда кан өлөт».

Анда үчүнчү жомок айтат: «Эгер силерден аман калса, мен уктап жатканда жабыктан ажыдаар болуп түшөм. Андан аман калбайт. Жомоктордун сүйлөшкөнүн вазир билет. Эртең менен кан өтүгүн кийгени жатканда, вазир өтүгүнүн башын чарт кесип алат да өзүнүн өтүгүн бере салат. Кандын ого бетер жини келип: «Сени үйгө барганда даргага тарттырбасам» деп ойлойт.

Эртең менен чай ичип аттанышат. Жолдон кетип бара жатышып, сүйлөшүшпөйт. Кандын кабагы карыш түйүлүп, эптеп үйгө жетип ачуусун чыгаргысы келет.

Күн ысып, кан менен вазир чаңкайт. Кетип баратса эле, алдынан бир булак агып жатат. Кан аттан түшкөнчө болбой вазир булактын көзүн ат менен тепсетип, атын заараалатып жиберет. Кандын дагы ачуусу келет. Ошол ачууланган боюнча үйүнө жетет. Күн батып кетет. Эртеси вазирди даргага асмакчы болуп кан жатып калат. Кан аялы менен жаткан өргөөдө вазир таң атканча күзөт кылууну ойлойт. Кылычын кармап, көзүн ирмебей эшиктин алдында турат. Даяр турган вазир ажыдаардын башын ыргыта чабат. Ошондо ажыдаардын бир тамчы каны төшөктөн ачылып жаткан кандын аялынын төшүнө таамп калат. «Ажыдаардын каны уу болчу эле» деп ошол жерден вазир аялдын көкүрөгүндөгү канды соруп салат. Ошол кезде кан ойгонуп кетип: «Вазирдин шиши толгон экен. Тиякта кылганы тигил, эми койнумдагы аялга кол салганы турбайбы?» Кармагыла жигиттер, муну!» деп кыйкырат. Кандын жигиттери вазирди таңып таштайт. Эртеси элдин көзүнчө кан аны даргага асмакчы болот.

Эл чогулуп келгенде, вазирди жакшы көргөн карыялар: «Алдаяр каным, вазирдин кылмышы эмне?» дейт. Анда кан: «Мунун кылбаганы жок. Өтүгүмдүн башын кести, ичээр суумду булгады. Аягында аялымдын койнуна кол салды. Мындан да ашык кылмыш болобу?» деди.

Анда карыялар: «Кандын айтканы туурабы?» деп, вазирден сурашат. Вазир: «Кандын айтканынын баары туура. Бирок болгонун болгондой угуп алгыла» деп, болгон тарыхын айтат. Экөөнүн ууга чыкканын, адашканын, ак үй менен кара үйгө жолукканын, козу сойдурбай кой сойдурган себебин, кандын үч жомогунун максатын айтып, өтүктүн башындагы кара куртту, жолдогу уу сууну, үйдөгү ажыдаардын баардыгын көрсөтөт. Кандын аялынын көкүрөгүнө ажыдаардын каны таамп калганын айтат. Вазирдин сөзүнүн чындыгына кандын көзү жетип, катуу уят болуп, «кандык мага ылайык эмес экен» деп ойлойт да, кандыгын вазирине берет. Ошентип, вазир акылмандуулугу менен кандык даражага жетиптир.

## КАН МЕНЕН ВАЗИР

Илгери бир кан болуптур. Ал вазири экөө дос экен. Экөөнүн тең 40 жашка чыкканча баласы жок, аялдары төрөбөй нечен аял алып, алар да төрөбөй жүрөт. Ал экөө ар дайым тоого барып мергенчилик кылуучу экен. Бир күнү экөө «кайра ушул жолдон жолугушалы» деп экөө эки жол менен кетип калат. Кан барган жер токойлуу, шаркырап аккан суусу бар, адырлуу аскалуу тоонун этеги экен. Кан минип барган атына чидер салып коюп, аскалардан кийик караса эч нерсе көрүнбөйт. Күн кеч кирет. «Бүгүн эч жолум болгон жок» деп, үйүн көздөй кайтайын деп келе жатса, чоң асканын түбүндө бир эчки турат. Атайын деп мылтыгын таптаса, жанында жаш улагы бар экен. Анда кан: «Кой, мен балага жетпей жүрсөм, мунун баласын жетим таштап атканым болбойт» деп атпай атына келип минип эки жолдун айрылышына келсе, жолдошу жок. Буга эмне болду деп күтүп турса, бир топтон кийин ал да куру келет. Кан жолдошунан «жол кандай?» деп сураса, ал дагы баягы кандын айтканын айтат. Анда кан:

«Экөөбүздүн тең оюбуз, тилегибиз бир экен, мага да ошондой улактуу эчки жолукту, жүрү эми кетели», үйлөрүн' көздөй кайтып келе жатса, ыраактан көп караан көрүнөт. «Бул эмне караан, эмне шаарга жоо тийгенби?» деп чочуп, экөө ылдамдап бастырышат. Жакындап калган кезде аларга кыйкырып, сүйүнчү дешип чабышат.

Кан менен вазир эмнеге «Сүйүнчү!» деп жатканын түшүнүшпөйт. Кан бир убакта: «Болсун, айткылачы» дейт. Сүйүнчүлөгөн адамдар: «Экөөңөрдүн тең аялыңардын үч айлык боюнда бар экен. Бир олуя кемпир көрүп айтты» дешет. Анда: «Андай болсо сүйүнчүңөргө ар бириң бирден ат, бирден чапан алгыла» деп кетирет.

Кан менен вазир жолдо келе жатып: «Эгер экөөбүздүн аялыбыз тең эркек төрөсө, дос болсун, кыз болсо да дос болсун, бири эркек, бири кыз болсо, куда бололу» деп катуу убада кылышат.

Айдан ай өтүп, тогуз ай, тогуз күндө экөөнүн тең аялы эркек төрөп чоң той берип, экөөнү дос кылып, бирдей кийим кийгизип багып жүрүшөт. Балдар сегиз жашка чыккандан кийин ар бирине кырк жигит берип ойнотуп, экөө тең ит агытып, куш салып жүрөт. Ошол учурда кандын вазири өлөт.

Вазирдин баласынын аты – Саагат, кандын баласынын аты – Самат. Бир мезгилдерде обозгердин кырк жигити ойлойт: «Эмне үчүн биздей эле обозгердин баласына жигит болгудай кандай жөнүбүз бар, муну өлтүрүш керек». Бирок, аны кан билип калып, кырк жигитти таратып жиберет. Саагатты музоо кайтартып коёт. Самат болсо ит агытып, куш салып ойноп жүрө берет.

Бир күнү көлдүн жээгине сейилдикке барып, кандын баласы кырк жигити менен ойноп отурса, көлдүн аягына кайык менен бир келин келип, колун жогору көтөрүп, кайра ылдый түшүрүп, чачын алдына салып, колун ылдый шилтеп, кайра кайык

менен кетип калат. Кандын баласы баягы келиндин сулуулугунан эси ооп жатып калат. Эмне деп жандаганын эч ким түшүнбөйт.

Ошол жерден Самат өкүргөн бойдон үйүнө келет. «Сага эмне болду?» деп, атасы сураса, «бир келинге ашык болдум» дейт. «Кайдагы келин экен?» деп сураса, «көлдүн аягынан келип, кайра кетти» дейт. Келиндин көрсөткөн белгилерин айтат. Кан эртеси элди бүтүн чакыртып алып: «Көлдүн аягынан бир келин келип ушундай дептир. Ошол келинди ким билет?» деп жар салат. Бирок, эч ким билбейт. Кандын баласы болсо «мага ошо келинди алып бербесеңер болбойт» деп өксөп ыйлап жата берип өңүнөн азат. Мына ошол кездерде бир күнү кечинде кан дөбөдө отурса, Саагат музоо айдап келе жатат.

Анда кан ичинен: «Атаа, бекер кылган окшойм, бул бала канча кылса да бала экен. Кырк жигиттен ажырап музоо кайтарып калдым деп капарына албайт» деген ойго келет да, Саагатты чакырып «Эмне кылып жүрөсүң?» деп сурайт. Саагат күлүп: «Музоо кайтарып жүрөм» дейт.

Анда кан: «Досуң беш-алты күндөн бери капа болуп ыйлап жатат. Бир келин табышмак айтыптыр, табалбай жатат. Досуңдун капасын ачпайсыңбы?» дейт. Анда Саагат: «Курусун, анын капасын мен табам» дейт. Кан сүйүнүп: «Каалаган дүнүйөңдү берем» дейт. Саагат: «Дүнүйөнүн кереги жок. Бизге эки жакшы ат, жүз дилде болсо болду» дейт. Кан Саагаттын баркын көтөрүү үчүн: «Келиндин табышмагынын жандырмагын Саагат тапты» деп, элин бүтүн чогултуп алып, «бу баланын сөзүн угуп тургула» деп жар салат. Ошондо Саагат жандырмагын айта баштайт. «Келиндин колду жогору көтөргөнү – ал бир кандын келини экен, кандын ордосунун жанында узун терек бар экен, колун ылдый түшүргөнү – күйөөсү жаман неме экен, колун булгаганы – ары чети беш күн, бери чети төрт күндө жетсең алдың, жетпе-

сең калдың дегени. Колун ылдый шилтегени – үйүбүз көлдүн аягында дегени» деп, Саагат айтып, бүтөт. Элдин баары таң калып: «Өзү жаш болсо, муну кантип билди? деп калышат. Саагат менен Самат экөө эки жакшы ат минип алып, күн-түн дебей жол жүрүп отуруп, аты ыргайдай, өздөрү торгойдой болуп, баягы келиндин бакчасынын жанындагы бир дубалга атын байлап коюп, бакчага кирип жатышат. Бир убакта бир кемпир келип: «Силер ким? Кеткиле!» деп кыйкыра баштаганда, Саагат апа «андай-мындай» деп он дилде берип, баягынын кыйкырганын басат. Сураса алиги кемпир кандын келининин кызматчысы экен. Ал бакчадагы жер жемиш бышып калганда ооз тийгизиш үчүн келинге барып бергени жатыптыр. Саагат биз да теришип жиберели» деп теришет. Ошондо Саагат кемпирге «эмне эрте келдиң» деп келин сураса, «өзүң көргөндөр теришип берди де, башка эч сөз айтпа» дейт.

Кемпир баягыларын көтөрүп алып барды эле, келин: «Эмне эрте келдиң?» деп сурады. Кемпир: «Өзүң көргөндөр теришип берди» дейт. Анда келин: «Өзүм көргөндөр деген эмне?» деп кемпирди кууп чыгат. Кемпир кайра келип кыйкырып: «Кеткиле, өзүм көргөндөр жок деди, кеткиле!» дейт.

Саагат кемпирге он дилде берип дагы жемиш теришип тез жөнөтүп жиберет. Кемпирге: «Дагы эле баягы өзүң көргөндөр теришип берди деп айт, сураса» деди. «Макул» деп, кемпир дагы үйүнө келет. «Эмне ылдам келдиң?» деп, келин сурап калды. Анда кемпир: «Дагы эле өзүң көргөндөр теришип берди» деди. Келин кемпирди дагы тилдеп уруп кууп чыгат. Кемпир кайра келип, дагы: «Кеткиле!» деп аябай урушат. Саагат кемпирге дагы жыйырма дилде берип гүлдөн бир кучак теришип берип жиберди.

Кемпир үчүнчү жолу келгенде, келин короодо калбырга көмүр калбырлап жаткан болот. Кемпирге унчуккан жок. Кемпир кайра эки балага келди эле,

Саагат: «Эмне деди?» дейт, кемпир: «Унчуккан жок» деди. Саагат Саматка мындай дейт: «Ал көмүр баягы жалгыз терек өрттөнүп кетсе керек, ошол теректин көмүрүн калбырлап жаткан турбайбы? Анын анткени – ал түндө сени ошол жерге барсын деп жатканы» кеч киргенде: «Уктабай жатып, жакшы сүйлөшүп кел» деп, Саматты келинге жиберет. Ал түнү Самат уктап калып, келин келип ары бери басып жүрүп, чөнтөгүнө бир чүкө салып коюп, кайра кете берди. Самат кайта келгенде «Эмне болду? деп, Саагат сураса, «келген жок» дейт. «Самат, уктап калба?» «Жок, уктаган жокмун, келген жок» деп карганат. Бирок, анын уктап калганын Саатат билет. Чөнтөгүнө карап, чүкөнү көрүп: «Сени чүкө ойногон жаш бала» дептир дейт.

Экинчи түнү «жат» деп, Саматты дагы жиберет. Экинчи түнү жатып дагы күтүп отуруп, Самат уктап калат. Келин келип, ары-бери басып ойгонбогондон кийин чөнтөгүнө алма салып коюп, дагы кайра кете берди. Самат кайра дагы келет. «Эмне болду?» «Келген жок». «Уктап калба?» «Жок уктаган жокмун» дейт Самат. Бирок, уктаганын Саагат билет. Уктабасаң чөнтөгүңдү карачы» дейт. Чөнтөгүн караса, алма жүрөт. Алма жеген жаш бала дептир дейт. Саагат, Самат уялып калат.

Анда Саагат мындай дейт. «Биринчи күнү кечээ чүкө ойноп жүргөн бала экен деп, чүкө салып кетти. Андан кийин алма терип жеп жүргөн бала экен деп алма салып кетти. Эми уят, бүгүн уктабай жат» деп Саматты дагы жибермей болуп дагы акыл үйрөтөт. «Келин келгенден кийин эмне үчүн эки күндөн бери уктап калдың десе, мындай де: «Сен деп беш-алты күн жол жүрүп, атым ыргайдай, өзүм торгойдой болуп чарчап келсем, ойготууга жарабайсың де».

Бир убакта келин «келип ары-бери басат. Бирок, Самат сүрдөп, эмне айтарын билбей, бир топко чейин уктамыш болуп жата берет. Келин кете берерinde

араң баягы Саагат үйрөткөн сөздөрдөн айтып, акыры келинди кармады.

Экөө ошол жерде көпкө сүйлөшүп олтуруп уктап калып, кароолчуларга карматып коёт. Кароолчулар: «Кандын келининин койнунан эр кармадык» деп, зынданга салуу үчүн айдап бара жатканда келин Саматтан: «Куткаруучу кишиң барбы?» деди. Самат: «Мендей эле жаш бала, башка жолдошум жок» дейт. Анда келин: Саматты минтип кыйкыр дейт: «Жылкычы эле, жылкычы, жылкың эгинге кирип кетти, куткарсаң куткарып ал, куткарбасаң кой деп, жинди немече кыйкыр» дейт. Самат келиндин айткан сөзүн кайталап кыйкыра кетти.

Саагат аны угуп, колго түшкөн экен дейт да, куткаруу үчүн акыл ойлой баштады.

Кароолчулар Самат менен келинди орго салып коёт. Саагат базарга барып, аялдын кийимин сатып алып кийинип, төрт нан көтөрүп кайтаргандарга келет да, аларга мындай дейт: «Мен алты ай ооруп айыктым эле. Ошондо өлүмгө бара турган адамдарга даам ооз тийгизейин деп чоң убада кылдым эле. Мүмкүн болсо өз колум менен кирип берүүнү уруксат этиңиздер». Алар уруксат этет. Саагат кирип келинди чыгарып жиберип, өзү ордо калат.

Ким чыкканын алар билбейт. Түштө даргага асуу үчүн экөөнү алып барат. Кандын келини болсо үйүндө жүргөн. Ал жерден Саагат туруп: «Бул экөөбүз бир тууган элек. Бул менин карындашым эле. Шаарыбызды жоо чаап качып келе жатып, талаага уктап калыптырбыз. Ал жерден бизди ууру деп камап салды. Бизде эч күнөө жок. Ишенбесеңер карагылачы» деп, паранжысын ачса эле башка. Ал жерден кан ак жерден ууру деп кармап жана кандын келинин жаманатты кылгандары үчүн алтымыш кишини даргага асмак болот, бирок Саагат астырбай коёт. Мына ошентип Самат болсо кыз болуп, Саагат жигит болуп, ак жеринен аларды кармагандыгы үчүн

кароолчулар уятка калышты, кан болсо: «Карындашың үйдө келин менен жүрө берсин, сен болсоң жигиттер менен бирге жүрө бер» дейт.

Бир күнү кан көп жигиттер менен талаага аңчылыкка бармай болуп, Саагатты да «кошо жүргүн» дейт. Саагат: «Макул, карындашыма бир ооз сөзүм бар эле, сүйлөшөйүн» деп барып, Саматка мындай дейт: «Сен бүгүн түштө өз кийимиңди кийип алып, боз кайкыдан биздин астыбыздан жолуккун». Аны айтып коюп, Саагат бир кендир алып чыгып кетет.

Баягы эл менен кандын баласы да кошо барган. Таалада ит агытып куш салып ойноп жүрүшөт. Бир убакта кандын баласы жалгыз бөлүнүп бир чолок коёнду кубалап кетет. Жолдо боз кайкыдан бир сонун кийинген, сонун ат минген жигит менен Саагат көрүшүп ыйлап жатып калат.

Кан: «Бул ким?» деп сурайт. Саагат: «Бул менин карындашымдын күйөөсү, бизди издеп келиптир. Эми мен барып учураштырайын» деп карындашын чакырып келүүгө чыгып кетет. Карындашына барып, кайра сабыры суз кирип келип, кандын жанына отуруп калат. «Эмне болду?» дейт кан: «Эмнеңиз курусун, менин карындашым менен сиздин балаңыз жок» дейт. Кан: «Акылсыз неме ала качып кеткен го» деп ичинен ойлоп, балага жыгылып: «Балам, кызымды да, келинимди да алгыла» деп, аларга кошуп, дагы кырк төөгө дүнүйөсүн жүктөп жөнөткөн экен. Саагат менен Самат үйлөрүнө келишип, чоң той өткөрүп жатып калышкан экен.

## АТА СӨЗҮ

Илгери бир Ашымкан аттуу байдын жалгыз уулу болгон экен. Ашымкан анчалык атагы чыккан чоң бай болбогону менен жүздөн ашкан майда жандыгы бар, элүүдөй жылкысы бар адам экен. Бай өлөр алдында баласына мындай осуят калтырыптыр: «Ба-

лам, мен өлгөндө менден калган дүнүйө сага опаз болбойт. Сага калтырарым жети осуят: биринчи – кандын вазири менен дос болбо, экинчи – жаңы байып келаткан адамга карыз болбо. Үчүнчү – долу аялга сыр айтпа, төртүнчү – туз арамы кылба, бешинчи – эртеңки ашка күйсөң күй, кечки ашка күйбө, алтынчы – тобокелге бел байла, жетинчиси – калыстыгыңдан жанба!» деп, дүйнөдөн кайтат. Бала атасынын өлгөнүнө санааркап өңдөн азат.

Күндөрдүн биринде «атамдын жети осуятын» сынайынчы» деп, кандын вазирине миң дилде берип дос болот: «Атам өлүп жалгыз калдым, өйдө бассам өбөк, ылдый түшсөм жөлөк бол. Атамдын калтырып кеткен мал-мүлкү, дүнүйөсү сага да, мага да жетет» дейт. Бала дагы бир күнү отуруп «атамдын экинчи осуятын сынайынчы» деп, жаңы байып келаткан байдан «үч күнгө» деп миң дилде карыз алат. Бир күнү жай отуруп аялына сыр айтат: «Менин баланча байдын уулу – байбачадан[1] өчүм бар. Барып ошонун башын кесип келем, сен жүктүн астына ор каздырып кой» деп үйдөн чыгып кетип, караңгылатып кызыл ала бир нерсени алып келип орго көөмп таштайт. Эртеси вазирдин келе жатканын көрүп, «атамдын осуятынын биринчисин сынап көрөйүн» деп, аялын ура баштайт. Вазир арага түштү эле, арачы бербей койду. Аялы: «Кечээ эле байбачаны өлтүрүп келген кан ичкич» дейт. Бала муну угуп «аттигиниң атамдын айтканы чын экен» деп, кетенчиктеп барып отуруп калган экен. Вазир досу «айуй» дегенге көнбөстөн, баланы канга айдап жөнөмөк болду. Үйдөн чыга элек жатса, баягы миң дилде берген бай келип, «дилдемди бергин» деп жакадан алып, мен да канга барчумун» деп ээрчип алды. Ошентип төртөө канга барышат. Кан вазирдин сөзүн угуп отуруп баладан: «Байбачаны өлтүргөнүң чынбы?»

[1] Байбача – фарсы тилинен, бача-бала, демек байдын уулу дегенди түшүндүрөт.

деп сурады. Бала болгон окуяны башынан аягына чейин айтып келип: «Ошол байбачаны чакыртсаңыз эле, сөздүн калп, чынына көзүңүз жетет» деди. Кан баягы өлдү деген байбачаны чакыртты эле, сопсоо, салам айтып кирип келди. Ал эми аялы айткан чуңкурду каздырса, эчкинин башы чыкты. Кан байдын карыз дилдесин кечип, вазир менен аялды кууп жиберди да баягы баланы өзүнө баш вазир кылып дайындады.

Арадан ай өтпөй, кандын аялы өлүп, бир жаш кызга үйлөндү. Аялдын балага көзү түшүп калып, аркы-беркиден сөз салды эле ал: «Атам туз арамы кылба дебеди беле» деп, анын алдоосуна көнбөй койду. Анда аял баладан өч алмак болуп: «Таксыр каным, ушул вазириңдин көзүндө оту, сөзүндө мурчу бар мага сөз айтып жүрөт, акыры өзүңө зыян кылбасын» деп чагым салат. Кан аялдын сөзүнө ишенип, аны өлтүрмөк болот да, наабайчысын чакырып: «Эртең менен үрөң-бараңда биздин үйдөн ким барса да дандырга салып ий» деп, буйрук берет. Эртеси кан баланы «наабайчыга барып нан алып кел» дейт. Бала эчтекеден капары жок келе жатса, саардан бир үйдөн түтүн булап, бир кемпир түндүк тартып жол карап туруптур. Кемпир баланы көрүп сүйүнүп: «Балам, бүгүн күнгө жума, жалгыз балам өлдү эле, ошого куран окуп, даам сыза кет» деди. Бала отурайын десе, нандан кечигип кала турган. Кандын каарынан коркот, отурбайын десе, кемпирдин көңүлүн кыйбайт. Ошондо атасынын: «Эртеңки ашка күйсөң күй, кечки ашка күйбө» деген сөзүн эстеп, макул болуп, кемпирди ээрчий үйгө кирет. Кандын аялы бала нанга кеткенден кийин «өлөр алдында бир көрүп, табалап калайын» деп артынан кошо чыгат. Наабайчы «Кан айткан киши ушул экен» деп дандырга салып, өрттөп жиберет.

Бала антип-минтип тамак ичип, куран окуганча күн шашке болуп калат. Андан чыгып шашкан бойдон наабайчыга келип, нанды алып канга келет. Кан

анын аман-эсен келгенин көрүп, аябай таң калып, «көз көрүнө өлүмдөн аман калган адам бекер адам эместир» деп, сөздүн чынын айтып, аялын чакыртса аялы жок болуп чыкты. Бала болгон иштин жагдайын канга төкпөй-чачпай айтып берип: «Атам туз арамы кылба» деди эле, «туз арамы кылган жокмун» деди, кан балага аябай ыраазы болуп, өзүнүн кылган ишине уялып калды.

Күндөрдүн биринде эл арасына «Мисир шаарына соода кылууга барган киши, алып барган мал-мүлкүн жакшы соодалап келет имиш» деген сөз тарады. Бул кабар канга да жетет. Кан бир чети жер көрмөк, бир чети соода кылмак болуп, жанына баягы вазир баланы, жигиттерин алып, Мисир шаарын көздөй жөнөп калат. Ой менен, чөл менен жүрүп отурушат, бирок суу жок, мал да, жан да суудан аябай тукулжурап, чаалыгып чаңкашат. Акыры жүрүп отуруп, чөлдөгү бир кудукка келишет.

Суу алмак болуп кудукка түшкөндөрдүн башы жок, тулку бою эле чыгат. Муну көрүп кандын жигиттери дүрбөлөңгө түшүп калат. Бала тобокелге бел байлап «кудукка мен түшөм» деди. Кан кыйылып жатып макул болду. Ал кудукка түшүп суу сузуп алайын десе, кудуктун түбүндө отурган эки аялдын бири: «Сууну алчудан мурда биздин табышмагыбызды чечип бер» деди. Бала: «Талашыңар эмне?» деп караса, бирөөнүн алдында бака, бирөөнүн алдында жылан жатат. Бирөө жыланды түртүп коюп, ийрилип жатып калса эле жалынып жалбарып калат. Экинчиси бакага үйрүлүп түшөт. Аңгыча аялдын экинчиси: «Жылан менин балам, бака мунун баласы. Экөөнүн кайсынысы жакшы?» деди.

Бала ойлонуп туруп: «Атам калыстыгыңдан жанба» дебеди беле», деди да: «Ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө» деген экен.

Ошондо эки аялдын тең жарпы жазылып: «Оп бали, сөзүң сөз эмес бекен, бая эле ушинтип ай-

тышпайбы?» деп кудуктан суу алууга уруксат бериптир.

Бала сууну алып, аман-эсен кудуктан чыгып келет. Андан жүрүп отурушуп, Мисир шаарына барышып, бир пулун эки эсе пулдап кайра тартышат. Элге келгенден кийин кан: «Сен кан болууга ылайык калыс экенсиң» деп балага кандыгынан түшүп берген экен.

## СУЛАЙМАН БАЙ

Илгери Сулайман аттуу байдын маңдайына кармаган жалгыз уулу болуптур. Ал уулуна «андай бол, мындай бол» деп, акыл насаатты ар дайым көп айтуучу экен. Сулайман бай өзүнүн уулунун жакшы киши болушун каалайт. Бирок, уулу атасынын сөзүн сөз ордуна көрбөй, кулак какпай жүрүп бой тартат. Күндөрдүн биринде атасы чакырып алып: «Балам, мен болсом карып баратам, өлөрүм калды, өсөрүм калган жок. Сенин жалгыз жүргөнүң болбойт. Жашың жетти, эл-журттан карап жүрүп, менин көзүмдүн барында колукту алгын. Бирок жаштык кылып өңү-түсүнө кызыкпагын, балам. Пейлине карап, акыл-эсине карап алгын. Атанын сөзүн эске алып жүргөн жакшы болот» деди. Баласы атасынын сөзүн укмаксан болду. Өзүнө киши теңебей, эл таанıбай, тулпар ойнотуп, чаң ызгытып, көөп жүрдү. Бул убакта бир келиндин сулуулугуна кызыгып, өзүнөн бир нече жаш улуураак жубанды алды. Атасы: «Балам, эми ат тердетип алыстан алдың, айткан сөзүмдү укпадың, алдыңкы турмушуңдун кандай болооруна көзүм жетпейт. «Атанын тилин албаган бала дүйнөдө карыпчылыкты көп көрөт» деп, илгерки карыялар айтчу экен. Артың кайрылуу болсо болду» деп атасы тим болду. Бир күнү Сулайман бай ооруп калат. Өзүнүн өлөрүн билип, келинин кашына чакыртып алып, балама эч жамандык кылбас деген ой менен

келинине: «Сага айта турган аманат сөзүм көп, балам болсо жаш калды. Мен өлсөм жакшы менен да жаман менен да жүрөр. Ошону менен кагылып, өз оокатын өзү кылууга жарар, жер астында жети казынам бар. Балам аркы-беркини көрүп кагылганда алып оокат кыларсыңар» деп, казынасынын ачкычтарын келинине берди.

Атасы өлгөндөн кийин, баласы жаман менен дагы, жакшы менен дагы жүрдү. «Ай-кой» деген киши болбоду, арак ичти, кумар ойноду, эки жылдын ичинде атасынан калган малын, дүнүйөсүн түгөтүп бүттү. Аялы казына жөнүндө күйөөсүнө билгизген жок. Колундагы акчасы, малы түгөнгөндөн кийин, күндө бир шылтоо таап уруша берди. Башка күйөөгө чыгып, казынаны бүт бойдон өзүнө калтыргысы келип, бир күнү күйөөсүнө айтты: «Малды болсо түгөттүң, эми эптеп жан сактоо үчүн короо-жайды саткын» деди. Күйөөсү короону сатууга макул болду. Аялы дагы амалын таап: «Башка кишиге сатсак, арзан алышат. Сен барып Байбатча деген кишини конокко чакырып келгин. Ошого айтсак, короону кымбатка сатып алат, бай киши эмеспи» деди. Күйөөсү Байбатчаны чакырып келип коноктой баштады. Аялы күйөөсүн мас кылууга аракеттенип, аракты куюп суна берди. Күйөөсү мындан шек алып, мас болумуш болуп жатып калды.

Аялы Байбатчага: «Биздин короону күйөөмө саттырганы жатам. Анын баасынан качпай сатып алыңыз, ичинде жети казына бар. Күйөөм билбейт, ачкычтары менде» деди. Байбатча: «Казынаны ачып көрсөткүн» деди.

Аялы колуна чырак алып, Байбатчаны ээрчитип, казынанын оозун ачып көрсөтө баштады. Күйөөсү артынан аңдып барып, казынаны көрүп, ошондо атасынын айткан сөзүн эстеген экен. «Ушул үчүн атам мени акыл-эсине карап ал деген экен го? » Эгер акылдуу аял болсо, менин кедей болгон убагымда жамандык кылбайт эле» деп, кайра келип, ордуна

жатып калды. Аял менен Байбатча үйгө кирип кеңеше башташты. Байбатча аялга мындай деди: «Сен короону күйөөңө саттырткын, мен сатып алайын, анан күйөөңөн чыгып мага тийгин». Аял буга макул болду. Сөздү бүтүрүп, Байбатча үйүнө кайтты. Эртеси аялы: «Короону саталы, Байбатча алмак болду, эми баасын коёлу» деди. Күйөөсү сыр билгизбей короону сатмак болду. Мунун кабарын билген карыя адамдар баасын ашырып алмак болуп жатты. Эң аягында Байбатча он миңге чыгарып, акчасын санап берди. «Кире турган короо жай таап алып, короону бошотуп берейин» деп, бала бир ай мөөнөт сурады. Байбатча көңүлү жай болуп, балага бир ай мөөнөт берди. Эки-үч күн өткөндөн кийин аялы уруш чыгарды: «Короодон дагы айрылдык, малдан дагы айрылдык. Эмки көргөн оокат кандай болот? Мен тура албайм, кетемин» деди. Күйөөсү: «Кетсең кете кой, жолуң болсун» деп, коё берди. Бала атасынын акыреттик досуна барып: «Атамдан калган казынаны ташып алайын» деп, эки жүз төө сурады. Аяш атасы эки жүз төө берди, бул казынадагы алтын, күмүштүн баарын ташып алды. Казынанын ичин суу менен чириген саманга толтуруп, Байбатчага: «Короо-жайыңыз бошоду», деп айтты да, өзү аяш атасыныкына көчүп кетти. Аял бир айдан кийин Байбатчага тийип, үйүнө көчүп келишти. Байбатча короодогу казынага таянып, колундагы болгон малы менен акчасынын түгөнүшүнө шашылды. Көңүлү жай болуп жатып да туруп да, арак-бозону иче берди. Кумар ойноп чөнтөгүндөгү акчасын түгөттү. Байбатча «менин байлыгым түгөнбөс байлык» деп, кумарга уттуруп, чачынан көп карыздар болду. Байбатча бир күнү алтын алып, карыздарына бермек болуп, казынага кирди. Казынанын ичинде чирик саман, суу көңдөн башка эчтеке жок экенин көрүп, күйбөгөн жери күл болду: «Элге-журтка шерменде кылдың, мени алдап, малымдан ажыраттың» деп, аялды чачтан алып тепкиледи.

Байбатча баланын үстүнөн арыз кылып канга барды. Кан үчөөн чакырып сурап олтуруп: «Соода кылганда короону соодалашкансыңар, эми короосунун ичинде казынасы жок дейсиңер» деп, Байбатча менен аялды сөгүп кетирди. Байбатча аялынын чачын кыркып, байталга сүйрөтүп, төркүнүнө жеткирди.

Балага аяш атасы өзүнүн жалгыз кызын алып берип, үйүнө кийирип, экөөн бала кылып алды. Бир жылдан кийин бала кайын атасынан шаарга барып, соода кылып келүүнү сураган соң, барууга уруксат берип, кербен башчыларынан он чактысын чакырып, «биринчи кудайга аманат» деп тапшырып жиберди. Бала жүз төөнүн булун[2] алып, кербен башчылары менен бирге шаарга жүрүп кетти. Булар нечен күн, нечен түн суусуз, чөпсүз жүрүштү. Бир убакта кербендер: «Мындан жарым күндүк жерден бир ак өргөө көрүнөт, андан бир кемпир чыгып, бизди конгула дейт, биз конбойлу» дешти. Баягы үйдүн тушуна келгенде кербендер айткандай кемпир алдынан чыгып: «Бүгүн конуп унааларыңарды тыныктырып кетиңиздер» деп шапылдады. Кербен башчылар тил албастан кете беришти. Бала алардын сөзүнө карабастан конуп калды. Кемпирдин буту-бутуна тийбестен жүгүрүп, төөлөрүн чөгөрүп, унаалардын жүгүн түшүрүп, коюн союп, чайын кайнатып, кызматын кылып, сыйлай баштады. Намаз шам болгондо, кемпир бир шам менен мышыгын колуна кармап келип: «Менин ушул мышыгым таң атканча шамды кармап отурат» деди. Бала ал сөзгө ишенген жок. Кемпир «эгерде ушул мышыгым таң атканча шамды кармап чыкса, жүз төө булуңузду бересизби? Кармап чыга албаса мен жүз төөнүн булу менен берейин» дегенде, бала сүйүнүп, кемпир менен мелдешти. Кемпир мышыкка шамды карматып коюп отурду. Таң атканча мышык талбастан шамды кармап чыкты. Эртеси убадасы менен кемпир жүз төөнү булу менен алып калды.

---

[2] Булун – акчасын

Бала жалгыз аты менен кербен башчылардын артынан жүрүп олтуруп, шаарга жетти. Кербендер соодасын бүтүрүшүп, үйгө кайра кетмекчи болду. Бала кетпеске ойлоду: «Жүз төөнүн булун уттуруп жиберип, кантип атамдын жүзүн көрөмүн, андан көрө барбаймын» деп, калып калды. Кербендер өз элин көздөй жол тартышты. Кербендер элине жеткенде баланын атасына баштан-аяк көргөндөрүнүн баарын айтышты. Атасы малга кайгырбастан, баланын өзүнүн келбегендигине көп капаланды. Бала баягы шаарда жүрүп, кийерге кийими жок, ичерге тамагы жок болгондуктан, ашпозчуга малай болду.

Күндөр өтүп, ай жылга айланды. Бир күнү баланын колуктусу атасынан: «Мен шаарга барып соода кылып келейин» деп, жүз төөнүн булун сурады. Атасы жалгыз кызына айласыздан «барсаң баргын» деп жооп берди. Колуктусунун багып жүргөн бир чычканы болуптур. Ошол чычкан менен жүз төөнүн булун алып, эркекче кийинип, белине кылычты байланып, күлкүсү шаңк этип, маңдайы жарк этип, кербендер менен жүрүп кетти.

Бир нече күндүк жолго баргандан кийин баягы кемпирдин үйүнө кез болду. Ошондо кербендер конбостон жүрүп кетишти. Баланын колуктусу жигиттери менен конуп калды. Кемпир кубанып, мурункудан бетер барбалактап кызматын кылып жүрдү. Тамак-аш ичип болгон соң кемпир баягы мышык менен шамын алып келди. Келин: «Мунуңуз эмне энеке?» деп сурай калды.

«Бул мышыгым, мына бул шамды таң атканча кармап олтурат деди. Келин: «Капыр кемпир, мышык кантип таң атканча шамды кармап олтурсун» деди. Анда кемпир: «Ушул мышыгым шамды таң атканча кармап чыкса, эмне бересиң» деди. Келин: «Кармап чыкса жүз төөмдү пулу менен берейин, кармап чыга албаса, сиз жүз төөнү булу менен бересизби?» деди. Кемпир бул сөзгө кубанып «ичимдеги

оюмду тапты» деп мелдешип, шамды мышыкка карматып койду. Жарым түн болгондо, кемпирге көрсөтпөстөн чычканды коё берди. Мышык чычканды көргөндө, көзү кызарып, шамды таштап чычканды көздөй чуркады, чычкан үйдөн чыга качты. Мышык эшиктин түбүнөн чычканды аңдып отурду. Келин кемпирге карап: «Мышыгың кайда, шамың кайда? Алдынан чычкан качса артынан кууп барып, эшиктин түбүнөн аңдып карап отурат» деди. Кемпир булу менен жүз төөсүн уттуруп жиберди.

Келин шаарга келип, булун сатты, эки жүз төөнүн булу, төрт жүз төөнүн булу болду. Ошондо атка минип, күйөөсүн издеп, көчөнү кыдырып келе жатса, күйөөсү бир ашпоздун эшигинде от жагып олтурган экен. Келин күйөөсүн карап туруп, көзүнөн тааныды. Күйөөсүн чакырып, беш сомдук алтын берип «Менин жаткан жерим тетиги чоң алтын сарай, ошого кечинде мантуу алып баргын» деп кете берди. Күйөөсү аялын кайдан таанысын, кеч киргенде убадасы менен мантуу алып келип үйгө кирбестен эшикти ачып туруп, колун сунуп мантууну берди. Колуктусу: «Үйгө кирсин» деп, буйрук кылган соң, айласыздан үйгө кирип, жыртык чапанынын этеги менен тизесин жаап, бүрүшүп олтурду. Колуктусу аны өзүнүн жанына олтургузуп, тамакты бирге жеп: «Эртең дагы алып келгин» деди. Күйөөсү эртеси кечинде дагы алып келди. Колуктусу бала менен бирге тамакты жеп олтуруп: «Сен кайдан келген баласың? Бул жердин адамы эмессиң го?» деп сураганда бала башынан өткөргөндөрүнүн бардыгын сүйлөп өттү.

– Аялың барбы?

– Балам, аялым бар эле.

– Аялыңды жакшы көрүүчү белең?

– Жакшы эле көрүүчү элем, бирок, айла канча.

– Колуктуңду жакшы көрсөң эмне үчүн барбайсың?

– Кантип барамын? деп бала мукактанды.

Колуктусу балага карап:

– Сага соop кылып, жүз төөнүн булун берейин, барасыңбы? деди.

– Барар элем, анан барганда кандай кылып төлөп беремин, мурункудан бешбетер ошондо шерменде болбоймунбу? – деди.

Колуктусу: «Элиңе баргын, булумду албаймын, кудай үчүн берейин» деди. «Андай болсо макул» деп, бала кожоюнунан бошотууну сурады. Кожоюну: «Мойнуңа түшкөн булуңду төлөмөйүнчө жибербейм» деди.

Колуктусу күйөөсүнүн кожоюнуна барып, чыгымдарынын баарын төлөп, чыгарып алды. Андан кийин балага өзүн таанытты. Күйөөсүн мончого түшүрүп, атты мингизип, тонду кийгизип, экөө төрт жүз төөнүн булу менен үйүн көздөй жол тартты. Жолдо малды жалдаган жигиттерге айдатып, өздөрү алдыга түшүп, кабагы ачык, карды ток, байлыгы көп болуп, өз үйүнө олжосу менен келип түшүштү.

Кыз атасына: «Балаңыз соода кылып, эки жүз төөнүн булу менен келмекчи болуп жаткан кезде, үстүнөн чыктым» деди. Атасы балдарынын келгенине сүйүнүп, кубанычы көлдөй балкып, майдай калкып, жатып калды. Бир убакта кайыр тилеп жүргөн бир дубана аял келди. Караса баланын мурунку аялы экен. Бала: «Менден кайтпаса, кудайдан кайтсын» деп, аялга бир сыйра кийим жана бир айлык оокатын берип, жолуна кайтарды.

Өзүнүн кийинки аялы менен кабагы ачык, тийген күндөй, ачылган кызыл гүлдөй болуп өмүр сүрүп жатып калышыптыр.

## АЛЫМКУЛ ТҮШЧҮ

Илгери Өмүрзак аттуу кан казынасын уурдатып элине мындай деп жар салат: «Ууруну ким таба турган болсо малымдын теңин берем, таппасаңар баарыңарды күнөөгө тартам». Элдин айласы кетип, кандын каарынан коркуп, «Алымкул түшчү деген киши

таап берет» деп бир кишини көрсөтүшөт. Алымкул айылдан алыс үй тиктирип, таап бермекке кырк күн убакыт алды. Кан кырк күнгө чейин кырк кой союп, Алымкулду бакмак болду. Алымкул: «Баары бир кан өлтүрөт, андан көрө кырк күнүм бүткөнгө чейин койду союп жеп жыргап жата берейин» деп, кырк өрүк алып баштыкка салды. Бир күн өткөндө бир өрүктөн жеп коюп, кырк күндү эсептеп жата берди.

Кандын казынасын алган кырк ууру экен. Кырк ууру: «Кан казынамды уурдаган ууруну таптырам» деп, түшчү Алымкулга үй тиктирип койду. «Алымкул эмне түш көрүп жаткан экен, бирибиз аңдып келели» деп, бир уурусун жиберди. Ууру келип, үйдүн артынан тыңшап турду. Алымкул түн киргенде жатмакчы болуп баягы өрүктүн бирин алып туруп: «Кырк элең бирөөң келдиң деп, жеп жатып алды. Үйдүн артында тыңшап турган ууру Алымкулдун сөзүн угуп, коркуп кетти. Ал ууру жолдошторуна барып «кокуй биздин өлөрүбүз калыптыр, мен барсам: «Кырк элең, бирөөң келдиң» деп, жатып алды» деди. Эртеси дагы бир ууруну тыңшоого жиберди. Алымкул уурунун тыңшаганын кайдан билсин: «Эки күнүм бүтүп кетти» деп коркуп, өрүктүн бирин алып туруп «Кырк элең экөөң келдиң» деп экинчисин жеди.

Ууру: «Келгенимди билип койду» деп, жолдошторуна айтты. Үчүнчү күнү уурулар бир чолок уурусун жиберди. Алымкул жатарында өрүгүнөн бирди алса, курт жеген өрүк колуна тийиптир: «Кырк элең, үчөөң келдиң, келгенде да, майрыгың келдиң» деди. Эшикте турган чолок ууру коркуп: «Билерин деги билип алыптыр, мен качканымда деле кармабайбы, баары бир канга айтып өлтүртөт, андан көрө өзүм айтайын» деп, салам айтып кирип келди. Алымкул сыр билгизбей, «келгин» деди. Ууру: «Түшчү аке, менин эмне келгенимди билип тургандырсыз?» деди. Алымкул: «Билип турам, билбегенде анан» деди.

Чолок ууру: «Кандын казынасын биз уурдаган элек, мурунку күндөрдө экөө келгенде ал экөөн

билип койдуңуз, бүгүн мен келдим эле, мени дагы билип: «Кырк элең үчөөң келдиң, келгенде дагы майрыгың келдиң» дедиңиз. Эми бизден эмне алсаңыз дагы канга бизди айта көрбөңүз, жаныбызды алып калыңыз, уурдаган буюмдарды жардын түбүнө көмгөнбүз, эчтекесин коротконубуз жок» деди.

Алымкул ичинен сүйүнүп: «Ээ, болуптур, балдар, бүгүн келбесеңер, эртең канга айтмакчы элем, келгениңер жакшы болду. Силерди мен сактап калайын, бирок, экинчи бул кандын казынасынан жана айлынан бир жапырык чамынды дагы уурдабагыла, кандын казынасынан уурдаган буюмга кол тийгизбестен, өзүңөр суунун ары жагына өтүп, бул элден кеткиле. Эгер экинчи жолу айылдан чычкак улак жоголсо дагы силерди башыңарды канга кармап берем» деди.

Ууру сүйүнгөн бойдон жолдошторуна барып, түнү менен кырк ууру башка жакка качып кетишти. Экинчи бул айылдан ууру кылбаска ант беришти.

Алымкул: «Өлүмдөн калдым» деп, уурулар оңой жерден табылганына сүйүндү. Кырк күнгө чейин кандын коюн жеп, чайын ичип жата берди. Кырк күн бүткөндө эрте туруп канга салам айтып кирип келди: «Каным, казынаңыз бүт бойдон жардын түбүндө жатат, барып каздырып алыңыз. Казынаңызды кырк ууру уурдаган экен. Алар суудан өтө качышты. Эми табалбайсыз. Бирок мындан кийин айлыңыздын чычкан улагын да ууру албайт» деди.

Кан жардын түбүнөн дүнүйөсүн каздырып ташытып алды. Алымкулга убадасы менен малынын теңин бөлүп берди. Арадан көп күн өтпөй жылкычылар бир бээ жок дешип келди. Кан Алымкул түшчүгө айтты. Алымкул түш көрөм деп жатты. Ошол мезгилде бир жылкычы бээнин суу жээгинде кулундаганын түшчүгө айтып келди. Эртеси Алымкул канга: «Каным, бээңиз боoз экен, сууга жылкыларды сугарганы барганда ичинде жүргөн экен, суунун боюнда кулундап калса керек» деди. Кан жылкычысын сууга жиберсе бээси суунун боюнда кулунун ээрчитип жүргөн экен.

Эки-үч күндөн кийин кан ойлонуп олтуруп, Алымкулду сынамакчы болду. Топ чымындарды кармайын деп эки жолу колун жумду эле, чымын эки ирет да учуп кетти. Үчүнчү жолу кармап алып, Алымкулга алып келди да, «Алымкул, менин колумда эмне бар? Эгер тапкыч болсоң тапчы? деди. Алымкул эми чындап өлгөн экенмин, деп коркуп, өзүнүн абалын түшүндүрүп канга кыскача мындай деди: «Биринчи жолу кутулду, экинчи жолу кутулду, байкуш чымын жан үчүнчү жолу тутулду» деди. Кан колумдагы чымынды айткан экен деп ойлоп калды. Алымкул түшчү айткан сөзүнүн дал келгенине сүйүндү. Кан Алымкулду «Чын олуя экен» деп, таң калды.

Бир күнү кан Алымкулду ээрчитип мончого келди. Алымкул канткенде кандан кутуларын билбей амал ойлоду. Бир убакта кан суу көтөрүп келе жатканда Алымкул жинди болумуш болуп, канды жетелеген бойдон кышкы суукта эшикке алып чыкты. Чыгып келе жатканда кандын башы мончонун босогосуна катуу тийди. Эскилиги жетип араң турган мончонун төбөсү оюлуп жерге күр дей түштү. Кан эшикке чыгып «Бали Алымкулум, сен болбосоң, мончо мени басып калмакчы экен да, сен төбөсү түшөөрүн билип, эшикке алып чыккан экенсиң го» деди. Анда Алымкул: Мен ошону билип, сизди майып болуп калбасын деп, алып чыкпадымбы» деди. Кан ыраазы болуп: «Бир ажалдан алып калдың, эми башың азат» деп, Алымкулду бошотуптур. Алымкул айла менен кандан кутулганына сүйүнүп, өз оокатын өзү кылып туруп калган экен.

## УБАДАГА БЕК ЖИГИТ

Илгери, илгери өткөн заманда үч бир тууган болгон экен. Алар ата-энеден эрте ажырап, көрүнгөн байдын жумушун жасап, эптеп күн көрүшөт экен.

Бир күнү байдын чөбүн чаап, аябай чарчап көлөкөдө отурушса, жакын эле жерге топ кара чыйыр-

чыктар келип конуп калат. Биринен бири озуп оттоп жаткан кара чыйырчыктарга карап бир туугандардын эң улуусу:

– Ой, чиркин, ушундай жер жайнаган малым болсо, өмүр бою бир да кишини иренжитпей, кенен өмүр сүрүп өтөөр элем, – дейт, кичинекей чокчо сакалын сылап.

Анда ортончусу туруп:

– Эгер менин ушундай короо-короо коюм болсо, өзүбүз сыяктуу кедей-кембагалдарга каралашып, үйгө мейман келсе, кой союп, аларды ар дайым сыйлап, алардан алкыш алып кана жүрөт элем, – деп тилек кылат.

Алардын эң кичүүсү үндөбөй отурган соң: «Ал эми сенин ушунча малың болсо эмне кылат элең?» – деп сурап калышат эки агасы. «Менби, менин мынча малым болбой эле эл катарлуу азын оолак, бир аз туягым, үстүмдө үй, жанымда акыл-эстүү жарым болсо, мен дагы эч кимди иренжитпей өмүр сүрөр элем» деп жооп берет. Алар ушундай таттуу кыялга батып, ойлоп жатышканда маңдайларына келип калган ак сакалдуу карыяны байкабай калышат. Сакалы тизесине түшкөн алиги карыянын кайдан чыга калганын билишпей үчөө тең ордундарынан атып турушат. Ошондо карыя туруп:

– Менин атым Убада. Силердин сүйлөгөн сөзүңөрдү жанатан бери угуп турдум. Эгерде силер айткан сөзүңөргө турсаңар, мен силердин тилегиңерди орундаймын! – дейт ак таягын көтөрүп.

– Биздин тилегибизди орундатсаңыз, айткан сөзүбүздө турабыз – дешти үч бир тууган.

– Эмесе силердин тилегиңерди мен орундайын. Сен экөөң мал дедиңер, тээтиги көрүнгөн дөбөнүн ары жагында эки короо кой жайылып жүрөт. Бир короосу өңчөй ак, экинчи короо кой кара түстүү. Барып бириң карасын, бириң агын алгыла, – деп күнгө чагылышкан таягын силкип-силкип алды.

Экөө чуркаган бойдон карыянын көрсөткөн жерине келишет. Келишсе, чын эле эки короо кой жайылып жүрөт. Экөө койлорду айдап өздөрүнчө кетишет.

Карыя таягын дагы силкип туруп, эң кичүүсүнө карап:

– Эми сен тээтиги түтүн чыккан жерге бар. Үй десең, тилеген үйүң, өмүрлүк жарың, азын-оолак малың ошол жерде. Бар эми, тилеген тилегиңе жет, – деп ак сакалын сылап коюп көздөн кайым болду.

Ушул күндөн баштап, үч бир туугандын турмуштары оңолуп, өз тилектерине жетип, жашап калышат.

Күндөр жылып, айлар оошуп, жылдар өтөт. Бир күнү баякы карыя Убада жанына Пейил менен Бакытты ээрчитип: «Ошол жигиттердин барып сынап көрөлүк, айткан сөздөрүн орундаар бекен?» деп жолго чыгышат. Алай-дүлөй бороон болуп жатканда алды менен улуусунун үйүнө келишет.

– Биз кудайы конок болобуз, бороон өпкөдөн өтүп бaратат – отуңа жылынып, муздаган сөөгүбүздү жылытып чыгалык, үйгө кирүүгө уруксат эт, – дейт келген карыялар үндөрү дирилдеп. Малына ээ боло албай убара болгон бай:

– Ушундай кым-куутта, койлор суука чыдабай кырылып жатканда, конок эмес кудай болсоңор да кеткиле, – деп кыйкырат.

Сакалдарына муз тоңуп калтыраган карыялар ал үйдөн чыгып, ортончу байдыкына келет. Ал дагы ачууланып, аларды үйгө кийирбей кубалап жиберет.

Булардын түрүн көрүп, кичүүсүнүн үйүнө жөнөштү. Аларды көрүп жан алы калбай үргөн иттин үнүнөн атып чыккан үй ээси конокторду колтуктап үйгө киргизип, аттарын отко коёт. Коноктордун суу болгон кийимдерин чечип, башка жылуу кийим кийгизип, суу кийимдерин кургатып, тамак ашын берип аябай, жакшылап сыйлайт.

Эртеси коноктор жолго жөнөрдө Убада туруп: «Балам, урмат сыйыңа чоң ыракмат. «Өлүмдөн уят

катуу» дегендей болоттон бек жигит экенсиң. Аз дөөлөткө мас болуп, эл менен иши жок, тиги агаларыңа окшобойсуң. Ар дайым ушундай айткан сөзүңдө тур, өркөнүң өссүн!» дейт таягын силкип. Баягы жигиттин кашына бакыт да, пейил да кайра оролуп түбөлүккө бактылуу болуп жашап калган экен.

## КАНДЫН КЫЗЫ

Телегейи тегиз, бары жокко бийлик кылып турган бир атактуу кан болот. Анын бир акылдуу кызы болот. Сөздөн сөз чыгып олтуруп, кыз атасына «жакшы болмок миң күндө да, жаман болмок бир күндө» дейт. Анда эч кимдин айтканына көнбөгөн, өз билгенин бербеген кан ачууланат. Кантип эле миң күн жакшы болуп жүрүп, бир күндө жаман болуп калсын. Андай кыйын экенсиң, сени баягы «тууруктаманга» берейин, ошону миң күндө жакшы кылып алчы, – дейт да, өмүрүндө жакшылык көрбөгөн, айткан сөзгө көнбөгөн, жыңайлак жүрүп, эти күйүп «туурук таман» аталган, бир бечарага кызын берип жиберет. Кыз ага кайгырбастан, күлүп-жайнап «туурук тамандын» үйүнө барат. Короонун ортосунда чалдыбары чыккан бир там турат. Тегерегине чөп-куурайлар өскөн, өмүрүндө шыпырылбаган, көрсө көңүл айныган ушундай жаман там.

Кыз келер менен: «Мен сиздин кабарыңызды алда качан билем, атайы сиз менен бирге тиричилик кылууга келдим. Өлбөсөк турмушту улап кетербиз. Мен үй ичиндеги кызматты кылайын, сиз сырттагы кызматты кылыңыз. Менин да алып келген эчтекем жок, убакыт өткөрбөй жумушка киришели. Сиз барып бир көтөрүп отун алыңыз да, базарга алып барып сатып, келишинче ун жана бир-эки татым туз алып келиңиз» дейт. Анда «туурук таман» таң калган бойдон айтканын аткарууга жөнөп кетет. Ал жөнөп кеткенден кийин чалдыбардын жыртык-те-

шигине кесек коюп, ылай менен шыбап бүтөйт. Үй ичин абдан тазалап, шыпырып, чөптөн оруп келип кийиз ордуна салат. Эшиктин алдын дагы айнектей кылып тазалап коёт.

Үйдү тазалагандан кийин короодон куурай жыйнап, от жагып суу ысытып даярдап турат.

Күн батар ченде айткандарын аткарып «Тууруктаман» келет. Аны сууга киринтип, чачын алдырып, «туурук таманды» аябай тазалайт. Алып келген унунан жакшылап оокат жасайт. Эртеси күнү дагы отунга жиберет.

Анда дагы көбүрөөк отун сатып, тамактын артканына жибек, ийне ала кел деп тапшырат. Андан кийинки күнү кездеме ала кел деп тапшырат. Кийинки күнү отун алып келгенче, жоолук, кол жоолук сайып коёт. Анан аларды саттырып күндөн-күнгө оокаттары оңолуп, тыңый беришет. Үй турмушун оңоп алгандан кийин, жоолук сайган акчасынан арткан акчаларын жыйнап жүрүп, бир күнү «туурук таманга» мындай деген тапшырма берип базарга жиберет: «Базарга барсаң бир чолок куйрук боз куш, бир чолок куйрук көк ат жолугат. Экөөн тең сураганын берип алып кел» дейт. «Туурук таман» кыздын айтканындай кылат да, куш менен атты алып келет. Кыз аларды таптап кулпунтуп коёт. Шумкар илгир, тулпар жорго болот.

«Туурук таман» куш салып, сайрандай баштайт. Күндөрдүн биринде «туурук таман» туруп мындай дейт:

«Сен үй тиричилигин курсаң, мен сырттан аракет кылып дүнүйө тапсам болбойбу» дейт. Анда кыз: «Жакшы болот, жол азыгыңды камдайын, калаадан чыккан кербендерге кошул, атыңды минип, кушуңду кондуруп алып ошолор конгон жерге кон. Жолдогу чөлдө бир кудук бар, ал «барса келбес кудук» деп аталат. Андан суу алып чыгууга эч ким макул болбойт. Мен алып чыгам дегин дагы, аркан байлатып

алып түш. Түбүнө жеткен кезде эки ургаачы, бир эркек: «Ким сулуу» деп талашып жаткан болот. Анда: «Суу берсеңер, мен чечип берем» деп айткын. Алар макул болушат. «Сулуу, сулуу эмес, сүйгөн сулуу, ар кимдин алганы өзүнө сулуу» деп айткын».

Ошентип айтсаң алар суу беришет. Сууну кербендерге берсең алар жүктөгөн мүлктөрүнөн берет да, соода кылып келесиң.

«Тууруk таман» аялынын айтканындай кылат. Ал сууну ал алып чыкканда кербендер таң калышат. Анткени ал кудукка түшкөн киши кайра чыкпасын билүүчү эле. Жигиттин эсен чыгып жана аларды суу менен камсыз кылгандыгына өтө ыраазы болгондуктан, ал жүз төөлүү кербендер ортодон үч төөнү жүктөрү менен жигитке беришет. Жигит кербендер менен барып, соода, кылат, дагы аябаган көп байлык менен үйүнө кайтат.

Ошентип байып алышкандан кийин, калаадан издеп жүрүп, эң биринчи усталарды таап, так падышанын үйүндөй жай салдырып, ар бир үйдүн эшигинин алдына: «Жакшы болмок миң күндө, жаман болмок бир күндө» деген сөздү жаздырат. Камылгасы бүткөндөн кийин, аялы күйөөсүн падышанын уу кыла турган жерине жиберет да, мындай деген тапшырма берет.

– Падыша жолукканда атың менен кушуңа кызыгат да сурайт, аларыңды бербе, өзүң конокко чакыр. Ал сенден мурун чакыра турган болсо «тон жакасынан кийилет» сиз кан болгондуктан биринчи мен чакыруум керек деп айт. Бир жарым болуп келиңиз де.

Жигит ууга чыкканда аялынын айтканынын баары туура келет. Кан менен жолугушканда аялы айткандардын бардыгын аткарат. Кан терең ойго түшөт, барбайын десе ат менен кушка ошончолук кызыгат. Экинчиден, бир жарым болуп келиңиз дегени дагы сырдуу, айткан күнү барайын деп сөз берет.

Кан үйүнө баргандан кийин вазирлерин чакырып алып бир жарым киши деген эмнеси деген суроону берет. Вазирлер ойлонуп отурушуп: «Аялыңызды да алып жана 150 киши менен баралы» дешет. Ошентип – айткан күнү келишет.

Коноктордун ар бирин бирден үйгө кийирип, аябай сыйлайт. Конок күткөнү кандыкынан да артып кетет. Чогулуп отурушкандан кийин, ар бир үйдүн эшигине жазылган: «Жакшы болмок миң күндө, жаман болмок бир күндө» деген жазууну окушат. Кандын оюна кызы түшүп катуу уялат. Ал кызына чоң алкыш айтып, кандыгын күйөө баласына берет. Ошентип, жакшы аял жаман эркекти миң күндө жакшы кылып, кандык даражага жеткирген экен.

## ЖООМАРТТЫК

Мурунку өткөн заманда бир падыша болуптур. Анын кырк вазири бар экен. Бир күнү падыша:

– Жоомарттык мал менен болобу же баш менен болобу? – деп вазирлеринен кеп сурайт.

– Жоомарттык мал менен болот да, малы жок болсо кантип жоомарттык болот, – дешет вазирлер.

– Жоомарттык мал менен болсо да силерде, дүйнө да силерде, үчөөң биригип бир падыша элге той бергиле. Тоюңар кырк күндө тарасын – дейт падыша.

Ушуну менен той башталат экен. Тойду башкарган үч вазир болду. Той аяктар күнү падыша думананын киймин кийип, башына күлө кийип, колуна аса таяк алып, ийнине куржун салып, ак уруп биринчи вазир башкарып жаткан тойго барат. Вазир көрүп: «Думанага кайыр алып чык!» деп, үйдөгүлөргө айтат. Тойдун түрлүү тамагынан табакка салып чыгышат. Думана куржунуна салып алып, экинчи вазир башкарып жаткан шаан-шөкөткө барат. Ал дагы думананы үйгө киргизбестен, кайыр садагасын берип сырттан жөнөтөт. Думана үчүнчү вазирге барат. «Үү» деп

кайыр-садага сурап, үйгө конуп кетүүнү суранат. Бирок вазир: «Үйдө төрө, мырзалар бар. Сен жатууга орун жок» деп жөнөтөт.

Ошондо думана караңгы киргенине карабастан көчө менен жүрүп отуруп, бир кемпир менен баланын кара алачыгына дуушар болот.

Бала сыртка чыгып, думананы көрүп: «Думананы үйгө кондуралыбы?» деп энесине айтат. Энеси: «Макул, айланайын, думана болсо үйгө кийир» дейт. Думана үйгө кирет. Бала бир байга үч жылы малай жүрүп, ошо күнү үйүнө акысына он кой алып келген экен. Бала энесине:

– Конокко бир кой соёлу – дейт. Энеси макул болуп коюн союшат. Ошондо думана:

– Мага эки эле бөйрөгү керек, башка этин жебейм – дейт.

– Эки бөйрөккө да тоёбу! Андан көрө он койдун баарын соёюн. Жыйырма бөйрөк болот, деп бала койлорунун баарын союп, думанага 20 бөйрөгүн берет. Думана ак батасын берип, конбостон жүрүп кетет.

Эртеси кан өзүнүн падышалык таажысын кийип, той башкарып узаткан үч вазирин чакыртып:

– Тойду кандай тараттыңар. Бай, кедей кылып бөлгөн жоксуңарбы? Тойго думаналар келдиби? Жакшы коноктоп узаттыңарбы? – деп сурайт.

– Тойду абдан жакшы өткөрдүк, келген коноктордун баарын бирдей көрдүк. Думаналарга кайырсадага, чапан берип узаттык. Абдан ыраазы болуп кетишти, – дейт вазирлери.

– Менин байлаткан он коюм бар эле. Түндө жок. Уурдаган ууруну таап келгиле – деп вазирлерине буюрат. Вазирлери чапкылап акыры базарга барышат. Он койдун этин жаңыдан сата баштаган баланы көрүшүп, «падышанын коюн уурдаган ушул экен» деп, аны падышанын алдына алып келишет.

– Кой табылды. Ууруну алып келдик – дейт вазирлери. Бала малай жүрүп үч жылдык эмгегине

он кой алгандыгын, үйүнө жаңы эле келгенде бир думананын келгендигин, ага он коюн союп бөйрөктөрүн бергендигин айтат. Падыша вазирлерине баягы кайыр садагасын көрсөтүп «ушуларды таанийсыңарбы?» дейт.

Вазирлер: «Биздин дасторкондон берилген жемиштер турбайбы. Думана тойго келгенде бергенбиз» дешет. Ошондо падыша өзү думана болуп барганын, конуюн десе «төрөлөр, мырзалар бар, үйгө батпайсың» деп, кондурбагандарын айтып: «Жоомарттык мал менен болот бекен, же баш менен болот бекен? Жоомарттык баш менен болот » мына деп вазирлерине көрсөткөн экен. Он коюн бир думанага бүт сойгон бала жоомарт, деп вазирлерин уят кылган экен. Падыша ошондо баланы биринчи вазир кылып алыптыр.

## КАН МЕНЕН САЯТЧЫ

Бир күнү Чомотой саятчынын кабары каардуу кан Алдаярканга жетип калды. Чомотой дүйнөдө эмне куш болсо ошол куштун тилин билет экен. Кай жерде катылган казына болсо, чачылган алтын, күмүш, каухар болсо куштарды жумшап жыйдырып алат экен, азыр Чомотой саятчынын байлыгындай эч бир кандын байлыгы да жок имиш.

Дүйнөнү ажыдаардай соргон ач көз кандын сугу саятчынын өнөрүнө эмес, анын дүнүйөсүнө катуу түштү. «Эптеп айыпка жыгып, байлыгын тартып алууга баш кесер желдеттерин «тез алып кел» деп саятчыга жөнөттү. Кан буйругу көз ачып жумганча аткарылды. Саятчы канга баш урунуп сурагынан өттү: «Алдаяр каным, биринчи намыр алланыкы, экинчи сиздики, кулдук уруу биздики, чакыртыпсыз келип калдым, буга айып этпеңиз». Мурунтан суроо берүүгө камынган кан кардуу жүзү менен: «Сен акмак куштардын тилин кайдан жана кимден үйрөн-

дүң, ушуну айтчы?» Анда саятчы сабырдуулук менен жай гана: «Алдаяр каным, муну өзүм да билбеймин, тилим чыкканда эле адамча жана кушча сүйлөп чыкты. Ата-энемден сурабай калыптырмын, алар илгери заманда эле а дүйнөгө кеткен, азыр менин эмне үчүн адамча да, кушча да сүйлөп калганымдын сырын билген киши жок. Бул жообума ыраазы болуңуз, каным, эми менин суроомо жооп берер бекенсиз?» деди саятчы. Саятчынын тубаса кушка тилмер экенине кандын көзү жетти, так берген жообуна кошумча суроо берүүгө чамасы келбей калды да, «кана, эмне сурамакчысың?» деди. «Алдаяр каным, мен сиз менен ушу жашка келгени көрүшкөнүм ушул, ооз ачып сүйлөшкөнүм да ушул. Сиз сөз баштаганда эле мени акмак дедиңиз, мунун жайы кандайча?» деди. Кандын эки көзүнөн чаар чыгып катуу ачуусу эми кайнады: «Сен чыныгы акмаксың» деди кан. «Акмактыгың ушул менин алтын, күмүш, каухарымды уурдап жатасың, куштарды жумшап ташытып алдың, ал күнөөңдү билбейсиңби? Башың менин кылычымдын мизинде турганын түшүнбөйсүңбү, акмак? Акмактыгыңды эми билдиңби?»

– «Кечирим, Алдаяр каным, – деди саятчы. Аларды мен уурдап алган жокмун, менин дос куштарым сиздин өлкөнүн чегинен эмес, али да жапайы айбандан башка адам изин сала элек, сырт өлкөдөн алып келишкен. Мен ал өлкөнүн кай тарапта экенин айтсам, сиз таң калбаңыз. Сиздин жерди чегин жакшы күлүк ат менен бир жумада кыдырып чыгууга болот, ал эми тиги бай өлкөгө куштун учкуну кузгун бир жумада түз учуп жетип, кайра экинчи жумада гана келет». Саятчы сөзүн бүткөнчө кан чыдап тура алган жок. «Акмак» деди кан: «Сен ууру эмесмин деп актанба, жеткен ууру экениңди мойнуңа аласың. Биринчиден, менин чегимди буздуң, экинчиден, менин чегиме келген барлык нерсе жалгыз гана меники, мага айтпай катып алганың үчүн башың алынат». Саятчыга дагы

башка күнөө таап жабайын деди эле, анда саятчы озунуп мындай деди: «Алдаяр каным, менин башымды кескенде эмне чыгат, болгон дүнүйөмдү сиз алыңыз, өз башым калса эле болгону. Бирок, Алдаяр каным, ошол алып, келген дүнүйөнү элге таратып ийдим эле, үйүмдө жарым кадак да жок, болсо, да анын мага кереги жок. «Акмак» деди кан: «Сен жөн эле мага дүнүйөңдү кыйгың келбей жатат, сенин дүнүйө казынаң меникинен да көп деп эл бекер айткан жок, казынаң кайда? Азыр жигиттериме айтып көргөзүп бергин, бир сөзүм эки эмес» деди кан. Саятчы: «Эгер дагы жок десем башым кесилип калбасын, андан көрө болгон дүнүйөмдү көргөзүп берейин» деп жигиттерди ээрчитип үйүнө жөнөдү. Кан болсо казынам эми толот деп каткырып ордодо калды. Кандын жигиттери саятчынын короо жайын нечен күн, нечен түн тинтип алтын, күмүш таба алышпады. «Сен эмне кан менен ойногуң келеби, казына кайда, айтпайсыңбы?» деди жигит башчысы.

«Мен аларды элге таратып жибергем» деди саятчы. Болгон окуя канга түгөл айтылды. Чомотой саятчыны зынданга салдырып, кан бүт элге: «Кимде ким Чомотой саятчыдан алтын, күмүш, каухар алса, кандын казынасына жеткирсин. Эгер жеткирбей жашырса, баары бир билинет, саятчы менен кошо зынданга түшөт, башы алынат» деп буйрук бердирди. Эл өз ара кеңешип: «Казына канга гана ылайык, биздей букарага алтын, күмүштүн эмне кереги бар, кандын казынасына жыйнап берели да, саятчынын өмүрүн сурайлык » дешип, алтын, күмүш, каухарларын алып келишти. Чынында эле кандын казынасынан алда канча ашып түштү. Кан ага да болбой, «дүнүйөнү элге таратып, элдин көөнүнө жагып алып, куштарга да, элге падыша болгону жүргөн неме экен» деп, саятчыны катуу жазага тартмай болду.

Саятчы өлөрүн билип, желдеттен бир гана нерсе өтүндү: «Канга бир кезигип өлсөм арман жок эле»

деди. Каардуу кан акыркы жолу бир сөз сурап калуугa өзү да макул эле.

«Алдаяр каным, менин өтүнүчүм ушул, башымды кечиңиз, бирок менин денемди жерге көмдүрбөңүз, тетиги ак кар баскан Ала-Тоого таштатыңыз, бүт канаттуу талап жеп кеткендей болсун, себеби мен ал канаттуулардын акысынан кутулган жокмун, жалгыз гана өз денем менен кутулбасам, менин колумда алардын керегине жарачу эч нерсе жок. Ушуну аткарсаңыз, мен чексиз ыраазымын, аткарууга «ооба» деген бир гана сөз айтыңыз да, менин башымды кесе бериңиз. Менде башка сөз жок, балким, каным, сизде болуп жүрбөсүн, айта бериңиз билсем, жооп берейин, билбесем дагы күнөөлүү болуп кете беремин».

Кан саятчынын өлүм алдындагы өтө зор кайратына жана камырабастыгына таңданды. Кексе кан өзү ичинен аяган менен айтканынан кайтпаска тырышты, бирок саятчыга суроо берди: «Буга жооп берсең да, бербесең да башың алынат, ойлонуп туруп жооп бергин. Сенин тилегиң орундалат. Кана, акмагым, дүйнөдө кайсы жаныбар узун өмүр сүрөт жана анын себеби эмнеде?» деди. Саятчы кенедей да токтогон жок: «Дүйнөдө узун жашаган кузгун, анын себеби кузгун учкул канаттуу эмеспи талбай учат экен жана мүрөктүн суусун кайдан чыгарын билет экен. Ошондон ичет экен да миңге чыгат экен. Узун өмүрдүн дабаасы ошол, каным, ыраазы болгонуңузду билгизсеңиз мен да көңүлүмдү жайлап алайын» деди саятчы. Кан ыраазы же ыраазы эмес экенин айтпастан: «Мүрөктүн суусу кайда болорун билесиңби?» деди.

Саятчы: «Билем, бирок, өзүм өлүм алдында туруп, душманымдын узун жашашын каалабаймын, сизге мен эртеңки күнкү өмүрдү да кыйгым келбейт. Сиз жазыксызды айыптап, эч суроосуз башын алдырып, алсызга күчүңүздү көргөзүп, өкүмүңүздү аткарып жатасыз. Ошондуктан, ал сыр менин каным менен жерге төгүлүп сиңип жок болушу мүмкүн».

Кан ойлоно түштү: «Чын эле саятчы акмак эмес, мен акмак болуп жатпаймынбы, өз башы кесилген жатса, мага мүрөктүн суусун таап бермек беле?

Андан көрө саятчыны мүрөктүн суусун таап бергенче өлүмдөн куткарып турсам, иш өңү эмеспи, акыры менин кылычымдын мизинен кутулбасы айдан ачык да». Буга кур ачуунун кереги жок экенин сезген кан кекселик менен куру жылмайып күлүп: «Саятчы досум, сени кайраттуу жана акылман адам дегендиктен, өз көзүм менен бир көрүп сынайын дегенмин, эми сыныма толдуң, өмүрүң азат. Жанагы мен койгон айып куру жалаа, элден жыйган дүнүйө кайра таратылат, кабагың ачып күлүп, катын балаңа баргын жана кандын сени көп убара кылганын көңүлүңө албагын» деп, кан бурулуп ордосуна кирип кетти, саятчыны сакчылар үйүнө кое беришти. Саятчы түнөрүп үйүнө келди, эл кубанышты бирок, карыя кубанган жок. Эми токтоосуз кандын акыркы каардуу касабынан кутулуунун амалын издеди. Карыя өзүнүн конушуна конуп ары-бери өткөн канаттууларга сырын айтып, кандан кутулуунун амалын сурады эле, бардык куштар: «Адамзат менен кезикмей тургай жанына баргандан коркобуз» дешти. Акыры амалды бир жылкы окуяны, алдын ала мурун билген Соно куш ойлоп тапты. «Саятчым, – деди Соно – эч нерсеге капа болбо, каныңдын алты айлык гана өмүрү калыптыр, мүрөк суусу келерки ушул күнү даяр болот дегин, ага чейин кан өлүп калат, сен күткөн жыргал заман келет, кан өзү өлө койбой ага кошуна кан кол салат, камылгасыз жатканда басып алат, ал кан сендейди урматтаган эл баккан адилет кан».

Бир күн кан саятчыны чакырып мүрөктүн суусун алдырып бер деди. Саятчы кыйылымыш болуп туруп:

«Ал алыс жерде бир жылсыз колго тийбейт» деди. Кан ага сүйүнүп макул болду. Көңүлү жайланды. Саятчыны коноктоп жолго салды.

Күткөн күн да келди, согушта арсыз кан жеңилди, эл согушка катышпай качып-житип жок болушту. Жеңген кан элди жыйып Чомотойду элге башчы кылып, кайра өз жерине кайткан экен. Чомотой куштун да, элдин да падышасы болуп көп жыл жыргап өмүр сүргөн экен.

## КӨСӨӨ

Илгери бир кандын жалгыз уулу болгон экен. Ал бир күнү жатып түш көрөт, түшүндө ай десе аркы жок, күн десе көркү жок бир кыз көрүп, ага ашык болот. Эртеси баланын эч нерсеге көңүлү чаппай, сырын эч кимге айтпай, бүк түшүп жатып калат. Бул кабар канга жетип, ал келип: «Балам, сага эмне болду? Көңүлүңө кандай кайгы толду?» деп, сыр сурайт. Анда баласы: «Ата бир ажайып түш көрдүм, ай десе аркы, күн десе көркү жок бир кыз көрдүм» дептир. Кан иштин жайына түшүнүп: «Түшүндө көрүп ашык болгон кызыңды издеп тапкын» деп баласына уруксат берет. Бала атасынын калкын бүт кыдырып түшүндө көргөн кызды таппайт. Нечен сулуу кыз көрөт, бирок, бир да бирөө көңүлүнө жакпайт. Акыры атасынан кырк төөлүк дилде алып, шайдоот жигиттерден кырк жигит ээрчитип, дүйнөнүн төрт бурчун кыдырып чыккан экен. Бирок, издеген кызы табылбай, арып ачат. Акыры кырк төөлүк дилде түгөнүп, аттарынан ажырап, мусапырчылык баштарына түшөт. Ошондо кырк жигит өз ара акылдашып: «Таксыр каным, кырк төөлүк дилдени да түгөттүк, аттардан да ажырап, мусапырчылык башка түштү, аман-сообузда элди көздөй кайталык» дешти. Анда бала: «Кырк жигитим силерге уруксат элге, кайткыла, атама кабар айткыла, кырк төөлүк пулдан жок, же аттан жок, же издеген кызымды таппай, элге кантип барамын, мен ошол түшүмдө көргөн кызды издеп, жер кезип тентип кетемин» деген экен.

Бала аларды жөнөтүп жиберет да, эки этегин кайра кыстарып, колуна темир таяк алып, бутуна темирден чарык тартып, жолго жалгыз өзү чыккан экен. Барбаган эли калбай, баспаган жери калбай, кыдырып отуруп, ыргайдай болуп арып-ачып, араң дегенде бир шаардын четине келип калат. Эртеси шаардын четиндеги бир чөп алачыкка кирсе, бир чал-кемпир отурат. Бала кирип барып: «Ассалом алейкум!» дейт. «Алекима ассалоом, о балам, кайдан, эрдиң кеберсиңки, этегиң түгөнүңкү, алыс жолдон келе жаткан түрүң бар» дейт. Бала: «Ата, баласы жокко бала, ботосу жокко бото болоюн деп жүрөмүн». Ага баласы жок бечаралар кубанышып, «жакшы болот» деп бала кылып алышат. Кемпир, чалдын бир эшегинен башка эч нерсеси жок, күнүгө эки тең отунду базарга сатып, ошону менен жан сактаган бечаралар экен. Бала күнүнө эки тең отунду базарга алып барып сатып, түшкөн тыйынга кант, чай алып кемпир, чалды багып жүрө берет.

Күндөрдүн биринде бала каадасынча эшекке эки тең отун артып базарга келсе, базар тарап калган кези экен. Отунун эптеп бир теңгеге өткөрүп кайра келатса, жанына кырк кыз ээрчитип, сурнай-керней тарттырып, шаан-шөкөт менен баягы түшүндө көргөн сулуу кыз алдынан чыгат. Бала кызды көрүп, эстен танат. Эсин жыйып жанына барайын десе, желдеттер кубалап жибербейт. Ошентип, ыйлай-ыйлай, үйүнө кайтат. Үйүнө келсе кемпир, чал: «Ээ балам, аман эсенсиңби?» дешип башынан суу айландырып, чачып басып жыгылышат. «Ээ ата, жарыктык, мынчалык эмне кабатыр болдуңуз, барып жүргөн эле базарым, эмеспи, келет элем да?» дейт. Анда чал: «Ээ балам, бу дүйнөдө бирөө шапар тээп, жан жыргатат бирөө биз сыяктуу бир тойгон тамагына курсант болуп күн өткөрөт. Бүгүнкү күнү кандын кызы кырк кызын ээрчитип, керней-сурнай тарттырып базарга чыкмак. Сага эскертпей унутуп калыптырмын, ал күнү эч

бир эркек базарга чыгууга тийиш эмес. Жума күнү базарга барган эркекти кан өлтүрүп койчу эле, ажалың жок экен» деп сүйүнүшүп, баласын караса, эки көзү шишиген, кемпирдин эптеп кайнаткан чайына да табыты тартпай бүк түшүп жатып калат.

Кемпир менен чалдын шаштысы эми чындап кетип: «Айланайын балам, бизди кыйнабачы, бирөөдөн запкы көрдүңбү, же бирөөдөн жаман сөз уктуңбу, эмне болду?» дешти. Бала башынан өткөргөндөрүн бүт айтып берди: «Мен кандын баласы элем, түшүмдө бир кыз көрүп, ага ашык болуп, издеп чыкканыма жети жыл толду. Ошол кызды ушул шаардан таптым. Же силерде каруу-күч жок, же өзүмдө айла жок, ошого капа болуп жатамын» деди. Кемпир-чал муну угуп, аябай кейишет. Акырында чал: «Балам, урушта туруш жок, эртерээк аракет жаса. Бир айланы тапса: «Көсөө» деген эл табат, ал элдин атасынан баласына дейре айлакер чыгып, амалдуу келет. «Айыгаар оорунун дабасы өзү табылат» дегендей, эбепке-себеп болуп калса ажеп эмес» деди.

Бала кемпир-чал менен коштошуп, жөнөй турган болгондо баягы чал: «Ээ балам, бала-бото болуп калдың эле, жөө жүрбөй мына бул эшекти минип кет» деди. Бала: «Ата, мен жалгыз эшегиңерди минип кеткенде күнүңөр эмне болот, оокатыңар өтпөй калбайбы?» деп болбой койду. Чал: «Балам, аз да болсо анча-мынча күнгө жол азык болоор» деп баягы бала отун сатып алып келген бир теңгени чөнтөгүнө салып берип, жөнөтүп жиберди. Ошентип, бала эки этегин кайра түрүнүп «көсөө» деген калкты издеп жүрүп отуруп, жолдо жер айдап жаткан бир дыйканга жолукту. Дыйкан өгүздү жетелесе, буурсунду кармоого киши жок, буурусунун кармаса, өгүздү жетелеген киши жок, аябай кыйналып, жер айдап жаткан экен. Баланы көрө коюп сүйүнүп: «Ай, жигит, кел ортоктошуп жер айдайлы, же буурсунду карма, же өгүздү жетеле» деп чакырып калды. Бала: «Зарыл

иш менен жүрөт элем, дүнүйөнүн кереги жок» деди. Анда дыйкан: «Ээ, балам, эрдиң керберсиңки, этегиң түгөтүңкү, жабыр тарткан адам экенсиң, издегениң эмне?» деди. «Аке, «көсөө» деген калкты издеп чыктым эле». «Бол эми батыраак, ишке кир, «көсөө» деген элдин өзү чыгарбыз. Болгондо да эки көзү чыгарбыз, жетеле дегенде жетеле, өгүздү» деп дыйкан ачуулана баштады.

Бала издегени оңой табылганына кубанып, дароо чечинип кош өгүздү келип жетеледи. Экөө бат эле жерди айдап бүтүрүшүп жайланышып отурганда, дыйкан-көсөө баладан сыр сурады:

«Кана, балам, эмне сырың бар? башыңан өткөн-кеткенди сүйлөчү?» деди.

Бала түшүндө бир кызды көрүп, ага ашык болуп издеп чыккандыгын, бир шаардан ошол кызды көргөндүгүн төкпөй-чачпай дыйканга айтып берди да: «Эми аке, бир үмүтүм сизде калды. Эптеп кызды алып бериңиз» деди.

Көсөө муну угуп: «Канча пулуң бар?» деп сурады. Бала: «Бир теңгемден башка эч нерсе жок» деп жооп берди. Дыйкан: «Ошол жетет» деп, баланы ээрчитип алып, бир топ койчуларга келди да, кызык окуялардан кеп салып, сөзгө уютуп отуруп «эми мырзалар, бир теңге берейин, бир жандык саткыла» деди.

Койчулар бирин-бири карашып туруп, бир серке жетелеп келишти эле, дыйкан серкени бир колуна, теңгени бир колуна кармап туруп, дагы кызык аңгеме салып, койчуларды кыраан-каткы күлдүрүп отуруп, кеч киргизди. Койчулар кетмек болуп камынып калышты эле, Көсөө: «Ээ, мырзалар менин бир серке, бир теңге пулум бар, экөөн тең берейин, бир токту саткыла» деди. Койчулар бир теңгени, серкени алып, бир токту беришти. Эртеси күнгө жума экен. Көсөө токтуну балага жетелетип алып базарга чыкты. Аңгыча керней-сурнай тартылып, кандын кызы кырк кызы менен базарга келип кирди эле,

Көсөө балага: «Мен эмне кылсам ошону жасап мени туурай бергин» деди да, койду жерге көтөрүп уруп, арт жагынан мууздап кирди. Кыздар муну көрүп таң калышты. Аңгыча бир кыз: «Ой, адамдар, аягынан мууздабай, башынан мууздагыла» деп, көрсөтүп бере койду. Бала койду мууздады эле, Көсөө жонунан жирей баштады. Анда экинчи кыз: «Ой, жонунан жиребей, бут жагынан жирегиле» деди. Ал аңгыча болбоду, «эмне эл үймөлөктөшөт» деп кандын сулуу кызы да келип калды. «Кайдан келген, эмне болгон жансыңар?» деп суроо салды. Анда Көсөө: «Ээ: биз бир жүргөн мусапырбыз, береги койду бирөөдөн кудайы сурап алып, союп жейли деп жаттык эле» деди. Кандын кызы бир нөөкөр кызына: «Булар бир бечаралар экен, казан, тулга алып келип бере сал, бышырып жешсин» деп буюрду.

Ал кыз келгенче Көсөө кыздарга кызык кептерден салып, күлдүрүп отурду. Аңгыча болбой казан, тулга алып, кыз келди. Көсөө тура калып тулганы коё койду эле, бала казанды көмкөрөсүнөн аса салды. Көсөө карап турсунбу, көмкөрөсүнөн аскан казанга суу куюп киргенде, карап турган кыздар: «Андай аспай, мындай аскыла» деп, казанды асып, суу куюп, эт салып беришти. Аңгыча бала тезекти алып келип, капкактын үстүнө калай баштады. Муну көргөндө кандын кызынын боору ачып үч кызга: «Бул бечаралардын этин бышырып берип, тойгузуп койгула сообу тиер» деди. Бул учурда Көсөө кыздарды кызык аңгемеге кызыктырып, кыраан-каткы күлдүрүп, алаксытып кечке калтыруунун амалында болду. Анткени кандын уруксаты боюнча кыздар бешимге чейин гана базарламак; эгер бешимден калса, кан алардын башын алмак.

Кыйлада барып койдун эти бышты. Кыздар этти чарага чыгарып, эки байкуштун алдына коюшту эле, экөө этти үзүп алышып, биринин оозуна экинчисин салып кирди. Кандын кызы: «Ар кимиңер өз-өзүңүр

жегиле» деди. Алар: «Биз өз оозубузду көрө албайбыз, ошондуктан бири-бирибиздин оозубузга салып жатабыз » деп коюшту.

Ошентип, эрмектеп отуруп, этти жеп бүткөнчө убакыт өтүп, кыздардын тынчы кетип, дүрбөлөңгө түшүп калышты. Көсөө болсо бешим окуп, кыйкырып кирди. Кандын кызынын жаны чыгып: «Айланайын, соопчулукка акырын окуй көр, кан угуп калса биз да өлдүк, силер да өлдүңөр» деди. Анда Көсөө: «Мен өлөт элем деп, намазымды таштамак белем» деп, ого бетер үнүн бек чыгарып окуй берди. Акыры кыздардын айласы кетип: «Эмне кааласаң ошону ал, деги акырын окуй көр» деп суранышты эле, Көсөө: «Бизди ортоңорго жашырып, өзүңөр менен бирге сарайга ала киргиле» деди. Кыздар макул болушуп, аларды ортого алып көрсөтпөй, кандын сарайына алып кирип кетишти. Аңгыча дигер окуй турган убакыт болду. Көсөө адатынча заңгырап кыйкырып киргенде кандын кызы бир вазир кызын ээрчите чыгып: «Ой, жана эле айтпадым беле, акырын окусаң боло, кан укса мени да сени да өлтүрөт» деди эле, Көсөө: «Оо, каныша жана мен бешим намазымды саткам, азыр мен дигер намазымды окуп жатамын» деп жооп берди.

«Кудай жалгагыр, деги каалаганыңды ал, анчалык озондобочу» деди. «Эми бир баштык алтын берсең экен». Каныша: «Бир баштык алтын алып келип бергиле» деп кыздарына буюрганда, кыздар дароо бир баштык алтын алып келип беришти. Аңгыча намаз шам болду. Көсөө намаз окуган болуп дагы да, кыйкырып киргенде кандын кызынын вазири чыгып: «Дагы эмне кемтигиң бар, акырын окуй албайсыңбы?» деди эле, Көсөө: «Биз бул жерден коркуп жатабыз, өзүңөрдүн үстүңөргө алсаңар экен» деди. Кыздар: «Кан угуп калат экен» деп жандарынан коркушуп, үстүлөрүнө киргизип коюшту эле, Көсөөнүн тынч алар көзү жок, дагы бир куптан окуп

заңгырады. «Кайдагы эмелерге кезиктик эле» деп кандын кызынын чындап айласы кетип: «Ээ, бөөдө мерт боло турган болдук, максатыңар эмне?» деди. Муну укканда Көсөө ордунан ыргып туруп, баланын башынан өткөн окуясын баяндап келип: «Ушунча жер кезип, сен үчүн тентиреп жүргөн баланын көңүлүн жубатып, жок дегенде өзүң жаткан үйгө киийирип койсоң» деп суранды.

Кыз макул болуп, баланы өзү жаткан үйгө киийирип алып, жөн-жайын сурап билип, ашык болуп калат. Таң атып келаткан мезгилде Көсөө баланы чакырып чыгып, коргондун түбүнө ээрчитип келет да, адегенде аны дубалдан секиртип түшүртүп андан кийин алтынды алып берет. Акыры өзү түшмөк болуп жатканда кандын кароолчусу ойгонуп калып, Көсөөнү зым камчы менен бутка үч чабат. Ошондо Көсөө дубалдын кырында туруп: «Ээ, ит, алсак кандын алтынын алдык, жатсак кандын кызынын жанына жаттык, кызталак сенин эмнең кетти, акыры сага үч кылбасам» деп дубалдын сыртына кулап түшүп кеткен экен.

Экөө бир баштык алтынды көтөрүп алып Көсөөнүн үйүнө келишет. Эртеси Көсөө базарга чыгып, аялдын жасалгалуу кийим кечегин, атыр-упа, эндик, жыпар сатып келет да, кечинде аялча кийинип, атырдан куюнуп, эндикти сүйкөнүп сулууланып алып, кандын сарайынын астынан өтүп баратканда баягы кароолчу: «Ой, беймаал убакта өткөн ким, бери кайрыл» деп кыйкырып калды эле, Көсөө үнүн аялдардыкындай жасап ичке чыгарып, «ии ботом, мен эле» деди. «Беймаалда кайда баратасың?». «Бир байбачанын зайыбы элем, күйөөм үстүмө токол алам дегенинен ызама чыдабай төркүнүмө кетип баратамын». Күзөтчү жыпардын аңкыган жытына мас болуп, кыйшалактап: «Азыр бирөөлөр беймаза кылаар, бул жерде конуп ал, эртең таң эрте жолго салайын» дейт. Көсөө макул болуп күзөтчү менен

сарайга кирсе, кире берherиште төрт казык кагылып туруптур. Аны көрө сала ойсоктоп: «Ии ботом, бул эмне деген казык?» деп сурады. Күзөтчү: «Күнөөкөр болгон адамды керип сабай турган жай» деди. Көсөө түшүнбөгөн киши болуп: «Ии, ботом, кантип кересиңер?» дегенде кароолчу: «Мунун эмнесине түшүнбөйсүң?» деп, баягы жерге жата калып, колу-бутун төрт казыкка керип түшүндүрө баштады эле, Көсөө: «Ии ботом, мындай-мындай турбайбы» деп, кароолчунун колу-бутун керип, төрт казыкка байлап: «Ээ ит, алсам кандын алтынын алдым, жатсам кандын кызынын жанына жаттым, сен мени дүрө камчы менен үч чапкандай эмне жаздым» деп, күзөтчүнү дүрө камчы менен сабай баштайт. Аябай эсин оодарып, бир кулагын чырт кесип алып, бир өчүмдү алдым, «экөө сенин мойнуңда» деп кете берет.

Үйүнө барып кулакты кебезге оротуп каттырып коёт да, эртеси ат сатып алмак болуп, баланы ээрчитип алып базарга чыгат. Базарда не бир тулпар, не бир жорго, не бир аргымактарга Көсөө көңүл бурбайт. Акыры кечке убара болуп жүрүшүп бир кыска, бир узун эки ак кийим, куйругу сопол соңк-соңк желген бир коңкойгон чаар атты, бал китеп, түрлүү дары-дармектерди сатып алып үйлөрүнө кайтышты. Кечинде Көсөө узун кыскалуу ак кийим кийип, селде оронуп, бир куржундун бир жак көзүнө китептерин, бир жагына дарыларын салып намаз шамдан өткөн убакта чаар ат менен соңк-соңк желип, кандын эшигинин алдынан өттү эле кан: «Бу беймаалда өтүп бара жаткан ким тарт бери!» деди. Көсөө аттан түшүп, эки колун бооруна алып: «Таксыр каным береги жактагы бир ооруу кишиге дары-дармегимди, бал китебимди алып бараттым эле, кеч чыгып калыпмын» деди. Кан: «Андай эле олуя болсоң, менин кандыгымда эмне окуя болуп жатат айтып берчи?» деди. Көсөө: «Куп болот, таксыр» деп бал китепти ачып, окуган болуп болгон окуяны баяндады да: «Сиздин элде бир оору бар экен,

ал киши кулагынан оор жарадар экен, азыр кыйын абалда жатса керек» деди. Кан анын көз менен көргөндөй таамай айтканына таң калып: «Олуям, ошол бечараны айыктырып бербейсиңби, жарасы кудум сиз айткандай» деди. Кандын сөзүнө макул болуп: «Таң атканча окуп чыгып, таң атканда жаратына дары сыйпайм, айыгып кетер, бирок, менин айтканым орундалбаса, эмим конбой калышы да мүмкүн» деди.

Анда кан: «Эмне болсо да орундатайын, айтыңыз» деди. «Эмесе үч боз үйдү катар тиктирип, жыйырма жигитке үч үйдү курчап кыйкырып турууга буйрук бериңиз. «Алар мен болду дегенде гана үндөрүн бассын» деди. Кан макул болуп, Көсөөнүн айтканындай жыйырма жигит камдап, үйдү тегеректетип койду. Көсөө болсо атын үйдүн жанына байлап, кандын жигиттерин: «Таң саарында бир боо чөп алып келип салып койгула» деди да, оорулуунун үстүнө кирип кетти. Элдин алды жатканда жыйырма жигит кыйкырып кирди. Ошентип, күрүү-күү, чуру-чуу түшүп жатканда Көсөө: «Ээ ит, алсам кандын казынасын алдым, жатсам кандын кызынын жанына жаттым, сен үч чапкандай мен эмне кылдым?» деп, таң атканча күзөтчүнү тепкилеп, экинчи кулагын да кесип алып кете берет.

Таң саарында кандын жигиттери бир боо чөп алып келип атка салып, оору жаткан үйгө кирсе, эч ким жок. Күзөтчү айыкмак тургай тулуптай шишип, экинчи кулагынан да ажыраган, канга боёлуп, араң эле жаны калыптыр.

Жигит кыйкырыкты араңдан зорго басып канга чуркап келип: «Каным, күзөтчүнү айыктырмак тургай, айласын кетириптир, араң эле жаны жатат, олуяңыздан дайын жок» деди. Көсөө болсо үйүнө келип, экинчи кулакты да балага каттырып койду.

Кан каарына катуу алып: «Миң башы жүз башына айтсын, жүз башы элүү башына, элүү башы элге айтсын, бир кишини калтырбай жыйып берсин, мен аны тааныймын» деп буйрук берип, элди чогултту.

Муну угуп баланы ээрчитип Көсөө келди да: «Капырай кандын керемети болот дечү эле, таанып койбосун, сен барып байкап келчи» деп баланы жумшап жиберип, өзү элдин четирээк жагында карап турду.

Аңгыча башка шаардан келаткан бир байбача жигит желмаян минип, Көсөөнүн алдынан чыгып: «Бул эмне деген чаң-тополоң?» деп сурады эле, Көсөө: «Оо жигит, желмаянды такымга бир салып, кандын алдынан: «Бакырыңа эки кылган мен элем» деп өтсөң, кан тактысын да, кызын да сага берет, өзүңдү «кан күйөө, бек күйөө» деп, кадырлап, тактыга отургузушат. Кудайдан корксоң, бирөөнү мага берерсиң» деди. Ала көөдөн байбача желмаянды такымга бир салып: «Бакырыңа эки ирет кылган мен элем» деп, желмаяндын оозун коё берип, кандын алдынан өттү. Кан: «Кармагыла» деп буйрук берди. Кандын жигиттери анын артынан жөнөп калды. Желмаян жеткирүүчүдөй эмес, жел менен кошо закымдап, учуп отурду. Ал эми ала көөдөн байбача: «Качан мага жетишип, «кан күйөө, бек күйөө» деп кулак, мурдумдан чоюшат, деп, желмаяндын оозун тартып кылчактап жүрүп отурду. Кандын жигиттери байбачаны кууп кеткенде, Көсөө баягы күзөтчү жаткан үйгө кирип: «Ээ ит, алсам кандын казынасын алдым, жатсам кандын кызынын жанына жаттым, үч чапкандай мен сага эмне жаздым?» деп аябай сабап, эсин оодарып, мурдун кесип кете берет.

Кандын жигиттери байбачаны кууп, жетип кармап, кандын алдына алып келишти. Кан: «Кана, жигит, эки ирет кылганыңдын жөнүн айтчы?» деди эле байбача жигит коркуп калтаарып, «минтип айт» деп ушул жерден бир жигит айтты эле, мен өзүм башка шаардан келе жаткан бир жолоочумун» деп, чынын айтып берип кутулду. Аңгыча болбой эшиктен бир жигит кирип келип: «Таксыр кан, баягы бечаранын мурдун да кесип кетиптир» деди. Ошондо кан элине жар чакыртты: «Кимде-ким ушул кылган ишин жашырбай айтып

берсе, мен ошого кандык тактымды, таажымды, казынамды жана кызымды да беремин» деди. Бала муну угуп энтеңдеп Көсөөгө жүгүрүп барды да: «Жүрүңүз эртерээк, канга барып чыныбызды айтып, кызын да тактысын да, таажысын да алалы» деди.

Аңгыча Көсөө: «Кан өз оозу менен айттыбы, сен өз кулагың менен уктуңбу?» деп сурады эле, бала: «Кан өз оозу менен айтты, мен өз кулагым менен уктум» деди.

Көсөө арыдан бери эки кулак, бир мурунду жанына салып, жакшы кийим кийгизип, баланы ээрчитип канды көздөй жөнөп калды. Келишсе эл чуру-чуу, күрү-күү: «Мен кылдым» деген чуудан кулак тунат. Ар ким ошентип жатканда Көсөө баланы кандын алдына жетелеп келип: «Таксыр каным, кечсең күнөөм мына, кессең башым мына» деп, бардык окуяны баяндап берди.

Кан Көсөөнүн сөзүн угуп отуруп: «Ушул айткандарыңды кантип далилдейсиң?» деп сурады. Көсөө күзөтчүнү алдырып, кулагын кулагына, мурдун мурдуна коё койду эле, кадимкидей кыналышып ордуна келди. Кан Көсөөгө жыгылып, тактысын, таажысын балага берип, кызын да ага берген экен. Ошентип бала тилегине жетип, кан болуп, түшүндө көргөн кызын алат. Баягы бечара кемпир-чалды алдырып өргөө көтөрүп берет да, Көсөөнү үйлөндүрүп өзүнө башкы вазир кылып алат.

Ошол кезде баланын өз атасы күйүткө алдырып, кандыктан ажырап, жакырланып бүткөн экен. Бала өз атасын дагы көчүрүп алып, эки элдин башын курап бардыгы жыргап жатып калышкан экен.

## АМАЛДУУ КЕДЕЙ

Илгери бир кан: «Кимде ким мага жыл маалында Кыдырды көрсөтсө, бир табак дилде берем, көрсөтпөсө башын аламын» деп жар салат. Бир кедейдин

аялы: «Барып кандын дилдесин алып келгин» деп күйөөсүн уруша берет. Кедей: «Жыл маалында өлүп калайынбы, барбаймын. Анда аялы: «Үстүбүздө тиккен үйүбүз болбосо, кийерге кийим, ичерге тамак жок болсо, баары бир жыл маалында өлөбүз, андан көрө ичип-жеп бир жыл болсо да жашап туралы, барып алып келгин» дейт. Аялынын тилине уугуп, айласы кеткен кедей канга барып; «Менин азыркы абалым да өлгөн менен тең, дилдеңизди бериңиз, жыл маалына чейин кудайдан тилеп көрөйүн» дейт. Кандын дилдесин алып келип, ичип-жеп жата беришет.

Бир күнү эсептешсе, жыл маалына жети күн калыптыр. Ошондо кедейдин аялы: «Жети күндөн кийин вазир келет, мен сени Кыдырды издеп кеткен деймин» деп, күйөөсүн качырып тоого чыгарып жиберет. Тоо-ташты аралап жүрүп, кедейдин чокоюу бат эле түшүп калат. Үйүнө келсе, аялы кайра кубалайт. Бир күнү «Эмне болсо да үйгө барып өлөйүн» деп келе жатса, алдынан бир киши чыгат. Андан качайын десе, артынан бир киши чыгат. Андан качайын деп, алдынан келаткан кишиге капталып калат. Салам берип токтоп туруп ага чын сырын айтат: «Жокчулуктун айынан убактысынча болсо да ичип-жеп туралы деп, жыл маалында Кыдырды көрсөтмөк болуп кандан миң дилде алдым эле. Дилде болсо түгөндү, бирок, Кыдырдын көрүнөр түрү жок. Тоо-ташта баш калкалап жүргөнүмдүн себеби ушул». Тиги чоочун киши: «Оо жолуң болгур, кандан качып кутула албайсың, кан сени өлтүрүп эмне кылсын, андан көрө: «Каным, жокчулуктун айынан бир табак дилде алганым чын эле, Кыдырды таппадым» деп эле алдына баргын» дейт. Анда Кедей «Канга да барар элем, бирок аялыма баруудан корком. Жок дегенде үйүмө киргизип эле койсоңуз» дейт. Чоочун киши кедейдин сөзүн кыйбай аялына ээрчитип келет. Кедей жан-маны калбай, колунан келишинче сыйлап конок кылат.

Эртеси тиги киши: «Эми чочубай эле канга бара бер, мен кетейин» деди эле, кедей: «Жок дегенде кандын дарбазасына чейин узатып койсоңуз, жүрөгүм даабай жатат» деп, туткактап кетирбей койду. Кандын дарбазасынын жанына келгенде, «киргизип койсоңуз, коркуп жатамын» дейт. Кедей кишини кароолчуларга ээрчитип: «Канга айткыла, мен убада боюнча Кыдырды көрсөткөнү алып келдим, тосуп алсын» деди. Аны угуп, кандын сарайы бүлгүнгө түшүп калат. Муну укканда тиги кишинин эси чыгып, кетенчиктеп кетмек болду эле, кедей: «Баары бир, эми сен да өлөсүң, мен да өлөм, ажалдан кутулуунун бир гана жолу бар, кан кирип келип: «Ассалом алейкум, Кыдыр ата» деп салам берет. Алик алба. Саламын дагы кайталайт, унчукпай тура бер, акыры Кыдыр ата эмне унчукпайт» деп менден сурайт. Андан аркы жоопту мен берем. Сен белги бергенде гана эшикке чыгып жок бол» деди.

Аңгыча кан кирип келип, эки колун бооруна алып, «Ассалом алейкум, Кыдыр ата» дейт. Тиги алик албайт. Кан тизесин бүгүп саламын дагы кайталады. Чоочун киши унчукпай тура берет. Кандын тынчы кетип: «Касиеттүү Кыдыр ата, эмне унчукпайт» деп кедейден сурады эле, ал «Кыдыр ата адамдардын көзү ачык турганда сүйлөбөй да, касиетин көрсөтпөй да коёт деп уккамын» дей салды. Кан токтолбостон бүтүндөй сарайындагыларына көзүн жуумп турууга буйрук берди. Ошол мезгилде кедей жигит «чыгып кет» деп кол шилтеди эле, тиги киши жылып жоголду. Кан күтө-күтө чарчап көзүн ачса, Кыдыр түгүл караанын да жок. Кедей болсо: «Бир көрөөрүн көрдүң эми каным, ыраазысың го» деп, басып кеткен экен.

## АКЫЛДУУ ДЫЙКАН

Бир кан эсирип отуруп, өзүнүн жигиттерине: «Мага акмак кишини таап келгиле» деп, буйрук

берген экен. Эки жигит жолго чыгып кеңешти: «Эми кимди алып барабыз?» Алып барбасак жазага тартат». Экинчиси: «Сен акмаксыңбы, кимди алып барабыз деген да сөз болобу, жолуккан эле кишини эркине койбой алып келебиз, кан чакырып жатат десек, айласы жогунан барат» деди.

Ошентип, экөө келе жатып, бир карагай тарткан кишиге жолугушту. Эки жигит: «Карагайыңды таштагын, азыр канга жүргүн, сени чакырып жатат» дешти. Ал киши: «Токтогула, карагайымды үйүмө жеткирип коёюн, анан барайын. Эмне деп чакырды?» деди. Эки жигит: «Эмне деп чакырды» дейт тура, сенин жумушуң эмне? Жүр дегенде жүрбөйсүңбү? Кан акмакты таап кел деген, жүргүн!» деп шаштыра баштады.

«Жок, жигиттер, карагайды атайын тоодон мээнет кылып алып келе жатып, жолго таштап бара албаймын. Мен акмак эмесмин, оокат кылып жүргөн кишимин» деп бастырып кетип калды.

Эки жигити жүрүп отуруп, өрмөк соккон бир аялга жолугушту. «Жеңе, сени кан чакырып жатат, тезинен жүргүн» дешти.

«Ботом, аял кишини эмнеге чакырыптыр?» деди. Эки жигит «Аял кишини кеп-сөзгө чакырмак беле? Акмак адамды чакырып кел деген. Эркектер менен айтышпай тезирээк жүрбөйсүзбү?» дешти. Аял: «Оо, кокуй күн, ушул ала жазда бекер жүргөн киши акмак болбосо, ким акмак болсун. Мен деле оокатым үчүн өзүмө керектүү болгон жумушумду бүтүрүп алайын деп, жанталашып жатамын. Акмакты тапчу жеринден таап алгыла! Мен барбаймын!» деди. Эки жигит бул жооптуу угуп: «Эми жөнүбүздү айтып отурсак эч ким болбойт экен. Андан көрө кезиккен эле кишини зордоп алып кетиш керек» дешти.

Жолдо келе жатып, жер айдап жаткан бир дыйканга жолугуп: «Ой, дыйкан, жүргүн канга» дешти. Дыйкан: «Эмгек кайнап жатканда эмне үчүн барам?»

деди. Көп сүйлөбөй жүргүн! «Кан акмакты таап кел деп айткан, сен акмак экенсиң» дешти. Жигиттерге дыйкандын ачуусу келип: «Силер үчүн акмакты даярдап койгон жок. Көзүмө көрүнбөй жоголгула!» деди. Эки жигит: «Эмесе, акмакты таап бериңиз» деп, дыйканды кармап коё бербей коюшту. Дыйкан: «Мени коё бергиле, күн ысып баратат, жер кургай электе айдоомду бүтүрүп алайын» деди.

Жигиттер: «Жок, же өзүң канга жүргүн, же бизге акмак ким экенин айтып бергин. Барыңар эле акмак эмеспиз дейсиңер, кимиңер акмак экениңерди биз кайдан билебиз?» деп жакалашты. Дыйкан: «Макул эмесе, мен акмакты айтып берейин коё бергиле», деди. Жигиттер: «Батыраак айт» деп шаштырышты. Дыйкан ойлонуп туруп: «Акмакты таап кел» деген кандын өзү акмак, же акмакты издеп жүргөн экөөң акмак. Мындан артык акмакты дүйнө жүзүнөн таппайсыңар!» деди. Жигиттердин ачуусу келип: «Сен канга сөзүңдү тийгиздиң, барып айтабыз!» дешти. Анда дыйкан: «Бир айтмактан миң айткын, деги ушуну канга угузуп айтсаңар экен!» деди.

Эки жигит канга келип айтышат. Кан: «Ошол дыйкандын колу-бутун байлап алып келгиле!» деп буйрук берди.

Дыйкан жигиттердин айдоосу менен кандын астына келип олтурду. Кан дыйканды кекетип: «Менин акмак экенимди сен билген экенсиң, билгич болсоң ушул тулпарымды сынап билип берчи» деп, үч күн убакыт белгиледи. Дыйкан тулпарын багып жем, берип, сугарып жүрүп, үч күнү бүткөндө кандын астына келди да: «Каным, тулпарыңыз тулпар экен. Бирок, эшектен бүтүп, уйдан жалгашкан экен» деди. Бул сөзгө кандын ачуусу келип, дыйканды өлтүрткөкчү болуп жатканда, жылкычысы келип: «Бу кишинин сынаганы туура, Кулундагандан кийин бээ өлүп калып, бир музоосу өлгөн уйга телигемин». Кан дыйкандан: «Сен кантип билдиң?» деп сурады.

Дыйкан: «Каным, тулпарыңызды үч күн бактым, сугарганда суудан чыгып келе Жатып, арткы бутун кагат экен. Ушул себептен уйдан жалгашкандыгын билдим. Эшектен бүтүптүр деген себебим болсо: Түн-күсүн чөп салганда, тулпарыңыз ар дайым эшекче бакырат экен. Ушунун үчүн эшектен бүтүптүр дедим». Кан ыраазы болуп: «Баракелде, тапканыңа» деп сыйга бир нан берди. Кандын аялы жоолугунун учуна беш сомдук алтын түйүп берип, дыйканды узатты.

Эртеси кан дыйканды чакыртып алып: «Сен тапкыч болсоң азыр менин оюмда эмне турат, ошону тапчы» деди. Кан эмне деп ойлоду экен деп ойлонуп туруп: «Аа, ушу сөздү айтып жатканда, башын тырмап туруп жатпайт беле, чачымды алып берсе деп турган экен го» деп, дыйкан унчукпай барып, кандын чачын устарасы менен алып чыкты. «Тапканына баракелде!» деп, кан дагы бир нан берип узатты.

Бир күнү дыйканды кан чакырып алып: «Сен кыйын тапкыч болсоң, менин аялым кандын баласыбы, же мен кандын баласымынбы? Ошону билип берчи» деди. Дыйкан ары-бери ойлоп убара болбой туруп эле: «Сиздин аялыңыз кандын кызы экен, өзүңүз наабайчынын баласы экенсиз» деди.

Бул сөзгө кан ачууланып, дыйкандын башын алмакчы болуп, энесинен сурады: «Чыныңды айткын, эне, мен кимдин баласымын?». Энеси: «Уулум, мен жаш кезимде жалаң гана кыз төрөгөнүм үчүн күйөөм кордой баштады. Ошондо шаарыбыздагы бир кембагал өзбектин аялы менен достошкон элем. Экөөбүздүн тең боюбузда бар болучу. «Эгер мен кыз төрөп, сен эркек төрөсөң, экөөбүз алмашып алалык, экөөбүздүкү тең кыз же эркек болсо акыреттик дос кылалык» деп көп дүнүйө берип, убадалашкан элем. Кийин толгоо келер убакта күйөөмдү шаарга жиберип, өзүмдүн үстүмө эч кимди кийирбей, элге билдирбей жатып төрөгөн кызымды ошол аялга бер-

дим. Эки жумадан кийин аял эркек төрөп, баласын элге көрсөтпөй түн ичинде мага алып келип берген.

Эки-үч күн өткөндөн кийин шаардан күйөөм келди. Мен сырымды адамга билгизгеним жок. Кийин чоңойгондо кызым бөлөк болуп кетпесин деп, уулум сага алып берген элем» деди. Кан энесинин сөзүн угуп: «Сен кантип билдиң?» деп дыйкандан сурады. Анда дыйкан: «Мен табышмагыңызды таап, эки жолу келгенимде тең бир нандан бердиңиз. Ошон үчүн сизди наабайчынын баласы экен дедим. Аялыңыз бир жолу келгенде эле алтын түйүп жоолук берди. Мына ушундан кандын кызы экендигин билдим» деди. Кан мунун билбегеңи жок экен деп, дыйканга айтты: «Кудай кайсы жерде турат, билип берчи!» деди. Дыйкан: «Каным, мен ушул кебетем менен канга акыл айткандай болуп, кудайдын кайсы жерден турганын айтсам; кусур уруп кетер. Ошондуктан, сиз менин кийимимди кийип, кечирим сурап, тизелеп туруңуз, мен сиздин кийимиңизди кийип, тагыңызга олтуруп, кан болуп туруп айтайын, болбосо ушул сыягым менен кантип айтам?» деди. Кан макул болуп, кийимин чечип берди, өзү айыптуу киши болуп тизелеп турду.

Дыйкан кандын кийимин кийип, тагына олтуруп, жигиттерди чакырды да: «Ушу убакка чейин акмакты таппай жүрөсүңөр, мындан артык акмак болучу беле? Алып барып акмактын башын алгыла!» деди. Көпкөн жигиттер башка сөздү уксунбу, канды жетелеп барып, башын кесип кумардан чыгышты. Дыйкан кан болуп такка олтуруп кала берди.

## АЙЛАКЕР БАЛА

Илгери заманда Багдад шаарында багар-көрөрү жок, бир тоголок жетим жашаган экен. Ал эл кыдырып тилемчилик жасап, өлбөстүн суусун ичип, өчпөстүн отун жагып, эптеп күн өткөрчү экен. Күндөрдүн

биринде жетим бала адатынча эл кыдырып жүрсө, бир адам жолугуп: «Балам, кайдан жүрөсүң, атың ким?» дейт. Анда бала: «Атым – Айлакер, кайдан келгенимди, эли журтумду билбеймин, ата-энем үч жашымда көз жумган дешет» дейт.

– Ээ, балам, эмне айла-амалың бар? Атыңды Айлакер койгон ким?

– Менде эч деле айла-амал жок, ата-энемдин койгон аты ушул экен.

– Эмесе, балам, бары бир ата-энең, багар-көрөрүң жок экен, мага бала болгун, – дейт.

Бала: «Жакшы болот, ата, сокурдун тилегени эки көз дегендей, менин тилегеним да ошол эмеспи» деп, ал адамга бала болуп жүрүп калды.

Ал бир күнү эшикте ойноп олтурса атасы чакырып: «Ээ, Айлакер, сен мына бул бактын башында эмне бар экенин билесиңби?» дейт. Бала: «Билем, ата, анда ак сары деген куштун уясы бар» деди. «Эмесе, куш азыр уясында жатат, сен кушка билгизбей жумурткасын уурдап келгин» дейт. Айлакер бакка чыгып барып, кушка билгизбей бир жумурткасын уурдап келет.

Чал: «Эми кайра алып барып, жумуртканы уясына салып кел» дейт. Айлакер бакка чыгып барып, кушка билгизбей жумуртканы уяга салып кайра келди эле, атасы: «Колуң эптүү өзүң тири карак экенсиң, ишке жарай турган кебетең бар көрүнөт» дейт. Кечке маал болгондо атасы: «Мына бу жердеги абышка-кемпирдин үйүн билесиңби?» дейт. Анда Айлакер: «Билбегендечи, билем» дейт. «Ошол кемпир-чалдын бир карын сары майы бар. Аны же өздөрү жебейт, же кишиге бербейт. Түн ичинде уурудан коркуп, экөө ортосуна алып жатат, баргын да, ошону уурдап келгин» дейт.

Айлакер макул болуп, абышканын үйүнө жетип барат. Барса чынында да абышка-кемпир төшөгүн кенен салып, майды ортосуна алып уктап жатышкан

экен. Айлакер жыла басып, төшөктүн жанында барат да, абышканын үнүнө окшотуп кырылдап, «кемпир ары жат» кемпирди акырын түртүп коёт. Кемпир арылап кетет. Андан кийин «абышка ары жат» деп кемпирдин үнүнө окшотуп, үнүн жасап абышканы бир түртөт. Абышка арылап кетет. Ушуну эле күтүп турган Айлакер карап турчубу, майды уурдап алып, чыгып кетет.

Аңгыча абышка ойгонуп калып, эки жагын сыйпаласа, карындагы май жок. Абышка өзү да жаш кезинде кыйын амалдуу экен, бул иштин Айлакер колдуу болгонун түшүнүп, төшөгүнөн дароо тура жүгүрүп, Айлакердин атасынын үйүнө жетет. Барса бала үйүнө жете элек экен. Абышка үйгө кирип, бир чаканы уурдап алып чыгып, эшиктин алдынан тосуп тура калат. Аңгыча Айлакер майды көтөрүп алып келип калды эле, абышка: «Келе, балам, майды мага берип, буга суу алып жетип кел» деп, шаштыра колундагы чаканы кармата койду. Бала: «Өзүмдүн атам экен» деп, майды берип, чаканы алып сууга жөнөйт. Жүгүргөн бойдон суу алып келип: «Мына, ата, суу» дейт. Анда атасы: «Ээ балам, сени суу алып кел дедик беле, май алып кел дебедик беле» дейт.

Айлакер алдатканын билет да кайта жүгүрүп, абышканын үйүнө жетет. Барса, абышка үйүнө жете элек экен. Үйгө кирип кемпирдин жоолугун алып, башына салынып, абышканы тосуп турат да: «Түлөөң курган чал, кайда кеттиң, эчкилериңди карышкыр кууп кетти» дейт. «Кайда кетти, ме майды» деп, абышка майды бере салып, эчкилерин издеп кетет. Айлакер болсо майды алып үйүнө келет. Абышка талаадан эчкилерин таппай кайта келсе эчкилери короодо жатат.

Аны көрүп кемпирине ачууланып: «Эчкини карышкыр кууп кетти дебедиң беле» дейт. Анда кемпири: «Сен эчкиге кеттиң беле, майга кетпедиң беле? дейт. Абышка Айлакерге алданганын билип, өзүн санга бир чаап кала берет.

## ДЫЙКАН МЕНЕН КАН

Илгери бир байдын малын багып, эгинин айдап, чөбүн чаап, оокат кылган дыйкан болгон экен. Ал жаздын күнү эки өгүзгө буурусун кошуп, жер айдап жүрсө, бир убакта буурусунду эки өгүзү тарта албай туруп калды. «Буга эмне болду?» деп эңкейип караса, ага ат башындай алтын такалып калыптыр. Дыйкан: «Киши көрбөсө катып алайын» деп, эки жагын караса, чоң жол менен бир атчан киши чаап бара жатат. Анда дыйкан: «Тиги киши менин алтынды катып алганымды көрүп, канга айтканы бараткан экен, андан көрө ачыгын айтып канга өзүм алып барып берейин» деп чакырып калат. «Оо, бери келе бериңиз», чоочун адам бастырып келип: «Эмне дейсиң?» дейт. Дыйкан: «Балким алтынды көрбөгөн чыгар» деп амалданып: «Мен кызыл өгүз күчтүү дейм, катыным кара өгүз күчтүү дейт, мунун кайсынысы күчтүү?» деди. Анда тиги киши: «Ой, акмак десе, кудай урган сөздү айтат, ушул үчүн да адамды убара кыласыңбы?» деп бура тартты, дыйкан: «Жөн эле билмексен болуп жатат, эми чындап канга айта турган болду жана эле чынын айтпай» деп ойлонуп, кайта чакырат: «Ой, бери кел!.. Кайрыла кет, эми чынымды айтайын» дейт. Чоочун киши «ай ушунукун уга кетейинчи, балким бир маанилүү сөз болбосун» деп, кайрадан кайрылат. Дыйкан кайтадан кууланып: «Бул айдалган жерге мен таруу себейин дейм, катыным буудай сепкиниң дейт, кайсынысын сепсек жакшы чыгат?» деди эле, анда жолоочу:

– Айтканың ушубу?

– Ооба, ушу.

– Башка сөзүң жокпу?

– Жок.

– Анда сен, жеткен акмак экенсиң – деп, бастырып кете берди.

Дыйкан эми чындап коркуп: «Кой, эми бул ачуусу менен барып канга айтса, кан мени өлтүрөт, андан көрө мындан мурун өзүм алып барайын» деп, өгүздөрүн чыгарып, алтынды капка салып көтөрүп үйүнө келди да: «Ой, катын бол, мен канга барам, тезирээк тамак бер» деди.

– Канга эмнеге барасың?

– Өзүмчө жумуштап эле.

– Кан чакыртыптырбы?

– Жок.

Анын сөзүнө катыны каткырып күлүп: «Бар, жолуңдан калба, кан сага кызын берип калса ажап эмес» деп тамак берип коюп, эшикке чыгып: «Эмне алып келдиң?» деп, каптын ичин ачып караса, ат башындай алтын жатат. Катын алтынды катып коюп, ошончолук чийдин дүмүрүн капка салып коёт да, билмексен болуп кайта үйгө кирет. Дыйкан шашып-бушуп тамак ичип, эшикке чыгат да капты көтөрүп жөнөп калат. Канга келип кирейин десе кароолчу жигит киргизбейт.

– Кайда барасың?

– Канда жумушум бар.

Анда жигит: «Сен туруп тур, мен канга барып айтайын» деп кирип кетет да: «Таксыр каным, сизге бир адам келди, көтөргөн кабы бар, кирүүгө уруксат сурайт» деди. Кан «Кирсин!» деп, уруксат берди. Дыйкан кирип келип, таасим кылып, эмне айтарын билбей делдиреп кандын маңдайына туруп калды. Кан: «Эмне келдиң?» деп сурады эле, «Сизге муну алып келдим» деп, кабындагысын силкип жиберсе, чийдин дүмүрү тоголонуп, топурак-мопурагы менен кандын алдына түштү. Аны көрүп: «Мен алтын алып келдим десем, чийдин дүмүрү болуп чыкса, кан мени чындап өлтүрөт экен» деп, дыйкандын эси чыгып кетти. Кандын чындап эле ачуусу келип каарданып: «Эй акмак, сен эмне үчүн тактымды булгайсың? Буга окшогон чийдин дүмүрү талаада азбы, мунун эмнеси

таңсык, желдеттерди чакырып башыңды алдыртайынбы?» деди. Дыйкан шашкан бойдон: «Кулдугум бар, каным, кандын акылы миң кишиге барабар» деген сөз бар эмеспи. Бул чийдин дүмүрүн мен беш кадак десем, катыным сегиз кадак дейт. Канча экенин биле албай, чечсе да кан чечет деп, сизге алып келдим» деди. Анда кан: «Кууланып жаткан баш кесер болуп жүрбөсүн, сынап көрөйүнчү» деп, ойлоп: «Бул итти эшикке чыгарып сабап туруп, камап салгыла» деп жигиттерине буйрук берди.

Дыйканды эшикке алып чыгып сабап туруп, камап салышты эле: «Канда сөзүм бар, эми бир эле алып баргыла» деп кыйкырды. Жигиттер ээрчитип канга алып барды эле, кан: «Эмне сөзүң бар?» деди. Анда дыйкан: «Бул топуракты мен семиз жердики десем, катыным арык жердин топурагы дейт, экөөбүздүн кимибиздики туура, адилет кан эмессиңби, эртерээк чечип берип үйүмө жөнөтчү» деди. Кан: «Бул бир келжиреген келесоо эме көрүнөт, уруп туруп, сарайдан чыгарып таштагыла деп, жигиттерине буйрук берди. Дыйкан сенделе басып үйүнө арандан зорго кечинде жетти. Катыны алдынан тосуп, каткырып күлүп: «Ии, кандын күйөөсү Канбача, кадырлуу конок болуп, кайткан түрүң бар» деп, үйгө киргизип майлуу эт, казы-карта алдына койду эле, дыйкан көрүп турган көзүнө ишенбей: «Катын мен бир балаага жолуккандай көрүнөм. Көрүнчүсү көзүмө көрүнүп жаткан окшойт. Буурусун айдап жүрүп, аттын башындай алтын таап алдым. Канга алып барсам чийдин дүмүрү болуп чыкты. Кан сабаттырып коё берди. Үйгө келсем, нанга кенен жетчү эмес элек, казы картаны алдыма коюп отурасың. Бу да кудайдын көрсөткөн бир сырыбы деп, көзүмө ишене албай отурам» деди. Анда катыны күлүп: «Алтын тапканың да чын, алтын деп чийдин дүмүрүн канга алып барып таяк жегениң да чын, азыр жей турган казы, карта экени да чын, көзүңө көрүнгөн эч нерсе жок, коркпой колуңду салып жей

бер» деди. Дыйкан иштин жайына түшүнүп: «Катын сен акылдуу, кан экөөбүз акмак экенбиз, мен канды алдасам, экөөбүздү тең сен алдапсың, бирок аз гана таяк жегеним болбосо, иштин баары биздин пайдабызга чечилиптир» деп катынына аябай ыраазы болду. Ошентип дыйкан алтынды четинен сатып, керегине жумшап, жыргап жатып калган экен.

## КАН БУКАСЫ МЕНЕН ЖАРДЫНЫН БУКАСЫНЫН СҮЗҮШКӨНҮ

Кан бир табактан дилде мөөрөй сайып: «Мени менен ким бука сүзүштүрөт?» деп калкына жардык кылды. «Кандын сөзү эки болбойт» деп, калкы жардыкты уккандан кийин букаларын алып келе баштады. Көп эл чогулгандан кийин чоң кылып тегерек чийим чийдирди. «Кимдин букасы ушул чийимден сүзүп чыгарса, мөөрөй ошонуку болот» деди. Букаларды сүзүштүрө баштады.

Кандын ээликтирип эркин өстүргөн букасы букаранын арык тарбайган жаман букасын койсунбу? Ары челип, бери челип, чийимден сүрүп чыгарып жатты. Кан дилдеге карк болду. Арадан бир нече күндөр өттү. «Кой, эми биздин бука кандын букасын сүрүп чыгара албайт, арыктыгы бул болсо, кайдан күчү болот дешип тарай турган болушту. Ошентип үмүтүн үзгөн кезде бир жардынын букасы ээсине айтты:

– Сен мени арык, жаман деп, тиги калк чогулган мелдешке алып барып салганың жок. Кеп арык-семиз, жаманда эмес, кеп кайрат менен качырып алууда. Кой сен мени алпарып бир сынап көр, – деди. Анда ээси: «Мен бир табак дилдени кайдан табамын?» деди.

Анда бука: «Сен мени алпаргын да канга: мен букамдын башын саяйын. Сиз букаңыздын башын сайбай, баягы айткан дилдеңизди сайыңыз» деп айт, кан макул болот» деди.

Жарды бир далай ойго калып туруп, оокат кылып турган жалгыз букасын кандын букасы менен сүзүштүрөм деп алып барды.

«Дилдең жок, мөөрөйгө эмне саясың?» деп кан сурады.

Жарды: «Мүмкүн болсо, мен букамдын кара башын сайдым» деди. Кан мурутунан күлүп жардынын сунушуна макул болду.

Баягы жыйналган калк: «Ай байкуш, тим эле койбой, оокат кылып турган жалгыз букасын канга алдырып жиберип, андан кийин кантип жан сактаар экен» дешип турду. Кандын букасы мындай жаман бука эмес, мындай эки келген букаларды качырып жатат дешти.

Жарды букасын алып келип, ыраактан мурунтугун туруп, агытып жиберип туруп калды.

Бука жер чапчып өкүрүп, кандын букасын качырды. Кандын букасы сүзүшмөк тургай, кандын дарбазасын талкалап короосуна кире качып кетти. Эл таңданды. Кан оозун ачып калды. Эмне балакет болгонун эч ким түшүнбөдү.

«Бу түгөнгүр өкүрүп койсо эле, кандын букасы дарбазасын бузуп кире качты. Деги бир табак дилдени кудай ушуга буюрган экен» дешип калк тарады.

Жарды бир табак дилде алганына сүйүнүп, кудуңдап букасын минип алып үйүнө кайтты.

Жолдо келе жатып жарды букасынан сыр сурайт: «Ээ, досум, кандын килейген букасы сенден эмне болуп качты?»

– Анын эмнесине таң каласың, мен аны музоо кезегинде аябай эсин оодара сүзгөм. Ошондон кийин: «Музоосунда сүздүргөн, өгүз болгондо да коркот» деген сөз калыптыр.

## АСАН КАЙГЫ МЕНЕН АЗИЗ ЖАНЫБЕК КАН

Илгери, илгери Асан Кайгы аттуу акылман Сырдын боюнда жашаган экен. Күндөрдүн биринде Азиз Жаныбек кан: «Ээ Асан аке, дүнүйөдө малга киришпей турган адам болобу?» деп сураптыр. Анда Асан Кайгы: «Биздин бала – Төлөн мырза малга киришпейт» деп жооп бериптир. Акылман кеткенден кийин Жаныбек кан эки жигитин чакырып: «Асан Кайгынын эки туу бээсин жайдак минип кара терге чумултуп, Төлөндүн астынан чыккыла. Эмне дегенин мага айтып келгиле» деп буюрат. Ошондо эки жигит кандын айтканындай, эки туу бээни терге чумултуп Төлөндүн алдынан чыккан экен. Төлөн мырза карап туруп: «Ээ азаматтар, астыңарга тердик салып минсеңер болбойбу, жайдак минип көчүгүңөр жоорубайбы» деп бастырып кетиптир. Жигиттер келип Төлөндүн сөзүн Жаныбек канга айтып беришти.

Азиз Жаныбек кан дагы бир күнү Асан Кайгыны чакыртып алып: «Ээ Асан аке, алдыдан миң кол качырып чыкса, ошо миң колго айбыкпай качырып кирүүчү азамат чыгабы?» деди. Асан Кайгы: «Биздин Төлөн мырза качырып чыгат» деди.

Азиз Жаныбек кан жигиттерин чакырып жарак-жабдыктары менен миң кол даярдап, «Төлөн келе жатканда капыстан качырып чыккыла» деп буюрду. Жарак-жабдыктуу миң кол Төлөндү качырып алдынан чыкты эле, Төлөн мырза колундагы кушту асманга ыргытып, мылтыгын колуна алып, миң колго бөрүдөй тийип, төртөө-бешөөн атып жиберди.

Кол Жаныбек канга көргөндөрүн айтып келди. Жаныбек кан: «Төлөн мырзаны чакырып кел» деп, жигитин жумшайт да, Төлөн мырза келгенде: «Мага эмне киришпейсиң?» деди. Анда Төлөн: «Бери караса маңдайы ысык, нары караса соорусу суук, кыйкырса жоо алат, ышкырса жут алат, малга карабайын, эр азаматтын көөнү калбасын деп ойлочу элем» деп жооп

берди. «Асан Кайгынын уулу, сен миң кишиге жалтанбай качырып тиет дейт, бул кандайча? Миң киши сенин саныңды сапат, устаканыңды упат кылбайбы? мындан эмне качпайсың?» деди эле, Төлөн мырза: «Жок, каным, ажалым жетпесе, миңи да мени өлтүрө албайт. Ажалым жетсе бирөөнөн гана өлөм» деди.

– Аны кайдан билесиң?

– Бир убактарда бир сан миң кол аттандык эле. Ошол бир сандан миңибиз мылтыкчан элек. Аңгыча табылганын түбүндө жаткан бир коён алдыбыздан качып өтө берди. Коёнду миң мылтыкчан атты эле, миңинин огу тең тийген жок. Эң аягында мен барып атканда, боор терисинен алакандай жери түшүп калып, ошондо да өлбөй жүгүрүп кетти. Менин атканым жаза кетчү эмес эле, ажалы жогунан, миң бир октон коён өлбөй кеткен. Ошондон улам билемин» деп жооп берди. Жаныбек Төлөнгө ыраазы болуп, бир сарпайы жаптырды.

Дагы бир күнү Азиз Жаныбек кан жигиттерине Асан Кайгыны чакыртып алып: «Асан аке, мен күнүгө куш салсам, асманда бир муштумдай сары неме учуп чыгып, жолтоо болчу болду, ошону атып берчү адам бар бекен?» деди. Асан Кайгы: «Аны биздин Төлөн мырза атып берет» деди. Кан: «Эртең балаңызды жиберип ийиңиз» деп калып калды.

Асан Кайгы үйүнө барып: «Балам, сен эртең канга барасың. Кан кушун алып сени менен талаага чыгат. Ошол кушту саларда асмандан учуп буудайык келет, келе жатканда дүрмөттөп туруп бөтөгөсүн жара ат, жара ата албасаң, өзүңдү зыян кылат.

Аны атып берсең кан: «Балам, сенин башыңан ылдый дилде куяйын» дейт. «Ага ыраазымын» де, «Эки кызымдын бирөөн берейин» дейт, ага дагы «ыраазымын» деп болбой койгун» деди. Эртеси Төлөн мырза жөнөмөк болуп атасынын алдына келип: «Ата, эмне сурайын?» деди эле, Асан Кайгы: «Теминдидей жер сура, жырындыдай суу сура» деди.

Төлөн Жаныбек канга келет. Атасы айткандай, Жаныбек колуна кушун кондуруп, жигиттерин ээрчитип талаага чыгат. Аңгыча бир муштумдай сары неме асманга атылып чыгат. Аны Төлөн мырза атып түшүрдү эле, кан ыраазы болуп: «Өз боюндай дилде ал» деди. Төлөн: «Ыраазымын» дейт. «Кызымдын бирөөн ал» дейт. Төлөн ага да, «Ыраазымын» деп болбой коёт. Акыры Төлөн атасынын айтканын айтып, теминдидей жер, жырындыдай суу сурады эле, Азиз Жаныбек «Сүйгөн жериңди алгын» деп балага уруксат кылган экен.

Төлөн атасына келип «сиздин айтканыңызга уруксат алып келдим» дептир. Ошондо Асан Кайгы Сырдан көчүп Чүйгө келет да, Чүйдү көрүп: «Бул Чүй эмес, Чуу экен» деп, Чүйдөн көчүп Кочкорго түшөт. Кочкорду көрүп: «Кочкор эмес кокуй экен, тогуз жолдун тоому, бөрү койдун чаркы экен» деп, Асан Кайгы мындан көчүп нары түшүп желмаян минип Жумгалга келет. Жумгалды көрүп: «Табын тапса алтын көмүркөй деген жер экен, табын таппаса колун жумган жер экен» деп, андан көчүп Нарынга келет. Нарынды көрүп: «Нарын эмес кайгыр» деп, андан көчүп Текеске түштү. Мындан көчүп отуруп Үч-Күбөккө келди да, Төлөнгө бир жерди көрсөтүп, «казчы» деди. Бала казды эле, «топурагын тебелеп туруп, кайра салчы» деди. Тебелеп туруп, топурагын кайра салса топурагы батпай калды. Анда Асан Кайгы Төлөнгө: «Ушу жерден не кармасаң, алтын болот, жайы-кышы отурууга жайлуу Үч-Күбөк деген жер ушул» деди. Үч-Күбөк аңга бай, берекелүү жер экен, сууга барган катындар кундузду челек менен тоголото коюп алчу экен. Ошондо Асан Кайгы «Жаныбек кан ар убак мени эрмектегенин койбойт экен» деп бирин таш, бирин чалма менен Үч-Күбөктүн үч жолун бекитип салган экен. Ошо убактан ушу күнгө Асан Кайгынын эли Үч-Күбөктө калган экен.

## ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН

Өткөн бир заманда өзү чечен, сөзү бекем Жээренче чечен деген киши болуп, анын Төлөмырза деген уулу бар экен. «Өмүрүндө чын айтпаган калпычы бала» деген сөздү Жээренче чечен күн сайын элден угуучу болду. Бир күнү Төлөмырзаны сынамак үчүн караңгы түндө ээрчитип келе жатып: «Балам, менден көрө көзүң курч эмеспи, асты жагыңды карачы, мага аркарга окшош бирдеме көрүнөт» деди. Анда Төлөмырза: «Аркар экен, козусун эмизип турат» деди. Ошондо Жээренче чечен: «Жаның чыккан баламдын жалганчысы чын экен» деп өкүндү. Төлөмырза карга атса кийик аттым деп элге мактанат. Төлөмырзанын колунан эчтеке келбейт, бул иш эл үчүн да, атасы үчүн да маалым болду. Төлөмырза бир күнү көпчүлүк элге адатынча калп айтып калды, «баягы күнү бир кийикти атып жиберсем, кулагынын учу менен туягынын учуна тийип, кийигим аман кутулуп кетти» деди.

Анда Жээренче чечен: «Ата балам ай, туягы менен кулагын кашынып турганда аткан экенсиң ээ» деди. Төлөмырзанын калптыгына айран калып турган элге Жээренче чечендин сөзү орун болуп бастырып кетти. Үйүнө келгенден кийин: «Ата жаның чыккан балам, эпсиз жерден калп айтып, эбине келтире албай эсим кетпедиби, мындан кийин адам болом десең, калп айтпа. Калп айтсаң өмүрүң менен ырысыңа чоң зыян келтирет» деп, жалгыз баласынын жанына тынчы жок, сөзүндө чыны жок, жаман бала чыгып калганына капаланды.

Бир күнү баласын ээрчитип жолдо келе жатып: «Ат жалына казан ас» деди. Төлөмырза түшө калып аттын жалына от коюп, өрттөп жиберди. Жээренче чечен: «Ээ, балам, ат жалына казан ас» деген канжыгадагы тамакты ат үстүнөн жейли деген сөз болот» деди. Дагы бир топ узагандан кийин: «Балам, узун жолду кыскарт» деди. Төлөмырза түшө калып

жолду кетмендеп калды. Жээренче чечен: «Кетмен менен кыскарта албайсың, балам, «узун жолду кыскарт» деген өткөн-кеткенден кеп сал деген сөз. Кеп эрмек болот, адамга жолдун кандай өткөнү билинбей калат, узун жолду жүрүштүү ат менен, кызык сөз кыскартат» деди. «Бул боюнча калганда жалгыз уулум, Төлөмырзам, мырза да болбойт, тукум да, туяк да болбойт экен, «аял жакшы болсо – эр жакшы болот, акыл кошот, ырыскы жугушат» деген эл сөзү бар эмеспи. Дүйнө жүзүнөн издеп, бир жакшы колукту алып берейин» деп, Жээренче чечен атты келтирип минип, тонду кийип, элди аралап кыз издөөгө жөнөдү... Барбаган эли калбай, бастырбаган жери калбай, алты ай чамасында жүрдү. Кыз элде көп, бирок Жээренче чечендин издеген кызы жок.

Элдин баарын карап жүрүп капаланып-кайгыланып, Жээренче чечен үй жагына кайтмак болду. «Баламдын бактысы жок жаралган экен да, ушунча журттан бир ылайыктуу кыз табылбаганы» деп келе жатса, айылдын четинен бир топ кыз-келиндердин отун көтөрүп келе жатканын көрдү. Ал аңгыча күн жаады.

Келиндер алы келгендери музоосун жетелей, отунун көтөрө үйлөрүнө качышты. Кыздардын баары музоосун эмизип, отунун таштап үйүн көздөй чуркап кетишти. Бир кыз музоосун эмизбей кармап, отунун чапаны менен жаап, өзү отундун астына олтуруп калды. Жээренче чечен кыздын жанына келип: «Ээ балам, тиги кыздар жүгүргөн бойдон үйлөрүнө кетти, сен эмне себеп менен жаанды тосуп олтуруп калдың?» деди. Кыз: «Ээ ата, ал кыздардын төрт зыяны бар, менин бир зыяным, үч пайдам бар» деди. Жээренче чечен: «Пайдаң кайсы?» деп сурап калды. Кыз: «Музоом эмген жок, отунум кургак калды, өзүм суу болгонум жок, энем үйгө барганда урбайт, бул үч пайдам, чапаным суу болду, бир зыяным ушу. Кыздардын музоосу эмди, отуну суу болду, кийими

да суу болду, музоону эмиздиң деп кыздардын энеси урат, төрт жагынан тең качып кеткен кыздарга зыян болду» деди.

Жээренче чечен: «Жарадың балам, силердин үйүңөр, кайсы?» деп сурады. Кыз: «Ээ, ата, айылга барсаңыз эле таап аласыз, келиштирип кырк найза сайган үй биздики» деди. «Издегеним табылды» деп, сүйүнүп, айылды аралап жүрүп кырк найза сайган үй жок болгондуктан, кыз мага табышмак кылып айткан экен кырк найзасы үзүгүнөн кырк уук көрүнүп турганы го» деп, Жээренче чечен ойлонуп баягы үйгө барып түштү. Ата-энеси дагы жакшы адамдар экен. Алынча сыйлап сүйлөшүп отурушту, аңгыча күн ачылды, отунду көтөрүп, музоону жетелеп кызы келди. Кыздын аты – Карачач экен, конок тамагын жеп, эл жатар мезгилде Жээренче чечен Карачачтын ата-энесине сөз баштады: «Менин жалгыз уулум бар эле, өзүмдүн атым Жээренче чечен, баламдын аты Төлөмырза, балама элден кыз жакпай алты ай болду жолго чыгып кыз издегениме. Ушул сиздин балаңызга көңүлүм түштү, кудай буйруп, куда болсом, балам экөөнүн бактысы ачылса деген талабым турат. Эгер силерге бул сөзүм эп болсо» деди.

Кыздын ата-энеси: «Сиздин айтканыңыз жакшы кеп, биз өзүбүз бечара адамбыз, бир жаман жалгыз кызыбыз бар, сиз айтылуу Жээренче чечен деген Жаныбек кандын чечени болсоңуз балаңыз Төлөмырза элден-журттан кыз жактырбай тандап жүрсө менин кызым көңүлүнө жакпас бекен? Буга жоопту кызым өзү билип берсин» деди.

Карачач атасынын сөзүнө карата: «Бул киши алыстан келген азиз конок экен, кызым билет деп мага шылтаганыңар туура эмес, кадимден калган нускаңар, нарк-санатыңар бар, бир кызды ата билип берет, бир кызды эне билип берет, акыры иш ордуна келет, берер болсоңор мага шылтоо кылбай эле, абийирдүү киши көрүнөт, түз жооп бербейсиңерби»

деди. Бул кыздын айтканына Жээренче чечендин ичи ысып сөзгө кирди. «Кана кудагый оозум батып айталбай отурдум эле, мага балам өзү жооп берди. Карачачтын аты – Акыл Карачач болсун, бактысы ашык болсун, жей турган калыңыңарды айткыла, эл көзүнө көркөмдүү түшкөнүм жакшы болот, төөдөн, уйдан, жылкыдан, канча менен келейин, атабыз кыргыз болгон соң, салтыбыз, наркыбыз орду менен өткөнү жакшы, жакшылык талап өмүр соодасы эмеспи» деп, Жээренче чечен айтып калды. Буга кыздын энеси: «Жалгыз кызымдын калыңын айтып, башына аркан салгансып малга кантип, айырбаштайын, жол-жобосун, наркын-салтын кызым өзү эле билсин» деди. Акыл Карачач: «Менин ата-энем бечара киши, кызын малга сатууга алы келбейт. Кызы малга сатылып барбайт, орду табылса, Карачач кадыр көңүл түз келген жерге барат, калың мал деп каржалбаңыз» деди.

Бул сөздү айтканда Жээренче чечен таң калып, үйүнө барды. Төлөмырзаны келтирип кийинтип алып, күнү оңдуулап, кудасы Токсонбайга барып калды. «Адам Токсонбайдын кызын Жээренче чечендин Төлөмырза деген уулуна алып берет дейт» деп айылдагыларга кабар тарады. «Адам, эй, Карачач атасына калың жедирбей Жээренче чечендин уулуна барганы жатат дейт, калыңсыз кыз болсо болот, каадасыз кыз болбойт дептир, барып жеңкетай алып, тоюн жеп келебиз» деп айыл-ападагы келиндери чогулуп келишти.

Тойго Жээренче чечен чоң жыгылыштуу болуп, малды арбын союп, башына той башкаруучу коюп, жети күн той берип, сегизинчи күнү Жээренче чечен Акыл Карачачты үйүнө алып кетти. Акыл Карачач келгенден тартып Жээренче чечендин иши оңоло баштады. Мунун кабары Жаныбек канга угулду: «Келини келишимдүү жакшы болгон экен, баягы жаман Төлөмырза жок, атайын киши болуп калып-

тыр» деп уккандан кийин барып келинин көрөйүн деп, Жаныбек кан келди. Жээренче чечен алынын бардыгынча кызмат кылып, Жаныбектин келгенине сүйүнүп конок кылды. Жаныбек Төлөмырзанын колуктусун үстүнө чакыртып алып ичинен «муну алуучу аял экен» деп ойлонуп: «Келинде төрт суроом бар. Акыл Карачач жооп бересиң» деп, кепке кармады. Акыл Карачач: «Эби келсе сурооңузга жооп берейин, сурооңузду сураңыз» деп айтып калды.

Жаныбек кан:

«Тулпарды уйга сатса не болот?

Атты эшекке сатса не болот?

Туйгунду каргага сатса не болот?

Башы ачык адамды наадан кулга сатса не болот?

Ушул сөзүмдүн жообун таап койгун, эртең кабар аламын» деп Жаныбек кан аттанып кете берди.

Бул сөзгө Жээренче чечен капа болуп калды. Акыл Карачач: «Атаке, бул сөзгө эмне үчүн капа болосуз, жооп табылар, «кандын пейли бузулса, калкына бүлүк түшөт, башына чүлүк түшөт» дептир, кан Жаныбек жакшылык көрбөс, өзүнүн жакынынан өлөр, аман болсоңуз аны көзүңүз менен көрөрсүз, мен анын сөзүнө жооп берем» деди.

Кан Жаныбек эртеси энтелеп келип, сөзүнүн жообун сурады. Камыкпаган Карачачтын Жаныбекке берген жообу:

«Жаныбек каным, бузулду заңың,

Бул кандай жорук, тынчыбаган жаның.

Тулпар тушунда, күлүк күнүндө, күч бербеген тулпардан – сүтүн берген уй жакшы, пайдасы жок туугандан пайдасы тийген кыйыр жакшы.

Чабал аттан – чарчабаган эшек жакшы.

Жаш жыгач отундан – жаркырап күйгөн тезек жакшы.

Канаты жок туйгундан – канаттуу карга жакшы.

Карга конгон, кузгун тойгон каздын тарпынан үксүйүп үмүт кылган туйгун оңчубу, эртеки салтта,

эски наркта, мындай шумдуктуу жорук болчубу? Каным, менин тапканым ушу, сиздин укканыңыз ушу» деп, Акыл Карачач басып кетти. Кан Жаныбек арданып үйүнө кайтты.

Кан Жаныбек Акыл Карачачты алууга ойлонуп, каарын төгүп, ар түрдүү кыстоо салмакчы болуп, Жээренче чеченге желдет жиберди. «Эртең Жээренче чечен алдыма келсин, келгенде ат минбесин, төө да минбесин, жөө да келбесин, жол менен да келбесин, жолсуз жер менен да келбесин» деп буйрук кылды. Желдет буйрукту угузганда Жээренче чечен убайымга түшүп, келини менен кеңешти. Акыл Карачач атасы Жээренче чеченге мындай деди:

«Эрте туруп текени жука токуп минип, эки жолдун ортосундагы кыры менен барыңыз, кан суроо сураса: ат, төө мингеним жок, теке минип келдим, жол менен да, талаа менен да келгеним жок, кыр менен келдим деп жооп бериңиз, кан Жаныбек сөзгө жыгылат».

Жээренче чечен тепейтип теке минип, эки жолдун ортосундагы кырга кирип, кан Жаныбектин ордосуна барды. «Каным, буйругуңузду аткарып келдим, ат, төө мингеним жок, жөө да келгеним жок, теке минип келдим. Адам учкаштырбай жеке минип келдим. Жол менен да, талаа менен да келгеним жок, эки жолдун ортосундагы кыр менен келдим, каным, каарыңа калгандай көрүнөм, кайгылуу сыр, калың чер менен келдим» деди. Жаныбек бул сөзгө токтолуп, Жээренче чечендин алдына кырк ирик салып берип: «Кырк күндүн ичинде көзүн жоготпой кырк козу козулатып бересиң» деди. Кырк иришти айдап капа болуп Жээренче чечен үйүнө келди. Акыл Карачач алдынан тосуп чыгып: «Ата, бүгүн койлуу болуп калыпсыз го» деди. «Ээ, балам, атаңдын өлбөгөн жаны курусун, караган каны курусун, ушул ириктин көзүн бурбай козулатып бер дейт, айла барбы, айдап келдим» деди. «Ата, капа болбоңуз, бул арзан иш турбайбы» деп,

кырк күнгө чейин Акыл Карачач койду бирден союп бере берди. Жээренче чечен «эрте өлгөн кулмун» деп этин жеп жата берди. Кырк күнү бүткөндөн кийин кан Жаныбек салтанат менен аттанып, койдун жообун алмакка Жээренче чечендин үйүн көздөй жөнөдү.

Келер күнүндө Карачач отун алымыш болуп кан Жаныбектин жолун тосуп чыкты. Көңүлү кызып калган кан Жаныбек Карачачты көрө салып, бура тартып: «Келиним отун алып жүрүпсүң, атаң эмне кылып жатат?» деп сурады. Карачач: «Өзүм жалгыз бой болгон соң отунга келдим. Атам болсо үйдө толготуп төрөгөнү жатат» деди. «Жаның чыккан Карачач, эркек киши дагы төрөчү беле» деди. «Каным, сөзүңүзгө кулдук, кан сөзү эки эмес, сиздин эркек коюңуз да туучу беле?» деди.

Кан Жаныбек өзүнүн сөзүнө өзү байланып, сөзгө жыгылып кайтты. Кан кетери менен Акыл Карачач үйүнө келип канга берген жообун кайнатасына айтып берди. Бул сөзгө Жээренче чечен өтө ыраазы болуп: «Бир өлүмдөн калдым» деп кубанды. Эртесинде кандын дагы бир жигити келип: «Бул буйругум эки эмес, отуз күндүн ичинде, таштан тарамыш кылып, кумдан өтүк тигип берсин» деген кандын буйругун айтты: Жээренче чечен мойнуна жүк түшкөнсүп: «Иш кыйын, таштан тарамыш кумдан өтүк болчубу, кулак угуп көз көрбөгөн мындай иш болчубу, мындан көрө каарына албай, мынчалык азаптабай, колунан келип турам өлтүрүп салып, бир жолу жанымды тындырбайсыңбы» деди.

Анда Акыл Карачач: «Ата, сабыр кылыңыз, сабырдын түбү сары алтын, сабыры жок, Жаныбек саманын сапырып жатат, өз калкын өзү кыстап напсисин бузуп жатат, аман болсоңуз, мындан арзан кутуласыз, шашпай сабыр кылып отуруңуз, мен сизге айтпадым беле:

Адамды шайтан азгырат,
Артык дөөлөт мас кылат,

Тумшугу таштай катарда
Тууганы менен кас кылат.

Жалаң эле биз эмес, жандын баарына көзү өтүп, жабыры ашып кетти. Жетим, жесирдин ыйлаган үнү жетер, ашыгып сабырсыздык кылбаңыз» деп, Акыл Карачач атасы Жээренче чеченге насаат айтты.

Жаныбек убада кылган күнүнө чейин Акыл Карачач оокатын кылып жүрө берди. Убадасы бүткөн күнү башкача кийинип, түсүн буруп жооп алмакка Жаныбектин алдына барды: «Кан азиретим, бечарачылык кыйын экен, кумдан бир өтүк тиктирип жаттым эле, буга таштан тарамыш табылбады, сиздин казынаңызда бардыр деп сурап келдим эле», деди.

Айтканы эсинен чыгып калган Жаныбек кан: «Сен кандай акмаксың, соосуңбу, же жиндисиңби, кумдан өтүк, таштан тарамыш болуучу беле, калжырабай кет» деди. Акыл Карачач бетине түшүрө салынган жоолугун өөдө тартып, түсүн көрсөтүп: «Каным, оюңузга кулдук, сиз буюрган кум өтүктүн таш тарамышынын камында жүрдүм эле, андай болсо кандын буйругунан кутулган турбайбызбы» деп жүгүнүп тура калды. Жаныбек айтылуу Карачач экенин билип, токтолуп башка сөз айта албай жерди карады. Акыл Карачач үйүнө келип, Жээренче чеченге окуяны айтып берди. Жээренче чечен Акыл Карачачтын акылына ыраазы болуп, «кайырлуу жакшы өмүр сүргүн, канча бир өлүм ажалдан аман алып калдың» деди.

Ал аңгыча болбоду, камынып турган Жаныбек кан Жээренче чечендин колун байлап, Алтай тоосундагы кара калмакка айдап, буга кошуп Толубай сынчынын уулу Миңжашарды, Асан Кайгынын уулу Төлөнгүттү жиберди. Калмактын каны булардын жайын байкап көрүп, үчөөнү үч жерге таратып, бөлүп жиберди.

Жаныбек Төлөмырзанын жан ордуна көрбөй жабыркатып, ишке салып, Карачачты алайын деп

кашына көчүрүп алды. Бирок, Акыл Карачачты ала албай бир жыл өттү. Акыл Карачач жакшы сөз менен Жаныбектин өз иниси Бердибекти бузуп, «Жаныбектен жан адамга пайда болбойт, бир агаңды өлтүрүп, калкыңа кан болгун, мен сенин койнуңдагы зайыбың, колуңдагы айымың болоюн» деп, Бердибекти кепке көндүрүп алды. Бул кабар тарап, Алтайдагы туткунга байланган Жээренче чеченге угулду.

Кабарды уккандан кийин Жээренче чечен жалпы элине табышмак менен кабар салды: «Эгиниңер жакшы чыгып, жакшы бышты деп уктум, орокчуңар шай экен, кыштын арты кандай болот? Кышка калтырбай эрте оруп бүтүрүп алгыла. Толубай, Токтогул Асанга кабар салыңар. Бир сокур кара кашка текем бар, сакалынан байлап көзүн оюп, көлгө салыңар, бир тик мүйүз кара эркечим бар, кой баштатып ала келгиле. Болор-болбос бычагым бар, мизи курч кестигим бар, унутулуп журтта калбасын» деп, жазып жиберди.

Кат тийген соң сөздүн түйүнүн казак, кыргыз жалпы түрк балдары кепке канып келтирип, чече албай айран калышты, акырында Жээренче чечендин өзүнүн келини айтылуу Карачач чечет го деп катты алып барышып, калктын мыктысы, чоңдору башында карап турду.

Катты окуп, Карачач бир баштан айтып, табышмак сөзүн таап чече баштады: «Айдаган аштыгыңар бышты» дегенди душманыңар болушунча болду, толушунча толду – дегени. Орокчулар шай экен, кышка калтырбай оруп бүтүрүп алыңар дегени – мынчалык кайрат кылыпсыңар, эми катылыңар, орок менен буудайды оргондой кылыңар деп, айтканы. Кыштын арты кандай болот дегени – иштин арты кандай болот дегени. Толубай, Токтогул, Асан Кайгыга кабар салыңар дегени – элдин карыялары иштин убагы келди, жаштарга сөзүңүрдү айткыла дегени. Сокур текем бар эле, сакалынан байлап,

көзүн оюп көлгө салыңар дегени – Жаныбек канды өлтүрүп, сакалын кыркып көзүн чукуп көлгө салгыла дептир. Тик мүйүз кара эркечим бар, муну кой баштатып ала келгиле дегени – Жаныбектин иниси Бердибекти колуңарга алып, калкка кан көтөрүп койгула дептир. Болор-болбос бычагым деп – Төлөмырзаны айтыптыр, мизи курч кестигим дегени Акыл Карачач – мени айтыптыр. Көчкөн журтта калып кор болбосун» дегени – кептен-сөздөн калып кемчилик тартпасын, кеп-кеңештен калтырбай ала жүрүңөр дептир.

Калк атасы карыялар, кайраттуу эр жигиттер кайрат кылып, кара сокурга тезинен катылыңар» деп, Акыл Карачач айтып өттү.

Бул сөздү угуп «залимдин айтканын угуп, айдаганына көнүп жүрүп да мүйүзүбүз чыккан жок» деп элдин кыжыры кайнап Жаныбектин иниси Бердибекке өлтүртүп, Бердибекти кандыкка көтөрүп, Алтайга айдалып кеткен Жээренче чеченди жолдоштору менен алдыртып чоң той берип өз жеринде туруп калышат. Ошол убакта ушу убакка чейин эл оозунда:

«Толубайдай сынчыны айт,
Токтогулдай ырчыны айт,
Жээренчедей чеченди айт,
Алдар көсөө кесепти айт»

деген сөз сакталып калган экен.

## ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕНДИН АЯЛЫН УГУЗУУ

Илгери көрө билген көсөм, сүйлөсө чечен бир киши өткөн экен. Ал кез, бир эл менен экинчи эл жоолашып, каршылашып, урушуп өткөн учур болгон экен. Жээренче чечен канга акыл-насаат сөз үйрөтүп жүргөн кеменгер кишиси экен.

Күндөрдүн биринде Чечендин элине бир күчтүү душман келип кол салат. Ошол согушта Чечен кол

башчы болуп душманды кубалап өз жеринен алыс бир жерде көпкө дейре жүрүп калат.

Чечен согушта жүргөндө Чечендин алган байбичеси каза таап калган экен. Чечендин жеңиштүү болуп кайра элине келе жаткан кабарын угуп, өз элинин карыя акылмандары баш кошуп отуруп жолдон угузмак болот. Түшчүлүк жерден тосуп, Жээрен чечендин алдынан чыгат. Ары жактан чечен келет. Бардыгы аман-эсен көрүшүп, чоң кубанычта болушуп, эли-журтунун, барып-келгендигинин ал-абалын сурашат, мейкин талаада олтурушат. Ошондо чеченге теңтуш бир карыясы сөз баштап, чеченден бир топ тамсил сөз сурайт. «Чеченим көптү көрдүң, көп жашадың, ушу олтурган ага-инилериңе калгыдай сөз айтып бер» деди да, төмөнкүдөй соболду койду.

– Атасы өлгөн не болот?

– Атасы өлгөн кишинин аскар тоосу ураган менен тең болот. Кузгундай көзүн кызартып, сакалын аппак кубартып, жараткан алла тил ал деп, баламдан мурун мени ал деп, атаң турса кашыңда, туу эле болор башында.

– Энеси өлгөн не болот?

– Энеси өлгөн кишинин, дарыя чалкар көлү соолгон менен тең болот. Чачы куудай болгуча, тиши буудай болгуча, ал ак байбиче энекең, бары-жокту тең санап, төрдө олтурса берекең.

– Агасы өлгөн не болот?

– Агасы өлгөн кишинин айтарга сөзү кем болот.

– Иниси өлгөн не болот?

– Иниси өлгөн кишинин чабарга камчысы кем болот. Бет алышып жоо келсе, жан салышып доо келсе, жаман да болсо ага-иниң артында турса дем болот.

– Жеңеси өлгөн не болот?

– Жеңеси өлгөн кишинин жеңи желден жыртылат, жакасы кирден кырылат.

– Келини өлгөн не болот?

– Келини өлгөн кишинин кермеден аты бошонгон менен тең болот.

– Эжеси өлгөн не болот?

– Эжеси өлгөн кишинин эркелер жери аз болот.

– Карындашы өлгөн не болот?

– Карындашы өлгөн кишинин барып конорго жери аз болот.

– Баласы өлгөн не болот?

– Баласы өлгөн кишинин өзөгүн өрт алган менен тең болот.

– Катыны өлгөн не болот?

– Ой, аттигини ай ээ!.. Кудайдын буйругу экен, менин байбичем өлгөн экен ээ! Бир төшөктө төрт баш киши жатып калыптырбыз. Кайыр кантейин! Катын өлсө капкалуу шаар бузулган менен тең болуп, күндө ойрон, мүлк ойрон деген ойронго жолугат» деп камчы сабын таянганда, камчы сабы сынып кеткен экен.

Жайланышып отургандан кийин баягы киши дагы: «Чеченим, бир төшөктө төрт баш киши жатып калыптырбыз дегениң эмнең?» деп сурады. Анда Жээренче чечен: «Мурунку байбичем абысын-ажынга, ага-иниге, сөөк-тамырга жана өзүмө жыты сиңишип калган киши эле. Азыр дагы бирди алармын, ошол мурунку байбичемдей болобу?» деп, мурунку байбичемди самап жүрүп, мен оюм менен эки баш, алганым чечендин кайсы жеринен жазып, жаңылар экенмин деп, ал өзүнүн оюу менен эки баш. Мына ушинтип, бир төшөктө төрт баш жатып калдык» деп жооп берген экен.

## ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕНДИН КАРА КАНГА ЭЛЧИГЕ БАРГАНЫ

Кара кан деген кан Сырдын боюнда турган ойдун каны экен. Азиз Жаныбек кан тоонун каны экен. Бир убакта Кара кан Азиз Жаныбек канга тийишип, каары келип: «Ээ кызыталак Жаныбек, катындары

эгизден эркек тууп, жасоолу көбөйсө, мени менен урушууга келсин. Тоодон айгырлары кишенеп, ойдон кырк чаар тулпар бээлерим кулун салды. Эгер уруша албай турган болсо, кырк чаар тулпардын кулунун төлөсүн» деп элчи жиберет.

Азиз Жаныбек кан элин үч күнү кечке чогултуп, кеңеш кылып Кара канга кандай жооп берерин биле албай айласы кетип, күндө жыйын топ кылды. Үчүнчү күнү кандын алдынан тарап келе жаткан элди боз тумак кийген, жээрде тай минген, эчкиси көп, кою аз бир адамдын баласы тосуп туруп: «Ой, акелер, күндө эле эртең менен канды көздөй чубайсыңар, кечинде дүбүрөп тарайсыңар. Эмне ишиңер бар, мага да бир айткылачы, угайын? деп сурай турган болду. Бирок бала эч кимден жооп ала албады. Ошондо бир киши: «Бул бала үч күндөн бери жолубуздан тосуп туруп сурай турган болду, укканыбызды айталык» деп иштин жөнүн айтты эле, бала: «Оо кокуй, мен бул иштин жообун Кара канга оңой эле берем» деди. Эл баланы ээрчитип Азиз Жаныбектин алдына алпарышып: «Каным, ушул бала Кара канга жооп берем» деди, дешти. Анда Жаныбек кан: «Бул бала барса барсын, бир билгени бардыр» деп макул болду. Бала: «Каным, мага бир төө, бир теке жана жаа бериңиз» деп сурап алып, Кара канды көздөй жүрүп кетти. Бала жолдо кетип бара жатса, эки адам урушуп жатат. Экөөнүн жанында жаа менен атып алган бир коён жатат. Бала салам берип токтой калды эле, мушташып жаткан эки кишинин бири: «Жолоочум, сага жол болсун, кайдан келе жатасың?» деди. Бала: «Азиз Жаныбек кандын элчисимин, Кара канга баратам. Сен экөөң эмне болуп мушташып жатасыңар?» деди.

Анда экинчиси: «Эртең менен жатактагы коёнду көрүп кетип, жаа алып келгенимче бул атып алыптыр. Көрүп кеткен коёнду аламын деп мен айтам, атып алдым, меники деп бул айтат. Сен Азиз Жаныбек кандын элчиси экенсиң, калыс болуп коёнду би-

рибизге алып берчи» деди. Жаныбек кандын элчиси: «Ой, коёнду атып алган, сен коёнду башыңа кармап тур, көрүп кеткен сен жааң менен ат. Коёнго тийсе сен ал, мунун башын жара атып өлтүрүп койсоң, кунун төлөйсүң» деди. Муну укканда экөөнүн да төбө чачы тик туруп: «Ээ жолоочу, сага ишибизди салбайбыз, Кара канга барып, калыстыкка түшөбүз» деп, элчини ээрчип жөнөп калышты.

Булар кетип бара жатса, жолдун боюнда калың эл чогулуп турат. Бала салам берип токтоп тура калып, чырдын жайын сурады эле: «Ээ, жолоочум, мына бул адамдар калың жылкы айдап айылдын үстүнөн өтүп, боюнда бар катындарды боюнан түшүрдү, ошонун чатагы болуп жатат, өзүң кайдан келе жатасың?» дешти. Бала: «Азиз Жаныбек кандын элчисимин» деди эле, кандын элчиси болсоң, биздин ишти сага салдык дешти. Анда бала: «Казанга толтура суу куюп тулгага аскыла да, жылкыларды айылдын четинен айдап өткүлө. Казандагы суу жылкылардын дүбүртүнөн чайпалып төгүлсө, боюнан түшкөн баланын кунун берсин, төгүлбөсө буга эмне кун болсун?» деди. Ээ балам, сага ишибизди салбадык. Кара кандын өзүнө салабыз деп, булар да кошо жөнөдү. Топ адам жүрүп отуруп Кара кандын капкасына кирип барды. Бала капканын ортосунда желип бараткан кара тайганды көрүп: «Бу кимдин тайганы?» деп сурады. Турган адамдар: «Кандын тайганы, жылына алтымыш түлкү, кырк бөрүдөн тиштейт» деп жооп беришти эле, Жаныбек кандын элчи баласы тайганды жаа менен атып өлтүрүп салды. Карап тургандар: «Кандын тайганын өлтүргөн бул кандай эме» деп таң калышты. Ошентип элчи бала топ адам менен кандын сарайына кирип барды. Анын кабарын Кара канга айтышты эле: «Бул кимдин элчиси, ким экен?» деди. Жигиттери: «Азиз Жаныбек кандын элчиси экен» деп жооп беришти.

Кара кан: «Элчи болсо мейманканага алпарып киргизип койгула» деп буюрду. Эртеси элчини кандын

алдына алып келишти эле, Кара кан балага карап: «Ээ бала, Жаныбек кандын бул кандай шылдыңы. Менин алдыма элчи кылып аттуу-баштуу чоң киши жибербей, бала жибергени эмнеси, айлыңарда чоң киши жок беле?» деди. Бала тура калып кулдук уруп: «Каным, сизге чоң керек болсо төө жетелеп келдим» деди. Анда кан: «Жаныңды жеген бала, айлыңда сакалдуу карың жок беле?» деди. «Сакалдуу десең, теке жетелеп келдим, кеп-сөз билген адам керек десең, өзүм келдим» деди. Кара кан баланын жөн бала эмес экендигин биле калды, жөн ийги суроо салды: «Эй бала, тайганымды не атып салдың?». Анда бала: «Мен биякка чыгардын алдында сиздин тайганыңыз тоодогу аңды ойго кууп, ойдон тоого кууп жүрүп кырды. Ой-тоо кыйкырык, ызы-чууга толду. Ошондон биздин иттерибиз күчүк таштап койду. Ошон үчүн тайганыңызды атып салдым» деди. Өзүнүн айтканы эсинен чыгып кеткен Кара кан: «Ээ, кызыталак бала, менин жеримдеги ызы-чууну сенин тоодогу иттериң кайдан угат?» деп чочуп кетти.

Элчи ордунан тура калып: «Таксыр, сөзүңүзгө кулдугум бар, биздин тоодогу айгырыбыздын кишенегени сиздин ойдо жаткан кырк чаарыңызга кантип угулат?» деди. Кара кан сөзгө жыгылып: «Ээ чунак бала, келген дооң ошол беле, кечтим» деди. Андан кийин Кара кан берки чатактуу эки иштин жөнүн сурап, «баланын жолдогу чечкени туура» деп тапты да, келгендерди кайтарып жиберди.

Кара кан баланы жактырып: «Балам, атың ким?» деди. Бала: «Атым Жээрен» деди. Анда кан: «Балам, сен чечен экенсиң, сенин атың мындан ары – Жээрен чечен болсун» деп ат мингизип, тон кийгизип, эки элдин чатагын басып, айлына жиберди. Ошондон улам бала Жээрен чечен аталып, кепке-сөзгө алынып, эки эл арасында доо болсо да, жоо болсо да, Жээрен чечен арага түшүп, ыраакты жуук кылган чечен болот дешет.

## ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН МЕНЕН АЛДАР КӨСӨ

Күндөрдүн биринде Жээренче чечен жана Азиз Жаныбек вазирлери болуп ордонун ичинде отурганда Алдар Көсө эшиктен кирип, «Ассалоом алейкум, кан ордосу» дейт. Жээренче чечен: «Алекима ассалам, эл жоргосу» дейт. Алдар Көсө отургандан кийин Алдар Жээренче чечен ишарат кылып колу менен башын кагат. Алдар көсөө колунун учу менен тилин кагат да, эшикке чыгып кетет.

Ал чыгып кеткенден кийин Жээренче чечен Жаныбек канга: «Мени эч ким жыга алуучу эмес эле, ушул кирген Көсөө жыгып кетти» деди эле, кан: «Жээренче чечен сени Көсө кантип жыкты», Көсө эшиктен кирип «кан ордосу» деп салам айтты, сен «эл жоргосу» деп жооп бердиң. Андан башка эч кандай жыгылыш боло турган сөз болгон жок го деди.

Анда Жээренче чечен: «Көсө эшиктен салам айтып кирип отурганда колум менен башымды кагып, «балаа башка кайдан келет?» деп сурадым эле, Көсө колу менен тилин кагып, «балаа башка тилден келет деп жеңип кетти» деди.

Жээренче чечендин бул сөзүн угуп кандын кыйынсынган бир вазири: «Алдар Көсөнү мен жеңем» деп кан менен убада кылышат. Жеңип келсе, кандан тилегенин алмакчы. Жеңилсе, «жеңем» деп барган кандын кыйынсынган вазири жанынан айрылып дайнын таппай калмакчы. Аттан тандап минип алып, Көсөнү издеп чыгат. Колуна таягын таянып алып, Көсө шыпылдап бара жатканда вазир аркасынан жетип, салам айтты эле, Көсө алик алып: «Ээ балам, кайдан келе жатасың?» деди. Вазир: «Сизди издеп келе жатам» дейт. Көсө: «Жумушуң бар беле менде?» дейт. Анда вазир: «Жер ортосун таба албай сизден сурайын деп келдим, – бул бир суроом, акыр заман качан келет, ал экинчи суроом?» деди.

Көсө токтолбостон туруп: «Арзан эле жумуш турбайбы, балам» деди да, таягын колуна алып, көзүн аландатып эки жакты караган болду. «Атаганат ай, боюм жапысыраак болуп жатат» деди эле, вазир: «Эмесе менин атымды минип алып караңыз? деп атын бере койду. Көсө атты минип алып, таягы менен шарт камчыланып: «Атаа балам ай, көпкөн убагың экен, акыр заманды да сураган турасыңбы?» деди. Анда вазир: «Кыйын болсоң экөөн тең таап берчи» деп демитти. Көсө ары-бери чапкылап, алак-булак эки жагын караган болуп, «таптым, таптым» деп вазирге кайта чаап келди. Вазир: «Тапсаң айтчы?» деди эле, Алдар Көсө: «Отурган жериң жер ортосу, акыр заман атынан айрылган кишиде» деп, чапкан бойдон кете берди.

## АЛДАР КӨСӨНҮН ЖИН-ШАЙТАНГА ЖОЛУККАНЫ

Алдар Көсө келе жатса үстү-башын жүн баскан, адам десе адам эмес, айбан десе айбан эмес бир неме алдынан чыкты. Алдар Көсө: «Кимсиң?» деп сурады эле: «Жин-шайтан дегенди уктуң беле, ошол мен болом» деди. Алдар Көсө: «Укканым бар, мага жолдош бол, эки киши бирге басканда жол кыскарат дечү эле» деп ээрчитип алып, жүрүп отурду. Келе жатып шайтан кол башындай алтын таап алды да: «Мен таптым бөлүп алалы» деди. Көсө: «Жалгыз мен алам» деп макул болбой койду. Шайтан: «Эмесе жарышып чыкканыбыз алалы» деди. Жарышып шайтан чыгып келсе, Көсө, «мен бир жерде буйдалып калсам, чыгып кеттиң» деп дагы болбой койду. Шайтан: «Эми эмне кылалы» деп сураса, Көсө: «Кимибиз жаш жагынан улуу болсок, ошонубуз алалы» деди. Шайтан бул шартка да макул болду. Кезекти биринчи Көсө алып, шайтандан «кайсы убакта туулдуң эле?» деп сурады. Ага шайтан: «Жер бүтө электе, ай аяктай,

тоо томуктай, күн күрөктөй экенинде төрөлгөмүн» деп жооп берди.

Аны укканда Көсө өңгүрөп ыйлап кирди. Шайтан: «Эмне ыйлайсың?» деди эле: «Так сен төрөлгөн убакта менин алты жашар балам өлүп калган, ошого ыйлап жатам» деди. Анда шайтан: «Эмесе, сен улуу экенсиң» деп, алтынды ага берип, Көсөдөн коркуп кетиптир.

## ЫРЫС АЛДЫ – ЫНТЫМАК

Качандыр бир акылман карыя болуптур, анын тогуз уулу бар экен. Бирок балдары атасы айткан акылды укпай, ар кимиси өз бетинче жүрөт, ага сырт кишилердин баары күлөт. Чоңу кичинесин сабайт, кичинеси чоңуна акырая карайт. Биримдиги жок тогуз баланы бөлөк кишилер уруп кетет, атасы балдарынын кылыгы жөнүндө терең ойго түшөт. Эң айла болбогон соң, чал өзү тоого барды да, үйүнө чоң тутам табылгыны көтөрүп келди, балдарын чогултуп алып:
– Кана балдарым, күчүңөрдү сынап көрөйүн. Мына бул табылгыны тобу менен сындыргылачы – деди.

Тогуз уулдун ар бири кезектешип күчүн сынады. Бооланган табылгыны эч кимиси сындыра албай, акыры шалдайып туруп калышты. Карыя табылганын боосун чечип:

– Эми бирден сындырып көргүлө, – деди.

Балдары табылгыны ошол замат чарт-чурт бөлүп:

«Мына, сындырдык» деп мактанышты.

Абышка балдарды отургузуп алып, нускалуу сөз баштады.

– Мен силердин келечегиңерди ойлоп, капа болом, душманыңар көп, эгер ыркыңар жок болсо, душман силерди жанагы жалгыз табылгыдай бырча-бырча сындырып кетет. Ал эми боолагаң табылгыдай бирдиктүү болсоңор, сындырмак түгүл, силерди эч ким майтара албайт. Менин айтарым ушул, – деди.

Көп узабай абышка өлүп калды. Балдары акылга келип, касташкан душманды жеңип, артык дүйнөсү болсо бей-бечарага берип ынтымактуу турмуш өткөрүптүр. «Ырыс алды – ынтымак» деген сөз ошондон калган экен.

## АКЫЛДУУ БАЛА

Илгери бир атагы чыккан ууру болуптур. Анын жалгыз баласы бар экен. Баласы чоңойгондо атасы чакырып алып:

– Балам, мени сыйласаң, – уруу бол, мындан бөлөк жакшы кесип жок, – деди, баласы капаланып:

– Ата, эгер мени адам кылам десең – уурулук кесипти үйрөтпө, андан көрө адал эмгек кылайын, – деди.

Ууру аябай ачууланды:

– Атанын жолун жолдобойт деген эмне?.. Атанын тилин албайт имиш!.. Менин сөзүм эки эмес, айтканымдан кайтпаймын. Бүгүн түнү төмөнкү айылдагы Жоошбайдын кызыл өгүзүн уурдап кел. Уурдабасаң, көзүмө көрүнбөй ошондон ары жогол!

Бала макул деп үйдөн чыкты да, Жоошбайдын кызыл өгүзүн күзгү эгинге сатып келди. Аны атасына айткан жок. «Балам өзүмдү тартып ууру болот экен», – деп атасы чоң кубанды. Өгүздү союп алышты.

– Ата, бул этти жегенден мурда экөөбүз таразага түшөлү, эт бүткөндө кимибиз канча семирет экенбиз, ошону билели, – деди бала.

Атасы макул таап, экөө таразага түштү. Арадан бир эки жума өткөндөн кийин эт түгөндү. Экөө таразага дагы түшүштү, атасы мурункудан эки-үч кадак арыктап калыптыр. Ал эми баласы болсо, беш-алты кадак семирген экен. Бул ишке атасы аң-таң калып баласынан жөнүн сурады.

– Таң кала турган эч нерсе жок, – деди баласы. – Сиз эт жеп жатканда, уурулугум ачылып калбагай эле деп, коркуп жейсиз. А мен өгүздү сатып келгем,

ошондуктан коркконум жок, жегеним аш болду. Ар ким өз эмгеги менен гана семире алат.

Ошондо атасы баласына:

– Уурулук эң жаман иш турбайбы, сен бул бузук жолго түшпөй, түзүк жолго түшкөнүң жакшы болуптур, – деди.

## МАНАТ

Бир падыша аял алам деп өзүнө караштуу элдин бойго жеткен кыздарынын баарын чакыртып, «үч ооз табышмак айтам, тапканыңарды аялдыкка алам. Эгер таппасаңар башыңарды алдырам», – деп табышмакты айтат:

Биринчи табышмагы: «Ачуунун эң ачуусу эмне?»

Экинчи табышмагы: «Жамандын эң жаманы эмне?»

Үчүнчү табышмагы: «Таттуунун эң таттуусу эмне?»

Кыздар үйлөрүнө барат.

– Ачуунун эң ачуусу эки киши урушса, же чатак көп чыкса ошол болот.

– Жамандын эң жаманы – эл катары оокат кыла албаса ошол болот.

– Таттуунун эң таттуусу кант менен набат. Андан башка таттуу барбы? – дешти кыздардын ата-энелери.

«Падыша, табышмактын чечилиши туура эмес» – дейт. Анда кыздар убайымдан ыйлап бара жатканда бир кедей чалдын Манат деген кызы:

– Мен табамын. Мени падышага алып баргыла. Баарыңарды өлүмдөн куткарамын. Мага сүйүнчү бергиле, – дейт.

Эртеси кыздар менен кошо Манат да падышага келет.

– Ким тапты, табышмакты? – деп падыша сурайт.

Ошондо бир кыз айтат:

– Манат деген кедейдин кызы табамын дейт. Башкабыз табалбадык, – дейт.

– Кана, айтчы, – дейт падыша.

– Суроочу жерде туруп сурайт, жооп берүүчү такка чыгып жооп берет, – деп Манат айтат.

Падыша макул болот. Манат такка чыгып, падыша айткан табышмакты эл алдында айтып берүүсүн сурайт. Падыша кыздарга берген үч табышмагын айтат.

Манат мындай деп жооп берет:

– Ачуунун эң ачуусу өзүңдөй падыша болот. Бирөөнү өлтүрүүгө, өкүм кылууга жарайсың.

– Жамандын эң жаманы – өлүм.

– Таттуунун эң таттуусу – асыл жан. Өлбөсөк деп тилейбиз.

– Энди сен табышмакты таптың. Сени мен алам. Эртең атаңды жибер. Калың алсын. Бүрсүгүнү өзүңө араба жиберем – дейт падыша.

Эртеси Манаттын атасы падышага келет. Падыша чалга тамак берип тойгузуп, бир тоок, кырк жумуртка берет.

– Үйүңө алып бар. Кызыңа айткын эртең бастырып, бүрсүгүнү тоок менен 40 балапанды алып келсин. Болбосо кызыңдын башын аламын, – дейт падыша.

Чал ыйлап үйүнө барат.

– Ата, эмне ыйладың? – деп Манат атасынан сурайт.

– 40 жумуртканы бастырып, бүрсүгүнү 40 балапаны менен тоокту алып келсин, – дейт. Ошого ыйлап келдим, – дейт атасы.

Кыз амалын табабыз деп тоокту союп атасы экөө жеп алды.

Эртесинде бир чөйчөк тарууну жоолукка салып падышанын ордосуна барат.

– Эмне келдиң аксакал, – дейт падыша.

– Ээ, мен бир жаман иш кылдым. Тоок колумдан чыгып качып кетти. Кызым жумуртканы басып жатат. Сизге мынабу тарууну берип жиберди. Эртең айдап, бүрсүгүнү бышырып кап-капка салып даярдап

турсун тооктун балапандары ачка өлүп калат, – деп таруусунун уругун берген экен чал.

Падыша сөзгө жыгылып, увазирин чакырып, кыздын атасына акча берет.

– Эртең араба жиберем, кызың келсин, – дейт падыша.

Кыз келет. Нике кыйып, аялдыкка алат.

Күндөрдүн биринде:

– Ээ, Манат, үй мүлктү сен бил. Өрттөп жиберсең да өз эркиң. Мен падышалык ишти билейин. Падышалык ишти кандай кылсам өзүм билейин. Жакшы кылсам, жаман кылсам, өзүм билем, – дейт падыша.

Манат макул болот. Үч жыл турмуш сүрүшөт.

Күндөрдүн биринде Манаттын көчөсүндөгү бир абышка бооз бээсин минип бир жакка баратып жол боюнан түшүп бээсин чалдырат. Чал уктап калат. Бээси тууйт. Жол менен бара жаткан бир арабаны ээрчип кулун кетип калат. Бээ кишенеп чалды ойготот. Чал бээсинин тууп койгонун көрөт. Кулуну ээрчип бараткан арабаны кууп жетип:

– Ай, балам, кулунуң арабаны ээрчип баратат, деп эмне үчүн мага бир ооз айтпадың? – дейт, чал.

– Сенин бээң тууса, бээңдин жанында турбайт беле. Менин арабам тууган. Бок жебей кет, – дейт арабанын ээси.

Экөө чатакташып падышага келет.

– Сен бээңди мындай тарт, сен арабаңды мындай тарт. Кимин ээрчисе кулун ошонуку – дейт падыша.

Арабаны ээрчип көнүп калган кулун арабаны ээрчип кете берди.

Анан чал Манаттан акыл жардам сурамакчы болуп ага барат.

– Кулунумду арабакечке алып берип койду. Балдарымды кандай кылам? – дейт чал.

– Мен падышанын өкүмүнө киришпейм. Убадабыз бар, – деди Манат.

Чал жалооруйт.

– Балаңыз барбы бешиктеги, – деп Манат сурайт:

Чал:

– Бар, – дейт.

– Эмесе аке балаңызды алып аялың менен падышага кел, – деди Манат.

Чал баланы көтөрүп, аялы баланы меники деп падышага арызга келет.

– Он ай, көтөрүп омурткам сыздаган баламды чалым бербей жатат. Эмчегим жарылып өлгөнү жатам – дейт аял.

Чал артынан кирип келет.

– Эмнеге бербей жатасың баласын?

– Бул катын тууса берет элем. Теректин жаракасынан этеги чыгып турган нерсени тартып алсам ушу бала экен. Терек тууган баланы аял талашып жатат, – дейт чал.

– Жыгач да бала туучу беле, бок жебей бергин, – деди падыша.

Падышанын бул сөзүн угуп турган аял чалдын колунан баланы жулуп алып, кетип калат. Анда чал олтуруп:

– Ырахмат жыгач да бала туучу беле деп менин колумдагы баланы алып бердиң. Араба кулун тууйт беле? Араба кулун тууйт, – деп сиз деле бээм тууган кулунду арабакечке алып берип койбодуңбу? – дегенде падыша сөзгө сынып, увазирин чакырып кулунун арабакечтен алдырып берет.

Падыша ушул акылды ким айтып берди? – деп ойлоп чалды чакыртып сурайт.

– Чал өзүм ойлогом, – деп айтпай жашырат.

Падыша чылгый төөнүн терисине оротуп, тамдын үстүнө чыгартып коёт. Тери ката баштаганда чал сары зил куса баштайт.

– Айтайын, айтайын, – деп чал жалынат.

– Ким айтты? – дейт падыша.

Чал:

– Манат айткан дейт.

Ошентип падыша сөзгө сынат. Аялына жини келип чакыртат.

– Сени менин падышалык ишиме кийлигишпе, – дедим эле. Бир чалга сөзгө сындырдың. Эми үй мүлкүндөн каалаганыңды алып кеткин, – деди падыша.

Аялы айтты:

– Өлтүрбөгөнүңүзгө ыраазымын, бирок эки кесе көжө кылайын экөөбүз бирге отуруп ичели, анан кетейин, – деди.

Падыша макул болду.

Манат көжө кылып, падышага берчү көжөгө уктай турган бир дарыны салып коёт. Падыша ичип бүтөрү менен уктап калат. Манат бир сандыкка төшөк салып, падышаны ичине бекитип, увазирин чакырып:

– Падыша мага бир сандык берди, – деп арабакечке сандыкты салдырып үйүнө келди. Падышаны сандыктан чыгарып төшөккө жаткырып жанында Манат отура берди.

Падыша ойгонуп:

– Биз кайдан келдик? – деди.

– Биз үйдөн келдик. Үй мүлкүндөн эмне керек болсо ошону ал дедиңиз. Сизден башканын кереги жок экен, сизди алып келдим, – дейт Манат.

– Эч ким көргөн жокпу? – деди падыша.

– Сандыкка салып келдим. Эч ким көргөн жок сизди – деди.

– Эмесе сиз менен өмүрлүк жолдош болоюн, – деп падыша үйүнө алып барды Манатты. Ошентип экөө түбөлүккө бирге өмүр сүрүп калышты.

## ЧАЛ МЕНЕН БЕКХАН

Бекхан алты вазири менен жол жүрүп баратып, жүк көтөрүп алдынан чыккан чалга жолукту.

–Атсалоом алейкум, чалым!

– Оалейкум үч салам, ханым! – деп чал жооп кайтарды.

– Үчтү тогузга сатпайсыңбы?

– Ханым, сатар элем – ал жок, саттырар элем – мал жок.

– Эртең алдыңа алты арстан жиберем, арзан сатпай, кымбат сат, деди да, хан вазирлерин ээрчитип жүрүп кетти.

Жолдо вазирлер кан менен чалдын сөзүнүн маанисин сурашты. Хан жигиттерине:

– Силер вазирсиңер, ошондуктан бул сөздүн маанисин эртеңге чейин өзүңөр тапкыла, эгер таппасаңар башыңарды алам, – деп каарданып койду.

Эртеси алты вазир чалга келди.

– Кечээ хан менен сүйлөшкөн сөзүнүн маанисин айтып бер. Айтпасаң биз өлмөк болдук. Ушул ажалдан куткарсаң, каалаганыңды беребиз.

Чал ары ойлонду, бери ойлонду.

– Эми болбостур айтып берейин, бирок убададан тайбагыла. – Хандын «атсалоом алейкум» дегени – «кудайымдын берер убактысы бир болсун» деген сөз. Менин «оалейкум үч салам» деген сөзүм – «мага бир болгонду ойлосоң, сага үч болсун» дегеним. «Үчтү тогузга сатпайсыңбы» дегени – «үч ай иштеп тогуз ай жатпайсыңбы» дегени. «Сатар элем – ал жок, саттырар элем, – мал жок» дегеним – «өз күчүм жетиштүү болсо сенин айтканыңды ойлонуп көрөр элем» деген сөзүм.

– Баса, алты арстан жиберем дегени кандай?

Чал булардын макоолугуна таң кала бырс этип күлүп койду.

– Алты арстанды жибергени – силер эмессиңерби, силер арстандан кемсиңерби… «Арзан сатпай, кымбат сат» – деди эле – көп албай аз алдым, – деди чал.

## СҮЙЛӨБӨС КЫЗ

Өткөн заманда бир хан болуптур, анын кеңеш бергич мыкты вазири бар экен. Хан да вазир да бала көрбөй,

көпкө чейин зарлап жүрүштү. Бир жылы кандын аялы эркек, вазирдин аялы кыз төрөдү. Бой жетип чоңойгондо ата-энелери экөөнү үйлөнтүп коюшту. Хандын уулу Мээнетбек акылы тайкы, шайкелең, вазирдин кызы Акылжан акыл эстүү, токтоо киши болду.

Күндөрдүн биринде Мээнетбек ойлонуп отуруп, Акылжанды чакырып алды.

– Мен сени менен тура албайм... Мен хандын гана кызын алышым керек.

Муну угуп, Акылжан да сөздү кесе сүйлөдү:

– Өз оюңдан калба, мен макулмун. Эми сага бир акыл айтайын. Үзүр шаарында Жаннат аттуу акылман, сулуу кыз бар. Аны ким үч жолу сүйлөтсө, ошол алат. Эгер мыкты болсоң ошого бар.

Арадан көп күн өтпөй, Жаннат кызды издөөгө Мээнетбек жалгыз аттанып кетти. Нечен күн, нечен түн жол жүрдү. Арып-ачып, аты ыргайдай, өзү торгойдой болду. Күндөн күн, түндөн түн өтүп, акыры толук токсон күн дегенде Жаннат кыздын шаарына жетти. Жаннаттын ордосуна кирип баратып, дарбазада мындай деп жазылган жазууну окуду: «Кимде ким Жаннатты үч сүйлөтсө, Жаннат ошого тиет. Эгер сүйлөтө албаса – өлөт».

Ордонун сакчылары Мээнетбектин атын алып, өзүнө тамак берип, бир аз тыныккан соң, Жаннаттын үстүнө алып келишти.

Мээнетбек Жаннатка кол куушуруп таазим кылды да, анын жанынан орун алды. Эртең менен сөз баштаган Мээнетбек өзү туулгандан берки көргөнбилгенин бүт айтып, таң атырды. Жаннат эч үн чыгарган жок. Таң аппак атып, боз торгой чурулдаган кезде коңгуроосу кагылды.

«Кечеги келген жигит Жаннатты сүйлөтө алган жок, эми хан ага жаза колдонот» деп, жарчы жыйылган элдин баарына маалымдады. Хандын буйругу боюнча Мээнетбек зындандын түбүнө түштү. Ошентип бир жылдан ашык убакыт өттү.

Мээнетбек жөнүндө эч кабар билбеген Акылжан атасынан уруксат сурап, эркекче кийинип, жарак-жабдык асынып, күйөөсүн издеп чыкты. Бир нече күн жол жүрүп Үзүр шаарына келди. Хандын сакчылары Акылжандын атын алып, өзүнө тамак-аш берип, тыныккан соң, Жаннат кыздын үстүнө киргизди. Акылжан кол куушуруп таазим кылды да, Жаннаттын бет маңдайына отурар замат сүйлөй баштады:

– Жаннат кыз, мен сүйлөгөн сөзгө кулак коюп, адилеттик кылыңыз. Менин айтайын дегеним элдин сөзү. Эч ким туура чечпегендиктен сизге келдим. Ал мындай: – жакында эле жыгач уста, темир уста, кийим тиккич жана илимпоз – төртөө узак жолго чыгышат. Жүрүп олтурушуп, бир күнү кеч киргенде калың токойдо өргүп калышат. Токойдун жырткыч айбандары көп болгондуктан, кезек менен аттарын кайтарышат. Биринчи кезек баарынан кичүү жыгач устага ыйгарылат. Ал аттарды карап отуруп эригет да, бир дөңгөчтү жонуп, кадимки кыздын кебетесин жасап, тургузуп коёт.

Экинчи кезек кийим тиккичке келет. Жыгачтан жасалган кызды көрүп, анан ал өз өнөрүн көрсөтмөкчү болуп, кездемеден кийим тигип, кызга кийгизип салат.

Үчүнчү кезек темир устага жетти. Ал берки экөөнүн өнөрүн көрүп: «Мен булардан кем бекем» деп, алтын күмүштөн шөкүлө-билерик, сөйкө кала берсе топчусуна чейин тагат.

Акыры кезек илимпозго келет да, ал барып жасалгалуу жансыз кызды көрүп: «Мен да өз өнөрүмдү көрсөтөйүн» деп кызга жан киргизет... Эртеси «бул кыз мага тийиштүү» деп талашып-тартышып, төртөө тең чарчап бүтөт. Акыры элдеги кара кылды как жарган калыстарга келишет. Калыстар: «Муну биринчи ойлогон жыгач устага тийиштүү» дешет. Буга сиз кандай дейсиз?»

Эч качан үн чыгарбас Жаннат эми чыдай албады:

– Жок, кызга жан киргизген илимпоз алышы керек – деп, кыйкырып жиберди.

Жаннаттын сүйлөгөнүн билдирип ошол замат коңгуроо кагылды.

– Эмки сөз мындай, – Акылжан дагы сөзгө кирди: – Бир кишинин үч баласы болот. Бир кызга үчөө тең кызыгып калышат. Чатак ырбап кетпесин дейт да, атасы үчөөнүн ар бирине миң дилде берип:

– Эң баалуу буюмду кимиң алып келсең – бул кыз ошонуку – деп, балдарын шаарга жөнөтөт.

Булардын эң улуусу кырк күнчөлүк жерге бир күндө учуп жете турган килем, ортончусу төгөрөктүн төрт бурчун тегиз көрсөтө турган таш күзгү, эң кичүүсү тиштесе өлгөнү жаткан киши тириле турган алма сатып алды. Үчөө кайра жолго чыгып, эмне алганын өз ара айтып өтүштү.

– Кана эмесе, күзгүң менен өзүбүздүн айылды көрөлүчү, – деди улуусу ортончусуна.

Үчөө күзгүдөн караса, баары эле аман-эсен, бирок баягы кыз өлгөнү жатканын, анын төшөгүн курчаган элди көрүштү. Үчөө килемге отурушту да, учуп жөнөштү. Кыз ырас эле өлгөнү жаткан экен. Балдардын эң кичүүсү алмасын тиштетер замат кыз: «Оф, ушунчалык уктаган экем» деп тура келди.

Үчөө кызды дагы талашты. Калыстар: «Биринчи көргөн күзгүнүн ээси алат» дешти. Мен буга макул эмесмин, эми сиз калыстык кылыңыз, кыз кимге ылайык?»

Жаннат шашып кетти:

– Алмасын тиштеткен балага ылайык, а берки экөөнүн эч нерсеси корогон жок, – деп жиберди.

«Жаннат экинчи ирет сүйлөдү» деген кабарды берип, коңгуроо дагы кагылды.

Акылжан үчүнчү суроосун чечип берүүнү өтүндү:

– Кыйын ууру, чоң балбан жана жел жетпес күлүк – үчөө жол жүрүп келатса, бир жерде ата-энеси

кызын алтымыш жаштагы абышкага бергени жатыптыр. Кыз ага «барбаймын» деп ыйлаганын угуп үч жолдош кызды куткарып алмакчы болот. Бирок, кантип ала качат – кызды кайтарып калышкан.

– Мен уурдап келем, – дейт да, ууру бир үйгө кирип, кыздын киймин уурдап кийип, анан чалга бергени жаткан кызга жетип, аны эптеп сыртка ээрчитип чыгат. Даяр турган жел жетпес ошол замат кызды көтөрүп сызат. Жер жайнаган киши кууп жөнөйт. Балбан жигит алардын жолун тосуп, бирин да жибербей кайра айдайт. Үчөө айлына келип кызды талашып, «кыз кимибизге тийиштүү» деп калыска келишет. Калыстар «ууру алсын» деп чечишти. Буга сиз кандай дейсиз?

Жаннат дагы шашып калды:

– Жок, андай эмес, жел жетпес алышы керек, – деп, үчүнчү жолу сүйлөдү.

«Жаңы жигит Жаннатты үч жолу сүйлөттү» дегенди билдирип, коңгуроо эми үч угулду. Шаар ичи дүңгүрөп калды. Жалпыга маалим убада боюнча Жаннат бул жигитке тийүүгө макул болду.

Акылжан Жаннатка сыр алдырбады.

– Сени алуудан мурда эли-журтуң менен таанышайын, шаарыңды аралап көрөйүн, – деди да, аттанып шаар аралап, айыл кыдырып, Мээнетбекти издеди. Бир күнү талаада музоо кайтарып жүргөн Мээнетбекке жолукту. Анын чачы менен тырмагы аябай өскөн, этин какач басып, кийми тытылып, кейпи кетип калыптыр. Акылжан аны киринтип, өз кийимин бүт кийгизип, күйөөсүн дал өзүнө окшотту.

– Сен эми мен болуп калдың... Жаннат кыз сага тиет. Бирок ал кызга эч сөз айтпай кирип бар, – деген акылды үйрөттү, да өзү ошол жерде үйүнө кайтып кетти.

Мээнетбек Жаннатты алып, элине шаан-шөкөт менен келип түштү. Эл чогулуп, чоң той болду. Мээнетбекке учурашыш үчүн Акылжан да келди. Мээнетбек аны көрөр замат:

– Мага жолобосун, ары жибергиле! – деп кыйкырды.

Акылжан кайра басып, эми канга барды.

– Ханым, датым бар, Сиздин алдыңызда балаңыздан эки ооз сөз сурамак элем... Уруксат болсо, көпчүлүктүн көз алдында мен айтып сиз уксаңыз экен – деди.

Хан макул болуп, жаш-карынын баарын чакырды. Жаннат кошо келди. Акылжан Мээнетбекке суроо бере баштады.

– Жаннат кызды сиз кандай аракет менен, кандай сөз менен сүйлөттүңүз!.. Сиз музоо кайтарып жүргөн кезде кимге жолуктуңуз? Ал ким эле?

Хандын уулу Мээнетбек моюн бергиси келген жок.

– Өзүм эле сүйлөшүп алгам, мен эч качан музоо кайтарган эмесмин, эч кимге жолуккан да эмесмин.

Акылжандын ачуусу келди да:

– Жаманга жакшылык жарашпайт. Мына бул кийим, бул чач, тырмактар кимдики? – деп куржундагы Мээнетбектин «жасалгасын» чачып жиберди. Жаннаттын ичи күйүп:

– Мен муну билген эмесмин, эми мен хандын уулунда турбайм, азыр кетем! – деди.

Хан башынан макоо уулуна наараазы. Акылжанга ыраазы болуп эли менен кеңешип, хандыкты Акылжанга, вазирликти Жаннатка берген экен.

Ошондон кийин «Акыл айга учурат» деген сөз тараптыр.

# АПЕНДИНИН ЖОРУКТАРЫ

## АПЕНДИ

Өткөн бир кылымда акылман айлакерлиги, кээде маңыроолугу менен адамды таң калтырган бир Апенди болгон экен. Апендинин бир ую, төрт кою бар экен.

Күндөрдүн биринде Апенди багынын түбүндө бир коюн союп отурса, алпкаракуш айланып келип, коюн илип кетет.

Эртеси, кекенип: «Ооба, саган алдырармын! Эми алып көрчү деп, дагы бир коюн соет. Алпкаракуш дагы айланып, келип илерде койдун шыйрагын кармап тартат. Аны күчтүү куш коёбу, көтөрүп алып асманга чыгат, бир убакта алпкаракуш аска зоокадагы бир тектирчеге конуп кой менен Апендини эки балапанына таштап коет.

Апенди тура калып, күтүлбөгөн жерден: «Ой алпкаракуш, менин эки коюмдун акысын бер» деп түртүп жиберет. Алпкаракуш чочуган бойдон бир чоң ташты мыкчый калса ал омкорулуп кетет. Өзү уча качат. Караса каухар таш. Апенди бул коюмдун акысы экен деп койнуна катып, аскадан сыйгаланып түшөт. Коктуга келип түшүп, кечке жатып, кечинде эс алып, шаарга барса, ар кайсы жерде эт сатып жаткан адамдар. Апенди: «Кой, мен жанагы жилик уюмду союп сатайын» деп ойлоп, уюн союп, эшекке жүктөп, этин базарга алпарат. Базарда этти эч бир адам сурабайт. Кечке жуук этти кайра артып келе жатса, Апендини он чакты ит ээрчип алды: «Капырай иттер этти алып жүрбөсүн?» деген ой менен, «эт аласыңарбы?» деп сураса, иттерден бир көк дөбөт алам дегендей ишарат кылат. «Канчага?» десе, ит куйругун кырк жолу ирмей койду. «Ээ болду, кырк дилде оңойбу» деп, сооданы бүтүм кылып, этти тү-

шүрүп берип, үйүнө келди да: «Кемпир, этти итке саттым» деп кубанып, ийги сөз айткансып күлүп койду. «Иттин дагы дилдеси болмок беле?» деп, катыны бир топ ызаланып урушууга чейин барат.

Үч күн өткөндөн кийин Апенди иттен акча алыш үчүн таягын алып кепил дөбөттү издеп жөнөйт. Издеп отуруп барса, бир тамдын көлөкөсүндө дардайып жаткан көк дөбөттү көрөт да, аны таягы менен бир чабат. Уйкуда жаткан ит чочуп кетип кыңшылаган бойдон качып жөнөйт. Апенди кууп жүрүп куйруктан кармап алып: «акчаны бер» деп, таяк менен беш-алты чаап жиберет. Ит чуркап келип бир жерди тырмалайт. Ошол жерде иттин бир сандык казынасы бар экен. Итти коё берип, сандыктагы дилдеден кырк дилдени санап алып, үйүнө келет да: «Эй катын, иттин казынасы бар экен. Санап туруп кырк дилде алып келдим» деп сөз салат. Анда аялы ишенген жок. «Эмесе, иттин казынасын көргөзгүн» деди. Казынаны барып көргөздү эле, катыны: «бул дилдени мен алам» деп чатак салды. «Жок иттин казынасына тийбе, эгер алсаң мен канга барамын» дейт Апенди. Аялы болбой дилдени алып кетет. Апенди үйүнө келери менен чечинип коломтонун жанында отко кактанып отурат. Аялы казанга сууну кайнатып билгизбей түндүктөн жамгыр кылып чачып жиберет. Анда Апенди: «Катын, катын! Ысык жамгыр жаады, түндүктү тарт!» деп кыйкыра баштайт.

Ошону менен Апенди канга барат: «Каным, менин аялым иттин казынасын үйүнө алып келип койду, муну текшерип бериңиз деп сизге келдим» деди.

«Эмесе катынды алып келгиле» деп, кан жигиттерин жиберет. Аялга келсе: «Барбаймын, деги кайсы күнү, кайсы убакта алган экемин, ошону Апендиден сурап көргүлө» деп жигиттерди кайра кайтарып жиберди.

Жиберген жигиттер аялдын сөзүн айтып барышты эле, кан Апендини чакыртып: «Деги кайсы күнү,

кайсы убакта алды эле?» деп сурады. Анда Апенди: «Каным, баягы ысык жамгыр жааган күнү алып келген болучу» деди. Кан: «Оо кокуй десе, ысык жамгыр жаамак беле?» деп Апендини үйүнө кууп жибериптир. Ошону менен Апендинин сөзү калп болуп, аялы дилдени ээлеп калган экен.

## АПЕНДИ КАЗАН САТЫП АЛГАНДА

Илгери Апенди казан сатып алайын деп базарга барган экен. Казанды алып келе жатса, жамгыр жаап, жол тайгак болуптур. Апенди асманды карап: «А кудай, ушул белден аман-эсен чыксам, кудайы кылып ушул казан менен бир атала кылып берейин» деп жалынат.

Жонго чыккандан кийин: «эми мындан быягы ылдый эмеспи» кудайы кылуунун эмне кереги бар деп кетип баратса тайгаланып жыгылып кетип, казаны сынып калат, анда Апенди ордунан турбастан: «А кудай, мен тамаша кылсам, сиз чыны менен эле жыгып казанымды сындырдыңызбы? Мындай тамашаны билбесең, кудай болуп эмне кыласың?» деп кете берген экен.

## АПЕНДИНИН ЭШЕНДИ АЛДАГАНЫ

Апенди үйүнүн жанында отуруп алып: «А кудай, жүз дилде бер. Эгер андан бир дилде, ашык болсо да албайм, кем болсо да албайм» деп айта берчү экен. Аны кошунасы болгон эшен угуп эле жүрөт. Бир күнү эшен «чын айтабы же жалган айтабы» деп Апендини сынамакчы болот да токсон тогуз дилдени баштыкка салып үйүнүн үстүнөн таштап жиберет. Апенди аны алып санаса, токсон тогуз. «Мына бу баштыгы менен туура жүз экен» деп катып алды.

Эшен жүгүрүп келип: «бул дилдени кудай эмес, мен эле сени сынап таштагам. Сен токсон тогуз

дилдени албайм дечү эмес белең» десе, «Жок муну мага кудай тилегиме тууралап туруп баштык менен туптуура жүз кылып бериптир, Ишенбесең кудайдан сура» деп Апенди эшенге бербей койгон экен.

## АПЕНДИНИН ТҮШҮ

Апенди короозун базарга соодалап жүрүптүр. Бир киши тогуз сом берсе: «жок он сом бергин» дейт. Ошентип соодалашып жатып ойгонуп кетет. Ойгонсо короoз да, сом да жок. Кайта көзүн жуумп колун сунуп: «Мейли, 9 сом болсо деле бергин» деген экен.

## АПЕНДИ МЕНЕН КАН

Апенди бир күнү кан жана кандын уулу менен бир жакка жөнөдү. Жолдо кан ысып кеттим деп Апендиге кийимин көтөртүп койду. Атасын туурап баласы да кийимин Апендиге берди. Ошондо кандын уулу атасына карап: «Ата, Апенди бир эшектин жүгүндөй жүк көтөрүп келе жатат» деди шылдыңдап. Анда Апенди: «Балам, мен бир эшектин жүгү эмес, эки эшектин жүгүн көтөрүп келе жатамын» дептир.

## АПЕНДИ ЖИГИТТЕР МЕНЕН

Бир күнү жигиттер Апендини алдайлы деп чогулуп келип: «Апенди бүгүн алдагы жалгыз козуңду сой, эртең кыямат кайым болот экен дешти. Апенди: «Айтканыңар жакшы, балдар, каякка алпарып соёюн» деди эле, «биякка» деп, бирөө көлдүн жээгине ээрчитип барды. Балдар козуну союп, Апендини «бышырып тур» деп кийимдерин чечишип, өздөрү сууга түшүүгө кетишти. Апенди алардын кийимин бүт отко жагып, этти бышырып койду. Балдар келип, киели дешсе кийимдери жок. «Апенди кийимдериbиз кана?» деп сурашты. Анда Апенди: «Кийимди

эмне кыласыңар? Эртең кыямат кайым болгуча бул этти жегиле, эт бышпай калганынан кийимди отко жактым, анын эмне кереги бар! Эртең кыямат болот, кийимге кайгырбагыла» деди.

## АПЕНДИ АЛТЫН ТАПКАНДА

Апенди бир күнү кош айдап жатып чоң бүлөөдөй болгон алтын таап алат. Шашылып үйүнө келип, бирдемени чапанына ороп таштап коюп, өгүзүнө чөп салды. Аялы алтын экенин таанып, алып туруп ордуна ошондой кайрак таш салып койду. Апенди байкабай эле кандын алдына чуркап барды да: «Чогулуп келгиле, мунун эмне экенин билели» деп кыйкырды. Кан вазирлери менен чогулуп келсе, чапандан тултуйган кайрак таш чыкты. Апенди: «Ии мына ушуну айтам» деди. «Мунун эмнесин айтасың, бул таш» деди кан. «Жок, таксыр биздин айылдын жартысы 4 кадак, жартысы беш кадак дейт кимисиники туура, таксыр?» деди Апенди. Кан Апендинин бирдеме тапканын билип: «Муну жалгыз камап койгула, акырын тыңшап, шыкаалап тургула» деди вазирлерине карап. Апенди: жалгыз үйдө камалып туруп: «Ой тобоо, узуну, туурасы, чоңдугу куду эле ушундай эмес беле» деп, колу менен көлөмүн ченеп, кыймылдап кобурай берди. Тыңшоочулар канга Апендинин таң калып жатканын айтышты. «Бирок эмне буюм экенин айтпайт» дешти. «Эшикке алып чыгып башына улпакты сууга чылап илип койгула, анан айтат», деди кан. Апенди улпак салынган жембаштыкты алып таштайын десе, колу байлалуу, «бери кел» деп, канды ымдап чакырды. «Эми мага шыбырап айтат экен» деп, кан кулагын тоссо, тилдеп туруп: «Колумду чечип кой» деген экен.

## АПЕНДИ ЖАНА АЧ КӨЗ КОЖО

Илгери, илгери бир заманда бир Апенди менен ач көз кожо деген болгон экен. Күндөрдүн бир күнүндө Апенди кожого келип: «Казаныңды берип тур, оокат бышырып ичейин» дейт.

Оокат бышырып эртеси Апенди кожонун казанына дагы бир кичине казан кошуп кожого келип: «Ой тобоо, кожом куданын кудурети менен казаныңыз төрөдү. Ишенбесеңиз мына» деп, эки казанды тең кожого берет. Ач көз кожо, Апендинин эки казан бергенине ичинен тынып, сүйүнүп алып калды.

Күндөн күн өтүп дагы бир күнү Апенди кожого келип: «Ой кожом, казаныңызды дагы берип туруңуз» деп сурап алып үйүнө барганда казанды сындырып таштайт. Эртеси кожого келип: «Ой кожо, казаныңыз төрөй албай, өлүп калды» дейт. Анда кожо: «Эмне себептен казан төрөй албай өлүп калды? Кандай болсо да таап бересиң. Таппасаң казыга чакыртам» деп ачууланып кетет. Казы жигиттерин жиберип, Апендини чакыртат. Казы: «Кожо, кана, эмне арызың бар?» дейт. Кожо «өх!» деп жөлөнүп, чөктүшүп отура калып: «Таксыр, иштин башталышы мындай. Бир күнү Апенди келди да, казанымды сурап алып кетти. Эртеси казаның сынып калды деп, казанымды бербеди» дейт.

Анда казы: «Ай Апенди, сен айт» деди. Анда Апенди мындай деди: «Кожонун казанын алдым да, эртеси казаны төрөдү эле алып бардым. Кош. Андан дагы бир күнү казанды дагы алып келдим эле, казан төрөй албастан өлдү» деди.

Анда казы: «Ай кожо, казандын тууганы ырас беле?» деди.

«Ооба казанымдын тууганы ырас» деди кожо. Казы: «Аа, анда казаның тууганы ырас болсо, өлгөнү да ырас» деп Апендинин сөзүн сөз кылып коёт.

Ошентип, Апенди кожону жеңген экен.

## АПЕНДИНИН АҢГЕМЕЛЕРИ

Бир күнү Апенди жолдо келе жатып, күзгү таап алат. Ал күзгү менен өзүн караса, сакал-муруттары өскөн, чачы алынбаган бир кишини көрөт да: «Бул өзү киши эмес эле, маймыл бейм» деп күзгүнү ыргытып жиберген экен.

* * *

Апендинин зайыбы төрөмөк болуп толгото баштады. Бирок, толгоосу узарып эки күнү төрөй албай жатты. Апенди бакты аралап, үч-төрт чымчыкты кармап келди да, зайыбынын алдына таштап койду.

– Ай Апенди, бул эмнең? – деп зайыбы сурады.

– Балдар чымчыкты жакшы көрөт. Булардын чыйылдаган үнүн укканда ичиңдеги балаң «ойноймдеп жүгүрүп чыксын», – деди Апенди.

Апенди эшегин жоготуп, аны издеп келатып, жолдо бир кишиге жолукту:

– Эшек жоготтум, көрдүңбү?

– Көрдүм. Эшегиң палан шаарда бий болуп, азыр өкүм чыгарып отурат, – деп жолуккан киши жооп берди.

– Сен туура айтасың, тууган, – деди Апенди, – ал акыры ошондой чоң бий болот деп, өзүм да үмүт кылып жүргөм, себеби мен бийлик иштерин жүргүзүү жөнүндө сабак бергенимде, кулагын шалпайтып өтө кунт коюп уккан эшек болчу.

Апенди үстүнө жаман чапан, бутуна чокой кийип, бай өткөрүп жаткан тойго барыптыр. Тойдун ээси жасалгалуу үйлөргө жалаң бай, молдо, сопу, соодагерлерди кийирип, кийими жамандарды эски тамга үстү-үстүнө камап жаткан экен. Апендини да бай ошол эски тамдагы опур-топурга кошот. Табакка чүйгүндөн үйүлгөн даамдуу тамактын баары жасал-

галуу жакшы үйдө отурган байларга тартылып, ал эми жарды кишилерге келген табактан Апенди да жарытылуу эч нерсеге жетпей калат.

Эртеси Апенди үстүнө чапан, бутуна жылтыраган маасы кийип, башына селде оронуп, ошол эле тойго дагы келет, байдын жигиттери гана эмес, өзү да муну абдан урматтап тосуп, жакшы үйдүн төр жагына отургузуп, нечен түркүн даам менен бирге табакка толгон палоону алдына коюшат.

Апенди үстүндөгү чапанды чечип, анын этегин палоого тыгып:

– Жегин, кадырлуу мейман, же палоону! – дейт.

– Ай, кутурган, Апенди, сага эмне болду? Киши жечү палоону кийип турган чапаныңа бергениң кандай? – деп бай ачууланат.

– Анын себеби мындай: Кечээ күнү мен жаман чапан жана эски чокой кийип, эч нерсе жебей калгам. Бүгүн жаңы чапан, жалтырак маасы кийип келсем, алдымда дүйүм тамактын баары толуп калды. Демек, бул тойдун ээси өзүмдү эмес, мен кийген кийимди сыйлайт экен.

* * *

Бир күнү кан кийикке чыкканда, Апендини кошо жолдош кылмак болуп:

– Оо, Апенди, бүгүн биз менен бирге кийикке жүргүн, – деп Апендини ээрчитип алды. Бирок аны эң эле кашаң жана арык атка мингизип коюшту. Узак убакка кийик уулап, кечкежуук үйдү карай кайткан кезде, жаан шатыратып төгүп жиберди. Беркилердин баарынын аты тың жана жакшы аттар болгондуктан, чапкан бойдон шаарга кирип кетишти. Апенди атын камчыласа эшейип баспай койду. Эч болбосо шаарга кургак барайын деди да, үстүндөгү кийимдерди бүт чечип, астына салынып алды. Акыры шаарга жеткенде, аларды кайра ки-

йип, кандыкына келди. Кан Апендинин кийими бүт кургак экенин көрүп аябай таң калып:

– Оо, Апенди, биз аттын оозун коё берип туруп, үйгө жеткенче жаанга абдан суу болдук, а сенин кийимиң купкургак, бул кандай? – деди.

– Каным, мен минген ат анык шумдук экен. Силерден азыраак кала түшүп, анан шаарды карай сызган бойдон жөнөгөндө, мен муну шамалдан мурда баратабы деп ойлодум. Шаарга тез эле жетип, жаан басылгандан кийин мында келдим, – деди.

Кан аң-таң болуп, Апенди минген атты жакшылап бактырып койду.

Бир күнү кан кийикке дагы чыгып, Апендиге бөлөк атты мингизип, дал ошол кашаң атты өзү минди. Булар кайра кайткан кезде асманды булут каптап, жаан нөшөрлөтүп куюп жиберди.

Апенди минген атына камчы басып, шаарга кирип кетти. Ал эми канчалык аракет кылса да, минген аты ордунан жылбай, жолдошторунан капкайда артта калды. «Бул ат качан учат?» деп ойлоп көпкө күттү. Бирок, аты илкигенден илкип олтуруп, канды шөмүрөтө суу кылды. Кан шаарга араң жетип үйүнө келсе, Апенди купкургак гана жыргап отурат.

Кандын кыжыры кайнап:

– Сен мени неге алдадың? Мындан кийин бул адатыңды коюп жүргүн. Мен сага ишенем деп, кийимим бүт суу болуп, өзүм да үшүп бүттүм, – деди.

Анда Апенди:

Сен эмнеге ачууланасың? Үстүңдөгү кийимиңди чечип астыңа салып, жаан басылгандан кийин кайра кийингенди билген жоксуңбу? – деди.

Бир күнү Апенди жалгыз казын союп, казанга салып бышырды да, канга берейин деп, аны колтугуна кысып, жолго түштү. Баратканда курсагы ачып, каздын бир санын жеп койду.

Апенди алып келген казды көрүп кан:

– Ой, Апенди, бул каздын бир саны кана? – деп сурады.

– Оо, каным, быйылкы жылы канча каз болсо, ошонун баарынын бирден гана буту бар, ишенбесең өз короондогу каздарды кара, – деди Апенди.

Кандын короосунда жоон топ каз бар эле, жаандан кийин алардын баары бир бутун көтөрүп турган экен.

Кан өз жигитине:

– Мына бул каздарды таяк менен ургулап куугун, – деди.

Жигит барып, таяк менен урганда, каздар кош аяктап кача баштады.

– Сен калп айтыпсың, Апенди. Тигилер эки буттуу турбайбы, деди кан, качып бараткан каздарды көрсөтүп.

– Эгер ушул таяк менен ургуласа, сен эки эмес, төрт аяктап секирер элең, – деп Апенди канды сөзгө жыкты.

* * *

Апендинин короосундагы жемиш бактарынын ичинде эрте быша турган шабдаалысы бар экен. Күндөрдүн биринде Апенди андан сапсары болуп бышып калган үч шабдаалыны көрдү. Үчөөнү тең үзүп жайпак табакка салып, кандын үйүн карай жөнөдү. Жайпак табакта шабдаалылар ары-бери томолонуп, бирине-бири тие баштаганда Апенди:

– Тентек кылбагыла, жемиштер, болбосо силерди оозума салып жеп коюп жаштайыңарда соолтом, – деди.

Үч шабдаалы аны укпастан дагы эле кагылыша берди.

– Булар бирге турса, тентектигин койбойт экен, – деп Апенди шабдаалынын экөөнү жеп алып, бирин канга алып келди.

Кан шабдаалыны жегенден кийин Апендиге чоң ыракмат айтты.

Канга бериш үчүн Апенди дагы бир күнү жаңгак алып бара жатты. Жолдон бир киши жолугуп:

– Кайда жөнөдүңүз, Апенди? – деп сурады.

– Канга жаңгак алып баратам.

– Жок, сиз жаңгакты коюңуз, андан көрө кандын абдан жакшы көргөн тамагы – мейизди алып барыңыз, – деди ал киши.

Апенди анын тили менен жаңгакты таштап, канга мейиз алып барды.

Бирок кан мейизди эң жаман көрчү экен.

– Мындан кийин Апенди мейиз көтөрүп келгенин койсун. Аны ошол өз мейизи менен аябай ургула, – деп кан жигиттерине буйрук берди.

Жигиттери ура баштаганда, Апенди өзүнө мейиз тийген сайын:

– Каным, мунуңузга чоң ыракмат! – деп улам ыраазы болуп турду.

– Эй, Апенди, сени бул жерде сабап жатышса, сен ага кайгырмак түгүл, кайра ыракмат айтканың кандай? – деди ошол жердеги кишилердин бири.

Анда Апенди:

– Ээ, тууган, ар ким өз айыбын өзү билет. Булар мени жаңгак менен сабай турган жөнү бар эле, бирок минтип кудай колдоп, жупжумшак мейиз менен сабап жатышпайбы. Мен ошон үчүн ыракмат айтып жатам.

– Эмне дейсиң? – деп сурай калды кан.

– Мен мында жаңгак алып келе жаткам. Жолдо бир киши жолугуп: жаңгакты коюп, мейиз алып бар деди. Эгер мында мен жаңгакты көтөрүп келсем, башыма катуу тиймек экен. Мейизди ушунчалык жумшак жаратканы үчүн кудайга миң ыракмат, – деп Апенди чыгып кетти.

## АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ

| | | |
|---|---|---|
| Саяпкер | – | күлүк таптаган киши. |
| Ак олпок | – | жоо кийими. |
| Көөрчөк | – | эчкинин, койдун сүтүн кымыз же айран менен ачытып жасаган суусундук, тамак. |
| Аят | – | курандагы сөз, сүрө (изречение). |
| Нез кара | – | жалдырап, эси ооп, таң калып ж.б. |
| Марча | – | туздуу жер, шор. |
| Отоло | – | жер которуу. |
| Жин | – | ичтеги (ичеги-карындагы) бок-жин. |
| Вордонду | – | тойду, семирди. |
| Малма | – | тери ийлегенде керектелүүчү ачыткы. |
| Кандагай | – | тоо эчкинин терисинен тигилген шым. |
| Мамы | – | мында тосмо үчүн орнотулган казыкты айтып жатат. |
| Айырмач | – | балдарга ылайыкталган ээр. |
| Дигер шам | – | көз байланган учур, күүгүм. |
| Мүнүшкөр | – | куш таптаган киши. |
| Киш тон | – | Суусардын (соболь) терисинен жасалган тон. |
| Курмушу | – | эски кийизден жасалган белбоо, кур жөнүндө айтылат. |
| Көөрүк (көрүк) | – | темир устанын териден жасалган (от үйлөгөн) буюму. |
| Тулуп | – | териден жасалган баштык. |
| Чексе | – | салмак бирдиги.1 чексе 5–6 кг. чамасында болот. |
| Үшүнөн | – | эсинен танып деген мааниде. |
| Жүздүк | – | шакек. |
| Жантак | – | төө жей турган тикенектүү өсүмдүк. |
| Кучкач | – | канаттуунун аты. |
| Кестик | – | бычак. |
| Сабын (забын) | – | канына калба, убалына калба деген мааниде. |
| Киш телпек | – | суусар тебетей, тумак. |
| Сетер | – | жүдөгөн, араң кыймылдаган. |
| Текөөр | – | алгыр куштун курч тырмагы. |
| Обозгер | – | вазир. |
| Жамбы | – | алтын, күмүштөн эритйлип жасалган ар түрдүү формадагы жана салмактагы эритме (слитка). |

| | | |
|---|---|---|
| Кесек | – | ылайдан тоголоктоп кургатылат. Дубал тургузганда колдонулат. |
| Саятчы | – | тор жайып куш күйгөн, куш кармаган киши. |
| Намыр | – | буйрук, окүм деген мааниде. |
| Куптан | – | 1) беш убак намаздын акыркысы. 2) күн баткандан кийин 2–3 саат өткөн убак. |
| Намаз шам | – | 1) беш убак намаздын төртүнчүсү. 2) күн баткан мезги л. |
| Бакырыңа | – | 1) пендеңе. 2) кембагал киши. |
| Телиген | – | өзүнүн эмес, башканын баласын эмизген. |
| Сан, сан миң | – | эсепсиз, сандаган көп. |
| Сарпай | – | кийит. |
| Жуук | – | жакын. |
| Кадак | – | салмак бирдиги, фунт. |
| Палан | – | балан, түкүн. |

## ТҮШҮНҮКТӨР

**Балдар ырлары.**

**Бешик ыры.** – Кыргыз Илимдер Улуттук Академиясы, Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазм лар фондусу. Инв. 247.

**Бешик ыры**

**Сал билек**

**Айланайын ай сары.** М. Богданованын «Кыргыз фольклору» деген кол жазмасы. Инв. 1292, 1808.

**Уул баланы терметкенде.**

**Кыз баланы терметкенде.** С. Токторбаев. Өспүрүмдөр оюндары. Б. 1991.

**Чымчыкей, Манжалардын кеңеши, Ак терек, көк терек, Чикилдек оюну, таш мелжөө, Так теке, Коен томук тутуу, Ууруга, Соргокко, Качаакка, Чалайга, Бечелбай, Бечелбайга. Кыргыздар. Түзгөн К. Жусупов, IV том. Б. 1997. 419–421-б., 428–429-б.**

**Каак-каак каргалар, Каркыра, Жүн таптым, Үркөр, үркөр топ жылдыз. Торпогум, Торпогум, Турумтай Кырмычык, Мышык, Баштыгым, Тайлак, Биздин кой, Тол, Чуко, Улар, Тарагым, Көпөлөк, Торпогум, Кайырмак, Улагым, Тол, Жээрде тай, – Ы. Абдрахманов жыйнаган материалдар. Инв. 1808. жана 223, 224, 335, 408. Балдар ыры. 1949-жылы Тянь-Шандан жыйналган. Инв. 207. Кара улак. 1949-жылы Тянь-Шандан жыйналган. Инв. 209. Кулкуну жаман кулалы. М. Мураталиев жыйнаган материал - дардан. Инв. 544.**

**Кырк биринчи жылында.** 1941-жылы Чаткал районунан М. Мураталиев тарабынан жыйналган фольклордук материалдардан алынды. Инв. 187.

**Аскердеги агайыма.** Бул ыр 1949-жылы Ысык-Көлдөн Исраи- лов Сыдыкбек тарабынан жыйналган. Инв. 210. № 1 дептер.

**Баатыр бол, Тогузунчу май, Агайыма, Аскердеги агама, Баа- гырларга ырахмат.** 1949-жылы Ы. Жакыпов баштаган фольклор- цук экспедиция тарабынан Тянь-Шандан жыйналган. Инв. 209. **Уулума кат.** 1947-жылы М. Мураталиев жыйнаган. Инв. 186. **Фронттогу агайларга.** 1947-жылы Чаткал районунан М. Мура- **галиев** жыйнаган. Инв. 187.

**Мен жаш тилек,** 1949-жылы Тянь-Шандан жыйналган. Инв. 207.

**Акыйлар.** Инв. 444, 78, 542, 1292.

**Жаңылмачтар.** Инв. 1292, 53, 43, 56, 241, 448.

**Табышмактар.** Инв. 53, 46, 5, 56, 241, 439, 706.

**Балдар оюндары.** 1947-жылы Чоң-Алай районунан К. Мифтаков жыйнаган. Инв. 170 жана А. Тыныбеков жазып тапшырган «Кыргыздын улуттук оюндары» деген кол жазмадан алынды. Инв. 134.

**Калптар.** Инв. 308, 309, 310, 358, 445, жана «Кыргыздар» IV том. Түзгөн К. Жусупов. Б. 1997. 424-бет.

**Макал-лакаптар.** Инв. 34, 53, 65, 197, 285, 302, 361, 362, 437.

**Жомоктор.**

**«Төштүк»** 1940-жылы Ы. Абдракманов Ат-Башы районундагы Ак-Талаа сельсоветиндеги «Жаңы-Күч» колхозунун мүчөсү К. Суранчиев жазып алган. Инв. 101.

**«Жоодарбешим»** 1940-жылы Ы. Абдракманов Ат-Башы районундагы «Жаңы-Күч» колхозунда жашаган Суранчиев Калчадан жазып алган. Инв. 101.

**«Алназар Бакы»** Бул жомокту 1926-жылы Жолдошев Токчоро жазып алган. Кимден, кайсы жерден жазып алганы белгисиз. Инв. 2.

**«Муңдуубай»** Бул жомокту 1926-жылы Насирдин Ботой уулу, Өмүраалы Маана уулу Каракол кантонунан жазып алышкан. Кимден жазып алынганы белгисиз. Инв. 348.

**«Чыныбек»** Л. Кошоева жыйнаган. Инв. 348.

«Чынарбай» **Инв. 416.**

**«Жанек мерген»** Бул жомок 1950-жылы Кочкор районуна караштуу «Кочкор» совхозунун мүчөсү Б. Капаровдон жазылып алынган. Инв. 400.

«Сокурбай» **Инв. 416.**

**«Карач баатыр»** 1959-жылы Жумгал району, «Чаек» колхозунда туруучу Шамшиев Алмасбектен жазылып алынган. Инв. 499.

**«Кенже бала»** 1960-жылы «Ак там» кыштагында жашоочу Сатыбаев Ашырбектен уулу жазып алган. Фондуга Ош областы, Ала-Бука району, «Колхоз турмушу» газетасынын адабий кызмат- кери Калмурат Рыскулов тапшырган.

**«Алтын куш»** Ж. Бейшекеев иретке келтирген. «Алтын куш» жомогу башка номердеги материалдардан да жолугат. Инв. 416.

**«Көчпөсбайдын баласы»** Л. Кошоева жыйнаган. Инв. 348.

**«Кемпирдин жети баласы»** Ж. Бейшекеев иретке келтирген. Инв. 348.

**«Атанын керээзи»** 1950-жылы «Ала-Бука району, «Жапасал ды» кыштагында туруучу Эшназаров Усуптан анын баласы Сатар жазып алган. Фондуга К. Рыскулов тапшырган.

**«Жалгыз уул Жанадыл»** 1959-жылы Мураталиев Кыдыралыдан жазылып алынган. Инв. 499.

**«Жаннат»** 1950-жылы мурунку Тянь-Шань областы, Куланак району, «Эмгек талаа» жети жылдык мектебинин мугалими Ыды рысов Абылкай, Фондуга тапшырган. Инв. 400.

**«Мадылген сулуу»** 1959-жылы Жумгал району, Чаек колхозунда жашап туруучу Мураталиев Кыдыралыдан фольклордук экс- педициянын мүчөлөрү тарабынан жазылып алынган. Инв. 499.

**«Кандын баласы»** 1959-жылы Мураталиев Кыдыралыдан жазылып алынган. Инв. 499.

**«Муңдук менен Зарлык»** 1963-жылы Тил жана адабият институтунун Жети-Өгүз районуна уюштурулган фольклордук экспеди- диянын катышуучулары С. Байходжоев, С. Закиров, С. Жумады- лов, Э. Аманбаев, А. Токомбаевалар «Победа» колхозунда жашаган Байболотов Дүйшөмбүдөн жазып алышкан. Инв. 150

**«Алтын балык»** Баткен району, «Бужум» кыштагында туруучу Салиев Пайзилладан Сабиров жазып алган

**«Акчүкө** менен **Куучүкө»** 1951-жылы Тогуз-Торо районундагы Атай орто мектебинин окуучусу Сатылганова Күмүштөн жазылып алынган. Инв. 400.

**«Өнөрлүү бала»** 1950-жылы Кочкор району, «Кочкор» совхозунда жашаган Б. Капаровдон жазылып алынган. Инв. 400.

**«Мендирман»** 1966-жылы Тил жана адабият институтунун Калинин районуна уюштурулган фольклордук экспедициянын катышуучулары: С.Закиров, А. Токомбаев, П. Ирисов «Кызыл-Дыйкан» айылдык советинде жашаган Рыскулбеков Бейшебайдан жазып алышкан. Инв. 535.

**«Ажыдаар аял»** Бул жомок 1969-жылы Ысык-Көл районуна караштуу «Өрүктү» айылдык советинде жашаган Урдөөлөтов Орозбайдан жазылып алынган.

**«Талкамыш»** «Ала-Бука» району, «Колхоз турмушу» газетасынын адабий кызматкери К. Рыскулов 1959-жылы Карл Маркс атын дагы орто мектепте тил, адабият мугалими болуп иштеп жүргөн кезинде «Ала-Бука» району, «Жапасалды» кыштагында туруучу Эшпазаров Усуптан анын уулу Сатарга жаздырып, фондуга тапшырган.

**«Торгой»**. 1922-жылы 25-июлда Молдобасан Мусулманкул уулунан Нарын-Шоро болушунда Каюм Мифтаков жазып алган. 1925- жылы Ыйманбек Шамен уулу жыйнаган материалдын арасынан да жолугат. Бирок кайсы жерден, кимден жазып алгандыгы белги- сиз. Инв. 348.

**«Абышка менен түлкү»**. 1922-жылы Нарында Осмонаалы Дордой уулунан жазылып алынган. Инв. 346.

**«Мышык, түлкү, аюу, карышкыр»**. 1927-жылы Насирдин Ботой **уулу** жазып алган. Инв. 7.

**«Айбандардын достугу»**. 1922–23-жылдары жыйналган, кимден жазылганы белгиеиз. Инв. 70.

**«Чомотой саятчы».** Бул жомок Түп районунда жашаган О. Урманбетовдон жазылып алынган.

«Түлкү, ташбака жана чапкене».

**«Кыргый менен** үкү». 1927-жылы Насирдин Ботой уулу жазып алган. Инв. 7.

**«Дөөтү уста менен ителги». Түп** районунда жашаган **О.** Урмамбетов жазып тапшырган.

**«Түлкүнүн жуучу болушу».** 1951-жылы Тянь-Шань өрөөнүнөн Жаманкулова Таалайкан жазып алган. Инв. 400.

**«Акылдуу кыз».** Л. Кошоева иретке келтирген. Инв. **348.**

**«Обозгердин кызы».** Бул «Сүйлөбөс кыз» аттуу жомокко жакын, айырмачылыгы да бар. «Чаек» сельсовети, «Чаек» колхозунда жашап туруучу Т.Чомбаевден жазылып алынган. Инв. 301.

**«Зар менен Мээр».** Качан, кайсы жерден жана кимден жазылганы белгисиз. Инв. 64.

**«Жеке таз менен жети таз».** Ысмайыл Малыевден жазылып алынган. Инв. 60.

**«Сары таз».** Б. Кебекова бала кезинде агасы В.Кебековдон уккан. 1975-жылы «Кыргыз эл жомоктору» деген жыйнакка чыккан.

**«Аккөңүл менен Каракөңүл».** Бул жомок «Аксанатай менен Карасанатай» деген жомоктун варианты. Инв. 180.

**«Кыдыр, акыл, ырыс».** Борбордун фондусундагы № 180-инвентардан алынды.

**«Кандын кызы».** 1959-жылы Жумгал району, «Чаек» колхозунда туруучу Байтөлө Сартаевден жазылып алынган. Инв. 499.

**«Акылман сынчы».** 1959-жылы Жумгал району, «Чаек» колхозунда туруучу Байтөлө Сартаевден жазылып алынган. Инв. 499.

**«Акылман вазир».** 1966-жылы Калинин району, «Кызыл-Дыйкан» колхозунда туруучу Рыскулбеков Бейшенбайдан жазылып алынган. Инв. 535.

**«Кан менен вазир».** 1950-жылы Жумгал районуна караштуу «Чолпон» мектебинин мугалими Курмановдон жазылып алынган. Инв. 400.

**«Атасөзү».** 1959-жылы Жумгал району, «Чаек» колхозу, «Кызыл Туу» бригадасында туруучу Мураталиев Кыдыралыдан жазылып алынган. Инв. 499.

**«Сулайман бай».** Л. Кошоева жыйнаган. Инв. 348.

**«Алымкул түшчү».** Ж. Бейшекеев иретке келтирген. Инв. 416.

**«Убадага бек жигит».** Ысык-Көл районуна караштуу «Кызыл Бирлик» колхозунда жашаган Казмамбет Жээнбаевден жазылып алынган. Инв. 579.

**«Кандын кызы».** 1946-жылы Муктарбек Өмүровдон жазылып алынган.

**«Жоомарттык».** 1970-жылы Жаки Таштемиров Талас району- нан жазып алган. Инв. 575.

**«Кан менен саятчы»** Туп районунда жашаган О. Урмамбе- тов айтып берген жомоктордон.

**«Көсөө»** 1959-жылы Жумгал району, «Чаек» колхозунда жа- шап туруучу Мураталиев Кыдыралыдан жазылып алынган. Инв. 499.

**«Амалдуу кедей».** 1959-жылы Жумгал району, «Чаек» колхозунда туруучу Байтөлө Сартаевден жазылып алынган. Инв. 499.

«Акылдуу дыйкан». **Инв.** 180.

**«Айлакер бала».** 1951-жылы Тянь-Шань өрөөнүнөн пед-училищанын студенттери жыйнаган. Жомокту Эшимбеков Сайиндин жазып алган, бирок кимден укканын көрсөткөн эмес. Инв. 400.

**«Дыйкан менен кан».** 1951-жылы Тянь-Шань өрөөнүнөн Ж. Бердибеков жазып алган. Инв. 400.

**«Кан букасы менен жардынын букасынын сүзүшкөнү». 1928-**жылы Кемпиров Ысмат Өмүрзаков Кудайбергенден жазып алган. Инв. 45.

**«Асан Кайгы жана Азиз Жаныбек кан».** Ы. Абдракманов тапшырган материалдан, Инв. 280.

**«Жээренче чечен».** Л. Кошоева жыйнаган. Инв. 348.

**«Жээренче чечендин аялын угузуу».** 1949-жылы Ысык-Көл району, «Карал-Дөбө» колхозунда туруучу Акматаалы Шадыканов- дон жазылып алынган. Инв. 280.

«Жээренче чечен менен Алдар Көсөө». 1940-жылы Ы. Абдракманов институттун фондусуна тапшырган. Инв. 269.

«Алдар Көсөөнүн жин-шайтанга жолукканы».

«Апенди». 1947-жылы Ысык-Кел районуна караштуу Токтогул орто мектебинин мугалими Кыштобаев Осмондон жазылып алынган. Инв. 95.

«Апендинин аңгемеси», «Апенди эшенди алдаганы», «Апенди нин түшү», «Апенди менен кан», «Апенди менен кан», «Апенди жигиттер менен», «Апенди алтын тапканда». 1940-жылы Жалал-Абад районунда жашаган Эгизовдун варианты алынды. **«Апенди жана ач** көз **кожо».** 1947-жылы Гулчө району, Сталин колхозунда туруучу Аканов Сагымбайдан жазылып алынган. Инв. 236.

«Апендинин окуяларынан».

**«Домонун кызы».** А. Осмонов жыйнаган материалдардан. «Адабият». Инв. 1784.

**«Манат».** Инв. 600.

«Чал менен Бекхан».

«Ырыс алды ынтымак».

«Түлкү менен кене».

**«Төрт азамат».** Окуу китептеринен алынды.

# МАЗМУНУ

АЛДЕЙ, АЛДЕЙ АК БӨПӨМ (БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУ) ................ 3

**I. БАЛДАР ЫРЛАРЫ**

БЕШИК ЫРЫ (1-вариант) ........................................ 37
АЙЛАНАЙЫН АЙ САРЫМ ........................................ 38
БЕШИК ЫРЫ (2-вариант)........................................ 39
УУЛ БАЛАНЫ ТЕРМЕТКЕНДЕ ........................................ 41
КЫЗ БАЛАНЫ ТЕРМЕТКЕНДЕ ........................................ 42
БЕШИК ЫРЫ........................................ 44
САЛ БИЛЕК ........................................ 45
БЫЙТЫ-БЫЙТЫ ........................................ 45
ТАЙ БАЛАМ ........................................ 45
ЭСИМДЕ ........................................ 46
ЭГЕЛЕК ........................................ 46
ЭГИЗ ........................................ 46
ШЫЛДЫРШЫП ........................................ 47
ИЛЕШ........................................ 47
КӨК ЖӨТӨЛ ........................................ 47
ЧЕБЕР ........................................ 48
ТОГОНОК ........................................ 48
КАШКА ТАЙ........................................ 48
КҮКҮК ........................................ 49
ОРТОН ТЕРЕК ........................................ 49
САГЫЗГАН ........................................ 50
ОЮН ЫРЛАРЫ ........................................ 51
ЧЫМЧЫКЕЙ ........................................ 51
МАНЖАЛАР КЕҢЕШИ ........................................ 51
АК ТЕРЕК, КӨК ТЕРЕК ........................................ 52
ЧИКИЛДЕК ОЮНУ ........................................ 52
ТЫВЫР........................................ 53
САТТЫМ-АЛДЫМ........................................ 53
ТАШ МЕЛЖӨӨ ........................................ 55
(ТАШ УРГАНДА, УРГАН ТАШКА АЙТАТ). ........................................ 55
ТАК ТЕКЕ ........................................ 55
КОЁН ТОМУК ТУТУУ ........................................ 56
КААК-КААК КАРГАЛАР ........................................ 56
КАРКЫРА ........................................ 56
ЖҮН ТАПТЫМ ........................................ 56
ҮРКӨР, ҮРКӨР ТОП ЖЫЛДЫЗ ........................................ 57
ТОРПОГУМ (1-вариант) ........................................ 57
ТОРПОГУМ (2-вариант) ........................................ 58
ТУРУМТАЙ ........................................ 58
КЫРМЫЧЫК ........................................ 59
МЫШЫК ........................................ 59
БАШТЫГЫМ ........................................ 59
ТАЙЛАК ........................................ 59
БИЗДИН КОЙ ........................................ 60
ТӨЛ (1-вариант) ........................................ 60
ЧҮКӨ ........................................ 61

УЛАР ........ 61
ТАРАГЫМ ........ 62
БАЛДАР ЫРЫ ........ 62
ТОРПОГУМ ........ 63
КӨПӨЛӨК ........ 63
УЛАГЫМ ........ 63
ЖЭЭРДЕ ТАЙ ........ 64
ТӨЛ (2-вариант) ........ 64
КАЙЫРМАК ........ 64
КАРА УЛАК ........ 65
КУЛКУНУ ЖАМАН КУЛАЛЫ ........ 65
КЫРК БИРИНЧИ ЖЫЛЫНДА ........ 66
АСКЕРДЕГИ АГАЙЫМА ........ 68
БААТЫР БОЛ ........ 69
АГАЙЫМА ........ 70
УУЛУМА КАТ ........ 72
АСКЕРДЕГИ АГАМА ........ 73
АСКЕРДЕГИ АГАМА ........ 74
ФРОНТТОГУ АГАЛАРГА ........ 75
БААТЫРЛАРГА ЫРАХМАТ ........ 76
ТОГУЗУНЧУ МАЙ ........ 79
МЕН ЖАШ ТИЛЕК ........ 79
АКЫЙ ........ 80
АКЫЙНЕК ........ 81
КОРДОО ЫРЛАРЫ ........ 84
УУРУУГА ........ 84
СОРГОККО ........ 84
КАЧААККА ........ 84
ЧАЛАЙГА ........ 84

**II. ЖАҢЫЛМАЧТАР ........ 87**

**III. ТАБЫШМАКТАР ........ 94**
СУРОО-ЖООП ТАБЫШМАКТАРЫ ........ 139

**IV. БАЛДАР ОЮНДАРЫ ........ 153**

ХАН – ВАЗИР ........ 153
БАТ АЙТУУ ........ 154
КОЛ ЖАШЫРМАЙ ........ 154
БҮРКҮТТҮН ТУМШУГУ ........ 155
ЧАБАЛЕКЕЙ (ЧААП) ОЙНОО ........ 155
БӨРҮ – КОЙ ........ 156
ОРОМПОЙ ........ 157
ШАБИЕТ ........ 157
АКСАК КЕМПИР БАПАЛАК ........ 157
КООН ҮЗМӨЙ ........ 158
БӨРҮ САЛМАЙ ........ 158
ЧӨӨ БӨРҮМ ........ 158
УРУШМАЙ ........ 158
ЧИКЕЛЕК ОЮНУ ........ 159
КУР ЖООЛУК ТАШТАМАЙ ........ 159

ЧҮКӨ САЛМАЙ ........................................ 159
ЧҮКӨ ӨКЧӨМӨЙ ........................................ 160
КАЛ (ТАЗ) ЭЧКИ ЧАПТЫ ........................................ 160
АК СӨӨЛМӨК, (Ак чөлмөк)........................................ 160
УЮМ ТУУДУ ........................................ 161
АРКАН ТАРТЫШУУ........................................ 162
ОРДО ........................................ 163
УПАЙ ........................................ 166
ЧАКМАК........................................ 169
ОРОМПОЙ ........................................ 171
ДҮМПҮЛДӨК ........................................ 172
ЭЛДЕН-ЭЛДЕН ЭЛ ЧАБАР ........................................ 173
ТОКТУ СУРАМАЙ........................................ 174
ЖӨӨ ООДАРЫШ ........................................ 175
САРТЧА АЛЫШУУ........................................ 176
ЧИКИТ ........................................ 176
КӨЛГӨ ТҮШМӨЙ........................................ 178
ЖАШЫНМАК ........................................ 179
ЖООЛУК ТАШТАМАЙ........................................ 179
КАН ТАЛАМАЙ........................................ 180
УПАЙ (2-вариант) ........................................ 181

**V. КАЛПТАР........................................ 184**

ЧОҢ ЧЫМЫН ........................................184
УЛАК ЧЫМЫН ........................................ 184
ЧЕГИРТКЕ МИНГЕН КИШИ ........................................185
ИЙНЕЛИК МЕНЕН КИШИ ........................................185
ЧЫНЧЫЛ КИШИ АТКАН ЧЫМЫН ........................................186
БЕШ ЖҮЗ ӨГҮЗ, БИР КЫЛКАРА ........................................186
БЕШМАНТ ........................................ 187
КЫРК ООЗ КАЛП ........................................ 187
БИР ЖЫЛЫ АШТЫК БАККАНДА ........................................ 188
БИР ЖОЛБОРС МЕНЕН БИР КАРЫШКЫР 189
УУГА ЧЫККАНДА ........................................ 189
КАШКА ЧЫМЫН ........................................190
ТУУЛА ЭЛЕКТЕ КӨРГӨНДӨРҮ........................................ 190
ОЛЖОЛУУ НЕМЕНИН СОНУН ИШИ ........................................191
КАЙСЫНЫСЫ ЧОҢ ........................................191
КЫРК КАЛП ........................................ 192

**VI. МАКАЛ-ЛАКАПТАР........................................ 195**

**VII. КЕРЕМЕТТҮҮ ЖОМОКТОР ........................................ 213**

ТӨШТҮК ........................................ 213
ЖООДАРБЕШИМ ........................................ 230
АЛНАЗАР БАКЫ ........................................238
МУҢДУУБАЙ ........................................256
ЧЫНЫБЕК ........................................275
ЧЫНАРБАЙ........................................ 288
ЖАНЕК МЕРГЕН........................................ 295

СОКУРБАЙ.......... 298
КАРАЧ БААТЫР.......... 304
КЕНЖЕ БАЛА.......... 310
АЛТЫН КУШ..........317
КӨЧПӨСБАЙДЫН БАЛАСЫ.......... 321
КЕМПИРДИН ЖЕТИ БАЛАСЫ..........325
АТАНЫН КЕРЭЭЗИ.......... 328
ЖАЛГЫЗ УУЛ ЖАНАДЫЛ.......... 333
ЖАННАТ.......... 340
МАДЫЛГЕН СУЛУУ..........350
КАНДЫН БАЛАСЫ.......... 358
МУҢДУК МЕНЕН ЗАРЛЫК..........366
АЛТЫН БАЛЫК.......... 374
АКЧҮКӨ МЕНЕН КУУЧҮКӨ..........384
ӨНӨРЛҮҮ БАЛА.......... 392
МЕНДИРМАН.......... 396
АЖЫДААР АЯЛ..........402
ТАЛКАМЫШ.......... 405

**АЙБАНАТТАР ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОМОКТОР.......... 410**

АБЫШКА МЕНЕН ТҮЛКҮ.......... 410
МЫШЫК, ТҮЛКҮ, АЮУ, КАРЫШКЫР.......... 413
ТОРГОЙ.......... 414
ТҮЛКҮ МЕНЕН КЕНЕ..........416
ТӨРТ АЗАМАТ..........416
АЙБАНДАРДЫН ДОСТУГУ..........422
ЧОМОТОЙ САЯТЧЫ.......... 424
ТҮЛКҮ, ТАШБАКА ЖАНА ЧАПКЕНЕ..........425
КЫРГЫЙ МЕНЕН ҮКҮ..........426
ДӨӨТҮ УСТА МЕНЕН ИТЕЛГИ.......... 426
ТҮЛКҮНҮН ЖУУЧУ БОЛУШУ..........428

**ТУРМУШТУК ЖОМОКТОР.......... 432**

АКЫЛДУУ КЫЗ.......... 432
ОБОЗГЕРДИН КЫЗЫ.......... 436
ЗАР МЕНЕН МЭЭР.......... 446
ЖЕКЕ ТАЗ МЕНЕН ЖЕТИ ТАЗ.......... 452
САРЫ ТАЗ..........457
АККӨҢҮЛ МЕНЕН КАРАКӨҢҮЛ..........465
КЫДЫР, АКЫЛ, ЫРЫС..........471
КАНДЫН КЫЗЫ..........474
АКЫЛМАН СЫНЧЫ..........480
АКЫЛМАН ВАЗИР..........482
КАН МЕНЕН ВАЗИР..........485
АТА СӨЗҮ..........491
СУЛАЙМАН БАЙ..........495
АЛЫМКУЛ ТҮШЧҮ.......... 501
УБАДАГА БЕК ЖИГИТ.......... 504
КАНДЫН КЫЗЫ.......... 507
ЖООМАРТТЫК..........510

КАН МЕНЕН САЯТЧЫ ........................................ 512
КӨСӨӨ ........................................ 517
АМАЛДУУ КЕДЕЙ ........................................ 527
АКЫЛДУУ ДЫЙКАН ........................................ 529
АЙЛАКЕР БАЛА ........................................ 533
ДЫЙКАН МЕНЕН КАН ........................................ 536
КАН БУКАСЫ МЕНЕН ЖАРДЫНЫН БУКАСЫНЫН СҮЗҮШКӨНҮ ........................................ 539
АСАН КАЙГЫ МЕНЕН АЗИЗ ЖАНЫБЕК КАН ........................................ 541
ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН ........................................ 544
ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕНДИН АЯЛЫН УГУЗУУ ........................................ 553
ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕНДИН КАРА КАНГА ЭЛЧИГЕ БАРГАНЫ ........................................ 555
ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН МЕНЕН АЛДАР КӨСӨ ........................................ 559
АЛДАР КӨСӨНҮН ЖИН-ШАЙТАНГА ЖОЛУККАНЫ ........................................ 560
ЫРЫС АЛДЫ – ЫНТЫМАК ........................................ 561
АКЫЛДУУ БАЛА ........................................ 562
МАНАТ ........................................ 563
ЧАЛ МЕНЕН БЕКХАН ........................................ 567
СҮЙЛӨБӨС КЫЗ ........................................ 568

**АПЕНДИНИН ЖОРУКТАРЫ ........................................ 574**

АПЕНДИ ........................................ 574
АПЕНДИ КАЗАН САТЫП АЛГАНДА ........................................ 576
АПЕНДИНИН ЭШЕНДИ АЛДАГАНЫ ........................................ 576
АПЕНДИНИН ТҮШҮ ........................................ 577
АПЕНДИ МЕНЕН КАН ........................................ 577
АПЕНДИ ЖИГИТТЕР МЕНЕН ........................................ 577
АПЕНДИ АЛТЫН ТАПКАНДА ........................................ 578
АПЕНДИ ЖАНА АЧ КӨЗ КОЖО ........................................ 579
АПЕНДИНИН АҢГЕМЕЛЕРИ ........................................ 580
АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ ........................................ 585
ТҮШҮНҮКТӨР ........................................ 586

*Адабий-көркөм басылма*

**«Эл адабияты» сериясы**

# БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУ

29-том

Түзгөн: *Орозова Г.*
Тех.редактору: *Жанышбекова А.*
Корректору: *Солтобаева К.*
Компьютердик калыпка салган: *Б.Өмүров*

Терүүгө 04.04.2017-ж. берилди.
Басууга 27.06.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84х108 $^{1}/_{32}$.
Көлөмү 37,25 б.т. Нускасы 500. Заказ № 29

«Басма-полиграфиялык комплекс «Принт Экспресс»
ЖЧК басмаканасында басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч. 49.